КЫРГ
К89

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

С. КУДАЙБЕРГЕНОВ

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ СӨЗ ӨЗГӨРТҮҮ СИСТЕМАСЫ

ФРУНЗЕ—1957

КИРИШ СӨЗ

Грамматикалык категорияларды изилдөө тилдин негизи бо-п эсептелген негизги сөздүк фонду жана грамматикалык түлүш менен байланыштуу. Тилди ырааттуулукка келтирүү үчүн лдонулуучу сүйлөмдөгү сөздөрдүн өзгөрүү жана айкашуу си-емасы грамматикалык түзүлүш болуп эсептелет. Тилдин грам-тикалык түзүлүшүндө мындай ырааттуу, маанилүү мүнөз рүүчү грамматикалык каражаттардын бири болгон сөз өзгөр-ү системасы сан, жөндөлүш, жакталыш жана таандык кате-ориярын өзүнүн ичине алат.

Грамматикалык категориялар тил үчүн мүнөздүү нерсе болуп ептелет да, алардын грамматикалык мааниси сөздөрдүн өзгө-шүнөн жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн айкашууларынан көрүнөт. эми грамматикалык формалар болсо сөздөрдүн конкреттүү олочкасында жана сүйлөмдөрдө бул жалпы категорияларды лдирүүчү каражат (средство) катарында эсептелет. Граммати-лык категориялар абстракциянын продуктусу катарында тил-н тарыхый узак өсүшүнүн жана тилдин грамматикалык түзү-шүнүн өркүндөшүнүн натыйжасынан түзүлгөн

Сөз түркүмдөрү маанилерине карата лексикалык гана эмес, ону менен бирге, лексико-грамматикалык топ да болуп эсеп-ет. Ошондуктан алар лексико-грамматикалык топ катарын-бири биринен өздөрүнүн мааниси жана морфологиялык белги-ри боюнча айрылганы менен, өздөрүнө тийиштүү болгон грам-тикалык жалпы категориялар боюнча белгилүү группага ригишет; алардын грамматикалык маанилери ошол категория-аркылуу берилет. Сөз түркүмдөрүнүн атоочтор группасы ндык, жөндөмө жана сан категорияларынын бардыгы менен нөздөлсө, этиш группасы мамиле этиш (залог), түр (вид), гай, чак жана жак категориясы менен мүнөздөлөт. Бирок лпысынан ушундайча болуп бөлүнгөнү менен бул эки груп-а кирүүчү сөз түркүмдөрү да жогорку көрсөтүлгөн грам-тикалык категорияларды тейлөө жагынан бирдей эмес. Ми-ы, сан атооч атооч группасына киргени менен сан жана таан-к категорияга ээ эмес. Жөндөмөлөргө гана ээ. Сын атоо

заттын сынын, өңү-түсүн көрсөтүп, сүйлөмдө аныктоочтук
дет аткаруучу сөз болгондуктан буларда да жогорку атоо
грамматикалык категориялардын болушу мүнөздүү эмес. Э
де сын атоочко бул грамматикалык категориялардын мү
жалгана турган болсо, анда алар субстантивдешет (заттаныш
Айрым изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, атооч группасына
тоочтор да кирет. Бирок ал жогорку көрсөтүлгөн грамматика
категориялардын бирине да ээ эмес. Ат атооч сандык категор
ээ. Бирок ат атооч—атоочторду атабаганы менен аларды к
түүчү, алардын ордуна колдонулуучу сөз. Ошондуктан са
категория логикалык жагынан алганда буга да анчалык
нөздүү эмес. Зат атооч затты көрсөтөт, зат бирөө же бол
көп болушу мүмкүн. Ошондуктан заттын сандык идеясын
матикалык форма аркылуу көрсөтүү баарынан мурун зат а
ко тиешелүү.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринде грамматикалык ро
жоктугу. сан боюнча көпчүлүк учурда орус тилиндегидей б
дайыма ээрчише бербөө көптүк категорияга да таасирин ти
бей койгон жок. Натыйжада көптүк категориясынын сфе
биздин тилде орус тилине караганда алда канча тар. Анын үс
көпчүлүк учурда биздин тилде көптүктүн грамматикалык фо
сы аз колдонулат. Анткени кээ бир зат атоочтор формасы
юнча жекелик түрдө турганы менен, мааниси жагынан тиги
бул заттын коллективдик уруусун билгизип, жалпыланган т
нүктү берет. Көптүк форманын аз колдонулганынын экинч
себеби аныктоочу сан атоочтон болгондо анын аныктал
дайыма жекелик түрдө болот да, сан жагынан ээрчиш
(Салыштыр: эки китепке—двум книгам ж. б.).

I. САН КАТЕГОРИЯСЫ

Сан категориясы сөз өзгөртүү системасындагы грамматикалык категориялардын негизгилеринин бири болуп эсептелет.

Кыргыз тилинде сан категориясына атаандын арналган адабияттар жок. Бирок, ошенткени менен, сан категориясынын көптүк түрүнүн негизги берилүүчү жолдору И. А. Батманов тарабынан кыскача иштелген. Автор өзүнүн эмгегинде[1] көбүнчө сан категориясынын түзүлүшүнүн лексикалык жана синтаксистик жолдоруна токтолуп, морфологиялык жолуна аз көңүл бурган. Мында автор көптүктүн морфологиялык мүчөсү - *лар*-гана токтолуп, көптүктүн идеясын билдирүүчү башка мүчөлөргө токтолбогон. Жогоруда көрсөтүлгөн жолдордун ичинен эң байыркысы деп лексикалык жолду туура көрсөткөн. Бирок ошенткени менен, автордун эмгеги Н. Я. Маррдын каталарынан да кур эмес: бул жөнүндө автордун ат атооч „биз“ менен сан атооч „бирди“ байланыштырганын караңыз[2].

Сан категориясы боюнча буга окшогон кыска маалыматты К. Дыйкановдун зат атоочко арналган изилдөөсүнөн да табабыз[3]. К. Дыйкановдун берген маалыматы бул маселе боюнча кыргыз тилиндеги башка маалыматтардан өзүнүн түзүлүшү боюнча айрылат. Автор орус тилиндеги грамматикалык традицияны колдонуп, жекелик түрдө гана колдонулуучу же көптүк, жекелик жана көптүк түрдө колдонулуучу зат атоочтор деп үч группага бөлгөн. Тигил же бул группага кирүүчү сөздөрдү негизинен лексико-семантикалык мааниси боюнча бөлүштүргөн да, мүмкүн болушунча аларды тактаган. Бирок, ошенткени менен, көптүк категориясынын негизги берилүүчү жолдору жана жалпы ле сан категориясынын сөз өзгөртүү системасындагы алган орду кана ролу көрсөтүлбөгөн.

Сан категориясы мектеп грамматикасында грамматикалык атегория катарында өзүнчө берилбестен, „Зат атоочтун жеке-

---

[1] И. А Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. 11, Фрунзе 40, 17—19 бет.

[2] И. А. Батманов. Аталган эмгек, 11, 17—18 бет.

[3] К. Дыйканов. Имя существительное в киргизском языке. Фрунзе 55 г.

лик жана көптүк санда айтылышы“ болуп, зат атоочко байланыштырылып берилет. Натыйжада жекелик сан менен көптүк идеянын өз ара байланышы, көптүк сандын берилүүчү негизги жолдору көрсөтүлбөйт. Көптүк сан жөнүндө көбүнчө толук эмес маалымат берилет да, көптүктүн синтетикалык жол менен берилиши катарында *-лар* мүчөсү гана эсепке алынат.

Сан категориясы жөнүндөгү маалымат башка түрк тилдеринин адабияттарында да бар, бирок буларда да маселенин изилденилиши түрдүүчө.

Атайын арналган абияттардан А. Г. Гуломовдун[1], Г. А. Никифировдун[2], К. Грёнбехтин[3] эмгектерин көрсөтүүгө болот.

Сан категориясы жөнүндөгү маселе мындан башка Н. К Дмитриевдин, Н А. Баскаковдун, А. Н. Кононовдун, Н. П. Дыренковanын, Л. Н. Харитоновдун ж. б. эмгектеринде да каралган. Кыргыз тилинде сан категориясы орус тилиндегидей лексико-грамматикалык категория эмес[4], таза грамматикалык категория болуп эсептелет. Анткени сан категориясы аркылуу биздин тилде сөздүн лексико-семантикалык мааниси дифференцияланбайт.

Сан категориясынын эң негизгиси болуп көптүк категориясы эсептелет. Сандык идея сан атооч, ат атооч (ат атооч аркылуу сандык идея этиштин жактарына да таралат), этиштин грамматикалык категорияларынан кайталама түр (*чапкыла*) кош мамиле этиш (*жазышты*) жана лексико-семантикалык категория катарында жалпылыкты билдирүүчү зат атоочторго таралат. Сандык идея жогорку көрсөтүлгөндөрдөн башка сын атоочтун салыштыруу жана күчөтмө даражаларында да болот.

Сандык идея жекелик жана көптүк болуп грамматикалык эки формада берилет.

I ЖЕКЕЛИК САН

Кээ бир зат атоочтор көптүк түрдө колдонулбастан, жалгана жекелик түрдө колдонулат. Бул сан жагынан болгон өзгөчөлүк көбүнчө реалдык маанисине байланыштуу сан боюнча саналбай турган же болбосо жалпы эле сандык түшүнүккө тууралбеген зат атоочторго таандык.

Жекелик түрдө колдонулуучу сөздөргө лексикалык төмөнкү группалар кирет.

1) Жаратылыштык кубулуштарга байланыштуу болгон түшүнүктөрдү билгизүүчү зат атоочтор: *жаан, кар, бо оон, бурганак, чагылган, жарык, асман, ай, көк* (небо), *аяз, суук, түш, таң, шоокум, шамал, кыраңгы, жел, түтүн, буу, туман, мунарык ж. б.*

2) Ай жана жылдын мезгилдерин билгизүүчү зат атоочтор: *январь, февраль, март, апрель, май, июнь, июль, август сентябрь, октябрь, ноябрь, декабрь; жаз, жай, күз, кыш ж. б.*

3) Кээ бир заттардын аттарын билдирүүчү сөздөр: *суу, нан, каймак, камыр, кант, кум, кумшекер, буудай, бал, бетеге, муз, күмүш, күл, көмөч, кебез, алтын, жуурат, жем, тер ж. б.*

Сан боюнча жалгыздан саналбай турган жогорку келтирилген атоочтордун кээ бирөөлөрүнө-*лар* мүчөсүнүн жалганышы мүмкүн Бирок мындай учурда көптүктүн мааниси берилбестен, ал группага кирүүчү бир өңчөй заттардын түрлөрү берилет. Мисалы, *буудай* десек жалпы эле буудай жөнүндөгү түшүнүк берилсе, ал эми *буудайлар* дегенде жалпы эле анын составына кирүүчү түрлөрү жөнүндөгү түшүнүк берилет. Ошо сыяктуу эле *уу* дегенде да сан жагынан саналбай турган маанидеги заттык түшүнүк берилет. Ал эми„ *суулар* ташкындап жатат“ дегенде жогоркудай анын түрлөрү жөнүндөгү түшүнүк эмес, ар кайсы жердеги суунун ташкындалышы жөнүндөгү түшүнүк берилет.

4) Кыймыл атоочтор[1]: *жашоо, чагуу, бычуу, бөлүү, агартуу, ачылыш, табуу, сапыруу, сөгүш, куюу, каттоо, келиш, кетиш, жоюу, бышылдоо* ж. б.: кыймыл-атоочтордун ичинен лексикалашып кетип, заттык мааниге өткөндөрү көптүк формада колдонулат. Мисалы: *сүрөөлөр* берилди, *түзөтүүлөр* киргизилди ж. б.

5) Абстракттуу маанидеги атоочтор:

а) грамматикалашкан абстракттуу маанидеги атоочтор: *жашчылык, чыгармачылык, бекытсыздык, балалык, азчылык, көпчүлүк, аманчылык, адамгерчилик, токчулук, тиричилик, кооздук, коопсуздук, марксизм, социализм, коммунизм* ж. б.

б) лексикалык жагынан абстракттуу маанидеги атоочтор: *чын, чуу, бук, бекгек, бирк, бара л* (зрелость), *атак, акыл, эс, кайгы, капа, өч, эсеп, дарман* ж. б.

6) Мейкиндик маанисиндеги жардамчы атоочтор: *аст, үст, алд, арт, баш, арка, ара, тыш, сырт, жин, жак* ж. б. Бул жардамчы атоочтор (служебные имена) көбүнчө үчүнчү жактын таандык мүчөсү менен бирге мейкиндик маанисинде колдонулат. Булардын уңгусуна көптүктүн мүчөсү *-лар* эч убакта жалганбайт

7) Адамдын же айбандын дене мүчөлөрүнүн аттарын билгизүүчү сөздөр: *боор, алакан, таңдай, үюл, колко, коюн, карын, кабак, ооз, мурут, ичеги* ж. б. атоочтор көбүнчө жекелик

---

[1] Өзбек тилиде куплик категориясы, Ташкент, 1944.

[2] О значениях аффикса-*лар* в якутском языке, Тюркологический сборник, № 1, 1951.

[3] Der türkische Sprachbau, Kopenhagen, 1936.

[4] Караңыз: Н. С. Поспелов. Соотношения между грамматическими категориями и частями речи в современном русском языке. Вопросы языкознания, 1953. 3 бет. В. В. Виноградов. Русский язык, 1947, 155 бет.

[1] Кээ бир башка эмгектерде кыймыл-аракеттин аттары деп берилген.

түрдө колдонулат. Мисалы: эки көзү тең ооруп турса да, „көздөрүм ооруйт“ дебестен, „көзүм ооруйт“, „кулактарым укпайт“ дебестен, „кулагым укпайт“ же болбосо „бутум уктап калды“ деп айтылат. Мында „бут“ деген жупту ukту көрсөтүүчү зат атооч жекелик түрдө турганы менен, маниси жагынан бир эмес, эки бутту да билгизет. Ошондуктан так көрсөтүү зарыл болсо сан атоочту кошуп, „бир бутум уктап калды“ же „эки бутум уктады“, „төрт бутунан аксады“, астынкы эки бутунан аксады“ болуп айтылат.

Эскертүү: Адамдын же айбандын дене мүчөлөрүнүн аттарынын кээ бирөөлөрүнө *-лар* мүчөсүнүн жалганышы мүмкүн. Бирок мында *-лар* мүчөсү заттардын көптүгүн билдирүү үчүн эмес, кошумча башка маанилерди билдирүү үчүн колдонулат (Бул жөнүндө *-лар* мүчөсүнүн билгизген маанисин караңыз).

8) Адамдын жана айбандын атына коюлган энчилүү аттар жана географиялык терминдер: Асан, Абыл, Керим, Аккула, Тайтору, Москва, Пекин, Фрунзе, Алма-Ата, Ысык Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл ж. б. Адамдын атына коюлган энчилүү аттарга дайрым учурда көптүктүн -лар мүчөсү жалганат. Мисалы: *Алышерлер* келишти. Бирок „Алышер“ көптүк формада турганы менен, „Алышердин“ керт башынын көптүгүн көрсөтпөйт. Анткени жалгыз индивидумдун көп болушу эч мүмкүн эмес. Бул форма *-лар* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу „Алышер“ жана аган окшогон башка адамдардан да турган коллективдик түшүнүктү билдирет.

9) Этиш менен кошулуп составдуу баяндоочтук милдет аткарган учурда зат атооч жекелик түрдө колдонулат. Мисалы, *баш бол, көз сал, кулак сал, кол кой* ж. б.

II. КӨПТҮК САН

Көптүк категориясы, башка түрк тилдериндегидей, кыргыз тилинде да сан категориясынын ичинен негизгиси болуп эсептелет

Көптүк категориясынын маниси лексикалык жана грамматикалык каражаттардын жардамы менен берилет.

1. Көптүк категориясынын лексикалык жол менен берилиши

Айрым сөздөр өзүнүн семантикасы боюнча сандык маанигээ. Мындай сөздөр жекелик түрдө туруп, көптүктүн идеясын билдирет. Лексикалык жол көптүк маанинин грамматикалык каражаттар аркылуу белгилешине чейинки байыркы жолдорду нбири болуп эсептелет[1].

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка вып., II. 19 бет. В. И. Цинциус. Множественное число имен в тунгусо-манчжурских языках. Уч. зап. Ленинградского ун-та, серия филологических наук, в. X, 1946, 113 бет.

Бул пикир мындан да тагыраак жана кеңирээк К. Грөнбех тарабынан белгиленген. Бул жөнүндө ал байыркы убакта заттардын көптүгүн билдирүү үчүн түрк тилдери грамматикалык эмес, лексикалык жолду колдонгон. Түрк тилдеринде энчилеме аттан башка атоочтордун баары тигил же бул заттын кирген уруусун билгизген. „*Ат*“ биринчи иретте бир же көп атты эмес, анын уруусун, б. а. башкалардан айрылуучу топту билгизген[1] дейт. К. Грөнбехтин бул айтканы кыргыз тилине да туура келет. Анткени бизде да энчилүү аттардан башка көпчүлүк зат атоочтор өзүнүн конкреттүү маниси менен бирге жалпы коллективдик түшүнүктү да көрсөтөт. Грамматикалык формасы жагынан жекелик түрдө турганы менен, алардын кээ бирлери маани жагынан көптүктүн идеясын билгизет. Мындай жекелик түрдө туруп, жалпы (коллективдик, уруулук маани) маанини билдирүү түрк эмес, башка тилдерге да мүнөздүү.

Көптүк категориянын лексикалык жол менен берилишине жалпылама (собирательное) маани берүүчү зат атоочтор кирет. Мындай зат атоочтор өздөрүнүн семантикасы боюнча жалпыланган түшүнүктү берип, контексттен тышкары турса деле көптүктүн идеясын берет. Мындай зат атоочтор бир өңчөй заттардын бир бирине окшоштугунун негизинде алар жөнүндө жалпыланган маанини берет. Жалпыланган маанини берүүчү зат атоочторго төмөнкүлөр кирет:

а) Жекелик формада туруп, сан боюнча саналбай турган зат атоочтор. Мисалы, *мал, куш, калк* ж. б. Буга окшогон зат атоочтордун жалпыланма мааниде колдонулушун төмөнкү мисалдардан ачык көрүүгө болот: „Мал“ жыйналды. Мекеменин айланасын „мал“ басты. Мин-миндеген кой, эчкилер, уй, жылкыларды батыргандай короо табылды. „Төрт түлүк мал“ чубатууга түштү

(Кең-Суу, II.).

„Куш“ экиге бөлүнөт,
Ирети менен келинет.
Жол-жобосу айтылып,
Анык көзгө көрүнөт.
Жыргап жатат „суу кушу“,
Көлгө барып ойноду.
Суудан болду коргону,
Буга эч жамандык болбоду

(Тоголок Молдо).

Эл-журтту сагынасың. *Калайык—калк* колхоз болсо, биз да болобуз. Бүбүш столуна олтуруп, ишине киришти деген кабарды угушуп, *журт* анын үстүнө келишип, учурашып—кол беришет.

[1] Кара: K. Grönbech. Der türkische Sprachbau, Kopenhagen, 1936, 53 бет.

б) Жалпылама маанидеги сөздөрдүн составдык бөлүкчөсү катарында эсептелинүүчү конкреттүү зат атоочтор да өз алдынча коллективдик, уруулук түшүнүктөрдү билгизүү аркылуу көптүктүн идеясын билгизет. Бирок жогорку пункутгагы *мал* сыяктуу жалпы маани билгизүүчү атоочтордон булардын айырмасы, биринчиден, булар тигиге караганда тар маанини берет, экинчиден, булардын көптүктү же жекеликти билдиргени көбүнчө сүйлөмдүн контекстинен билинет. Буларга жалпынын бөлүкчөсү катарындагы *кой, эчки, уй, кой, жылкы* сыяктуу заттык маанидеги сөздөр кирет. Мисалы, сүйлөмдөн тышкары өзүнчө турганда *„ат“* конкреттүү бир зат жана малдын бир түрү, коллективи, уруусу жөнүндөгү түшүнүктү да берет. „Атам колхоздун *коюн* багат“ дегенде „кой“ формасы жагынан жекелик түрдө болсо да, атам колхоздун бир коюн эмес, бир канча коюн багат деп түшүнөбүз.

Ошентип, жекелик түр менен жалпылама маанидеги сөздөр сырткы формасы жагынан окшош келет. Бул кыргыз (түрк) тилинде гана эмес, монгол, тунгус-манчжур тилдеринен да кезигет. Мындай формалардын бир-бирине окшош келиши башта жекелик сан жамдама сан менен окшоштурулганын, андан кийин жекелик жана жамдамадан жекелик сандын жана көптүктүн ар түрдүү түрлөрүнүн чыгышын көрсөтөт.

в) Уруу, урук, улуттун, элдин аттары грамматикалык жагынан оформить этилбесе да көптүктү билдирет. Бирок өзүнчө белгилүү бир группа болуп эсептелбестен, группанын (бүтүндүн) бөлүгү болуп эсептелсе, анда эсепке алынган зат атоочко *-лар* мүчөсү жалганат. Мисалы, Кыргызстанда *уйгурлар да* жашайт.

„Тынчтык“ деп бардык элге,
Айтабыз *орус* тилде.
Алыспы же жакынбы,
Элдердин жакындыгы;
Француз, негр дагы,
Индустар алыстагы
Ачылып бардык жагы,
Бул тилден таалим алды
(Мирза Турсун Задеден).

2. Көптүк категориясынын грамматикалык жол менен берилиши

Синтаксистик жол

Көптүктүн маанисн жогорку көрсөтүлгөн лексикалык жолдон башка айрым сөздөрдүн бири-бири менен айкашуусу аркылуу синтаксисттик жол менен да берилет. Буларга кош сөздөр

1. Эки компоненти экөө тең маани берүүчү кош сөздөр. Бардын компоненттери бир өңчөй түшүнүктөрдү билгизгени менен, өздөрүнүн лексикалык маанилери башка-башка. Бирок жалпыланган маани берет. Мисалы, *ата-не, ага-ини, жууркан-төшөк, ит-куш* ж. б.

а) Карама-каршы кош сөздөр. Мында бир компонент экинчи компонентке мааниси жагынан карама-каршы келет. Мисалы, *чоң кичине, улуу-кичүү, кары-жаш* ж. б. Мында карама-каршы кош сөздөр да жалпылыкты билдирет. Мисалы, *„кары-жаш, улуу-кичүү“* дебей келишти дегенде бардыгы келишти деген маани түшүнөбүз.

б) Көптүктүн мааниси кайталама кош сөздөр аркылуу да берилет. Мындай сөздөрдө бир компоненттин өзү фонетикалык жагынан өзгөрүүлөргө учурабастан кайталанып айтылат.

Көптүктүн маанисинин кайталама кош сөздөр аркылуу берилиши бул категория үчүн атайын грамматикалык мүчөлөр болектен мурунку жолдордун бири болуп эсептелет.[1] Көптүктүн маанисинин кайталама кош сөздөр аркылуу берилиши кыргыз тилинде өтө кеңири колдонулат. Бир эле негиздин кайталанышы көпчүлүк сөз гүркүмдөрүнөн кезигет. Бирок, ошенткени менен, кайсы сөз түркүмүнүн кайталанып жаткандыгына карата алардын сандык идеялары түрдүүчө болот.

Эгерде зат атооч кайталанып, экинчи бир зат атоочтун алдына келсе, анда кайталама кош сөздөр заттын көптүгүн билдирет. Мисалы, *короо-короо* кой, *чанач-чанач* кымыз.

Тоюткорубуз толук, *үймөк-үймөк* сары кыр чөптөр бир жылдан экинчи жылга ашып кальп турат Гүлжан).

Машина-машина кылып кездемелерди алып келип, колхозчуларга берип жатышат (Муса).

Эгерде чакчылдар же болбосо тууранды сөздөр кайталанып айтылса, алар этишке таандык болуп, кыймыл-аракеттин кайталанганын билгизет. Мисалы: Эшикти бирөө *тарс—тарс* урду. Атын *чолтоң-чолтоң* теминип, жөнөп кете берди. *Сүйлөй-сүйлөй* чечен болот, *көрө-көрө* көсөм болот ж. б.

2. Бир компоненти маани берип, экинчиси мааниси бербөөчү кош сөздөр да көптүктүн маанисин билдирет. Мындай кош сөздөрдүн бирөө экинчисине тыбыштык жагынан окшош, же болбосо окшош эмес болушу да мүмкүн. Мисалы, *көйнөк-көнчөк, кир-кок жолдош-жоро, коңшу-колоң, кыз-кыркын, кийим-кечек, дары-дармек, өгүз өлөң, жип-шуу; койчу-колоң, кул-кутан, арык-торук, абысын-ажын, тай-тулак, азык-түү-*

---

[1] Н. К. Дмитриевдин Грамматика башкирского языка деген эмгегинин 221 бетин жана А. Н. Кононовдун Грамматика турецкого языка деген эмгегинин 43 бетин кара.

лүк; *эт-мет, сүт-мүт, өгүз-мөгүз, жолдош-молдош, ат-ма китеп-митеп* ж. б.

Лексикалык жол аркылуу берилген көптүктүн мааниси н гизинен санды так көрсөтпөй жалпысынан гана көрсөтөт. К түктүн санынын так көрсөтүлүшү көбүнчө сан атоочтор арк луу болот. Мында да сан атоочтун түрлөрүнүн маанисине раша көптүктүн идеясы так, чамалама, жамдама ж. б. сыяк болуп көрсөтүлүшү мүмкүн. Бирок, ошенткени менен, өзүн семантикасы боюнча сандык мааниге ээ болуучу сөздөрд көптүктү билдиргенине караганда сан атоочтордун билдири аздыр көптүр тагыраак болот. Көптүктүн маанисин билдирүүч сан атоочтун түрлөрүнө төмөнкүлөр кирет:

а) Эсептик сан атооч: *беш, жети, отуз, кырк, элүү* ж. Сан атоочтун бул түрү аныктоочтук милдет аткарган учурд аныктагыч заттын санынын көптүгүн көрсөтөт. Айыл чар шаймандыры: *45 сокго, 91 мала, 15 араба;* бардык колхоз түшкөн чарбаларда *175 боз үй, 18 там үй*, жыгач үйлөрү ба үй эмеректери тизмеде. Осмон тизмени окуду. Бардык орголо кон малдар: *кой, эчки 5700, 2 төө, 2050 жылкы, 1500 бо* мал; канаттуулар: *1560 тоок; кез, өрдөктөн* жок. Элүү т турпан тал бар (Кең-Суу II). Мындагы бир өзгөчөлүк сан атоо тордун өзү эле заттын санын көрсөтүп тургандыктан, аныкт гычтарга көптүктүн *-лар* мүчөсүнүн жалганышынын зарылд гы болбойт.

Эскертүү: Сан атооч менен зат атоочтун айкашуусу арк луу кошмок сөздөр түзүлөт. Бирок мындай учурда алард көптүк идеясын билдиргенине караганда лексикалык бир бүт сөз катарындагы мааниси басымдуулук кылат. Мисалы, *алты ба кан, беш жылдык, тогуз куналак* ж. б. Мындай кошмок сөз дөрдө сан атооч өзүнөн кийинки затынын көптүгүн билдирбе тен, кыймыл-аракетке байланыштуу болгон түшүнүктөрдү д берип калган учурлары болот. Мисалы, *беш атар мылтык жети түн* ж. б.

Азыркы эсеп системасында көп кезикпеген эски формалар д кыргыз тилинде калдык катарында сакталгандыгы байкалат. Бу лар да көптүктүн идеясын билгизет. Мисалы, Т. Сыдыкбековдун „Темир“ деген повестинен төмөнкүдөй кызык форма учурайт „Калыбектин оозунан бул жооп берилгенден кийин, анын чакан үйүнүн төрүндө *бирдин үчү* болуп олтурушкан кишилер топто рун бузушпай орундарын түзөп олтурушары менен, деген госуп баяны кумгандан Гүлай булардын колдоруна суу куйду“ (32 бет).

Эсептик системанын бул формасы колдонулуп келе жаткан башка формалардан, биринчи иретте, бирдик менен ондуктун ал ган орду боюнча айрылат. Анткени колдонулуп жүргөн эсептик системада адегенде ондук, андан кийин бирдик коюлат. Ал эми дегорку келтирилген мисалда, тескерисинче, адегенде „бирдик“ луу сан кийин „бештик“ коюлган. Мындай алган орду жагынан киret. Караганда кыргыз тилиндеги бул форма байыркы түрк тили-

эсептик системасынын өзү болбосо да, окшоштугу боюнча эске салат. Бул форма Чүй өрөөнүндө, көбүнчө, ордодо игет. „Бирдин үчү“ деген эсеп чүкө боюнча эсептегенде ч чүкөгө бир киши үч жолу атат. Демек, бул жагынан анда „бирдин үчү“ деген эсептик система беш дегенди бил ет. Бул гипотезаны Калыбектин үчүндө ошол кезде олтурган мдын аты, саны боюнча да ырастоого болот; үйдө Калыбек ы менен, Темир энеси менен жана Гүлай болгон, башкача канда, беш киши отурган болучу.

Бирок проф. К. К. Юдахиндин „Кыргызча-орусча сөздү дө“ жогорку эсептен башка „бештин үчү“ деген форма да игет, маанисин „25“ деп берген. Эгерде мындагы „үчтү“ да ш“ деп алып, аны беш менен көбөйткөндө, жыйырма бешти гилейт. Бул эсеп жөнүндө К. К. Юдахиндин макаласы да [1]. Сөздүк боюнча алып караганда жогорку эсептик система дын эсебине да колдонулган жана заттын санын чамалап рсөтөт. Мисалы, *бирдин үчү* эле малы бар — у него немного та (три — четыре, пять — шесть голов). Демек, мында да рдик байыркы түрк тилиндегидей бештиктен мурун к лиг ту т. Салыштыр: байыркы түркчө *беш жигирми* (букв. один к дцати) — он беш. Бул келтирилген фактыларга караганда горку *бирдин үчү*, *бештин үчү* дегендерди эсептин өзүнчө штик системасы (своеобразная пятеричная система счета) деп рого туура келет; структурасы боюнча да байыркы түрк ти нин эсептик системасына өтө эле жакын. Бул кийинки счет үү тилдерден сары уйгур тилинде жана калдык катарында уттардын кары адамдарынын жаш саноосунда да сакталган: *алте жомуттан иккитин ыллым* — от семидесяти моих я взял, т. е. мне 62 года.[2]. Сан атоочтон кийин аныкталгыч луп түшкөн зат атоочтун жекелик түрдө колдонулушу азыр монгол тилдеринде да бар. Бирок XIII кылымдагы монгол линин эстеликтеринде аныктоочу жалаң гана сан атоочтон эмес, шка атоочтордон болсо дагы аныкталгычтар менен формал к жагынан ээрчишкени байкалаат. Мисалы, *дөрбөн коуд, төрт уул* (дар), *сауидокта*. Кийинки тексттерде мындай ээр шүүлөр жок[3].

Сан атоочтордун кээ бирөөлөрү элдик уруу жана уруктар н аттарынын негизине да жаткан да, зат атооч катарында был алынып, көптүктүн грамматикалык мүчөсү жалгануу мүм нчүлүгүнө ээ болушкан. Мисалы, бурят-монголчо *„найман*

---

[1] Кара: К. К. Юдахин. Киргизское үч—пять, Труды Московского института востоковедения, Сб II, 1940.

[2] Л. Н. Харитонов. Современный якутский язык, Якутск, 1947, бет.

[3] С. А. Козин. К в просу о показателях множественности в монгольском языке, Уч. Зап. Ленинградского государственного ун-та, серия филологических наук, вып. X, 1946, 122 бет.

„Жок“ деген модалдык сөз да үчүнчү жактын таандык чөсү жалганган „сан“ жана „эсеп“ деген зат атоочтор ме бирге айтылган учурда заттын санынын көптүгүн көрсөт Мисалы, анын малынын эсеби жок.

Ушул эле „сан“,эсеп деген зат атоочторго жоктукту бил зүүчү-сыз мүчөсү жалганган учурда да көптүк маани берил Мисалы, *кою ээепсиз*, *ую сансыз*.

Аяк-башын чогултуп,
Эсебин Эсен алыптыр.
Кайып канды кан кылды,
Тартуусуна келгени
Эсеп-сансыз мал кылды
Эки миң үй танадан
Нени аясын Кайып кан
(Манас).

Морфологиялык жол

Көптүк категориясынын морфологиялык жолу үнгуга ж негизге көптүктү билдирүүчү мүчөнүн жалганышы аркылу уюштурулат.

Көптүк категориясы да жеке жана конкреттүү сөздөрд абстракцияланган категория болуп эсептелет[1].

Көптүк категориянын формалдык белгиси болуп *-лар* мүч сү эсептелет. Анын чыгышы жөнүндө тюркологиялык адабия тарда бирдиктүү пикир жок[2].

Кыргыз тилинде көптүктүн морфологиялык мүчөсү *-лар* у гунун аягындагы үндүү, үнсүзгө карата-*лар*,-*дар*,-*тар* болуп эки түрдүү өзгөрөт. Уйгур тилинде жана түркмен тилинин бир диалектилеринде *-лар* мүчөсүнүн аяккы „р“ ты бышы түшүп „*-ла*“ формасында да колдонулат. Мисалы, түркменче „*ол бардыла*“—*алар* барышты.

Башка түрк тилдеринде *-лар* мүчөсү алардын ар бирин фонетикалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу *-нар*,-*зар* формасын

---

[1] Мисалы: Асан, Абыл, Керим. Асан да бала, Абыл да ба Керим да бала, булардын ар бири конкреттүү жекече индивидум, з Булар жалпы окшоштуктарынын, балалык касиетгеринин, негизинде жалп сынан „бала“ деп аталат. Эми ушу „бала“ деген сөзгө *-лар* мүчөсүн к шуп, „балдар“ деп көптүк түрдө айтсак, эсте конкреттүү Асан да, Аб да эмес, жалпы эле абс ракцияланган заттык түшүнүк эске алынат. Ош тип, жеке жана конкреттүү сөздөрдөн абстракцияланып алынып, алард жалпылыктарынын—заттык окшоштуктарынын негизинде мындан *лар* м чөсү зат атоочтун көптүк түрүн түзөт деген грамматикалык эреже кел чыгат.

[2] Кара: В. А. Богородицкий. Введение в татарское яз кознани Казань, 1953, 167 бет, А. Н. Кононов. Грамматика турецкого язык 40 бет (I сноска).

колдонулат. Аягы мурунчул „м, н, ң“ менен бүткөн сөзгө *-лар* мүчөсү жалганганда, үнсүздөрдүн алга ээрчишүү ону боюнча мүчөнүн башындагы „л“ тыбышы „н“ ге өтөт *-лар* формасынын ордуна *-нар* формасы пайда болот:

шорчо	*-лар*,*-тар*,*-нар:*
	тем—темнер—убакыт(тар),
	ин—иннер—ийиндер,
	аң—аңнар—айбандар;
хакасча	*-лар*,*-нар*,*-зар* (<*зар*<*заар*<*зыар*<
	-зың+ар<*зың+лар* [1]):
	хозан - хозаннар—коендор,
	хум—хумнар—кум (*дар*),
	аң—аңнар—айбандар;
якутча	*-лар*, *тар*,*-дар-нар*:
	хатың—хатыңнар—кайыңдар;
ногойчо	*-лар*,*-нар*: *күн—күннөр*;
кара калпакча	*-лар*,*нар*: *тон—тоннор;*
гагаузча	*-лар*,*нар*: *гүн—гүннер*;
азербайжанча	*-лар*, *нар*: *гүн—гүннер*;
башкырча	*-лар*, *-дар*,*-зар*: *тай—тайзар*.

Түрк тилдеринин ичинен якут тилинен башкасында *-лар*, р же болбосо *-лар*,*-тар*,*-нар* (*-дар*) болуп *-лар* мүчөсү се- же он эки түрлүү өзгөрөт. Ал эми якут тилинде болсо *р*,*-тар*,*-дар*,*-нар* болуп он алты түрлүү өзгөрөт.

Кээ бир түрк тилдери кыргыз тилинен айырмаланып,*-лар* үчөсү артка ээрчишүү законуна баш иет. Кумык тилинде *л*>*лл*. Мисалы, *куналлар* (<*кунан* + *лар*) ж. б. Мындай нетикалык окшоштук түркмен тилинин кээ бир диалектиле- ен жана карачай-балкар тилдеринен кезигет.[2]

Көптүктүн *-нар* формасы монгол тилинен да кезигет. Са- тыр монголчо *аха—аханар*, *нөкөр Маркс*, *Энгельснер*—то- ищи Маркс и Энгельс[3]; *экенер*—женщины (эке—мать). Мон- тилинин кээ бир наречиелеринде, мисалы, батыш монго- нын мурунку речинде *-лар* формасы да кездешет: *дел*—шу- *деллер*—шубы, *абалаба*—охотился,*абалабалар*—охотились. ок бул *-лар* формасын кээ бир изилдөөчүлөр монгол тилине к тилинен кирген деп карашат. Ал эми түрк тилдеринде-

---

В. Г. Карпов. Изъявительное наклонение в хакасском языке (Ав- ферат), М., 1955, 2 бет.

Бул салыштыруулар аталган түрк тилдеринин грамматикаларынан ды.

Д. А. Алексеев. О некоторых показателях множественности в бу- онгольском языке. Сб. трудов по филологии, вып. I, 1948, 123 бет. т-монг. гос. научн. иссл. ин-т культуры и экономики.

12317

ги *-лар* дын эле бир варианты *-нар* монгол тилинин өзүнүнк
тарында эсептелинет. [1].

Бул *нар* мүчөсүнүн ордуна бурят-монгол тилинде көб
-над колдонулат. Ал (*-над*) көптүктүн *-нар* мүчөсүнүн аякк
тыбышы түшүп, анын ордуна көптүктүн мүчөсү *-д* ко
-над болгон формасы болуп эсептелинет. Мисалы *багшан*
мугалимдер, *бөөнөд*—шамандар (Муну менен кыргыз тили
„бөө“ деген сырдык сөздү салыштыр). Бурят-монгол тил
-нар мүчөсү *аха—аханар*, *эхе-эхенер* сыяктуу адамга байла
туу болгон аз сандуу сөздөргө гана жалганат. Демек, бул
нан алганда *-нар* мүчөсүнүн колдонулушу түрк тилдерин
раганда монгол тилдеринде ченемдүү деп айтууга болот.
тирилген фактылар *-нар* мүчөсү *-лар* мүчөсүнүн бир вар
экендигин жана түрк тилдериндеги *-нар* формасы менен мо
тилиндеги *-нар* жана *-лар* формасы генетикалык жагынан д
экендигин көрсөтөт. Бирок *-лар* формасы монгол тилинин
речинде гана сакталып калган да, анын ордуна *-нар* вари
колдонулуп калган.

Бул *-лар* мүчөсү көптүк категориясын гана уюштурба
башка кошумча маанилерди билдирүү үчүн да колдонулат.
дай маани билдиргенин ал жалганган сөздүн семантикасы
кылуу белгилөөгө болот. Алар төмөндөгүлөр:

1) *-лар* мүчөсүнүн негизги мааниси—заттын көптүгүн
диргендиги. *-лар* мүчөсү заттын сан жагынан белгисиз бо
көптүгүн билдирет.

„Ал тигине. Аскача борчуктун түбүндө *эчкилерин* ж
турбайбы“ деди Салыя (Тилек).

Үстөл бетин таттуу бышырылган *бөлкөлөр*, печенье,
так салынган *далинкалар*, сары май, бал, каймак ку
ваазалар ээлешкен (Кең-Суу).

Байланган *музоо* мөөрөп, *иттер* улуп, эңкейген *кел*
чалдар, бешиктеги *балдар* ыйлап, айыл арасы чууга т
(Каныбек, I).

2) *-лар* мүчөсү убакыттык түшүнүктөгү жана сан ат
жалганганда жашка жана убакытка байланыштуу болгон
шүнүктөрдү болжолдоп көрсөтөт.

Жашы *элүүлөргө* барып калган, чарчы бойлуу, жээрд
кал (Каныбек, I).

Август айларында конференция өткөрүлөт ж. б.

3) Ченелүүгө мүмкүн болгону менен, сан жагынан с
бай турган заттарга *-лар* мүчөсү жалганганда ал заттын
түгүнөн мурун алардын ар кайсы жерден орун алганд
же алардын ар түрлүүлүгүн же мезгил боюнча бирдей
тигин көрсөтөт.

---

[1] Г. Д. Санжеев. Сравнительная грамматика монгольских я
135 бет.

Күнгө жаткан камектин кабыгындай бүрүшкөн өңдөнүп, рдын берки бетиндеги кокту, колоттор көрүнсө, эски ш короонун кырындай болуп аркы аскалуу „карлар“ көнөт (Тилек).

Алар үйгө кетели дей алышпай же баланча тарапка рсак, издегенди табабыз дей алышпай томсоруп, кокус рө калабызбы деген үмүт менен ар кайсы „кумайларды“, калардын арасындагы керүүлөрдү караган болушат (Тик).

Өзөн-өзөн аккан „суулар“, аны бойлоп өскөн кайың мен тал жыш экен (Унут. күндөр) (заттын ар кайсы жерден ун алгандыгы). Жогорку келтирилген сүйлөмдөрдө *-лар* мүсү өзү жалганган сөздөрдүн (*карлар*, *кумайлар* ж. б.) ар р бөлүкчөлөрдөн турган көптүгүн эмес, жалпыланган, ар рдүү болсо да топ-тобу боюнча мейкиндиктен орун алгангын көрсөтөт.

4) *-лар* мүчөсү адамдын атын билгизген зат атоочторго жалганда, алардын коллективин билгизет.

Көчөдө эч ким жок. Эмне үчүндүр „Эркебайлар“ да кежатышат (Тилек).

Бир убакта бирөө бирөөнү басканда, „Сабырлар“ качып сала бериштн (Тилек).

Кийинки күнү кечинде, „Зуннахундар“ тойдон келди аныбек, II).

5) Экинчи жактагы беттеме ат атоочтун жекелик түрүнө *ар* жалганганда сылыктыкты билдирет. Бул көбүнчө оозеки чте өзүнөн улуу адамды кадырлоодо колдонулат. Бирок форасы жагынан көптүк, мааниси жагынан жекелик сылык болну менен, эгерде ат атооч сүйлөмдө ээлик милдет аткарса, ын баяндоочу ээнин формалдык белгисине карата көптүк рмада колдонулат. Мисалы, *силер*(<*сен* + *лер*)*бардыңбы* болстон, жалгыз киши болсо да, *силер бардыңарбы* деп колнулат.

6) Өздөрү тигил же бул заттын түрү же тобу боюнча жалланган маанини берүүчү бирөөнчөй мүчөлөргө (заттарга), *ар* мүчөсү жалганганда, ал заттын ар бир түрү (уруусу же бу) сан жагынан бөлүнүүгө мүмкүн болгон көптүктү көртөт.

Тескей тараптагы көрүнүш таптакыр башка. Узун-узун *ар-лар*, татырандай кубарган *шилбилер*, кактагандай кызарган *тиндер*, коондун камегиндей көгөргөн *эчки талдар*, алем чөп жагылган отту көсөгөндөй кararган *моюлдар*, бүт несине ун сүртүнгөндөй болгон жапайы *теректер*, табы мен ыштаган көөкөрдөй мөлтүрөгөн *карагаттар*, кээ жерде *гайлар* менен тең тайлашып чыккан *табылгылар* жана башүркүм жыгачтар өскөн (Тилек). Кайдадыр чубашып барып ле жаткан *кумурскалар*, жөргөлөгөн *коңуздар*, кыбыраган

курттар, куушуп ойногон *көпөлөктөр*, чыркылдаган *чы*
чыктар бардыгы тең жазгы эмгектин камында жүргөндөй (
лек).

Дүйнө жүзү кең *талаалар*, керилген *сайлар*, жалама ө
дөр, жайык *беттер*, дыңкылоон жаткан *кокту-колоттор*
гиз дене жазып, күн нуруна кең сооруларын кактай бери
(Кен-Суу II).

Эгерде *-лар* бир-бирине жакын болгон бирөңчөй мүчө
дүн аяккысына жалганса, анда ал саналган заттардын ар
ринин санына карабастан, аларды бир бүтүн катарында жал
лап көрсөтөт.

Эчки, *теке*, *аркар*, *кулжалар багжайышып*, алдыла
нан чыга калуучудай болушуп, жүрөктөрү дүк-дүк этет (Тил

Көлдүн айланасына өскөн *камыш*, *балгын*, *жекендер*
дүн көрүнүшүн кубултуп, көркөмдүгүн арттырат (Каныбек

7) Адамдын же айбандын органдарынын мүчөлөрү форм
жагынан жекеликте турганы менен мааниси жагынан көп
идеяны да билдирет. Ошондуктан буларга *-лар* мүчөсү ж
ганганда көптүктү билдирүү үчүн эмес, башка оттеноктор
колдонулат:

а) дене мүчөлөрү бир кишиге таандык болсо, мында
бүтүн болуп эсептелген заттын бөлүнгөндүгүн билдирет.

Кийизбайдын ырайы саруулап, жалпак бетине келишкен
бакжайган кара *сакалдары* биринде, *муундары* токтоно
бай, *колдору* титирей берди (Кең-Суу, II).

Анын эткелдиктен саландаган богогу, бортойгон кичине к
дору, багалчак *буттары* чедирейген курсагына чөнеп койг
дой көрүнөт (Тилек);

б) дене мүчөлөрү көпкө таандык болуп айтылса, мына
учурда-*лар* бирөңчөй дене мүчөлөрүнүн көптүгүн көрсөт

Түлкүбек менен Зуннахун *чыканактарына* жаздык кой
руп жанатайып, отургандардын суроосуна жараша жооп
рүүдө (Каныбек).

Балдардын жүрөгү дүкүлдөп, бүткөн *бойлору* чымыр
кулактары чуулдап, бир түрдүү боло башташы (Тилек).

Муруттарга калдайган муздарды тоңдуруп, табияттын к
түү азабы менен күрөшүп жаттык (Унут. күндөр).

Буттары узун, саал жүндүүрөөк карасур, бозомтук с
акчыл сур улактар таштан ташка секирип оюн салышат, ал
дын татынакайлыгына эл кубанышаты (Тилек).

6) *-лар* мүчөсүнө байланыштуу-*дар* формасына да токт
кетүү керек. Кыргыз тилинде башка түрк тилдериндеги сы
туу экинчи жактын көптүк түрүнүн мүчөсү ошол жактын та
дык мүчөсүнө окшош келет (*бардыңар*, *атыңар*). *-дар* ф
масы *-ң* жана-*лар* мүчөсүнүн кыскарган формасы-*ар* дан
рат. Мунун толук формасы-*лар* экендигин кээ бир башка т
тилдеринен (казак) жана кыргыз тилинин өзүнүн эле матер

ынан да көрүүгө болот. Оозеки тилде „бардыңар“ дегендин рдуна (силер) „бардындарбы“ деп да колдонулат.

Үчүнчү жакта турган этишке адабий тилде *-лар* мүчөсү жал-анбайт. Кээ бир түрк тилдеринде жана кыргыз тилинин түш-ук диалектисиндеги ичкиликтерде *-лар* мүчөсү этишке үч түр-үү жол менен жалганат.

1) Үчүнчү жакта туруп, келер чакты билгизүүчү жөнөкөй тишке жана азыркы учур чакты билгизүүчү татаал этишке алганат. Мааниси жагынан алар кош буйрук этиштин көп-үктү билгизген маанисине барабар.

Абасы ыстык, ошого көк чай *ичеттер*.

Өз ыктыяры менен ойноп *жүрөттөр*.

Мындай форма Оштун көпчүлүк райондорунан кезигет. Формалдык жана мааниси жагынан чакчыл *-а* келер чакты бил-изгени менен *-ыш + а + т, = а + т + тар* болуп келген учурда сүйлөмдүн контекстине жараша алар кээде кыймыл-ара-кеттин мурда болуп жана азыркы убакка чейин созулуп ке-е жатканын да билдириши мүмкүн. „Абасы ыстык, ошону үчүн көк чай *ичеттер*. Кемпирлер чайды катуу демдеп *ичишет*“ обычно и сейчас). Салыштыр: татарча *киләләр* (кырг. келишет—учур чак).

2) Өткөн чактын үчүнчү жагына уланат. *Өлтүрдилөр* ж.б. Салыштыр: *кондулар*, *миндилер*, *кеттилер* (В. В. Радлов. „Об-разцы“ V).

3) Үчүнчү жакта турган „экен“ деген жардамчы этишке калганат.

Эрмек болуп „*турат экендер*“ (Фрунзе р-ну). Эртеге ба-рга „*барышат экендер*“ (Мырза-Аке р-ну). Бозо „ичет экен-ер“ (Кара-Суу р-ну). Салыштыр: башкырча *инәләр*—кырг. алар эле.

Көптүк идеяны жак мүчөнүн *-к,-быз* деген түрлөрдү да бил-изет. Бул мүчөлөр биринчи жактын көптүк түрүн уюштурат да, шарттуу, каалоо ыңгайларында жана чак категорияларында колдонулат. Мисалы, *барсак*, *бардык*, *бара жатабыз* ж. б.

Көптүк идея *-лар* жана жак мүчөлөрүнөн башка төмөнкү мүчөлөр аркылуу да берилет, бирок алар көптүк сандын мор-фологиялык көрсөткүчү болуп эсептелбейт.

1) *-ыш*. Бул көш мамиле этиштин мүчөсү болуп эсептелет. Кыймыл-аракетке бир канча субъект катышкандыкты көрсөт-өндүгү аркылуу көптүк идеяны жалпылоо, биргелешүү пла-ында билдирет. Кыргыз тилинде мунун мааниси башка түрк илдериндеги үчүнчү жактын өткөн чак формасына-*лар* мүчө-үнүн жалганып билгизген мааниси менен барабар (*бардылар*—*барышты* ж. б.).

Активдер да жер баспай, секирип ойногон аттардан тан-ап-тандап *миништи* (Кең-Суу, II).

Чымчыктар *чыйпылдашып*, чегирткелер *чырылдашат* (Ти-лек).

Бадачы уюн айдап, жайытка жөнөдү. Бадага уй айдап ген келин, кыздар,балдар жана кемпирлердин бир катары рүнө *бара жатышты* (Тилек).

Кош мамиле этиштин *-ыш* формасы аркылуу берилген нини „күчөтүү“ үчүн кээ бир түрк тилдеринде *-ыш* ка *-л а р* чөсү жалганса, кыргыз тилинде айрым учурда ага *-ыш* тын жалганышы мүмкүн. Өтмө этиштен өз ара биргелешүү масы (форма взаимного действия) түзүлүп, алардын кыйм аракети объектиге багытталарлыгы, өтпөс этиштен мыл-аракеттин биргелешүү формасы (форма совместного) зүлүп, кыймыл объектиге багытталбастан аракетке катыш субъектилердин биргелешип гана катышкандыгынын көрсөт түргандыгы каракалпак тилинин материалынан Н. А. Баск тарабынан кылдаттык менен байкалган. Бул мамиле этиш айрым формалары өзүнчө этиш сыяктуу болуп, мүчөнүн эч чи ирет жалганышына негиз катарында кызмат кылы Айрым учурда мүчөнүн жалганышы аркылуу алардын баш кы мамилелик маанисине кошумча оттенок кошулат.

1) Бирок ал келе жаткандарды тосуп Сабыр тургандыку алар кайра отко *киришишти* (Тилек, 101 бет).

2) Сакалдуу - көкүлдүүлөр жакшы бозонун, семиз эт кабарын алышкан соң, деле чакырбаган жамандар да учур да арбак конгон абийирдүү „журт ээси“, „баш-көзү“ бо жүргөн Саадаттын эшигинин алдына *топтошушту* (Кең-С I, 89 бет).

3) Короо кайтарган кыз-келиндер таң атканча дүрбөш бирине бири барып убалалашып жүрүп, эртең чогулуп ышк га чыгууну *макулдашышты* (Каныбек, 161).

Жогорку айтылгандар түшүнүктүү болсун үчүн кийи эки мисалды алып көрөлү. Мындагы *макулдаш* (<*макул + ла + ш*), *топтош* (<*топ + ла + ш*) экөө тең өтмө эт башка бир субъект менен сен бирдемени макулдаш, бирдем топтош болуп, алардын кыймыл-аракети түздөн-түз объект багытталган. Кийин ал этиштик негизге айланып, *мак даш + ыш* (*ты*) болуп ага экинчи ирет *-ыш* жалганганда, нерсе жөнүндө субъектилер өз ара бири-бири менен келиш диги, көптүгү көрсөтүлүп турат. Башкача айтканда, кыйм аракет бир нерсе жөнүндө субъектилердин өздөрүнө багыт лып, бирине бири объект болгон сыяктуу болуп турат. Сал тыр *сүйлөшүштү—сүйлөштү*. Топтош деле „макулдаш“ сы туу *-ыш* мүчөсүнүн жалганышы үчүн негиз болуп турат. рок мында мамиле этиштик формасынын баштапкы маан өзгөргөндөй көрүнөт. Анткени биринчи „топтош“ этиштик гиз катарында субъектилердин биргелешүүсүн (эл *топтош* же болбосо бирине бири жардамдашкандыгын көрсөтсө, *т ошушту* мамиле этиштик мааниде субъектилердин өздөрүн чогулгандыгын, көптүгүн (биргелешкендигин) көрсөтөт.

2) *-гыла*. Этишке жалганып, кыймыл-аракеттин кайталанын (многократность действия) көрсөтөт. Бул мүчө формажагынан буйрук ыңгайдын көп адамга кайрылгандагы чөсү менен окшош келет. Мисалы, *баргыла*. Булардын буйк ыңгайдын же кыймыл-аракеттин кайталоо маанисинде айлганды сүйлөмдүн контекстине карата аныкталат.-*гыла* мүсү аркылуу кыймыл-аракетти кайталоо маанисинде айтылн этиш көп адамга кайрылуу үчүн айтылган учурда ага дагы р-*гыла* мүчөсүнүн жалганышы мүмкүн. Мындай учурда биинчи-*гыла* менен экинчи-*гыла* нын кызматы бирдей болбойт. исалы, *чапкыла—чапкылагыла* ж. б.

3) *-ла*. Бул да жогоркудай мааниде колдонулат. Мисалы:

карма—кармала,
жалма—жалмала,
сыпа—сыйпала ж. б.

4) *-ылда* (<ыл + ла). Бул да жогоркудай мааниде колдолат. Мисалы:

тарс—тарсылда,
күрс—күрсүлдө,
жылт - жылтылда ж. б.

5) *-ыз*, *-з*. Көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан көптүктүн айыркы мүчөсү катарында каралат. Бул мүчө, алардын пикии боюнча, беттеме ат атоочтордун көптүк түрүндө жана денин жуп мүчөлөрүндө кездешет. Мисалы. *биз* (<*би + з*), *из* (<*си + з*)[1]; экинчи бир пикир боюнча *би + си → биз*, *и + си → сиз*; уйгур тилинде *келиң + из*, *келиң + лер* — приодите[2]. Бизде бул форма сылыктык мааниде колдонулат. Монол тилинде би—мен, си //чи// ши—сен. Булардан көптүк мүчөтөрү аркылуу бид /нар/ — биз,та/нар/—сиз (дер) болуп бул атоочордун көптүк түрү түзүлөт.

-з мүчөсү, мүмкүн, байыркы убакта көптүктүн грамматикалык мүчөсү катарында колдонулгандыр. Бирок кээ бир мүчөлөр мурунку көптүк маанисин жоготуп, азыркы түрк тилдеринде жекелик санда колдонулган сыяктуу азыркы кыргыз ж. б. үрк тилдеринде *биз*, *сиз* өңдөнгөн атоочтордон анын көптүкү билгизүүчү баштагы грамматикалык ролу эч сезилбейт. ул сөздөрдөгү көптүк маани азыр лексикалык маанисинен ана байкалат.

Беттеме ат атооч *биз* төмөнкү мааниде жана учурларда олдонулат.

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 221 бет. А. Н Кононов. Грамматика узбекского языка, 1948, 125 бет.
[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, М.—Л., 52 бет.

а) *Биз* деген беттеме ат атооч эч кандай жалгануусуз руп эле коллективдик жалпыланган маани берет. Мындай уч *биз* деген түшүнүктүн ичине кирген индивидумдар бир б катарында эсептелет жана сүйлөөчүнүн өзү да ошол коллек ге кирет. Мисалы: Биз тынчтыкты каалайбыз! ж. б.

б) Сылыктык үчүн „мен“ дегендин ордуна да колдону Мисалы: *Биз* менен сиздин пикирибиз келише албады ж Ошондуктан „биз“ беттеме ат атоочтун биринчи жагынын лык көптүк түрү деп да аталат.

„Биз“ менен бирге айрым учурда „биздер“ формасыда р донулат. Экөө тең көптүктү билдирет. Бирок „биздер“ ж пыланган коллективдин бөлүнөрлүгүн жана сылыктыкты көрсөтөт.

Ошондой эле беттеме ат атооч „сиз“ да азыркы кыр тилинде экинчи жактын жекелик түрүнүн сылык формасы луп гана эсептелет. „Биз“ден мунун айырмасы мында эч к дай көптүктүн мааниси жок. Ошондуктан мунун көптүк т *-лар* мүчөсү аркылуу „сиздер“ болуп айтылат (Мисалы, *сиз келдиңиздерби?*). Тескерисинче, беттеме ат атооч „биз“ уч формасында туруп эле көптүктү билгизет Ошондуктан ага - мүчөсүнүн жалганышы зарыл эмес; анын адабий тилде гр матикалык көптүк формада сейрек колдонулушу да уш байланыштуу болуу керек. *-лар* формасында колдонулга да көптүккө караганда анда бөлүнөрлүк (членимость) ма басымдуулук кы[1]ат.

Ошентип, кыргыз тилинде биринчи жана экинчи жакт жекелик жана көптүк түрү болуп төмөнкүлөр эсептелет:

мен, сен, сиз;
биз, биздер, силер, сиздер.

Булардын ичинен „силер“ кээ бир изилдөөчүлөрдүн пи риндей „сиз“ дегендин аяккы „з“ тыбышынын түшүп калы нан [1] эмес эле „сен“ дегендин „н“ тыбышынын кыргыз тил де *-лар* мүчөсү жалганганда түшүп калышына байланышт болуу керек. Салыштыр казакча *сендер*, каракалпакча *сенле*

Грамматикалык формасы боюнча көптүк маанидеги баш бир тилдеги сөздөр экинчи бир тилге лексикалык мааниси б юнча гана өтөт. Анын баштапкы грамматикалык мааниси (ке түгү) кийинки тилде билинбей калат да, көптүк үчүн а кабыл алган тилдин көптүк мүчөсү кошулат. Мисалы: англ тилинин -с мүчөсү аркылуу *рельс* (<rails) болуп көптүк ма ниде айтылуучу сөздөр орус тилинде жекелик катарында к был алынып, анын көптүгү үчүн *рельсы* болуп *-ы* мүчөсү к шулган. Ал эми кыргыз тилинде болсо мындай сөздөргө *-л*

[1] Б. Юнусалиев. Проблема формирования общенародного кирг ского языка, Вопросы языкознания, № 2, 1955, 43 бет.
[2] К. А. Боровков. Учебник уйгурского языка, 1935, 72 бет.

калганат. Мисалы, рельсилер ж. б. Ошентип, бул сөздө формалдык жагынан грамматикалык үч мүчө бар болгону менен, кыргыз тили үчүн алдыңкы экөө (англия тилинин -с,орус тилинин -ы мүчөсү) көптүк маани үчүн эч кандай роль ойнобойт, бүтүн сөздүн составдык элементи катарында гана кабыл алынат.

Орус тилинде көптүк мааниде колдонулуучу *финансы, конервы* сыяктуу сөздөр да кыргыз тилинде жекелик мааниде колдонулат. Көптүк мааниси үчүн аларга да *-лар* мүчөсү жалганат. Мындай учурда орус тилиндеги сөздөрдүн кээ бирөөлөрүнүн көптүктү билдирүүчү -ы // -и мүчөсү сакталса, кээ бирөөлөрүнүкү кыргыз тилине ылайык башка тыбышка өтөт же болбосо ал түшүп калат. Мисалы:

финансы—финансы + лар,
коньки—коньки + лар
консервы—консерва + лар
каникулы—каникул + лар,
ботинки—ботинки + лар,
галоши—көлөч + лар,
боты—боты + лар.
туфли—туфли + лар,
лыжи—лыжы + лар ж. б.

Араб тилинде көптүк маанисиндеги сөздөр да [1] кыргыз тилинде жекелик мааниде кабыл алынышына байланыштуу жекелик маанисинде гана колдонулат. Алардын мүчө аркылуу жана ички филексия аркылуу болгон көптүк мааниси бизде да жана тажик тилинде да эч сезилбейт. Алардын көптүк түрү *-лар* мүчөсү аркылуу болот. Мисалы:

улама (олим—ученый), ученые, *букара* (факир—бедняк)—бедняки ж. б.

Көптүктүн грамматикалык мүчөсү менен келген сөздөр да бизде жекелик мааниде колдонулат.

-от: *айбанат* (хайван + ат),
маалымат (маалым);
-он: *мусулман* (муслим + он);
баян (бай + он);
улан (угул + он);
яран (яр + ан) ж. б.

Араб тилинде көптүк маанидеги кээ бир сөздөр бизде кыралык башка мааниге өтүп кеткен. „Аспап“ араб тилинин ички флексия закону аркылуу түзүлгөн „себеп“ деген сөздүн көп-

[1] А. Г. Гуломов. Узбек тилиде куплик категориясы, 33 — 45 бет.

түк түрү болуп эсептелет[1]. Бирок кыргыз тилинде азыр
пап" *себептин* көптүгү катарында эч сезилбейт, курал д
башка мааниге өтүп кеткен.

Жогоркудай кубулуш эки тилдин ортосунда гана эмес,
эле тилдин өзүндө да кезигет. Байыркы түрк тилдеринин
теликтеринде көптүктүн башка мүчөлөрү менен бирге аз
дө болсо да *-т* кезигет:

куют—мучения (< куюн—мучение, бизде кыйын), тарк
титул (Апа таркан; огул таркан), *таркат* (таркандын кө
түрү) [2].

Көптүктүн бул мүчөсү *(-т)* монгол тилинде *-т,-д* фо
сында болуп, алиге кеңири колдонулат. Монгол тилинде
байыркы түрк тилдеринде да бул мүчө уңгуга тикеден-т
жалганбастан, уңгунун аяккы „н", „р" тыбыштары түшүп, а
ордуна жалганат.

Монголчо: *ноян—ноят*—княздар,
нөкөр—нөкөт—жолдоштор [3]),
хонин—хонид—койлор,
аяга—аягад—аяктар [4].

Бул *-д* мүчөсү монголдун жазма тилинде сан атоочк
жалганган. Мындай форма азыр сенек түрдө уруулардын
тары катарында гана колдонулат. Түрк тилдери мындай к
лушту билбейт.

Монголчо: *дөрбен*—төрт,
дөрбет-дербеты (дөрбендин көптүк
түрү-дербеттер);
минган—мин,
мингад—мингаты (миңгандын көптүк
түрү—мингаттар).

Байыркы түрк тилдеринде көптүктүн байыркы мүчөсү
жалганган сөздөргө азыркы кездеги көптүктүн граммат
лык форманты катарында колдонулуучу *-лар* мүчөсүнүн ж
ганган түрү да кездешет:

ол ики *тигитлер*[5]—ал эки канзада(лар)
куюн—куют—кыйноо(лор)
эмгеклер-куюттар (кош сөз)—оор күн;

кытсыздык, кырсык, балакет, азап, кыйноо. Көптүк мүче
бир эле сөздө мындай эки жолу келиши монгол тилинен
кезигет. Мисалы, *-нар,-уд* жана *-д,-уд* мүчөлөрү аркылуу:

---

1. В. С. Расторгуева. Краткий очерк грамматики таджикского
ка, приложение к Таджикско-русскому словарю, М., 1954, 537 бет.
2. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 51 бет.
3. О. Бетлинг. О языке Якутов. Уч. зап. Имп. АН. вып. IV, том I,
380бет.
4. Д. А. Алексеев. Аталган эмгек, 128 бет.
5. Уңгусу „тигин" орусча принц—бизче канзада, падышазада, пад
тукуму деген мааниде.

дуд (*хага-д-уд*—хандар (хаган-хан). Көптүк мүчөнүн
тар келиши жөнүндө жогорку келтирилген мисалдардын не-
зинде төмөндөгүдөй эки ыктымал болжолдоого келүүгө болот:
1) *-т* мүчөсү көптүк идеяны билгизбей калуунун башта-
ш процессинде болуп ага азыркы тилдердеги (салыштыр
льсы—рельсилер) көптүктүн экинчи мүчөсү *-лар* жалганышы
мкүн;
2) биринчи мүчөсү билдирген көптүк идеяны күчөтүш үчүн
лганышы да мүмкүн.

Түрк тилдеринин эстеликтериндеги экинчи бир кызык ма-
ле—аныктоочу сан атооч болгон аныктоочтук айкашууларда
ыкталгычка көптүк мүчөсүнүн жалганышы.

Байыркы уйгур тилинин „Алтын ярук" чыгармасынан ми-
л: ... маңа *төрт йеклер* якун келти—мага төрт дөө-пери-
ер) жакын келди (154 бет, 5 (20) сап). Тынгалы олурмышта
улугы тигин *ики инилериңе* ынча тип тиди—*Эс* алганы
урганда хандын баласынын эң улуусу кичүү эки иниси(лер)-
мындай деп айтты (173 бет, 608 (16) сап).
Ол өдүн бу *үч тигинлер* ... Ал убакта бул үч канзада-
ар) (174 бет, 609 (13) сап).
... ол *ики ичлерин(е)* ... сөзлети—ал улуу эки ага (лар) сы-
айтты (175 бет, 615 (9) сап).

Сан атооч менен сан жагынан ээрчишүү азыркы түрк тил-
ринен сейрек болсо да, турция тилинен кезигет. Мисалы,
аркадашлар—үч жолдош (тор) *үч кардешлер*—үч бир
уган(дар) [1].

Жогоркудай абалды байыркы монгол тилдеринен да көрүү-
болот Буларда сан атоочтон болгон аныктоочтор менен
ыкталгычтар сан боюнча ээрчишет. Аларда сан атооч менен
рчишкен аныкталгычтар көбүнчө тирүү жандарды (заттарды)
лгизген сөздөрдөн болот. Жаңы эстеликтерден улам эски
теликтерге барган сайын (мисалы, XII—XIII кылым) монгол
лдеринде аныктооч менен аныкталгычтын сан боюнча ээр-
шүүсү көбүрөөк кездешет. Тилдеги азыркыдай норма боюнча
ндык идея аныктооч же болбосо аныкталгыч аркылуу бериди
и С. А. Козиндин пикири боюнча монгол тилдеринде XIII—
VII кылымдын аралыгында болгон деп каралат. XIII кылым-
гыга караганда XVII кылымдагы эстеликтерде аныктооч ме-
н аныкталгычтын сан жагынан ээрчишүүсү өтө эле сейрек,
рок азыркыга (чыгыш буряттагыга) караганда анда (XVII к.)
бүрөөк[1].

Түрк жана монгол тилдеринен келтирилген жогорку фак-
ларга караганда байыркы убакта сан атоочтук аныктооч ме-

---

1 А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературно-
языка, М.—Л., 1956, 70 бет.
2 Г. Д. Санжеев. Сравнительная грамматика монгольских языков,
4—138 бет.

нен аныкталғыч сан жагынан ээрчишкен, бирок кийин м
дүү болбой калган деп ишенимдүүлүк менен айтууга бол
Кыргыз жана башка түрк тилдеринде субъект менен п
кат бири-бири менен жак боюнча дайыма ээрчишсе, сан б
ча үчүнчү жакта дайыма ээрчише бербейт. Субъект фор
дык жагынан көптүк түрдө турса да, предикат жекелик
мада болушу мүмкүн.

Мунун себебин И. А. Батманов ээнин көптүгүн белг
керек болуп, ага логикалык басымды түшүрө айткандан б
деп түшүндүрөт. Маанисине эч зыян келтирбей туруп:

1. *Алар окуучулар*—они ученики
2. *Алар окуучу*—они ученик(и)
1. *Алар жазышты*—они писали
2. *Алар жазды*—они писали
1. *Окуучулар жазышты*—ученики писали
2. *Окуучулар жазды*—ученики писали деп ай-

тууга мүмкүн.

Келтирилген биринчи мисалдардын бардыгында көптүк
гиленет, ал эми экинчисинде болсо сүйлөөчү үчүн бул
негизги мааниге ээ болбойт дейт[1].

Ээ менен этиштик баяндоочтун сан боюнча ээрчишпей
луу себеби, ээнин көптүгүн айрыкча белгилөөгө байланы
эмес.

Көптүк формада турган субъект бирөнчөй категорияла
болот да, алардын кыймыл-аракеттери жалпысынан бир
кыймыл катарында эсептелгендиктен предикат жекелик
мада болот. Мисалы:

*Күмүштүн уйлары саалбай, энелери өңгүрөп, музо
ру мөөрөп турат* (Каныбек, I).

Топтошуп эл келип жатса, түш-тушка *куугунчулар* ча
лап *кетип жатат* (Каныбек, I).

Эгерде субъектинин айрым элементтен турардыгы ке
түлө турган болсо, анда ага карата алардын кыймыл-араке
ри да айрым субъектиге бөлүштүрүлөт да, предикат ке
формада айтылат[2]. Бул үчүн кыргыз тилинде *-ыш* мүчөсү
донулат. Мисалы:

Эл дүүлдашып, чоң маселе чечилгендей *тарап жат
ты* (Унут. күндөр).

Эл өтө сөөлөттүү шайыр көрүнүштө уу-дуу болуп, к
нычтуу сөздөрдү күлкү менен безеп *жөнөтүп жатышат*
лек).

Кары дебей, жаш дебей селодогу элдин бардыгы Са
дын үйүнүн түштүк жагындагы аскачага карай *келе жа
шат* (Тилек).

---

[1] И. А. Батманов. Способы выражения синтаксических отно
в киргизском языке, Фрунзе, 1940, 10—11 бет.

[2] Кара: Н. К Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 22
тук.

Атоочтук баяндоочтордун ээ менен ээрчишпей калышы
ин составындагы бирөнчөй заттардын ар бирин эмес, алардын
үн бир группасын көрсөткөн учурда баяндооч жекелик фор-
да колдонулат. Масалы, *алар окуучу*, *алар жазуучу* ж. б.
өнчөй заттардын бүтүн бир группасы эмес, ар бир зат
нчө көрсөтүлгөн учурда, баяндооч үчүнчү жактагы ээ ме-
сан боюнча ээрчишет. Мисалы: *алар—студенттер*,
алар—чалдар ж. б.

Сан боюнча ээрчишпей калуу, экинчиден, субъектинин жан-
у жана жансыздан экендигине да байланыштуу. Жансыз
тар социально-пассивдүү субъект катарында эсептелген-
ктен, алардын баяндоочу жекелик түрдө айтылат. Буларда
үмдүктөрдү эсепке албаганда) кыймылдык процесс жок.
ндуу субъект сыяктанып, биргелешип иштөө да жок. Бу-
р социально-активдүү субъектинин кыймылына дуушар бо-
чу объект. Ошондуктан буларга көптүктү билдирүүчү мү-
лөрдүн жалганышы да мүмкүн эмес.

Төркү үйдөн тартып, оозгу үйгө чейин килем төшөп, асыл
шөктөр салынып, чыканакка коюп отуруу үчүн бир канча
здыктар коюлган (Каныбек, II).

Жайылган дасторкондорго чагылган *кант*, *өрүк*, *мейиз-*
, жакшы бышырылган *чий боорсоктор төгүлдү* (Кең-
у, II).

Килем бетине түр салган сулуу кыздай толукшуп, түмөн
чечекейлер жайнаган (Каныбек, II).

Жогорку айтылгандарды жыйынтыктап келгенде төмөндө-
дөй корутундуга келүүгө болот.

1) Сан категориясы негизинен зат атоочторго таандык, би-
к көптүктүн идеясы андан башка сан, ат атоочтордо жана
ар аркылуу этиштин жактарына да таралат. Сандык идея
штин категорияларында да жана сын атоочтун салыштыруу
ражасында да болот.

2) Сан категориясы субъект менен предикаттын сүйлөмдө-
синтаксистик байланышынын бир түрүн көрсөтүү аркылуу
лге ырааттуу маанилүү мүнөз берет.

3) Кыргыз (жана түрк) тилинде сан категориясы лексико-
амматикалык эмес, грамматикалык категория болуп эсептелет.

4) Сандык идея жекелик жана көптүк болуп грамматика-
к эки формада колдонулат.

5) Өзүнүн реалдык мааниси боюнча жалпы эле сандык түү-
нүккө, же болбосо көптүк түшүнүккө же болбосо сан бо-
ча эсептелүүгө туура келбөөчү сөздөр жалаң гана жекелик
рдө колдонулат. Мындай сөздөр өздөрүнүн лексикалык маа-
си боюнча түрдүүчө болот. Мисалы, *жаан*, *кар*, *туман*,
нарык; *май*, *апрель*; *бетеге*, *чөп*, *кум*, *май*, *ун*, *буудай*,
е; *жашоо*, *камоо*, *келиш*, *кетиш*, *бурулуш*; *балалык*, *бай-
к*, *социализм* ж. б.

6) Түрк тилдеринде грамматикалык роддун жоктугу жа-

на сан боюнча көпчүлүк учурда орус тилиндегидей да
ээрчишүүнүн жоктугу көптүк категорияга да таасирин ти
бей койгон жок. Мунун натыйжасында көптүк категор
нын сферасы биздин тилде орус тилиндегиге караганда
канча тар. Анын үстүнө көпчүлүк учурда биздин тилде
матикалык көптүк форма аз колдонулат. Анткени көп
зат атооч формасы боюнча жекелик түрдө турганы менен,
нниси жагынан тигил же бул заттын коллективдик уруусу
болбосо сандык идеяга ээ болгон жалпыланган түшү
билдирет. Көптүк форманын аз колдонулганынын экинч
беби сан атоочтон кийин зат атоочко-*лар* мүчөсү жалган
7) Көптүктүн идеясы төмөнкү жолдор менен берилет
1) Лексикалык: жекелик түр жалпыланган уруулук т
нүктү билдирүү үчүн колдонулат: *эл, мал; ат, кой* ж. б
2) Грамматикалык:
а) синтаксистик жолго кош сөздүн (*бала-бакыра, маш
машина кездеме* ж. б.) жана сөздөрдүн айкашуусу арк
берилиши кирет: *45 китеп, бир канча киши, көп студент*
б) Морфологиялык жолго мүчөнүн жалганышы кирет. М
-лар, -лер, -ыш, -к, -гыла, -ла, -ылда,-з(-ыз).
Бул мүчөлөрдүн кээ бирөөлөрү монгол тилинен да
гет жана алар башка фактылар менен бирге монгол м
түрк тилдеринин тек жагынан жакындыгын көрсөтүүгө
дам берет. Көптүктүн идеясы булардан башка салыштыруу
ыктар аркылуу да берилет. Бул көрсөтүлгөн жолдордун
нен көптүктүн идеясын билдирген эң байыркы жол болуп
сикалык жол эсептелет.
8) Араб, фарсы жана орус тилинен көптүктүн граммат
лык формалары менен кирген сөздөр бизде жекелик маа
кабыл алынат. Алардын көптүк мааниси үчүн биздин ти
көптүк мүчөлөрү жалганат. Мындай кубулуш башка тилд
да мүнөздүү.

II. ЖАКТАЛЫШ СИСТЕМСЫ

Сөз өзгөртүүчү системасына кирүүчү жак категориясы сүйлөмдөгү сөздөрдүн—ээ менен баяндоочтун синтаксистик байланышын билдирүү үчүн, башкача айтканда, предикативдик маанилени көрсөтүү үчүн кызмат кылат.

Атооч жана этиш лексико-семантикалык жагынан бири-бири менен кескин түрдө айрылганы менен, сөз өзгөртүүчү грамматикалык категориянын кээ бирөөлөрү боюнча жакындашат. Башкача айтканда, атооч жана этиштин ар бирөөнүн өзүнө таандык грамматикалык категориялары болгону менен, сүйлөм мүчөлөрүнүн кээ биринин кызматын аткарган учурда бир эле грамматикалык категориянын формасы атооч жана этиштин экөөнө тең мүнөздүү болуп калат. Анткени сөздөр сүйлөм мүчөлөрүнүн милдетин (аныктооч, толуктооч, баяндооч) аткарган учурда аларга тиешелүү грамматикалык категориялардын мүчөлөрү (формалары) жалганат.

Баяндоочтук милдет аткаруучу атооч менен этиштин жак жана сан боюнча өзгөрүшү жакталыш деп аталат. Кандай гана кыймыл-аракет болбосун алар грамматикалык жак—логикалык субъект тарабынан иштелет. Кыймыл-аракет бир же бир канча субъект тарабынан иштелиши мүмкүн. Ошентип, жак менен сан формасы экөө бири-бири менен тыгыз байланышта болот да, баяндооч болуучу сөздүн алар боюнча (жак жана сан менен) өзгөрүшү жакталыштын негизи, маңызы болуп эсептелет. Атооч менен этиштин жакталышы баяндооч болуучу сөзгө жак мүчөсүнүн жалганышы аркылуу болот. Кыргыз тилинде жекелик жана көптүк формасы боюнча ар түрдүү болгон үч жак бар. Биринчи жана экинчи жактын эки түрүнүн тең өзүнө тиешелүү жак мүчөсү бар. Үчүнчү жактын өзүнө тиешелүү грамматикалык жак мүчөсү жок. Кыргыздын адабий тилинде үчүнчү жак азыркы учур чакта жана айкын келер чакта гана грамматикалык жак мүчөгө ээ болот. Калган бардык учурда үчүнчү жак мүчөсүз колдонулат. Ошентип, негизинен сүйлөмдө грамматикалык оформлениеге биринчи эки жак гана ээ болот. Экинчиден, биринчи эки жак менен үчүнчү жак

грамматикалык жак мүчөлөрүнүн чыгышы боюнча да биринен кескин түрдө айрылат. Булардын ортосунда үчэ да бир айырма бар. Эгерде биринчи эки жактын жак мүчү биринчиден, алардын жагын, экинчиден, жекелик жана көп формасын көрсөтсө, азыркы учур чак менен айкын келер тагы үчүнчү жактын жак мүчөсү аркылуу жак гана көрс лөт. Ал эми алардын көптүк формасы болсо жак мүчө ар луу берилбестен, кош мамиле этиштин грамматикалык фо сы аркылуу берилет. Ошентип, биринчи эки жактын бир грамматикалык формасында (жак мүчөсүндө) эки түрдүү г матикалык маани—жак, сан болсо, үчүнчү жакта бирөө га жак. Формалдык белгисине карата кыргыз тилиндеги жак лышты экиге бөлүүгө болот.

а) Жакталыштын толук түрү. Схемасы төмөнкү:

Жекелик түрү

1 *жак -мын (фонетикалык варианттары менен*
2 *жак -сың, -сыз*
3 *жак (-т)*

Көптүк түрү

1 *жак -быз*
2 *жак -сыңар,-сыздар*
3 *жак (-т)*

б) Жакталыштын толук эмес түрү.

Жекелик түрү

1 *жак -м*
2 *жак -ң,-ңыз*

Көптүк түрү

1 *жак -к*
2 *жак -ңар,-ңыздар*

Жак мүчөлөрүнүн толук формасы ат атоочтордон чыккан. Байыркы түрк тилинде (орхон-енисей жана уйгур эстеликтеринде) азыркыдай жак мүчөлөрү болбогон. Алардын ордуна беттеме ат атоочтор колдонулган; ат атоочтор тийиштүү сөздөрдүн алдына, артына да коюлган. Кийин баяндоочтун артынан келүүчү беттеме ат атооч өзүнөн мурдагы айтылган сөздүн үндүүсүн ээрчип, акырындык менен баштапкы өз алдынчалыгын жоготуп, мүчөгө айланган. Кээ бир тилдерде экинчи жактын „н“ тыбышы „ң“ га өткөн, кээ биринде „н“ боюнча сакталган. Салыштыр: өзбекче *сен йумушчусан* ж. б.

Кыргыз жана башка кээ бир түрк тилдеринде биринчи жакинчи жактын жекелик жана көптүк жагынын жак мүчө баштагы атоочтук формасынан анчалык алыстабаган. Кээ түрк тилдеринде экинчи жактын көптүк түрүнүн мүчөсү гыз (башкырча) жана *-сиңиз* (түркия) болуп фонетикалык сынан өзгөрүүгө учурап, дагы кошумча элементтерди кабыл ан. Бул тилдерди изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча-*ңыг,-сиң* нчи жактын жекелик түрүнүн өзгөргөн формасы,-*ыз,-из* ыркы убактагы көптүктү билдирүүчү мүчө болуп эсептелет. Башкыр тилиндеги *-ңыгыз*, түркия тилиндеги *-сиңиз* сыяк форма кыргыз адабий тили үчүн мүнөздүү болбогону меговорду өзгөчөлүк катарында Чүй өрөөнүндө *-сыңыз* бокездешип калышы мүмкүн. Мисалы, *сиз алгансыңыз*. Кыртилиндеги бул мүчө да морфологиялык составы жагынан горку айтылган *-ңыгыз* жана -синиз турган элементтерден ндыгына шек жок. Жогорку тилдерде беттеме ат атооч экинчи жактын көптүк түрү катарында эсептелгендигине йланыштуу *-сыгыз* жана *-сиңиз* да ал жактын көптүк мүчө катарында эсептелет. Бирок кыргыз тилинде *сиз* демек, ын жак мүчөсү *-сиңиз* да көптүк катарында эмес, экинчи актын жекелик сылык формасы катарында колдонулат. Экинден, *-сиңиз* деги *-ыз* элементи байыркы убакта көптүк идея билгизүүчү формант болгону менен, азыркы кыргыз тилинде эптүктү билдирбейт. Салыштыр: *алыңыз* (*ал-ың-ыз*).

Түркологиялык адабияттарда кыскартылган мүчөлөр жөнүндө бирдиктүү пикир жок. Көпчүлүк түркологдор жак мүчө деп септелип үүчү жогорку мүчөлөрдү (*-м, -ң: барды + м, барз + м* ж. б.) таандык мүчөлөр (*-м, -ң: ата + м, эне + ң* ж. б.) енен болгон сырткы окшоштугуна карап, аларды таандык мүөлөрдөн чыккан деп эсептешет. Бирок байыркы жана азыркы үрк тилдеринин фактылары жогорку пикирден башка маалылат берет.

Тарыхый эстеликтердин материалдарында *-са* мүчөсү *-сар* олуп баштапкы формасында колдонулат да, азыркыдай *-м, -ң* ыяктуу болуп өзгөрбөстөн, *-ман, -мен* болуп толук формада өзгөрөт.

Мисалы, байыркы уйгур эстеликтеринде:[1]

көрсер м(е)н—көрсөм, *окусар м(е)н* — окусам, *өлсер биз*... өлсөк, *тудсар сизлер* — тутсаңыздар ж. б.

XI кылымдагы түрк тилдеринин эстеликтеринде да азыркы -са мүчөсү *--сар* болуп өзүнүн баштапкы формасында кезигет.

Бул келтирилген тарыхый материалдардан шарттуу ыңгайдын *-сар||-сер* формасына жак мүчөнүн толук формасы жалганганын көрүүгө болот. Тилдин кийинки өсүү процессинде байыркы $\frac{\text{-сар}}{\text{-сер}}$ мүчөсүнүн составынан „р“ тыбышынын түшүшү-

---

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 194 бет.

нүн таасири өзүнөн кийинки баяндоочтук мүчөгө да
Натыйжада -сар / -сер дин тыбыштык өзгөрүшүнө байланышту
сөрман“ сыяктуу этиштик формадагы *-ман (-мен, -са*
деген ат атоочтук мүчөнүн аяккы үндүү менен үнсүз
тык комплекси түшкөн да, ат атоочтук жак мүчө сырт
масы жагынан таандык мүчөгө окшош болуп калган.[1]

Жогоркуга окшогон толук форманттын кыскаруу про
азыркы тилдердин материалынан да байкоого болот. М
кыргыз тилинде белгисиз өткөн чак жана айкын кел
биринчи жактын жекелик түрүндө толук жана кыска ф
айтыла берет. Мисалы, мен *барган + мын, баргам*; мен
мын, айтам (салыштыр *бара жатамын, баратам* ж. б
эми алтай жана хакас тилдеринде болсо белгисиз өткө
тын биринчи жагынын толук формасы жак мүчөнүн к
ган түрүнө айланган. Азыркы учурда буларда жак мү
кыска формасы гана колдонулат. Мисалы, алтайча *чык-ка*
хакасча *ал-га + м* ж. б.

Түрк тилдеринен келтирилген бул материал, биринч
„баргам“ дегендеги „-м“ тыбышын биринчи жактын толук
масынын (*-мын дын*) кыскарган түрү экендигин, болгонд
кийинки кубулуш экендигин көрсөтөт. Экинчиден, азы
йинки өсүш процессинде акырындык менен алтай жана х
тилдериндегидей болуп кыска формага өтүүгө мүмкүн эке
ды + м, алса + м ж. б.) таандык мүчөдөн эмес, жогорку
сыяктуу болуп, жак мүчөнүн толук формасынын кыска
сунун натыйжасында чыгууга мүмкүн экендигин жана а
(жак мүчөнүн кыскаруу) картинасын да көрсөтө алат.

Жогору жакта айткандай үчүнчү жактын атайын дай
колдонулуучу жак мүчөсү жок. Байыркы убактагы „тур“
ген этиштин атоочтук формасы „турур“ дан кыска
отуруп, „-т“ формасына айланган түрү гана учур чак ме
айкын келер чакта үчүнчү жактын жекелик жана көптүк

[1] Мындай бир тыбыштын түшүшүнүн таасири астында экинчи бир м
нүн же тыбыштын түшүшү башка учурлардан да кезигет. Мисалы, уй
Мунун башталкы толук формасы уйуку; эң түпкү үнгусу „у“; уду //у
уйу анын туунду формасы; -ку — этиштен атоочтук жасоочу -ка мүчөс
варианты. Карын, эрин, моюн деген атоочторго „а“ мүчөсү уланганда „басым
„оюн“, „кыйын“ деген атоочторго таандык мүче
ордунун которулушунун“ натыйжасында ун үдагы үндүүлөрдүн түшүп ка
шы сыяктуу „уйу“ деген этишке -ка мүчөсү ула ганда, „уйку“ бо
кыргыз тилинде „у“ жана аны менен бирге „уйкула“ дегендеги „й“ тыбы
да түшүп калган. Ал эми кээ бир түрк тилдеринде уйукта, уйкта бол
„й“ тыбышы сакталып калган.

Бул келтирилген факт да -сар мүчөсүндөгү „р“ тыбышынын түшүшү
байланыштуу ат атоочтук жак мүчөнүн (-ман дын) аяккы үндүү жана ү
сүзү түшүп калып, жак мүчө ормалдык жагынан таандык мүчөгө окш
калышына мүмкүн экендигин көрсөтөт.

ө жак мүчө катарында колдонулат. Бирок бул бардык түрк
еринде бирдей формада жана бирдей даражада сакталба-
Кыргызча, алтайча *-т*: *бар-а-т*, казакча, ногойчо-*ды*: *бар-*
, *өзбекче -ди* (*р*): *укийди*, (р), уйгурча *-ду*: *ал-и-ду*, турция-
-дир: *уазмакта + дир* (он пишет).
Ошентип, жогорку айтылган этиш кыргыз жана алтай тил-
инде „-т“ мүчөсүнө, мындан толугураак формасы казак, но-
каракалпак, уйгур тилдеринде, өзбек, турция, азербайжан
деринде атоочтуктун *-ар/-ер* формасы түшүп, этиштин өзү
етикалык сырткы көрүнүшүн өзгөртүү менен тыбыштык
плекси сакталып калган. Ал эми, кумык, башкыр, татар
деринде болсо „турур“ жак мүчө катарында сакталбай кал-
мисалы, *ала*, *киле* ж. б. Мындай бир эле сөздүн — мүчө-
кээ бир тилдерде ар түрдүү даражада сакталышы, кээ би-
ндө анын таптакыр жоюлушу, башка фактылар менен бир-
көрсөтүлгөн тилдердин негизги сөздүк фондусу жана грам-
гикалык түзүлүшү жалпысынан бир болгону менен өз ара бир
лыпта өспөгөндүгүн көрсөтөт.

ЖАКТАЛЫШТЫН ТОЛУК ТҮРҮ

Жакталыштын толук түрү баяндооч болуучу сөз жак мү
нүн толук формасы боюнча өзгөрүү менен мүнөздөлөт.
Баяндооч болуучу сөз атоочтон же этиштен экендигине ка-
та өзгөрүүнүн толук формасы атоочтук жакталыш (именное
ряжение) жана этиштик жакталыш (глагольное спряжение)
олуп өз ара экиге бөлүнөт.

1. Атоочтук жакталыш

Атоочтук баяндоочтун учур чагынын жакталышы.

Сүйлөмдө бардык эле атоочтор баяндоочтук милдет атка-
ат. Атоочтук баяндоочтор затты, сапатты ж. б., башкача айт-
анда, ээнин өзү бүтүндүн бөлүкчөсү катарында кире турган
аттардын жалпылыгын көрсөтөт.

Атооч баяндооч болуу үчүн жак мүчөнү талап кылат деген
кобо тактоону талап кылат. Сүйлөмдүн ээси шилтеме ат атооч-
гордон болсо, андай учурда атоочтук баяндоочтун алдына илик
жөндөмөсүндөгү аныктоочтук милдеттеги сөз коюлат да, баян-
доочко жак мүчө эмес, таандык мүчө жалгачат. Мындай учур-
да баяндооч жак боюнча ээ менен ээрчишпестен, өзүнүн ал-
дындагы аныктооч менен ээрчишет. Мисалы:

бул менин китебим,
тигил сенин китебиң ж. б. Ээси беттеме ат
атоочтордон болгон сүйлөмдөрдө гана атооч сөздөрдүн баян-
дооч болушу үчүн жак мүчөлөрдүн жалганышы мүнөздүү жа
на алар үчүн чечүүчү нерсе болуп эсептелет. Баяндооч болуу-

чу сөз атоочтон болуп, үч жактын бирине тиешелүү айтылганда, алар үч жак боюнча жекелик жана көптүмада болуп дайыма жак мүчөнүн толук формасы боюгөрөт. Толук формада этиштин кээ бирөөлөрү да өзгөрөжөнүндө этиштик өзгөрүүнү кара). Экинчиден, этишке ган жак мүчө да (толук жана кыска формасы) жана ат баяндоочко жалганган жак мүчө да чыгышы жагынан а менен байланыштуу болуп, атоочко да жалганат. Ошенти гыз жана башка түрк тилдериндеги жак мүчөлөр кыска толук болуп тыбыштык комплекси жагынан гана айры менен, жак мүчө боюнча этиштин өзгөрүшү менен ат өзгөрүшүндө айырма жок. Атоочко жалганган мүчө эти жалганат.

Атоочтун жак мүчө менен жакталыш схемасы.

Оң түрү

жекелик саны

1 жак *мен жумушчу-мун*
2 жак *сен жумушчу-сун*
сиз жумушчу-суз
3 жак *ал жумушчу*

көптүк саны

1 жак *биз жумушчу-буз*
2 жак *силер жумушчу-сунар*
сиздер жумушчу-суздар
3 жак *алар жумушчу*

Терс түрү

жекелик саны

1 жак *мен жумушчу эмес-мин*
2 жак *сен жумушчу эмес-сиң*
сиз жумушчу эмес-сиз
3 жак *ал жумушчу эмес*

көптүк саны

1 жак *биз жумушчу эмес-пиз*
2 жак *силер жумушчу эмес-сиңер*
сиздер жумушчу эмес-сиздер
3 жак *алар жумушчу эмес*

Баяндочтук милдет аткаруучу атооч жана этиш жак м менен өзгөрүшү боюнча негизинен айрылбаганы менен, би биринен морфологиялык терс түрү боюнча айрылат. Атооч дөрдүн терс формасы байыркы убактагы *эр* деген жарда этиштин жана кадимки этиштин терс формасы (*-ба*) менен ато туктун терс „с“ формасынын кошундусунан турган „эмес“ ген сөз аркылуу аналитикалык жол менен берилет. Ал нагыз этиштин терс формасы болсо *-ба* мүчөсү аркылуу с

калык жол менен берилет. Мисалы, *алба*, *барба* ж. б. үч менен этиш терс форма боюнча ушундайча болуп айтаны менен, бул бөлүнүш этиштин бардык түрлөрү үчүн өн чек болуп эсептелбейт. Этиштин жак мүчө менен атоочсыяктуу толук өзгөрүүчү формаларынын көпчүлүгү (атоочкасиетке да ээ болуучулары) терс мааниде „эмес“ менен этиштер сыяктуу *-ба* мүчөсү аркылуу да айтылат. Ошентип булар бул жагынан алганда да атооч менен жакындашат жөнүндө жак мүчө менен толук формада өзгөрүүчү штик формаларды кара). Кыргыз тилинде атоочтук өзгөрүүтерс түрү башка кээ бир түрк тилдеринен айырмаланат. гыз жана казак тилиндеги „эмес“ дегендин ордуна турция„дегил“[1] (*талебе дегил* + *им* — кырг. мен студент эмес-мин); кырча, кумыкча „түгел“ (*мин башкорт түгел-мен*), хача „нимес“ (пис *хакас нимес-пис* — кырг. биз хакас эмес) колдонулат. Бул тилдерде сүйлөмдүн ээси беттеме ат очтордон болгон учурда, баяндоочтук милдет аткарган атоочдөр ар качан ээ менен жакташып айтылат. Ал эми алтай н азыркы адабий тилинде болсо атоочтук баяндооч ээ менен кташпайт.

Мисалы, алтайча:

мен *алтай кижи* — мен алтаймын
сен *бичикчи кижи* — сен сабаттуусуң
слер *алтай улус* — силер алтайлыксынар
биз *колхозчылар* — биз колхозчуларбыз.

Буга окшогон кубулуш башкыр тилинен да кезигет, бирок шкыр тилинде атоочтук баяндоочко жак мүчөнүн жалганбай тылышы алтай тилиндегидей болуп биротоло калыптанбаган ана жак мүчө өтө сейрек колдонулат. Оозеки речте баяндооч олуучу сөз көбүнчө жак мүчөсүз айтылат. Мындай учурда яндоочтун жагы жана сандык формасы ээ болуп түшкөн эттеме атоочтор аркылуу белгилүү болот да, сүйлөмдө алар ын колдонулушу сөзсүз болот.[2] Тескерисинче, атоочтук баздооч жак мүчө менен айтылганда, анын ээсинин колдонулугунун зарылдыгы жок. Жогорку сымал кубулуш кыргыздын адабий тили үчүн мүнөздүү болсо да, айрым жазуучулардын

[1] „Дегил“//„түгел“ жөнүндө тюркологиялык адабияттарда түрдүү пикир бар. „Дегил дин этимологиясы боюнча ар ким ар кандай пикир айтканы менен, көпчүлүгү анын эки составдуу экендигин айтышат. Демек бул жагынан алганда анын варианты кыргыз тилиндеги „түгүл“ дү да эки сөздөн турган деп эсептөөгө болот. И. Дениин пикири бою ча „легил“ эки сөздөн турат: д а г – тангандыкты билгизген сөз — оруска „не“, о л — беттеме ат атооч „он“ (кара А. Н. К о н о н о в Грамматика турецкого языка, 49-бет, сноска[1]), „түгел“ жөнүндө Н. К. Д м и т р и е в д и н „Грамматика башкирского языка“ деген эмгегинин 54 бетин да кара).

[2] Н. К. Д м и т р и е в. Грамматика башкирского языка, 53 бет.

чыгармасынан, асыресе, оозеки речтен кезигет. Бирок бу... кыз тилинде, биринчиден, атоочтук өзгөрүүнүн бардык... дигмасы боюнча эмес, персонаждардын айрым диалогдук... нен гана кездешет. Экинчиден, кыргыз тилинде ат... баяндоочтун өзүнүн ээсин жак боюнча ээрчибей калу... башка себепке негизделген. Атап айтканда, сүйлөмдүн... доочун логикалык басым аркылуу „я ёсм рабочий“ дег... яктуу кылып, атайын көрсөтүүнүн зарылдыгы болбогон у... атоочтук баяндооч сүйлөмдүн ээси беттеме ат атоочтон... да, жак мүчөсүз айтыла берет. Мисалы, *сен колхозчу... болсо заводдогу жумушчу* ж. б.

Байыркы убакта атоочтук баяндоочтордо дайыма айт... жак мүчөсүнүн — ат атоочтун азыркы тилдерде айрым у... айтылбай калышы баяндоочтук категория орус тилинде... болуп морфологиялык жолдон синтаксистик жол менен... шуу жолунда тургандыгын көрсөтөт[1].

Турция, башкыр жана кумык тилдериндеги атоочтук ... доочтун тескери формасы „дегил“, „түгөл“ кыргыз тилин... „түгүл“ болуп атоочтун терс маанисинде колдонулат. ... „түгүл“ кыргыз тилинде атоочтук баяндоочтун жөнөкөй ... формасында эмес, „жок“, „-ба...“ формалары аркылуу к... сөздөрдүн, терстик маанисин күчөтүү үчүн колдонулат. ... *түгүл* как эткен карга жок. Сага жардам бермек *түгүл* ... алапайымды таба албай жатам. Мындай учурларда „түгүл“ ... тилиндеги „не только..., но и“ деген маанини берет. Кы... тилинде мааниси жагынан мунун эквиваленти болуп с... формадагы „турмак“ эсептелет. Башка түрк тилдериндеги ... кыргыз тилиндеги *түгүл*дүн экинчи бир айырмасы — атоо... баяндоочтун терстик компоненти катарында „студент эмесм... „башкорт түгөлмөн“ деген сыяктуу болуп „түгүл“ аркылуу ... убакта бүткөн сүйлөм түзүлбөйт жана ушуга байланыш... сырткы формалдык жагынан баяндоочточтун компоненти бо... турса да эч убакта жак мүчө менен өзгөрбөйт.

Келтирилген бул фактылар түрк тилдеринде атоочтук б... доочтун терс формасы эки түрдүү сөз менен берилерин көр... төт. Анын экинчи түрү (түгүл) кыргыз тилинин азыркы ө... этабында жак мүчө боюнча өзгөрүү жөндөмдүүлүгүн жогот... сенек формага айланган да, башка түрк тилдериндеги өзү... негизги маанисинен кыргыз тилинде алыстагандай сезилет.

Этиш менен атоочтук баяндооч бири биринен жогор... көрсөтүлгөн терс түрүнүн өзгөрүшү боюнча гана эмес, ... чөлөрдүн жалгануу тартиби боюнча да айрылат. Жекелик м... жалганган сөз — баяндооч дайыма жекелик формада айтыл... Мисалы, *студент-мин*. Ал эми көптүк мүчө жалганган сөз—... яндооч жекелик да, көптүк да формада айтылышы мүмк... Мисалы, *биз студент + тер + биз = биз студент + пиз*. Б...

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 54 бет.

... өтө тең негизинен көптүк ... илдиргени менен оттеногу бир... эмес. „Биз студентпиз“ дегенде көптүк түшүнүк түркүм... бөй бүтүн болуп берилген, „студенттербиз“ дегенде көп... түү билдирүүчү -лар жана -быз деген эки мүчө бар. Мында ... р мүчөсү көптүк түшүнүктү түркүмдөө үчүн колдонулган ... на мындай кубулуш кийинки кезде келип чыккан Атоочтук ... ян тоочторго мындай учурларында жак мүчө көптүк мүчөдөн ... йин жалганат. Ал эми түштүк диалектинин кээ бир жерлерин... болсо этиштик баяндоочторго жак мүчө кээде көптүк мүчө... н мурун да жалганат (*алар бараттар* ж. б.). Бул жагынан ... ганда атоочтук баяндооч жак мүчөнүн толук эмес формасы ... алган этиштик баяндоочтон гана эмес, толук формасы ... алган этиштик баяндоочтон да айрылат.

Жак мүчө жалганган сөз баяндоочтук милдет аткарып, ... үйлөмгө айлангандан кийин, жак мүчөгө эч ... өткөн сүйлөмгө айлангандан кийин, жак мүчө болсо динамика... андай мүчө жалганбайт. Ал эми жак мүчө болсо динамика... лык статикалык маанидеги чыгыш менен жатыш жөндө... өчүрүүчү сөздөргө жана барыш жөндөмөсүнүн сенек фор... масын алган болгон айрым тактоочторго да жалганат. Башкача ... йтканда, жак мүчө жөндөмө мүчөдөн кийин жалгана берет. Мисалы:

1 жак мен Москвадан + мын
2 жак сен Москвадан + сың
сиз Москвадан + сыз
3 жак ал Москвадан

1 жак мен үйдө-мүн
2 жак сен үйдө-сүң
сиз үйдө-сүз
3 жак ал үйдө ж. б.

1 жак мен бирге-мин
2 жак сен бирге-сиң
сиз бирге-сиз
3 жак ал бирге

Жак мүчөдөн кийин эч убакта таандык мүчө жалганбайт. Тескерисинче, таандык мүчөдөн кийин жак мүчө жалгана бе... рет, анткени таандык мүчө жалганган сөз беттеме ат атооч... тор менен айтылганда сүйлөмдө эч убакта баяндооч болбойт, муну үчүн ага жак мүчө жалганат. Бирок мында төмөндөгү... дөй өзгөчөлүктөр бар[1]:

а) Таандык мүчөнүн биринчи жагынын мүчөсү жалганган сөзгө эч убакта жак мүчөнүн биринчи жагынын мүчөсү жал... ганбайт, экинчи жактын жак мүчөсү гана жалганат. Мисалы,

сен баламсың
сиз студентимсиз
малчыларымсыңар.

[1] Казіргі казак тілі, Алма-Ата, 1954, 236—237 беттер.

б) Таандык мүчөнүн экинчи жагынын мүчөсү жалга
сөзгө эч убакта жак мүчөнүн экинчи жагы жалганбай
биринчи жактын жак мүчөсү жалганат:

мен студент-иң-мин
мен студент-иңиз-мин
биз студент-иңиз-биз.

в) Таандык мүчөнүн үчүнчү жагынын мүчөсү жалга
сөзгө жак мүчөнүн биринчи, экинчи жагынын жак мүчөсү
гана берет.

мен студент-и-мин
сен студент-и-сиң ж. б.

Кыргыз тили атоочтук баяндоочтун жак менен өзгөр
боюнча да кээ бир түрк тилдеринен айырмаланат. Кыргыз
кас, шор, казак ж. б. тилдерде атоочтук баяндооч болуп
көн сөз үчүнчү жактын жекелик түрүндө эч кандай мо
логиялык оформлениесиз (жак мүчөсүз) колдонулат. Мис

мен жумушчу-мун
сен жумушчу-суң
сиз жумушчу-суз
ал жумушчу
биз жумушчу-буз
силер жумушчу-суңар
сиздер жумушчу-сыздар
ал, алар жумушчу(*-лар*) ж. б.

Ал эми башкыр, өзбек турция тилдеринде болсо жеке
көптүк эки форма да тең жак мүчөнүн жалганышы аркылуу өз
рөт. Бирок үчүнчү жактын мүчөсү бул тилдерде чыгышы
гынан бирдей эмес. Башкыр тилинде үчүнчү жактын жеке
түрүнүн мүчөсү катарында ат атооч *„ул“* (кырг. „ал“) кол
нулат, б. а. берки эки жак мүчөсүнүн чыгышы сыяктуу б
гон процесс мында да байкалат. Мисалы, Хәсән языучы
Мындай учурда *„ул“* мүчө сыяктуу эмес, өзүнчө сөз катары
да сезилет; сингармонизмге баш ийбейт. Ал эми өзбек, тү
ция тилдеринде болсо мунун ордуна „тур“ деген этишт
атоочтук формасы *турур* дан кыскарган *-дир* колдонулат.

Өзбекче:

мен согман
сән согсан
у согдир
биз согмиз
сиз согсиз
улар согдир-лар

мен, сен, ал соо

Түрцияча:

бен огл-ум
сен огул-сун

кырг. *мен уулмун* ж.

о огул-дур
биз огул-уз
сиз огул-сунуз
онлар огул-дур-лар ж. б.

Атоочтук баяндоочтор негизинен жак мүчөнүн толук фор-
сы менен өзгөрүүгө киргени менен, чак боюнча бөлүштүр-
ндө мында да жак мүчөнүн толук эмес формасы менен өз-
рүүнүн бар экендиги байкалат. Атоочтук баяндоочтун жак
чөсүн учур чактагы жана өткөн чактагы формасы деп экиге
лүүгө болот. Жогорку айтылгандар атоочтук баяндоочтун
дур чак формасына кирет. Кыргыз тили (жана башка түрк
лдери да) атоочтук баяндоочтун учур чагынын оформлениеси
юнча башка тилдерден (орус, немец ж. б.) кескин түрдө
рылат. Анткени түрк тилдеринде атоочтук баяндоочтордун
ур чагынын морфологиялык оформлениеси баяндоочтук по-
циядагы атоочко толук формадагы жак мүчөнү кошуу ар-
луу синтетикалык жол менен берилет. Мисалы:

мен кыргызмын,
сен кыргызсың,
сиз кыргызсыз,
ал кыргыз,
силер кыргызсыңар,
алар кыргыз ж. б. Мында „кыргыз“ де-
ен сөзгө „мен“, „сен“ деген тарыхый жагынан ат атооч бол-
он сөздөр мүчө катарында баяндоочко жалганып, беттеме ат
тоочтордон болгон ээси айтылбаса да, баяндоочтун жагын,
анын көрсөтүп турат. Булар орусча айтылганда „есм“, немец-
е sein (быть) деген связкалык жардамчы сөздөрдүн кошулу-
у аркылуу уюштурулгандай аналитикалык жол менен бери-
ет да, баяндоочтун алдына тиешелүү беттеме ат атоочтор
юолат. Мисалы:

кыргызмын,
орусча *я есм киргиз,*
немецче *ich bin kirgiz.*

үрк тилдериндеги жак мүчө, бир жагынан, жалганган сөздүн
кагын, санын көрсөтсө, экинчи жагынын, баяндоочтун грам-
матикалык оформлениеси боюнча синтаксистик милдет да ат-
карат. Ошентип, түрк тилдеринде грамматикалык бир эле
форма — жак мүчө эки түрдүү кызматты аткарат.

Атоочтук баяндоочтун өткөн чагынын жакталышы

Атоочтук баяндоочтун өткөн чак формасы баяндоочтук по-
циядагы атоочко байыркы убактагы „эр“ деген этиштен
ккан „эле“ деген жардамчы этиштин кошулуп айтылышы
кылуу аналитикалык жол менен түзүлөт. Мындай учурда
е“ связкалык милдет аткарып калат да, атооч менен этиштин

комплекси составдык баяндооч болуп эсептелет. Мындай да составдык компонентгин жак менен өзгөрүүчү элемен луп „эле“ эсептелет. Кыргыз адабий тилиндеги жардамчы „эле“ башка түрк тилдеринде „эде“, „эди“, „иди“ формас В. В. Радловдун „Обрацысынын“ V томунда жана кырг ичкиликтер говорунда „эде“ формасында да кездешет.

Баяндоочтун өткөн чак формасы жак мүчөнүн толук формадагы өзгөрүүсүнө кирет, схемасы төмөнкүдөй:

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак мен жумушчу эле-м*
2 *жак сен жумушчу эле-ң*
сиз жумушчу эле-ңиз
3 *жак ал жумушчу эле*

көптүк түрү

1 *жак биз жумушчу эле-к*
2 *жак силер жумушчу эле-ңер*
сиздер жумушчу эле-ңиздер
3 *жак алар жумушчу эле*

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак мен жумушчу эмес эле-м*
2 *жак сен жумушчу эмес эле-ң*
сиз жумушчу эмес эле-ңиз
3 *жак ал жумушчу эмес эле*

көптүк түрү

1 *жак биз жумушчу эмес эле-к*
2 *жак силер жумушчу эмес эле-ңер*
сиздер жумушчу эмес эле-ңиздер
3 *жак алар жумушчу эмес эле*

2) Этиштик жакталыш

Этиштер сүйлөмдөгү синтаксистик функциясына карата б канчага бөлүнүшү мүмкүн. Кээ бир этиштик формалар бүт сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин гана аткарышат. Кээ бир лөрү болсо сүйлөмдө ээлик, толуктоочтук, аныктоочтук жа баяндоочтук милдетти да аткарышат. Үчүнчү бирөөлөрү бол негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билгизип, алар аныктайт, толуктайт. Булардын кээ бирөөлөрү сүйлөмдө өзү чө милдет аткара албайт, баяндоочтун составдык компонен катарында кызмат кылышат. Бул үчүнчү группадагы этишт

ормалардын экинчи бирөөлөрү кыргыз тилинде айрым учурда гыныктуу татаал сүйлөмдүн составында баяндоочтук мил- тти аткарышы мүмкүн, бирок өз алдынча туруп бүткөн сүй- мдүн баяндоочу боло албайт. Этиштик формалар сүйлөмдөгү нтаксистик кызматына — аныктооч, толуктооч, баяндоочтук ллдетине карата грамматикалык түрдүүчө оформлениеде бо- шат.

Айрым бүткөн ойду билдирүүчү сүйлөмдүн баяндоочу бо- уучу этиштик формага буйрук ынгай, тилек ынгай жана жай нгай (изъявительное наклонение) ж. б. кирет. Этиштин баян- оочтук милдет аткаруучу тобуна шарттуу ынгай да кирет. ирок *-са* мүчөсү жалганган этиштик форма бүткөн сүйлөмдүн аяндоочу эмес, шарттуу багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу олот.

Атоочтуктар болсо этиштик жана атоочтук касиетке ээ. лар баяндоочтук позицияда турганда атоочтор сыяктуу эле ак мүчөлөрү менен өзгөрө берет. Экинчиден, атоочтор сыяк- уу жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрөт жана синтаксистик ар үрдүү позицияда турушуп ээлик, толуктоочтук жана анык- оочтук кызматты аткарышат. Үчүнчүдөн, буларга этиштик аңгыч мүчө *-бы* жана атоочтук тангыч „эмес“ жалганат. Ушинтип, атоочтук этиштин калган формаларынан айырмалуу келип, синтаксистик функциясы жана грамматикалык айрым белгилери боюнча жалпы эле атоочторго жакындашканы менен, этиштен түзүлгөн атоочтордон кескин айрылат. Атоочтукгар чакчылдар менен айкашып, сүйлөмдүн татаал мүчөсү боло алат. Ал эми кадимки атоочтор болсо чакчылдар менен эч убакта айкашпайт (мисалы *отура калган — Асан* ж. б.). Экинчиден, атоочтуктар этиштик касиетин сактап, этиштер сыяктуу өзү- нөн мурунку атооч сөздөрдүн белгилүү жөндөмөдө болушун талап кылат жана алар менен биригип сүйлөмдүн жайылма мүчөсү (развернутый член) болуп эсептелет.

Этиштин чакчылдар формасы сүйлөмдө көбүнчө бышык- тоочтук, кээде татаал сүйлөмдүн составында баяндоочтук мил- дет аткарышат. Бирок кийинки функциясы боюнча да эч убакта бүткөн сүйлөмдүн баяндоочу болбойт. Кыргыз тилинде чакчыл- дар нагыз чакчылдык мааниде кошумча кыймыл-аракетти бил- гизүү үчүн айтылган учурда эч убакта жак мүчө менен өз- гөрбөйт. Буларга чакчылдардын $\frac{-a,}{-e}$ *-й* жана $\frac{-ып}{-ип}$ формалары кирет. Бул мүчөлөр аркылуу түзүлгөн этиштик формалар жар- дамчы кыймыл-аракетти эмес, негизги кыймыл-аракетти билги- зүү үчүн айтылганда, алар жак мүчө менен өзгөрөт[1]. Чакчыл- дардын калган формалары жак менен өзгөрбөйт (мисалы, *-ган- ча//-генче* ж. б.).

---

1 Орус тилиндеги чакчылдар менен кыргыз тилиндеги чакчылдарды айырмасынын бири ушунда.

Ушинтип, этиштер морфологиялык жагынан төмөнкүч
лүнөт:

1) жак мүчө менен гана өзгөрүүчү этиштер. Мындай
тер нагыз таза этиштер деп аталышы мүмкүн. Буларга
рук, тилек, ниет шарттуу ыңгай жана этиштин чактары
Кыргыз тилинде буйрук ыңгай маанисинде айтылган этиш
дин баары эле баяндоочтук позицияда жак мүчө менен өз
бербейт. Кээ бир этиштер өздөрүнүн лексикалык маан
байланыштуу биринчи эки жак менен эч убакта өзгөр
Речь тизмегинде алар дайыма үчүнчү жактын жак мүчөс
нен айтылат. Буларга көбүнчө табыш тууранды сөздөрдө
зүлгөн этиштер кирет. Табыш тууранды этиштер табыш
кубулушту этиштик аспектиде көрсөтөт. Тууралган та
мааниси жагынан адамга, айбанга, затка же болбосо жа
лыштык кубулуштарга байланыштуу болушу мүмкүн. Маа
жагынан мындай ички дифференциялашынын натыйжас
табыштык кубулуш этиштик аспектиде колдонулганда да а
дын иши менен байланыштуу болбогондуктан, биринчи эки
менен өзгөрбөйт. Беттеме ат атоочтун үчүнчү жагы сөзгө
тышпаган жалпы эле үчүнчү жак үчүн айтылып, адамдын
бандын, заттын ж. б. лардын ордуна колдонулгандыктан, а
дын ишине байланыштуу болбогон табыш тууранды этиште
үчүнчү жактын жак мүчөсү жалганат. Ушунтип, булард
предикативдик катнаш болгону менен, көпчулүк учурда с
ект „*ал*“ деген ат атооч менен алмашпастан, „кыймыл-
кетти“ чыгарган заттын, кубулуштун аты коюлат.

Мисалы:

шыңгыра: коңгуроо шыңгырады,
маара: кой маарады,
шаркыра: суу шаркырады ж. б. Мындай этиштер качан
мамиле этиш формасын кабыл алганда үч жак боюнча өзгөр
анткени бул учурда кыймыл-аракетти иштеген адамдын өзү
луп калат да, мурда грамматикалык субъект болуп түшкөн
кийинки конструцияда объект болуп калат. Мисалы:

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак мен (коңгуроону) шыңгыраттым*
2 *жак сен (коңгуроону) шыңгыраттың*
сиз (коңгуроону) шыңгыраттыңыз
3 *жак ал (коңгуроону) шыңгыратты*

көптүк түрү

1 *жак биз (коңгуроону) шыңгыраттык*
2 *жак силер (коңгуроону) шыңгыраттыңар*
сиздер (коңгуроону) шыңгыраттыңыздар
3 *жак алар (коңгуроону) шыңгыратышты.*

Терс формада жалпы схема боюнча өзгөрөт. Ошондуктан
л жерде аны келтирүүнүн зарылдыгы жок. Лексикалык маа-
сине байланыштуу жак менен толук өзгөрбөө атоочтук ба-
доочтун өзгөрүшүндө да болот.

Ушинтип, этиштин буйрук ыңгай формасы үч жак менен
өзгөрөт, же болбосо үчүнчү жактын мүчөсү менен гана
гөрөт;

2) жөндөмө, жак жана таандык мүчөлөр менен өзгөрүүчү
иштер. Буларга атоочтук, кыймыл атооч кирет. Жогорку ай-
лган касиеттерине карата алар этиштин атоочтук формалары
н аталышы мүмкүн. Кыргыз тилиндеги атоочтуктар аныкт-
очтук позицияда турганда эч убакта жак менен өзгөрбөйт.
исалы, *окуган бала*). Анткени мындай учурда атоочтуктар
жактын биринде турган грамматикалык субъект менен бай-
нышы жок болот. Ошондуктан кээ бир тюркологдор *-ган*
рмасынын мындай конструкцияда турушун атоочтуктар деп
септейт да, аны чакчылдар менен бирге этиштин жак мүчө менен
гөрбөгөн формасы (неличная форма глагола) деп карашат. Ал
ми анын баяндоочтук позициядагы туруп, грамматикалык субъект
енен байланышы болгон учурун (*мен окуганмын*) этиштин
жак менен өзгөрө турган формасы деп эсептешет[1]. Ушинтип,
рус тилиндеги атоочтук жак мүчө менен эч өзгөрбөй турган
олсо, кыргыз жана башка түрк тилдериндеги атоочтук син-
аксистик ар түрдүү конструкциясына карата бирде жак мүчө
енен өзгөрөт, бирде өзгөрбөйт.

Кыргыз тилиндеги кыймыл атоочтор өз алдынча унгу түр-
ө турганда эч убакта жак мүчө менен өзгөрбөйт. Кыймыл
тоочтор жатыш жөндөмөсүндө туруп, баяндоочтук милдет
ткарганда гана жак мүчөнүн толук формасы менен өзгөрөт.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак мен өсүүдөмүн*
2 *жак сен өсүүдөсүң*
сиз өсүүдөсүз
3 *жак ал өсүүдө*

көптүк түрү

1 *жак биз өсүүдөбүз*
2 *жак силер өсүүдөсүңөр*
сиздер өсүүдөсүздөр
3 *жак алар өсүүдө.*

Этиштик жана атоочтук касиетке ээ болуучу атоочтуктар этиш-
тик таңгыч *-ба* жана атоочтук таңгыч форма „эмес“ аркылуу
таңгыч мааниде эки түрлүү грамматикалык формада берилсе,

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 134 бет.

кыймыл атоочтордун таңгыч мааниси жалгыз „эмес“ ар
гана берилет.

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак мен өсүүдө эмесмин*
2 *жак сен өсүүдө эмессиң*
сиз өсүүдө эмессиз
3 *жак ал өсүүдө эмес*

көптүк түрү

1 *жак биз өсүүдө эмеспиз*
2 *жак силер өсүүдө эмессиңер*
сиздер өсүүдө эмессиздер
3 *жак алар өсүүдө эмес*;

3) этиштин жак мүчө менен өзгөрбөй турган форма
Бул группага чакчылдардын кээ бир формалары кирет.

Жогорку айтылгандардын баарын жыйынтыктап келг
кыргыз тилиндеги этиштик формалар синтаксистик ар т
конструкцияга карата бирде жак мүчөсү менен өзгөрсө, б
өзгөрбөйт. Баяндоочтук позицияда чакчылдардын *-ганча*
формасы гана болбосо негизинен этиштин бардыгы жак
менен өзгөрөт[1].

Ушинтип, этиштин жакталышы грамматикалык төмөнкү
менттерден турат: ыңгай, чак, жак, сан. Булардын ичинен „
дикаттык маанини берүүчүлөрү болуп негизинен жак м
этиштин ыңгайлары эсептелет. Анткени, биринчиден, б
доо" болуп түшкөн этиштин бардыгында эле ар дайым чак
маани боло бербейт (мисалы, *сен кел*, *мен жазгай эл*
Экинчиден, чак ыңгайынын өзү жалпы эле этиштин ыңгай
тегориясынын ичине кирет.

Кандай гана кыймыл-аракет болбосун логикалык суб
тарабынан иштелет. Эгерде иш адамга тиешелүү болсо, а
логикалык субъектисин грамматикалык жагынан үч жак ме
эгерде адамдан башкага таандык болсо, үчүнчү жак ме
гана берилет. Ишке катышкан субъект бир же бир канча
лушу мүмкүн. Бирок субъектинин сан маселеси сүйлөмдүн
зүлүшү үчүн негизги шарт болуп эсептелбейт. Экинчи
кыргыз тилинде баяндоочтук позицияда турган сөздөр са
көрсөтүүчү атайын морфологиялык форманттарга ээ эмес. Ж
менен сан бири бирине тыгыз байланышта болгондугуна б

---

[1] Этиштин айрым формасын эсепке албаганда, жогорку келтирил
фактылар кыргыз тилинде жак мүчө менен өзгөрбөй турган этиштин ф
малары жок деп эсептөөгө мүмкүнчүлүк берет. Ошондуктан кыргыз
линдеги этиштерди кээ бир тилдердегидей кылып жак менен өзгөрүүчү ж
жак менен өзгөрбөөчү деп бөлүүнүн зарылдыгы да жок.

ыштуу баяндоочтун жекелик жана көптүгү жак мүчөлөр
онча аныкталат. Башкача айтканда, грамматикалык субъек-
и беттеме ат атоочтордон болгон сүйлөмдө этиш жана
очту предикативдик касиетке ээ кылуучу баяндоочтук мү-
өр, бир жагынан, жакты көрсөтсө, экинчи жагынан, санды да
сөтөт.

Этиштик формалардын ичинен толук жакталышка *-ган*, *-ар*, *ак*, *-чу* кирет. Булардын ар бирине жекече токтолобуз.[1]

Өткөн чактын *-ган* формасынын жакталышы

Этиштин бул формасы аркылуу белгисиз өткөн чак түлөт. *-ган* формасындагы этиш баяндоочтук позицияда турында биринчи эки жагы жак мүчөсү аркылуу айтылат да, үнчү жагы мүчөсүз айтылат.

Этиштин өткөн чагынын бул формасы төмөнкүчө жакталат.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак мен барган-мын, баргамын, баргам*
2 *жак сен барган-сың*
сиз барган-сыз
3 *жак ал барган*

көптүк түрү

1 *жак биз барган-быз*
2 *жак силер барган-сыңар*
сиздер барган-сыздар
3 *жак алар барган (бар-ыш-кан)*

Терс түрү

жекелик түрү

1 *жак мен барбаган-мын, барбагамын, барбагам*
2 *жак сен барбаган-сың*
сиз барбаган-сыз
3 *жак ал барбаган*

көптүк түрү

1 *жак биз барбаган-быз*
2 *жак силер барбаган-сыңар*
сиздер барбаган-сыздар
3 *жак алар барышпаган*

---

[1] Этиштин өткөн чак формаларынын жакталышы Б. Орузбаеванын „Формы прошедшего времени в киргизском языке“ деген эмгегинде да көрсөтүлгөн.

чө „айткам“, „айткаң“ сыяктуу кыскарган формалар ко
лат жана алар этиштин жакталышынын калыптанган
сы сыяктуу болуп эсептелет. Ушинтип, алтай тилин
формалуу этиштин жөндөлүшүндө биринчи жак ган
экинчи жак да кыскарган формада колдонулат; булар
мүчөнүн толук формасы кыскарган форма менен биротоло
шылган десе да болот. Экинчи бир өзгөчөлүк алтай тилинде
кам“, „айткаң“ менен бирге баяндоочтук мааниде „мен
ным“, „сен чыккан-ың (чыкканзың)“ деген формалар да
нулат. Алтай тилинде жогорку конструкциянын мааниси
ренциялуу. Эгерде беттеме ат атооч илик жөндөмөсүз ай
таандык мүчө жалганган сөз—баяндооч: „мен чыкканым“
чыкканмын; „сен чыкканың“—сен чыккансың; эгерде бу
ат атооч илик жөндөмөсү менен айтылса, таандык мүчөгө
ганган сөз ээлик же толуктоочтук милдет аткарат. Мисалы:
жагынан жөнөкөй кыймыл-аракетти эмес, кыймыл-ара
атын же болбосо процессин билгизет. Мисалы: *менин а
ным, сенин айтканың*;

1 *жак мен кел-гем—мен келгенмин*
кел-ген-им
2 *жак сен кел-гең*
кел-ген-иң
кел-ген-зиң
3 *жак ол кел-ген.*

Бул *-ган* формасындагы этиштин жакталышы боюнча
тилинин кыргыз тилинен экинчи бир айырмасы алтай ти
экинчи жактын мүчөсү *-зың* бирде колдонулса, бирде ко
нулбайт. Алтай тили биринчи жактын жекелик түрүнүн
талышы жагынан өзүнө жакын турган тектеш тилдерден а
лат. Эгерде алтай тилинде биринчи жактын жак мүчөсү
толук формасы колдонулбаса, шор тилинде „полгам-полган
менен бирге кыргыз тилиндегидей толук форма да колдону
полганмым (~мын), *полганмын* (~мым). Шор тил
II жак *-зың*: полган-зын. Бирок говорлордо кээде алтай
линдегидей „полган“ формасы да кездешет. Бул боюнча ай
ма мында турат. Алтай тилинде экинчи жак үчүн „чыкк
„чыкканың“ мүнөздүү болуп, *-зың* формасынын колдонулу
милдеттүү болбосо, шор тилинде, тескерисинче, 2 жак ү
-зың мүнөздүү да, „полган“ мүнөздүү эмес.

Алтай жана шор тилиндеги „чыккам“, „полгам“ сыяк
кыскарган форма кыргыз тилиндеги „чыккам“, „болгом“ де
формаларга сырткы жагынан гана окшошпосо, мындагы „
мүчөсү грамматикалык жагынан түрдүүчө. Кыргыз тили
бул—жак мүчө; анын кыскарылышын схема боюнча көрсөтк
дө төмөнкүдөй: *барга(н) мын>баргам(ын)>баргам.*

Бул схемадагы мүчөлөрдүн кашаага алынган элементте
нин түшүшү жөнүндө Б. Орузбаева *-ган* мүчөсүнүн аяккы

ыбышы өзүнүн кийинки „м“ тыбышынын таасири астында түүп калган да, анын („н“ дин) түшүшү менен бирге жак мүөнүн тыбыштык элементи „-ын“ да түшүп калган[1] деп туура өрсөткөн. Бул пикирди Б. Орузбаева кыргыз тилине окшош елген алтай тилиндеги „чыккам“ деген сөзгө да колдонуп, лтай тилиндеги „чыккам“ деген да кыргыз тилиндеги жогорудай кыскаруунун негизинде келип чыккан деген пикирди айат. Ал эми алтай тилинде „чыккам“ менен бирге биринчи актын жекелик түрү үчүн колдонулуучу „-ганым“ формасы өнүндө эчтеке айтпай туруп эле“... вместо ожидаемого „ганын“ возникает сочетание „ганым“ деп бүтүрүп койгон[2]. Бизин пикирибизче, кыргыз тилиндеги „-м“ менен алтай тилиеги „-м“ дин (*чыккам*) кыскарышындагы элементтер бирдей мес. Алтай тилинде атоочтуктун *-ган* формасына жалганган как мүчөнүн (*-мын*) башкы „м“ тыбышынын таасири астында яккы „н“ шор тилиндегидей[3] эрин-эринчил „м“ ге өтүп (*полгамым*), анан жак мүчөнүн башкы „м“ тыбышы (*полганым*), анын таасири астында *-ган* формасындагы „н“ жана ага байланышту жак мүчөдөгү „ы“ да түшүп (*полгам*), алтай жана шор тилдеринде *полгамын*, *полгам* болуп кыргыз тилиндеги таандык жана жак мүчөгө окшоп калышы да мүмкүн.

Ушинтип, алтай жана шор тилдеринде беттеме ат атооч илик жөндөмөсүз айтылган учурда, формалдык таандык мүчө жалганган сөз (*-ган*) баяндоочтук милдет аткарып, өзү болсо жак мүчөнүн ордуна жүрө берет.

Мындай кубулушту кыргыз тилинин материалынан да кездештирүүгө болот. Кыргыз жана башка тилдерде этиштин жакталышынын калыптанган формасы жана атооч менен этиштин предикативдик ролго ээ кылуучу морфологиялык каражат болуп жак мүчөсү (аффикс сказуемости) эсептелердиги белгилүү. Ошенткени менен, алтай, шор тилдериндегидей болуп кыргыз тилинде да таандык мүчө жалганган сөз баяндоочтук милдет аткарат. Бирок бул алтай жана шор тилдериндегидей бардык учурда эмес, тануунун мааниси „жок“ аркылуу берилген учурда гана болот. Мисалы: Бүгүн *мен барганым жок. Мен жазганым жок. Сен* айтылган убакта *келгениң жок* ж. б.. Эгерде беттеме ат атооч илик жөндөмөсүнө коюлса, „жазганым“ жөнөкөй кыймылды эмес, кыймыл-аракеттин процессин же атын билгизип, сүйлөмдө ээлик милдет аткарып калат. Бирок алтай жана шор тилдери менен кыргыз тилинде мындай окшоштук болгону менен, кыргыз тили үчүн таандык мүчө этиштин жакталышынын калыптанган формасы болуп эсептелбейт. Алтай жана шор тилдеринен жогоруда келтирилген

---

1 Кара: Б. О. Орузбаева. Формы прошедшего времени в киргизском языке, 20 бет.

2 Ушул эле китептин 20 бетин кара.

3 Кара: Н. П. Дыренкова. Грамматика шорского языка, 182—183 бет (примечание).

фактылар кыргыз тилинин материалы менен бирге, бир ж
нан, жак мүчөнүн кыскарышын көрсөтсө, экинчи жагынан
атоочтук жак мүчөнүн таандык мүчөгө айлануу процессин
нууга да жардам берет: *мын-(м) ым>-ым.*

Ушинтип, кыргыз тилинде жак мүчөнүн кыскарган фор
биринчи жактын жекелик түрүндө гана кезигет. Экинчи ж
тын жактолышы жагынан көпчүлүк түрк тилдери (кыргыз,
зак, өзбек, башкыр ж. б.) бирдей. Ал эми алтай тили б
бул жагынан алганда да жогорку түрк тилдеринен жана өз
жакын коңшулаш турган шор тилинен да экинчи жактын
келик түрүнүн кыскарышы боюнча айрылат. Мисалы, *сен ч
кан, сен чыккан-ың (чыккансың).* Булар да „чык-кан“, „ч
каныңдын“ кыскарган формасы болуп эсептелет. Ушин
алтай тилинде жак мүчөнүн *-сың* формасынын ордуна кө
лук учурда анын кыскарган түрү „чыккаң“ жана анын тол
раак формасы „чыкканың“ басымдуулук кылса, шор тили
тескерисинче. *-зың* формасы көбүрөөк колдонулуп, „пол
„келгең“ сыяктуу кыскаруулар сейрек келип, кээде (фак
тативно) кондом суусунун боюндагы шорцылардын говору
гана кезигет[1]. Көпчүлүк түрк тилдериндеги буга окшогон к
каруулар экинчи жакта жок.

Көпчүлүк түрк тилдери биринчи жактын көптүк форм
боюнча бирдей (мисалы, *алганбыз, алганмыз* ж. б.). Би
алтай тили бул жагынан да башкача турат. Мында *-ыбыз* ф
масы менен бирге көпчүлүк түрк тилдеринде жана ага конш
лаш жакын шор тилинде болбогон *-ык* формасы да колдо
лат. Мисалы, алтайча бис *чык-кан-быз*, бис *чык-кан-ык.*

Экинчи жак „сен“ (жекелик одоно), „сиз“ (жекелик сыл
болуп айтылгандыгына байланыштуу кыргыз тилинде мү
мүчөсү да эки түрдүү болуп айтылат. Бул жагынан алга
кыргыз тили казак тили менен бирдей. Бирок экинчи жакт
жекелик одоно түрүнүн көптүгү толук жана толук эмес бол
эки формада айтылышы жагынан кыргыз тили казак тилин
айрылат. Казак тилинде мунун толук формасы гана колдон
лат. Кыргыз тилинде экинчи жактын жекелик одоно түрү кээ
-сыңдар болуп толук формада, кээде мындагы *-лар* мүчөсүнү
„л“ тыбышы түшүп *-сыңар* болуп да айтылат. Бирок булард
ичинен кийинкиси адабий тилдик норма катарында кеңири ко
донулат. Мисалы:

силер жазгансыңар,
силер жазгансыңдар ж. б.. Булардын ичинен казак тилин
кийинки толук форма гана колдонулат, бирок аларда экин
жактын одоно түрүнүн көптүк формасы кыргыз тилиндегид
„силер“ эмес „сендер“ болуп толук формада колдонулат. К
бир түрк тилдеринде экинчи жактын көптүк түрү *-зар* (шор
силер шыккан-зар), кээ биринде *ыгар* (алтайча *слер чыкка*

[1] Н. П. Дыренкова. Грамматика шорского языка, 1941, 182 бет.

-ыгар), кээ биринде экинчи жактын көптүк түрү *-ңыгыз* болуп
сылык формада гана колдонулат. Буларда кыргыз тилиндегидей
„сиз“ экинчи жактын жекелик түрү катарында эмес, көптүк
мааниде колдонулат. Мисалы, башкырча *сиз алган-ңыгыз.*
Проф. Н. К. Дмитриевдин пикири боюнча, бул мүчө (*-ңыгыз*)
эки мүчөдөн турат. Биринчи бөлүгү экинчи жактын жекелик
түрүнүн фонетикалык жагынан өзгөргөн түрү болуп эсептелет
(*-ңыг||-ңег<-ңың||-ңен*), а экинчи бөлүгү (*-ыз*) болсо көптүктү
билдирүүчү байыркы форма болуп эсептелет. Кыргыз тилин-
де мындай конструкция этиштик баяндоочтордон кезигет. Ми-
салы, *сиз алгансыңыз*(<*алган-сың-ыз*).

Кыргыз тилинде экинчи жактын сылык түрүнүн көптүк
формасы болуп *-сыздар* эсептелет. Бул дагы экинчи жактын
жекелик түрүнүн сылык формасынын мүчөсү *-сыз* жана *-лар*
болуп эки мүчөнүн кошундусунан турат. Мисалы, *сиздер бар-
гансыздар* ж. б. Үчүнчү жактын өзүнө тиешелүү морфология-
лык жак мүчөсүнүн жоктугуна байланыштуу үчүнчү жак кыр-
гыз тилинде морфологиялык оформлениесиз айтылат. Бирок
көптүк маани *-ыш* мүчөсү аркылуу берилет. Кээде анын кол-
донулбай калган учуру да болот (Бул жөнүндө „Сан катего-
риясын“ кара). *-ыш* мүчөсү үчүнчү жакта көптүк мааниде
колдонулганда унгуга же негизге тикеден тике жалганат да,
андан кийин *-ган* мүчөсү жалганат. Мисалы, *алар келишкен||
алар келген.* Булар мааниси жагынан бир, бирок оттеноктору
башкача. Көпчүлүк түрк тилдеринде үчүнчү жактын көптүк
мааниси үчүн *-лар* мүчөсү колдонулат Мисалы, алтайча *олор
келген, олор келгендер*; өзбекче *улар келгенлер* ж. б.

Кыргыз тилинде этиштин *-ган* формасына *-дыр* (<*тур*(*ур*)
мүчөсү кошулуп, күдүк өткөн чак түзүлөт. Күдүк өткөн чак
да жак мүчөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. Мунун жак-
талышында эч кандай өзгөчөлүк жок.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак*	*мен барган-дыр-мын*
2 *жак*	*сен барган-дыр-сың*
	сиз барган-дыр-сыз
3 *жак*	*ал барган-дыр*

көптүк түрү

1 *жак*	*биз барган-дыр-быз*
2 *жак*	*силер барган-дыр-сыңар*
	сиздер барган-дыр-сыздар
3 *жак*	*алар барышкан-дыр*

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен барган дыр-мын*
2 *жак* *сен барган-дыр-сың*
сиз барган-дырсыз
3 *жак* *ал барган-дыр*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барган-дыр-быз*
2 *жак* *силер барган-дыр-сыңар*
сиздер барган-дыр-сыздар
3 *жак* *алар барышпаган-дыр*

Арсар келер чактын жакталышы

Атоочтуктун *-ар//-ер* формасы баяндоочтук позицияда кыймыл-аракеттин болушун арсар кылып көрсөтөт да, жак менен толук формасы боюнча өзгөрөт. Мааниси жагынан келечекте боло турган же болбосо затка жалпы эле мүнөздөнгөн кыймылды (белгини) билгизет.

Жакталыш схемасы төмөнкүчө:

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен барар-мын*
2 *жак* *сен барар-сың*
сиз барар-сыз
3 *жак* *ал барар*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барар-быз*
2 *жак* *силер барар-сыңар*
сиздер барар-сыздар
3 *жак* *алар барар*
(*барышар*)

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен барбас-мын*
2 *жак* *сен барбас-сың*
сиз барбас-сыз
3 *жак* *ал барбас*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барбас-пыз*
2 *жак* *силер барбас-сыңар*
сиздер барбас-сыздар
3 *жак* *алар барышпас*
(*барбас*).

Кыргыз тилиндеги этиштин арсар келер чак формасы толук сакталуучу этиштик формалар менен жак мүчөлөрү боюнча ч кандай айырма жок экендигин келтирген схемалардан көүүгө болот.[1]

Түрк тилдери арсар келер чак (кээ биринде учур ак үчүн да колдонулат) формасынын фонетикалык эволюция- ы боюнча бирдей эмес. Көпчүлүк түрк тилдеринде кыргыз, азак, өзбек, алтай ж. б. арсар келер чактын тескери формасы *бас* болуп эң кийинки баскычы сакталса, кээ биринде (кара- ай балкар, турция) *-маз/-мез* болуп ортоңку баскычы сак- алган. Орхон-енисей эстеликтеринде да „з“: *билмаз* (Мелио- анский). Ал эми үчүнчү бирөөлөрүндө (түркмен, азербайжан илинде) анын баштапкы формасы „р“ сакталган. Мисалы, түрк- енче[2]:

1 *жак* *бар-ма-р-ын*
2 *жак* *бар-ма-р-сың*
3 *жак* *бар-ма-р*

„р“ тыбыш менен „з“ тыбышынын алмашышы түрк тилинде ана эмес, кыргыз тилинин өзүнөн да кезигет. Мисалы: *аткар—атказ, откор—откоз, өткөр өткөз* ж. б.. Кийинки мисалдарга караганда тыбыштардын фонетикалык алмашуусу да сөз жасоо ролун ойнойт деп эсептөөгө болот. Белгилүү өлчөмдө „р“ тыбышы менен „з“ нын алмашуусу байыркы түрк тилдери менен азыркы тилден да кезигет. Мисалы, азыркы түрк тилдериндеги таңгыч мүчө *-сыз* байыркы түрк тилдеринде *-сыра* формасында да кезигет: *„кагансыратмыз“*[3] ж. б.

---

1 Мындагы көңүл бура турган нерсе—закондуу түрдө *„барбармын“* дегендин ордуна „барбасмын“ формасынын бардыгы. Тескери форма түзүлгөн учурда келер чактын формасы -(а) р > з > с тыбышына өтүп кеткен. Тарыхый жагынан алганда мындагы „с“ тыбышы „з“ нын каткаланга өтүшүнөн, ал эми „з“ болсо арсар келер чакты уюштуруучу „р“ тыбышы менен алмашуунун натыйжасында (в результате чередования „р//з(с)“) пайда болгондугу белгилүү.

2 Н. А. Баскаков. Об особенностях говора северо-кавказских турхменов. Языки Северного-Кавказа и Дагестана. Сб. Лингвистических исследований, вып. II, 1949, 152.

3 С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, М—Л., 1951, 30 бет (16).

П. М. Мелиоранский. „Памятник в честь Кюль-Тегина“ деген эмгегинде орхон-енисей эстеликтеринде -сыра менен бирге -сыз мүчөсү да

„р“ менен „з“ тыбышынын алмашышы монгол тили менен
тилдеринде да жана кээ бир түрк тилдери менен чуваш
деринде да болот. Бурят-монголчо *эхир*—кыргызча *эгиз*,
голчо *бор*—кырг. *боз*, монголчо *үкер*—кырг. *өгүз*, бурят-
өөрө—кырг. *өз* (ат атооч); чувашча *жалтар*—кырг. *жы*
чув. *хер* I—край; 2—хер—калиться, закалиться, накаливать
кырг. *отко кызаруу* (<*кыз+ар*); салыштыр *кызыл* (<*кыз-*
жашыл (<*жаш-ыл*); 3—дочь—кырг. *кыз*. ж. б.

Бул келтирилген материалдарга окшогон фактылар
тилдерин изилдөөчүлөргө атоочтуктун *-ар* формасынын
кери түрүнүн фонетикалык эволюциясы жөнүндө жогорк
пикир айтууга мүмкүнчүлүк берген.

Кээ бир түрк тилдеринде тескери *-ба*, *-ма* мүчөлөр
кийин келүүчү *р~з~с* тыбыштары таптакыр сакталбай ка
Башкыр жана турция тилдеринин биринчи жагында иш у
дайча болгон жана ал тилдердин биринчи жагында жак м
нүн башкы элементи „м“ тыбышы гана калган. Мисалы,
кырча *ал-ма-м*, турцияча *окумам*—кыргызча *окубасмын*,
басмын. Ушинтип, кыргыз тили арсар келер чактын тес
формасынын эволюциялык өсүшү боюнча эң кийинки бас
та „с“ болгону менен, анын жакталышындагы жак мүчөнүн
быштык комплексин толук сактап кала алган. Жогорку
сөтүлгөн эки тилден кыргыз тили бул жагынан да айры

Атоочтуктун $\frac{\text{-ар}}{\text{-ер}}$ формасына байланыштуу дагы бир нерсени
кетүү керек. Атоочтуктун „р“ формасынын кең үндүү ме
келген түрү кыргыз тилинде дайыма келер чак үчүн колдо
лат да, кууш үндүү менен келгени азыркы учур чак үчүн к
донулат. Кийинки мааниде атоочтуктун бул түрү *жат*, *т*
отур, *жүр* деген төрт этиште колдонулат. Башка этиштер
булардын айырмасы—өзүнчө туруп азыркы учур чакты т
гөндүгү. Жогорку төрт этиштин учур чакты билгизгенд
формасы болуп *жатыр*, *турур*, *отурур* жана *жүрүр* эсеп
лет. Булардын мындай толук формасы байыркы түрк тилде
нен жана азыркы кээ бир түрк тилдеринен да кезигет. Ми
лы, байыркы уйгурча: „...төрте эрклиг кан *олурур*“ (кырг.
туру, олтурат), *турур эркен* (кырг. туру) ж.б. Азербайжа
ол далдада *дурур* (кырг. ал далдада туру).

кезигет: сансыз, тонсыз, бунсыз ж. б. -сыз мүчөсү менен -сы
мүчөсүнүн генетикалык жагынан жакындыгы жогоркудай лингвистикал
жол менен гана эмес, мааниси жагынан да жакындашат. Бул жөнүндө пр
П. Малиоранский мындай дейт: Бул мүчө (-сыра—С. К.) казак тилинен к
тирилген сөздөгү сыяктуу эле жеке (приватное) маанини билгизет. Ошент
„каңсыра“, „каганла (становится ханом)“ деген сөзгө карама-каршы хан
жоготуу (терять хана), кансыз калуу (обезханить) дегенди билгизет.. С
дөрдүн -сыра аркылуу жасалышын мен жоктукту, тангандыкты билгиз
чү -сыз мүчөсү менен жакындаштыргым келет. -сыра мүчөсү -сыз+
дан да келип чыгышы мүмкүн же болбосо мында „р“ жөн эле „з“ дан
салган дейт (36—37 бет).

Кыргыз тилинде жогорку төрт этиштин ичинен „жат“ деген
ардамчы этиште гана атоочтуктун формасы толук сакталган.
исалы, *үйдө жатыр*. Калган үчөөндө атоочтуктун „р“ ты-
шы түшүп, үндүүсү гана калган. Бирок тыбыштык комплек-
нин өзгөргөнүнө карабастан аларда азыркы учур чакты бил-
ришет. Мисалы: *үйдө жүрү*, *алдагы жерде туру* ж. б. (Бул
иштер жөнүндө „учур чактын жакталышы“ деген темада
лугураак айтылат.)

Айкын келер чактын жакталышы

Этиштин айкын келер чагы кыймыл-аракеттин жалпы эле
оло тургандыгын же болбосо, анын сүйлөнгөн мезгилден ки-
ин боло турганын көрсөтөт да, төмөнкүчө жакталат.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен бара-мын*
2 *жак* *сен бара-сың*
сиз бара-сыз
3 *жак* *ал барат.*

көптүк түрү

1 *жак* *биз бара-быз*
2 *жак* *силер бара-сыңар*
сиздер бара-сыздар
3 *жак* *алар барышат.*

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен бар-ба-й-мын*
2 *жак* *сен бар-ба-й-сың*
сиз бар-ба-й-сыз
3 *жак* *ал бар-ба-й-т*

көптүк түрү

1 *жак* *биз бар-ба-й-быз*
2 *жак* *силер бар-ба-й сыңар*
сиздер бар-ба-й-сыздар
3 *жак* *алар бар-ыш-па-йт.*

Кыргыз тилинде айкын келер чак толук эмес форма менен
да колдонулат. Мисалы: *бара-мын*, *бара-м* ж. б. Тилдеги айрым
фактыларга караганда кийинки куб үш катарында пайда бол-

гон жакталыштын толук эмес формасынын келечеги ке
эсептөө керек.

Кыргыз тилиндеги келер чак, кээ бир түрк тилдеринде
келер чактын „барамын“ сыяктуу азыркы формасы та
жагынан татаал формалардын кыскарган түрү болуп эсеп
*бара (турур// турар) ман; бара (турур// турар) сы
рат// барады (< барадыр < барадур < бара турур)*. Бул
цесстин калдыгы азыркы уйгур жана алтай тилдеринде с
ган. Мисалы: уйгурча *барадурман, барадурсан, бар*
алтай тилинде бул „тур“ деген этиштин атоочтук фо
(турур) дан „т“ элементи гана сакталган: *бар-а-д-ым, (л
д'-ың, бар-а-т* ж. б. Бизде бул „т“ үчүнчү жакта гана
талган.

Өткөн чактын *-чу* формасынын жакталышы

Бул *-чу* мүчөсү аркылуу кыймыл-аракеттин кайта
аркылуу узакка созулган же болбосо адатталган маани
өткөн чактын формасы түзүлөт. Бул формадагы этишт
баяндоочтук позицияда турганда жак мүчөсүнүн толук ф
сы боюнча өзгөрөт. Мисалы:

Оң форма

жекелик түрү

1 жак мен барчу-мун
2 жак сен барчу-сун
сиз барчу-суз
3 жак ал барчу

көптүк түрү

1 жак биз барчу-буз
2 жак силер барчу-сунар
сиздер барчу-суздар
3 жак алар барышчу

Терс форма

жекелик түрү

1 жак мен барчу эмесмин
2 жак сен барчу эмессиң
сиз барчу эмессиз
3 жак ал барчу эмес.

көптүк түрү

1 жак биз барчу эмеспиз
2 жак силер барчу эмессиңер
сиздер барчу эмессиздер
3 жак алар барышчу эмес.

Өткөн чактын *-чу* формасынын тескери түрүнүн берилиши
нүндө кыргыз тилчилеринин арасында бирдиктүү пикир жок.
А. Батманов жана Б. Орузбаева мунун тескери формасы
ес“ жана *-ба* мүчөсү аркылуу берилет[1] деп көрсөтүшөт:
чумун, барбачумун. И. А. Батманов кыргыз тилинде өткөн
ктын *-чу* формасынын *-ба* мүчөсү аркылуу берилген терс
үү сейрек колдонуларын эскертет. Менимче, сейрек турмак
келтирилген *барбачумун, жазбачумун* деген мисал-
жасалма. Кыргыз тилинде ушу сыяктуу эле *-чы* мүчөсү
кылуу буйрук ынгайда сен *жазчы, келчи* болуп жумшар-
лган буйрук катарында колдонулуучу формалар да бар.
рок мындагы *-чы, -чу* мүчөлөрү менен өткөн чакты уюштуучу *-чу* мүчөсүнүн эч байланышы жок. Ошондуктан өткөн
ктын *-чу* формасынын таңгыч мааниси „эмес“ деген жардам-
сөз менен гана аналитикалык жол менен берилет деш оң.
ак мүчө баяндоочтун составдык элементи болгон „эмес“ ке
лганат. „Эмес“ эч убакта жөнөкөй этиш менен айтылбайт.
баяндоочтук позицияда турган атооч же болбосо атоочтук
сиетке ээ болуучу этиштик формалар менен гана колдонулат.
л жагынан алганда өткөн чактын *-чу* формасын башта атооч-
к касиетке ээ болгон сөз катарында кароого туура келет.

Өткөн чактын *-чу* мүчөсү этиштик уңгуга же негизге ти-
ден тике жалганат. Кээде *-оо, -уу* мүчөлөрү аркылуу уюлган кыймыл атоочтун толук формасына, кээде анын бир
су түшүп калган формасына да жалганат, бирок бардык
урда алар баяндоочтук позицияда турганда жак мүчөнүн
лук формасы аркылуу өзгөрөт. Мисалы: *туручу, туруучу*
. б.

Адабий тилдеги өткөн чактын *-чу* формасы көптүктүн би-
нчи жагында, Б. Орузбаеванын байкоосуна караганда,
сык-Көл областынын чыгыш бөлүгүндө сейрек түрдө *-чук*
ормасында да кезигет. Кыргыз тилиндеги *-чук* формасына
нетикалык жагынан байланышы бар формалар башка түрк
лдеринен жана монгол тилдеринен да кездешет. Б. Орузаева тарабынан келтирилген фактыларга караганда, кыргыз
линдеги *-чук* өткөн чактын жана биринчи жактын көптүк
үрүнүн маанисинде колдонулат. Башкача айтканда, граммати-

---

1. Н. К. Баскаков. Ногайский язык и его диалекты. М. Л., 93 бет.

1 И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III, 51 бет, Орузбаева. Формы прошедшего времени в киргизском языке, 37, бет.

калык бул эки маани бир эле формант аркылуу бери
рыхый жагынан мунун составындагы *-к* көптүктүн м
болушу мүмкүн. Бирок азыркы кыргыз тилинде *-чук* со
элементтерге бөлүнгүс морфема катарында колдонулат
мүчө менен өзгөрбөйт. Мисалы: Мен кичине кезде аба
луп жылыга жайлоого *чыкчук*. Көп балдар болуп чогу
рып, карагайдан сагыз *алчук*. Биз жайлоога чыгып ж
абам экөөбүз Каркыранын жарманкесине *барчук*.[1]

Башка түрк тилдеринде *-чук* формасы кыргыз тилин
эле этиштин чагын көрсөтүүчү формант катарында кыз
лат, бирок алардын жагы жана жекелик, көптүк түрү
дүн ээсине карата түрлөнүп, морфологиялык оформление
айтылат.

Б. Орузбаеванын эмгегинде *-чук* формасы Ысык-К
ластынын күн чыгыш бөлүгүндөгү бардык эле уруунун
дөрүнөнбү же болбосо белгилүү гана уруунун өкүл
кезигеби бул маселе көрсөтүлбөгөн. Ушу сыяктуу эле
түлгөн территорияда адабий тилдеги *-чу* + *буз* менен
анын башкы формасы *-чук тун* сакталып калуу себеби
сөтүлбөгөн. Автор башка кээ бир түрк тилдеринде
түрдө колдонулуучу форманын кыргыз тилинде калды
рында *-чук* формасында сакталып калышын белгилөө
гана чектелип, ага байланыштуу болгон жогоркудай
маселелерге токтолгон эмес. Ал эми эмне үчүн башка т
де *-чук* формасы баяндоочтук позицияда жак мүчөсү
айтылат да, кыргыз тилинде айтылбайт деп законду түр
рилүүчү суроо-*чук* мүчөсү менен байланышта кар
тийиш. Бир жагынан, Б. Орузбаеванын материалынын ж
сиздигинен, экинчи жагынан, *-чук* формасына тиешелүү
нимдүү материал өзүбүздүн колубузда жоктугунан ж
сурооого так жооп берүү кыйын. Бирок, ошондой болсо д
формасынын тыбыштык комплексинин составынан „к“ ты
түшүп, кыргыз тилинде ал *-чу* формасына айланып, *-чук*
со ошол эле мааниде анын архетиби катарында элдик
речте сейрек болсо да сенек формада сакталып калган[2].
тирилген материалдарга караганда *-чук* тун составында
кээ бир түрк тилдеринде (хакас, тува) жактык баштапкы
нисинен *-чу*'нун составдык элементине айланып, башка
мүчөлөрдү кабыл алышы мүмкүн. Экинчи бирөөлөрүндө (
гыз) болсо *-чу* мүчөсүнө кошулуп сенек формада чак
жак маанисинде колдонулуп калып, ошондуктан ага жак
лөрүнүн жалганбай калышы мүмкүн дөп болжолдоого
Этиштин өткөн чагынын *-чу* формасы баяндоочтук
цияда „бол“ деген этиш менен да айкашып айтыла

[1] Келтирилген мисалдар Б. Орузбаеванын жогоруда аталган эмг
алынды.

[2] Ушу сыяктуу пикир жогорку эмгекте да айтылган.

дай учурда бул эки компонент биригип составдык баян-
ту түзөт да, „бол“ анын связкалык бөлүгү болуп эсепте-
жак мүчөлөрү толук эмес формада „бол“ го жалганат.
алы:

мен барчу болдум,
сен барчу болдуң ж. б. Мындай форма маа-

и жагынан дайыма болгон кыймыл-аракетти өткөн чактын
ектисинде көрсөтөт. Эгерде *-чу* мүчөсү жалганган этишке
кери формада турган „бол“ деген жардамчы этиш кошулуп
ылса, келечекте болуучу кыймыл-аракет жөнүндө эскер-
катарындагы айтылган маани берилет. Мындай учурда
морфологиялык оформление аяккы компонентке (бол го)
лганат; баяндоочтун жагы өздөрүнө уланган мүчөлөр жана
лөмдүн ээлери аркылуу белгилүү болот:

мен *барчу болбоюн*
сен *барчу болбогун*
ал *барчу болбосун* ж. б.

Связкалык милдет аткаруучу жардамчы этиш „бол“-*чу* фор-
ындагы составдуу баяндоочто чоң роль ойнойт. Муну жар-
мчы этиш „бол“ го байланыштуу болгон төмөнкү конструк-
ядан көрүүгө болот.-*чу* мүчөсү жалганган жардамчы этиш
ол“ атоочтуктун „элек“ формасы менен айкашкан учурда
ймыл-аракеттин иш жүзүнө аша электиги сүйлөөчү тара-
нан өткөн чактын аспектисинде көрсөтүлөт. Мында да жак
чө „болучу“ формасындагы компонентке жалганат. Мисалы:

мен *бара элек болучумун*,
сен *бара элек болучусуң* ж. б.

ындагы „элек“ ти көптүк мүчө *-к* жалганган „эле“ нин „элек“
рмасы менен чаташтырууга болбойт. Биринчи „элек“ чак-
лдардын $\frac{-а}{-е}$ й формасы менен бирге айтылып, атоочтуктарды
зөт. Анын башкы формасы болуп $\frac{-галак}{-гелек}$ эсептелет. Мисалы,
орчо *паргалак*, *келгелек* — кыргызча *бара элек*, *келе элек*
. б. Ал эми экинчи „элек“ болсо „эле“ деген жардамчы этиш-
н көптүк түрү болуп эсептелет; ал генетикалык жагынан
ди //*эде*, *экен*, *эмес*, *эмиш* деген жардамчы этиштер менен
айланыштуу, түпкү уңгусу жагынан байыркы убактагы „эр“
быть) ден келип чыккандыгы белгилүү: *эди*// < *эде* (< *эрти*),
кен (< *эркен*), *эмес* (< *эрмес*), *эмиш* (< *эрмиш*)[1].

[1] Атоочтуктун „элек“ формасы ушул убакка чейин кыргыз тили боюнча
пчүлүк жазылган грамматикалардан өз ордун ала албай келе жатат. Ал
атоочтуктун башка формалары сыяктуу өз ордун ээлөөгө тийиш

Өткөн чактын -ып жана -ыптыр формасынын жакт

Бул-*ып* жана-*ыптыр* мүчөлөрүнүн этишке жалганы кылуу өткөн чак түзүлөт. Мектеп грамматикаларын формадагы этиштер капыскы өткөн чак деп аталат. -ы *ыптыр* формаларынын берген маанилерин кыргыз ти „капыскы“ өткөн чак деген термин толук бойдон к ала албайт. Ошондуктан мунун термини да такталуу лап кылат. Өткөн чактын бул түрүнүн мүчөлөрү-ы *тыр* жана бул кийинки мүчөнүн тыбыштык комплекси тыбышы түшүп-*ыпыр* болуп кыргыз тилинде үч түрдү мада айтылат.[1] Бүткөн сүйлөмдүн баяндоочунун ме аткарган учурда,-*ып*,-*ыпыр*,-*ыптыр* формасындагы эти толук формадагы жак мүчөлөр жалганып айтылат.

I) -*ып* формасынын жакталышы

Оң форма

жекелик түр

1 *жак мен барыпмын*
2 *жак сен барыпсың*
сиз барыпсыз
3 *жак ал барыптыр*

көптүк түр

1 *жак биз барыппыз*
2 *жак силер барыпсыңар*
сиздер барыпсыздар
3 *жак алар барыптыр*

Терс форма

жекелик түр

1 *жак мен барбапмын*
2 *жак сен барбапсың*
сиз барбапсыз
3 *жак ал барбаптыр*

көптүк түр

1 *жак биз барбаппыз*
2 *жак силер барбапсыңар*
сиздер барбапсыздар
3 *жак алар барбаптыр.*

[1] Б. Орузбаеванын аталган эмгегинин 30 бетин кара.

2) -*ыптыр* формасынын жакталышы

Оң форма

жекелик түр

1 *жак мен барыптырмын*
2 *жак сен барыптырсың*
сиз барыптырсыз
3 *жак ал барыптыр*

көптүк түр

1 *жак биз барыптырбыз*
2 *жак силер барыптырсыңар*
сиздер барыптырсыздар
3 *жак ал барыптыр*

Терс форма

жекелик түр

1 *жак мен барбаптырмын*
2 *жак сен барбаптырсың*
сиз барбаптырсыз
3 *жак ал барбаптыр*

көптүк түр

1 *жак биз барбаптырбыз*
2 *жак силер барбаптырсыңар*
сиздер барбаптырсыздар
3 *жак алар барбаптыр*

3) -*ыпыр* формасынын жакталышы

Оң форма

жекелик түр

1 *жак мен барыпырмын*
2 *жак сен барыпырсың*
сиз барыпырсыз
3 *жак ал барыпыр*

көптүк түр

1 *жак биз барыпырбыз*
2 *жак силер барыпырсыңар*
сиздер барыпырсыздар
3 *жак алар барыпыр*

1ерс форма

жекелик түр

1 *жак* *мен барбапырмын*
2 *жак* *сен барбапырсың*
сиз барбапырсыз
3 *жак* *ал барбапыр*

көптүк түр

1 *жак* *биз барбапырбыз*
2 *жак* *силер барбапырсыңар*
сиздер барбапырсыздар
3 *жак* *алар барбапыр.*

Бул-*ып*,-*ыпыр* жана -*ыптыр* мүчөлөрү өткөн чакты туруучу мүчө болуп эсептелет. Бул жалганган этиште нөкөй сүйлөмдүн же болбосо кошмо сүйлөмдүн соста жак мүчөлөрү жалганып, бүткөн баяндооч болуп кызма лат. Бирок булардын ичинен -*ып* мүчөсү жалганган эт функциясы кең. Ал багынычтуу кошмо сүйлөмдө да, ба сыз кошмо сүйлөмдө да баяндоочтук милдет аткарат. кийинки эки формадагы этиш мындай касиеттерге ээ э

Бүткөн сүйлөмдүн баяндоочтук милдетин аткарган чактык маанини -*ып* билдирет. Ошондуктан кээ бир ок туулар чакчылдарды чактык маанеси боюнча классифи лашып, аны чакчылдардын өткөн чак формасы деп а Мындай көз караш жалаң гана кыргыз тили боюнча жаз грамматикаларда эмес, тектеш башка кээ бир тилдердин матикаларынан да кездешет. Чактык маани деепричаст айрым формалары аркылуу берилгендигине карап, кыргы теп грамматикаларында орусча деепричастие — чакч деп аталган; бул термин жана деепричастиени чак боюнча сификациялоо да туура эмес. [1]

Чакчылдардын-*ып* формасы көпчүлүк түрк тилдерин гону менен, кыргыз, казак, өзбек ж. б. тилдегидей бүткөн сүйлөмдүн баяндоочу болуп эсептелбейт. Демек жагынан алганда түрк тилдери -*ып* формасындагы эти дин жакталышы боюнча бирдей эмес деп эсептөөгө бол

Кыргыз тилиндеги жогорку көрсөтүлгөн үч форманын -*ыпыр*,-*ыптыр*) ичинен кийинки эки формасы тарыхый нан алганда морфологиялык составы жагынан туунду эсептелет. Булардын морфологиялык биринчи элементи б кы түрк тилдеринин эстеликтеринен да кезигет. Мисалы, (кырг. деп).

---

[1]. Бул жөнүндө „Мугалимдер газетасынын“ 1955 жылкы 30 апр санын кара.

Өткөн чактын -*ып* формасы жакталган учурда мүчөнүн шкы структурасы өзгөрүүлөргө учурайт. Так айтканда, бинчи жана экинчи жакта баяндоочтук мүчө -*ып* формасына же жалганса, үчүнчү жактын эки түрүндө тең -*ып* тан кийин *ыр* элементи пайда болот. Муну кыргыз, казак, өзбек тилринен байкоого болот. Булардын кийинки экөөндө -*тыр* мүсү толук формада да, же уйгур тилиндегидей болуп кыскарн формада да -*ыптыр* же -*ыпты* болуп биринчи эки жакта зикпегени менен -*ып* формасынын жакталышында үчүнчү акта гана-*ыпты* болуп кездешет.

Кыргызча:

мен барып-мын
сен барып-сың
ал бар-ып-тыр.

Өзбекче:

мен уки-б-ман
сен уки-б-сан
у уки-п-ти.

Казакча:

мен алып-пын
сен алып-сың
ол алып-ты.

Өткөн чактын -*ыптыр* формасын кийинки мезгилдеги болон кубулуш деп кароого керек. Анткени мунун составында -*тыр* элементи тарыхый жагынан „тур“ деген этиш атоочуктун $\frac{\text{-ар}}{\text{-ер}}$-р формасындагы калыбынан кыскарган түрү болуп септелет.[1]

Мисалы, *барыптырмын* (<*бар-ып тур* (- *ур*) - *ман*). -*тыр* үчөсүнүн тыбыштык комплекси бардык эле түрк тилдеринде бирдей даражада сакталбаган. Кээ бир тилдерде толук формада олдонулса, кээ биринде толук эмес формада сакталып калган. Мисалы: I кыргызча *барыптырмын*,

түрхменче *барыптыр-ын*,

II казакча *битирипти*

уйгурча *килипти* болуп, бул тилдерде -*тыр* мүчөсүнүн „р“ тыбышы түшүп калган. Ал эми кээ бир түрк тил-

---

1) Н. А. Баскаков Об особенностях говора северо-кавказских турхменов. Языки Северного Кавказа и Дагестана, Сб. Лингвистических иссследований, 2, 1949, 153 бет.

деринде *-ыптыр* мүчөсүнүн составындагы *-тыр* элемен
талбай калган, мисалы, алтай, шор, башкыр ж. б.

Уйгур тилинде да жогоркудай болуп *-ипти* жана *-ы*
мүчө болуп өткөн чактын бул формасы эки түрдүү бол
донулганы менен, кыргыз тили менен уйгур тилиндеги
чактын формасынын ортосунда айырма бар. Уйгур т
-ипти элементи бардык жак боюнча колдонулбастан, б
жана үчүнчү жакта болот да, экинчи жакта *-ти*, *-ту* э
түшүп, жак мүчө *-ып* формасына тике жалганат. Ал эм
гыз, түркмен тилинде болсо *-ыптыр* мүчөсү үч жакта т
донулат. Мисалы, уйгурча

мән килиптимән
сән килипсән
у килипту
биз килиптимиз
килиптук
с(и)лә(р) килипсла
ула(р) килипту.

В. В. Радловдун „Образцысынын“ V томунда-*ыптыр*
чөсү менен бирге анын казак тилиндегидей болуп кыс
-ыпты формасы да кезигет: *келипти*, *барыпты* ж. б. Бул
шогон фактыга карап, кыргыз тилинин кээ бир изилдөөч
„этот момент еще раз локазывает, что в XIX в. два вар
этой формы были характерным явлением для киргиз
языка“[1] деп XIX кылымда (1862, 1869) кыргыз тилинде
тыр менен бирге *-ыпты* формасы да жашаган деп далил
аракеттенишет. В В. Радловдун V томунда жогоркуга с
гон азыркы кыргыз тилинде кезикпеген айрым грамматик
формалар жана фонетикага байланыштуу болгон матери
бар. Мисалы:

й (ж): эпчи *йакта*, эр *йакта* 244 бет
ш (ч): *айшыгы* алтын туу экан 326.
-ады: эмчагим ийип *кетеди* 459.
Кабылан тууган Алманбет
Көкчө жакка *барады* 8.
-ның: *менің* мойлом ой ейлек
Сакалым *менин* кой елек 10.
-лар: *кондулар*, *турдулар*. *миноилер*, *кеттилер*.

XIX кылымда кыргыз тилинде ушунун баары эле болгон,
рок кийин тигил же бул себептер менен жоюлуп кеткен
болбосо башкага өтүп кеткен деп эсептөөгө болобу?! Ме
че, болбойт жана В. В. Радловдун Кыргызстанга келген
гилинде *-ыптыр* менен бирге *-ыпты* формасы да жаш
деген Б. Орузбаеванын пикири да негизсиз. Биринчиден,
дин негизин, маңызын түзгөн грамматикальк түзүлүш

[1] Б. Орузбаеванын жогоруда айтылган эмгегинин 33 бетин

гизги сөздүк фондусу кыска убакыттын ичинде эле өзгөрүп
тиши же болбосо анын айрым элементтеринин жоюлуп ке-
ши мүмкүн эмес; экинчиден, Кыргыз тилинде XIX кылым-
ын орто ченинде чын эле эки форма жашаган болсо,-*ыптыр*
үчөсү эмес, азыр кийинки мезгилдеги анын кыскарган фор-
асы *ыпты* сакталышы керек эле. Кыскасын айтканда, жогор-
учулап Радловдун тушунда азыркы кээ бир мүчөлөрдүн „эки
рү жашаган“ экен же болбосо кыргыз тилинде ошол кезде
өз башында „й“ тыбышы колдонулуп, кийин ал „ж“ тыбы-
ына өткөн экен деп кароодон көрө. менимче, В. В. Радлов-
ун айтуучусу кыргызга территория жагынан жакын турган
үрк элдеринин (казак, өзбек) тилинин айрым элементтерин ара-
аштырып сүйлөгөн адам болушу мүмкүн, же болбосо В. В. Рад-
ов кыргыз тилинен жыйналган материалдарды талдаган учурда
ын ичиндеги өзүнө түшүнүксүз же болбосо так эмес жазылган
ыргыз тилиндеги кээ бир грамматикалык формаларды башка
лдерге чалып жазып коюшу мүмкүн деп божомолдоо чын-
ыкка жакын болор эле.

Этиштин -мак,-макчы формасынын жакталышы

Бул-*мак* жана-*макчы* мүчөлөрү аркылуу ниет ынгай (фор-
а намерения) [1] түзүлөт. -*мак* мүчөсү аркылуу атоочтук жана
акчылдар сыяктуу эле этиштин туунду формаларынын бири
олгон кыймыл атооч да түзүлөт.-*мак*, -*макчы* мүчөлөрү аркы-
уу түзүлгөн сөздөрдүн ичинен кыймыл-аракеттин атын же
олбосо процессин билгизгендери кыймыл атооч болуп эсеп-
елет. Булар атоочтуктар сыяктуу эле этиштик жана атооч-
ук касиетке ээ. Мисалы: *Найза саймак—эрдиктен*,
т жоорутмак—тердиктен ж. б.

-*мак* формасындагы этиштер кыймыл-аракетти билгизип,
үткөн сүйлөмдүн баяндоочу катарында колдонулганда, булар-
а жак мүчөлөрүнүн толук формасы жалганат. Алардын жак-
алыш схемасы төмөнкүдөй.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак*	*мен бармак-мын*
2 *жак*	*сен бармак-сың*
	сиз бармак-сыз
3 *жак*	*ал бармак*

көптүк түрү

1 *жак*	*биз бармак пыз*
	силер бармак-сыңар
2 *жак*	*сиздер бармак-сыздар*
3 *жак*	*алар барышмак*

[1]. Башка термин боюнча „долженствовательное наклонение“.

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен бармак эмесмин*
2 *жак* *сен бармак эмессиң*
сиз бармак эмессиз
3 *жак* *ал бармак эмес.*

көптүк түрү

1 *жак* *биз бармак эмеспиз*
2 *жак* *силер бармак эмессиңер*
сиздер бармак эмессиздер
3 *жак* *алар барышмак эмес.*

Этиштин *-мак* формасынын *-чы* мүчөсү менен келгенде жак мүчөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. *-мак -макчы* формасынын ортосунда ниетти билдирүү жагынан айырма жок. Экөө тең кыймыл-аракеттин аткарылышы үчүн алынган ниетти көрсөтөт. Этиштин *-мак*,*-макчы* формасы кыймыл-аракеттин келечекте иштелүүгө тийиш экендигин көрсөтүү үчүн түрк тилдеринин кээ бир изилдөөчүлөрү аны „сатты келер чак“ [1] деп да аташат:

1 *жак* *мен жазмакчы-мын*
2 *жак* *сен жазмакчы-сың*
сиз жазмакчы-сыз
3 *жак* *ал жазмакчы* (Ниет этиштин *-чы* формасы да *-мак* формасы сыяктуу эле жакталганду анын жакталышынын парадигмасына токтолуунун зары жок). Мунун терс формасы да „эмес“ деген жардамчы с кылуу берилет. Бирок „этиш + *мак* + *эмес*“ формасына ганда „... + *макчы* + *эмес*“ формасы аз колдонулат. *-макчы* формасынын терс түрүнүн жардамчы сөз „эмес“ берилиши башта анын кыймыл атооч сыяктуу мүнөздө экен көрсөтөт.

Бул-*мак*,*-макчы* формасынын жогорку көрсөтүлгөн луу схемасы көпчүлүк түрколог дордун пикири боюнча учур чагы болуп эсептелет[2]. А. Н. Кононовдун термин юнча азыркы келер чак.

Этиштин бул формасынын өткөн чагы-*мак*,*-макчы* сындагы этишке „бол“ же болбосо „экен“, „эле“ деген

---

[1]) Казіргі казак тілі, 15 бет.
[2]) Н. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III, В. М. Насилов. Грамматика уйгурского языка, Москва 1940. А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 196 бет.

мчы этиштердин айкалышы аркылуу түзүлөт (бул жөнүндө кен“, „эле“, „эмес“ менен башка этиштердин айкалышы жөндөгү бөлүктү кара).

Этиштин *-мак* формасы жогоруда айтылгандай түрк тилдеринде негизинен ниеттик жана кыймыл атоочтук башка терын боюнча инфинитивдик (азербайжан, турция, түркмен, куык, карачай-балкар тилдеринде) мааниде колдонулат. Бирок К. Дмитриевдин айтууна караганда, башкыр тилинде *-мак макчы*) ниеттик мааниде көбүнчө „бол“ деген жардамчы гиш менен бирге айтылат да, жак мүчө кийинки компонентке алганат. Мисалы, *килмэкчи булам*. Мында кыргыз, казак, збек, уйгур тилдери этиштин-*мак*,*-макчы* формасына баяноочтук позицияда жак мүчөнүн тике жалганышы боюнча айылат. Сибирдик түрк тилдеринде этиштин *-мак*, *-макчы* формалары такыр кездешпейт. Бул жагынан алганда *-мак* формаы түрк тилдеринде бирдей таралбаган деп карoого туура келет.

Кыргыз тилинде этиштин *-мак* формасы ниеттик жана кыймыл-аракеттин атынын маанисинде колдонулганы менен кийинки мааниде анчалык өнүмдүү эмес. Мунун ордуна биздин тилде көбүнчө кыймыл атоочтордун-*оо* жана-*уу* формалары колдонулат. Түрк тилдеринин ичинен *-мак* формасынын кыймыл атоочтук маанисинде колдонулушу уйгур тилинде өтө күчтүү. Мында кыргыз тилиндеги *-оо*, *-уу* формасынын жатыш жөнүндө туруп жакталганы сыяктуу болгон окшоштук бар экендиги байкалат. Окшоштук уйгур тилинде *-мак* формасы жатыш жөндөмөсүндө туруп жакталганында турат. Мисалы, уйгурча:

1 *жак* *мән киммактамән* (<*кил-мак-да мән*)
т. е. я делаю; сейчас я нахажусь в процессе делания)
2 *жак* *сән киммактасән* (<*кил-мак-да сән*)
3 *жак* *у киммакта* (<*кил-мак-да*)
Биз киммактамиз
сиз киммактасиз
с(и)лэ(р) киммактасла
ула(р) *киммакта.*

Бул-*мак* формасынын жакталыш схемасын орунду көрсөтүүчү атоочтордун формасы менен салыштырууга болот. Мисалы, *шаардагы*. *шаарда* (*мын*). Бул эки форманын ортосундагы айырма жөнүндө В. М. Насилов. „Если в таком образовании мы наблюдаем роль местного падежа в отношении нахождении предмета в пространстве, то в примере спрягающегося местного падежа на-*мак*, *-мек* мы установливаем нахождение предмета во времени, т. е. в процессе самого действия,

в самой его длительности"[1] деп жазат. Биз *кәлмәк*
мы приближаемся, мы подходим (т. е. мы в состоянии
хождения). Уйгур тилиндеги *-мак* формасынын жатыш
мөсүндөгү баяндоочтук бул мааниси кыргыз тилинде
мыл атоочтун *-оо, -уу* формасынын жатыш жөндөмөсүн
руп, баяндоочтук маанини билгизгенине толугу менен
келет. Мисалы, *тынчтыкты жактоочулардын саны*
— кыймыл-аракетгин азыркы мезгилде узакка созулуп
процессин билдирег. Кыргыз тилинде *-мак* формасы
кудай мүмкүндүккө ээ эмес.

II ЖАКТАЛЫШТЫН ТОЛУК ЭМЕС ТҮРҮ

Жакталыштын толук эмес түрү этиштик баяндоочко
мүчөлөрүнүн кыскарган формасынын жалганышы менен
нөздөлөт. Жакталуунун бул түрүнө этиштин төмөнкү
лары кирет:

шарттуу ыңгайдын жакталышы

Этиштин толук эмес жакталышына баяндоочтук позиц
турган шарттуу эгиш да кирет. Азыркы тирүү түрк тилде
де мунун морфологиялык белгиси болуп-*са* мүчөсү эсептелет. Ошондуктан „учур
Бу мүчө жалганган этиш жөнөкөй сүйлөмдө да, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу учур чак
татаал сүйлөмдө да дайыма баяндоочтук милдет аткарат. Баш сүйлөмдүн баяндоочу окуянын мүнөзүнө жа-
нөкөй сүйлөмдө этиштин бул формасы аркылуу тилектик рмасында, баш сүйлөмдүн баяндоочу окуянын мүнөзүнө жа-
ни берилсе, багынычтуу татаал сүйлөмдө натыйжанын чы па келер чак, буйрук, тилек, ниет ыңгай формасында кол-
шы үчүн болгон шарт жана баш сүйлөмдүн баяндоочунун гулат:
гили көрсөтүлөт. Мындай маани грамматикалык бир форма
кылуу болгону менен, жогорку эки мааниинин кайсынысы
берилгени баш сүйлөмдүн баяндоочунун формасы аркылуу б
гилүү болот. Ошентип,-*са* мүчөсү баш сүйлөм менен багын
туу сүйлөмдүн грамматикалык мүчө аркылуу байланышуусун
составына кирет. Ошону менен бирге-*са* мүчөсү жалган
этиш баяндоочтун гр мматикалык субъектисин да көрсөтөт.

Келсем жоксун, *келсем* жоксун, жалжалым,

Текке элирттиң тентек сүйүү кандарын (А. Осмонов). Азы
кы түрк тилдеринде, келтирилген бул мисалдагыдай болу
этиштин шарттуу ыңгайы-*са* мүчөсү аркылуу түзүлөт да,
жак мүчөнүн кыскарган түрү жалганат.

Натыйжанын чыгышы үчүн болгон шарттын мүнөзүнө ж
раша шарттуу оборот реалдуу жана ирреалдуу болуп эки
бөлүнөт. Ушуга карата шарттуу ыңгай учур чак жана өткө
чак болуп эки түрдүү чак менен берилет. Эгерде натыйжан
чыгышы үчүн коюлган шарт чындыкка карама каршы келб

[1] В. М. Насилов. Грамматика уйгурского языка, 109—110 бет.

рылууга мүмкүн болсо, обороттун бул түрү реалдуу бо-
эсептелет да, багыныңкы сүйлөмдүн баяндоочу учур чак

Ал *келсе*, мен барам
Ал *кетсе*, мен келермин (келер чак)
Ал *окуса*, бул жазсын (буйрук ыңгай)
Ал *келсе*, биз бара турганбыз (келер чак).
. . . . . .

рк тилдеринде шарттуу ыңгайдын чактык мааниси анчалык
к эмес. Кыргыз тилинде шарттуу ыңгайдын өткөн чагы...
н + *болсо* аркылуу берилет. Түрк тилдеринин кээ бир
илдөөчүлөрү этиш + *са* + *жак* мүчө (*алсам*) сыяктуу фор-
маани жагынан „шарттуу учур чакты гана эмес, шарт-
у келер чакты" көрсөтсө да, аны шарттуу ыңгайдын учур
гы деп эсептешет (Кононов боюнча учур-келер чак). Би-
к кыргыз тилинде жогоркудай конструкциянын учур чак-
билгизген мааниси эч сезилбейт. Мааниси жагынан алар
лечектеги шартты же тилекти көрсөтөт. Ошондуктан „учур
ак" деген термин мында шарттуу түрдө гана алынды.
Шарттуу ыңгайдын учур чак формасы төмөнкүчө жак-
лат.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен барсам*
2 *жак* *сен барсаң*
сиз барсаңыз
3 *жак* *ал барса*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барсак*
2 *жак* *силер бар аңар*
сиздер барсаңыздар
3 *жак* *алар барышса*

Тескери форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен барбасам*
2 *жак* *сен барбасаң*
сиз барбасаңыз
3 *жак* *ал барбаса*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барбасак*
2 *жак* *силер барбасаңар*
сиздер барбасаңыздар
3 *жак* *алар барышпаса.*

Шарттуу ыңгайдын учур чагынын жакталышы боюнча гыз тили казак, өзбек, уйгур, турция тилдеринен эч маланбайт. Түрк тилдеринин бул бөлүгүнөн өздөрүнүн чөлүгүнө байланыштуу экинчи жактын көптүк түрү б башкыр тили (*ал-ha-гыз*) жана биринчи жактын көптүк т дө эки форманын (*бар-за-быс*, *бар-зак*) жана экинчи жа көптүк түрүндө-*гар* (*бар-за-гар*) формасынын колдону боюнча алгай жана шор тилдери кескин түрдө айрылат.

Эгерде коюлган шарт натыйжанын чыгышына ка каршы келсе, же болбосо аткарууга мүмкүн болбосо, ша оборотту ирреалдуу (б. а. реалдуу эмес) түрү болуп телет. Коюлган шарттын ирреалдуулугу атоочтуктун *га* масына „болсо“ деген связканын кошулушу аркылуу „б болсо“, „келген болсо“ сыяктуу болуп аналитикалык жо нен түзүлөт да, жалпы жонунан мындай конструкция туу оборотту өткөн чак формасы болуп эсептелет. М учурда баш сүйлөмдүн баяндоочу көбүнчө өткөн чак (*элем*, *б рат эле*) формасында колдонулат. Мисалы: тил материалдык байлыктарды *өндүрө ала турган болс* да келжиректер дүйнө жүзүндөгү эң эле бай кишилерде лор эле (Сталин).

Шарттуу ыңгайдын өткөн чак формасы төмөнкү тар өзгөрөт.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен барган болсо-м*
2 *жак* *сен барган болсо-ң*
сиз барган болсо-ңуз
3 *жак* *ал барган болсо*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барган болсо-к*
2 *жак* *силер барган болсо-ңор,*
сиздер барган болсо-ңуздар
3 *жак* *алар барган бол-уш-са*

Тескери форма

жекелик түрү

1 *жак* *мен барбаган болсо-м*
2 *жак* *сен барбаган болсо-ң*
сиз барбаган болсо-ңуз
3 *жак* *ал барбаган болсо*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барбаган болсо-к*
2 *жак* *силер барбаган болсо-ңор*
сиздер барбаган болсо-ңуздар
3 *жак* *алар барбаган болушса.*

Этиштин-*са* формалуу түрүнүн жак мүчө менен өзгөрүшүндө тюркологиялык адабияттарда бирдиктүү пикир жок. Көпчүлүк тюркологдордун (Н. К. Дмитриев, А. Н. Кононов, И. А. Батманов ж б.) пикири боюнча, шарттуу ыңгай таандык мүчө менен өзгөрөт деп карашат. Башкача айтканда, жогорку мисалдардагы-*са* мүчөсүнөн кийинки-*м*,-*ң* дарды жак мүчө эмес, таандык мүчө деп эсептешет.[1]

Ал эми байыркы түрк тилдеринде азыркы-*са* мүчөсү-*сар* болуп баштапкы формасында, ал эми жак мүчө болсо азыркыдай кыскарган-*м*,-*ң* формасында эмес,-*ман*, -*мен* болуп ат атоочтук баштапкы формада колдонулган (бул жөнүндө жоголуда толук айтылды).

Шарттуу ыңгайдын учур чагынын түзүлүшү бардык түрк тилдеринде бирдей болгон менен, өткөн чагынын түзүлүшү башкача. Өткөн чагынын түзүлүшү боюнча өзбек, башкыр, айрыкча, турция тили көпчүлүк түрк тилдеринен (кыргыз, казак тилдери) кескин айрылат.

Турция тилинде шарттуу ыңгайдын өткөн чагы этиштин-*са* формасына өткөн чактын мүчөсүнүн (-ды<иди—эле) жалганышы аркылуу түзүлөт да.-*са* менен -*ды* нын ортосуна „у“ кошулат. Мисалы, *уазсаудим* (*уаз-са у-ди-м*)—эгерде мен жазган болсом ж. б. Өзбек, башкыр тилдеринде болсо шарттуу ыңгайдын учур чагына (Кононовдуку боюнча „азыркы-келер чак“) жардамчы этиш „эдинин“ (башк. „ине“) кошулушу аркылуу түзүлөт. Бирок башкыр тилинде шарттуу ыңгайдын өткөн чагында жак мүчө бирде жардамчы этиш „ине“ ге, бирде-*са* мүчөлүү этишке жалгана берет. Жак мүчөнүн мындай эркин жалганышы башкыр адабий тилинде бул форманын биротоло бир калыпка келе электигин көрсөтөт.

---

1. Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 167 бет.
А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 157 бет.
И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III,14 б.

Мисалы, өзбекче: *ёз-са-м эди*—эгер мен жазган болсом,
башкырча: *алһа инем*-эгер мен алган болсом.

Биздин тилде турция тилиндегидей конструкциянын лиши эч мүмкүн эмес. Кыргыз тилинде да-*са* формасы бек, башкыр тилиндегидей кылып элени кошуп айтуу күн. Бирок ... са + эле" деген конструкцияда баш баяндоочу өткөн чак формасында туруп, орус тилине ганда гана өткөн чак менен берилбесе, кыргыз тилинде чактык маанини билгизбейт. Мисалы, китебим *болсо эле* берер элем. Мындай учурда „болсо эле" мааниси „жок. эгерде болсо эле" дегендин эквиваленти болуп „Болсо эле" дегенди мааниси жагынан „жокко барабар" деп тесек, ал баш сүйлөмдөгү баяндоочтун маанисине карама-к келип, коюлган шарттын аткарылууга мүмкүн эмес экен көрсөтүлөт. Айрым учурда „эле",„болсо" нун маанисин күчү үчүн да колдонулат. бирок мында да өткөн чактык маани рилбейт. Кыргыз тилинде шарттуу ынгайдын өткөн чагы да жана анын ирреалдуу түрү үчүн да шарттуу ынгайдын литикалык түрү (. . - *ган болсо*) колдонулат. Ушинтип, гыз тилинде" . . - *ган болсо*" башка түрк тилдериндеги матикалык эки түрдүү маанини билдирет; жак мүчө аналитикалык түрдүн экинчи компонентине жалганат. Мис *алган болсом* ж. б.

Этиштин башка формасынын жакталышынан шарттуу ын дын жакталышынын бир өзгөчөлүгү болуп, шарттуу сүйлөмдө өз алдынча баяндоочтук кызмат аткарып, ага мүчө жалганып турса да, жак мүчөдөн кийин дагы мүче жалганышына жол бериши эсептелет. Мисалы, *барсам-келсем-чи* ж. б. Мындай учурда-*са* мүчөсү-*чы* мүчөсүнүн шулушу менен шартты же тилекти эмес, өкүнгөндүктү бил рет. Ал эми диалог иретинде айтылган учурда суроо ма син билдирет. Мындай учурда-са + чы конструкциясы к рүнкү үн менен айтылат да, басым-*са* мүчөсүнө түшөт. салы, ал *келсе́чи*? мен *барса́мчы*? ж. б.

-*са* формалуу этиш баяндоочтук позицияда бардык учу эле жак мүчө менен айтыла бербейт. Жак мүчөсүз айтыл учуру да, кээде составдык баяндоочтук милдет аткар сөзгө жак мүчөнүн эки түрү (толук, толук эмес формасын) ж ганган учуру да болот. Составдык баяндоочто *са* формасын гы биринчи компонент шарттуу ынгайдын учур чак формасы да болот да, ага толук эмес формадагы жак мүчө жалган Экинчи компоненти атоочтуктун келер чак формасында бо да, ага толук формадагы жак мүчө жалганат. Конструк мааниси жагынан күнөмдөнүү, болжолдоо, айырмасыздык билдирет. Мисалы: *барбасам барармын, барсаң барбасың* ж. б.

Кыймыл-аракеттин субъектиси экинчи компонент аркыл эле белгилүү болгондуктан, биринчисинде жак мүчөнүн бол

тил үчүн артык баш келип, оозеки речте-*са* формасында биринчи компонент жак мүчөсүз айтылышы да мүмкүн. салы: *барса барармын*, *барса барарсың* ж. б. . . өз акында *элестесе элестер*, бирок бүт бою менен митаамдыктын айына баткан кары киши деп түшүнбөйт аны (Сыдыкбеков). ындай бир эле сөздүн кайталанып келген формасы „да" бөчөсү менен айтылган учурда экинчи компонентке жогордай толук формадагы жак мүчө эмес,кыскарган формадагы жак чө жалганат. Мисалы, *билсем билбесем* да ж. б.-*са* формандагы этиш төмөнкү учурда да жак мүчөсүз айтылат. Окуян же кыймыл-аракеттин аткарылышы сүйлөөчү үчүн ачык босо же болучу кыймыл-аракет ан үчүн баары бир айырсыз болсо, мындай учурда адегенде шарттуу этиштин форсы (жак мүчөсү), андан кийин этиштин буйрук ынгайынын рмасы колдонулат. Мисалы: *кетсе кетсин*, *келсе келсин*, *азса жазайын*.

Шарттуу ынгай „экен" жана „бол" деген жардамчы этиш р менен да кошулуп айтылат. Булардын жакталышы жөндө төмөндө айтылат.

Өткөн чактын -*ды* формасынын жакталышы

-*ды* мүчөсү аркылуу этиштин айкын өткөн чагы түзүлөт. акталыш схемасы төмөнкүчө.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак*	*мен барды-м*
2 *жак*	*сен барды-ң*
	сиз барды-ңыз
3 *жак*	*ал барды*

көптүк түрү

1 *жак*	*биз барды-к*
2 *жак*	*силер барды-ңар*
	сиздер барды-ңыздар
3 *жак*	*алар барышты*

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак*	*мен барбады-м*
2 *жак*	*сен барбады-ң*
	сиз барбады-ңыз
жак	*ал барбады.*

көптүк түрү

1 *жак* *биз барбады-к*
2 *жак* *силер барбады-ңар*
сиздер барбады ңыздар
3 *жак* *алар барышпады.*

Кыргыз тилиндеги өткөн чактын-*ды* формасынын жа
шы көпчүлүк түрк тилдеринен айырмаланбайт. Түрк т
нин жакталыш системасы бирдей болгону менен, кээ
лөрү айрым жак мүчөлөрү боюнча өзүнө тектеш ти
экинчи жактын жак мүчөсүнүн көптүк түрү боюнча жа
дык мүчөсү боюнча айырмаланат. Салыштыр:

кумыкча	башкырча	алтайча	кырг
бардың	*бардың*	*чыктың*	*чыктың*
бардыгыз	*бардыгыз*	*чыктыгар*	*чыктың*
атың	*атың*	*адың*	*атың*
атыгыз	*атыгыз*	*адыгар*	*атыңар*

Ушинтип, „г“ тыбышы азыркы кээ бир түрк тилдерин
чи жактын көптүк түрүндө гана колдонулса, байыркы
тилдеринде баяндоочтук мүчөнүн экинчи жагынын же
көптүк түрүндө жана таандык мүчөнүн экинчи жагыны
келик түрүнө да жалганган.

жекелик түрү

Мисалы: *йаңылтыг-жаңылдың,*
бардыг-бардың,
кылдыг-кылдың
өлтүг-өлдүң

көптүк түрү

эртигиз-элеңиз
бардыгыз-баоыңыз.

Байыркы түрк тилдеринде бул „г“ форма менен бирг
мүчөнүн азыркыдай „ң“ формасы да кездешет.

1) *эрдиң*-эдиң, элең,
титдиң-жоготтуң ж. б.
2) *эртиңиз*-эдиңиз, элеңиз
бартыңыз-бардыңыз
болтуңузлар-болдуңуздар
өтүндүңүзлер-өтүндүңүздөр.

Байыркы түрк тилдеринде экинчи жактын таандык мүчө-
нүн азыркыдай-*ң*, -*ың* формасы менен бирге-*г*, -*ыг* формасы-
н да болгондугу байкалат. Мисалы:

1) *едгуг*—(сенин) ийгиң,
буңуг—(сенин) муңуң,
2) *кан-ың*, сөңүк-үң,—сөөг-үң.
көңүл-үңүз, *улусуңузлар* (сиздин өлкөңүз).

ирок байыркы түрк тилдеринде экинчи жактын таандык мү-
өсүнүн жекелик түрүнүн „г“ формасынын закондуу күтүлгөн
өптүк түрү-*ыгыз* (*атыг-атыг-ыз*—атың-атыңыз) формасын ке-
иктире алганыбыз жок.

Тюркологиялык адабияттарда „ң“ тыбышы жөнүндө неги-
инен бизге эки пикир белгилүү.

Алтай грамматикасынын авторлору „ В притяжательной
риставке множественного числа второго лица (в тюркском-
ңар) носовой „ң“ всего чаще изменяется в „г“ (-*ыгар*)“ деп
көрсөтсө, түрк тилдерин изилдөөчүлөрдүн экинчи бирөөлөрү
Түрк тилдериндеги мурунчул „ң“ „*н*“ менен „*г*“ тыбышынын
элементтеринен (*н* + *г*) тургандыгы XIII кылымда эле араб
филологу тарабынан белгиленген; бул пикирдин тууралыгы
татар тилинин Казан артындагы жана Парангин говорунун ма-
териалдары менен да ырасталат“[1] дейт. „ң“ тыбышынын ор-
дуна „*н* + *г* тыбыштарынын айкалышынын колдонула турган-
дыгын проф. Н. К. Дмитриев тарабынан кумык тилинин буй-
нак диалектисинен да белгиленген“[2].

„г“ тыбышынын байыркы түрк тилдеринде жана азыркы
кээ бир түрк тилдеринде да „ң“ тыбышынын ордуна колдо-
нулушу мурунчул „ң“ тыбышы өзүнүн тыбыштык жаратылы-
шы боюнча „н“ менен „г“ нын айкалуушусунан турган болуу
керек деген жогорку ыктымал божомолдоого алып келет.
Кийин ал „ң“ жана „г“ деген составдык элементтерге
бөлүнүп кеткендиги азыр кээ бир түрк тилдеринде „ң“, кээ
бирөөндө „г“ тыбышынын колдонулушунан жана булардын
ордуна кээ бирөөндө „н + г“ тыбыштарынын айкалуушусунун
колдонулушу менен ырасталышы мүмкүн. Азыркы түрк тил-
дериндеги „ң“ менен „г“ формасын берген архегип крым-татар
тилинен кезигет (*атынгыз*). Бул айгылгандарды схема боюнча
төмөндөгүдөй кылып берүүгө болот.

атыңыз: ң ← *н* —+ г —→ г: *атыгыз*
бардың ↑ *бардыг*
атынгыз

---

1. Л. Заляй. Средний диалект татарского языка (автореферат докторск. диссерг.) 1954, 13 бет.
2. Н. К. Дмитриев. Грамматика кумыкского языка, 38,71 бет.

бардыңыз
бардыңар

Көпчүлүк түрк тилдеринде жана кыргыз тилинде (
жактын көптүк түрүнүн морфологиялык мүчөсү болуп
телет. Ал эми алтай тилинде болсо биринчи жактын
түрү-*быс* жана-*к* болуп эки түрлүү форма менен берил
салы, бис *чыкты-быс*,бис *чыкты-к*. Байыркы түрк тилде
жак мүчө катары өзүнчө атайын колдонулбаган. Аны
-мыз гана колдонулган. Мисалы, *тогдумуз эртибиз*—т
келүртүмүз-биз алып келдик.

Тюркологиялык адабияттарда-*к* мүчөсүнүн чыгышы
дөгү маселе биротоло чечиле элек жана ал тууралу
логдордун арасында бирдиктүү пикир да жок.

Байыркы түрк тилинде-*дык* (варианты менен) мүчөсү
луу этиштик атооч (отглагольное имя) түзүлгөн. Мисалы
дук-тийүү, кол салуу, *билмедүк*-билбөө ж. б. Буга ок
сөздөр этиштик жана атоочтук касиетке ээ. Ага атоочтор
туу сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн жалганышы мүмкүн; эт
сыяктуу жатыш жөндөмөсүндө турганда чакты да билд
Ошондуктан кээ бир изилдөөчүлөр аны атоочтук (прич
деп карайт.[1]. Мисалы, байыркы түркчө *тегдүктө*-жет
ертирдүкте—аткарганда. Бул-*дык* форма азыркы турци
линде да сакталган жана ал жогоркудай эле мааниде к
нулат[2].

Байыркы түрк тилинде жана азыркы турция тилинд
жатыш жөндөмөсүндө бул-*дык* формасынын чактык ма
бериши айкын өткөн чактын (-*ды*) негизине кыскарган
этиштик атоочтун ушул-*дык*,-*дүк* формасы жаткан болуу
деген ыктымал болжолдоого алып келет. Эгерде иш ушу
болгон болсо, анда байыркы-*дык*,-*дүк* мүчөсүнүн айры
составдык бөлүкчөсү-к баштапкы толук формасы боюнча,
рок грамматикалык эки башка функцияда-*ды* чак,-к жак
катарында өткөн чактагы жана шарттуу ынгайдагы ат ат
тук жак мүчөнү сүрүп чыгып, анын ордуна биринчи жак
көптүк түрүндө жак мүчө катарында колдонулуп калган
карооо туура келет. Ушинтип, айкын өткөн чак менен ш
туу ынгайдын биринчи жагынын көптүк түрүнүн мүчөсү
ган жак мүчөлөрүнөн өзүнүн чыгышы жагынан да айры
Кыргыздын адабий тилинде өткөн чактын-*ды* формасы
чү жактын көптүк түрү үчүн өзүнөн кийин-*лар* мүчөсү
жалганышына жол бербейт.

Башка кээ бир түрк тилдеринде айкын өткөн чактын
түк түрү үчүн үчүнчү жакта-*лар* мүчөсү колдонулат. Мис

---

1. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 188 б.
2. А. Н. Кононов. Грамматика турецкого языка, 241—155 бет.

бекче *ёз-ди-лар*. Кыргыз тилинде үчүнчү жактын көптүк
рү кош мамиле этиштин-*ыш* мүчөсү аркылуу берилет. Ми-
лы, алар *барышты*-ыш мүчөсү үчүнчү жактын көптүк түрүн-
дайыма эле колдонула бербейт, кээде-*ыш* мүчөсү кошул-
дале айтыла берет. Бирок сүйлөмдүн ээси көптүк түрдө
ргандыктан, баяндоочу жекелик түрдө турса деле көптүк
аниде түшүнүлөт.

Н. К. Дмитриев башта үчүнчү жактын жекелик жана көп-
түү үчүн бир эле форма колдонулган дейт,мисалы:*алды* $\frac{он}{они}$ взял-
яли.[1] Демек, буга караганда кыргыз тилиндеги *-ыш*
ормасынын көптүк мааниде колдонулушун кийинки кездеги
булуш деп карооо туура келет. Башка кээ бир түрк тил-
ринен кыргыз тили айкын өткөн чактын экинчи жагынан
птүк түрүндө-*лар* мүчөсүнүн башкы „л“ тыбышынын түшү-
боюнча да айрылат. Салыштыр: кыргызча силер *ал-ды-ң-ар*,
закча *алдыңдар*. Адабий тилде „алдынар“ болгону менен, Чүй
орунун оозеки речинде „алдындар“ болуп-*лар* мүчөсү то-
к формада да колдонулат. Бул толук форманын колдону-
шу „казак тилинин таасирине байланыштуу болуу керек“.[2]

Этиштин учур чагынын жакталышы

Кыргыз тилинде этиштин учур чагы көбүнчө чакчылдар-
$\frac{-а}{-е}$-й жана $\frac{-ып}{-ип}$формасына жардамчы этиштердин кошу-
шу аркылуу түзүлөт. Мунун жакталыш схемасы төмөнкүдөй.

Оң форма

жекелик түрү

1 *жак*	*мен жазып жат-а-м,*
2 *жак*	*сен жазып жат-а-сың.*
	сиз жазып жат-а-сыз,
3 *жак*	*ал жазып жат-а-т.*

көптүк түрү

1 *жак*	*биз жазып жат-а-быз*
2 *жак*	*силер жазып жат-а-сыңар*
	сиздер жазып жат-а сыздар
3 *жак*	*алар жазып жатыш-а-т.*

---

1 Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 143 бет
2 Б. Орузбаеванын аталган эмгегинин 14 бетин кара.

Терс форма

жекелик түрү

1 *жак мен жазып жаткан-ым жок*
2 *жак сен жазып жаткан-ың жок*
сиз жазып жаткан-ыңыз жок
3 *жак ал жазып жаткан(-ы) жок*

көптүк түрү

1 *жак биз жазып жаткан-ыбыз жок*
2 *жак силер жазып жаткан-ыңар жок*
сиздер жазып жаткан-ыңыздар ж
3 *жак алар жазып жатышкан (ы) жок.*

Кыргыз тилинде учур чактын жана айкын келер үчүнчү жагынын жекелик түрү үчүн „тур“ деген этиштин тук формасы „турурдан“ кыскарган т колдонулат. Кээ тилдеринде бул архетип-*дур,-ды* болуп толугураак форм талса, кээ бирөөндө таптакыр жоюлуп кеткен. Мисалы, *ал-а-ды, бер-е-ди*, кыргызча, *ал-а-т*, бер-е-т, кавказ тилинде *бар-а-дур*, турцияча *уазмакта-дир*—он пишет тояно,—длительное время), *түрк-түр* — ал түрк, баш татарча *киле, ала* ж. б.

Учур чактын аналитикалык бул түрүнөн төмөндөгүдө ра келбегендикти байкоого болот. Он форманын биринчи гынын жекелик түрүндө экинчи компонентке жак мүчө лук эмес формасы жалганып турса, биринчи жактын түрүндө жана экинчи жакта жак мүчөнүн толук формасы ганып турат. Бирок оң форманын жекелик түрүндөгү к ган (толук эмес) форманы биротоло калыпка келген д роого жарабайт. Кыргыз тилинде муну менен бирге жа чөнүн толук формасы да колдонулат (*жазып жатамын* Жак мүчөнүн кыска формасын тилде кийинки кездеги кубулуш деп карооо туура келет. Жекелик түрүндө формага караганда жак мүчөнүн кыскарган формасы көб колдонулат. Буга караганда анын (кыскарган форманын) чеги кең деп карооо туура келет.

Оң форма менен терс форманын жакталышынын орто да айырма бар.

Эгерде оң формада жакталуучу экинчи компонент ча дар формасында болуп ага жак мүчө жалгана турган б терстик маани „жок“ деген сөз аркылуу берилишине б ныштуу экинчи компонент атоочтуктун өткөн чак фор кабыл алат да, жак мүчөнүн ордуна таандык мүчө колдо Салыштыр: алтайча *саткам* (*сатканым*). Мындай учур сүйлөмдүн ээсинин атооч жөндөмөдө тургандыгына байлан

андык мааниде эмес, жак мүчө катарында колдонулат. Сүймдүн ээси, беттеме атооч, илик жөндөмөсүндө турса, анда *сазып жатканым*“ кыймыл-аракеттин атын же болбосо проссин билдирип калып, сүйлөмдүн баяндоочу болбостон, ээлик лдет аткарып калмак. Учур чактын терс түрүнүн жогоркуй формасын көпчүлүк түрк тилдеринен (казак, өзбек, алтай) зиктире алганыбыз жок. Муну кыргыз тилинин өзгөчөлүгү тарында карооо туура келет.

Учур чактын аналитикалык түрүнүн терс формасы кээде ргыз тилинде *-ба* мүчөсү аркылуу да берилет. Мындай учурбиринчи компонентке *-ба*, экинчи компонентке жак мүчө жалнат. Мисалы, *алып жатам, албай жатам* ж. б.

Учур чактын терс формасынын бул түрү өзбек, алтай тилринде да мүнөздүү. Мисалы: алтайча *мен алып дьадым* (мен ып жатам), мен албай дьадым (мен албай жатам); өзбекче *иб турибман—ёз-ма-й турибман* ж. б.

Учур чак адабий тилде жогоркуча берилгени менен, „Талас, Ысык-Көлдүн оң жак жээгинде жана Чүй боорунда“[1] жармчы этиштин *-ыр* формасы аркылуу да түзүлөт. Бул *-ыр* мүсү аркылуу алтай, кыргыз, өзбек, казак тилдеринде учур чак зүлөт. Башка жардамчы этиштерден „жат“, „отур“, „тур“, ур“ деген төрт этиштин айырмасы—булар өзүнчө туруп учур кты түзүшөт. Буларга жак мүчө толук формада кыргыз тинде учур чактык негизден кийин тике жалганат; *-ыр* мүчөсү лук составда „жат“ деген жардамчы этиште гана сакталган. лган үчөөндө *-ыр* мүчөсүнүн „р“ тыбышы түшүп калган (*жаыр, жүрү, туру, отуру*). Булардын толук формасы болуп *атыр, турур, отурур* жана *жүрүр* эсептелет. Бул *-ыр,-ир* нен *-ар,-ер* генетикалык жагынан бир. Биринчиси учур чак үн, экинчиси келер чак үчүн колдонулуп калган. Казак тинде да *-ыр* мүчөсү „жат“ деген этиште гана сакталган. Кал-н үчөө унгу түрдө гана колдонулат да, жак мүчө ага тике лганат. Мисалы: *жолыгып турмын, жолыгып жүрмин*—кырзча *жолугуп турумун, жолугуп жүрүмүн*. Азербайжан линде „тур“ да турур болуп башкы формасында сакталган. Кыргыз тилинде жогорку төрт этиш татаал этиштин составында эмес, өзүнчө туруп учур чакты берген учуру да болот. ерде булар жатыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдү башкарып айлса, анда учур чакты билдирет. Мисалы, *үйдө жатырмын* б. Эгерде булар барыш жөндөмөсү менен айтылса, анда лер чакты билдирет. Мисалы, *төргө жатам* ж. б. Жатыш барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен айтылуусуна карата лар бирде учур чак, бирде келер чак формасында аяктарын гөртүп кубулуп турат. Жатыш жөндөмөсү менен айтылганда, көбүнчө жак мүчөнүн толук формасы жалганат.

---

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III, 54 бет.

Кыргыз тилинде этиштин учур чагы жогоркулардан -*оо* жана -*уу* мүчөлөрү аркылуу түзүлгөн кыймыл атоочтук жатыш жөндөмөсүндөгү формасы аркылуу да түзүлөт. Бул чактын бул түрү жак мүчөнүн толук формасы боюнча өзг

Тилек ынгайдын жакталышы

Кыргыз тилинде тилек ынгай -*гай* мүчөлүү этишке жар этиш *эле* нин кошулушу аркылуу түзүлөт. Тилек ынга мүчөнүн толук эмес формасы боюнча өзгөрөт. Жакталы масы төмөнкүдөй.

Оң форма

жекелик түрү

1 жак	*мен бар-гай эле-м*
2 жак	*сен баргай эле-ң*
	сиз бар-гай эле-ңиз
3 жак	*ал бар-гай эле*

көптүк түрү

1 жак	*биз бар-гай эле-к*
2 жак	*силер бар-гай эле-ңер*
	сиздер бар-гай эле-ңиздер
3 жак	*алар бар-ыш-кай эле.*

Терс форма

жекелик түрү

1 жак	*мен бар-ба-гай эле-м*
2 жак	*сен бар-ба-гай эле-ң*
	сиз бар-ба-гай эле-ңиз
3 жак	*ал бар-ба-гай эле*

көптүк түрү

1 жак	*биз бар-ба-гай эле-к*
2 жак	*силер бар-ба-гай эле-ңер*
	сиздер бар-ба-гай эле-ңиз
3) *жак*	*алар бар-ыш-па-гай эле.*

Кээ бир түрк тилдеринде (өзбек, ногой) тилек ынгай жа чы этиш кошулбай эле этишке -*гай* мүчөсүнүн жалганышы луу түзүлөт. Ушуга байаныштуу аларда тилек ынгай жа чөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. Мисалы, ног *баргай-ман, баргайсың, баргай баргай-мыз, баргай-сыз, баргай-лар*. Ал эми тилек ы дын өткөн чагы болсо жардамчы этиш „эди“ аркылуу түз

кыргыз тилиндегидей эле жак мүчөнүн толук эмес түрү боюнча өзгөрөт. Мисалы, *баргай эдим*, *баргай эдиң* ж. б. Алтай тилинде да тилек ынгай жардамчы этишсиз -гай мүчөсү аркылуу түзүлөт. Бирок аларда жак мүчөсүнүн туруктуу формасы (-*ым*, -*ың*: *баргай-ым* ж. б.) менен бирге айрым говорлорунда *баргай-сың* жана „бар-гай-ыбыз“ дын кыскарган формасы „баргай-ыс“ формалары да кездешет. Алтай тилинде тилек ынгайдын терс формасы -*ба* мүчөсү аркылуу түзүлөт (*барбагайым*). Айрым учурда мунун терс формасы келер чактын -*пас*,-*бас* формасы менен да алмашып кетет.[1]

Түрк тилдеринен келтирилген жогорку материалдарга караганда башта тилек ынгай жардамчы этиштин кошулуусуз эле -*гай* мүчөсү аркылуу түзүлгөн болуу керек. Ал эми -*гай*+*эле*, *эди* менен келген түрүн болсо тилектик маанини же болбосо анын чактык (өткөн чак) маанисин тагыраак көрсөтүү үчүн колдонулган тилдеги кийинки кубулуш катарында карооого туура келет.

Этиштин буйрук—каалоо ынгайынын жакталышы

Сүйлөмдө баяндоочтук милдетти этиштин буйрук—каалоо ынгайы да аткарат. Булар да өздөрүнүн ээлери—беттеме, ат тоочтор менен сан жана жак боюнча ээрчишет. Бирок сүйлөмдө аракеттенүүчү жакты жана баяндоочтукту билдирүүчү түчө боюнча этиштин буйрук—каалоо ынгайы калган бардык ынгайлардан кескин түрдө айрылат. Этиштин ынгайларынын ичинен айкын өткөн чактын, шарттуу ынгайдын биринчи жанан көптүк түрүнүн мүчөсү (*бар-ды-к*, *бар-са-к*) жана учур ак менен айкын келер чактын үчүнчү жагынын мүчөсүн (-т) епке албаганда, калган ынгайлардын жак мүчөлөрү чыгышы агынан ат атоочтор менен байланышат. Ал эми этиштин буйрук ынгайынын жак мүчөлөрүнүн бардыгы тең ат атоочтон ыккан деп айтууга мүмкүн эмес.

Көрүнүктүү болсун үчүн анын жакталыш схемасын алып эрөлү.

Оң форма

жекелик түр

1 жак	*мен ал-айын*
2 жак	*сен ал-гын*
	сиз ал-ыңыз

[1] Н. П. Дыренкова. Грамматика ойротского языка, 163 (примечание 1).

3 жак ал ал-сын

көптүк түр

1 жак биз ал-алы (к)
2 жак силер ал-гыла
сиздер ал-ыңыздар
3 жак алар ал-ыш-сын

Терс форма

жекелик түр

1 жак мен ал-ба-йын
2 жак сен ал-ба-гын
сиз ал-ба-ңыз
3 жак ал ал-ба-сын.

көптүк түр

1 жак биз ал-ба й лы (к)
2 жак силер ал-ба гыла
сиздер ал-ба ңыздар
3 жак алар ал-ыш-па-сын.

Буйрук-каалоо ынгай этиштин калган ынгайларынан мүчөлөр боюнча айырмалуулугу келтирилген жакталуу пар мадан эле көрүнүп турат. Буйрук-каалоо ынгайдын жак б ча башка ынгайлардан айырмалуулугу анын негизги маан байланыштуу. Ал (буйрук-каалоо ынгай) сүйлөөчү тараб кыймыл-аракеттин каалоо, буюруу, өтүнүү, түртkү, су чечим түрүндө үч жактын бирине карата айтылганын к төт.

Демек, буйрук ынгайды жалаң гана „буйрук[1] деп кар жарабайт“ деп, проф. Н. Т. Сауранбаев казак тилинин мат лынын негизинде бул ынгайдын маанисин туура көрсөткөн

Кыймыл-аракет кандай мааниде жана кайсы жакка к айтылганына ылайык буйрук-каалоо ынгайдын жак мүче (жекелик, көптүгүнүн) башка ынгайлардын жак мүчөлөр гана эмес, өз ара да ар түрдүү.

Көпчүлүк тюркологдордун пикиринче буйрук-каалоо ы дын биринчи жагынын жак мүчөсүнүн (*-айын,-алык*) соста дагы *-ай* жана-*а* элементтеринин негизине тилек ынга мүчөсү *-гай* жаткан деп эсептелинет.

Мисалы, *барайын, жазалык* ж. б. Кээ бир түрк тилдер этиштин ынгайынын бул түрү жак мүчөсүз колдонулат, жагы сүйлөмдүн ээси—беттеме ататоочтун жагы аркылуу белгилүү болот. Кыргыз тилинде жак беттеме ат атооч

[1] Н. Т. Сауранбаевдин жогорку аталган макаласынын 36 б.

эмес, сүйлөмдүн баяндоочу болуп түшкөн сөздүн өзү (*-айын: барайын*) аркылуу да белгилүү болот. Тилек ынгайдын *-гай* мүчөсүнүн башындагы „г“ тыбышынын түшүшүнө байланыш туу кыргыз тилинде *-ай* элементи баштагы *-гай* формасында гыдай болуп өз алдынча ынгайды түзүүчүлүк функциясынан ажырап, *-ын* менен биригип тилдин узакка өсүш тарыхында этиштин башка түрү—буйрук-каалоо ынгайдын биринчи жа гынын жекелик түрүн көрсөтүүчү жак мүчөгө айланган. *-айын* мүчөсүнүн составындагы экинчи элемент *-ын* кыскарган фор мада жак мүчө катарында колдонулган *-мен, -ман* деген ат ганда азыркы *-айын* мүчөсүнүн архетиби деп -гайман форма сын эсептөөгө туура келет: *бар (г) ай (м) ан > барайын. -ай* жана *-ын* элементтери генетикалык жагынан башта өз алдынча бол гон эки башка мүчө болсо да „г“ жана „м“ түшүп, фонети калык өзгөрүүгө учуроонун натыйжасында, таанылгыс абалга жеткен жана азыр бири биринин ажыратылгыз составдык бө лүкчөсү катарында кабыл алынат да, буйрук-каалоо ынгайдын биринчи жагынын жекелик түрүн көрсөтүүчү морфологиялык формант катарында кызмат кылат. Ушинтип, кыргыз тили кээ бир түрк тилдеринен (өзбек, уйгур) биринчи жактын жекелик түрүндө (*-айын* дын составында) кыскарган формада болсо да, ат атоочтук мүчөнүн (*-ын*) сакталышы боюнча айрылат.

Буйрук-каалоо ынгайдын биринчи жагынын жекелик түрүнүн мүчөсү *-айын* байыркы түрк тилдеринен да кездешет. Мисалы, *йүз ишайын, йолукайын, кулайын*[2]—кыргызча жүз жашайын, жолугайын, кылайын. Келтирилген тарыхый материлдарга караганда буйрук-каалоо ынгайдын биринчи жагынын жекелик түрү байыркы архетиби *-гайман* дан орхон-енисей жазууларынын мезгилинде эле (V—VIII к.) азыркы колдонулуп келаткан формага (*-айын* га) өткөн болуу керек.

Буйрук каалоо ынгайдын биринчи жагынын жекелик түрү менен бирге анын көптүк түрүнүн мүчөсү жөнүндө да айта кетүү керек. Көпчүлүк түрк тилдеринде көптүк түрүнүн мүчөсү болуп *-алык* эсептелет. Бул мүчө да составы жагынан татаал, эки мүчөдөн турат. Мунун морфологиялык биринчи компонентинин негизине да кыскарган формада жогорку айтылган тилек ынгайдын *-гай* мүчөсү жаткан.[3] Мунун мындай экендигин өзбек, алтай жана кыргыз тилинин түштүк диалектисинин материалдары боюнча да ырастоого болот. Мисалы: өзбекче *ёзай-(л) ик*, алтайча *баралы, барайлы*, кыргызча (түштүк диалект) *чечишейли, кайтайлык* ж. б. Бул ынгайдын *-а* жана *-ай* формасы жогоруда айткандай чыгышы жагынан этиштин *-гай* формасы менен байланышат. *-гай* мүчөсүнүн башындагы „г“ тыбышы

[1] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 195 бет.
[2] С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков, 26, 66 беттер.
[3] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып, III, 48 бет

жалпы эле туруксуздугуна байланыштуу түшүп калып, тилдеринин бирөөндө *-ай*, бирөөндө *-а* болуп кыскарып шына толук мүмкүнчүлүк бар. Салыштыр шорчо -галак/-гелек *галак*) жана кыргызча *элек*; казакча -галы/-гели (*баргалы*) турцияча -алы/-ели ж. б. Кээ бир түрк тилдеринде *-гай* сында да -ын (-айын)дын ордуна-*ым* колдонулат. Салышт тайча *мен баргай-ым* жана башкырча *алайым* -кырг. *йын* ж. б.

Бул ыңгайдын биринчи жагынын көптүк түрү башкы линде, кыргыз тилинин оозеки речинде мүчөдөгү „л“ ты түшүп айтылган сыяктуу, *-ык* аркылуу берилет. Мисалы, *а* Салыштыр кыргызча *барайык*, *жазайык* (адаб. тилде *лык*, *жазалык*). Бул мүчөнү (*-ык* ты) Н. К. Дмитриев дык мүчөнүн варианты деп эсептейт. *-ык* мүчөсүн (кырг. минтип таандык мүчө деп кароодон көрө И. А. Батман „*-лык* ты -лы+к“ деп экиге бөлүп, мындагы *-к* ны көп мүчөсү деп эсептегени байыркы түрк тилдеринин матери рына туура келет. Азыркы -к формантынын (*бардык*) о байыркы түрк тилдеринде -мыз,-миз (*бардымыз*) колдон сыяктуу азыркы -лык (*баралык*, *барайык*) формасынын о байыркы уйгур тилинде *-лим*,*-лум*, *алум*,*-елим* мүчөлөрү донулган.[1] Мисалы: *болмалум*,*-сөзлелим* (өзбекче *сөзла* кырг. *сүйлөйлүк*, *болбойлук*). Бул-*лим*,*-алум*,*-елим* мү рүн С. Е. Малов каалоо ыңгайынын мүчөсү деп көрсөте *-лум* мүчөсүн *-лу+м* деп бөлөт. С. Е. Маловдун минтип шүнө жана азыркы *-лык* мүчөсүндөгү -к нын ордуна бай түрк тилдеринде -м (*-лым*) формантынын колдонулушун раганда *-лык* мүчөсүн составдык элементтерден турган де роого туура келет. Мындай факт байыркы түрк тилинде (*бол-ма-лу-м*, *сөз-ле-ли-м*) биринчи жактын көптүк *-мыз* дын кыскарган формасы болууга керек жана ал а өткөн чактагы-мыз (*барды-мыз*) кийин -к тарабынан сүр сыяктуу, -(*ыз*) дин ордуна биринчи жактын көптүк мүче колдонулуп калган болуу керек деген ыктымал болжол алып келет.

Кыргыз тилинде экинчи жактын жекелик сылык түр азыр составдык бөлүктөргө ажыралгыс элемент катарында донулган менен, башта ал да составдык элементтерден дигин башка түрк тилдеринин материалдары менен салы рып билүүгө болот. Өзбек тилинде *-ыңыз* мүчөсү бөлү Сүйлөөчү жалгыз адамга кайрылганда *-ың* колдонулат: *жазың*, *бошлаң* ж. б. Булардын көптүк түрү сылык форм жекелик түрүнө көптүктүн байыркы мүчөсү -ыз элеме

[1]. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности 172.

кошуу аркылуу түзүлөт.[1] Бирок ал (*-ыңыз*) сылык түрдө бир кишиге да, бир канча кишиге кайрылганда да колдонула берет: *ёзиңиз*, *укиңиз* ж. б. Өзбек тилиндегидей *-ң* формасы экинчи жактын жекелик сылык түрү үчүн байыркы түрк тилинде да колдонулган. Мисалы, *кулмаң—кылба* (*ң*). Мында *-ң* экинчи жактын жекелик маанисинде которулуп турат. П. Мелиоранскийдин „Памятник в честь Кюль-Тегина“ деген эмгегинде болсо *-ң* экинчи жактын көптүк түрүнүн белгиси болуп колдонулат деп көрсөтүлгөн. Мисалы, *билиң—билиңиздер*, *эсидиң—угуңуздар*. Мындай форма В. В. Радловдун „Образцысынын“ V томунан жана түштүк диалектиден кезигет (Мисалы, *келе бериң* V,31 бет). Кыргыздын адабий тилинде беттеме ат атооч „сиз“ экинчи жактын сылык формасы үчүн жекелик мааниде колдонулгандыгына байланыштуу *-ыңыз* ажыралгыс түрдө анын жекелик түрүнүн жак мүчөсү катарында колдонулат. Көптүк мааниде болгондо ат атооч „сизге“ да жана анын жак мүчөсү *-ыңыз га* да *-лар* мүчөсү жалганат: *алыңыздар*(<*ал-ың-ыз-лар*) ж. б.

Кыргыз, казак, алтай тилдеринде экинчи жактын одоно түрүнүн жекелигинин жак мүчөсү үчүн *-гын*, көптүгү үчүн -гыла колдонулат (*алгын*, *баргыла*. 1) Ал эми байыркы түрк тилдеринде мунун ордуна *-гыл* мүчөсү колдонулган.

Мисалы: *катыгланғыл*, *баргул*, *уккул*—кырг. *катуулангын*, *баргын*, *уккун*. Азыркы түрк тилдеринен экинчи жактын мүчөсүнүн бул формасы -гын формасы менен бирге өзбек тилинде сакталган: *ёзгил*, *укигил*, *боккил*—кырг. *жазгын*, *окугун*, *баккын* (баш баккын).

Көпчүлүк түрк тилдеринде үчүнчү жактын жак мүчөсү катарында *-сын* колдонулат (*барсын*). Түрк тилинин кээ бир изилдөөчүлөрү *-сын ды* үчүнчү жактын таандык мүчөсүнүн аягындагы „н“ тыбышы менен тургандыгы баштапкы формасы деп муну таандык мүчө менен байланыштырышат да, таандык мүчөнүн (-сы нын) өзүн „образ, изображение“ деген маанидеги „сын“ деген сөз деп карашат. Бул гипотезага караганда, менимче, бул жөнүндө проф. Березиндин болжолдоосу чындыкка жакыныраак.

ЖАК МҮЧӨЛӨРҮНҮН МААНИСИ

Ээ менен баяндооч сүйлөмдү уюштуруучу негизги мүчөлөрдөн болуп эсептелет. Сүйлөмдүн ээсине баяндооч грамматикалык жагынан жак жана сан боюнча ээрчишүү менен багынат. Сүйлөмдүн баяндоочу ээге багынганы менен составындагы сөздөрдү башкаруу аркылуу аларды өзүнө да багындырат. Ээ менен баяндооч болбосо, сүйлөм түзүлбөйт. Сүйлөмдүн түзүлүшүндө асыресе баяндооч негизги ролду ойнойт. Анткени жак

[1]. А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 161-162 бет.

мүчөлөр предикативдүүлүктү гана билдирбестен, ошону
бирге, аракеттенүүчү жакты—сүйлөмдүн ээсин да көрс
Ушинтип, ээ менен баяндооч сүйлөмдүн негизги элемент
луп эсептелсе, жак мүчө „баяндоочтун фундаменти"[1]
эсептелет. Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги жак
лөр чыгышы жагынан бирдей эмес. Биринчи эки жактын
лик жана көптүк түрүнүн мүчөлөрү генетикалык жа
негизинен беттеме (жактама) ат атоочтор менен байлан
үчүнчү жактын мүчөсү этиш менен байланышат. Ал эм
кын өткөн чактын жана шарттуу ыңгайдын биринчи жа
көптүк мүчөсү болсо этиштик атоочту же болбосо атоо
уюштуруучу мүчө менен байланышат. Бул кийинки эки м
эсепке албаганда түрк тилдериндеги жак мүчөлөр монг
линдегидей болуп негизинен ат атоочтордон түзүлгөн де
роого туура келет; жазма эстеликтердеги ат атоочтук
мүчөлөр бул сөздүн так мааниси боюнча алганда мүчө
атала албайт[2] дейт проф. П. Мелиоранский. Мисалы
кутлуг бага тарткан өге *буйруку мен*-куттуу бага тарх
буйрукчусумун[3]. Мындагы *буйруку мен* деген баянд
„мен" деген сөз айрым жазылышы гана эмес, үндөштүк
нуна багынбаганынын өзү эле орхон-енисей жазуулар
мезгилинде жактама ат атоочтор азыркыдай болуп жак м
толук өтө электигин көрсөтөт. Жогорку экинчи сүйлөмдө
деген эки ат атооч бар. Бирөө ээнин зонасында, экинчиси
доочтун зонасында. Тилдин өсүш тарыхында бул ат ато
бирдей калыпта туруп эле кайталануунун натыйжасында
доочтун зонасындагысы үндүүлөрдүн ээрчишине байлан
тыбыштык комплексинин облигин өзгөртүп, баяндоочту
чөгө айланган да, тилде жогоркудай грамматикалык ма
колдонулуп калган. Ушентип, жак категориясы ат атооч
генетикалык жагынан тыгыз байланышта. Үчүнчү жакты
чөсүн эсепке албаганда, канча жактама ат атооч болсо,
мүчөлөрү да ошончо деп айтууга болот. Үчүнчү жактын
мүчөсү бардык эле учурда боло бербейт. Ал азыркы учу
менен айкын келер чак формасындагы этиш баяндоочтук
дет аткарган учурда гана колдонулат. Атоочтук жана эти
баяндоочтор калган учурда үчүнчү жакта грамматикалык ок
лениеге ээ болбойт.

Кыргыз тилиндеги жак мүчөлөр тыбыштык комплексин
рата толук жана толук эмес болуп экиге бөлүнөт. Жак
нүн бул эки түрүнүн ортосунда формалык жагынан гана
аткарган грамматикалык функциясы боюнча да айырма
Жак мүчөнүн толук формасы этишке гана жалганып пре-

[1] В. В Виноградов. Русский язык (Грамматическое учение о
1947, 452 бет.

[2]. Памятник в честь Кюль-Тегина. Зап. Вост. отделение Имп. ру
об-ва, том XII, вып. II-III, 51.

[3]. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности,

тивдүүлүктү билдирбестен, атооч сөздөрдүн да баяндооч болу-
шуна грамматикалык каражат болуп эсептелет. Атооч сөздөрдө
баяндоочтук касиет лексико-семантикалык жагынан жок бол-
гондуктан, атоочтордун баяндоочтук милдет аткарышы үчүн
жак мүчөлөрдүн болушу шарт. Экинчи жагынан, жак мүчөнүн
толук формасы да жана толук эмес формасы да генетикалык
жагынан ат атооч менен байланышканы менен, жак мүчөнүн
толук түрү тыбыштык комплекси жагынан баштапкы формасы
толук болгондуктан, өзү жалганган сөзгө карап өзгөрөт. Ал
эми жак мүчөнүн экинчи түрү болсо тыбыштык толук состав-
дан башкы тыбышына чейин кыскарганына байланыштуу толук
түрү сыяктуу болуп өзгөрбөйт, өзгөрө турган анын вариантта-
ры да жок. Үчүнчүдөн, жак мүчөнүн толук эмес түрүнүн баян-
доох болуучу сөздөргө жалгануу сферасы да тар. Алар жалан
гана этиштик баяндоочторго жалганат. Баяндоочтук маани этиш-
тин лексико-семантикалык мааниси аркылуу эле берилгенди-
гине байланыштуу жак мүчөнүн толук эмес түрү „предикатив-
дик мааниге ээ эмес, жак менен санды"[1] гана көрсөтүү үчүн
колдонулат.

Сүйлөмдө жак мүчөлөр предикаттын субъектисин көрсөтү-
шөт. Биринчи жактын мүчөсү сүйлөөчүнүн кыймыл-аракетин,
сүйлөөчүнүн өзү кирген коллективди же болбосо алардын кый-
мыл-аракетин көрсөтөт (*мен бардым, биз бардык, мен сту-
дентмин, биз студентпиз*). Экинчи жактын формасы тындоо-
чунун кыймыл-аракетин же болбосо алардын группасын бил-
гизет. Биринчи эки жак менен үчүнчү жактын жак мүчөлөрүнүн
ортосунда чыгышы жагынан гана эмес, колдонуш мааниси жа-
гынан да айырма бар. Бирок бул айырма жак мүчөлөргө эмес,
аларды багындыруучу грамматикалык жактын өзүнө байланыш-
туу. Айырма мында турат. Биринчи жана экинчи жак адамга
гана колдонулат. Ал эми үчүнчү жак болсо жандууга да, жан-
сызга да колдонулат. Ошондуктан үчүнчү жактын жак мүчөсү
жандуунун да, жансыздын да кыймыл—аракетин көрсөтөт да,
анын субъектиси конкреттүү болбойт. Кыймыл-аракеттин ким
тарабынан иштелгени сүйлөмдүн контекстинен гана белгилүү
болот. Мисалы, *агат*. Мында *-т* мүчөсү жалпы эле үчүнчү
жакты көрсөтөт. Бирок бул боюнча турганда мунун субъекти-
син билүүгө мүмкүн эмес. *Адам агабы, айбан агабы* же бол-
босо *суу агабы* бу белгисиз. Эмне агат? муну сүйлөмдүн кон-
текстинен гана билүүгө болот. Ушинтип, үчүнчү жактын су-
бъектиси жак мүчө аркылуу белгилүү болбогондугуна байла-
ныштуу көпчүлүк учурда сүйлөмдүн ээси катарында үчүнчү
жак менен берилүүчү заттын атынын өзү колдонулат. Кээ бир
этиштер өздөрүнүн лексикалык маанисине байланыштуу үчүн-

[1] Н. Т. Сауранбаев. „О категории лица повелительного наклоне-
ния", 33 бет.

чү жактын формасы менен гана айтылат. Мисалы, *роо шыңгырайт, куш канаты менен учат, куйруг конот.*

Биринчи жактын мүчөсү туруктуу жана ал аркылуу субъектиси даана көрсөтүлсө, экинчи жактын мүчөсү кээде конкреттүү эмес „субъекти“ да көрсөтүлөт. *эмне эксең, ошону аласың.* Бул сүйлөмдө экинчи жакт масы конкреттүү тыңдоочуга карата болгон мамилесин жалпылаштырылган маанини билгизип турат.

Ушинтип, жогоркуларды жыйынтыктаганда мындай болот.

Этиш сөздөр баяндоочтук позицияда турганда үч формасы боюнча же болбосо үчүнчү жактын формасы гана айтылат. Өзүнүн мааниси жана колдонушу жагы ринчи эки жактын мүчөсүнөн үчүнчү жактын мүчөсү жак да) айырмалуу. Кыргыздын адабий тилинде ато дөрдүн баяндоочтук милдет аткарышы үчүн жак м дүн болушу шарт. Бул жагынан алганда кыргыз тили тектеш тилдерден (алтай, татар ж. б.) кескин түрдө а ланат.

Этиштин башка ыңгайларына караганда буйрук-каалоо дын маанисинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу мунун жак лөрүнүн оформлениеси түрдүүчө. Ошондуктан жак м жөнүндө айтуу үчүн маанисине да токтоло кетүү керек. Б жагынын жекелик түрүнүн мүчөсү *-айын,-йын.* Биринчи тын жекелик түрү сүйлөөчү өзүнө кайрылып кыймыл-ар иштөө үчүн болгон ыкласын, ошол ишке өзүн өзү чек гин, түрткөндүгүн көрсөтөт. Мисалы, *барайын, санайын* Биринчи жагынын көптүк формасы *-алык*, тигил же бу иштөө үчүн сүйлөөчү өзү кирген коллективге чакырык кайрылгандыкты билдирет. Өзүнүн мааниси жагынан б каалоо ыңгай менен тилек ыңгайга жакын. Буйрук-каало гайда күмөн саноо, ишенимсиздиктин элементи жок. А тилек ыңгайда болсо кыймыл-аракеттин аткарылышына с чүнүн көзү жетпейт; кыймыл-аракет сүйлөөчү үчүн пот луу мүнөздө болуп эсептелет.

Экинчи жагынын жекелик түрү кыргыз тилинде *-гын* аркылуу берилет. Бул форма аркылуу тыңдоочуга кыймы кетти иштетүү үчүн сүйлөөчүнүн кайрылуусу күчөтүлүп тоятельно) көрсөтүлөт. Көптүк түр экинчи жактын же түрүнө (*-гын* га) *-лар* мүчөсүнүн кошулушу аркылуу түзү төн, этиштин унгусуна же негизине -гыла мүчөсүнүн жал шы аркылуу түзүлөт. Бул форма сүйлөөчүнүн тындоо группасына кайрылганын көрсөтөт. Бул ыңгай да экинчи сылык форма менен айтыла берет. Эгерде одоно түрүндө руу мааниси үстөмдүк кылса, сылык формада кыймыл-ара иштетүү үчүн болгон туруктуулук басымдуулук кылат.

Үчүнчү жактын мүчөсү *-сын.* Бул форма аркылуу кыймыл-кетти сөзгө катышпаган үчүнчү жак иштөө үчүн ага сүйлөө-нүн чечим, ниет, буйрук түрүндө экинчи жакка кайрылганы илет. Мисалы: Кызматчыларды отун менен камсыз кылуу и месткомго *тапшырылсын* (чечим). Абышка айт, китепти алып *келсин* (буйрук), Согуш отун тутандыруучулар *жо-сун* (эрик). Ишиң *оңолсун* (тилек). Буйрук ыңгайдын үчүн-жагы алкыштык мааниде көп колдонулат. Айтканыңыз *кел-* ж. б.. Мааниси жагынан бул мүчөлөр ыңгайдын жана анын к мүчөсү да болуп эсептелет. Мында жак мүчө менен ыңгай-к мүчө биригип кеткен да, бири биринин составдык элементи тарында кабыл алынат (Салышт.: *алайын—алгайман*). Буйрук-каалоо ыңгайдын мүчөлөрү кээ бир ыңгайлар сыяк-у -чы мүчөсү менен да кошулуп айтылат да, буйрук жум-ртылат, өтүнүү мааниси берилет. Мисалы, *мен кетейинчи, келсинчи* ж. б.

яндоочтук позициядагы сөздөрдүн „экен“, „эле“, „эмес“ жана „бол“ деген этиштер менен айкалышы

Жардамчы этиш „эле“, „экен“ жана анын атоочтуктук терс ормасы „эмес“ реалдуу мааниге ээ эмес. Булар атоочтук баян-очтордо связкалык милдет аткарат да, этиштик баяндоочтордо ын составдык элементи катарында кызмат кылып, негизги аниге кошумча оттенокту киргизет. Булар байыркы түрк лдеринде да ушундай жардамчы мааниде колдонулган, би-к булар азыркы тилдерде фонетикалык баштапкы түрүн өз-ерткөн. Азыркы кыргыз тилинде булар этиштин туунду фор-асы катарында эч сезилбейт.

Кыргыз адабий тилинде „эле“, түштүктө „эде“, башка түрк лдеринде „эде“, „эди“, „ине“ формасында колдонулат. Мунун ана „экен“ менен „эместин“ баштапкы формасы болуп „эрти“, еркен“, „эрмес“, „эрмиш“ (кырг. эмиш, имиш) эсептелет. айыркы „эр“ быть деген этиштин туунду формалары бизге нгудагы „р“ тыбышы түшкөн формада жеткен. Мындагы фо-етикалык өзгөрүүнү графика менен төмөндөгүчө кылып берүү-ө болот:

эди ‖ *еде* ‖ *эле* (<*эр-ти*; *-ти* өткөн чактын мүчөсү);
экен ‖ *икан* (< *эр-кен*; *-кен* атоочтун мүчөсү);
эмиш ‖ *имиш* (<*эр-мыш*; *-мыш* көпчүлүк түрк тилдериндеги *-ган* дын ордуна түштүк түрк тилдеринде колдонулуучу тоочтуктун мүчөсү);
эмес (<*эр-ма-с*; *-ма* этиштин таңгыч түрү *-ба* нын варианты; *-с* атоочтуктун -ар формасынын таңгыч түрү). Азыркы түрк тилдеринин ичинен жардамчы этиш *э-* башкы толук формасында

Синьцзяндагы уйгур тилинде „эрмек“[1] жана литвада
тилинде сакталган: „идүк эрди-мы посылали прежде

Ушинтип, кыргыз тилинде жардамчы этиш э (р)
эде, *экен*, *эмес*, жана *эмиш* деген) туунду формалар
ган.[3]

Жардамчы этиш э(р) дин туунду формалары (эмиш
касы) өз алдынча колдонулбайт, баяндоочтун состав
менти катарында кызмат кылышып, ээ менен жак
боюнча ээрчишет. Булардын ичинен *экен*, *эмес* ж
(*имиш*) так мүчөнүн толук формасы боюнча, „эле“ т
форма боюнча өзгөрөт.

Айрым учурда өзгөрбөй турган кээ бир сөздөр да
даражада өзгөрүп кетиши мүмкүн. Мисалы, тоого ба
мен ганамын. Ушу сыяктуу эле формасы жагы
дамчы этиш *эле*‘ ге окшош келген бөлүкчө „эле“ да
тун составдык элементи катарында кызмат кылып өзг
рок булардын ортосунда айырма бар. Биринчиден, бөлү
жак мүчөнүн толук формасы боюнча өзгөрөт. Ал эми
чы этиш „эле“ болсо толук эмес форма боюнча өзгөр
чиден, жардамчы этиш баяндоочтун негизги компонент
тык маани берет. Ал эми бөлүкчө „эле“ болсо бул
ээ эмес; мындай учурда ал чектөөлүк маани берет.

Жардамчы этиш „эле“ этиштин төмөнкү ыңгайлар
айкашат:

1) өткөн чактын *-ды* формасы менен: *бардым эле*,
2) өткөн чактын *-ган* формасы менен: *барган эле*
3) өткөн чактын *-ыптыр* : *барыптыр элең*,
4) өткөн чактын *-чу* : *барчу элем*,
5) келер чактын *-ар* : *барар элем*,
6) келер чак ($\frac{а}{е}$ -й) : *барат элем*,
7) тилек ыңгай менен : *баргай элем*,
8) ниет ыңгай менен : *бармак элем*.
9) атоочтук баяндоочтун өткөн чак формасы : мен
элем:

---

[1] В. М. Насилов. Грамматика уйгурского языка, 85 бет.
[2] В. В. Радлов Ярлык Токтомыша, 8 бет.
[3] Булардын ичинен морфологиялык жагынан өтө ийкемдүү
„*эле*“ менен „*экен*“ эсептелет. Жардамчы этиш „*э (р)*“ жана аны
формалары тюркологиялык адабияттарда жетиштүү даражада иштелг
формасы өзүнүн негизги (быть-бол...) маанисинен башка конструкт
мент катарында чоң роль ойнойт. Анын жардамы аркылуу өткө
бир канча татаал формалары жана этиштин ыңгайлары түзүлөт.
„*Экен*“ формасы да „*эле*“ сыяктуу ар түрдүү кошумча маанил
формалардын түзүлүшүндө грамматикалык жардамчы элемент к
чоң роль ойнойт. Мындан башка ал негизги маанидеги этиш менен
кыймыл-аракеттин иштелгендиги сүйлөөчү үчүн өзү эмес, башка
белгилүү болгонун көрсөтөт. Ошону менен бирге „*экен*“ *оказыва*
жется деген сыяктуу модалдык мааниде да колдонулат.

ул көрсөтүлгөндөрдүн ичинен өткөн чактын *-ды* формасын-
ана жак мүчө негизги баяндоочко жалганат да, анын ко-
ча элементи грамматикалык оформлениесиз айтылат. Кал-
формаларда, тескерисинче, жак мүчө составдык элемент
ге жалганат да, баяндоочтун негизги бөлүгү оформление-
айтылат. Бирок оозеки речте өткөн чактын *-ды* формасы
млениесиз айтылып, жак мүчө *эле* ге жалганган учур да
т. Мисалы, *мен барды элем*. Кээде биринчи эки жак-
экөөнүн тең составдык элементтерине жалганат. Мисалы,
бардык элек; мен бардым элем.

Когорку көрсөтүлгөндөрдүн ичинен аракеттенүүчү жактын
фологиялык форманты составдык компоненттин кайсыны-
жалгангандыгы боюнча айкын келер чактын „эле“ ме-
келген түрү өзгөчөлүү. Мында аракеттенүүчү субъект
нчи жак болсо да „мен барам эле“ же болбосо „бара
“ болуп келүүнүн ордуна негизги компонентке үчүнчү
тын мүчөсү, кошумча элементке биринчи жактын мүчөсү
ганат.

Жардамчы этиш „эле“, „экен“ баяндоочтун түзүлүшүнө
шуу менен бирге аларга кошумча маанилерди берет. Атооч-
баяндоочтордун составдык элементи катарында айтылганда,
га өткөн чактык маани, ал эми этиштин өткөн чагынын
-ган,*-чу* формалары менен айтылган учурда байыркы өткөн
тык маанини берет. Мисалы, *мен жумушчумун* (учур чак),
мушчу элем (өткөн чак) ж. б. Айрым учурда „эле“ баян-
чтун маанисин бекемдөө үчүн да колдонулат. Мисалы, *бара
ган жерибиз алыс эле тезинен жөнөйлүк*. Атоочтуктун
формасы, айкын өткөн чактын, айкын келер чактын жана
р чактын „эле“ менен келген түрлөрү эгерде кийинки кый-
-аракет көрсөтүлбөй калган болсо, анда жогорку форма-
дагы сүйлөм бүткөн ойду билгизбей калат да, тактоону, ко-
мчаланууну талап кылат. Мисалы: *бара жатат элем, ба-
п элем*, *бардым эле* ж. б.

Жардамчы этиш „экен“ менен этиштин төмөнкү формалары
ашат:

1) өткөн чактын *-ган* формасы	*барган экен*,
2) шарттуу ыңгай	*барса экен*,
3) атоочтук баяндооч	*студент экен*,
4) өткөн чактын *-чу* формасы	*барчу экен*,
5) ниет ыңгай менен	*бармак экен*,
6) айкын келер чак менен	*барат экен*.

Составдык баяндоочтун „эле“ менен келген түрүнөн жар-
ны этиш „экен“ менен келген түрү мааниси жагынан, бирин-
ен, бүткөн ойду билгизгени менен айрылат. Экинчиден,
ен“ башка бирөө аркылуу алынган жана сүйлөчүү үчүн
үлбөгөн кыймыл-аракетти билгизсе, „эле“ сүйлөөчүнүн өзү
ргөн, билген кыймыл-аракетти көрсөтөт. Жардамчы этиш

„эле“, „экен“ өздөрү бирге айтылган этиштин ыңгайлар
на атоочтук баяндоочторго башка да оттенокторду бер

Атоочтук тангыч „эмес“ менен төмөнкүлөр айкаша
1) атоочтук баяндооч: *окуучу эмесмин*,
2) өткөн чактын *-ган* формасы: *барган эмес*,
3) өткөн чактын *-чу* формасы: *барчу эмес*,
4) ниет ыңгай *-мак* : *бармак эмес*,
5) атоочтуктун *-ар* формасы: *барар эмес*.

Бул формалар баяндоочтук позицияда турганда „эмес
дын терс элементи катарында кызмат кылып, жак мүчөнү
формасы боюнча өзгөрөт. Булардын терс формасы „эм
кылуу кээ биринде кыймыл-аракетти иштөөчү танылса,
ринде иштөөчү жана кыймыл-аракет танылат. *-чы* жа
формаларында кыймыл-аракет эмес, аны иштөөчүнүн өзү
лат. Мисалы: *Мен барчу эмесмин*, *Асан барчу. Тоого ж
мак эмесмин, Акмат бармак*. *-ар* формасында кыймы
танылат. Мисалы, *сен кетер эмессиң*.

Жардамчы этиш „эмиш“ (имиш) баяндоочтук по
төмөнкү формалар менен айкашат:

1)	атоочтук баяндооч менен	*студент имиш*,
2)	атоочтуктун *-ган* формасы	*алган имиш*,
3)	$\frac{-а}{-е}$ - й + -т	*барат имиш*,
4)	*-мак*,*-макчы*	*бармакчы имиш*,
5)	*-ар*	*барар имиш*,
6)	*-чу*	*жазчу имиш*.

Составдык баяндоочтун бул түрү жак мүчөнүн толук ф
боюнча өзгөрөт. Жардамчы этиш „имиш“ негизги б
формасындагы сөзгө сүйлөөчүнүн күмөндүүлүгүн, аг
ишенбегендигин же болбосо фактынын башкалардан а
дыгы жөнүндөгү оттенокту киргизет.

Кыргыз тилинде жардамчы этиш „бол“ атоочтор мене
этиштин ар түрдүү ыңгайлары менен айкашып, татаал
(баяндоочту) түзөт.

Жардамчы этиш „бол“ төмөнкү формалар менен ай
1) *-са*: *барсам болот*,
барсам болмок (*экен*),
барсам болду;
2) *-чу*:*барчу болдум*,
3) *-ган*:*барган болдум*,
4) *-мак* (-макчы): *бармак*(*чы*) *болдум*,
5) атооч : *жумушчу болдум*.

„Бол“ шарттуу ыңгай формасындагы баяндоочтун сос
элементи катарында айтылганда жак мүчө биринчи ком
ке жалганат. Калган учурда биринчи, негизги, компонент
лениесиз айтылат да, жак мүчө составдык экинчи компо

го) жалганат. Бардык учурда тең „бол“ катышкан баян-
чтор жак мүчөнүн толук эмес формасы боюнча өзгөрөт.
Жардамчы этиш „бол“ грамматикалык формаларына кара-
са формасындагы баяндоочтук негизги компонентине төмөн-
өй ар түрдүү кошумча маанилерди берет.
Шарттуу этишке „бол“ айкын өткөн чак же болбосо ай-
келер чак формасында туруп кошулуп айтылышы арку-
тилеген иштин аткарылышына канааттангандык же болбосо
иштүүлүк маани берилет. Мисалы: *Сен барбай эле кой,*
ан барса болот. Асан барса болду.
-са (+ *м*,+ *ң*) + *болот* кээде мүмкүндүктү да билгизет:
барсам болот ж. б.
Шарттуу этишке жардамчы этиш „бол“ дун ниет ыңгай
рмасындагы кошулушу аркылуу болуп өткөн кыймыл-аракет-
сүйлөөчүнүн өкүнгөндүгү билдирилет:

мен *барсам болмок*,
сен *барсаң болмок* ж. б. Мындай конструкцияга кээде „экен“,
не“ деген жардамчы этиш да кошулушу мүмкүн. Мында
үнүү мааниси мурдагыдай эле сакталат, бирок ага кийинки
рдамчы этиштердин кошулушу аркылуу дагы кошумча от-
ок киргизилет. Эгерде „мен *барсам болмок*“ дегенде жал-
эле өкүнүү мааниси берилсе, „мен барсам болмок экен“
ен барсам болмок эле“ дегенде өкүнүүгө (өткөн ишке) сүйлөө-
тарабынан дагы башка оттенок берилет. Мындай учурда
сен“ фактынын башка жактан алынганын эмес, болгон ишке
йлөөчүнүн чактык мамилесин же болбосо модалдык оттенок-
да билгизиши мүмкүн.
Шарттуу ыңгай формасында турган жардамчы этиш бол‘ го
мүчөсү жалганып, ал атоочтуктун терс формасы менен ко-
лган учурда арман, өкүнүү мааниси берилет.

Ат *арыбас болсочу*,
Жаш *карыбас болсочу*,
Жигит менен кыз өлсө,
Жерге *көмбөс болсочу* (Токтогулдан).

Жардамчы этиш „бол“ ниет ыңгайдын -мак формасы менен
айкашып айтылат. Мындай учурда кыймыл-аракет иштелүү
ун чечилгендиги көрсөтүлөт. Мисалы, мен *жазмакчы бол-
м*.
Жардамчы этиш „бол“ атоочтуктун *-ган* формасы менен
рге айтылган учурда кыймыл-аракеттин тийиштүү даражада
телбегендигин, же болбосо куулангандыкты көрсөтөт: *этти
ген болду*.
Атоочтук баяндоочтордун составдык элементи катарында ай-
лганда, аларга келер чактык же болбосо өткөн чактык маани
рет. Мисалы, *жумушчу болдум*, *инженер болот* ж. б.

III ТААНДЫК КАТЕГОРИЯСЫ

Ээленүүчү затты жана ээлөөчү жакты көрсөтүүчү грамматикалык категория таандык категориясы деп аталат. Таандык категориясы аркылуу ээлөөчүнүн ээленүүчү затка карата белгон мамилеси көрсөтүлөт. Мисалы, *менин китебим*. Мынилик жөндөмөсүндө турган беттеме ат атооч ээлөөчү (имя обладатель), буга жараша анын грамматикалык формасын кабалып, биринчи жактын таандык мүчөсү уланып турган сөз ээнүүчү зат (предмет обладания) болуп эсептелет. Ушунтаандык мүчө бир жагынан ээленүүчү затты көрсөтсө, экинжагынан ээлөөчүнүн жагын жана санын көрсөтөт; синтаксистик жагынан алганда таандык категориясы аныктооч менен аныкталгычтын ээрчишүү боюнча болгон байланышын көрсөтөт. Таандык категориясы ушу ролу боюнча, б. а. сүйлөмдөгү сөздөрдүн синтаксистик мамилесин билдирүү аркылуу сөз өзгөртүү системасындагы грамматикалык категориялардын катарына кирет.

Заттын бир жакка таандык экендигин көрсөтүүчү мүчөлөр болуп төмөнкүлөр эсептелет:

жекелик түрү	көптүк түрү
1 жак -м,-ым	*-быз,-ыбыз*
2 жак -ң,-ың	*-ңар,-ыңар*
-ңыз -ыңыз	*-ңыздар,-ыңыздар*
3 жак -ы,-сы	*-ы,-сы*

Үндүүлөр менен бүткөн сөздөргө жалгануучу биринчи жактын көптүк түрү *-быз* формалдык жагынан бул жактын баяндоочтук мүчөсү менен окшош. Мисалы, *биздин балабыз, биз балабыз*. Бул форманын баяндоочтук же болбосо таандык мүчө катарында колдонулгандыгын төмөнкүдөн байкоого болот:

1) аныктоочтук айкашууда илик жөндөмөсүнүн мүчөсү түшпөйт, тескерисинче, таандык мүчө түшөт: *биздин айыл (ыбыз*

2) жогорку аныктоочтук айкашууда басым аныкталгычтык уңгунун аяккы муунундагы үндүүгө эмес, таандык мүчөгө түшөт: *биздин балабыз*. Ал эми баяндоочтук айкашууда болсо басым жак мүчөгө эмес, уңгунун аяккы муунундагы үндүүгө түшөт: *биз балабыз*: Башкача айтканда, таандык мүчөгө басым түшөт, ал эми баяндоочтук жак мүчөгө болсо басым түшпөйт.

Биринчи эки жактын таандык мүчөсүнүн чыгышы жагынан бирдиктүү пикир болгон менен, үчүнчү жактыкы боюнча тюркологиялык адабияттарда бирдиктүү пикир жок. Анын үстүнө үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздөр жөндөмөлөр боюнча башкача болуп өзгөрөт.

Кыргыз тилинде үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганган сөздөр жөндөлгөндө, жатыш жана барышта уңгу менен жөндөмө мүчөнүн ортосунда „н“ тыбышы пайда болот. Кээ бир түрк тилдеринде да ушундай. Мисалы, алтай тилинде[1] барыш жөндөмөсү *балазына* жана *балазынга* болуп эки түрдүү формада колдонулат. Булардын ичинен биринчисин кыскарган, экинчисин таандык мүчөнүн толук формасы катарында карооого туура келет. Кыргыз тилинде мунун биринчи формасы гана колдонулат. Алтай тилиндеги бул форманы эсепке алганда „баласына“ деген сөздө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү деп аяккы -а ны гана эсептөөгө туура келет.

Алтай тилинде чыгыш жөндөмөсү да *энезинен* жана *энезиннен* болуп эки түрдүү формада колдонулат. Ал эми көпчүлүк түрк тилдеринде болсо булардын биринчиси гана колонулат. Алтай тилинин материалына караганда, тюркологдордун арасында талаш болуп келаткан „н“ тыбышын таандык мүчө болуп колдонулуп жүргөн азыркы -ы жана -сы нын составдык элементи катарындагы баштапкы форма деп карооого болбос беле? Биздин пикирибизче, алтай тилинен келтирилген факт О.Бетлингдин „*ын*“ жана „*син*“ башта ат атоо* болуп, кийин таандык мүчөгө айланган деп көрсөтүп, ага В. В. Радлов да макул болгон[2] пикирди кубаттайт жана азыркы таандык мүчөнүн баштапкы формасын көрсөтөт деп эсептөөгө болот.

Үчүнчү жактын таандык мүчөсү кээ бир сөздөрдө кабаттанылып да келет. Мисалы, *бириси* (*бир-и-си*), *кимиси* (*ким-и-си*) ж. б.

Биринчи эки жактын жекелик жана көптүк түрүнүн мүчөсү көпчүлүк тюркологдордун пикири боюнча чыгышы жагынан ат атооч менен байланышат жана бул жөнүндө талашда жок. Азыркы түрк тилдеринде колдонулуп жүргөн таандык мүчөлөр (*-ым, -ың* ж. б.) байыркы түрк тилдеринде да кезигет. Мисалы: *оглум, күчүм, чокумуз* (наше пламя)—кырг. чогубуз; *сизиң*

---

[1] Н. П. Дыренкова. Грамматика ойротского языка, 113—109 бет.

[2] W. Radloff. Die alttürkischen Jnschriften der Mongolei, Neue Folge, СРб, 1897, 74, 82-83 бет.

йрлукуңузча, улусуңузлар; *каның, уры оглың* кул болты, *оглың* күң болты ж б. Мындагы бир айырма өткөн чактын экинчи жагынын жекелик түрүндө *-ң* (*барды-ң*) менен бирге *-г* (*өлти-г*, кырг. сен өлдүң) формасы да колдонулган сыяктуу таандык мүчөнүн экинчи жагынын жекелик одоно түрүндө жогорку *-ң* менен бирге *-г*,*-ыг* (мүчөсү да) колдонулат. Таандык мүчөнүн бул формасы аркылуу байыркы түрк тили азыркы тилдерден кескин түрдө айырмаланат. Мисалы, *эдгүг-* (*сенин*) *гиң, буңуг—муңуң*[1].

Таандык мүчөнүн бул түрү өткөн чактын *-ды* формасынын экинчи жагынын көптүк түрүндө кезиккен тилдерде учурайт. Башкыр тилдеринде экинчи жактын жекелик түрү *-ң* менен, көптүк түрүндө *-ыгыз*. Мисалы, *ат-ың, ат-ыгыз* ж. салыштыр алтайча *адың*—сенин атың, *адыгар*—силердин атыңар ж. б.

Түркологдор арасында таандык мүчөлөр чыгышы жагынан ат атооч менен байланышат деп көрсөтүлгөнү менен, анын ушундайча болуп мүчөгө айланганы көрсөтүлбөгөн. Биздин пикирибизче, турция тилинде жак мүчө ат атоочтук баштапкы формасынан өзгөрүп, биздин таандык мүчөгө окшоп калганы сыяктуу фонетикалык өзгөрүүлөрдүн негизинде азыркы форма келиши мүмкүн. Ат атоочтун жак мүчөгө айланыш жолу жөнүндө А. Н. Кононов мындай дейт: „Биринчи жактын жекелик түрүнүн мүчөсү-(*у*) і*м*, (*у*)..і*м* беттеме ат атооч „бен“ (мен) дегенден төмөнкүчө жол менен келип чыккан: башкы үнсүз б > v > w > у. Бул орто тилчил жумшак спирант (у) үндүү менен бүткөн негизге жалганган учурда сакталат, ал эми үнсүз негиздерге жалганган учурда түшүп калат. Ушунтип, жогорку көрсөтүлгөн схема мындай түргө келген: *бен түркүн*, андан кийин учуру эринчил уян „н“ дин тарыхый жагынан алганда эринчил огуз совкасынын басымдуулук кылышынын натыйжасында „н“ эринчил мурунчул спирант м'ге өткөн. Ушу сыяктуу болгон кубулуш алтай жана шор тилдеринен да байкоого болот. Биринчи жактын жекелик түрү „бен“ кээ бир тилдерде артка эрчишүүнүн натыйжасында „мен“ болгон сыяктуу буларда ат атоочтун жак мүчөнүн (*-мын*) башкы „м“ тыбышынын таасири астында анын аягындагы „н“ эрин-эринчил м' ге өтүп (*полганмым*), анын жак мүчөнүн башкы „м“тыбышы түшүп (*полганым*), формалдык жагынан таандык мүчөгө окшоп калган.

Орхон-енисей эстеликтеринде жак мүчө ат атоочтук калыбынан алыстабай жана азыркыдай нагыз мүчө катарында колдонулушу анчалык болбосо, таандык мүчө катарында колдонулушу азыркы тилдердегиден айырмаланбайт. Буга караганда ат

---

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 28, 31 бет.
[2] А. Н. Кононов. Грамматика турецкого языка, 44 бет.

атоочтун жак мүчөдөн көрө таандык мүчөгө айланыш процесс мурун болгон болуу керек.

Кыргыз тилинде таандык категориясы үч түрлүү жол менен берилет:

1) таандык мүчөлөр аркылуу. Мисалы, *китебим*. Таандык категориясынын калган түрлөрүнөн бул түрдүн айырмасы илик жөндөмөсүндө туруучу ээлөөчү айтылбаса деле, ал таандык мүчө жалганган сөз аркылуу белгилүү болуп турат. Ушунтип, морфологиялык бир эле форма аркылуу ээлөөчүнү жана ээленүүчү затты да берүүгө болот. Бул жагынан алганда таандык категориясы жак мүчөлөргө окшош. Мисалы, *кыргызмын*. Орус тилинде таандык категориясынын бул түрү таандык атоочтор аркылуу эки сөз менен берилет: *моя книга*;

2) илик жөндөмөсүндө турган сөз менен таандык мүчө жалганган сөздүн кошулушу аркылуу. Мисалы, *менин балам*. Мааниси жагынан таандык категориясынын бул түрү биринчи түрдөн айырмасы жок, экөө тең ээлөөчүнүн ээленүүчү затка болгон мамилесин көрсөтөт. Бирок, ошенткени менен, бул экөөнүн ортосунда колдонулуу учурларына карата болгон айырма бар. Анын үстүнө таандык категориясынын экинчи түрүнө караганда биринчисинин грамматикалык ролу чоң жана ал морфологиялык жол менен берилет. Ошондуктан муну кээ бир изилдөөчүлөр таандык категориясынын „негизги тиби“ деп да эсептешет. Таандык категориянын экинчи түрү көбүнчө ээленүүчү затты бир өңчөй башка ээленүүчү заттардан ажыратуу максатында „менин“ деген түшүнүктү билдирүү үчүн колдонулат. Мисалы, *божырагым келдиңби*? деди Айша. Бирөөнүн ээлигиндеги зат айтылгандан кийин мындан кийинки сүйлөөчү өзүнүн ээлигиндеги затты ага окшогон бир өңчөй заттардан ажыратып, белгилөө үчүн, сөзсүз, таандык категориясынын экинчи түрү менен—илик жөндөмөсүн кошуп айтат. Ушунтип, таандык категориянын биринчи формасында көңүл ээлөөнүүчү затка бурулса, экинчисинде ээлөөчүнүн өзүнө бурулат. Таандык категориясынын экинчи түрүндө илик жөндөмөсүнүн түшүп калган учуру да болот;

3) таандык категориясынын үчүнчү түрү болуп *-ныкы* формасы эсептелет Мисалы, *меники*.

Бул форма илик жөндөмөсүнүн кыскарган формасы менен *-кы* мүчөсүнүн жалганышынан турат. Азыркы көпчүлүк түрк тилдеринде ал баштапкы толук формасында эмес, *-ныкы* болуп кыскарган формада колдонулат. Мунун баштапкы формасы азыркы кээ бир тилдердин алгачкы жазма эстеликтеринде жана турция тилинде сакталган. Мисалы, байыркы өзбекче *„сенинкиң“*, турцияча *сенинки, онунки* ж. б.

Таандык категориясынын бул формасы аныкталгычы мурун же кийинки сүйлөмдөрдө келип калып, аныктооч ансыз айтылган учурда же болбосо биринчи жактын таандык мүчөсү жал-

ганган аныкталгычтын баяндоочтук кызматынын ордуна ко-
донулган учурда колдонулат. Мисалы:

1) жайылган кимдин кою?
колхоздуку,

2) *бул менин атым* дегендин ордуна *бул меники* ж. б.

Таандык категориянын *-ныкы* формасы маанисн жагынан эе-
лөөчүнү гана эмес, *-ки* мүчөсүнүн жалганышы аркылуу түшүп
калган ээленүүчү затты да ичине алат. Сүйлөм тизмегинде *-ны-*
кы формасы көбүнчө баяндоочтук милдет аткарат. Ушинтип
таандык категориясынын экинчи түрү аркылуу „аныктоочтук
аныкталгычка болгон маанисн берилсе, бул форма аркылуу су-
бъектинин предикатка болгон мамилеси[1]“ берилет. Синтаксистик
мындай функциясына карап кээ бир изилдөөчүлөр аны „пре-
дикативдүү таандык[2]“ форма деп да аташат.

Таандык категориясынын калган түрү менен *-ныкы* форма-
сынын ортосунда төмөнкүдөй айырма бар.

1. Диалогдук речтин айрым оборотторунда беттеме ат атоо-
тун биринчи жана үчүнчү жагына экинчи жактын таандык мү-
чөсү жалганышы мүмкүн. Мисалы:

Эшик тык-тык
—сен ким?
„мен, эже, ачыңыз.
—*Мениң* ким (Бизд. заманд. кишил.).
Аныңкимс?. Биринчи мисалда эшикти
тыкылдаткан адам өзү үчүн биринчи жак болуп, „мен“ деген
беттеме ат атооч аркылуу берилген менен, ичтеги адам үчүн
логикалык жагынан тындоочу (собеседник) болуп, экинчи жак
катарында кабыл алынгандыктан ага экинчи жактын таандык
мүчөсү жалганган. Экинчи мисалда „ал“ деген үчүнчү жактагы
беттеме ат атоочко экинчи жактын таандык мүчөсү жалганган.
Мында үчүнчү жактагы адам экинчи жакка тиешелүү болуп
көрсөтүлгөн: *аныңкимсенинаныңкимс?* Ушунтип, айрым
оборотторду гана болбосо, таандык мүчө логикалык жагынан
да, грамматикалык жагынан да ат атоочторго көбүнчө жал-
ганбайт. Эмне үчүн мындай экендиги да түшүнүктүү. Таандык
мүчө жалганган сөз көбүнчө бирөөнүн карамагындагы ээле-
нүүчү зат, ат атоочтор анын ээлөөчүсү болуп эсептелет; таан-
дык мүчө ат атоочторго жалгана турган болсо грамматикалык
бул касиетин жоготот да, логикалык жагынан туура болбой
калат.

Ал эми таандык мүчөнүн *-ныкы* формасы болсо ат атоочтор-
го жалгана берет. Анткени андан ат атоочтор өздөрүнүн грам-

---

[1] Г. А. Абуханов. Семантика и синтакческая функция притяжатель-
ных аффиксов в совр. казахском языке, Автореф. 1950, 5 бет.
[2] Н. А. Баскаков. Ногайский язык и его диалекты, 75 бет.

матикалык ээлөөчүлүк касиетин жоготпойт. *-ныкы* ат атооч-
торго жалгануу аркылуу ээлөөчү жакты гана көрсөтпөстөн,
ээленүүчү затты да ичине алат. Мисалы, *менин китебим—ме-*
ники ж. б.

2. Таандык мүчөлөрдүн ар бири белгилүү гана жактын
грамматикалык формасы катарында эсептелинип, өздөрү тие-
шелүү жактын ээленүүчү заттарына гана жалганат. Ал эми
-ныкы формасы болсо үч жактын үчөөнө тең жак таандык
жана предметтик таандык катарында колдонула берет. Ошон-
дуктан таандык категориясынын башка формасына караганда
мунун колдонулуу диапозону кең.

3. Бул *-ныкы* таандыктын башка мүчөлөрүнөн кийин да жал-
ганат. Мындай учурда жак таандык аркылуу ээленүүчү заттын
кимге таандык экендиги көрсөтүлөт;-*ныкы* айтылбай калган
затты ичине алат. Мисалы, *сиздинэнеңиз—сиздинэнеңизди-*
ки ж. б.

4. Булардын ортосунда синтаксистик жагынан да айырма
бар (жогор жакты кара).

Таандык категориясы менен аныктоочтук айкашуу (определи-
лительное сочетание) тыгыз байланышта. Кээде буларды эски
термин боюнча изафет деп да аташат. Бул боюнча таандык ка-
тегориясында илик жөндөмөсүнүн түшүп калган түрүн изафет-
тин экинчи түрү, түшпөй колдонулган формасын изафеттин
үчүнчү түрү деп да аташат (изафеттин биринчи түрү болуп
ыкташууга негизделген аныктоочтук айкашуу эсептелет: *те-*
мир жол ж. б.).

Илик жөндөмөсүнүн түшүп калган түрү бир заттын экинчи
зат менен болгон мамилесин көрсөтүү менен гана чектелбестен,
изафеттин биринчи түрү сыяктуу жаңы сөздөрдүн жасалышы
үчүн да катышат да, сөз жасоо жолдорунун бири болуп эсеп-
телет. Таандык категориясынын бул түрү аркылуу география-
лык, мекемелердин, газета, журналдардын ж. б. атын билги-
зүүчү татаал сөздөр жасалат. Мисалы, *Тянь-Шань тоосу,*
Фрунзе совхосу, *Сталин көчөсү*. *„Орто-Сай“ колхозу*. *„Му-*
галимдер газетасы,“ Чычкан Башы (жердин аты, Ысык-Көл
обл., Покровка р-ну). *Ат-Башы, элүү-башы, кор башы, сөз*
башы ж. б.

Илик жөндөмөсүнүн мүчөсү жогоркудан башка төмөнкү
учурларда түшүп калат:

1) бир өңчөй мүчөлөрдүн аяккысы гана илик жөндөмөсүнүн
формасында колдонулуп, калгандары мүчөсүз колдонулат. Бул
закон көпчүлүк мүчөлөргө тиешелүү. Советтер Союзуна Гер-
мания, Англия, Индия, *Кытай өкмөттөрүнүн* делегаттары
келди. Булардын ар бирин же болбосо эң аякысын гана илик
жөндөмөгө коюп айтууга болот. Бирок булардын ар бири се-
мантикалык жагынан өлкөнүн энчилүү аттары болуп, ээлөөчү-
лөрдөн экендиги өзүнөн өзү эле белгилүү болуп тургандыктан,
формалдык жагынан муну белгилөөнүн зарылдыгы жок. Мына

ушуга байланыштуу биринчи аныктоочтор илик жөндөмөсү колдонулган;

2) аныктагыч болуп түшкөн заттын конкреттүү ээлөөчүгө таандык экендиги эмес, аны өзүнө окшош башка заттардан айруучу белги катарында колдонулганда, аныктооч илик жөндөмөсүз колдонулат.

Ленин жолу ташка тамга баскан жол
Нечен кыя, белестерди ашкан жол (Жусуп) ж. б.

Эгерде аныкталгыч заттын конкреттүү ээлөөчүгө таандык экендигин көрсөтүү зарыл болсо, анда аныктооч илик жөндөмөсүнө коюлат;

3) убакытка байланыштуу болгон аныктоочтук айкашуулар жана мезгил тактоочтун сенек формасы да илик жөндөмөнүн мүчөсүсүз айтылат. Мисалы, *жаз мезгили, күз айлары, февраль айы; бир күнү* (күндөрдүн бир күнү), *бүрсүгүнү* (күндөрдүн бириси күнү), *мурда күнү* (күндөрдүн мурда күнү). Бул группага кирүүчү сөздөрдүн ичинен аныктагычтын аныктоочко, убакыттын кайсы мезгилге тиешелүү мамилесин көздөп, аны белгилөө зарылдыгы болсо, кээ бирөнү илик жөндөмөсүнө коюп айтууга болот. Мисалы, *кыш күнү—кыштын күнү*;

4) аныктоочтук айкашуу жардамчы атооч менен келген учурда иликтин мүчөсү түшүп калат. Эгерде белгилөө зарыл болсо, буларды да илик жөндөмөсүнүн формасына коюуга болот. Мисалы, *үй ичинде* (*үйдүн ичинде* дегендин ордуна) ж.б.;

5) атоочтуктун таандык мүчөлүү формасы беттеме ат атооч менен келген учурда илик мүчөсүз колдонулат. Мисалы, *мен келгенимде*, сен жаш бала элең ж.б.;

6) айрым фразеологиялык ороттордо үчүнчү жактын таандык мүчөсү биринчи жак менен айтылат. Мындай учурда илик мүчөсүз колдонулат. Мисалы, „дүйнөдөн *көзү* ачык *өтөмбү* ай?“ Кээде үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганып турган сөз (көз) „ал“ жана „анын“ дегендин да маанисин берип калат. Мындай учурда да илик жөндөмөсүндөгү сөз түшүп айтылат. Мисалы, *көзү* жокто, *көзү* жок жерде ж.б.

Кыргыз тилинде илик жөндөмөсүнүн мүчөсү гана эмес, таандык мүчө да түшүп калган учуру болот.

Таандык мүчө төмөнкү учурларда түшүп айтылат.

1. Аныкталгыч болуп түшкөн ээленүүчү заттын бирөөгө таандык экендигинин көрсөтүлүшү зарыл болбогон учурда. Мисалы: *биздин колхоз, силердин колхоз, биздин айыл ж.б.* Мындай түшүп калуу биринчи, экинчи, үчүнчү жактын көптүк түрүндө гана мүмкүн. Биринчи жактын жекелик түрүндө жогоркудай кылып „менин ат“ сыяктуу кылып түшүрүп айтуу мүмкүн эмес. Бирок проф. Н. К. Дмитриев VIII кылымдагы эстеликтерде жана кээ бир түрк тилдеринде, мисалы, түркмен тилинде таандык категориясынын „менің ат“ деген формасы да болгондугун айтат. Кыргыз тилинин нормасы боюнча мындай кылып айтууга эч мүмкүн эмес. Ушинтип, жак таан-

дыкта (лично-притяжательное) жак мүчө биринчи жана экинчи жактын көптүк түрүндө жана жекелик сылык түрүндө түшүп калышы мүмкүн.

2. Бир өнчөй предметтик таандык айкашууларда (предметно-притяжательное) же болбосо эл арасында энчилүү ат катарында таралып кеткен айрым „фамилияларда“ да таандык мүчө түшүп калышы мүмкүн.

Кан Манастын Ажыбай,
Алоокенин Коңурбай,
Кокон каны Козубек,
Маргалаңдын Малабек,
Анжыяндын айры сакал Сынчыбек,
Ошол үчөө дагы бар (Манас).

Аманбайдын боз дардаң ж. б.

Биринчи эки жакка караганда үчүнчү жак адам эмес башка заттарды да көрсөткөндүктөн жана аныктагыч болуп түшкөн сөздөрдүн лексикалык маанисине байланыштуу алардын кимге таандык же болбосо эмне менен катышы бар экендигин дааналап көрсөтүү үчүн ээлөөчүлөрдүн аттары коюлуп, заттык таандык форма боюнча берилет. Ушунтип, үчүнчү жактын баяндоочтук мүчөсүндөгү болгон кубулуш үчүнчү жактын таандык мүчөсүндө да кайталанат. Мисалы, *суунун шаркыраганы, үйдүн мөөрөгөнү* ж. б.

Илик жөндөмөсү жана аны менен бирге үчүнчү жактын таандык мүчөсү да түшүп калган учур болот. Кумык, чубаш тилдеринде таандык мүчө менен айтылганына караганда мүчөсүз айтылган түрү басымдуулук кылат.[1] Кыргыз тилинде, тескерисинче, үчүнчү жактын таандык мүчөсү менен келген учур көп, мүчөсүз айтылган түрү өтө сейрек кездешет.

Мисалы:

Бакай коргон,
Байтерек булак,
Күмүшөй булак,
Бөкөй бел.

Таандык категориясы илик жөндөмө менен тыгыз байланышта жана негизинен төмөнкү маанилерди билдирүү үчүн колдонулат:

1. бир заттын экинчи затка таандык экендигин көрсөтөт. Мисалы. *Асандын китеби.* Таандык мүчө заттын бир жакка таандык экенин гана көрсөтпөстөн кээде, тескерисинче, „жактын затка таандык экендигин да көрсөтөт“.[2] Мисалы, *өлкөм, элим* ж. б.;

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка 224 бет.
[2] Э. В. Севортян. Категория принадлежности. Исследования по сравнительной грамматике тюрских языков. II., 1956, 43 бет.

2. бүтүндөн бөлүү маанисинде. Чаргын „Б“ колхозунун белдүү *жигиттеринин бири. Столдун бутү, шаардын чети* ж. б.;

3. белгилик мамилени билгизүү үчүн. Мындай учурда логикалык жагынан алганда таандык мүчө жалганган сөз ылым жөндөмөсүндөгү заттын белгиси болуп эсептелет. Мисалы: *кандын ысыгы, кардын актыгы* ж. б.;

4. таандык мүчө жалганган заттын кайсы группага кирерин же тиешелүүлүгүн көрсөтүү үчүн. *Маданий фронттун кишиматкерлери. Июль пленумунун чечими* ж. б.;

5. күчөтүү маанисинде. *Аттын аты, сулуунун сулуусу* ж. б.;

• 6. конкреттүү ээлөөчү көрсөтүлбөстөн, заттын жалпы тиешелүүлүгү, ошону менен мамилеси бар экендиги, аныктагыч болуп түшкөн затты башкалардан айыруу үчүн колдонулат. Мисалы: *кыргыз совет адабияты, кыргыз тили, кыргыз адабий тили* ж. б.

Жогорку айтылгандарды жыйынтыктап келгенде кыскача төмөнкүлөрдү айтууга болот.

Таандык категориясы тилге ыраттуу маанилүү мүнөз берүүчү жана аныктоочтук айкашуулардын оформлениесинин каражаттарынын бири болуп эсептелет. Таандык категориясы бир заттын экинчи бир затка тиешелүүлүгүн гана билдирбестен, аныкталгыч болуп түшкөн сөздөрдү ага окшош бирөнчө заттардан айруу үчүн да, б. а. бир заттын экинчи бир затка нен болгон салыштырмалуулук мамилесин билгизүү үчүн колдонулат. Изафеттик конструкциянын экинчи түрү болуп эсептелген таандык категориясы кыргыз тилинде татаал сөздөрдүн түзүлүшүндө да сөз жасоочу каражат катарында чоң роль ойнойт.

IV. ЖӨНДӨЛҮШ ТИПТЕРИ[1]

Сүйлөм тизмегинде атоочтордун башка сөздөргө карата болгон мамилесин билдирүүчү грамматикалык форма жөндөмөлөр деп аталат. Сүйлөмдүн тизмегинде атоочтор жана этиштин түзүлүшү формалары (атоочтук, кыймыл атоочтор) синтаксистик функциясына карата этиштер жана жандоочтор тарабынан башкарылып, жөндөмөнүн тийиштүү формасын кабыл алат. Ошентип, жөндөмөлөр категориясы синтаксистик байланыштын бир түрү — башкаруунун негизи болуп эсептелет. Жөндөмөлөр категориясы сүйлөмдүн түзүлүшү үчүн каражат катарында эсептелинүүчү сөздөрдү белгилүү грамматикалык формага келтирип, бири-бири менен байланыштыруу аркылуу тилге ыраттуу мүнөз берет.

• Бир эле сөздүн жөндөмөлөр боюнча өзгөрүшү жөндөлүш (склонение) деп аталат. Башка тилдерге караганда түрк тилдеринде бардык учурда бирдей колдонулуучу жөндөлүштүн бир гана түрү бар. Башка тилдерде жөндөлүштүн формаларынын морфологиялык варианттары болсо, түрк тилдеринде морфологиялык эмес, анын фонетикалык гана варианттары бар.[2] Түрк тилдеринде атоочтордун көптүк түрү да, жекелик түрү да жөндөмөнүн бирдей формасы боюнча өзгөрөт. Башка тилдерге салыштырганда жөндөмөлөр менен өзгөрүү форма жагынан бир түрдүү болгону менен, жөндөмө мүчөлөр атоочко жана этиштин атоочтук формаларына, таандык мүчөсү жалганган сөздөргө же болбосо беттеме жана шилтеме ат атоочторго жалганганда унгу, же негиз менен жөндөмө мүчөнүн ортосунда, же болбосо жөндөмө мүчөлөрдө фонетикалык өзгөрүүлөр болот. Мына ушуга карата кыргыз тилинде да башка түрк тилдери сыяктуу үч түрдүү жөндөлүш же

---

[1] Жөндөмөлөрдүн семантикасына арналган адабияттар (И. А. Батманов. Употребление падежей в киргизском языке, Фрунзе — Казань, 1938; Х. Карасаев. Семантика падежей в киргизском языке, Труды ИЯЛИ. Киргиз ФАН ССР, вып. I, 1945) болгондуктан мында жөндөлүш типтери гана берилет.

[2] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 60 бет.

болбосо жөндөмөлөр менен өзгөрүү бар (жөнөкөй, таан... жана ат атоочтук); алардын өзгөчөлүктөрүн төмөндө келтир... ген схемадан да байкоого болот.

I. Жөнөкөй жөндөлүш

жөндөмөнүн аттары	үндүү менен бүткөн негиздер үчүн	үнсүз менен бүткөн негиздер үчүн		вар... ат...
		жумшак	каткалан	
негизги				
илик	-нын, -нун -нин, -нүн	-дын, -дун -дин, -дүн	-тын -тун -тин -түн	
табыш	-ны, -ну -ни, нү	-ды, -ду -ди, -дү	-ты, -ту -ти, -тү	
барыш		-га, -ге -го, -гө	-ка, -ке -ко, -кө	
жатыш		-да, -де -до, дө	-та, -те -то, тө	
чыгыш		-дан, -ден -дон, -дөн	-тан, -тен -тон, -төн	

Мисалдары

н.[1]	*бала*		
и.	*бала-нын*	*жаз*	*ат*
т.	*бала-ны*	*жаз-дын*	*ат-тын*
б.	*бала-га*	*жаз-ды*	*ат-ты*
ж.	*бала-да*	*жаз-га*	*ат-ка*
ч.	*бала-дан*	*жаз-да*	*ат-та*
		жаз-дан	*ат-тан*

[1] Түрк тилдеринде именительный (атооч) дегендин ордуна „основа" деп алынышы И. А, Батманов тарабынан туура көрсөтүлгөн (Аның „Ү... ребление падежей в киргизском языке" деген эмгегинин 13 б... кара). Ошондуктан „атооч"тун ордуна бул жерде „негизги" жак... алынды.

Эскертүү: жөндөлүштүн бул түрүндө үңгудагы үндүү менен үнсүзгө карап мүчөнүн өзгөрүшүнөн башка өзгөрүү болбойт. Ошондуктан бул жөнөкөй жөндөлүш деп аталат.

II. Таандык жөндөлүш

Жөндөмөлөрдүн аттары	I жана II жактын таандык мүчөлөрүнөн кийин	III жактын таандык мүчөсүнөн кийин	вариант.
негизги			
илик	-дын, -дун -дин, -дүн	-ның, -нун -нин, -нүн	8
барыш	-а, -е -о, -ө	-н-а, -н-е, -н-ө	7
табыш	-ды, -ду -ди, -дү	-н	5
жатыш	-да, -де -до, -дө	-н-да, -н-де, -н-дө	7
чыгыш	-дан, -ден -дон, -дөн	-нан, -нен, -нөн	7

Биринчи жана экинчи жактын таандык мүчөсү жалганган сөздүн өзгөрүшү.

н.	*атым*	*атың*
и.	*атым-дын*	*атың-дын*
б.	*атым-а*	*атың-а*
т.	*атым-ды*	*атың-ды*
ж.	*атым-да*	*атың-да*
ч.	*атым-дан*	*атың-дан*

Эскертүү: Биринчи эки жактын таандык мүчөлөрүнүн жеке-келик түрү жалганан сөздөр оозеки речте илик, табыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнүн башкы тыбыштары түшүп *атым-ын, атым-ы, атым-ан* болуп да колдонула берет.

Үчүнчү жактын мүчөсү жалганган сөздөрдүн өзгөрүшү

н.	*энеси*	*аты*
и.	*энеси-нин*	*аты-нын*
б.	*энеси-н-е*	*аты-н-а*
т.	*энеси-н*	*аты-н*
ж.	*энеси-н-де*	*аты-н-да*
ч.	*энеси-нен*	*аты-нан*

Таандык категориясынын *-ныкы* формасы да ушу сыяктуу өзгөрөт:

н.	*колхоздуку*
и.	*колхоздуку-нун*
б.	*колхоздуку-н-а*
т.	*колхоздуку-н*
ж.	*колхоздуку-н-да*
ч.	*колхоздуку-нан ж.б.*

III Ат атоочтук жөндөлүш.

Беттеме атоочтор

н.	*мен*	*сен*	*ал*
и.	*менин*	*сенин*	*анын*
б.	*мага*	*сага*	*ага*
т.	*мени*	*сени*	*аны*
ж.	*менде*	*сенде*	*анда*
ч.	*менден*	*сенден*	*андан*

Шилтеме ат атоочтор.

н.	*бу (л)*	
и.	*мунун*	*ал*
б.	*буга*	*анын*
т.	*муну*	*ага*
ж.	*мында*	*аны*
ч.	*мындан*	*анда*
		андан

Беттеме жана шилтеме ат атоочтор (*бу*, *ал*) жөндөлгөн учурда кадимки атоочтордун жөндөлгөнүнөн башкача болуп мүчөсү өзгөрбөстөн, үнгусу өзгөрүп жөндөлөт жана алардын жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөр жөнүндө түрдүүчө болжолдоолор бар. Бирок ал болжолдоолорго бул жерде токтолуп отуруунун зарылдыгы жок.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринде беттеме ат атооч „мен“, „сен“ илик жана табыш жөндөмөлөрүндө *менин*, *сенин*,

ени, *сени* сыяктуу болуп эки „н“ менен айтылуунун ордуна ир „н“ менен айтылат. Мындай бир „н“ менен айтылуунун ебеби түрк тилдеринин фонетикалык закон ченемдүүлүгүнө айланыштуу: „*н+д*, *н+л*“ болгондо ээрчишүү закону боюнча итар эки „н“ же „л“ пайда болот да, анын бирөө кээ бир илдерде түшүп калган учуру да болот: *-н+д>нн>н*; *л<лл (н+л>нн>н*. Мисалы, алтайча *эне-зи-н+ден>энезинген>энезинен*; кумык тилинде *н+л* айтылганда „лл“ болуп йтылгандыктан чакчыл-ганлы айтылганда *-галлы* болуп айылат, бирок жазууда -ганлы гана болуп жазылат. Чакчылрдын толук формасы *-ганлы* өзбек тилинде *-ганы* жана галы болуп кыскарган формада колдонулат. Баштапкы толук орманын мындайча болуп кыскартылышы мындагы *н+л* тыштарынын кошулушу ээрчишүүнүн натыйжасында бирде л>л (*-ганли>галли>гали*), бирде *нн>н* (*-ганли>ганни>ани*) өткөн деп түшүндүрүлөт.[1] Бул жана буга окшогон факыларды эсепке алганда беттеме ат атоочтордун илик жана абыш жөндөмөлөрүндө кыскарып айтылышын да жогорку келтирилген закон ченемдүүлүккө байланыштуу деп карoого туура келет. Фонетикалык бул процессти графика боюнча төнкүдөй кылып көрсөтүүгө болот:

н+н>нн>н: *мен+нын>меннин>менин*,
сен+нын>сеннин>сенин;
мен+ны>менни>мени
сен+ны>сенни>сени;

л+н>нн>н: *ал+нын>аннын>анын*
бул+нын>муннун>мунун;
бул+ны>мунну>муну,
ал+ны>анны>аны.

Ат атооч „ал“, „бул“ жөндөлгөн учурда жатыш менен чыгыштын жөндөмө мүчөлөрүнүн алдында, л'дин ордуна „н“ тыбышы пайда болот. „н“ тыбышынын пайда болушу бул жөндөмөлөрдөн мурунку турган табыш жөндсмөсүндө „алны“ дегендин ордуна „аны“ болуп „ан“ „окшоштук“ закону боюнча жатыш, чыгыш жөндөмө мүчөлөрү үчүн негиз болуп калышы мүмкүн.

Кыргыз тилинде ат атооч „бу(л)“ дун башындагы эрин-эринчил „б“ негизги жана барыштан башка жөндөмөлөрдө мүчөдөгү жана мүчө уланганда пайда болгон „н“ тыбышынын таасири астында мурунчул „м“ ге өтүп кетет. Ушу сыяктуу пикирди А. Н. Кононов да айтат.[2]

---

[1] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 213 бет.
[2] Ушул эле эмгек, 127 бет, 2 сноска.

Жогоркудай өзгөрүү барыш жөндөмөсүндө да кезигет. Беттеме ат атоочтун биринчи жагы „бен“, же болбосо артка ээрчишүүнүн натыйжасында „мен“, „ман“, экинчи жак „сен“, „сан“ болгону менен, барыш жөндөмөсүнүн формасы байыркы түрк тилдеринде *менкер*, *сенкер*; *маңар*, *саңар*; *баңару*; *баңа, маңа, саңа*, *аңа*; *аңар*; азыркы түрк тилдеринде *маган*, *саган*, *оған*; *сенга*, *менга*; *ага*; *мага*, *сага*, *ага*; *маа*, *саа*, *аа*, *оо*; *маңа, саңа*; *бана*, *сана* болуп түрдүү формада айтылат. Кыргыз тилинин диалектилеринде башка түрк тилдериндегидей *маган*, *саган*; *маңа, саңа* формалары да кезигет. Ушунтип, беттеме ат атоочтор түрк тилдеринде барыш жөндөмөдө негизинен *-кар*,*-ар*,*-га*,*-а* жана *-га+н* формасы аркылуу берилгендигин көрүүгө болот. Бул формалар *-га* жана *-ра* нын негизинде түзүлгөн *-гару* мүчөсүнүн жана анын составдык бөлүктөрүнүн фонетикалык жагынан өзгөргөн формалары болуп эсептелет.

Эгерде казак тилин эсепке албаганда, азыркы түрк тилдеринде беттеме ат атоочтун жекелик түрүнүн биринчи эки жагы барыш жөндөмөсүндө азерб., турция тилдеринде *мэнэ*, *сэнэ*, *она* болуп „н“ менен, түркмен, татар, башкыр, уйгур тилдеринде *баңа*, *саңа*, *оңа* деген сыяктуу болуп „ң“ менен, калгандырында *мага*, *сага ага* болуп „г“ менен берилет.

Огуз группасындагы тилдерде беттеме ат атоочтордун биринчи эки жагында барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү -га кыскарган формада *баңа, саңа*' га катышкандыгын түркмен тилинде артка ээрчишүү боюнча уңгудагы ичке үндүүнүн жоон үндүүгө жана „н“ тыбышынын „ң“ тыбышына өткөнүнөн байкоого болот (*мен+гө>меңга>маңга>маңа*). Огуз группасындагы фонетикалык бул кубулушту жана „н“ менен „г“ тыбыштарынын айкалышындагы жалпы эле закон ченемдүүлүктү эсепке алганда, беттеме ат атоочтордун жөндөлүшү көпчүлүк түрк жана кыргыз тилинде да „ң“ баскычы аркылуу, бирок мында тигилердегидей болуп мүчөнүн башкы тыбышы эмес, уңгунун аяккы элементи түшкөн деп карoого туура келет:

мен+га>(меңга)>маңга>мага,
сен+га>(сеңга)>саңга>сага.

Түркмен тилинде үчүнчү жак негизги жөндөмөдө „л“ менен аяктайт, бирок түркмен тилинде барыш жөндөмө „она“, бизде боюнча, бирок мында „л“ мүчөнүн башкы „г“ тыбышынын таасири астында артикуляциялык органы боюнча г'га жакын турган „ң“ тыбышына өтүп, анан „г“ тыбышы түркмен тилинде түшүп калышы мүмкүн (*ол+га>оңга>оңа*) деп болжолдоого караганда түркмен тилинде мындан мурунку турган илик жөндөмөсүндөгү (*оның*' дагы) „он“ „окшоштук“ боюнча негиз сыяктуу кабыл алынып, мындагы „н“ тыбышы г'нын

таасири астында ң'га өтүп, анан „г“ тыбышы түшүп калышы мүмкүн; кыргыз тилинде да ушундай болуп, илик жөндөмөндө „анын“ формасындагы „а“ негиз катарында кабыл алып, ага барыштын мүчөсү *-га* жалганып „ага“ болуп калышы мүмкүн деп карoо ыктымалыраак. Анткени л'дин „г“ тыбышынын таасири астындаң ң га өтүшү азырынча белгисиз.

Үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган сөздөр биринчи жактын таандык мүчөсү менен өзгөрүшүнөн башкача болуп өзгөрөт. Ошондуктан аларды берки эки жактын жөндөлүшүнөн айрым алып карoого туура келет. Кээ бир түрк тилдеринде жатыш жөндөмөсүндө уңгу менен жөндөмө мүчөнүн ортосуна „н“ тыбышы пайда болот (мисалы, *баласында* ж.б.) жана анын чыгышы жөнүндөгү маселе боюнча бирдиктүү пикир жок.

Кыргыз тилинин материалы боюнча бул маселеге биринчи жолу И. А. Батманов тарабынан көңүл бурулган. И. А. Батманов бул жөнүндө барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмө мүчөлөрү менен таандык мүчөнүн ортосуна *кыстырынды* „н“ (*Кастын мен сыздым-С.К*) кийирилет; бирок мында барыш, чыгыш жөндөмө мүчөлөрүнүн башкы үнсүзү түшөт, жатыш жөндөмө үчүн *-нда // -нде // -ндө* деп көрсөтөт.[1] Ушентип „н“ тыбышын И. А. Батманов кыстырынды деп карап, бөлүштүрөндө аны мүчө жагына оодарат.

Проф. Н. К. Дмитриев мындай бөлүүгө тикеден тике каршы жана аларды составдык бөлүккө төмөнкүдөй кылып бөлүүнү сунуш кылат: „*ат-ын-да*, а не *ат+ы+нда*, как делают школьные грамматики“[2]; үчүнчү жактын таандык мүчөсүнүн баштапкы формасын *-ын -сын* деп эсептейт. Ушул пикирди А. Н. Кононов да кубаттайт. Турция тилинде үчүнчү жактын таандык мүчөсү негизги жөндөмөдө гана *-и*, *-си* болбосо, калган жөндөмөлөрдө *-ин*, *-син* болуп баштапкы формасы калыбына келтирет. Мисалы:

и.	*китабынын*	(*китаб-ын-ын*)
б.	*китабына*	(*китаб-ын-а*)
т.	*китабыны*	(*китаб-ын-ы*)
ж.	*китабында*	(*китаб-ын-да*)
ч	*китабындан*	(*китаб-ын-дан*)

Азыркы түрк тилдеринен турция жана алтай тилинин чыгыш менен барыш жөндөмөсүндөгү формаларга караганда азыркы убактагы таандык мүчө *-ы* жана *-сы*' нын баштапкы формасы деп *-ын* менен *-сын*'ды эсептөөгө туура келет. Мындай форма байыркы түрк тилдеринин материалынан жана азыркы түрк

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. II, 30.
[2] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 65.

тилдеринин алгачкы жазма эстеликтеринен да кезигет: *эв кабыгына* (<каб-ыг—ын-га), *ичиңе* (<ич-ин-га), *эмгаклеринтин* (<эмгак-лар-ин-ден-от их мучений) (Алтын ярук); *ежинке* келди (<*еж*-ин-ке), *ичинка* (<ич-ин-ка), *йолинда* (<йол-ин-да), *агизлариндин* (<агиз-лар-ин-ден—из рта (Тефсир). Өзбек тилинде азыр мындай форма жок. Келтирилген бул тарыхый материалдар азыркы алтай жана турция тилинин формаларын кубаттайт жана алар менен биригип, азыркы *-ы* жана *-сы* мүчөсүнүн баштапкы формасы *-ын* менен *-сын* экендигине тийиштүү өлчөмдө күбө боло алат. Кыргыз тилинде „н“ жатыш жөндөмөсүндө гана пайда болот деген пикир кеңири таралган. Бирок чындыгында ал мейкиндик жөндөмөлөрдүн башка формаларында да бар. Бул жөнүндө Алтай грамматикасынын авторлору „үчүнчү жактын таандык мүчөсү уланган атоочтор барыш, жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүндө турганда таандык мүчөдөн кийин „н“ тыбышы пайда болот. Бирок барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүндөгү түпчүл үнсүз тыбыш түшүп калат: энези, барыш — энезине, жатыш—энезинде, чыгыш—энезинен. Акыркысында чыгыштын мүчөсүндөгү „д“ тыбышы „н“ тыбышына өтөт; Ошентип, анан *кабат келген эки „н“ бир „н“ болуп кыскарып калган*“ (астын мен сыздым *-С.К*) дейт (45 бет).

Бул жобо толугу менен кыргыз тилине да тиешелүү. „Кыстырынды“ „*н*“ түрк тилдеринин огуз группаларында негизгиден башка кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында сакталган да, башка түрк тилдеринде (түндүк бытыш группасында) мейкиндик жөндөмөлөрдө гана сакталган. Алтай грамматикасынын авторлорунун жана жогоруда келтирилген тарыхый материалдарга караганда кыргыз тилинде „н“ тыбышы жатыш жөндөмөсүндө гана эмес, барыш жөндөмөсүндө да сакталган деп кароого туура келет. Демек „баласына“ деген сыяктуу сөздөрдө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү катарында азыркы бөлүп жүргөндөй *-на* эмес, арткы түпчүл „г“ түшүп калган *-а* болуп эсептелет.

Ал эми чыгыш жөндөмөсүндө болсо алтай грамматикаларынын авторлору айткандай жөндөмө мүчөдөгү „д“ алга ээрчишүү боюнча н'ге өтүп, анан катар келген эки н'дин бири кыскарып түшүп калган. Ал эми жөндөмө мүчөлөрүнүн башкы тыбышы үндүү менен бүткөн түштүк түрк тилдеринде кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында жана алтай тилинде да кыргыз тилиндегидей форма менен бирге барыш менен чыгыш жөндөмөлөрүндө калдык катарында сакталган.

***

Түрк тилдеринде жөндөмөлөр сан боюнча бирдей эмес. Кээ бир түрк тилдеринде он бир (якут), кээ биринде сегиз (алтай, шор), кээ биринде жети (казак), кээ биринде алты (кыргыз, өзбек ж. б.). Алтай жана казак тилинде жандооч *менен*

(<*бирлен*) грамматикализациялашуунун натыйжасында өз алынча бүтүн сөз катарында колдонулбастан, баштапкы толук формасын өзгөртүп *-ла* <*была* // *-биле*<*би* (*р*) *ле* (*н*) жана *мен* // *-бен* // *-пен* болуп мүчөлүк элементке айланган. Бул мүчө аркылуу түзүлгөн жөндөмө алтай, шор тилинде творительно-инструменталный же болбосо совместно-орудийный, казак тилинде „көмектес септеу“ деп аталат. Алтай тилинде бул сөз — мүчө үнсүзү жагынан өзгөрбөй, жазылганда орфографияда дефис аркылуу жазылганы менен үндүүсү боюнча өзгөрөт. Бул жагынан алганда ал мүчөгө окшоп келет. Мисалы, дьлу күндер *келери -ле* дьанган куштар келди. *Таң ада-ы -ла* дьааш кошо келди. Ал эми шор тилинде болсо *-пыла* үнга үндүү жана үнсүз тыбышы боюнча да өзгөрөт. Казак тилинде жандооч „менен“ *-мен*, *-бен*, *-пен* сыяктуу формада кыскарып, үндүүсү боюнча өзгөрбөйт да, үнсүзү боюнча өзгөрүп, үнгү менен биригип кеткен. Жазууда да бирге жазылат: *жесимен* акылдасты, *Карасаймен* келе жатты, *атпен* келдим ж. б. Жандооч „менен“ ногой тилинде да казак тилиндегидей болуп кыскарган жана мындан айырмасы үнсүзү менен бирге үндүүсү да жоон жана ичке болуп өзгөрөт (*-мен*, *-бен*, *-пен*; *-ман*, *-бан*, *-пан*). Кээ бир түрк тилдеринде жандооч *менен* дин мындай жөндөмө мүчөгө айланышына жана „тууралу“, „жөнүндө“ деген жандоочтордун орус тилиндеги эквиваленти-не карап кыргыз тилинде И. А. Батманов[1] буларды „послеложный падеж“ деп өзүнчө жөндөмө катарында бөлгөн; бул жөндөмөнү творительно-соединительный (*менен*) жана предложный (*тууралу*, *жөнүндө*) деп дагы өз ара бөлгөн. Эгерде кээ бир тилдерде „менен“ грамматикализациялашып жөндөмө мүчөгө айланса, кыргыз тилинде мындай процесс жок. Анткени булар тыбыштык комплекси жагынан бүтүн сөз, басым түшөт жана өздөрү тиешелүү болгон сөздөргө сингармонизм законуу боюнча тыбыштык жагынан да багынбайт. Ошондуктан *менен*'ди да жана *тууралу*, *жөнүндө* деген жандоочторду да өзүнчө жөндөмө деп бөлүүгө азырынча негиз жок.

Тюркологиялык адабияттарда жөндөмөлөр системасын группага бөлүштүргөн классификация да бар. Кээ бир изилдөөчүлөр, мисалы, И. А. Батманов формалдык белгисине карап жөндөмөлөрдү мүчөлүү (аффиксальный), мүчөсүз (безаффиксальный) жана жандоочтук (послеложный) деп үч группага бөлөт. Бул классификация—жөндөмөлөрдүн сырткы көрүнүшүнө гана таянган классификация. Формалдык белги жөндөмөлөрдү туура классификациялоодо жетишсиздик кылат жана группаларга бөлүнгөн жөндөмөлөрдүн грамматикалык маанисин жөндө эчтеме бербейт.

Экинчи бирөөлөрү, мисалы, Н. К. Дмитриев, Н. А. Баскаков жөндөмөлөрдү негизги жалпы маанисин жана синтаксистик

[1] И. А. Батманов. Употребление падежей в киргизском языке, 7 бет.

функциясы боюнча, б. а. грамматикалык белгилердин негизинде классификациялашат да, мейкиндик (барыш, жатыш, чыгыш) жана грамматикалык (негизги, илик, табыш) жөндөмө деп эки топко бөлүшөт. Кыргыз тилине да ушу классификацияны колдонуу ылайык, анткени ал жөндөмөлөрдүн жогоркудай бөлүнүштөрүнө маниси жагынан туура келет жана аларды жалпы жонунан мүнөздөй алат.

Жогорку айтылгандар менен бирге түрк тилдериндеги жөндөмө мүчөлөрдү да өз ара салыштыра кетүү ылайык. Түрк тилдеринде негизги жөндөмө башка жөндөмөлөрдөн өзүнүн формалдык белгисинин жоктугу боюнча айрылат. Мына буга карап кээ бир изилдөөчүлөр жөндөмөнү классификациялоодо аны мүчөсүз жөндөмө деп жөндөмөлөрдүн өз алдынча тобу катарында бөлүшкөн. Бул жөндөмө башка жөндөмөлөрдүн түзүлүшүнө морфологиялык жагынан негиз болуп эсептелет,

Түрк тилиндеги жөндөмөлөр формалдык белгилери боюнча түндүк жана түштүк болуп эки түргө бөлүнөт. Жөндөмөнүн түштүк тиби түндүктөн грамматикалык жөндөмөлөрдө мүчөнүн үндүү менен башталганы боюнча айрылат. Булардын ичинен илик жөндөмө гана үндүү менен бүткөн сөздөрдө „н“ менен башталат. Түрк тилдеринин түндүк тобунда үндүү жана үнсүз менен бүткөн сөздөрдө илик жөндөмөсүнүн мүчөсү дайыма үнсүз менен башталат. Ушунтип, түрк тилдеринде илик жөндөмөнүн мүчөсү „н“ сиз жана „н“ менен башталуучу байыркы эки тип менен байланышат. Азыркы жана байыркы түрк тилдеринде да илик жөндөмө минтип эки түрдүү формада берилгени менен, тарыхый жагынан экөө бир-бири менен тыгыз байланышта. Илик жөндөмөнүн мүчөсүнүн чыгышы жөнүндө бирдиктүү пикир жок.

Жөндөмө мүчөнүн үндүү, үнсүз тыбыш менен башталышы жагынан огуз группасынан калган түрк тилдери барыш жана табыш жөндөмөлөрү боюнча да айрылат. Түштүк түрк тилдеринде булардын мүчөлөрү да үндүү менен башталат. Табыш жөндөмөсүнүн формасы боюнча байыркы түрк тилдеринен азыркы тирүү түрк тилдери кескин айрылат. Байыркы түрк тилдеринде табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү үнсүздөр үчүн *-ыг*, үндүүлөр үчүн *-г* формасында колдонулган. Мисалы, *атыг*, *кисиг*, *каганыг*, *будуныг* (бизче атты, кишини, канды, элди) ж. б. Ал эми ат атоочтордо болсо табыш жөндөмөсүнүн азыркыдай формасы колдонулган: *бизни*, *мини*, *буну*, *муну*, *буларну* ж. б. Мына ушуга карап П. Мелиоранский табыш жөндөмөсүнүн азыркы формасы башында ат атоочтордо гана колдонулган да, кийин окшоштук боюнча атоочтордун жөндөлүшүнө да колдонулуп калган деп болжолдоого толук мүмкүнчүлүк бар[1] деген ыктымал пикирди айтат. Ушунтип, атоочтордо колдонулуучу табыш жөндөмөсүнүн формасы (*-ыг*) *-ны* аркылуу сүрүлгөндөн

[1] П. Мелиоранский. Памятник в честь Куль-Тегина, 28. бет.

йин анын колдонулбай калуусу—табийгы иш. Түрк тилдерин- байыркы убакта колдонулуучу табыш жөндөмөсүнүн фор- сы сыяктуу форма азыркы тирүү тилдерден толук формада нгол тилинде колдонулат. Монгол жана байыркы түрк тил- риндеги *-ыг* генетикалык жагынан жалпылыкта болуп, кийин нчүлүк түрк тилдеринде табыш жөндөмөсүнүн *-ны* формасы рабынан сүрүлүп калып, монгол тилинде баштапкы толук рмасында, жалпы эле туруксуз элемент катарында аяккы түшүп, түрк тилдеринин огуз группасында кыскарган фор- да сакталып калышы мүмкүн.

Табыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн чыгышы жөнүндө проф. А. Богородицкий илик жөндөмөнүн чыгышы сыяктуу эле кирди айтат да, беттеме ат атоочтордун аягындагы уңгулук емент мүчөгө өткөн да, табыш жөндөмөсүнүн баштагы *-ы* рмасы *-ны* га айланган деген пикирди айтат.[1] Ушунтип, ал ик жөндөмө менен табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү морфоло- ялык жагынан алганда экөө бири бирине жакын деп эсеп- йт. С. В. Ястремский табыш жөндөмөсүн кароо менен бирге кут тилинин материалы боюнча табыштын илик жөндөмөсү енен тектештигине күбө боло турган материалдардын неги- инде Кастренге ссылаться этип, табыш жөндөмөсүнүн мүчөсү ик жөндөмөдөн чыгууга мүмкүн деген пикирге келген.[2] шу сыяктуу эле илик жөндөмөнүн *-ын* формасы менен та- ыш жөндөмөсүнүн *-ны* формасы генетикалык жагынан бир еген пикирди Э. В. Севортян да айтат.[3]

Үндүү, үнсүз менен башталуу түрк тилдеринин ортосунда рамматикалык жөндөмөдөн башка мейкиндик жөндөмөдө (ба- ышта) да кезигет. Байыркы түрк тилинде барыш жөндөмөсү өмөнкү формада берилген:

-гару // *геру*: *огузгару* (огузга карай), *эбгеру* (үйгө карай),
-ра: асра (астыга карай), *беру* (бери),
-ка: йирке (жерге), *йазыка* (жазыга),
а: баңа, *саңа*, *маңа*, *саңа*,
-йа: курыйа (батышка), *берийе* (түштүккө), *йырайа* (түндүккө).

Бул кийинки эки форма азыркы түрк тилдеринен огуз груп- асынан гана кезигет. Барыш жөндөмөсүнүн бул формалары- ын ичинен *-гару* жана *-ру* формасы кыргыз тилинде сенек

[1] В. А. Богородицкий. Введение в татарские языкознание, 1953, 4—155. бет.
[2] С. В. Ястремский. Падежные суффиксы в якутском языке, 16, бет.
[3] Э. В. Севортян. К истории падежной системы в тюрских языках, зап. Военного института иностранных языков, № 6, 1948, 94—95 бет.

тактоочтордо гана калдык катарында сакталган. Масалы, *илгери*, *тышкары*, *ары*, *бери* ж. б.

Айрым фактыларга караганда *-гары // -кери* мүчөсү кыргыз тилинде башка сөздөрдө да *-гар // -кер* формасы сыяктуу сакталгандыгы байкалат. Мындай ойго төмөнкүдөй факт алып келет:

1) кээ бир түрк тилдериндеги „р“ тыбышына кыргыз тилиндеги „й“ тыбышынын туура келиши. Тувача „үр“ (дуть) -кыргызча үйлө (<үй-ла); якутча „бөкчөгөр“ кырг. бөкчөгөй ж. б;

2) тува тилинде *-гары* мүчөсүнүн кыскарган түрү *-гар* жалганган *күнгөр* [1] деген тактоочуна кыргыз тилинин „күнгөй“ деген сөзүнүн мааниси жагынан туура келиши. Мындай эки тилдеги сөздүн фонетикалык жана семантикалык жагынан бир-бирине дал келиши кыргыз тилиндеги *-гей* (*күнгей*, тескей) мүчөсүн байыркы *-гары* мүчөсүнүн кыскарган жана фонетикалык жагынан сырткы түрүн өзгөрткөн -гар формасы деп карооого аргасыздан алып келет.

Барыш жөндөмөсүнүн *-гару* жана *-а* формасы монгол тилинде да бар. Түрк тилдеринде барыш менен жатыш жөндөмөсү бири-бири менен алмашып келген сыяктуу монгол тилинде да булардын кийинки формасы XIV кылымда барыш жана жатыш жөндөмөсүнүн формасынын ордуна колдонула берген. Азыркы монгол тилинде ал сейрек, көбүнчө жатыш жөндөмөсүнүн маанисинде колдонулат. Мисалы, *хотана*—шаарда, шаарга. Монгол тилиндеги барыш-жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү *-дур // тур* же болбосо *-ду // -ту* көбүнчө *-да // -та, -де // -те* болуп түрк тилдериндегидей формада да кезигет. Мисалы, *айртинчүде* -на свете (салыштар кырг. таң сүр...; монг. йир -кырг. сүр), *герте* (<*гер*—үй+те—жатыш жөндөмөнүн мүчөсү) үйдө. Ушул эле барыш-жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсү чыгыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн жалганышы үчүн база болот да, ал жөндөмө жатыш-чыгыш жөндөмөсүнүн формасы болуп эсептелет. Ушунтип, монгол тилдеринде жөндөмөнүн кабатталып (удвоенный) келген түрү да болот. Мисалы-*даса* (*-да* афф. дательно-местного пад. + *аса*—афф. исходного пад.). Жатыш жөндөмөсүнүн формасы жагынан азыркы түрк тилдери жана байыркы түрк тилдери бири биринен айрылбайт. Келтирилген мисалга караганда түрк тилдериндеги жатыш жөндөмө менен монгол тилиндеги жатыш жана барыш-жатыш жөндөмөсү үчүн колдонулуучу *-да* да генетикалык жагынан байланышта болуу керек.

Түрк тилдери үчүн чыгыш жөндөмөсү да бир түрдүү формада колдонулат. Айрым фактыларга караганда байыркы убакта жатыш менен барыш, жатыш менен чыгыш жөндөмөлөрү, б. а. мейкиндик жөндөмөлөрү мааниси жагынан бири

[1] Н. Ф. Катанов. Опыт исследования урянхайского языка.., 294 бет.

ринен так дифференцировать этилбеген сыяктуу. Жатыш ндөмөсү менен барыш жөндөмөсүнүн бири-бири менен алшып келүүсү азыркы түрк тилдеринде да, байыркы түрк тилринен да кезигет. Мисалы, кыргызча *ал шаарда калды—ал арга* калды. „*Талаага жашап турам*“ (Ысык-Көл) *-талаашылмка адырылтым*—мен алтымыш үч жашымда айрылдым лдүм) (119 бет); *үч йегирми* (*йашымка*) *адырылтым*—мен үч жашымда айрылдым (өлдүм) (21).

Байыркы түрк тилдеринде жатыш барыш менен чыгыш ндөмөсүнүн да ордуна колдонулганы байкалат. Мисалы: *гур йиринте Яглакар кан ата келтим-мен*, Яглакар-хан-, уйгур жеринен (// жерине) келдим (84).

Алтун-шанта келип—Алту-шандан (// га) келип (68). ейкиндик жөндөмөлөрүнүн бири-бири менен алмашып кели- азыркы түрк тилдеринин мурунку жазма эстеликтеринен кезигет. Мисалы, өзбек тилинин XIV кылымдагы жазма эслигинде илик жөндөмө менен табыш жөндөмөсүнүн, жатыш нен барыштын бирдей колдонулушу байкалат. Мында жатыш ндөмөсү кээде барыштын, кээде чыгыштын ордуна колдолат. Мейкиндик жөндөмөлөрүнүн бири-бири менен алмашып лүүсү азыркы түрк тилдеринен да кезигет: *юбердик анда* рыштын ордуна); мени малга кажатым йоктур—менин... лыштыр, кыргызча *Чыйырдынын курсагына эркек бала бар лсо* (Радлов „Образцы“ V, 2 бет). Жогорку келтирген мидардан жатыш жөндөмөсү барыштын ордуна колдонулушу тизинен мейкиндик жана мезгилдик маанилер боюнча алшылганын байкоого болот. Мейкиндик маани боюнча жаш жөндөмөсү барыш жөндөмөсүнүн ордуна колдонулушун эң байыркы маанилеринин бири болуп эсептелет. Жаш жөндөмөсүнүн кайда?, кайдан?, каякка? деген суроолорго оп берүүчү мейкендиктин үч түрдүү багытында колдонулу- түрк эмес башка тилдерден да кезигет. Жатыш жөндөмөнүн башка жөндөмөлөрдүн (барыш) ордуна колдонулушун гачкы убактарда алардын кээ бир семантикалык мааниси гынан окшош, бирдейлиги менен же болбосо, так дифференцировать этилбегендиги менен түшүндүрүүгө болот.

Азыркы түрк тилдери чыгыш жөндөмөсүнүн формасы боча бири биринен айрылбайт. Байыркы түрк тилдеринде да гыш жөндөмөсү ушул эле -дан, -дин формасы боюнча белген. Бирок аларда чыгыш жөндөмөсүнүн ордуна жатыш жөнмөсүнүн колдонулушу басымдуулук кылган да, чыгыш жөндөсү өтө эле сейрек кездешет. Мисалы, *йарыклыг кантан* (*канын?*) келип (КТ.Б. 23)—жарактуу кайдан келип. *Кыргыз каганта ердуш Ынанчу Чур келти*—Кыргыз ханынан Тардуш-Ынанчу Чур

[1] С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков, 1952.

келди (К.Т.Б. 53) (13). Салыштыр түркмөнчө *дөртден эки — дөртде эки.* Жогоркудай фактылардын негизинде кээ бир изилдөөчүлөр[1] түрк тилдериндеги жөндөмөлөрдүн ичинен эң жашы (кийинкиси) чыгыш жөндөмөсү деп эсептешет. Мурунку убакта анын функциясын жатыш жөндөмөсү аткарган, ал кийинчирээк — уйгурдун классикалык адабиятынын доорунда пайда болгон деген корутундуга келген. Бул пикир биринчи жолу В. В. Радлов тарабынан айтылган. Мунун кийинки кезде пайда болгондугунда талаш жок. Мүмкүн ал кезде чыгыш жөндөмөсү өзүнчө грамматикалык форма катарында оформить этилүү процессинде (в процессе становлении) жүргөндүр. Бирок „орхон жазууларында ал жок болгон“[2] деген пикир фактыга караганда туура келбейт, анткени анда чыгыш жөндөмөсү кезигет.

Байыркы түрк тилдеринде жогорку көрсөтүлгөн жөндөмөлөрдөн башка инструменталь ный жөндөмө да болгон. Анын морфологиялык белгиси болуп *-ын* эсептелет. Мисалы: *үнин* кыкыра бертим — мен (үн менен) кыйкыра бердим; *көзин* — көзүм менен, *кылычын* — кылыч менен ж. б. Жөндөмөнүн бул формасы азыркы түрк тилдеринде өзүнчө жөндөмөлүк функциядан калып, сенек формада тактоочтордо гана сакталган. Мисалы, *күнүн-түнүн, кышын-жазын* ж. б. Ал эми кээ бир түрк тилдеринде болсо сенек тактоочтордо сакталуу менен бирге ал жөндөмөнүн түрү өзүнүн маанисине ылайык келген жандоочтор (менен) тарабынан сүрүлгөн, б. а. инструменталь ный жөндөмөнүн морфологиялык милдеттин кээ бир түрк тилдеринде „менен“ дин кыскарган формасы аткарып калган.

Монгол тилиндегидей болуп, байыркы түрк тилдеринде да жөндөмөнүн кабатталып келгенин көрсөтүүгө болот. Мисалы: *биз-ни-те* — бизден башка, *сиз-ни-тин* — сизден („Алтун йарук“), *огуз-дан-тан көрүг келти* — огуздардан шпион келди (Тоньюкук) (8). Жөндөмөнүн мындай кабатталып келиши азыркы уйгур тилинен жана байыркы өзбек тилинен да кезигет. Мисалы: *мениңдин, сениңдин* (илик жана чыгыш). Кыргыз тилинде мындай кабатталуу жөндөмөнүн сенек формасы аркылуу тактоочко өткөн сөздөрдө кездешет. Мисалы, *жогору — жогортон, эрте — эртеден, бери — беритен, ары — арытан* ж. б.

Сүйлөм тизмегинде негизги жөндөмө ээлик, баяндоочтук, аныктоочтук милдет аткарат. Мисалы: *Мал жайылды. Окуп жаткан — Керим. Айша — студентка. Бул кишини мурда көрбөгөн.*

Илик жөндөмө аныктоочтук гана милдет аткарат. Мисалы, *менин китебим, Асандын баласы* ж. б.

Барыш жөндөмөсү негизинен кыйыр толуктоочтук жана кыймыл-аракеттин кандайдыр бир затка болгон багытын көрсөт. Бул кийинки мааниси синтаксистик жагынан толуктооч жана бышыктыч да болушу мүмкүн. Мисалы: Китепти *мага* берди. Студенттер *шаарга* жөнөштү. Ал билим алууга келди ж. б. Табыш жөндөмөсү тике толуктоочтук милдет аткарат. Мисалы, *китепти* столго кой ж. б.

Жатыш жөндөмөсү орун жана мезгил бышыктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Чогулуш *мектепте* болот. Директор *кетиде* келет ж. б.

Чыгыш жөндөмөсү толуктоочтук жана бышыктоочтук милдет аткарат. Мисалы: Мал *тоодон* талаага түшүрүлдү. *Нандын* алыңыз. Үй бышкан *кирпичтен* салынды ж. б,

Жогорку айтылгандарды жыйынтыктап келгенде төмөндөгүдөй кортундуга келүүгө болот:

1. грамматикалык категориялар — тилге ырааттуу, маанилүү үнөз берип, адамдын ой-пикирин материалдык тил калыбына алууга мүмкүнчүлүк берүүчү грамматикалык каражаттардын бири;

2. грамматикалык категориялар абстракциянын продуктусу катарында тилдин тарыхый узак өсүшүнүн жана тилдин грамматикалык түзүлүшүнүн жакшыртылышынын (өркүндөшүнүн) натыйжасы болуп эсептелет;

3. сөз түркүмдөрү бири биринен мааниси жана грамматикалык оформлениеси боюнча айрылганы менен өздөрүнө тиешелүү болгон жалпы грамматикалык категориялардын негизинде белгилүү группаларга биригишет (мисалы, атоочтор жанда этиш).

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 61 бет.
[2] Ушул эле бетте.

МАЗМУНУ

Кириш сөз

1 Сан категориясы

Бет.

Жекелик сан

Көптүк сан

Көптүк категориясынын лексикалык жол менен берилиши 8
Көптүк категориясынын граммагикалык жол менен берилиши . . . 10
Синтаксистик жол 10
Морфологиялык жол 16

II Жакталыш системасы

1. Жакталыштын толук түрү

1) Атоочтук жакталыш 35
Атоочтук баяндоочтун учур чагынын жакталышы 35
Атоочтук баяндоочтун өткөн чагынын жакталышы 41
2) Этиштик жакталыш 42
Өткөн чактын -ган формасынын жакталышы 47
Арсар келер чактын жакталышы 54
Айкын келер чактын жакталышы 57
Өткөн чактын--чу формасынын жакталышы 58
Өткөн чактын -ып жана -ыптыр формасынын жакталышы 62
Этиштин -мак, -макчы формасынын жакталышы 67

2. Жакталыштын толук эмес түрү

Шарттуу ыңгайдын жакталышы 70
Өткөн чактын -ды формасынын жакталышы 75
Этиштин учур чагынын жакталышы 79
Тилек ыңгайдын жакталышы 82
Этиштин буйрук каалоо-ыңгайынын жакталышы 83
Жак мүчө өлөрүнүн мааниси 87
Баяндоочтук позициядагы сөздөрдүн „экен“, „эле“, „эмес“ жана „бол“ деген этиштер менен айкалышы 91

III Таандык категориясы 97

IV Жөндөлүш типтери 105

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Сир
4
К-89

С. КУДАЙБЕРГЕНОВ

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МАМИЛЕ КАТЕГОРИЯСЫ

Фрунзе 1959

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МАМИЛЕ[1] КАТЕГОРИЯСЫНЫН ИЗИЛДЕНИШИ ЖӨНҮНДӨ

Этиштин мамиле категориясы жалпы түркологиялык адаияттарда жетишерлик даражада иштелген. Бирок ар бир түрк лдеринде мамиле категориясынын изилдениши бирдей эмес. ул жөнүндөгү маалымат түрк тилдери боюнча жазылган ар р илимий грамматикаларда жана илим изилдөө мүнөзүндөгү гектерде (Н. К. Дмитриевдин, Н. А. Баскаковдун, А. Н. Коновдун, Н. П. Дыренковanын, Л. Н. Харитоновдун, Э. В. Сертяндын ж. б.) берилген. Кээ бир түрк тилдеринде этиштин миле категориясына арналган атайын изилдөөлөр да бар.[2] ркологиялык бул адабияттарды кыргыз тилиндеги этиштин миле категориясын иштөөдө биз да эске алдык.

Этиштин мамиле категориясы кыргыз тилинде атайын изилөгө биринчи жолу алынып отурат. Бирок мунун айрым маселери кыскача кыргыз тили боюнча жазылган окуу куралдарында жана кээ бир макалаларда да берилген.

Этиштин мамиле категориясынын түрлөрү жөнүндөгү биничи маалыматты 1939 жылкы «Кыргыз тилинин морфология»[3] боюнча жазылган окуу китебинен табабыз. Бул «Морфогияда» мамиле категориясы «Буйрук этиштер» деп берилген. л термин мамиле категориясынын маанисине туура келбесе , азыркы убакка чейин кээ бир окуу куралдарында колдонуп келе жатат. Мамиле категориясынын маанисине карата белге турган аныктама мында терминге («буйрук») карата башка болуп берилген. Бирок ошенткени менен, мамиленин түрү (негизги, кош, аркылуу, туюк, өздүк) жана алардын маси туура белгиленген.

---

[1] Орус тилиндеги «залог» категориясынын кыргызча закондуу термижок. Залог категориясынын билдирген маанисине карата кыргызча ал амиле» категориясы деп алынды.

[2] Н. А. Баскаков. Залоги в каракалпакском языке, Ташкент, 1951. Калыбаева. Казак тилиндеги этис категориясы, Алма-Ата, 1951. Х. Фатыхов. Категория залога в башкирском языке (Автореферат), а, 1953.

[3] Бакеев К. ж. б. Кыргыз тилинин морфологиясы, орто мектептердин 6 класстары үчүн окуу китеби (латин алфавити менен жазылган, экинбасылышы), Фрунзе, 1939, 69—70 бет.

Кыргыз тилиндеги этиштин мамиле категориясы
И. А. Батманов да көңүл бөлгөн. Ал өзүнүн эмгегинде[1] мамиле категориясынын түрлөрүн туюк, кош, өздүк, аркы деп туура бөлүштүргөн. Бирок мамиленин түрлөрүнө мүнөздөмө ырааттуулук менен берилбеген. Кээ бирөөнө, мисалы, туюк, өздүккө кыскача мүнөздөмө берилсе, кээ бирөөнө (бузуп отуруп, аркылууга) берилбеген. Анын үстүнө, мамиле категориясы аныктамасыз калтырылган.

Жогорку айтылган адабияттардан этиштин мамиле категориясы алгачкы мезгилде акырындык менен системага сздөргө уланууучу кээ бир мүчөлөр» деп берилген. Натыйнып келаткандыгын көрүүгө болот жана кийинки чыккан да мамиле менен эч бир байланышы жок-гыла, -ба мүчөбияттардан анын андан ары да толукталышын, такталыру -ыш, -ын, -ыл, -дыр менен бирдей укукта натуура берилкүтүүбүз керек эле. Бирок тилекке каршы, ин мындай бо. Ачын үстүнө алардын кээ бирөөлөрүнүн маанисн да такчыкпайт, тескерисинче, мурун жаңыдан туура жо го сальону талап кылышат (-ыл). Ушинтип, Д. Исаев өзүнүн грамкелаткан мамиле категориясы 1940 жылы чыккан. Ү. Асытикасынын алтынчы басылышында[1] грамматикалык категоковдун «Морфологиясынан»[2] тартып бузула башгайт. Ү. Аяларды атайын белгилөөнүн ордуна аны сөз жасоо менен беков мурдагы грамматикалардагы болгон айрым кемчуура алмаштырган. Мунун баары тилдик кубулуштарды, терди ондоонун ордуна мамиле категориясын, бир жагы матикалык категорияларды баалабагандыктан, аларды этиштин түр категориясы менен (-гыла), экинчи жагынан ри-биринен айра тааный албагандыктан жана түркология- жасоо менен (курама буйрук) алмаштырган. Натыйжада к жетишкендикти да эсепке албагандыктан келип чыгып миле категориясына аны менен эч байланышы жок сөз жарат.

чу жана түрдүк маанини билдирүүчү (-гыла) мүчөлөр на Кыргыз тили боюнча мектептер үчүн жазылган окуу курал- ра киргизилген. Тескерисинче, мунун ордуна башта бер рында грамматиканын айрым маселелери, айрыкча, этиш бөкеле жаткан туюк мамиле законсуз түрдө алынып ташта. му боюнча чаташкандыктар көп болгондуктан, журнал, газеанын мүчөсү (-ыл) аркылуу да өздүк мамиле түзүлөт нын беттерине макалалар чыга баштаган. Кыргыз тилиндеги *(жазыл, кесил* ж. б.) жаңылыш көрсөткөн. Туюктун мүчөсү түркүмдөрүнүн бардык түрүн ичине алган жана грамматикылыкка аркылуу өздүк мамиле түзүлбөйт, тескерисинче, аягы же бол- лык көпчүлүк маселелердин жолго коюлушуна жардам бер- составында «л» тыбышы бар этиштерден туюк мамиле өз- ген макала катарында Б. Юнусалиевдин макаласын[2] көрсөтүүтүн-и мүчөсү аркылуу түзүлөт *(байлан, шайлан* ж. болот. Макаланын автору, грамматикалык башка маселелер Ү. Асылбековдун этиштин мамиле категориясы боюнча ке- нен бирге, этиштин мамиле категориясына токтолгон. Бирок ген жогорку кемчиликтери (башка жаңылыштыктары да) мүнчүлүктүн жоктугунан мамиленин түрлөрүн схема түрүнөн кийинки чыккан окуу куралдарына таасирин тийгизди берүү менен гана чектелген.

турсун, андан азыркы убакта колдонулуп келаткан окуу ку- Мамиле категориясына арналган С. Давлетовдун макаласы[3] дары да биротоло бошоно элек. Ү. Асылбековдун грамматр. Макаланын автору залогдун берген маанисине карата аны сындагы кемчиликтер жана жаңылыш пикирлерди андан ки- ктеп грамматикаларындагы «буйрук этиш» дегендин ордуна ки авторлор ондоонун ордуна баштан аяк аны кайталоо м- тиштин *мамиле* категориясы» деп туура алган. Макалада тим болушкан. Ал эми өз жандарынан болсо, этиштин ма- ктеп грамматикаларындагы өздүк менен туюк мамиленин накатегориясы менен байланышы жок материалдарды кирги- ура бириктирилгендиги жөнүндө айтылып келип, автор кыркен[3].

з тилиндеги мамилени баштапкы жана туунду деп экиге бөт да, туундуну өз ара төмөнкүчө бөлүштүрөт:

1) өз ара-биргелеш мамиле,

---

[1] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. III, Ф 1940, 8—9 бет.

[2] Ү. Асылбеков. Грамматика, I бөлүк, морфология, Фрунзе, 19

[3] К. Бакеев. Кыргыз тилинин грамматикасы, I бөлүм, Фрунзе, 19 Д. Исаев. Кыргыз тилинин грамматикасы, I бөлүк, 1954 160—161 б Ы. Жакыпов, С. Турусбеков, Д. Майрыков. Кыргыз ти грамматикасы, I бөлүк (педагогика окуу жайлары үчүн), Фрунзе, 176—178 беттер.

[1] Д. Исаев. Кыргыз тилинин грамматикасы, I бөлүк, (6 басылышы), рунзе, 1957, 152—153 бет.

[2] Б. Юнусалиев. Кыргыз тилин окутуунун кээ бир маселелери, рн. «Мугалимдерге жардам», № 6, 1951, 18—19 бет.

[3] С. Давлетов. Этиштин мамиле категориясы жөнүндө, «Мугалимдер газетасы», 1956, 27 декабрь.

2) аркылуу буйрук мамиле,
3) келтириңки мамиле,
4) кайтма мамиле. Бул көрсөтүлгөндөрдөн мурунку терм
дердин кайсынысы өзгөртүлүп берилгени көрүнүп турат. Бул
дын ар бирине туура аныктама да берилген.

Этиштин мамиле категориясы жөнүндөгү маалымат кыс
ча түрдө 8—10 класска арналган окуу китебинде[1] да каралг
Мында залог категориясынын билгизген мааниси
«мамиле этиштер» деп алынган да, этиштин грамматикалык
тегориясынын бири катарында өзүнчө бөлүнгөн. Мамиле ка
гориясы жана анын түрлөрү кыскача туура мүнөздөлг
аларды уюштуруучу мүчөлөр өз ара жана башка мүчөлөр
нен да чаташтырылбай берилген.

Жогорто баяндалган адабияттык кыскача обзордон кырг
тилинде мамилелер маселеси мектептер үчүн арналган окуу к
ралдарынын кийинки мезгилдеги чыккандарынын кээ бирөөл
рүндө гана этиштин грамматикалык категорияларынын би
катарында бөлүнүп, туура мүнөздөлө баштагандыгын көрүү
болот.

Кыргыз тилиндеги мамиле категориясы илимий максат
биринчи жолу талдалып отурат. Ошондуктан буга байланы
туу маселелердин камтылышы жана чечилиши жагынан
өйдө-ылдыйдын болбой койбой тургандыгын алдын ала а
та кетүүбүз керек.

МАМИЛЕ КАТЕГОРИЯСЫНЫН ЛЕКСИКО-ГРАММАТИКАЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Мамиле жөнүндө мүнөздөмө

Этиш — сөз түркүмдөрүнүн ичинен негизгилеринин бир
жана мунун да зат атоочтукундай өзүнө тиешелүү грамматика
лык категориялары бар. Бул грамматикалык категориялар -
адам баласынын ойлоосунун өсүшүнүн продуктусу; тилдег
ийкемдүүлүктү тилдик каражат аркылуу берүү үчүн кызма
кылат. Этишке тиешелүү мындай грамматикалык категори
лардын бири болуп мамиле категориясы эсептелет.

Этиш аркылуу берилген кыймыл-аракет же болбосо ал-аба
аны иштөөчү субъект менен да, кыймыл-аракет багытталга
объект менен да ар түрдүү мамиледе болушу мүмкүн. Кыймы
аракетти же ал-абалды билгизүүчү этиштердин өзүнүн субъе
тиси менен объектисине карата болгон мамилесиндеги айырм

[1] С. Кудайбергенов, Ы. Жакыпов, М. Мураталиев. Кы
гыз тили, орто мектептердин 8—10 класстары үчүн, Фрунзе, 195
54—56 бет.

ашкача айтканда, субъект активдүү аракеттенүүчү жак болуп
епталеби, же болбосо ал башка бир жактан келүүчү таасирге
ушар болгон пассивдүү субъектиби же кыймыл-аракет ба-
тталган объект экендигин көрсөтүүчү айырма грамматика-
ык жагынан мамиле категориясы аркылуу берилет. Мамиле
тегориясы кыймыл-аракеттин субъектиси менен объектиси-
карата болгон мамилени билгизет.

Кыймыл-аракеттин субъектиге карата болгон мамилеси жак
үчө аркылуу да берилет. Ал эми объектиге карата болгон мами-
си болсо жөндөмөлөр аркылуу берилет. Мамиле категориясы
өндөмөлөргө жакын, анткени алар да кыймыл-аракеттин объ-
ктиге карата болгон мамилесин билдирет. Бул жагынан алган-
а, мамиле категориясы синтаксис менен да байланыштуу; субъ-
кт жана объектиге карата болгон мамилени билдирүү менен
артталган.

Түркологиялык адабияттардын көпчүлүгүндө мамиле кате-
ориясы бир жактуу каралып келе жатат.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр мамилелик кээ бир мүчөлөрдүн жал-
анышы аркылуу этиш башка жаңы мааниге өткөндүгүнө[1] *(кел-
иш:* аны менен келише албадык) же болбосо этиштик бир
гуга мамиле категориясынын бир канча мүчөлөрүнүн катар
алганышына[2] таянышып, мамилелик мүчөлөрдү сөз жасоочу
еп эсептешет.

Мамилелик мүчөлөрдүн кээде жаңы маанидеги сөз жасай
ургандыгын танууга болбойт, бирок жаңы маанидеги сөздү жа-
абаган учуру менен салыштырганда, аларды жокко эсе десе да
олот. Мамиле мүчөлөрү аркылуу көбүнчө этиштин түпкү лек-
икалык мааниси өзгөрбөйт.

Мисалы: *тургуз* (Керимбек атасына эстелик тургузду), *бас-
ыр* (кечээ кырман бастырдык), *кириш* (жакындан баштап
шке кириштим), *жетил* (жетим жүрүп жетилет) ж. б. Бул сүй-
өмдөрдөгү мамиле формасындагы этиштер жаңы маанидеги
гиштер болуп эсептелинет. Анткени этиштик унгуга мамиле
үчөлөрүнүн жалганышы аркылуу алардын баштапкы мааниси
згөрдү. Мамиле мүчөлөрүсүз, унгусу аркылуу бул маанилерди
соорудить, молотить, приступить) берүүгө мүмкүн эмес. Бирок
уга карап мамиле мүчөлөрү аркылуу дайыма эле этиш-
ик түпкү маани өзгөрөт экен деп ойлоого жарабайт, көп-
үлүк учурда түпкү маани өзгөрбөйт. Мисалы: *кет-кетишти,
ку-окулду, жуу-жуун* ж. б. Ал эми унгуга бир канча мүчөлөр-
үн катар жалганышы болсо (*ут-уш-тур-ул-ду, чеч-ин-дир-т-
е-й-т* ж. б.), болгондо, кыймыл-аракеттин субъект менен объек-

[1] Н. А. Баскаков. Залоги в каракалпакском языке, 5, 9 бет.
[2] А. Х. Фатыхов. Категория залога в башкирском языке, (Автореферат), 10 бет.

тиге карата болгон ар түрдүү мамилесин *бир сөз мен* билдирүү зарылдыгынан жалганган болуу керек. Мамиле мүчөлөр аркылуу этиштик маанинин өзгөргөн жана өзгөр тургандагы экн учурун эсепке алганда, анда сөз жасоо ме сөз өзгөртүүнүн экөөнүн тең белгиси бар деп эсептөөгө бол бирок биринчисине караганда экинчи учуру басымдуулук л лат. Ошондуктан мамиле категориясынын мүчөлөрүн сөз ж соочу деп бир жактуу кароодон көрө кыймыл-аракеттин су ект менен объектиге карата болгон мамилесин морфологиял жагынан билдирүүчү *форма* деп кароо алгылыктуу. Эти тин мамиле категориясынын грамматикадан алган орду бок ча бул маселе биротоло чечилди деп айта албайбыз, бир ошентken менен, кийинки мезгилде түркологиялык адабия тардагы мамиле категориясынын сөз жасоочу мүчө эмести жөнүндө айрым изилдөөчүлөр[1] тарабынан айтылган пикир кубаттайбыз.

Башка түрк тилдеринде жана анын ичинде кыргыз тили да, мамиле категориясынын жасалышы үчүн грамматикалык ражат катарында морфологиялык мүчөлөр пайдаланыл Ошондуктан алар лексикалык эмес, грамматикалык категор болуп эсептелет.

Лексико-семантикалык мааниcине байланыштуу табыш ту ранды менен элестүү сөздөрдүн түзүлгөн этиштерге, сезим жана кыймылдык маанидеги кээ бир этиштерге мамилелик м чөлөр бирдей даражада жалганбайт. Башка сөз түркүмүнөн т зүлгөн этиштин калган бардык түрүнө жалганып, алардан ка лаган мамиленин формасын жасоого болот. Бул жагынан а ганда түрк тилдеринде мамиленин өзүнчө грамматикалык кат гория катарында бардыгына эч шек кылууга болбойт. Индоевр па тилдеринде мамиле этиштердин башка этиштерге караган жакталышы да жана жакталгандагы жак мүчөлөрү да башк ча; өзүнчө жакталыш парадигмасына жана жак мүчөлөрү ээ. Ал эми түрк жана финно—угор тилдеринде болсо мами категориясы бул касиетке ээ эмес. Ошондуктан маселенин уш жагын гана эске алып, бул тилдерде мамиле категориясы жо деген пикир негизсиз. Анткени түрк тилдеринин өзүнүн гра матикалык түзүлүш өзгөчөлүгүнө байланыштуу баяндоочту милдет аткаруучу сөздөрдүн бардыгы атооч жана этиштигин карабастан, жакталыштын бирдей парадигмасы жана бирде жак мүчө менен өзгөрөт (жак мүчөнүн толук жана толук эм

[1] Караңыз: Э. В. Севортян. Аффиксальное глаголообразование азербайджанском языке (Автореферат докторской диссертации), М, 195 48 бет. А. Юлдашев. Система словообразования и спряжения в ба кирском языке (Автореферат докторской диссертации), М, 1956, 16 бе А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературно языка, М.—Л., 1956, 190 бет.

формасын эсепке албаганда). Башкача айтканда, түрк тилдеринде жакталыштын немец тилиндегидей «слабые», «сильные» же орус тилиндегидей «первое спряжение», «второе спряжение» деген түрү жок, бардыгына жалпы болгон жакталыштын бир гана түрү бар. Ошондуктан түрк тилдеринде мамиле категориясынын бар, жоктугун аныктоодо индоевропа тилдеринин материалы критерия боло албайт.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринде мамилелик мүчөлөр кыймыл-аракеттин күчөтүлүшүн же басаңдашын билдирүүчү формалардан башка бардык учурда этиштин туунду жана туураса түрүнө тикеден тике жалганат, калган мүчөлөр андан кийин келет. Мисалы: *иштет* (<иш+ла+т), *жазылган; ыйламсырат* (<ыйла+мсыра+т), *күлүмсүрөшүү* (<күл+ымсыра+ш+ш+ты) ж. б.

Мамиленин мүчөлөрү азыркы тилдерден гана эмес, байыркы түрк тилдеринин (V—VIII к.) эстеликтеринен да кезигет. Мисалы:[1] *алынмышым*—алынганмын, *катыгланғыл* — катуугангын (кайраттангын), *адырылдым* — айрылдым, *өлүрүм* — өлтүрдүм, *адырындым* — айрылдым, таш *токытым* — таш токуттум (тургуздум), *кулунтум* — алдым, *күчлендүр* — күчтөндүр, *йитдүрдүм* — житирдим; көңүл *тургуруп* — көңүл көтөрүп, *таркар*—таркат, *өглесип*—ойлошуп, *богузланту* — мууздалды ж. б.

Бул келтирилген мисалдардан мамиленин мүчөлөрү (-ын, -ыл, -ыш, -р, -т ж. б.) кыймыл-аракет менен субъект жана объектинин ортосундагы мамилени билгизүүчү грамматикалык форма катарында байыркы убактан бери эле жашап келаткандыгын көрүүгө болот. Бирок тилдин өсүү процессинде мамиле мүчөлөрүнүн кээ бирөөлөрү сан жана сапат (маани) жагынан да өзгөрүүгө дуушар болгону байкалат. Натыйжада байыркы убактагы колдонулган мамиленин айрым формаларынын ордуна азыр башка форма колдонулганы байкалат. Мисалы, байыркы уйгур эстеликтеринде таркар — рассеивать, разгонять делинип которулган да, -кар принудит. деп берилген.[2] Буга роттацизм боюнча -каз мүчөсү туура келиши керек эле, бирок бул туура келбей, мааниси боюнча *тарка* деген этиштин аркылуу мамиле формасы *таркат* туура келет. Бирок мындан д||з||т||й тыбыштарынын ортосундагыдай алмашуу «р» менен «т» нын ортосунда да бар экен деп ойлоого жарабайт. Болгондо, мында *тарка* деген этиштен аркылуу мамиле бирде -р (*ич — ичир*), бирде -т менен жасалган болуу керек

[1] С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков, М.—Л., 1952. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, М.—Л., 1951, (транскрипциясы өзгөртүлдү).

[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 194 бет.

тиге карата болгон ар түрдүү мамилесин *бир сөз мен* билдирүү зарылдыгынан жалганган болуу керек. Мамилел мүчөлөр аркылуу этиштик маанинин өзгөргөн жана өзгөрб тургандагы эки учурун эсепке алганда, анда сөз жасоо мен сөз өзгөртүүнүн экөөнүн тең белгиси бар деп эсептөөгө боло бирок биринчисине караганда экинчи учуру басымдуулук к лат. Ошондуктан мамиле категориясынын мүчөлөрүн сөз ж соочу деп бир жактуу кароодон көрө кыймыл-аракеттин суб ект менен объектиге карата болгон мамилесин морфологияль жагынан билдирүүчү *форма* деп кароо алгылыктуу. Этиш тин мамиле категориясынын грамматикадан алган орду боюн ча бул маселе биротоло чечилди деп айта албайбыз, бир ошенткени менен, кийинки мезгилде түркологиялык адабия тардагы мамиле категориясынын сөз жасоочу мүчө эместиг жөнүндө айрым изилдөөчүлөр[1] тарабынан айтылган пикирл кубаттайбыз.

Башка түрк тилдеринде жана анын ичинде кыргыз тилинд да, мамиле категориясынын жасалышы үчүн грамматикалык к ражат катарында морфологиялык мүчөлөр пайдаланыла Ошондуктан алар лексикалык эмес, грамматикалык категори болуп эсептелет.

Лексико-семантикалык маанисине байланыштуу табыш туу ранды менен элестүү сөздөрдүн түзүлгөн этиштерге, сезимд жана кыймылдык маанидеги кээ бир этиштерге мамилелик м чөлөр бирдей даражада жалганбайт. Башка сөз түркүмүнөн т зүлгөн этиштин калган бардык түрүнө жалганып, алардан ка лаган мамиленин формасын жасоого болот. Бул жагынан ал ганда түрк тилдеринде мамиленин өзүнчө грамматикалык кат гория катарында бардыгына эч шек кылууга болбойт. Индоевро па тилдеринде мамиле этиштердин башка этиштерге караганд жакталышы да жана жакталгандагы жак мүчөлөрү да башка ча; өзүнчө жакталыш парадигмасына жана жак мүчөлөрүн ээ. Ал эми түрк жана финно—угор тилдеринде болсо мамил категориясы бул касиетке ээ эмес. Ошондуктан маселенин ушу жагын гана эске алып, бул тилдерде мамиле категориясы жо деген пикир негизсиз. Анткени түрк тилдеринин өзүнүн гра матикалык түзүлүш өзгөчөлүгүнө байланыштуу баяндоочту милдет аткаруучу сөздөрдүн бардыгы атооч жана этиштигин карабастан, жакталыштын бирдей парадигмасы жана бирде жак мүчө менен өзгөрөт (жак мүчөнүн толук жана толук эме

[1] Караңыз: Э. В. Севортян. Аффиксальное глаголообразование азербайджанском языке (Автореферат докторской диссертации), М, 195 48 бет. А. Юлдашев. Система словообразования и спряжения в баш кирском языке (Автореферат докторской диссертации), М, 1956, 16 бет А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературног языка, М.—Л., 1956, 190 бет.

формасын эсепке албаганда). Башкача айтканда, түрк тилдеринде жакталыштын немец тилиндегидей «слабые», «сильные» же орус тилиндегидей «первое спряжение», «второе спряжение» деген түрү жок, бардыгына жалпы болгон жакталыштын бир гана түрү бар. Ошондуктан түрк тилдеринде мамиле категориясынын бар, жоктугун аныктоодо индоевропа тилдеринин материалы критерия боло албайт.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринде мамилелик мүчөлөр кыймыл-аракеттин күчөтүлүшүн же басаңдашын билдирүүчү формалардан башка бардык учурда этиштин туунду жана түбаса түрүнө тикеден тике жалганат, калган мүчөлөр андан кийин келет. Мисалы: *иштет* (<иш+ла+т), *жазылган; ыйламсырат* (<ыйла+мсыра+т), *күлүмсүрөшүү* (<күл+ымсыра+ш+ты) ж. б.

Мамиленин мүчөлөрү азыркы тилдерден гана эмес, байыркы түрк тилдеринин (V—VIII к.) эстеликтеринен да кезигет. Мисалы:[1] *алынмышым*—алынганмын, *катыгланғыл* — катуу-тангын (кайраттангын), *адырылдым* — айрылдым, *өлүрүм* — өлтүрдүм, *адырындым* — айрылдым, таш *токытым* — таш токуттум (тургуздум), *кулунтум* — алдым, *күчлендүр* — күчтөндүр, *йитдүрдүм* — житирдим; көңүл *тургуруп* — көңүл көтөрүп, *таркар*—таркат, *өглесип*—ойлошуп, *богузланту* — мууздалды ж. б.

Бул келтирилген мисалдардан мамиленин мүчөлөрү (-ын, -ыл, -ыш, -р, -т ж. б.) кыймыл-аракет менен субъект жана объектинин ортосундагы мамилени билгизүүчү грамматикалык форма катарында байыркы убактан бери эле жашап келаткандыгын көрүүгө болот. Бирок тилдин өсүү процессинде мамиле мүчөлөрүнүн кээ бирөөлөрү сан жана сапат (маани) жагынан да өзгөрүүгө дуушар болгону байкалат. Натыйжада байыркы убактагы колдонулган мамиленин айрым формаларынын ордуна азыр башка форма колдонулганы байкалат. Мисалы, байыркы уйгур эстеликтеринде таркар — рассеивать, разгонять делинип которулган да, -кар принудит. деп берилген.[2] Буга роттацизм боюнча -каз мүчөсү туура келиши керек эле, бирок бул туура келбей, мааниси боюнча *тарка* деген этиштин аркылуу мамиле формасы *таркат* туура келет. Бирок мындан д‖з‖т‖й тыбыштарынын ортосундагыдай алмашуу «р» менен «т» нын ортосунда да бар экен деп ойлоого жарабайт. Болгондо, мында *тарка* деген этиштен аркылуу мамиле бирде -р (*ич — ичир*), бирде -т менен жасалган болуу керек

[1] С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков, М.—Л., 1952. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, М.—Л., 1951, (транскрипциясы өзгөртүлдү).

[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 194 бет.

жана *тарка* деген этиштеги -к а аркылуунун мүчөсү де С. Е. Малов көрсөткөн кар мүчөсүнүн элементи эмес эле т ра сыяктуу өз алдынча этиш да болушу мүмкүн.

Бир мүчөнүн ордуна ошол эле мамиленин экинчи бир мүч сүнүн колдонулушу өздүк менен туюк мамиледен да кезиге Мисалы, орхон-енисей эстеликтеринен *а д ы р ы н т ы м, а д ы р ы л т ы м* деген сөздөр кезигет. Булар формасы жагынан б ри өздүк, бири туюк мамиле болгону менен, мааниси жагына туюк мамиленин маанисин билдирет. Мындагы кызыгышту нерсе — азыркы кыргыз тилинин нормасы боюнча буларды ө дүк мамиленин мүчөсүн жалгоо аркылуу байыркы тилдерде дей кылып туюк мамиленин маанисинде айтууга мүмкүн эме тиги. Бул сөздөрдү -н менен айтууга мүмкүн болбогон менен кыргыз тилинде азыр да кээ бир этиштер **-н** аркылуу туюк ма миленин маанисинде колдонулат. Байыркы түрк тилдеринен жо горто келтирилген мисалга караганда *мурунку убакта өздү менен туюк мамиле формалдык белгилери боюнча бири-бир менен так ажыратылбаган деп* кароого туура келет. Азырк учурда да **-н** дин туюк мамиле маанисинде колдонулушу ошо нун калдыгы болуу керек.

Мамиленин кээ бир мүчөлөрү унгу менен ушунчалык бекем ширешип кеткен, азыркы кыргыз тилинин материалы боюнч аларды морфологиялык жагынан унгу жана мүчөгө ажыратууга эч мүмкүн эмес. Азыр алар көпчүлүк түрк тилдеринде (кыргыз да да) унгу катарында кабыл алынат. Бирок байыркы жана азыркы кээ бир тектеш тилдерде алардын унгусу лексикалык маанige ээ. Мисалы, кыргыз тилинде мамиле мүчөлөрү жалган ган *ойгон, ойгот* деген этиш бар. Булардын унгусу «ойго» деген этиш болушу мүмкүн. Бул сөз кыргыз тилинин материалы боюн ча морфологиялык составга өз ара бөлүнбөйт. Бирок байыркы түрк тилдеринде *одгур* (пробуждать) —ойгот, *одун* (просыпаться от сна) —ойгон болуп кездешет. Мындагы-гур мүчөсүн аркылуу нун, **-н** ди өздүк мамиленин мүчөсү деп алсак, анда мунун унгу су деп *од, оду* ну эсептөөгө туура келет. *-д* нын *-й* га өтүшүн байланыштуу кыргыз тилинде ал *ой* болуп, *ойгон, ойгот, ойго* деген сөздөрдүн унгусунда сакталган. «Ойгонуу» деген маанидеги оду менен «укта» деген маанидеги *уду, узу, уту* (<у—уйку) деген этиш морфологиялык түзүлүшү, фонетикалык закон че немдүүлүгү жана семантикалык жакындыгына караганда генетикалык жагынан байланышта болуу керек, бирок о>у азырынча белгисиз. Булар акыл-ойдун өсүшүнө байланыштуу тилдеги жаңы пайда болгон түшүнүктөрдү берүү зарылдыгына карата сөз жасоонун тыбыштарынын өзгөрүшү же болбосо лексико-семантикалык жолу боюнча башка мааниге өтүп кетиши мүмкүн.

Мүчө өзүнчө турганда мааниге ээ болбогону менен, тарыхый жагынан маани берүүчү бүтүн сөз менен байланышат, б. а. мүчө сөздөн келип чыккан деген теория тил илиминде көптөн бери келатат. Чындыгында эле кээ бир мүчөлөрдүн бүтүн сөздөн чыккандыгын түрк жана башка тилдердин фактыларынан көрүүгө болот, бирок мындай мүчөлөрдүн саны өтө эле аз. Ошондуктан мүчөнүн тарыхый жагынан өсүшү жалаң гана бүтүн сөздүн мүчөгө айланышы аркылуу болбостон, башка жолдор аркылуу да болгон болуу керек. Кээ бир мүчөлөр (мамилелик) унгу этиштин аягындагы структуралык элементтерден да чыгышы мүмкүн. Этиштердин аягында көп келүүчү ажырагыс көрүнүктүү структуралык элементтер өзүнүн баштапкы сөздүк структурасын бузбай туруп, ассоциация боюнча этиштин ички маанисин билдирүү үчүн колдонулуп, бара-бара акырындык менен мүчө катарында калыпташып кетиши да мүмкүн. Мамиленин мүчөсү менен окшош тыбыштар бир муундуу жана эки муундуу этиштерден кезигет. Бир муундуу этиштерде бул тыбыштардын мүчөлүгү эч байкалбайт, алар анын ажырагыс элементи катарында кабыл алынат. Ал эми эки муундуу этиштерде болсо структуралык элементтин мүчө экендиги ачык көрүнөт. Бир муундууга караганда эки муундуу этиштеги структуралык элементтердин мүчөгө айланышы алгылыктуу болгон болуу керек[1] деп, мамилелик мүчөлөрдү унгунун аягындагы тыбыштык элементтер менен байланыштырган болжолдоолор да бар.

Академик В. В. Виноградов башта негизги (действительный) жана туюк (страдательный) мамиле категориялары бирбиринен айрылбаган. Бул айырма активдүү этиштерди (кыймыл этиштерди) пассивдүү этиштер (абалдык этиштер) менен карама каршы коюудан келип чыккан. Этиштердин объектилик жана субъектилик болуп бөлүнүшүнөн мамиле категориясы энүккөн. Туюк мамиле да бул айырманын негизинде түзүлгөн жана мындан негизги оборот (активдүү) менен туюк (пассивдүү) оборотту карама каршы коюу келип чыккан[2]—деп көрсөтөт.

Кыргыз тилиндеги мамиле категориясы да кыймыл-аракеттин субъектиге карата болгон мамилесинин салыштырмалуулугунан чыккан болуу керек. Анын үстүнө азыркы кездеги мамиленин түрлөрү да тилде пайда болуу мезгили жагынан бирдей эместиги байкалат. Анткени азыркы тилдин нормасы боюнча туюк мамиле формасында колдонулуучу кээ бир этиштер ба-

---

[1] Кара: Л. Н. Харитонов. К вопросу о происхождении некоторых глагольных аффиксов в якутском языке, Уч. зап. ИЯЛИ Якутского филиала АН СССР, вып. III, 1955, 146 бет.

[2] В. В. Виноградов. Русский язык (Грамматическое учение о слове), М., 1947 ж., 617, 622 бет.

йыркы эстеликтерде (Куль-Тегиндин, Тоньюкуктун) негизг
мамиле (действительный) катарында мүчөсүз колдонулга
(бул жөнүндө түюк мамиле бөлүмүн караңыз). Болгондо, түр
тилдеринде да башта этиштер азыркыдай негизги жана түю
болуп бөлүнбөгөн болуу керек.

Түрк тилдеринде азыр мамилелик мааниде колдонулууч
мүчөлөр **-ыл, -ын** монгол тилдеринен да кездешет. **Мисалы**
монг. силги -ни -кырг. силкин, дейил—женил ж. б. Түрк жан
монгол тилдеринде да **-ыл** аркылуу түзүлгөн кээ бир сөздөр
дөн мамилелик маани эч сезилбейт. Мисалы: монг. *шахи* (бу
рят-монг. сахи), *цахилгаан* (бурят-монг. сахилгаан); монго
тилдериндеги ц, с=кырг. тилиндеги ч; кырг. чак, башка түр
тилдеринде сах, шак; кыргызча *чагылган*, башка тилдерде *са
гылган, шагылган*; монг. *цуглах* (собирать), бурят-монг. суг
ларха (собираться; сходиться, съезжаться) (в одном месте
(иногда скучиваться); кырг. *чогул, чогуу*. Салыштыр: турция
ча *жок*—көп, *жожи*[1]—грамматикалык термин—көптүк сан; ту
вача *шог*—кучевой: шог жагар булуттар—кучевые облака. Де
мек, келтирилген салыштырма материалга караганда, кырги
тилиндеги *чогул* деген этиштин үнгусун *чок||жок, шок* деп ка
роого туура келет. Ушу сыяктуу эле монгол тилиндеги «суглах
деген этиш жөнүндө да айтууга болот. Мындан этиштин белги
сиз түрүнүн мүчөсүн (-ах) алып таштасак, «сугл» структура
сы боюнча кырг. *чогул* дан эч айырмасыз. Мындагы *л* дин ал
дында кууш үндүү тыбыш болуп, бирок ал басымсыз үндүү
болгондуктан түшүп калган болуу керек. Бирок кыргыз тилин
де *чогул* да, *чагыл* да *-л* мүчөсү катышканы менен, түюк мами
ле маанисинде эмес, жөнөкөй эле этиштик мааниде; түюктук
маани буларга дагы кошумча мүчөлөрдү жалгоо аркылуу бе
рилет: *чогултул, чагылтыл*.

Бул мүчөлөрдүн (**-ыл, -ын** дын) түрк жана монгол тилде
ринен кезигиши жөнүндө эки түрдүү болжолдоого болот:
1) булар аркылуу жасалган туундуу сөздөр түрк тилдеринен
монгол тилдерине кирген болуу керек, анткени-ыл мүчөсү мон
гол тилдеринде өнүмсүз; 2) же болбосо **-ыл, -ын** мүчөсү башта
түрк жана монгол тилдери үчүн жалпы болгон болуу керек.
Монгол жана түрк тилдеринде азыркы кездеги мамиле фор
маларынын ар түрдүүлүгүнө караганда алардын мамилелик
мааниде колдонулушу түрк тилдеринин негизинде болгон бо
луу керек.

ӨТМӨ ЖАНА ӨТПӨС ЭТИШТЕР

Этиштин лексикалык мааниси болуп анын кыймыл-аракетти
же болбосо ал-абалды билгизгендиги эсептелет. Этиш аркылуу
берилген кыймыл-аракеттин кээ бирөө бирдемени иштөөгө

(объектиге) тике багытталса, кээ бирөө тике багытталбайт, башкача айтканда, кээ бирөө объектинин табыш жөндөмөдө турушун талап кылса, кээ бирөө табыштан башка жөндөмөлөрдө болушун талап кылат же болбосо башкарат. Жөндөмөлөр менен мындай байланыштуулугуна карата этиш өтмө жана өтпөс болуп экиге бөлүнөт.

Өзүнүн маанисн боюнча тике толуктоочтун табыш жөндөмөдө болушун талап кылуучу этиштер өтмө (переходные) этиштер деп аталат. Мисалы: ал (эмнени? китепти), чап (эмнени? атты), кес (эмнени? кайышты), көр, жаз, оку ж. б.

Кээ бир этиштер өзүнүн маанисн боюнча табыш жөндөмөсүн эмес, башка жөндөмөлөрдү талап кылат. Мындай этиштер өтпөс (непереходные) этиштер деп аталат. Мисалы, жүр, тур, кел, отур, күл, кет жөнө, укта, үшү, оона ж. б.

Башка түрк тилдериндегидей кыргыз тилинде да этиштин өтмө жана өтпөстүгү мүчө аркылуу берилбестен, ушгу же болбосо туунду этиштик негиз аркылуу берилет. Ошондуктан өтмө жана өтпөс категориясы түрк тилдеринде морфологиялык эмес, лексикалык категория болуп эсептелет. Этиштердин мындай өтмө жана өтпөстүгү алардын лексикалык мааниси менен байланыштуу. Өтпөс этиштерге көбүнчө ал-абалды (*отур, тур, жүр, жат, оору, айык* ж. б.), мейкиндиктеги кыймылды (*чурка, бас, кел, кет* ж. б) жана бир абалдан экинчи абалга өтүүнү билгизүүчү (*кызар, агар, бозор, жумшар, музда, жашар, семир, арыкта, тоң* ж. б.) этиштер кирет. Өтпөс этиштер өздөрүнүн маанисн боюнча аракетти билгизбегенден кийин, алар башка бир нерсени иштөөгө тике багытталбайт, пассивдүү келет. Ошондуктан өтпөстүк маани буларга мүнөздүү.

Мамилелик мүчөлөр жалганган учурда алардын өтмө, өтпөстүк маанисн өзгөрөт. Аркылуу мамиленин мүчөсү менен өтпөс этиш өтмөгө (күл—күлдүр, укта—уктат, отур—отургуз, *жат-жаткыр* ж. б.), түюк мамиленин мүчөсү аркылуу, тескерисинче, өтмө этиш өтпөс этишке (*жаз—жазыл, кур—курул, оку—окул, түй—түйүл*) айланат.

Жогорку айтылгандардын негизинде кыргыз тилиндеги бардык этиштер өтмө жана өтпөстүк маанини билдирүү жолдору боюнча экиге бөлүнөт:

1) лексикалык өтмө жана өтпөс этиштер,
2) грамматикалык өтмө жана өтпөс этиштер.[1]

Биринчи группага тууңду жана тубаса болсо да өзүнүн маанисн боюнча тике объектиге багытталуучу жана багытталбоочу

[1] Өтмө жана өтпөс этиштердин мындайча болуп бөлүнүшүнүн ...ъ-жа-боюнча А. Х. Фатыховдун эмгеги (Категория залога в ба...гары-языке, (автореферат) эске алынды. ...менен

этиштер кирет. Мисалы: же, ич, кеч, кес, камчыла, жылуу ыйла, кел, бар, тур, жат ж. б.

Экинчи группага мамиленин ар түрдүү формаларында ту ган этиштер кирет:

1) үнгусу өтмө жана өтпөс болсо да, аркылуу мамиле фо масында дайыма өтмө этиш болушат, башкача айткан аркылуу мамиленин мүчөлөрү менен өтмө маанидеги га этиштер түзүлөт;

2) өздүк жана туюк мамиле формасындагы этиштерд кыймыл-аракети тике объектиге багытталбайт, башкача ай канда, бул формаларда этиш өтпөс этиш болот (Мисал жуу—эмнени? жуун—эмнеге?);

3) кош мамиленин грамматикалык формасы этиштик ун нун өтмө жана өтпөстүк маанисине таасирин тийгизбейт. Ошо дуктан кош мамиле формасындагы этиштер өтмө жана өтп болушу мүмкүн. Айрым учурда башка түрк тилдериндеги сыя туу кыргыз тилинде да өтмө этиштер өтпөс этиштин маанисин колдонулуп калышы мүмкүн. Мындай учур сүйлөмдө ээ б луп түшкөн субъектинин мамиле этиш аркылуу берилген а абалын, кызматын башкалардын ал-абалына, кызматына с лыштырганда кезигет. Мисалы: Алымбек көптөн бери бала ок *тат* (башка жумушту эмес, жалпы эле бала окутат (мугалим дик кылат) деген мааниде.

Өтмө этиштердин өтпөстүк мааниде колдонулушу этишт маанинин дифференцияланышы менен да шартталган. Мисал ы: *чап*. Мындай алганда ал (эмнени?) өтмө этиш. Эгерде бу *жүгүр, чурка* деген мааниде колдонулса, башкача айтканда кыймылдык мааниде берилсе, өтпөс этиш. Эгерде аракетти мааниде (атты чап, кылыч чап ж. б.) колдонулса, өтмө этиш тик маанини берет. Кыскасы, кандай мааниде колдонулгандыгына байланыштуу өтмө этиштер өтпөс этиштик мааниде кол донулуп калышы мүмкүн. Салыштыр: окуучу *китепти* үстөлг *койду—кой*, баламы тынч отур. Биздин жоокерлер душманга ка туу *сокку урду* (мында *урду* «берди» деген мааниде, ошо дуктан ал бул сүйлөмдө *катуу соккуну урду* деп колдону байт)—Топ менен *жыгачты урду*. Биринчи сүйлөмдө «ур» ө пөс этиштик мааниде, экинчи сүйлөмдө өзүнүн өтмө этишти маанисинде.

Кээде, тескерисинче, өтпөс этиштер да тике объект мене айкашат деп А. Х. Фатыхов туура байкаган. Бирок башкы тилиндегидей барыш жөндөмөсүнүн түшүп калгандагы объек менен эмес, табыш жөндөмөсүндөгү объект менен айкаша гондо, бул грамматикалык өтпөс этиштин үнгу түрүндөг Этикалык өтмө мааниси менен жана этиштин башкача маа же бололдонулгандыгы менен байланышкан болуу керек. Ми берилген бетинди жуун, кол-аягынды жуун, чачынды тара

шаарга жүр—көп *жолду жүрүп* келдик (басып келдик деген мааниде ж. б.).

Өтмө этиштер адатта конкреттуу затка багытталат да, аны кандайдыр бир өзгөрүшкө дуушар кылат же болбосо аны ошол кыймыл-аракеттин продуктусу, натыйжасы катарында кылып көрсөтөт. Мисалы: катты жаз, газетти оку, үйдү кур ж. б.

Өтмө этиш багытталган объект дайыма эле табыш жөндөмөсүнүн формасы аркылуу берилбестен, кээде ал чыгыш жөндөмөсүнүн формасында да болушу мүмкүн. Мындай учурда кыймыл-аракет объектини бүт бойдон кучагына албастан, объект болуп түшкөн заттын, башкача айтканда, бүтүндүн бөлүгүнө багытталат. Мисалы: *жалдан* карма, *нандан* ал, *буттан* чал ж. б. Кээде өтмө этиш барыш жөндөмөсүндөгү сөздөр менен да айкашып айтылат. Мисалы, мага карады, газетти карады ж. б. Мында кара өтмө этиш болгону менен, булардын объектиге карата болгон мамилеси башкача. Так айтканда, табыш жөндөмөдөгү объектиге кыймыл-аракет толук багытталат да, ошого өтөт. Ал эми барыш жөндөмөсүндөгү объектиге болсо өтпөйт, кыймыл-аракет ошого гана багытталат. Кээ бир этиштердин мындай бир эмес, бир канча жөндөмөлөрдү башкарышы алардын затка багытталыш баскычынын ар түрдүүлүгү менен байланыштуу болушу мүмкүн.

Байыркы түрк тилдеринин материалына караганда, *этиштердин өтмө жана өтпөстүгү тарыхый жагынан азыркыдай так дифференцировать этилбеген*, демек, мындай болуп бөлүнбөгөндүгү байкалат (бул жөнүндө башкаруу бөлүмүн караңыз).

Тилдин тарыхый өсүшүнө байланыштуу кээ бир этиштер өз алдынчалыгын жоготушуп, мамиле этиштин мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу өтмө жана өтпөс этиштик мааниде колдонула берет. Булардын үнгусу азыркы убакта өз алдынча колдонулбагандыгына байланыштуу башта алардын өтмө же болбосо өтпөс мааниде болгондугу белгисиз. Мисалы, *үйрөн* (<үй—рө+н), *үйрөт* (<үй—рө+т) ж. б. Кээ бир этиштер маанисинин өзгөрүшүнөн да башта өтмө маанидеги этиш өтпөскө же болбосо тескерисинче да болушу мүмкүн.

Этиштердин мааниси жагынан өтмө жана өтпөс болуп бөлүнүшү мамиле категориясынын түзүлүшүндө гана эмес, сүйлөм курулушунун айрым маселелери боюнча да (сүйлөм мүчөлөрү) ролу чоң. Мааниси жагынан этиштердин өтмө жана өтпөс болуп бөлүнүшү сүйлөмдү өзгөрүүгө алып келген. Так айтканда, башта сүйлөм субъект жана предикаттан гана тура турган болсо, кийин мааниси жагынан этиштердин өтмө жана өтпөс болуп дифференциацияланышы аркылуу белгилүү өлчөмдө тилде объектинин тагыраак берилишине жардам берген. Демек, өтмө жана өтпөс этиштер сүйлөмдөгү объектинин такталыш шарттарынын бири катарында, мамиле категориясы болсо объект менен

субъектиге карата болгон мамиленин ар түрдүүлүгүн билги
чү каражат деп эсептелиниши керек.

Бул жогоркулар менен байланышта объектилүү жана с
ектисиз сүйлөм жөнүндө да айта кетүү керек.

Баяндоочу аркылуу мамиле формасындагы этиштен бо
сүйлөм ар дайым объектилүү болот. Мисалы: Мен бал
окуттум. Коногумду жөнөттүм ж. б.

Тескерисинче, баяндоочу өздүк жана туюк мамиле фор
сындагы этиштен болгон сүйлөмдө ээ менен толуктооч бир
аркылуу берилгендиктен, ал сүйлөмдө табыш жөндөмөсү
гү тике толуктооч колдонулбайт. Мисалы: Кир жуулду.
көн жуунду ж. б. Мындай учурда сүйлөмдүн ээси кээде суб
жана объект да маанисинде же болбосо логикалык толук
грамматикалык ээлик маанисинде колдонулат да, сүйлөм
ектисиз болуп калат.

Кээ бир тилдерде бир эле этиш өзүнүн маанисинин түр
лүгүнө байланыштуу өтмө жана өтпөс мааниде колдонул
мүмкүн. Же болбосо бир тилде өтмө мааниде колдонулса, о
эле этиш экинчи бир тектеш тилде өтпөс мааниде колдону
калышы мүмкүн. Мисалы, кыргыз тилинде арт (жүктү а
өтмө мааниде жана (көп нерсеси артты) өтпөс мааниде ко
нулса, кээ бир тектеш тилдерде(мисалы, азербайжан) ө
мааниде эмес, «көбөй» деген мааниде өтпөс этиш катары
колдонулат. Минтип айрым этиштердин кээ бир тилдерде ө
кээ бирөөндө өтпөс мааниде колдонулушу жана байыркы э
ликтерде өтпөс этиштердин табыш жөндөмөсүн башкары
(*Ану субуг баралум*) этиштер тарыхый жагынан өтмө ж
өтпөскө бөлүнбөгөн болуу керек деген болжолдоого алып
лет. Этиштердин азыркы кезде грамматикалык түрдүүчө м
ниде (кээ бирөөндө өтмө, кээ бирөөндө өтпөстүгү) болу
ошол тилде сүйлөөчүлөр тарабынан кандай мааниде ка
алышына байланыштуу болуу керек.

Жогоркуларды жыйынтыктап келип, өтмө жана өтпөс этиш
тер маселеси мамиле категориясы менен туура келбейт, эко
эки башкача каралышы[1] мүмкүн деп айтууга болот. Анткени
биринчиден, өтмө жана өтпөс этиштер грамматикалык жак
эмес, семантикалык жактан аныкталса, мамиле категория
тескерисинче, грамматикалык категория катарында морфоло
жагынан мүнөздөлөт. Экинчиден, мамилелер субъект ме
кыймыл-аракеттин объектисинин ортосундагы грамматика
мамилени билгизсе, өтмө жана өтпөс этиштер кыймыл-ара
тин объектиге карата болгон мамилесин же болбосо мындай
миленин жоктугун билгизет. Ошондуктан өтмө жана өт

[1] Кара: Э. В. Севортян. Аффиксальное глаголообразование в аз
байжанском языке. (Автореферат) 48 бет.

этиштер мамиле категориясы менен маселенин бир жак жагы
менен гана байланышат, бирок «бири-бири менен дал келиш-
пейт».[1]

Мамиле категориясынын түрлөрү

Мамиле категориясы кыймыл-аракеттин субъектиге жана
объектиге, башкача айтканда, затка карата болгон мамилесин
илдирет. Синтаксистик жагынан алып караганда, кыймыл-
аракеттин затка карата болгон мамилесин аныктоо — ээ же
болбосо аныкталгыч болуп түшкөн зат баяндоочтук же болбосо
аныктоочтук милдет аткарган этишке объектиби же субъекти-
би, эгерде субъект болсо кандай субъект (реалдуу, реалдуу
эмес субъект) экендигин белгилөө болуп эсептелет.

Этиштик баяндооч туюк жана аркылуу мамиледен башка
мамилелер формасы аркылуу берилсе, кыймыл-аракетти иште-
ген грамматикалык субъект болуп эсептелет. Бирок этиштик
негиз мамиленин кайсы формасында тургандыгына байланыш-
уу субъект кыймыл-аракет процессинде ар түрдүү болушу
мүмкүн. Эгерде этиш негизги мамиледе берилсе, зат аркылуу
берилген субъект реалдуу, кыймыл-аракеттин тикеден тике иш-
өөчүсү экендиги көрсөтүлөт. Мисалы: киши сүйлөдү, сүй-
өгөн киши ж. б. Кыймыл-аракетти иштөөчү зат реалдуу эмес
олушу да мүмкүн. Эгерде этиш аркылуу мамиле формасы ме-
ен берилсе, кыймыл-аракет грамматикалык субъект тарабы-
ан эмес, объект тарабынан иштелгени көрсөтүлөт, субъект
бъектини иш иштөөгө түртөт; кыймыл-аракетти реалдуу иш-
еген субъект эмес, объект болуп эсептелет. Мисалы:
там өтүкчүгө өтүк тиктирди ж. б. Эгерде этиштик не-
из туюк мамиле формасында болсо, грамматикалык субъект
ыймыл-аракетти башынан өткөрөт, ага дуушар болот же бол-
осо кээде логикалык объект да болушу мүмкүн. Мисалы:
п чабылды, колхозчулар газетага жазылды ж. б. Граммати-
ык субъект өзүнүн кыймылына өзү объект да болушу мүм-
кыймыл-аракет өзүнүн субъектисинин сферасынан башка
акка таралбайт. Мындай учурда этиштик негиз өздүк мамиле
ркылуу берилет. Мисалы: жуунду, курчан ж. б. Субъект
ыймыл-аракетти иштөөдө өз ара же болбосо биргелешип бир-
ей укукта да болушу мүмкүн (кош мамиле). Мисалы:
рушту, күлүштү. Ушинтип, мамиле формасындагы этиштердин
убъектилерин реалдуу жана реалдуу эместиги боюнча ал-
нда негизги, өздүк, кош мамиле формасындагы этиштердин
штөөчү субъектиси реалдуу, грамматикалык ээ, ал эми аркы-
уу жана туюк мамиледе болсо, иштин чыныгы иштөөчүсү бо-
уп грамматикалык субъект эмес, объект эсептелет. Ошондуктан

[1] Э. В. Севортян. Аталган эмгек, 48 бет.

мамиленин бул түрлөрүндө грамматикалык ээ реалдуу субъ
болбойт. Бул жалпы айтылгандан туюк мамиленин сыртка
гып кеткен учуру да болот. (Бул жөнүндө туюк мамиле б
мүн карацыз).

Кыймыл-аракеттин жогоркудай субъектиге жана объе
ге карата болгон мамилесине ылайык мамиле категориясы
төмөнкүдөй түрлөрүн белгилөөгө болот: 1) негизги, 2) өз
3) кош, 4) аркылуу, 5) туюк.

НЕГИЗГИ МАМИЛЕ

Туунду жана тубаса этиштер мамиле формаларынын жа
лышы үчүн негиз болуп кызмат кылышат. Ошондуктан а
негизги мамиле болуп эсептелинет. Морфологиялык жагы
негизги жөндөмө башка жөндөмөлөр үчүн кандай болсо, не
ги мамиле да калгандары үчүн ошондой. Негизги мамиле ба
мамиле формаларынан өзүнө тиешелүү мүчөсүнүн жоктугу
юнча айрылат; мамилелик маани мында этиштик үнгу же н
аркылуу лексикалык жол менен берилет. Негизги мамиле м
фологиялык составы жагынан туунду, тубаса, лексико-грам
тикалык жагынан өтмө, өтпөс, демек, активдуу жана пассив
болушу мүмкүн.

Мааниси жагынан негизги мамиле кыймыл-аракеттин ээ
рабынан иштелгендигин билдирүү үчүн гана жайынча айт
гандыгы менен мүнөздөлөт. Эгерде ээнин кыймыл-аракет
субъект же объект экендигин көрсөтүү зарыл болсо, анда эл
башка мамилелердин формасын кабыл алат. Мындай учур
кыймыл-аракеттин ээге карата болгон мамилеси сан жана с
пат жагынан өзгөрөт. Негизги мамиленин мааниси мамиле
башка формаларга салыштырылганда ачык билинет. Мисал

Айша кир жууду дегенде мындагы баяндооч кы
мыл-аракет башка бирөөнүн катышуусуз сүйлөмдүн ээси, Ай
ша, тарабынан эле иштелгендигин билдирет. Эгерде кыймы
аракеттин иштелишине бирдей укуктагы бир канча адам катыш
кан болсо, анда Айша кир жуушту болуп, Айшанын
башка субъектилер менен биргелешип иштешкендиги билдири
лет. Эгерде субъектилер бирдей укукта болушпаса (*Айша кели
нине кир жуудурду*), анда сүйлөмдөгү ээ грамматикалык ж
гынан гана ээ болуп турганы менен, иштин чыныгы иштөөч
эмес. Иштин чыныгы иштөөчүсү болуп барыш жөндөмөсүндө
толуктооч эсептелет. Грамматикалык ээ болсо толуктоочту и
ти иштешке буюрат же жол берет.

Эң акырында негизги мамиле мааниси жагынан туюк м
миленин маанисинде колдонула тургандыгына токтоло кет
керек.

Этиш сыпаттын-ган формасы аныктоочтук позицияда ту
ганда негизги мамиле аркылуу берилсе да, айрым учурда

туюк мамиленин маанисин берип калат. Мисалы: *жеген эт* (съеденное мясо), *окуган китеп* (прочитанная книга), *окуган киши* (читавший человек); мааниси жагынан «желген эт», «окулган китеп» болуп туюк мамиленин маанисин берет. Жогорку мисалда «эт» менен «китеп» өздөрүнүн белгиси болуп эсептелинген кыймыл-аракеттери үчүн активдүү субъект эмес, тескерисинче, логикалык жагынан алганда алар бул кыймыл-аракеттердин объектиси болуп эсептелет да, өздөрү башка бир субъектинин кыймылынын таасирине дуушар болот. Ошондуктан булардын алдындагы этиш сыпаттык аныктоочтор формалары жагынан негизги мамиле болсо да, кыргызча алганда да, орусча которулганда да мааниси жагынан туюк мамиленин маанисин берет. Ал эми үчүнчү мисалда болсо (киши) өзүнүн белгилик кыймыл-аракетинин активдүү субъектиси, бирок мурдагы эле аныктоочтордой болсо да, негизги мамилелик мааниде ана колдонулат. Мунун себебин аныкталгычтарынын лексикалык маанисин менен байланыштыруу бир жактуулук кылат жана чече да албайт. Анткени бул тезис объектилик мамиле негизделген аныктоочтук айкашууга (*окуган китеп*) туура келгени менен, субъектилик (*окуган бала*), бышыктоочтук (*окуган мектеп*, *окуган убак*) мамилеге негизделген аныктоочтук айкашууларга туура келбейт. Бул айкашууларда аныктоочтор формасы жагынан объектилик айкашуулардай эле негизги мамиледе тургану менен, туюктук мааниде колдонулбайт. Негизги мамиле аркылуу берилген аныктоочтук айкашуулардын мындай туюк маанисинде колдонулуу, колдонулбастыгы алтай грамматикасынын авторлору көрсөткөндөй, аныктооч болуп түшкөн кыймыл-аракеттин «субъектилеринин белгилүүлүгүнө белгисиздигине негизделген», — деп С. Н. Иванов[1] туура айтат. Бул айтылгандарды мисалдар менен түшүндүрөлү. Окуган китеп деген аныктоочтук айкашууда негизги аркылуу берилген кыймыл-аракеттин субъектиси белгилүү (үч жактын бирөө). Эгер «субъект таптакыр белгисиз болсо»[2], мындай учурда негизги мамиле тоюктук мааниде колдонулат же болбосо туюк форма аркылуу берилет. Ал эми окуган бала, окуган мектеп, окуган убакыт деген аныктоочтук айкашууларда да субъектилер белгилүү, биринчисинде аныкталычтын өзү логикалык жагынан аныктоочко субъект. Ошондуктан булар негизги мамиледе гана колдонулат. Эгерде социально-активдүү субъектилик мамилеге негизделген айкашууларда да субъектилер белгилүү же белгисиз болуп колдонулууга мүмкүн болсо, анда мындай жактуу маанилүүлүктү айруу үчүн аныктоочтор негизги жана туюк мамиле формасында колдону-

[1] С. Н. Иванов. Категория залога в сочетаниях с формой на -ган, -ган. Вопросы языкознания, № 2, 1957, 104, 107 бет.
[2] Грамматика алтайского языка, 50, 194 бет.

лат. Мисалы: *жиберген кишилер* 1) (бирөөнү) жиберген ки-
лер *(посылавшие люди)*; 2) жиберген кишилер (посла-
ные люди).

ӨЗДҮК МАМИЛЕ

Өздүк мамиле кыймыл-аракеттин реалдуу субъектиге
гытталганын же болбосо субъектинин айланасында топто-
нун көрсөтөт. Өздүк мамиле төмөнкүдөй негизги маанил
билдирүү үчүн колдонулат.

1. Нагыз өздүк мааниси. Нагыз өздүк маанини этиш
грамматикалык объект менен болгон катнашына карай өз
экиге бөлүүгө болот.

а) Грамматикалык объектисиз нагыз өздүк мааниси. Гр
матикалык субъектиде объектилик идея да болгондуктан, а
берилиши артык баш болуп, өздүк мамилелик конструкция
кылуу берилген сүйлөмдө объект колдонулбайт. Мындай уч
да грамматикалык субъект өзүнүн кыймыл-аракетине логи
лык жагынан объект болот да, экөө (субъект, объект) грам
тикалык бир жак менен берилет.

Грамматикалык субъект өзүнө өзү логикалык жагы
объект да экендигин көрсөтүүчү этиштер аз. Ага *таран, кир-
малын, муун, жасан, жарын, жуун, кактан* сыяктуу этиш
кирет. Мисалы:

Анда бир топ катын-кыздар жуунуп жатат (Мин б
түн).

Саймалуу жашыл баркыт текчеден күзгүсүн алып, өңүн
рап, жаактарын сылап, кайра текчеге салып баратып дагы
ранды (Токомбаев).

б) Грамматикалык объектилүү нагыз өздүк мааниси. Кэ
өздүк мамилелик конструкция этиштик баяндоочтун маани
тактоо максатында объект менен да айтылышы мүмкүн. Об
ектисиз конструкциядан мунун айырмасы кыймыл-аракет гра
матикалык объектиге багытталат да, субъектинин пайда
үчүн иштелет. Мисалы:

Жылкынын чылгый терисин көчүгүнө тартыны
(Юдахинден).

Канчыгы ачка экенин күбөлөгөндөй 5—6 метр төмөн се
рип барды да, балдардан талашканым уят го дегенсип, оозу
жаланып отура калды (Жантөшевден).

Эч болбосо эки жагына эки жарым чегедек байл
нып алсаң боло (Сыдыкбеков).

2. Ортосаар (медиалдык) мааниси. Өздүк мамиле кыймы
аракет субъектинин сферасында болгонун да көрсөтөт. Бирд
чи маанисинен мунун айырмасы: кыймыл-аракет субъектин

өзүнө да жана объектисине да багытталбайт. Экинчиден, би-
ринчисинде мүмкүн болгон объект (бети-колун жуунуп жа-
тат) мында берилүүгө эч мүмкүн эмес. Бул -ын мүчөсүнүн
нагыз өздүк маанисине караганда ортосаардык мааниде кол-
донулушу басымдуулук кылат. Мисалы:

Бул ацгеменцин али да аягы бар сыяктуу эле го, айта
түшсөңүз кантээр экен деп өтүндү.

Адам баласы, сен кайда жүрдүң дегенсип дагы *окуранды*.
Токтогул чочуп ойгонду (Аалыдан).

Алардын боору *ачынды* (Юдахинден).

Туубасаң да, энеке.

Тутунуп мени багып ал (Кедейкан).

Этиштин лексикалык маанисине карата ортосаардык жал-
пы маанинин ичинде төмөндөгүдөй кошумча маанилер да болу-
шу мүмкүн.

1) Өздүк мамиле субъектинин ички, тышкы ал-абалын же
кыймылдагы болгон өзгөрүүнү билдирет. Мындай учурда өздүк
мамиле өтпөс этиштик мааниде колдонулат да, сүйлөмдө тике
толуктооч болбойт. Мисалы:

Чарчаган Токтогул эч нерсени сезээр эмес, ал кабагын чы-
тып чукуранды, тескери карап жатып бирдемелерди ко-
бурады, кимгедир ачууланган дай болду (Аалыдан).

Семетей он жашында элин коргоп, жоо менен кармашка-
нын өзүң айткансың, мен ага окшоп жоого баратканым жок,
байкуш атамды сагындым (Аалыдан).

«Андай болсо кызынды ат багуучу кулума берем»,—деп
каарданат (Миң бир түн) ж. б.

Камчы тийген жер бүлөөдөй болуп жондонуп чыккан
(Юдахинден).

Тоодон таш куланып кетти (Юдахин).

Кошой эсин жыйып, кончундагы канжарын сууруп тура
калганча, Кайыр уурунун колундагы сыйыртмакты жулуп ал-
ды, бирок далай кармаштан чыккан кандуу кол узун ууру
чегинген жок (Аалыдан).

2) Туюк мамилелик кошумча маани. Мисалы:

Саймалуу жашыл баркыт текчеден күзгүсүн алып, өңүн ка-
рап, жаактарын сылап, улутунуп алды да, күзгүнү кайра тек-
чеге салып баратып, дагы каранды (Аалыдан).

Төмөндөн келаткан атчандардан коркуп,, Бөрүбай жанында-
гы азыктарын алып, мандайдагы бадалга барып бекинди.

Алдыда келаткан чоң карала уй сарайдын оозунда орно-
тулган мамыга сөйкөндү.

Мындагы белгиленген сөздөрдө өздүк мамилелик маани
менен бирге туюк мамилелик кошумча маани да бар. Анткени
«врачка көрүндү» дегенде (ооруган) субъект өзүн өзү көрбөс-
төн, туюк мамилелик маани сыяктуу өзүн башка бирөөгө көр-

сөтүү же болбосо кыймыл-аракетти иштөө үчүн башка нерсеге дуушар болгону (урунду, жашынды) билдирилет. мек, мындай, учурда бир форма аркылуу эки түрдүү ма берилгендей сезилет: Бирок муну нагыз туюк мамилелик ма деп ойлоого жарабайт. Анткени мында өздүк мамилеге ма дүү болгон «өз» деген идея бар, кыймыл-аракет субъекти өзү үчүн иштелген. Ошондуктан булар өздүк мамиле этиш луп эсептелет. Эгерде булар нагыз туюк мамилелик маани де колдонула турган болсо, анда көрүлдү, бекилди ген сыяктуу болуп колдонулмак жана буларга «өз» деген да берилмек эмес.

3) Өздүк мамиле кыймыл-аракетти субъектинин каты сыз эле өзүнөн өзү же болбосо өзүнчө (өз ичинен) иште сыяктуу кылып да көрсөтөт. Мисалы:

Үкү кебетеленген Казанчы бай Токтогулду көрөр менен албууттанып *сөгүнө* баштады (Аалыдан).

Бакырып сөгүнгөн бойдон аларды көздөй же (Аалыдан).

Ал мага сүйлөндү. Өзүнөн өзү сүйлөнө бер

Күүлөнүп келип жыгылды. Күңгүрөнүп-күү нүп, какырынып-түкүрүнүп, тайынып-та нып ж. б.

Өздүк мамиле маанисинин өзгөчөлүгүнө байланыштуу кандай эле этиштерден түзүлө бербейт. Активдүү субъект байланыштуу болгон (өтмө, өтпөс) этиштерден жасалат. бир этиштер -ын мүчөсү жалганса да, баштапкы өтмөлү жоготушпайт, табыш жөндөмөсү менен айкаша берет: *т токун* (*атты*).

Мында кыймыл-аракет субъектинин сферасынан ба жакка таралбай, ага багытталганын билдиргендиктен, субъ тинин жандуу заттардан болушу шарт. Мисалы, кымыз ич ди деп кыргыз тилинин нормасы боюнча айтууга эч мүм эмес. Анткени *кымыз*—логикалык жагынан объект болуучу сивдүү зат. Ошондуктан өздүк мамиленин субъектиси же б босо аныкталгычы көбүнчө активдүү заттардан болот. Бу байланыштуу мамиле категориясынын бул формасы башкал га караганда кыргыз тилинде анчалык өнүгө алган эмес.

Айрым тарыхый материалдарга караганда, кээ бир эт тердин мамилелик форманы кабыл алуу жөндөмдүүлүгү йин тарыгандыгы байкалат. Проф. Н. А. Баскаков өзүнүн гегинде[1] Махмуд Кашкарскийден «ол өзинге кудһуг каз ди» деген сыяктуу мисал келтирген. Бул сыяктуу этиштер азыр өздүк мамилени жасоого эч болбойт, булар туюк мам формасында гана колдонулушу мүмкүн. Демек, башта өзд

[1] Н. А. Баскаков, «Залоги...», 14 бет.

туюк мамиленин жасалышы азыркыдай катаал болбогон болуу керек.

Башка түрк тилдериндегидей эле өздүк мамиленин мүчөсү составында -л болгон же болбосо аягы -л менен бүткөн сөздөрдөн диссимиляция жолу менен туюк мамилени да түзөт. Мындай учурда туюк менен өздүк мамиле формасы жагынан биримдикти түзөт да, алардын маанисн сүйлөмдүн контекстинен ажыратылат.

Кыргыз тилинде -н менен -л дин алмашылышы мындан башка этиштерден да жолугат. Буга байланыштуу эң кызык фактыны проф. К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүнөн» кезиктирүүгө болот: күтүл-1. ожидаться, 2. күтүн; Булардын формасына карабастан, маанисн жагынан айырма жок дегендей кылып барабардык белги коюлуп, буга «күн мурунтан күтүлгөндөр кышты тоготкон жок» (287 бет) деген эң кызык мисал келтирилген. Субстантивдешкен атоочтуктун туюк мамилелик бул формасы адабий тилде «күтүнгөндөр» болуп, өздүк мамиленин формасы менен берилет. *-н* менен *-л* катышкан этиштердин маанисн жагынан мындай барабардык белги коюлуп берүүсүн сөздүктүн башка беттеринен да жолуктурууга болот. Мисалы: *атан—атал* (56 бет); *багылт—багынт* (62 бет); *кымтын—кымтыл* (416 бет).

-н менен -л тыбышынын бир-бири менен алмашылышын кыргыз менен башка түрк тилдеринин ортосунан да кезиктирүүгө болот. Мисалы, өзбекче: мажлис бошланди, ёз фасли бошланди деген сүйлөмдөр мажлис (чогулуш) башталды, жазгы убакыт башталды болуп, өзбек тилиндеги *-н* кыргызча *-л* менен берилет. Салыштыр: байыркы түркчө жана турцияча утан (<турец. ут—стыд) =кырг. уял (<уй—ал).

Өздүк менен туюк мамиле жогоркудай форма жагынан гана эмес, маани жагынан да окшоштуктарга ээ. Өздүк жана туюк мамиленин субъектилери өздөрүнүн кыймыл-аракеттерине логикалык жагынан объект да болуп эсептелишет. Демек, мындай форма жана мазмун жагынан болгон окшоштуктарга караганда, өздүк менен туюк мамиле тарыхый жагынан бири-бири менен кандайдыр бир байланышта болушу мүмкүн.

Өздүк мамилелик форма менен бирге айтып кете турган кызыктуу жана сейрек кезигүүчү форма — бул үндүүлөр менен аяктаган негиздер үчүн **-лын**, үнсүздөр менен аяктаган негиздер үчүн **-лын** мүчөлөрү. Бул мүчөлөрдүн айкашуусу проф. К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүнөн» кезигет: жазылын — писаться: зарылдык кыскандыгынан *жазылынып отурат* (171 бет); аталын — называться; именоваться (56 бет).

Бул мүчөлөр туюк мамиленин кабатталган формасы б
эсептелет.

Кыргыз тилине мүнөздүү болбогон мындай айкашуу
-ын мүчөсү **-ыл** аркылуу берилген нагыз туюктук маани
диалдык маанини кошуу үчүн жалганган болуу керек.

Өздүк мамиленин грамматикалык формасы байырк
жана монгол тилдеринен да кезигет жана алардын ж
лыгын көрсөтөт. Мисалы, байырк. түрк өрден (өртен)
төн, букин (сгибаться, кланяться)—бүгүл, өтүндү (молил
өтүндү, ачунуп—ачынып, сакунурлар (задумываться)—са
йапсун — жабышуу, айун — аян ж. б. Монголчо эмге
(очень беспокоиться), байыркы түрк тилинде эмген (<э
мучиться) — мучиться, беспокоиться; монголчо силги
(дрожать) — кыргызча силкин (<силк+ин) ж. б.

Байыркы түрк тилдеринен өздүк мамилелик форма
көрүн менен бирге **-р** дин **-з** менен алмашкан формасы к
да кезигет. Мисалы, байыркы уйгурча: Анча йоруйу,
ара бир балук капуг у көзүнти[1]—Ушинтип жүрүп,
арасынан бир шаардын каалгасы көрүндү. Маанис
гынан экөөнүн (**көрүн** менен **көзүн** дүн) ортосунда ай
жок, экөө тең «показаться» деген өздүк мамилелик маа
колдонулган.

С. Е. Маловдун «Памятники древнетюркской письме
сти» деген эмгегинде **-р** менен **-з** дин алмашышы бул сөз
дүн (көр, көз) уңгусунда эмес, алардын мүчө жалганган
туунду формасынан кезигет. Демек, байыркы түрк тилде
де *көрүн* менен бирге анын *з*'ге өткөн формасыда (*кө*
болгон.

Байыркы түрк тилдеринен келтирилген жогорку ми
дардын көпчүлүгү нагыз өздүк мамиленин маанисинде
ортосаар. (медиалдык) мааниде берилген. Азыркы кээ
тилдерде да биринчи мааниге караганда экинчиси басым
лук кылат. Демек, буга караганда, өздүк мамиленин н
өздүк мааниси баштатан эле анча өнүмдүү болбогон деп э
төөгө туура келет.

Өздүк мамиленин мүчөсү кыймыл-аракеттин объект
нен субъектиге карата болгон мамилесин гана билдирбес
аз да болсо, сөз жасоочу мүчө катарында жаңы маани
сөздү жасоого катышкан. Мисалы: жаан, саан, эгин,
гон, сан, түтүн, тык-тыгын, ийин, азын (азын-оолак), ки
үрөн, бүтүн, жатын, түйүн, жыйын ж. б.

Кээ бир **-ын** мүчөсү аркылуу жасалган этиштер лекс
лизацияланууну натыйжасында атоочтук маанини бе

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 156 бет.

алган. Буларга көбүнчө энчилүү ат маанисиндеги зат атооч
ор кирет. Мисалы: Сүйүн (<сүй+ын), Сагын (<сак+
ын), Бекин, Тилен (<тиле+н), Үркүн (<үрк+ын) ж. б.

Өздүк мамиленин формасы атоочтордун жана этиштердин
касалышында башка мүчөлөр үчүн экинчи негиз катарында
да кызмат кылган. Мисалы: көрүнө (<көр+ын+а), өтү-
үү, көрүндүк, темингги (<теп+ын+гы), жамынчы (<жап+
ын+чы), сагыныч (<сак+ын+ыч), аяныч (<ая+н+ыч),
кашынбак (<жаш+ын+бак), таяныч (<тайа+н+ыч), ку-
аныч (<куб+ан+ыч), мактаныч (<мак‖пак—тувача (Ката-
ов), абаканча (Вербицкий) — мактоо ж. б.

Бу **-ын** мүчөсү жогоркудай составдык бөлүктөргө бөлүнүү-
үү сөздөрдүн жасалышына катышуу менен бирге, өзү башка
үчөлөр менен биригип, **-ынды** формасында бир мүчө ката-
ында да колдонулат. Мунун жардамы аркылуу кыймыл-ара-
еттин натыйжасын билгизүү маанисиндеги зат атоочтор түү-
үлөт. Мисалы: ширенди, чамынды (<чап+ын+ды), ка-
ынды, күрөндү, жуунду, кусунду, шиленди, шыпырынды, те-
инди, тепсенди, бычынды, чайынды, кесинди, өгөндү, таш-
анды, чайканды, саркынды (<сарык+ын+ды) ж. б. **-ынды**
ормасынын кээ бирөөлөрү лексикализацияланууну натый-
асында энчилүү аттарга (Салынды, Жеринди), кээ бирөөлө-
ү грамматикалык же болбосо математикалык терминге ай-
анган. Мисалы: уланды, куранды, киринди (сөз), кысты-
ынды (сүйлөм), тууранды (сөз), тууунду (этиш) (грамматика
ык терминдер); көбөйтүндү (математикалык термин); **-ын**
үчөсү татаал сөздөргө да катышкан: Сагынаалы, Токтонаа-
ы, көз каранды ж. б.

-ынды мүчөсү морфологиялык жагынан эки элементтен ту-
ат: *-ын+ды*. Формалык белгисине караганда, булардын
иринчиси өздүк мамиленин мүчөсү, экинчиси айкын өткөн
актын мүчөсүндөй болуп көрүнөт. Бирок кээ бир түрк тил-
ериндеги фактыларга караганда, *-ынды* мүчөсүнүн экинчи
өлүгү башка элементтерден турушу мүмкүн. Турция тилин-
е бул мүчө **-(ы)нты‖-(и)нти‖-(у)нту‖-(ү)нтү** болуп биринчи
лементинин жумшактыгына карабастан, диссимилятивдүү
олуп берилет. Анын үстүнө бул тилде аягы **-р, -л** менен бүт-
өн сөздөрдөн жана табыш тууранды сөздөрдөн зат атооч
асоочу **-ты‖-ти‖-ту‖-тү** мүчөсү бар. Мисалы: бакырты
крик, рев) — бакырык, карарты‖каралты (чернота, темное
есто, пятно, силуэт)—каралык, караңгы жер, так, караан;
ызылты (жалоба, недовольство) (<сыз+ла+мак — болеть,
ыть) — нааразылык, даттануу (сыздоо — ооруйт деген
мааниде), гүрүлтү — (шум) курулдоо.[1]

[1] А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературного языка, М.—Л., 1956, 122—123 бет.

Салыштыр: каракалпакча[1] тарсылды — тарсылдоо, сылды — бышылдоо ж. б.

Кыргыз тилинде өздүк мамиленин мүчөсүз эле -ды сүнүн жардамы менен түзүлгөн зат атооч маанисинде дөр сейрек кездешет. Мисалы: каралды (<кара мощь, спасение (—жардам, куткаруу[2]). Салыштыр: Б таап бериңиз. Бир *каралга* муктаж болдум (Каныбек, Мындагы каралга жана каралды деген сөздөр жана **-ды** элементин алып таштасак, уңгусу карал **-ды** болсо аягы **-л** менен бүткөн сөздөрдөн зат атооч чу мүчө экендиги көрүнүп турат. Өздүк мамиленин формасына жалгануучу кыргыз тилиндеги **-ды** ‘турш линдеги **-ды||-ты** мүчөсү менен салыштырылууга тол күнчүлүгү бар. Турция, каракалпак тилдеринин жана болсо кыргыз тилинин өзүнүн материалына караганда, мүчөсүндөгү *-ды* элементин өткөн чактын мүчөсү эмес гы **-н** менен жана сейрек болсо да **-л** менен бүткөн дөн атооч жасоочу мүчө деп карoого туура келет.

Бу-**ынды** мүчөсүнүн биринчи элементи (**-ын**) өздүк ленин формасы менен байланыштырылат. Азыркы тилинин нормасы боюнча жогорку типтегидей кылып сөздөрдү жана кээ бирөөлөрүнөн өздүк мамилени да мүмкүн эмес; *жамынды* (<жап) деп атооч жасоого босо башта *күрөндү* деген атоочтун түзүлүшүнө катыш мүчөсү аркылуу ошол эле этиштен азыр **күрөн** деп өзд миленин формасын жасоого болбойт. Анткени аларды чүлүгү лексико-семантикалык жагынан активдүү субъ (кишиге) эмес, пассивдүү субъектиге, демек, объект заттарга тиешелүү. Ошондуктан азыркы тилдин но боюнча алардан туюк мамиле жасалат. Субъектинин п дүүлүгүнө караганда, **-ынды** элементиндеги **-ын** өздүк лелик мааниде эмес, **-ды** мүчөсү аркылуу жаңы маан сөздөрдүн жасалышы үчүн колдонулган болуу керек. Т каракалпак тилдеринде **-ды||-ты** мүчөсү аркылуу зат аягы **-л**, **-р** менен бүткөн сөздөрдөн гана жасалат. К тилинде болсо **-л** дин ордуна өздүк мамиленин мүчөс колдонулуп калган.

Өздүк мамиленин мүчөсү башка мүчөлөр менен би **-лан||-дан||-тан** формасында атоочтон этиш жасоочу өн мүчө катарында да колдонулат. Морфологиялык со боюнча **-лан** мүчөсү **-ла+н** элементинен турса да, азы ри биринин ажырагыс элементтери сыяктуу кабыл ал

[1] Н. А. Баскаков. Каракалпакский язык, II, фонетика и мор гия, М., 1952, 253 бет.
[2] К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь, 368.

ир мүчө катарында колдонулат. Бул мүчө аркылуу жасал- ан этиштер өздүк идеясын жоготушуп, азыр ортосаар маа- иде колдонулат; сөз жасоо системасына өтүп кетишкен. Му- ун составдык элементтерден тургандыгын кыргыз тилинин иалектилик материалдарынан же кээ бир сөздөрдү өз ара алыштыруу аркылуу байкоого болот. Мисалы, адабий тил- еги *үйлөндүм, үйлөнттүм* дегендин ордуна түштүк диалектиде *йлөдүм* деп **-н** сиз колдонулат. Салыштыр: байыркы түркчө *елетим* (<ев—үй)—үйлөнттүм, үйлөдүм; *көмөлөн—көмөлөт* к. б. Бул аркылуу жасалган этиштин мааниси атоочтук негиз енен ага жалганган мүчөнүн өз ара катнашынан турат да, упкү сөздүн маанисине карата окшошуу, өзү кандайдыр бир балга келүү, өзү үчүн иштөө сыяктуу маанилерди билдирет. Мисалы: ач жорудай *кептенип; үй мурунданып;* самсаалаган аамайы тотунун жүнү *жүндөнүп;* тентиреп жүргөнчө мал *алданайын*, жан *жанданайын; күчтөн, аттан, тамактан, көмө- өн, колдон,* салыштыр: *колдо* ж. б.

Формалдык жагынан өздүк мамиленин формасында турга- ы менен, азыркы кыргыз тилинин материалы боюнча морфо- огиялык составы жагынан уңгу жана мүчөгө ажыратууга үмкүн болбогон же болбосо ажыратууга мүмкүн болсо да, уң- усу өз алдынча колдонулбаган жана маани бербеген бир анча этиштер жана атоочтор бар. Мындай уңгулардын ээ бирөөлөрү тектеш башка тилдерде маани берип ка- ышы мүмкүн. *Мисалы:*[1] тегере+н, тегере+т, тегере+к олуп өз ара составдык бөлүктөргө бөлүнгөнү менен, *егере* кыргыз тилинде өз алдынча маани бербейт. Ал эми айыркы түркчө *тегире* (вокруг)—айлана, *тексин* (вращать- я)—айлануу; түркм. тегир—дөңгөлөк; *сугун* (<байыркы ркч. сук—класть, совать), *муун* (<байырк түркчө бог—ду- ить), үйрөн, үйрөт (<өгрен<өг+(ы) р+ен байыркы түрк. өг— ысль <ө—думать), демек, үйрөн—ойлоого үйрөнүү (научить- я мыслить) деген мааниде болгон болуу керек; *үрөн* (<тувача рө—семья, зародыш), түтүн (<түт[2]—түтөө), турцияча да түт- ек—түтөө), *жалын* (<байыркы түрк. йал—пламенеть, го- еть), *кыпын* (<тувача кып—гореть), мурун||бурун (<монг. ур (обнюхивать)—жыттануу; салышт. кыр. *бурулда* (<бур+ ылда); *өзөн* (<өз—бир нерсенин негизи, ичи)—түркчө бир ерсенин ичи, өзөн; *кишен* (<байырк. түрк. кише—опуты- ать, связать), *чачын* (жаан-чачын); салыштыр: бурят—монг. асарга 1) сыпаться; литься 2) лететь (о брызгах); 3) перен.

[1] Кыргыз тилинин материалы боюнча азыр морфологиялык составдык өлүктөргө бөлүнбөй турган кээ бир сөздөрдүн тарыхый жагынан туун- улугу Б. Юнусалиевдин «Развитие корневых слов в киргизском ыке» деген темадагы доктордук диссертациясында да берилген.
[2] В. В. Радлов. Опытъ словаря, 1751—1752 столбик.

разбрасывать лучи; сверкать, искриться; *бороон* (<бур бороо—жаан). Келтирилген жана бага окшогон аягы -н бүткөн сөздөрдүн баары эле оздук мамиленин мүчөсү жасалганбы же ага окшош омоним мүчөлөр менен да ганбы деген суроо келип чыгышы мүмкүн. Бул сурооге мамиле кылуу керек. Биздин пикирибизче, жогорку сөздөрдүн кээ бирөөлөрү оздук мамиленин мүчөсү менен салса, кээ бирөө байыркы инструменталдык жөндө (*азын—оолак* <аз+ын), же болбосо фонетикалык жа өзгөрүп, оздук мамиле менен омонимдеш болгон мүчөл жардамы аркылуу да түзүлгөн болуу керек (*үрөн* <үрө—семья, зародыш; ж. б.).

Жогоркудай форма жагынан болгон окшоштукту ба жана азыркы түрк тилдериндеги сөз жасоочу **-ан|| -ен -ал|| -ел|| -л** мүчөлөрү менен мамилелик мааниде ко луучу **-ын|| -н жана -ыл|| -л** мүчөлөрүнүн ортосунан да го болот.

Байыркы түрк тилдеринде **-ан|| -ен** мүчөсү кең үнду нен гана эмес, кууш үндүү менен келген да, ато этиш, этиштен атооч жасалган. Мисалы: 1) көзүн (<көз+ көрүн; утан (<ут+ан) — уял; тон (одежда), тонан (од ся) — кийин; 2) эс (дуть, веять (о ветре), эсин, ветер (шамал; «йал (пламенеть, гореть, сиять)»,[1] йалын (пла жалын; (салыштыр: кырг. жалт (<жал+т); йак (прибли ся), йакын (близкий, близко)—жакын; йат (находит таком-то состоянии, лежать)—жат; салыштыр: жатын; са тать), сан (<са); код (класть, составлять)—кой; кой (к положить)—кой; салыштыр: коюн.

Байыркы түрк тилдеринде бул мүчө аркылуу эти этиш да түзүлгөн: *емге*—мучиться, испытывать бедстви *ген*—мучиться, беспокоиться; *емгет*—мучить, беспокоить; де бул **эмгек** деген сөздө гана сакталган, бирок ал тар жагынан туунду сөз (эмге+к) болсо да, бизде азыр тик үнгусу эч маани бербейт жана өзүнчө да колдонул *йару*—блистать, делаться светлым; *йарун*—блестать, свер салышт: кырг. жарык, жарк (<жару); *сү*—разрушить мать; *сүт*—ломать; *сүн*—ломаться; кырг. сын (<сы—н ке— кончать; *түкен*—израсходовать[2]; салыштыр кырг. т түгөт (<түке+н +т);

Байыркы жана азыркы түрк тилдерин жогордо келтир фактыларга караганда азыркы оздук менен туюк мами мүчөсү тарыхый жагынан атоочтон этиш, этиштен атооч ж

[1] В. Вербицкий. Словарь алтайско-аладагских наречий, 71 бет.

[2] Мисалдар С. Е. Маловдун «Памятники древнетюркской пи ности» деген эмгегинен алынды.

-ан|| -ен, -ын|| -ин жана *-ал|| -ел* мүчөлөрү менен байла- ыштуу болуп, кийинки өсүш процессинде ал функциясынан шонуп, көбүнчө мамилелик мааниде колдонулуп калган олуу керек.

КОШ МАМИЛЕ

Кош мамиле субъектилердин өз ара же биргелешип иштеш- н кыймыл-аракетин билдирет. Башка этиштердеги мамиле бъектинин реалдуу-реалдуу эместигине, активдүү-пассивдүү- гүнө же болбосо грамматикалык субъектинин логикалык ъектилигине карата, мындайча айтканда, сапаттык мамиле- негизделе турган болсо, кош мамиле аркылуу берилүүчү ма- иле субъектинин сандык мамилесине негизделген; кыймыл- ракеттин бир канча субъект тарабынан иштелгендиги көрсө- лөт. Калган мамилелерден мунун негизги айырмасынын би- ушунда.

Кош мамиле төмөнкүдөй маанилерди билдирүү үчүн колдо- лат.

1. Биргелешүү мааниси. Этиштин өтмө, өтпөстүгүнө карата ргелешүү мааниси жана алардын объект менен болгон кат- шы да эки түрдүү болот.

а) объектисиз жөнөкөй биргелешүү. Түпкү негизи өтпөс иштен жасалган кош мамилелер кыймыл-аракеттин бир кан- субъектилер тарабынан жөнөкөй биргелешип иштелгендигин лдирет. Мындай учурда кыймыл-аракет тике объектиге ба- тталбайт, ишти иштөөгө бир канча субъектинин бирге ка- шкандыгы гана берилет. Мисалы:

Жүздөй жигит дүр *этип аттанышып*, карагайы көркүү шаар- й көрүнүп, балык жон тартып жаткан тоону бет ала *бастыш- шты* (Маликов).

Алар үйгө кетели *дей алышпай* же баланча тарапка барсак, дегенди табабыз дей *алышпай* томсоруп, кокус көрө кала- збы деген үмүт менен ар кайсы кумайларды, аскалардын асындагы керүүлөрдү *караган болушат* (Жантөшев).

Буюккан тоо кийиктер аскалардан түшүп, бөксөгө ылым- га карай *ыкташты*. Алар жаш сөксөөлдөй оор мүйүздөрүн *ркайтышып*, капарсыз келе жаткан чоочун бирөөнү кексе рт текенин кыраакы көзү чала койду да, эргий түшүп, дагы р секирип сексее карады (Токомбаев).

б) Объектилүү өз ара бергелешүү. Өтмө этиштен жасал- н кош мамилелер кыймыл-аракетти субъектилердин өз ара ргелешип иштешкендигин билдирет. Мында этиштин маа- сине карата кыймыл-аракет заттык (предметтик) объектиге на эмес, иштин субъектисинин өзүнө да багытталышы мүм- н. Мындай учурда оздук мамиле сыяктуу грамматикалык

субъект өзүнүн кыймыл-аракетине өзү объект да болуп телет. Анткени алардын өз ара болгон кыймыл-аракети с тилердин өздөрүнө өтөт. Грамматикалык жагынан к процессине катышуучу субъектилер негизги жөндөмө ар берилет же болбосо алардын бирөө негизги жөндөмө ар экинчиси барыш жөндөмө аркылуу берилет. Кээде ара нүүчү субъект берилбей калышы да мүмкүн, бирок ал с дүн кырдаалынан белгилүү болуп турат. Мисалы:

Эмне кылышарын билишпей, Анархан менен Дарияха нече секунд бирин бири *карашты*.

Күмүш менен Зуннахун кол кармашып *көрүшту* (Ж шев).

Ордодогу кишилер менен кеңешип, *агасына учурашы* көрсөтүп келүүнү макул тапты (Миң бир түн) (өз ара а тенүү — биргелешүү).

Жумаалылар огороддун чекесине чыга бергенде, ал кайда, эмне үчүн баратканын балдар *көрүшту* (Жант

Сүттү сабага куяры менен алмак-салмак *бышыштыр*.

Берки эки жигит тийип-качып, таш менен *муштагыл* арстанга кол салган тайгандай болушту (Токомбаевден рине бири жардам берүү, бирдикте аракеттенүү).

Жогорку бул көрсөтүлгөн кош мамиленин негизги ма Кош мамиле мындан башка экинчи катардагы мааниле дирүү үчүн да колдонулат.

2. Көптүк мааниси. Кыргыз тилинде үчүнчү жактын мүчөсүнүн көптүк түрү жок. Мунун ордуна кош мамиле **-ыш** формасы колдонулат. Мындай учурда **-ыш** ишке ка кан субъектинин көп экендигин жана алар кыймыл-ара биргелешип иштешкендигин билдирет. **-ыш** формасы арк биргелешүү жана көптүк маани бирге берилет; үчүнчү тын көптүгү менен субъектилердин биргелешүүсүн бөлүп роого эч мүмкүн эмес. **-ыш** аркылуу берилген көптүк биргелешүү маанисинин бир түрү болуп эсептелет. Мис

Бүбүш столуна олтуруп, ишине киришти деген каб *угушуп*, журт анын үстүнө *келишип*, *учурашып* кол бер (Сыдыкбеков).

Атасы өлүп, балдары ардактап көмдү да, алтын такта минип, тийиштүү элдерине өкүмүн *жүргүзө бериши* бир түн);

Биргелешүү менен көптүк идеяны бардык жактар колдонулуучу абсолюттуу нерсе деп кароого жарабайт. Бир эки жактын көптүк үчүн атайын грамматикалык формасы гондуктан, **-ыш** аркылуу аларга көптүк идея таралбай жактагы субъект көптүк формасында турганда, *-ыш* арк берилген биргелешүү жана сандык (көптүк) идея бир ринен бөлүнбөстөн бирге берилгени менен, башка жакта

ана 3 жактын жекелик түрүндө бул эки маани грамматика-
ык жагынан бири биринен так ажыратылат. Буга карата
яндоочтук милдет аткарган этишке биргелешүүнүн (кош)
ана жак мүчөлөрүнүн сандык формалары айрым жалганат.
ш билгизген сандык (көптүк) идея көптүк формасы жок
акта колдонулат. **Мисалы:**

Мен кырман *бастырыштым*,
сен кырман *бастырыштың*,
ал кырман *бастырышты*.
Мен корректура *окуштум*,
сен корректура *окуштуң*,
ал корректура окушту (бирине бири жардам
ргендик, бирге иштешкендик).

Кече кырманды биз *бастырыштык* эле, бүгүн силер баст
шасыңар; газета *чыгарыштым*, газета *чыгарыштык* ж. б.
га окшогон биргелешүү менен көптүк маанинин ажы-
тылып берилишин түштүк диалектиден да кезиктирүүгө
лот. Мисалы: көпчүлүгү бозо *кылышаттар* (кыл+ыш+а+т+
лар) (Баткен р-ну, уруусу нойгут).

Ар кандай этиштерден кош мамилени жасоого мүмкүн бол-
ну менен, биргелешүү маанисин үч жактын субъектисине
рдей даражада таралбаганы байкалат. Жогоркудай өтмө
анидеги жана объектиси конкреттүү заттардан болгон кош
миле формасындагы этиштер гана биринчи эки жактын же-
лик, көптүк жана үчүнчү жактын жекелик түрү менен айтыл-
ны менен, өтпөс жана объектиси абстракттуу маанидеги өт-
этиштер **-ыш** формасы менен айтылбайт, башкача айтканда
ардын биргелешүү идеясы бардык жактарга таралбайт.
исалы: *жат, жүр, отур, тур, күл, жүгүр, кел, кет, укта, ойло*
яктуу этиштер **-ыш** формасында үчүнчү жактын көптүк
рүнөн башка жак менен айтылбайт. Бирок мындан биринчи
и жактын жекелик, көптүгүндө жана үчүнчү жактын жеке-
к түрүндө кош мамилелик маанини берүүгө мүмкүн эмес
н деп ойлоого жарабайт. Керек болгон учурда муну бил-
рүү үчүн грамматикалык форма эмес, тилдик башка кара-
ттар пайдаланылат. Мындай каражаттардын бири болуп
ндооч «менен» эсептелет. Мисалы: *алар укташты* деп *укта*
ген этишке **-ыш** мүчөсүн жалгоо аркылуу биргелешүү
анини үчүнчү жактын көптүк түрүндө берүүгө болот. Би-
к ушул эле этишке **-ыш** мүчөсүн жалгап, мен укташтым
п айтылбаганы менен, кыймыл-аракетке катышуучу
ъектилерге жандооч «менен» ди кошуу аркылуу мен *Асан ме-
н уктадым, мен Керим менен кеттим, мугалим менен экскур-
га бардык* деп, биргелешүү маанини эң сонун кылып берүү-
болот. Кийинки мисалда да (биз) *бастырыштык* дегендеги

сыяктуу биргелешүү жана субъектинин көптүгү ар баш
ражаттар менен берилген; биргелешүү мааниси жандоо
нен» аркылуу, көптүк идея -к аркылуу ажыратылып бер
Демек, бир тилдеги грамматикалык категория экинч
де морфологиялык оформлениесинин жоктугунан жок
же бар болсо да, жогоркудай болуп бардык жактарга
таралбаганы менен, алардын маанисин грамматикалык
менен эмес, тилдик башка каражаттар аркылуу берүүгө

3. Ортосаар мааниси. Кээ бир этиштер формалдык жа
кош мамиле болгону менен, жогоркудай экинчи ката
жана негизги маани менен да сыйышпай, турган ара ма
билдирүү үчүн колдонулат. Мисалы:

Бирок ал кубаныч көпкө созулган жок, өгөөдөй болго
аркан алакандарын кабартып, тез сыйрып жиберди,
бара жарасы туз сепкендей *ачышты* (Токомбаев).

Оорусу күндөн күнгө *жылышпап* оңолуп келе жатат.
дай ишке эле *кычашып* каласың ж. б.

Кош мамиленин көрсөтүлгөн кийинки мааниси (орто
кыргыз тилинде анчалык өнүмдүү эмес.

Кыргыз тилинде **-ыш** мүчөсү аркылуу түзүлгөн кээ
этиштер лексикализациялашып, кош мамиленин маани
эмес, башка жаңы маанидеги этиш катарында колдон
бири биринен форма жагынан айрылбайт. Мындай этиш
ажыратуу критериясы болуп жакталышы эсептелет. Э
-ыш формалуу этиш «биринчи эки жактын жекелик түр
нен жактала турган болсо»[1], анда ал жаңы маанидеги
деп А. Калыбаева туура көрсөткөн. Мындай учурда ке
идея жана биргелешүү маанисинин болбостугу да таб
иш. **Мисалы:**

Мен кириштим, талаштым, кармаштым.
Сен кириштиң, талаштың, кармаштың ж. б.

*Буларга кириш, аралаш, кармаш, жармаш, чатыш, ку
майыш, катыш* сыяктуу этиштер кирет. Булардын кээ би
лөрү мамилелик мааниси менен бирге жаңы маани да бе
кириш (<кир)—1) кош мамилелик мааниде бирге кирүү (
местно входить); алар үйгө киришти; 2) бирдемени иш
киришүү (приступить): ал ишке киришти; *кармаш*—1)
гелешип кармоо; 2) биринин үстүнөн бири арыз берүү, жа
дашуу ж. б. Жогоркудай этиштердин өз алдынча жаңы ма
деги этиштик касиетке ээ болгондугун **-ыш** мүчөсүнүн ка
талып келгендигинен да көрүүгө болот. Кыргыз тилинде
мүчөсү аркылуу түзүлгөн кээ бир этиштер өзүнчө негиз с

[1] А. Калыбаева. Казак тилиндеги этис категориясы, 35 бет.

туу кабыл алынып, ага дагы **-ыш** мүчөсүнүн жалгануу мүм
күнчүлүгүнө жетишкен. Мындай учурда экинчи -ыш гана
кош мамилелик маанини билгизет да, биринчиси ага этиш
тик негиз катарында кызмат кылат. Мисалы:

Сакалдуу-көкүлдүүлөр жакшы бозонун, семиз эттин каба
рын алышкан соң, деле чакырбаган жамандар да учурунда
арбак конгон абийирдүү «журт ээси, баш—көзү» болуп жүр
гөн Саадаттын эшигинин алдына *топтошушту* (Т. Сыдыкбеков.
Кең-Суу, 1, 1941, 89 бет.).

Бирок ал келе жаткандарды тосуп Сабыр тургандыктан,
алар кайра отко *киришишти* (К. Жантөшев. Тилек, 101 бет).

Короо кайтарган кыз-келиндер таң атканча дүрбөшүп, би
рине бири барып убадалашып жүрүп, эртең чогулуп ышкынга
кыгууну *маакулдашышты* (К. Жантөшев, Каныбек, 1, 161 бет).

Кыргыз тилинде да башка түрк тилдериндеги сыяктуу кээ
де үчүнчү жактагы субъект көптүк түрүндө турсада, анын
баяндоочу **-ыш** формасы менен берилүүнүн ордуна «жеке
лик» санда колдонулат.

Мунун себебин И. А. Батманов ээнин көптүгүн белгилөө
керек болуп, ага логикалык басымды түшүрө айтканда бо
лот деп түшүндүрөт. Маанисине эч зыян келтирбей туруп:

1. Алар окуучулар—они ученики
2. Алар окуучу—они ученик(и)
1. Алар жазышты—они писали
2. Алар жазды—они писали
1. Окуучулар жазышты—ученики писали
2. Окуучулар жазды—ученики писали деп айтууга мүмкүн.

Келтирилген биринчи мисалдардын бардыгында көптүк
белгиленет, ал эми экинчисинде болсо сүйлөөчү үчүн бул факт
негизги маанинге ээ болбойт дейт[1].

Баяндоочу атоочтон эмес, этиштен болгон мисалдарын
кепке алганда ээ менен баяндоочтун сан боюнча ээрчишпей
калуу себеби, биздин пикирибизче, башкага негизделген сыяк
нат. Ээ менен этиштик баяндоочтун сан боюнча ээрчишпей
калуу себеби ээнин көптүгүн айрыкча белгилөөгө байланыш
уу эмес, башкада. Атап айтканда, көптүк формада турган
объект бирөңчөй категориялардан болот да, алардын кый
ыл-аракети жалпысынан бир гана кыймыл катарында эсеп
елгендиктен, предикат жекелик формада колдонулат.

Мисалы:

Күмүштүн уйлары саалбай, энелери өңгүрөп, музоолору
өкөрөп турат (Жантөшев).

[1] И. А. Батманов. Способы выражения синтаксических отношений киргизском языке, Фрунзе, 1940, 10—11 бет.

Топтошуп эл качып жатса, туш-тушка куугунчулар кылап *кетип жатат* (Жантөшев).

Эгерде субъектинин айрым индивидумдардан тура көрсөтүлө турган болсо, анда ага карата алардын кы аракеттери да айрым субъектиге бөлүштүрүлөт да, пре көптүк формада айтылат. Бул үчүн кыргыз тилинде ко миленин **-ыш** формасы колдонулат.

Эл дуулдашып, чоң маселе чечилгендей *тарап жат* (Каралаев).

Өтө эле сөөлөттүү шайыр көрүнүштө уу-дуу болуп ныктуу сөздөрдү күлкү менен безеп *жөнөтүп жатышат*.

Кары дебей, жаш дебей селодогу элдин бардыгы Саб үйүнүн түштүк жагындагы аскага карай *келе жатышат* төшев).

Эң акырында **-ыш** формасынын жаксыз мааниде да донулушун айта кетүү керек. Мындай маани **-ыш** фор этишке *керек* деген сөздүн кошулушу аркылуу берилет мек, **-ыш** тын жаксыз мааниси *керек* деген сөз менен шар ган. Мисалы:

Колдон намысты кетиргенче, канжыгадан баш *кет керек* да.

Ошол кедей ортолордон өтпөймүн деген адамдар боло *не кылыш керек* (Сыдыкбеков).

Эчен коктуларды өрдөп, эчен кырларды *ашыш* (Токомбаев).

Кийинки мезгилде түркологиялык адабияттарда м мүчөлөрүнүн чыгышы жөнүндөгү маселе козголуп келе ж Айрым изилдөөчүлөр ушул кездеги мүчөлөр тарыхый ж нан бүтүн сөздөн келип чыккан деген пикир кенири тар жана ал көптөн бери ушундай делинип эсептелип келе ж алардын кээ бирөөлөрү тилдеги болгон фактылар менен талып жатат. Бирок мүчөнүн бүтүн сөздөн чыгышы жа жол болбосо керек. Мүчөлөр мындан башка да жол м сөздүн аягындагы тыбыштардан бөлүнүп калып, кийин чөгө айланып кетиши мүмкүн деп эсептешет; мамиле этил мүчөлөрүнүн чыгышын да ушу кийинки жол менен түш рөт.

Экинчи бирөөлөрү мүчөнүн жалпы чыгышы жөнүндөгү селени карабайт, бирок мамиле мүчөлөрдүн тарыхый жаг сөз жасоочу мүчөлөр менен байланыштуулугун айтышат рок сөз жасоочу ал мүчөлөр тарыхый жагынан кайсы се келип чыккандыгы жөнүндө ачык айтышпайт.

Мүчөнүн жалпы эле чыгышы жөнүндөгү маселе бул э тин милдетине кирбейт, бул жерде биз бүтүндүн бөлүкчөс тарында кош мамиленин мүчөсүнүн чыгышына токтоло ке артык баш болбос деп эсептейбиз.

Кытай Эл Республикасынын Ганьсу провинциясында жашоочу сары уйгур тили «...өзү эле көп эмес байыркы түрк тилдеринин бири болуп эсептелет»[1]. Мында азыркы түрк тилдеринде жок, бирок байыркы түрк тилдери—орхон-енисей эстеликтеринен кездешүүчү грамматикалык бир топ формалар, эсептик системалар ж. б. сакталган. Азыркы тилдердин материалы жагынан алып караганда сары уйгур тилинде биздин темага байланыштуу, кызыктуу маселелердин бири ус (уст, устер, ыс)—посылать) деген жардамчы этиштин сакталышы болуп эсептелет. Сары уйгур тилинде бул **жардамчы этиш** (ыз, ыс—посылать) бир канча этиштердин составында сакталгандыгы алардын морфологиялык элементтеринен билинип турат.

Мисалы: **алустер**—выхватывать (<ал—брать);
өндүрүштөр—гнать, угонять (үндүр—выводить, выносить);
айустер—приговаривать, жаловаться (ай—говорить, жаловаться);
атустер—выстрелить (ат—стрелять);
сатустер—распродавать[2].

Бул келтирилген мисалдардагы жардамчы этиш «ыз», «ыс» кошулган этиштер кыргыз тилинде айтыш, атыш, сатыш, алыш деп кош мамиле формасы менен, аркылуунун **-тер** формасы менен келгендери **-тыр** менен берилет. **Салыштыр:** сары уйгурча алустер (выхватывать) (<ал—брать) менен кыргыз тилиндеги алыштыр'ды (айгырларды алыштырдык). Мындай фонетикалык окшоштугунун жана семантикасынын жакындыгына карап, сары уйгур тилинде сакталган «ыз», «ыс» деген жардамчы этишти азыркы түрк тилдериндеги кош мамилелик мааниде колдонулуучу **-ыш** мүчөсүнүн архетиби деп ойлоого болбос бекен?!

Болгондо, байыркы убактагы «посылать» деген мааниде этиш тилдин өсүш процессинде бүтүн сөздүн мүчөгө айлануышынан мурун жардамчылыкка өткөнү сыяктуу, жардамчы этиштик мааниге өтүп, баштапкы (орхон-енисей эстелигинин ушундагы) өз алдынчалыгын жоготуп, кошумча маанини билдирүү үчүн өзүнөн мурунку негизги сөз менен жардамчы

---

[1] С. Е. Малов. Язык желтых уйгуров, 6 бет.

[2] Бул ссылкалар жана материалдардын баары С. Е. Маловду натан эмгегинен алынды (191 бет). Сары уйгур тилиндеги «посылать «отпустить» деген маанидеги этиш (-ыз) байыркы түрк (орх. енис.) тилиндеги посылать» деген маанидеги этиштин (ыт) фонетикалык түрү болуп эсептелет. Жардамчы этиш катарында сары уйгур тилиндеги «ыз» кыймылракеттин чукулунан болгондугун жана тездигин билдирүү үчүн колдонулат. Түрк тилдериндеги кээ бир тыбыштардын закон ченемдүүлүгүн эске алганда бул ыт||ыз менен кыргыз тилиндеги ий, ир (чаап ийди, чаап ирди) да байланыштуу болушу мүмкүн.

элемент катарында айкашып жана фонетикалык жаг
аны ээрчип жүрүп, бүтүн сөз составдык элементтерге а
тылганда анын морфологиялык мүчөсү катарында бө
калышы мүмкүн.

Мындай ойго аталган тилдердин фактылары алып
Мисалы:

1) Табгач каганың ичреки бедизчиг ыты (Табгач пр
мне «внутренних» мастеров своего императора)—Табгач
тай— С. К.) мага өзүнүн императорунун ички усталары
берди[1]) (орх. ен. эстелиги; мында «ыт» өзүнчө, сөз ката
да колдонулуп турат).

2) **Салвызыптро** (<салып+ызып—тро) (освободил-
шотту;[2] *атустер, алустер* ж. б. (сары уйгур тилинде; мур
дай өз алдынчалыгын жоготуп, негизги маанидеги сөздүн
рагыс элементи, мүчө, катарында гана колдонулду).

Мындагы келтирилген атустер, алустер деген сөздө
жардамчы этиш ус (<ыз) акырындык менен мүчөгө
айланып, мурдагы билгизген маанисинин ордуна мами
мүчөгө мүнөздүү болгон башка маанини билдирип ка
мүмкүн. Мындай бүтүн сөздүк касиетин—өз алдынчал
жоготуп ,кошумча маанилерди билдирүү үчүн жардамчы
гө өткөндөрдү жана бара-бара фонетикалык жагына
гөрүп, мүчөгө өтүп кетиши же болбосо бүтүн сөздүн к
рышы көз алдыбызда да болуп жатат.

Кыргыз тилинде **-ыш** мүчөсү жалаң гана мами
мааниде колдонулбастан, сөз жасоочу мүчө катарында
колдонулат да, ал аркылуу зат атооч, сын атооч жана
тин функционалдык формасы—кыймыл атооч жасалат. Б
экөөнө караганда кийинки мааниде колдонулушу басы
лук кылат; кыймыл—атоочту жасоодогу өнүмдүү мүчөле
бири болуп эсептелет.

Кыймыл атооч: бериш, жеш, бышырыш, алыш (кыз
шыш, кыз алышуу), айтыш, жарыш, агыш, ачылыш, б
(Баатырбектей адам сөөк болуш деген эмне (Сыдыкбек
кетиш (минип кетиш деле көбөйдү), келиш, кетиш, жүрү
руш, алыш-бериш, кейиш (кейишке салба), жыгылыш, күн
(жаш баланын күнүлөшү ыктымал, Миң бир түн), оода
тууш (туушуна жетерсиң, балам, тууганынды издеп кете
(К. К. Юдахин), тосуш, олтуруш, кысталыш, кыйна
сайыш, кыйыш (сөзүндө бир кыйыш жок (К. К. Юда
кубаныш, куюлуш, ченелиш, бөлүнүш, кызылыш, өнү
(К. К. Юдахин), куюлуш, ченелиш, бөлүнүш, казылыш, ен
жылыш ж. б.

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 28
12 сап.

[2] С. Е. Малов. Язык желтых уйгуров, 153, 191 беттер.

Зат атооч: -ыш мүчөсү аркылуу түзүлгөн кээ бир сөздөр заттанган түшүнүктү билдиришип, заттык мааниде колдонулат: өрдөш, байланыш, жаңылыш, кол кабыш, көз караш, өндүрүш, көрүнүш, жеңиш, уруш, согуш, конуш, көтөрүлүш, көңтөрүш, имерилиш, бурулуш, сунуш, сөгүш, курулуш, жыртыш, батыш, чыгыш, кире бериш.

-ыш мүчөсү аркылуу жасалган кээ бир сөздөр грамматикалык термин катарында да колдонулат: жатыш, барыш, чыгыш, этиш (эт+иш), жутулуш—ээрчишүү (К. К. Юдахин), өзгөрүш, жөндөлүш, жакталыш ж. б.

Сын атооч: тааныш киши, теңдеш адам ж. б.

Жаңы маанидеги сөздөрдүн жасалышында **-ыш** башка мүчөлөрдүн жалганышы үчүн экинчи негиз катарында да кызмат кылат: *карашпуу, байланышпуу, жугушпуу, тийишпүү, жыгылышпуу*; *келишим, кычаштык, туушкан, куюшкан* ж. б.

Кээде **-ыш** сөз жасоочу башка мүчөлөрдүн, мисалы, **-ла** нын ажырагыс составдык бөлүкчөсүнө айланып, **-лаш||даш** түрүндө өзүнчө мүчө катарында колдонулат.

Кыргыз тилинде мындай мүчөлөр менен бирге анын **-наш** формасы да бар. Мисалы: *катнаш.* Катыш, катылба деген сөздөрдөгү **кат** деген биринчи элементти үңгу деп карай турган болсок, анда катнаш дегендин экинчи бөлүгү **-наш** ты мүчө деп кароого туура келет. Морфологиялык составы жагынан ал -ын + -аш||(-ыш?) деген элементтерден турушу мүмкүн. Бул мүчөлөрдүн жардамы аркылуу атоочтон этиш жана бирликти, жакындыкты билгизүүчү атоочтор түзүлөт. Бул **-лаш||-даш** мүчөсү аркылуу түзүлгөн сөздөрдүн кандай мааниде экендиги кээде сүйлөмдүн контекстинен же болбосо аныктоочтук айкашуудагы мамилеге карата аныкталат. **-лан** формасы сыяктуу **-лаш||-даш** мүчөсү аркылуу жасалган этиштер да кош мамилелик маанисин жоготушуп, өзүнчө этишпик негизге айланган. Коштук маани буларга дагы **-ыш** мүчөсүнүн жалганышы аркылуу берилет. Мисалы: айылдаш, илектеш, кеңештеш; саламдаш, жардамдаш, жооптош; колоздош — 1) колхоздоштуруу (этиш); 2) колхозу бирге адам; олхоздошушту, амандашышты ж. б.

А. Н. Кононовдун эмгегинде[1] **-лаш||-даш** мүчөсүнүн морфологиялык элементтери жөнүндөгү айтылган болжолдоолор ерилген. Бул мүчөгө арналган адабияттар[2] да бар, анын түнө **-лаш||-даш** мүчөсү жөнүндө тектеш тилдердин ар бир рамматикасында да берилген.

---

[1] А. Н. Кононов. Грамматика турецкого языка, М.—Л., 1940 ж., бет, 1 сноска.

[2] А. Г. Гулямов. Об аффиксе *-даш* в узбекском языке, сб. «Белек» рунзе, 1946.

-лаш||-даш мүчөсүнүн этимологиясы түркологиялык
бияттардагыдан башкачараак болуп да болжолдонушу
күн.

1) Проф. Ж. Дени көрсөткөндөй **-даш** мүчөсү бай
түрк тилдериндеги жолдош; катышуу, кеңешүү (адаш-ки
кош сөз) маанисиндеги **адаш** деген сөздүн башкы «а» т
шы түшүп калган бөлүгүнөн чыгышы мүмкүн.

2) **-лаш||-даш** мүчөсүнүн баары эле бүтүн сөздөн
бербестен, морфемалардын өз ара биригишинен (**-ла-**
да чыгышы мүмкүн. Атоочтон этиш жасоочу **-ла** мүчөсү
нун аягындагы жумшак жана каткалаң үнсүздөргө ка
өзгөргөндө формалдык жагынан жатыш жөндөмөсүнө о
калат. Омонимдиктен качуу үчүн өзүнчө колдонулбай т
омофорфтук негизге кош мамиленин мүчөсү жалганган б
керек. Бирок экөө чыгышы жагынан ар түрдүү болсо да,
ним жана кызматташ болуп калган. **-ла** менен өздүк мам
нин формасы биригип, **-лан** түрүндөгү сөз жасоочу өз
мүчө катарында колдонулушу **-лаш||-даш** мүчөсү **-ла-**
элементтеринен да турардыгына күбө боло алат. Мисалы:
тан, талаптан ,арыздан; салыштыр: *арыздан—арыздаш, на
дан-намыздаш, анттан-антташ* ж. б. Мүчөнүн мындай а
элементтери боюнча айрылып туруунун өзү эле алардын
тавдуулугун көрсөтөт.

Бу **-ыш** формасынын кээ бирөөлөрү модалдык сөзгө
кетишсе, кээ бирөөлөрү жаңы маанидеги этишти да жаса
дыгы байкалат. Мисалы, *тийиш* (<тий<тег+ыш); кел
тийиш—келүүгө керек; *болуш* (<бол+ыш): уулуна болу
алар өз туугандарына болушушту ж. б.

Кыргыз тилинде аягы **-ыш** менен бүткөн атоочтук
этиштик маанидеги сөздөр көп, бирок алар морфология
составы боюнча үнгу жана мүчөгө ажыратылбайт, үнгү
бөлүгү өз алдынча колдонулбайт жана маани да берб
Биздеги маани бербеген үнгулук бөлүк тектеш башка
тилдеринде болсо маани берет[1].

Мисалы: кыргыз тилинде үлүш үнгү, мүчөгө ажы
тылбайт, заттык мааниде колдонулат. Ал эми алтай, ха
тилдеринде болсо *үлү* — доля, часть, делить что-л. на ча
Демек, буга караганда кыргыз тилиндеги *үлүш* деген зат а
тарыхый жагынан *үлү+ш* деген составдык элементтер
тургандыгын көрүүгө болот.

Ушу сыяктуу эле башка сөздөр жөнүндө да айтууга бо
жарыш (<алт. *дьар,* хак. *чар*—колоть, раскалывать ра
кать); буга караганда, **жарыш** (абаны) жаруу (рассек
маанисиндеги **жар** деген этишке **-ыш** мүчөсүнүн жалгань

[1] Тектеш башка тилдерден келтирилген мисалдар сөздүктөрдөн алы

аркылуу түзүлгөн болуу керек.

Жараш: балдар бирине бири жарашты — 1) жагып калды деген мааниде (алт. *дьара*—нравиться, быть приятным, быть годным; полезным; 2) быть к лицу, подходить; бу кийим сеге *дьарап дьат* — эта одежда (костюм) тебе к лицу). Алтай тилиндеги дьара менен кыргыз тилиндеги мага жагат деген маанидеги жарайт-жарабайт, (ишке) жарады, жарашат (бу кийим сага жарашат), жарашыктуу жана жараш (согласие) деген сөздөр да байланыштуу (б. а. < жара). Кыргыз тилинде жарамталдуу, жарайт, жарабайт (<жара+й+т, жара+ба+й+т) уңгу, мүчөгө бөлүнсө, *жарашат, жарашыктуу* деген сөздөрдө аяккы **-а+т** (жараш), **-ык+луу** (жараш) мүчөлөрүнөн башка бөлүктөрү өз ара бөлүнбөйт жана маани бербейт. Ал эми алтай жана тува тилдеринде болсо дьараш, чараш—красивый; пригожий, красиво деп маани берет.

Кыргызча **жармаш,** хакасча чарбан—1) виснуть, 2) цепляться, хвататься за кого-что л. 3) карабкаться. Буга караганда мунун уңгусу **жарма** экендиги өзүнөн өзү эле көрүнүп турат. Салыштыр: **кармаш** (карма) менен **жармаш** ты (<жарма||чарба). **Жарналаш** (-жарнакташ) (<**жарна+лаш**); казакча **жарна** — пай; взнос; доля; жарналас — пайщик, соучастник в доле.

Өрүш (конуш алгыча өрүш ал) (<хак. **өр-табун,** косяк (лошадей): өрге салза—кистебес, өлөңге салза—**оттабас** (сана).

Кырг. алт. **учкаш;** хак. у с х а с; тув. у ш к а ж ы р — садиться вдвоем на одно верховое животное; садиться по зади всадника; у ш к а р а р — сажать верхом по зади себя; муну менен салыштыр: хакасча у с к а з а р г а, у с х а с т ы р—кырг. у ч к а ш т ы р. Демек, тува жана хакас тилдеринин материалына караганда, у ч к а ш <у ч к а+ш деген элементтерден тургандыгын көрүгө болот. Муну менен салыштыр: у ч к а й ды (<учка+й тик). Тарыхый жагынан у ч к а — өз ара у ч (—конец) + к а деген элементтерден турган болуу керек. Муну менен салыштыр: у ч у к т у (уч+ык): бир учук жип. Келтирилген материалдарга караганда, у ч к а ш<уч+ка+ш деген элементтерден тургандыгына, мааниси жана формасы боюнча мындагы **-ш** кош мамиленин мүчөсү экендигине шек кылууга болбойт. Бирок **-ш** кийин **-ка** мүчөсүнүн ажырагыс составдык бөлүгү катарында болуп калган. Антке-ни мамиле этиштик мүчөлөр өз маанисинде атоочко тикеден тике жалганбастан, этиштик негизге гана жалганат. У ч к а ш тарыхый жагынан кош мамиленин мүчөсү аркылуу түзүлсө да, лексикализацияланып өзүнчө этиш катарында кабыл алынуунун натыйжасында ага дагы кош мамиле этиштин мүчө-

сү жалгануу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен: **учкашышты,** а
у ч к а ш т ы р ы ш т ы ж. б. Мындай учурда биринчи **-ш** (к
ч о г у л т у л д у деген сыяктуу атоочтон этиш жасап сөз
соочулук мүнөздө болот.

Же болбосо айталык а д а ш. Бул сөз формасы жагы
кош мамилелик формада колдонулганы менен, мамиле
мааниде эмес, этиштик мааниде колдонулат да, мамиле
маани ага **-ыш** мүчөсүнүн экинчи жолу кайталанып жа
нуусу аркылуу берилет. Түрк тилдеринде а д а ш этиштик
ниде негизинен эки түрдүү формада берилген: кырг. *адаш,*
адас, өзб. *адашмак,* йулдан *азмак;* тат. *адашуу;* туркм. *а*
мак, ялңышмак, (<ялңыш—ошибочно) (бул кийинки сөз к
гыз тилиндеги ушул маанидеги жаңылыш менен мето
(азерб. *азмаг,* тув. *азар*) (<ас): Мен арык иштинге *аза*
дим — мен токой ичинде адаштым. Алт. *ас,* хак. *азар* (<
болуп, бир группадагы тилдерде «д» (адаш, адас), экинчи
пада «з» (азаш, аз, ас) түрүндө эки түрдүү формада колд
ла тургандыгын көрүүгө болот. Кыргыз, казак, өзбек тилде
деги *адаш, адас* ка структурасы боюнча окшош болуп тур
түркмен тилиндеги *азаш*' тын түпкү үнгусу *аз, ас* экенди
азербайджан, хакас, тува жана алтай тилдеринин материа
ры күбө болуп турса, булардын баары биригип келип, *а*
тарыхый жагынан өз ара а д+а с деген составдык элем
терден тургандыгын көрсөтүп турушат. Бул жерде түрк тил
ринин фонетикалык өзгөчөлүгүнө байланыштуу кыргыз,
зак тилдеринде адаш эмес, аяш болуп келиши керек эле, би
мында «д» сакталган. Кээде бир сөз фонетикалык түрүн өзге
сө, экинчи сөзгө омоним болуп калбасын үчүн тилде анын ай
малуу формасы колдонула берет. Адаш да ушу сыяктуу бо
кыргыз тилинин фонетикалык азыркы нормасына сыйбай т
ган «д» формасы (й тун ордуна) сакталып калган болуу ке

Тектеш тилдерден келтирилген бул материалдар, эки
жагынан, буйрук ынгай маанисинде колдонулуучу азгыр да *а*
гыр деген элементтерден тургандыгын көрсөтөт. «Аз» пр
К. К. Юдахиндин сөздүгүндө үнгу түрүндө, бирок өзүнчө к
донула албайт деген сыяктуу кылынып, дефис аркылуу «с
ваться с пути» деп туура берилген. Бул сөз кыргыз тилин
үнгу түрүндө эмес, дайыма *азып-тозуп, азгыр* деген сыяк
болуп туунду формада колдонулат да, адашуу менен синони
деш баштапкы маанисинен алда канча алыстаган, негиз
мааниси араң эле сезилет. Белгилүү өлчөмдө жаңы мааниде
өз алдынча сөз десе да болот.

Бул *-ыш* формасы башка сөздөрдүн жасалышы үчүн не
катарында колдонулгандарынын ичинен этимологиясы жа
нан кызыгы—*куюшкан. Туушкан* (тууган—туушкан) бол

уу (<туг) +ыш+кан элементтеринен турардыгы жана мын
агы **-ган** атоочтуктун **-ган** мүчөсү экендиги белгилүү иш.

Тилдик айрым материалдарды жана фонетикалык закон
енемдүүлүктү эсепке алганда, *куйушкан* да жогоркудай эле
енттерден турган болуу керек. Бирок *куйушкандын* куйрук
үчүн колдонула тургандыгын жана булардагы *куй* деген эле
енттердин окшоштугуна карап, куйушканды куйруктан чы
арууга болбойт, бирок экөө уңгулаш болушу мүмкүн. Хакас
илинде *хузурук* биринчи мааниси (куйрук) менен бирге бир
ерсенин бүткөй жери, учу, аяккы бөлүгү (конечная часть)
деген маанини да билдирет. Чуваш тилинде куйрук деген маа
иде хүре колдонулат. Мындай мааниге жана чуваш тилин
деги р ге башка түрк тилдеринде з дин туура келишин (чув.
ер—кыз) эсепке алганда, *куйрук* тун түпкү унгусу тарыхый
агынан бир нерсенин бүткөн жери, учу, аяккы бөлүгү; бир нер
енин кошулган жери, эңкейиш деген маанини билгизген *куду,*
узу, куйу деген сөз болуу керек. Буга алтай тилинде жээк (бе
ег), бир нерсенин чети (край), чек (предел), бир нерсенин
ектешкен жери (граница) деген маанидеги *куйу*[1] деген сөздүн
ардыгын да кошуп кетүү керек. Куйушкан болсо жогоркудай
де маанидеги *куду||хузу||куйу||куй* деген уңгулук бөлүккө
ыш жана **-кан** мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу түзүлүп,
л эки суунун куюшканы деген сыяктуу башта ээр менен куй
укту бириктирүү деген мааниден келип чыккан болуу керек.
ул айтылган этимология такталышы мүмкүн, бирок ошентке
и менен, ал *куйрук, куймулчак, куюшкан* деген сөздөрдүн
пкү үнгусу бир экендигин, туундулугун жана кийинкисинин
ставында **-ыш** тын бардыгын көрсөтөт.

Кээ бир сөздөр кыргыз тилинин өзүнүн эле материалдары
юнча салыштыруу аркылуу үнгу жана мүчөгө бөлүнөрлүгү
лгилүү болушу мүмкүн. Мисалы: *жанаш, жанабайт* (<жан+
а+ш) (жакындабайт деген мааниде) салыштыр: жаны
<жан+ы); кырг. *чаташ, чатак,* казак шатасу, шатак (<чата)
ата+ш) (-с) ж. б.

Жогоркуга окшоп бизде үнгу мүчөгө ажыратылбай жана
гусу өз алдынча маани бербеген, бирок тектеш башка тил
рде мунун тескерисинче болгон сөздөрдүн тизмеси бири бири
салыштыруу аркылуу көбөйүшү мүмкүн. Бул жерде биз мү
здүү жана талашсыздарына гана токтолдук. Келтирилген
териалдар кош мамиленин мүчөсү да башка мамилелер
яктуу тарыхый жагынан сөз жасоо менен байланыштуу экен
гин көрсөтөт. Бирок кийинки өсүш процессинде ал касиети-

[1] Н. А. Баскаков, Т. М. Тощакова. Ойротско-русский словарь, 1947, 98 бет.

нен обочолонуп, көбүнчө кыймыл-аракеттин субъектиге к болгон мамилесин көрсөтүүчү мамилелик мааниде колдо кеткен болуу керек.

АРКЫЛУУ МАМИЛЕ

Аркылуу мамиле кыймыл-аракеттин башка бирөө бынан же болбосо буйруучунун өзү аркылуу иштелген ишти иштөөгө субъектинин жол бергендигин билгизет.

Аркылуу мамиле кыймыл-аракеттин реалдуу же р эмес субъект тарабынан иштелгендигине карата экилүнөт:[1]

1) кыймыл-аракеттин реалдуу (грамматикалык) с тарабынан иштелиши. Мындай учурда өтпөс этиштик у аркылуу мамиле мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу этишке айланат да, субъект менен кыймыл-аракеттин ор дагы мамиле өзгөрөт. Биринчиден, аркылуу мамиленин сү жалгануучу уңгу этиштин субъектиси пассивдүүлүктивдүүлүккө өтөт. Экинчиден, мунун натыйжасында кы аракет тикеден тике объектиге багытталат; же болбосо ку грамматикалык субъект сүйлөмдө объект болуп мил карат. Буга байланыштуу сүйлөмдө жаңы ээ пайда бо төмөндө айтыла турган аркылуу мамиленин экинчи түр раганда кыймыл-аракет субъектинин өзү аркылуу ишке рылат. Салыштыр: сен тур—сен тургуз, сен жат—сен ж бала укта+ды—баланы укта+т (сен, мен, ал), ба но+ды—баланы ойно+т (сен, мен, ал).

Мисалдар:

Кагылайын Эркин, чурка! Итиңди байлап кой, *тай* тийбейт, болбосо итинди *өлтүрүп коет*» деди таякем.

Зуннахундун тарынчысы менен айткан *сөздөрү* Түл тин өлбөгөн төрт шыйрагын *калтырды* (К. Жантөшев).

Өзүң колдон кетсең да, түлүгүң колдон кетпесин, жа деп кобурап, көзүнөн жашын мончок-мончок *тамчыл* колдорун *калтылдатып* туруп... (Сыдыкбековдон) ж. б.;

2) кыймыл-аракеттин грамматикалык объект тара иштелиши. Мындай учурда аркылуу мамиле өтмө этиште салат, башкача айтканда, аркылуу мамиленин мүчөсүнүн нышы аркылуу түзүлгөн этиш эки эселенген өтмө этишке нат. Өтмө этиштен өтмө этиштин жасалышы кыймыл-ара башка бирөө тарабынан иштелишин көрсөтүү зарылды болгон болуу керек. Мында да субъект активдүү болот, кы

[1] Караңыз: Н. А. Баскаков. Залоги в каракалпакском 15—16 бет. А. Н. Кононов. Грамматика современного турецко тературного языка, 201—204 бет.

ракет тике объектиге багытталат жана кыймыл-аракет менен убъектинин ортосундагы мамиле өзгөрөт. Бирок биринчисинен унун айырмасы кыймыл-аракет буйруучу тарабынан иштелбестен, башка бирөө—чыгыш, барыш жөндөмөлөрүндө турган объектилер тарабынан иштелет. Бирок кээде ишти иштеген объектилер берилбей калышы да мүмкүн. Ал эми грамматикалык субъект болсо буйруучу, ошол иштин ишгелишине түртку берүүчү себепкер болуп эсептелет. Ошентип, аркылуу амиленин бул түрүндө грамматикалык, реалдуу эмес субъект жана логикалык, реалдуу субъект болуучу эки субъект бар деп карооо мүмкүн. Бирок мындагы субъектилердин ишке катышкандагы укугу бирдей эмес: бирөө буйруучу, бирөө аткаруучу. Кош мамиледеги субъектилерден булар ушу жагынан айрылат, анткени кош мамиледеги субъектилер бирдей укукта болушат.

Мисалы:

«Самсахун, Каныбекти чыгарып тамак *бердир*», деди Зунахун.

Колунда барлар куржундап талканын камдап, семиз жылкы *сойдуруп,* этин майда *тууратып,* аны аябай кургатып гүл зык камдайт.

Балдарга төмөлө *тарттырып,* чөп үйүп жүргөн карыя *Эркебай* кыйкырып жүгүрдү (Жантөшев) ж. б.

Аркылуу мамиле жогоркудай башка бир субъектинин буйругу боюнча же өзү тарабынан иштелген *буйрук иретиндеги кыймыл-аракетти гана эмес,* буга таптакыр карама каршы келген кыймыл-аракетти—*ишти иштөөгө субъектинин өзү жол бергендигин да билгизет.* Мындай учурда аркылуу мамиле маанисинин жагынан туюк мамилеге окшош. «Нагыз туюк мамиле жаңы сөз нерселер жана айбандар үчүн колдонулат, а адамдар үчүн, качан алар башка бирөөнүн кыймыл-аракетине дуушар болгон учурда, б. а. туюктун абалында болгондо ар дайым аркылуу мамиле колдонулат. Кээ бир этиштерде аркылуу мамиле негизгинин да жана туюктун да маанисин билдирет. Мисалы, *иштет: аны иштет* (его заставить работать)—аркылуу мааниси, *а иштет* (самому быть им заставлен работать)—аркылуунун туюктук мааниси»[1]. **Мисалы:**

Мен мына ушунча кишиге *сүйгүздүм* жана сүйдүм.

Падыша анын келгенине кубанып, жогору көтөрүп урмат кылып, кетеринде тон *кийгизип,* алдына бир динар коюду (Миң бир түн).

[1] Грамматика алтайского языка, составлена членами Алтайской миссии, Казань, 1869, 52 бет.

Кыз оюнда Жамыйла кол кармашкан жигитине а… шып *өптүрдү*.

Бутун тикенекке *сайдырды*. Алтын менен күмүштү … толтуруп, канжыгага *байлатты* (Каралаев). Этегимд… *булдурдум* (К. К. Юдахинден).

Чөбүн малга *талатты*. Кер кашка укурук менен ка… Кадырлуу Петр Андреевич, кечээ *үттүрган* жүз … ушу баладан берип жибергин (А. С. Пушкинден).

Жогоркуларды жыйынтыктаганда, кыргыз тилинде … кылуу мамиле формасындагы өтмө этиштер бири бир… рама каршы келүүчү эки мааниде колдонула турга… белгилөөгө болот:

а) субъектинин башка бирөө аркылуу иштеткен кы… аракети грамматикалык объектиге багытталат (*өтүк т… дим, чөп чаптырдым* ж. б.);

б) кыймыл-аракет субъектинин өзүнө багыттала… грамматикалык субъект өзүнүн ишине өзү логикалык жа… объект да болуп эсептелет. (врачка укол *сайдырдым*, ча… алдырдым ж. б.). Мындай субъектинин объ… мамилесинин берилишинде кыймыл-аракет субъектин… же болбосо башка бирөө тарабынан да иштелиши м… Кыскасын айтканда, аркылуу мамиле формасындагы … этиштер грамматикалык объектиге гана эмес, логикалы… гынан объект болуп эсептелген учурда субъектинин өз… багытталат.

Аркылуу мамиленин кыймыл-аракетти иштөөгө суб… нин жол бергендеги кийинки бул мааниси туюк мамиле… жакын.

Аркылуу мамиле формасындагы этиштер жогорку не… маанисинен башка субъектинин аркылуу мамиле бил… абалга келтирилишине түрткү, себеп болгондугун да … зет.

Анын ушул кылыгы мени мурункудан бетер *шектенд…* Ушул күтпөгөн жерден башына түшкөн кайгы атамды … *күрөтүп кетет*.

Мен андан бардык болгон окуяны билдим, анын ан… ошондо мени абдан өзүнө тартып *муңдандырды* (А. С. … кинден);

Кыргыз тилинде бир топ этиштер формалдык белгиси … ча аркылуу мамиле болуп эсептелген менен, мааниси … нан мамилелик талапка жооп бербейт. Булар… да аркылуу … тун мүнөздүү белгиси жок. Болгондо, буларга … аркылуу … ленин мүчөлөрү түпкү этиш аркылуу берилген … кыймыл-ар… менен субъектинин ортосундагы синтаксистик … мамилени… гөртүү үчүн гана жалганган болуу керек. Бул тез… ис көбүнчө … пөс этиштен өтмө болуп жасалган аркылуу м… амиле фо…

…арына таандык. Бул жагынан алганда аларды ортосаар ар… …ылуу (медиально—понудительный) деп эсептөө мүмкүн: *көн…* …ур (<көн+дыр), *коркут* (<корк+ыт), *жаткыз* (<жат), *кал…* …ыр (<кал), *жеткиз* (<жет), *тойгус* (<той) ж. б.

Айрым учурда нагыз аркылуулук маани өтмө этиштен жа… …алган этиштерде да берилбей калышы мүмкүн. Бирок алар на… …ыз аркылуулуктун ордуна мунун экинчи негизги маанисинин …ири—түрткү, жол бергендикти билгизет жана бул маанинин …егизинде алар аркылуу мамилеге кошулат. Анын үстүнө ар… …ылуу мамиленин өтмө этиштерден жасалышына байланыштуу …улардын башкарылуучу объектилери да өзгөрөт (*эм—…мчекти, эмиз—баланы*). Аркылуулук маани буларга дагы мү… …өнүн кабатталып жалганышы аркылуу берилет. Салыштыр: *…ткөрдүм—өткөрттүм, түшүндүрдүм—түшүндүрттүм*.

Демек, биринчиден, аркылуу мамиленин мүчөлөрү жалган… …ан этиштердин баарынан эле аркылуулук маанини издей бе… …үгө жарабайт; кээде алар аркылуулук эмес маанини же бол… …осо аркылуунун экинчи катардагы маанисин билгизип калы… …ы мүмкүн.

Аркылуу мамиленин мүчөлөрү этиштин бардыгына бирдей …алгана бербестен, этиштик үнгу же негиздин кандай үндүү …ана үнсүз менен бүткөндүгүнө карата түркүмдөлүп жалганат. …шондуктан алардын ар бирине жекече токтолуу туура.

1) **-дыр‖ -дир‖ дур -дүр‖-тыр‖ -тир, тур‖түр** (үндүү, …агы **ч, т, р** ден башка жумшак жана каткалаң үнсүз менен …үткөн негиздер үчүн). Бул нормадан аягы «л» менен бүткөн …ээ бир негиздер гана сыртка чыгат, анткени буларга эреже …үнча жумшак үнсүз менен башталган **-дыр** мүчөсү эмес, …рыхый өзгөчөлүккө байланыштуу каткалаң менен башта… …н- **тыр** мүчөсү жалганат: *кетир, өлтүр, калтыр; сойдур, …аздыр, өстүр, суудур; кестир, билдир, тештир, жактыр, сат…ыр* ж. б.;

2) **-кыр‖ -кир‖ -гыр‖ -гир‖ -кар‖ -кер‖ -гар‖ -гер** аягы **…з**, менен бүткөн негиздер үчүн—өнүмсүз мүчө: *бүткөр, жет…ир, жазгыр, азгыр, өзгөр* (<өз—?), *өткөр, куткар* (<кут—);

3) **-кыз‖ -киз‖ -гуз‖ -гүз** (аягы **р, м, й,** жана **т** менен бүт… …н сөздөргө жалганат) «р» менен «з» тыбышынын алма… …ылышына байланыштуу бул мүчө **-кыр‖ -кыз** болуп колдо… …лат. **Мисалы:** *жеткир‖ жеткиз, бүткөр‖ бүткөз, куткар‖ кут…з, жаткыр‖жаткыз; тургуз, күткүз, киргиз, отургуз, көргөз, …гиз‖эмис* ж. б. **-кыр** менен **-кыз** мүчөлөрүндөгү **р—з** тыбыш… …рынын алмашылышы жана азыркы кезде да маанисинин …алпылыгы кээ бир окумуштууларды *-кыр* мүчөсү *-кыз* мүчө… …нүн варианты деп карооо алып келген[1]. Н. А. Баскаков өзү

[1] Н. А. Баскаков, Залоги в каракалпакоком языке, 22 бет.

нүн көрсөтүлгөн бул эмгегинде **-дыр** менен **-дыз** мүчөлө
да алмашыла турганын көрсөтөт: ол манга иш *билдүздү* (
II 20)—ал мага иш *билдирди;*

4) **-ар||-ер** (аягы **з, к, т** менен бүткөн аз сандуу сө
гана жалганат). Аркылуу мамилени жасоодо өнүмсүз
чык—чыгар, кайт—кайтар, кызар (<кыз+ар) ж. б.;

5) **-ыр||ир** (аягы **т, ч, й** менен бүткөн сөздөргө жал
Өнүмсүз мүчө: *кетир, кайыр катыр, учур, батыр, житир,*
ж. б.

6) **-ыз|| -из**—өнүмсүз мүчө; *угуз* (<ук), *агыз* (<ак)
(<эм), *тамыз* (<там) ж. б.

7) **сөт.** Бул мүчө тарыхый жагынан составдуу бол
азыр ажырагыс морфема катарында, бирок *көрсөт* де
гана этиште колдонулат.

8) **-т.** Бул мүчө аягы үндүүлөр менен же болбосо й,
тыбыштары менен бүткөн этиштерге жалганат: *санат,*
күчөт, суут, бошот, байыт, эшейт, булайт, жашырт, семир
шырт, уялт, жоголт, чубурулт (айткан сөзүн оозунан ч
туп), *чүмкөнт, курчут* ж. б.

9) **-ыт.** Аягы **к** менен бүткөн сөздөргө жогорку ке
ген *-т* эмес, *-ыт* мүчөсү жалганат: *корк—коркут, урк—*
-ыт формасындагы мындай сөздөр кыргыз тилинде а
закон ченемдүүлүк байыркы түрк тилдеринен да кез
Демек, муну байыркы түрк тилдеринен бери келаткан
роого жана **-ыт** мүчөсү аркылуу мамиленин мүчөсүнүн
катарында өзүнчө бөлүнүүгө керек. Мисалы, байыркы
чө[1] *үрк—үркит, өг—өгит* (мактоо); сары уйгурча *көзүт*
көрсөт), *көрнүт* (кырг. көрүнт) ж. б.

Акырында, болжолдуу түрдө болсо да, аркылуу мам
айрым мүчөлөрүнүн чыгышы жөнүндөгү маселеге токто
түүбүз керек.

Проф. Н. А. Баскаков **-ыт|| -ит**, **-т** мүчөлөрүнүн ба
кы формасын **-гыт|| -гит** деп эсептейт: *ойат* (<ой—
ойан (<ой—ган); *уйат* (<уй—гат)—уялтуу, *уйан*
ган)—уялуу[2].

Келтирилген мисалдарына караганда, Н. А. Баскаков
гот» деген сөздүн үңгусун «ой» деп туура көрсө
бирок **-ыт, -т** мүчөсүнүн чыгышы башкача да болушу мү
Байыркы түрк тилдериндеги *одгур*—пробуждать, *одуг*
тельный, трезвый; *одун, ойган*—просыпаться, *ойгат*—пр
дать (от сна) деген сөздөрдүн үңгусу од||>ой экендиги
өзү эле көрүнүп турат. Татар тилинде *уян, уят* деген өзд
на аркылуу мамилелер кыргыз тилинде *ойгон, ойгот*
толук формада колдонулат. Буга карап, **-ыт** жана **-т** м

[1] С. Е. Малов Памятники древнетюркской письменности.
[2] Н. А. Баскаков. Залоги в каракалпакском языке, 19—20 бет

үн башкы формасы *-гат гыт* деп Н. А. Баскаков көрсөт-
өндөй ойлоого мүмкүн. Бирок иш жүзүндө мындай болбой
алышы да ыктымал. Анткени *ойгот, ойгон* деген сөздөрдүн
зү эле мындагы **-гат, -ган** мүчөлөрүнүн өз ара составдуулу-
ун көрсөтөт. Болгондо, *ойгот, ойгон* деген сөздөрдөгү *ойга*
еген бөлүк тарыхый жагынан экинчи негиз, бирок андан ар-
ы өсүш процессинде өз алдынчалыгын жоготуп, мамиленин
г жана **-н** мүчөлөрү менен биригип, ажырагыс морфемага
йланган болуу керек (салыштыр: **-лан, -лаш** мүчөлөрүн);
га|| **-го** формасындагы экинчи негиз калдык катарында кыр-
ыз тилинде сакталган: Мисалы, *ойгоо* (жатат). Мунун баары
ыргыз тилиндеги *ойгон, ойгот* деген этиштердин негизине
айыркы түрк тилдериндеги *ойган, ойгот* деген этиштер жат-
андыгын, татар тилиндеги *уян, уят'тын* негизине байыркы
үрк тилдериндеги *уду* деген этиштин жаткандыгын көрсөтөт.
Демек, кыргыз тилиндеги ойгот, ойгон деген этиштер уйку
еген зат атооч менен эмес, *од оду||ой* деген сөздөр менен
айланыштуу болуу керек.

Аркылуу мамиленин **-ыт** жана **-т** мүчөлөрүнүн чыгышы
өнүндө Н. А. Баскаковдун болжолдоосунан көрө тагыраак
актылары уйгур тилинен кезиктирүүгө болот.

Сары уйгур тилинен аркылуу мамилелик формага
. Е. Маловдун берген материалынан төмөнкүдөй кызыктар-
ы да көрүүгө болот.

1) **-дыр** мүчөсүнө келтирилген мисалдарга *тамыр* (<там—
ореть), **-тыр** мүчөсүнө—*тамтыр* (<там), *каинтыр* деген сөздөр
ргизилген. Ал эми китептин сөздүк бөлүгүндө болсо бул
ийинки сөз: *кайнат, каиндур, каиндыр, каинтыр* жана үндүү-
өр менен аяктаганына *кайнадур, кайнадыр* (кипятить, ва-
ить) болуп Радловдун сөздүгү боюнча берилген (РСл, II,
9 бет) 49 бет. Бул сөздөр кыргыз тилинин Чүй говорунда
мыз (там+ыз), Ысык-Көл говорунда *тамыз, тамдыр*[1]: там-
ыны *тамдыр*; *кайнат* болуп колдонулат.

Демек, буга караганда, кыргыз (жана башка азыркы
рк) тилиндеги үндүүлөр менен аяктаган сөздөр үчүн жал-
нуучу аркылуу мамиленин **-т** мүчөсүнүн архетиби деп **-тыр||**
-дур мүчөсүн карооо туура келет. Байыркы түрк тил-
ериндеги «тур» деген этиш кыскарып отуруп үчүнчү жактын
ак мүчөсүнө айланган сыяктуу, бул этиш, экинчи жагынан,
үн сөздүк баштапкы өз алдынчалыгын жоготуп, *каиндур,*
интир, каинадур, кайнадыр болуп үңгуга жалганып отуруп,
ырында кыскарып, аркылуу мамиленин **-т** мүчөсүнө да айла-

[1] Тамыр деген сөздүн Ысык-Көл говорунда колдонулушу адабият
кторунун кенже кызматкери Мукаш Түлөгабыловдон алынды, жашы 27
, уруусу—бугу.

нып кетиши мүмкүн. Мунун мүчөгө айланыш тарыхый пр
сын схема түрүндө төмөндөгүдөй кылып берүүгө болот:
*<кайнад (ур) <кайнадур (‖<тур>кайн(а) дур> ка
каиндыр*. Муну менен салыштыр: *айт <айуд <ай+у*).

2) **-ыз** мүчөсүнүн толук формасы -гыз деп туура бер

Мындай фактыларга караганда азыркы кездеги
муундуу сөздөр тарыхый жагынан бир муундуу, болгон
жабык муундуу сөздөрдөн болгон сыяктуу, аркылуу ма
нин мүчөлөрүнүн азыркы кезде үндүү менен башталга
болбосо -т сыяктуу жалгыз үнсүздөн тургандарынын к
рөөлөрү да башта жабык муундуу элементтерден т
жана бүтүн сөздөн келип чыгышы мүмкүн:

-т (<**-тыр**‖ **-дыр** <**тур**-этиш): *кайнат<кайнадур.*

-ыр (<**тыр** <**тур**-этиш): кырг. *ичир — ичтир*, са
сары уйг. *тамыр-тамтыр*;

-ыр<-кыр: байыркы түрк: кеткир—кетир.[1].

ыз (*<гыз*): *эмиз—эмгиз, тамыз—тамгыз.*

Кыргыз тилинде формалдык жагынан мамиленин б
рүнүн мүчөлөрүнө окшогон мүчөлөр аркылуу башка се
күмдөрү да түзүлөт. Болгондо, башта булардын кээ бир
рү сөз жасоочулук касиетке ээ болгон болуу керек же б
со сөз жасоочу ал мүчөлөр менен байланышта болуу
Бул жагынан башкаларга караганда -т мүчөсү өнүмдү
лет да, анын жардамы аркылуу төмөнкүдөй зат атоочто
салат. **Мисалы:**

жайыт, тоют (тоют кор), кийит, жуурат, көчөт, сутат
(аттын сууту), өңүт (<өңү), өлөт (өлөт айдагыр), кур
нат, күйүт, кыйыт (кыйыты келгенде), капшыт (салышт
тал, капшыр).

Этиштин жасалышында башкаларына караганда
мүчөсү өнүмдүү. Мисалы: жаңыр (<жаңы), көбүр (са
тыр көбүк <көп—?), майтар (салыштыр: майыш, ма
<май—?), кымыр (салыштыр: кымты (<ким—?), жашыр
лыштыр: жашын <жаш—?), кайгыр (<кайгы); салы
ак—агар, көк—көгөр, кызар (<кыз), жашар (салы
жашаң <жаш), көчүр, капшыр (<кап+ыш+ыр), та
(<тап+ыш+ыр), жапшыр (<жап+ыш+ыр), кыскар,
шар, ичкер, көөнөр (<көөнө), эңшер (салышт: эңкей
шей), узар (салыштыр: узун, уза), кайтар (<кайт+ыр)

Аркылуу мамиленин мүчөлөрүнүн кээ бирөөлөрү

[1] **ыр‖ер** мүчөсүнүн **-кыр‖ -кер** мүчөсүнөн чыккандыгы Н. К. Д
риевде да (Грамматика башкирского языка) айтылган, бирок м
да, Н. А. Баскаковдун «Залогунда» да **куткар** дын үнгусу **кут**
ты, таалай (счастье) делинип берилген. Бирок куткар'дын үнгусу му
нен эмес, байыркы түрк тилдериндеги бошотуу, кутулуу деген маа
«куд» деген этиш менен байланыштуу.

сөздүн жасалышында башка мүчөлөрдүн жалганышы үчүн
кинчи негиз катарында да кызмат кылышкан. **Мисалы:**
жырткыч, жыртыш, жыртык (<жыр+т—), сыйыртмак
<сыйыр+т—), кайырмак (<кай+ыр—), Кайырма (к-здүн
ты), кайруу (<кай+ыр—), кайрак (<кай+ыр+а—), бас-
ырык (<бас+дыр—), бастырма (<бас+дыр—), бөктөрүн-
өк (<бөктөр—), агартуу (<агар+т—), көчүрмө (<көч+
+ыр), кабырга (<кап+ыр—), ачыткы, уютку, жоотку, сүй-
өткү, ашаткы ,омуртка; жылдырма, тундурма, катырма;
одарыш, күйдүргү, көбүргү, жандырмак, бүлдүргү, өндү-
үш; мындай окшоштукка (-тырык) карап, буларды *көзилди-
рик, сагалдырык, көмөлдүрүк, моюнтурук* деген сөздөрдөгү
ылдырык‖ -илдирик мүчөсү менен жакындаштырууга болбойт.
Кийинкиси монгол тилиники жана ал жогорку сөздөрдү мүчө
үү менен кабыл алуу аркылуу келип кирген. Булардын ичи-
ен *көзилдирик, моюнтурук* деген зат атоочтор жогорку сөздөр-
өгү монгол мүчөсү аркылуу түрк тилдеринин өзүндө жасал-
ан болуу керек, анткени монгол тилдеринде «көз», «моюн» де-
ен сөздөр жок. Берки экөө болсо уңгусу да жана мүчөсү да
онгол тилиники. Монгол тилинде *саха*—деп сагалдырык өтүү-
ү жерди (аттын алкымын), *өм (көм)*—бир нерсенин алдыңкы
өлүгүн (передняя часть чего—нибудь) билдирет[1]. Казак ти-
инде[2] да *өмилдирик, тумылдырык*—тумсыкка илдирүү. Буга
араганда түрк тилдеринде-**ылдырык** мүчөсүнүн өнүмдүү-
үгү бирдей эмес жана **тумшук** деген зат атооч да туунду бо-
ушу мүмкүн.

Кээ бир мүчөлөрдүн мамилелик же болбосо сөз жасоочу-
ук мааниде колдонулушу формалдык жагынан так ажыра-
ан. Атоочтуктун **-ар‖ -ер, -ыр‖ -ир** формаларынын фонетика-
ык жагынан түркүмдөлүшү сыяктуу кубулушту мамилелик
йрым мүчөлөрдөн да көрүүгө болот; кууш үндүү менен кел-
ени азыркы учурда мамилелик мааниде, кең үндүү менен кел-
ени сөз жасоочулук мааниде колдонулат. **Мисалы** :куткар,
ткар (атка аткарып кой), башкар, аткар, эскер катыр, жаткыр,
азгыр (жазгырып кет) ж. б. Кең жана кууш үндүү менен
елген **-кар, -кыр** мүчөсү тарыхый жагынан башта бир мүчө
олушу мүмкүн. Булардын кең жана кууш үндүү менен кел-
ен эки түрүндө тең «р» менен «з» тыбышы алмашып келиши
үмкүн, бирок бардык сөздөрдө эмес. Мисалы: куткар‖кут-
аз, аткар‖атказ, өткөр‖өткөз, жаткыр‖жаткыз, бирок баш-
ар башказ болуп айтылбайт.

[1] Көмөлдүрүктүн этимологиясын К. Бакеев айтып берди жана ал урят—монгол жолдоштор тарабынан да ырасталды.

[2] А. Калыбаева. Казак тилиндеги этис категориясы, 46 бет.

Жогорку келтирилген мисалдардагы -т мүчөсү арк
атооч жана -ар, -ыр, -р мүчөсү аркылуу этиштин жасал
на караганда, азыркы мезгилде аркылуу мамилелик ма
колдонулуучу омонимдик мүчөлөр тарыхый жагынан
менен байланышта жана башта сөз жасоочу мүчө ката
да колдонулуп, кийин мамилелик маниси тилде басы
лук кылып кетиши мүмкүн.

Бир эле мүчөнүн кандайдыр бир тарыхый себептер б
ча мурдагы маанисинен алыстап кетип, кийин грамма
лык башка да милдеттерди аткарып калышы аркылуу
омонимдик мүчөлөр жасала берет. Бирок бул омонимд
чөлөрдүн жасалышынын бирден бир жалгыз жолу б
эсептеле албайт. Мүчөлөрдүн омонимдеш болушу б
(четтен кирүү аркылуу) жолдор менен да жасалат.

Кыргыз тилинде азыркы мезгилде аркылуу мами
мааниде колдонулуп жүргөн мүчөлөр толугу бойдон б
кы түрк тилдеринен да кезигет жана алар бул мүчөл
тилде көптөн бери жашап келеткандыгын көрсөтөт.

Мисалдар:[1]

1) **-дыр:** аг—оо, агтур—оодар, келтүр—келтир, б
миндир, — миндир, көндүр—көндүр, йүкүнтүр — жү
йандур—жандыр, уктур—уктур ж. б.

2) **-гыз, -гыт:** көргүз—көргөз, көркит, көркүт (по
вать)—көрсөт, көргөз, күдез (наблюдать, оберегать)—к

3) **-гыр‖ гыз:** тургур—тургуз, тургур (делать тощ
арыкта (салыштыр: арык-торук), кеткир—кетир, кеткиз
гур—азгыр (<аз—сбиваться с пути), аргар (утомлять
аркуз)—арытуу, кузгур (<куз—пламенет)—кызар (са
кызыл <кыз);

4) **-т -ыт:** артат (<арта—погибать)—губить,
(<ат)—аттант, экирт (<экир)—өкүрт, эмгет (<эмге)
гектент, йорут (заставлять идти)—жорут, йүгүрт—жү
көгөрт—көгөрт, ойгот, окут (<оку—звать, приглашать)
кыруу, өгрет—үйрөт, курут (<куру—сохнуть, быть
хим)—кургат, төрүт (<төрү—рождать) (создавать
рить)—түзүү, жасоо; йак (приближаться)—жакындоо,
(приближать, привлекать)—жакындоо, тартуу; салы
сары уйгурча: көрнүт (<көрүнүт)—көрүнт, көрүндүр;
(<көз—көрүү)—көрсөт; салыштыр: байыркы түркчө
-кырг. көрүн. Демек, буга караганда азыркы кездеги «көз»
нен «көр» тек жагынан жакын болуп, «р» менен «з» тыбы

[1] Байыркы түрк тилдеринен келтирилген мисалдар С. Е. Малов «Памятники древнетюркской письменности» деген эмгегинен алынды.

ның алмашышына байланыштуу кийин маани жагынан түр-
күмдөлүп кеткен болуу керек.

5) **-ыр‖ -ыз:** артур (<арт—увеличиваться)—арттыр,
бүтүз (?)—бүтүр, чугар—чыгар, йашыр—жашыр (салышт.
жашын (<жаш), көчүр (<көч)—көчүр качыр—качыр; удуз—
(<уд) (вести, заставить следовать)—ээрчитүү; кадгур
(<кадгу—кайгы)—кайгыр, салыштыр: кадун (сожалеть), ка-
тур (? кадур) (сожалеть, раскаиваться), катун, кадун (—со-
жалеть, раскаиваться) (<кад -кырг. кай+гы+р); утуз (про-
играть)—уткуз, уткур, көгүр (показывать, приготовлять)—,
көрүн, белендөө; салыштыр көзүн (<көз)—көрүн ж. б.

Аркылуу мамиленин кээ бир формалары монгол тилдери-
нен да кездешет. **Мисалы:** монголчо кедур, байыркы түрк.
кед+ур (<кед—кий)—кийгиз; *айи+ла+д* (<айи—звук, айи-
ла—огласить, сказать)—(говорить, сказать)—айтуу; салыш-
тыр: байырк. түркчө *айуд*, айт (<ай—говорить, сказать).

Байыркы түрк тилдеринен келтирилген тарыхый материал-
дардан төмөнкүлөрдү көрүүгө болот:

1) азыркы кыргыз тилинин материалы боюнча уңгу жана
мүчө болуп составдык бөлүктөргө бөлүнбөй турган кээ бир
сөздөр байыркы түрк тилдеринде алар туунду сөз болушкан:
термет (<сары уйгурча *терве* (колебаться)—термелүү, *айт*
(<ай+т), *умут* (<*ум—ишенүү*), *тегерек, тегерет, тегерен*
(<бай. түрк *текре, тегире* (вокруг)—айлана; байыркы түрк
тилиндеги бул өзү да туунду сөз, анткени монголчо *тег*[1] (кру-
жочек)—тегерек. Демек, кыргыз жана башка кээ бир түрк
тилдериндеги *тегирмен,* сары уйгур тилиндеги *тегурмо, тегырмо*
(круглое пятно...) деген сөздөрдүн түпкү уңгусу да монгол ти-
линдеги ушу «тег» менен байланыштуу болуу керек; *түгөн, тү-
гөт* (<*түке*—бүтүү, түгөнүү), сары уйгурча да түке—(кончать-
ся)—бүтүү, түгөнүү, *жакын* (<*йак*—жакындоо), *жандыр, жан-
байт* (<*жан*), *кайт* (<*кай*), *жарут* (<*жары*)—жарык кылуу,
секир (<*сек+ыр*); сек (куштай)—бат секирүү, *кайгыр*
(<*кад+гы+р*) ж. б.

Формалдык жагынан аркылуу мамиленин мүчөсүнө окшо-
гон, бирок кыргыз тилинин материалы боюнча составдык бө-
лүктөргө бөлүнбөй турган сөздөр көп. Алардын кээ бирөөлөрү
тектеш башка тилдерде маани берип калышы мүмкүн. Меса-
лы: *ултар, өзгөр, унут* ж. б. Байыркы түрк тилдеринде *ул* (дно
основание)—бир нерсенин түбү, негиз, негиздөө; монгол тилде-
инде *ул*—подошва[2] (бул сөз ултар деген этиш менен жакында-

[1] С. Е. Малов. Язык желтых уйгуров, 114.

[2] Подошва деген маанидеги *ул* менен *ултан* дын (бирөөнүн жерин-
де султан болгончо, өз элине ултаң бол) байланыштуулугун проф.
К. К. Юдахин айтып берди.

лышы мүмкүн). Ажыратылгыс сөздөрдүн кээ бирөөлөрү кыргыз тилиндеги туунду формаларын өз ара салыштыруу кылуу эле алардын түпкү уңгусун теориялык жагынан бе лөөгө мүмкүн. Мындай учурда белгиленген уңгу сөздөр те башка тилдердин материалы боюнча ырасталууну гана т кылат: *кутул, куткар* (<*кут*); байыркы түрк тилдеринде (*отпускать*) — бошотуу деген маанини берген; *узун, узар* (<*уз?*); кийинки бул сөз тектеш башка тилдердин матери боюнча салыштырылууну, ырасталууну талап кылат ж. б.

2) жогорку көрсөтүлгөн мүчөлөрдүн кээ бирөөлөрү, лы, **-д,- ад, -т, -ут, -ыт** жана **-ар, -ыр** тарыхый жагынан жасоого катышкан да булардын жардамы аркылуу атооч на этиш жасалган. Демек, азыркы мезгилде мамилелик ниде колдонулуучу бул мүчөлөр башта сөз жасоочу мүч менен да байланышта болгон болуу керек. Эгер иш чы гында ушундай болгон болсо, азыркы мезгилде атоочтон жана этиштен атооч жасоочу **-ар, -ыт** мүчөлөрү аркылу зүлгөн сөздөрдү бул мүчөлөрдүн байыркы кездеги сөз ж чулук касиетинин калдыгы катарында кароого туура к Байыркы түрк тилдериндеги **-ад** мүчөсү жөнүндө эки т болжолдоого болот: а) **-ад** мүчөсү *адыг>аюу* болгон сы кыргыз тилинде *й* ко өтүп, атоочтон этиш жасоочу мүчө б мүмкүн: *муңад, буңад—муңай.* Салыштыр: жооной, *кара-к* ж. б.; б) экинчи жагынан, ал байыркы тилдерде «д» мене нын алмашуусу аркылуу берилип, кыргыз тилинде катка өтүп кетиши (байыркы түрк. *эсид, эшид, эшит, айуд* (<*ай*+д) — кырг. эшит, айт: салыштыр: сары уйгурча: *йылг* кыр. *ыйлат* ж. б. же болбосо -а д (>ай), -ыт эки башка да болушу мүмкүн. Байыркы түрк тилинен **м и с а л:**

айуд (<ай+у—чакчыл+д) — буюруу, айтуу (говор суроо; айт (<ай—говорить)—айт, кулад—кул кылуу, маг мактоо (<мак—хвала), йудут (<йуд—жыт) — жыттануу тад — куттуу болуу, терид (дать препотеть, заставить п теть—тердетүү, үмүт (<үм—үмүткөр болуу, ишенүү)—ү түкет (<түке—түгөнүү) — түгөт, йокад, мунад (делаться счастным, тоскливым) — муңай, бунад (испытывать ст ния) — муңай, сугут (<суг) — сыктоо: ыйлап—сыктоо, ө өлтүр, йагут (<жак—жакындоо)—жакындоо, йанут (й кайтуу, жан)—жооп, салышт. кыр. жандыр, жан (<жан); йарут (<йару) — жарык кылуу, кайт (<кай — ратно, в обратную сторону; кай (тел. алт.) — обратиться зад; чув. идти обратно) — кайт, кайтуу;

3) азыркы кыргыз тилинин нормасына туура кел грамматикалык формалар жана фонетикалык кубулушта кезигет жана анын болушу табийгы иш. Мындай өзгөче

төр, биринчиден, жогордо келтирилген тарыхый эстеликтер (Памятники древнетюркской письменности) кандайдыр бир тилдик негизден (языка—основы) кийин ар бири өзүнчө болуп өнүккөн диалектилер — тилдер экендигин, демек тили жагынан (түпкү негизин эсепке албаганда) ар түрдүүлүгүн көрсөтөт: *бин-мин,* өгмак, *макут* (мактоо), *миндир-бунтур, бунад-мунад* (кырг. муңай); *таркар* (кырг. *таркат*), *обгур-ойгот* (кырг. ойгот), *кулад, кутад, көркит, көгүр, көзүн* (кырг. көрүн); экинчиден, тарыхый эстеликтердеги кээ бир грамматикалык формалар бизге фонетикалык жагынан өзгөргөн түрдө жеткен. Алардын кайсы бирөөлөрү тектеш башка тилдерде азыркы мезгилде да сакталып калышы мүмкүн: *кузгур* (кызар), *кеткир* (кетир), таркар (*таркат*), *одгур* (ойгот) ж. б. Мындай айырмалар түрк тилдеринин ички бөлүнүштөрүндөгү тилдик топтордун грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүгүн же болбосо алмашуусун көрсөтөт да, грамматикалык формалардын архетибин калыбына келтирүүгө жардам берет.

Жогорку эстеликтерден (орх.-енис.) азыркы ар бир түрк тилине мүнөздүү болгон белгини табууга болот. Эгерде изилденсе, орхон-енисей эстеликтеринин тушунда азыркы түрк тилдеринин өз алдынчалыгы, же тилдик бир негиздин диалектилиги, же өзүнчө тил болуп өнүгүү баскычында экендиги жана кайсы эстеликтин азыркы кайсы тилге тиешелүүлүгү сыяктуу проблемалык маселелерди көтөрүүгө мүмкүн болор эле;

4) келтирилген эстеликтерде мамиле мүчөлөрү жалганган *эмген, эмгет, эмгек* (<эмге) сыяктуу кээ бир туунду сөздөр мааниси жагынан өзгөрүүгө дуушар болгондугу, кээ бир мүчөлөр ал кезде башкача мааниде же болбосо мамилелик мааниде колдонулбагандыгы байкалат. Мисалы: *үн* (выходить, показываться)—чыгуу, көрүнүү: *үндүр* (выводить, вынимать) — чыгаруу, жетелеп чыгаруу; сууруу. Бул кийинки сөздөн (*өндүр*дөн) **-дыр** мүчөсүнүн *мамилелик мааниси* эч сезилбейт. Азыркы кыргыз тилинде ө н д ү р (<өн) — бир нерсени өстүрүү жана «өрөөн» деген заттык маанидеги эки сөз бар жана булар бири бири менен азыр байланышы жоктой сезилет. Бирок байыркы тилдердин эстеликтериндеги уңгусунун мааниси боюнча алып караганда, буларды жакындаштырууга болот. Байыркы түрк тилдериндеги *өндүр* (<*өн*) кыргыз тилинде мааниси жагынан саал өзгөргөн түрдө заттык мааниде да колдонулуп калган болуу керек. Анткени, биринчиден, зат атооч ө н д ү р деле мааниси боюнча «бир нерседен чыгуу» дегенди билгизет; экинчиден, кээ бир этиштик формалардын заттык мааниде колдонулуп калышы кыргыз тилинде кезиге берүүчү факт: *Таабалды, Сатыбалды, Сатылган* (энч. ат) ж. б.;

Кыргыз тилинде аркылуу мамиленин мүчөлөрү бардык эле этишке жалгана бербестен, кандай үндүү жана үнсүз тыбыш-

тар менен аяктагандыгына карата жалганып, формалдык ж
гынан гана айырмаланбаса, мамилелик мааниси жагынан а
рылбайт. Проф. Н. К. Дмитриев аркылуу мамиленин мүче
көп, түрк тилдеринде алардын ар биринин колдонулуш сфе
сы бирдей эмес. Тарыхый жагынан бул мүчөлөр ар түрдүү
тегориялар менен байланыштуу болуп, кийин гана бир кате
рияга бириктирилип калган болуу керек деген пикирди айт
Тарыхый эстеликтерден келтирилген жогорку материал
проф. Н. К. Дмитриевдин бул болжолдоосунун негизинин б
дыгына белгилүү өлчөмдө күбө боло алат. Анткени азыр
милелик мааниде колдонулуучу мүчөлөрдүн кээ бирөөлөрү
рыхый жагынан сөз жасоочу мүнөздө, демек башка категор
да болушкан. Тилдин кийинки өсүү процессинде бул функ
сынан бошунуп, мамиле мүчөлөр менен биригип кеткен бо
керек.

ТУЮК МАМИЛЕ

Туюк мамиле грамматикалык ээнин кыймыл-аракетти
шынан өткөргөндүгүн, ага дуушар болгондугун билдирет.
нун натыйжасында туюк мамиле формасындагы этиш пас
дүү болот. Туюк мамиле кыймыл-аракеттин субъектиси м
объектисинин ортосундагы мамиледен туулат.

Туюк мамиле көбүнчө логикалык объектини кыймыл-
кетке дуушар болгон грамматикалык субъект катарында
сөтөт. Объектинин субъект болушу өтмө этиштин өтпөс э
ке айланышына байланыштуу. Өтмө этиш өтпөс этишке ай
ган учурда баштагы грамматикалык субъект түшүп калат
анын ордуна объект субъект катарында колдонулат.

Орус тилиндеги мамиле категориясы да ушундай. Б
бизде кыймыл-аракетти иштеген реалдуу субъект түшүп
са, орус тилинде түшпөйт, ал толуктоочко айланат (я пр
тал роман—роман прочитан мною; мен роман окудум—р
(мен тарабынан) окулду.

Аркылуу мамиледегидей болуп, туюк мамиледе да кыйм
аракеттин реалдуу иштөөчүсү болуп грамматикалык об
эсептелет да, сүйлөмдүн ээси анын кыймыл-аракетин башы
өткөрөт. Кыргыз тилинде ишти реалдуу иштөөчү—грамм
калык объект (адам) көпчүлүк учурда берилбейт, бирок
мыл-аракеттин бирөө тарабынан иштелгендиги сүйлөм
кырдаалынан билинип турат. Мисалы:

Колхозчулар тоого мал айдашты—Тоого мал (колхо
лар тарабынан) *айдалды*.

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика кумыкского языка, 1940, 136

Өргөө менен кыздын себи жети төөгө *жүктөлүп*, калы ки-
лемдер менен *жабдылды* (Токомбаев).

Туюк мамиле кыргыз тилинде көбүнчө **-ыл, -л,** мүчөсү ар-
кылуу жана аягы үнсүз «л» менен бүткөн сөздөрдө же болбо-
со составында «л» болуп үндүүлөр менен бүткөн сөздөрдө
өздүк мамиле этиштин **-ын, -н** мүчөсү аркылуу да түзүлөт.
Булардын ичинен кийинки мүчө менен түзүлгөн учурда өздүк
менен туюк мамиле формасы жагынан биримдикти түзөт да,
кайсы мамиле экендиги мааниси боюнча ажыратылат. *Мисалы:*
жазыл, кошул, тосул; алын, билин, малын, байлан, талан, тилин,
шайлан, салын, алдан (<ал—хитрость[1]) ж. б.

Туюк мамиле негизинен төмөнкүдөй маанилерди билдирүү
үчүн колдонулат.

1) Нагыз туюктук мааниси. Мындай учурда сүйлөмдүн
ээси **-ыл** мүчөсү жалганган этиштик кыймыл-аракетти өз ба-
шынан өткөрөт, ага дуушар болот. Грамматикалык субъекти-
нин кыймыл-аракетти башынан өткөрүшүнө себепкер болгон
заттын—грамматикалык объектинин активдүү, пассивдүүлү-
гүнө карата кыймыл-аракетке дуушар болуу маани жагынан
да, грамматикалык белгиси жагынан да туюк мамиледе эки
түрдүү болот.

Эгерде иштин реалдуу иштөөчүсү жандуу (адам) заттар-
дан болсо, грамматикалык толуктооч «тарабынан» деген соң-
чул менен айкашууга жөндөмдүү болот (салыштыр: колхоз-
чулар чөп чабышты—чөп колхозчулар *тарабынан* чабылды—
чөп чабылды). Бирок кыргыз тилинде иштин реалдуу иштөө-
чүсү—грамматикалык объект (адам) көпчүлүк учурда түшүп
калат да, буга байланыштуу «тарабынан» деген соңчул да кол-
донулбайт; «тарабынан» деген соңчул сүйлөмдө же болбосо
аныктоочтук айкашууда кыймыл-аракеттин реалдуу иштөөчүсү
катышкан учурда гана колдонулат жана мындай конструкция
азырынча орус тилиндеги туюк оборотту туураган айрым би-
рөөлөрдүн оозеки речинен, газеттик стилдерден кезикпесе,
адабий тилге калыптанган форма катарында кире элек. Антке-
ни кооз адабияттан жыйналган (котормо эмес) материалдан
андай конструкцияны кезиктире алганыбыз жок. Кыргыз ти-
линде туюктук маанини көбүнчө негизги жөндөмөдө турган
грамматикалык ээ менен **-ыл** формалуу этиштин айкашуусу
аркылуу эле эң сонун кылып берүүгө мүмкүн болгондуктан,
сүйлөмдө түшүп кала турган «тарабынан» деген соңчулдук
конструкциянын эч зарылдыгы жок. Бирок колдонулушу
мүмкүн. **Мисалы:**

[1] А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературного языка, 260 бет, 2 сноска.

Райондо эч жерде иштебеген *адамдар тарабынан* 75-тарга жакын коомдук жер пайдаланылып келинген.

Партия менен өкмөттүн өтө маанилүү токтомдору ж башка документтер *кимдер тарабынан* кыргыз тилине кото гандыгын билгиси келгендерге төмөнкүдөй справка даяр (веттик Кыргызстан» газетасы).

Эгерде грамматикалык объект жансыз заттардан б анда ал «менен» деген соңчул менен айкашып айт Грамматикалык субъектинин кыймыл-аракетке дуушар кы чу себепкер сөз—объект кээде «менен» деген соңчул менен кашуунун ордуна барыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө да тур мүмкүн. Болгондо, бул алардын себепти билгизген ма менен байланыштуу болуу керек. Мисалы: Уйлар *шарп нен* кырылды—уйлар *шарптан* кырылды. Костюм *авиобе менен* тазаланды—Костюм *авиобензинге* тазаланды ж. б.

Грамматикалык объектинин социально-пассивдүү, со льно-активдүүлүгү бири-биринен соңчулдар боюнча гана рылбастан, алар иштин реалдуу иштөөчүсү болуу боюнча демек, грамматикалык субъектинин кыймыл-аракетти б нан өткөрүшү жагынан да айрылат. Грамматикалык об жандуу заттардан (адам) болсо, ал ошону менен бирге калык субъект да болуп эсептелет да, грамматикалык су анын кыймыл-аракетин башынан өткөрөт.

Грамматикалык объект жансыз заттардан болгон у социально-пассивдүүлүгүнө байланыштуу баары бир а тин реалдуу иштөөчүсү—логикалык субъект боло а Мындай учурда да алардын реалдуу иштөөчүсү болуп эсептелет. Кээде грамматикалык субъектинин кыймы кетти башынан өткөрүүгө себепкер болгон «реалдуу и чүсү» болуп кырдаал да (обстоятельство) эсептелиши күн. **Мисалы:**

Чөп чалгы менен *чабылды* (чалгыны чапкан—адам). гүнүн суусу менен||суусуна *жуулган* жар. Күн *ачылды* *басылды.*

Чарайнага чак этип,
Тартмасына так этип,
Көздөн оттор чагылып,
Карангылап *ачылып,*
Кол зыркырап *басылып,*
Коркоктун баары жашынып (салыштыр: жашыр <жаш?) (Чоробаевден).

Кыймыл-аракеттин башка бирөө тарабынан иштелге талашсыз болгон (белгилүү болуп турган) учурда, же ба ишти иштөөчүнү эмес, кыймыл-аракетти белгилөө зарыл б

учурда[1] логикалык субъект сүйлөмдүн составында берилбейт. **Мисалы:**

Жекелерге жердин таштуу, чийлүү, коо-коонун бойлору *берилет.*

Казысы калың бээ, куйругу салык кой тойго *союлду* (Сыдыкбеков).

Борбордук шахтыларда, айталык Донбасста, күн чыгыш райондорундагы кээ бир кендерде, маселен, Усть—Каменогорск темир кенинде механикалык крепь *колдонулуп жатат* (С. Сасыкбаев).

Ошол Бейирмандын курамалыгы өндоп, чондор менен жакшы чыгышып алгандыгы колдоп, жаңы уюшулган «К» колхозунун башкармалыгына *дайындалды* (Сыдыкбеков).

Туюк мамиле дайыма эле жогоркудай башка бирөөнүн кыймыл-аракетине дуушар болуучу субъектинин кыймыл-аракетин көрсөтө бербестен, кээде грамматикалык субъектиникин да көрсөтөт жана мында субъект да түшпөйт[2]. Бирок эки учурда тең субъект пассивдүү болот. Кийинкисинде субъект ишти иштөө үчүн өзүнүн кыймыл-аракетине өзү дуушар болот; өздүк мамиледей грамматикалык субъект өзүнүн кыймыл-аракетине логикалык жагынан өзү объект сыяктуу болуп берилет. Мындай учурда туюк мамиле субъект—объектилик мамилени билдирип, экөө грамматикалык бир жакка туура келет. **Мисалы:**

Эртең менен карасак, *Керимбек* мойнунан жипке *асылып* өлүп калыптыр.

Ушунчалык катуу *жагылган* экемин, *көтөрүлүп* барып жанбашыман кайра түштүм.

Жагалмай салмоордун ташындай жеңил гана асманга *көтөрүлүп,* кылчак—кылчак карап, көздөн кайым болду (Аалыдан).

Өздүк менен туюк мамиле өздөрүнүн грамматикалык маанисине байланыштуу бири-бири менен колдонулуу сферасы боюнча салыштырмалуу. Эгерде өздүк мамиле негизинен адамга, кээде айбанга, кыскасын айтканда, жандуу заттарга мүнөздүү болсо, туюк мамиле негизинен жансыз заттарга мүнөздүү. Бирок адам да башка бирөөнүн кыймыл-аракетин башынан өткөрүп, ага дуушар же болбосо анын таасиринде болуу

---

[1] Кара: А. Х. Фатыхов. Категория залога в башкирском языке (Автореферат), 5—6 бет.

[2] Салыштыр: Эскертүү: туюк мамиле качан кыймыл-аракетке жансыз нерсе же айбан дуушар болгондо гана колдонулат. Эгер сүйлөмдө же сөз айкашууда айбанга же жансыз нерсеге таасир кылуучу адам жана анын таасирине дуушар болуучу ошол нерсенин өзү болсо, мындай учурда көбүнчө негизги **(действительный) оборот** (мамиле) колдонулат. **Туюк оборот** (мамиле) болсо аракеттенүүчү жак **түшүп калган учурда** гана колдонулат (астын мен сыздым—С. К.) (Грамматика алтайского языка, составлена членами алтайской миссии, Казань, 1869, 50 бет).

мүмкүнчүлүгүнөн бошонбогондуктан, ал да туюк мамиле субъектиси катарында колдонула берет:

Жаралдым беле насипсиз?
Кармалып келдим жазыксыз.
Жорго элем жолдон жаңылбас,
Жорток болдум басыксыз.
Туулдум беле насипсиз?
Тутулуп келдим жазыксыз.
Дубанды бузган жорго элем
Топор болдум басыксыз.
Жыйырма беш жылга *кесилип,*
Чынжырга бутум тешилип,
Жыгыламын баса албай,
Жыңайлак таман кесилип,
Аман кетер бекемин
Азаттык күнгө кезигип (Токтогул).

Ийгиликтүү ишке эми жетем деп жүргөндө, сиз жүк өлүмдүн тузагына *илиндим* (Миң бир түн жомогунан).

2) Жаксыз мааниси. Туюк мамиле дайыма эле жогорку субъектинин кыймыл-аракетти баштан өткөргөндүгүн бе рүү үчүн гана эмес, кыймыл-аракеттин реалдуу иштөөчүсү белгисиздигин, жаксыздыгын, билдирүү үчүн да колдону Туюк мамиленин жаксыз мааниде колдонулушунун мүнө белгиси болуп сүйлөмдө ээнин аталбастыгы же болбосо ата га мүмкүн эместиги эсептелет.[1]. Бул мааниде туюк мамиле пөс жана өтмө этиштерден да жасалат. **Мисалы:**

Унутулуп *кетилди.* Көп жолу талкууланып *чыгылды.* Ө кетип *тамылып,* өлүп кетип тирилип. Канча *талпынылган* нен да. Төмөнкү адрес менен билдирүүлөрү *суранылат.* тыл[2]: Бул жерге *жатылбайт*—бул жерге жатууга болбойт д мааниде.

Боом капчыгайына ушу жол менен *барылабы?* Жан бор гу чөп да машина менен *чабылабы?* Жакында Аларча ашуусунан Суусамырга машина *жүрүлөт.* Кечеки айткан аткарылбай *калынбасын.* Акыркы убакка чейин иштелип *линди.* Тоого киши жиберилбейт *делинди* го.

Күн өткөнчө эс кетер
Ар ким биздей *чачылар.*
Чачылгандар ачынар
Аман болсок бир күнү
Абаке бактың *ачылар*

(Чоробаев

[1] Э. В. Севортян. Аталган эмгек, 50 бет.
[2] К. К. Юдахин. Кыргызча-орусча сөздүк.

Табылар. Мал аягы сегиз (Сыдыкбековдон).

Ошондуктан эки айдан бери акы жөнүндө сөз *болунбай* келе жатат (Жантөшев).

3) Ортосаар мааниси. Туюк мамиле да башка мамилелер сыяктуу кээде негизги менен туюк мамиленин ортосундагы маанини билдирүү үчүн колдонулат. Мындай учурда этиш формалдык жагынан туюк мамиледе турганы менен, же анын маанисин, же болбосо негизги мамиленин маанисин эмес, кыймыл-аракет өзүнөн өзү же болбосо субъект аркылуу иштелип, башка жакка таралбай ошонун (ишти иштөөчүнүн) айланасында топтолгонун билдиргендей кандайдыр бир ортосаар маанини билдирет. Алар туюк мамиленин ортосаар (медиалный) мааниси болуп эсептелет. Туюк мамиле ортосаар мааниде колдонулган учурда нагыз туюктук мааниде колдонулгандагы «тарабынан», «менен» деген соңчулдар менен айкашуучу мүмкүндүгүнөн ажырайт. Мисалы:

Кайдасынар шордуулар
Шорубуз эми а р ы л д ы.

* * *

Эл жанынан т ү ң ү л д ү,
Эрегишип б ү л ү н д ү (Чоробаевден).

Өкмөттүн налогу үчүн сатылды... Контракцияга, этке төгүлдү. К е р е к т ѐ л д и, жок болду (Сыдыкбеков).

Чачтары төрттөн он эки өрүлүп, айдалы менен акыректе т ө г ү л ү п, алдыңкы чачы тизеден, арткы чачы толорсугунан өтүп турат (Жантөшев).

Анын камтууга келбеген колу жылып, куушурулган далысы ж а з ы л д ы (Жантөшев).

Тулпардын туягы к е т и л с е, сазга басса жетилет. Жетим жүрүп ж е т и л е т. Жашында жигит о к т о л о т, жашаганда т о к т о л о т.

Кээде туюк мамилеге (башка мамилелерге да) жалганган мүчөнү алып таштаганда, мүчөнүн жалганышы аркылуу берилүүчү тийиштүү маани берилбейт; мамилелик мүчө жалганбаса, керектелүүчү ойду берүүгө мүмкүн эмес. Бул жагынан алганда, ал этиштердин ортосаар мааниси мамилеликке караганда негизгиге (действительный залогго) — лексикализациялануунга жакын турган сыяктанат. Андай этиштерден азыр мамилелик маани сезилбейт. Болгондо, андай этиштер мамилелик баштапкы маанисин акырындап отуруп жоготкон болуу керек. Мисалы:

Көзүм и л и н д и. Кайсы экени б и л и н б е й т. Кепин кийгенден т ү ң ү л, кебене кийгенден түңүлбө. Асман көзүнө ч а-

лынды (Салыштыр:...чалдыкты (<чал?). Этим ачы
Жаңылганымды кийин түшүндүм (<түш||дүш[1]), бел
лып кайышты, найзанын учу майышты (салы
майтар (<май?), тийиштүү сөз; айтылуу Кер
шаңкылдады; көздөн оттор чагылып. Минген аты Ж
дын бардыгып калган көрүнөт. Кабары катуу Жаң
настап келген окшонот. (Чоробаевден). Жаан басы
күн ачылды ж. б.

Туюктук маани **-ыл, -н** мүчөлөрүнөн башка аркылуу
миле менен да берилет. Аркылуу мамиленин субъектис
бир ишти иштөөгө жол бергендиги (допущение, позволе
туюк мамиленин маанисине туура келет. Анын үстүнө
экөөндө тең кыймыл-аракеттин реалдуу иштөөчүсү грам
калык эмес, логикалык субъект — грамматикалык объект
луп эсептелет. Мисалы: Шпиондор органдын кызматкерл
токойдун ичинен карматты — Шпиондор орган кы
кери тарабынан токойдун ичинен кармалды. Бирок
дай окшоштукка карап экөөнүн ортосуна барабардык бе
коюуга болбойт. Аркылуу мамиленин субъектиси акти
туюк мамиленики пассивдүү; кыймыл-аракеттин субъект
нен объектиге карата болгон мамилеси да түрдүүчө (бул
нүндө ар бири өз ордунда айтылды). Мындай маани жа
болгон жакындыкты өздүк менен туюк мамиленин орто
да көрүүгө болот. Мисалы, көрүндү: күзгүгө *көрүндү* (
өзү, б. а. өздүк мааниде); ташка *урунду,* доктурга *кө*
(өзүн өзү эмес, өзүн бирөөгө көрсөттү, б. а. туюктук маан
Мамиленин аркылуу, өздүк, туюк болуп өз ара бөлүнүш
негизги маанисине карата гана бөлүнгөндүк, кээде булар
чи катардагы мааниси боюнча биринин ордун бири басы
лышы мүмкүн. **-н** формалуу айрым этиштердин өздүк же
босо туюк мамилелик мааниде колдонулгандыгы сүйлөм
контекстинен ажыратылат. Эгерде **-н** формалуу этиштик б
доочтун ээсинде субъектилик жана объектилик маани б
анда ал өздүк мамиле; эгерде объектилик маани гана б
анда ал туюк мамиле: Мисалы, *мен доктурга көрүндүм* д
де «мен» грамматикалык жагынан сүйлөмдө ээ болуп тур
менен, логикалык жагынан толуктооч; мени көргөн—доктур
мек, мен — доктурдун кыймыл-аракети багытталган т
тооч. Кыскасын айтканда, өздүк менен туюк мамиле форма
белгиси жагынан гана эмес, мааниси жагынан да жакын;
тең субъект-объектилүү мамилени билгизет. Салыш
1) жуундум, тарандым; 2) түпкүчтөй болуп и
дим, айдоодо жүрүп бүгүлдүм. Бул эки мисалда т

[1] А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литер
ного языка, 197 бет, 1 сноска.

да, толуктооч да бир — субъект. Булардын мындай формалдык жана семантикалык жагынан болгон жакындыгы кокустан болгон иш эмес, тарыхый жагынан болгон жакындык болушу мүмкүн. Мындай болжолдоого жогоркудай формалдык жана семантикалык жакындык менен бирге төмөнкүдөй тилдик фактылар алып келет:

1) «л» менен «н» тыбышынын алмашып колдонулушу. Мисалы: казакча жамыл[1] (Сулудай торгун киген бул жамылып, Аркага элде неше карады, Алтай)—кырг. жамын; өзбекче бошлан (мажлис *бошланди*) — кыр. баштал; турцияча йенди — кырг. желди, кыргызча: колхоздор аштыкка *кененип* калды (К. К. Юдахин); буга кошумча л+л>н[2] ал+ыл>алын: козусу энесине бат эле *алынып* кетти ж. б.

2) байыркы түрк тилдериндеги **-ын** (фонетикалык варианттары менен) менен келген этиштерди маанисине карап С. Е. Малов туюк-өздүк мамиле деп берген: *өрден* (өртен), *илин, билин, эмген, өтүнд, бүкүн* (кырг. бүгүл), *ачунуп, сокунурлар.*[3] Болгондо, **-ын** менен аяктаган этиштерде байыркы убакта туюк жана өздүк мамилелик маани кабатталып жүрүп, кийин туюк көбүнчө жансыз заттар үчүн, өздүк жандуу заттар үчүн колдонула турган болуп, баштагы жалпы маани өз ара бөлүнүп кеткен болуу керек. Бул жерде байыркы эстеликтердеги (Куль-Тегин, Тоньюкук) туюк маанинин негизги мамиле менен берилгендигин жана ал эстеликтерде туюк мамиленин жалпы эле өсүп жетиле электигин, сейректигин эске сала кетүү ылайыктуу. Эгерде иш тарыхый жагынан чын эле ушундай болгон болсо, анда **-ын**[4] аркылуу жасалган этиштердин азыр өз-

[1] А. Калыбаева. Аталган эмгек, 28.

[2] Бирок кыргыз тилинде бул эрежеден сыртка чыккан учур, б. а. аягы л же болбосо ал составында болгон сөздөрдөн аз да болсо, туюк мамиле **-н** менен эмес, **-л** мүчөсү аркылуу жасалганы да кездешет. Мисалы: Эмне кылуу керек? Барар жер, басар тоо жок. Кайда барсаң да Мамайдын көрү... **Салуулу** капкан (туурасы **салылуу** болуш керек—С. К.), зардуу муң аккан жаш... теңсиздик, адилетсиздик. К. Жантөшев. Каныбек (роман), 1 китеп, 1957, 527 бет.

Өгүз турат байлалуу
Аркандалып ал жерге
Түшүрүп койду баланы
Ойной турган чаң жерге
(А. Чоробаев, Жаңыл, Фрунзе, 1957, 191 бет).

[3] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 187—198 бет.

[4] Проф. К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» кылын (керек кылына турган), тамандал, кетил (унутулуп кетилди), үңүл (үңүлүп кара), ылган деген сөздөр өздүк мамиле этиштер деп берилген. Биздин пикирибизче, фонетикалык жана семантикалык жагынан да алып караганда буларды өздүк дегенден көрө туюк деп кароо түзүк. Бул сөздүктө эң сейрек кезигүүчү кутурун (<кутур), кутка-

дүк жана туюк мааниде колдонулушунун контекстиге ка
белгилүү болушун байыркы убактагы алардын бири бир
так ажыратылбаганынын калдыгы катарында кароого т
келет.

Туюк мамиле жогоркудай -ыл, -ын сыяктуу жөнөкөй
чөлөр аркылуу гана жасалбастан, кыймыл-аракеттин ш
чүсү менен объектисинин ортосундагы мамилени толугу
кылып берүү үчүн кээде **-ылын‖-лын** мүчөлөрү аркылу
жасалат. Мындай форма өтө сейрек, оозеки речтик а
обороттордон кезигиши мүмкүн. Жазма источниктерден
К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүнөн» гана к
тире алдык. Мисалы:

Зарылдык кыскандыгынан жазылыпып отурат
бет). Аталын — называться; именоваться (56 бет). О
речте: Бу жүгөн көптөн бери эле катынылып жүрөт
болбосо катылынып жүрөт. Ун тегирменге салы
келди. Көп материалдарыбыз алынылбай жатат.
төшөк *жамынылат* деп колдонулушу мүмкүн.

Мүчөлөрдүн бул айкашуусу морфологиялык жагынан
малдык белгисине карата өздүк менен туюк мамилени
чөсү, бирок эреже боюнча өздүк мамиленин мүчөсүнөн
башка мүчөлөрдүн жалганышы мүмкүн, бирок башка ма
нин мүчөлөрүнөн кийин өздүктүн мүчөсү эч убакта жа
байт. Ошондуктан **-н** мүчөсү менен аяктаган сөздөр (ж
лын) **-л** формалуу негизден **-л** мүчөсүнүн ордуна **-н** арк
жасалуучу туюк мамиле этиш катарында каралууга т
Ал эми **-ыныл** мүчөсү болсо туюк мамилеге кирердиги
нүндө эч кандай шек туугузбайт. Демек, жогорку келтир
мисалдардын ичинен **катынал** дан башкасы туюк мамил
кабатталган формасы, **катынал** болсо өздүк-туюк, эң а
кы мүчөсү боюнча алганда туюк мамиле деп каралат.
нниси жагынан алганда татаал мүчөдөгү **-ын** менен **-ыл**
нөн мурунку(**-ыл**: жазыл, **-ын**: салын) мүчөлөр аркылу
рилген туюк мааниге ортосаар (медиалдык) маанини к
үчүн колдонулган болуу керек.

Туюк мамиленин грамматикалык формасы байыркы
тилдеринде[1] да кезигет. Буга караганда анын мүчөсүнүн
тан бери жашап келаткандыгын көрүүгө болот. Мисалы:
з у л д у, ү з е л (кырг. үзүл), и л и н, б и л и н, т ө к ү л,

р ы н (<куткар), а т к ы л (аткы II) деген кызык формалар да бар
57 бет), бирок булар да өздүк делинип берилген. Мындагы *куткар*
генге адабий тилдеги куткарыл деген, демек, туюк мамилеге туура
Фразеологиялык мисалы болгондон кийин кутурун'дун кандай ма
колдонулгандыгы бизге белгисиз.

[1] С. Е. М а л о в. Памятники древнетюркской письменности, 187-
28, 62 бет.

т ү л д ү (муну менен салышт: кырг. ү р т ү к (<үрт) (по-
крылось) — жабылды, к ө т р ү л м и с (вознесенный) — кө-
төрүлгөн, адрул — айрыл, а д ы р ы л д ы м — айрылдым, с у-
к у л у п — сыгылып, *кылынтук* (йир кылынтук да — жер жа-
салганда), *кылынмыс* (киси оглы кылынмыс — адам баласы
жасалган), *богузланту* (йирчи йир йаңулуп богузланту — жер-
чи (жол баштаган киши) жер (ден) (жолдон) жаңылып, муузда-
лды ж. б.

Туюк мамиленин грамматикалык формасынын өсүшү жагы-
нан түрк тилдери бирдей эмес. Көпчүлүк түрк тилдеринде
туюк мамиле калыптанган атайы грамматикалык форма арку-
луу берилсе, чуваш тилинде башталыш процессинде гана бо-
луп, аздаган өздүк этиш аркылуу гана берилет. Чуваш тилинде
туюк мамиле категориясы иштелип чыкпаган.[1] Мисалы:[2] ж ы-
р а н (записаться, быть записанным)—жазыл, т а п т а н
(быть потоптанным, быть стравленным) — таптал, в ы р а н
(быть сжатым) — кызыл ж. б.

Башка түрк тилдериндеги туюк мамиленин **-ыл** формасы-
на чуваш тилинде кең үндүү **-ал‖-ел** туура келет. Бирок бул
мүчөнүн колдонулуу сферасы өтө эле чектелген (аягы **р, с, ж,**
т менен бүткөн өтмө этиштерге гана жалганат) жана анын
үстүнө нагыз туюктук мааниде эмес, «өздүк—орто мамиле»
(возвратно-средний залог) катарында колдонулат да, заттын
кандайдыр бир кыймыл-аракетке дуушар болгонун же болбо-
со кыймыл-аракетти өзүнөн өзү келип чыккандай кылып көр-
сөтөт. Мисалы:

п а с а л (портиться)—бузул,
с а р а л (распространяться, расстилать-
ся) — жайыл, жазыл,
ж у р а л (раскалываться) — жарыл.
у ж а л (отворяться, открываться)—
ачыл,
т а т а л (рваться) — тытыл,
к а с а л (резаться) — кесил ж. б.[3].

Маани жагынан да, формасы жагынан да эч бузбай туруп,
чуваш тилиндеги өздүк — орто мамиленин бул түрүн кыр-
гыз тилине туюк мамиленин **-ыл** формасы менен берүүгө мүм-
күн экендигин келтирилген мисалдардан көрүүгө болот. Мын-
дай фактыларга караганда, башка түрк тилдериндеги «туюк

[1] Материалы по грамматике современного чувашского языка, часть I. Морфология. Чебоксары, 1957, 168—169 бет.
[2] Транскрипциясы өзгөртүлүп алынды.
[3] Жогорку аталган эмгек, 168, 169—170 бет.

мамиленин грамматикалык формасы -л чуваш тилинде ж
деп эсептөөгө болбойт. Чуваш тилинде да -л формасы
бардыгын келтирилген мисалдардан көрүүгө болот, б
анын жалганыш сферасы өтө эле тар, анын үстүнө ал өз
орто мамиле катарында колдонулат. Туюк мамилени
сандуу өздүк этиштер менен берилиши жана анын мед
дык мааниси өздүк-орто мамиле катарында өзүнчө на
ра бөлүнүшү чуваш тилиндеги туюк мамиленин өз алд
бөлүнүү жөндөмдүүлүгүн бир канча бүдөмүктөткөн. Ж
ку айтылган фактылар чуваш тилинде туюк мамиленин т
өсүп жетилбегендигин көрсөтөт.

Демек, буга караганда, түрк тилдеринин грамматика
түзүлүшү жана сөздүк фондусу бир болгону менен, ма
категориясынын өсүшү жагынан бирдей баскычта эмес
эсептөөгө болот. Байыркы тилдердеги грамматикалык ф
малардын баары бүт бойдон азыркы тилдерде сакта
тийиш деп эсептөө ыксыз болор эле. Алардын кээ бирөө
тигил же бул себептер боюнча жоюлуп кетип, азыркы
дерде сакталбай калышы же болбосо өзгөргөн формада
гөрбөй да) башка функцияны аткарып калышы мүмкүн. Т
де мунун тескери процессин да күтүүгө болот. Башкача а
канда, азыркы тилде өздөрүнүн андан аркы өсүү проце
де ички байлыктарынын базасында же болбосо башка т
дерден оошуу аркылуу тектеш байыркы тилдерде болб
грамматикалык формаларга ээ болушу мүмкүн.

Орхон-енисей эстеликтеринде (Күл-Тегиндин жана Тон
куктун[2]) азыркы тилдин нормасы боюнча туюк мамиле б
колдонулуучу кээ бир этиштер негизги мамиле (действит
ный залог) катарында колдонулган; анын үстүнө туюк ма
ле анда өтө эле сейрек кездешет. Мындай фактыларга к
ганда, орхон-енисей эстеликтеринин тушунда туюк ма
башталыш абалында болгон же болбосо ал кезде өсүп же
беген. Демек, башка мамилелерге (мисалы, аркылуура
раганда) салыштырганда тилде алда канча кийин ке
чыккан[3] болуу керек. Мисалы:

...киси оглы көп өлгели (или: өлүгли) **төрүмис** (сыны
ловеческие все рождены с тем, чтобы умереть) — адам б
санын баары өлгөнү төрөгөн (төрөлгөн дегендин
дуна) КТ б., 50 (10 сап).

[1] Г. И. Рамстедт. Введение в алтайское языкознание, Мо
1957, 149 бет.

[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности.

[3] Ушу сыяктуу пикирди Г. И. Рамстедт да айтат: «туюк м
чыгышы жагынан байыркы болуп эсептелбейт». Бирок мунун болжо
су «туюк мамиленин грамматикалык формасы чуваш тилинде жок»
өзүнүн жеке жана туура эмес байкоосуна негизделген (анын жо
аталган эмгегинин 149 бетин караңыз).

«Түрк будун өлүрейин уругсыратайын», — тип эрмис, йокаду барыр эрмис (тюркский народ говорил: лучше погубим (сами себя) и искореним. И они начали идти к гибели)— мындан көрө өлтүрөйүн (өзүмдү өзүм)‖(өлөлү), уруксуз калтырайын (‖уруксуз калалы) деди да, түрк эли жоголо (‖өлүмгө бара) баштады. КТ б. (10 сап).

Башка тектеш тилдердегидей кыргыз тилинде да -л (-ал‖-ел, ол‖-өл, ыл‖ил, -ул‖үл) мүчөсү бар; формалдык белгиси жагынан туюк мамиленин мүчөсүнө окшош. Буга караганда, азыркы бул эки категориянын мүчөсү башта бири-бири менен байланыштуу болгон болуу керек. -л мүчөсүнүн жардамы аркылуу атооч жана этиш түзүлөт.

Атоочторго мисал: жыргал (<жырга), салыштыр: бурят-монголчо жаргал (<жарга), болжол (<болжо), салыштыр: бурят-монголчо *болзоо* (договоренность, условие, уговор о сроке, о месте), *болзор* (срок), *болзорло* (договариваться, устанавливаться о сроке, устанавливать срок), болзолдо (договариваться, устанавливаться о месте, и сроке) — болжошуу; уюл (<ую): кишинин башындагы уюл, Түндүк уюл, Түштүк уюл; кызыл (байыркы түрк. <*куз*—пламенеть, (краснеть), салыштыр: чув. *хер* (накаливаться, становиться горячим; гореть; разгорячиться) -кырг. кызуулоо; чийкил <чийки): кызыл чийкил жаш бала, чийкил чүкө; жашыл; тазыл: кызыл-тазыл; чукул; башыл (кара башыл, сары башыл, ак башыл) ж. б.

-л мүчөсүнүн айрым формалары лексикалашуунун натыйжасында заттык маанини берип калышкан. Буга энчилүү аттар кирет. Мисалы: *Уял* (<ут+ал), *Жайыл* (<жай+ыл).

-л (кууш жана кең үндүү болуп келген фонетикалык варианттары менен) этиштин жасалышына да катышкан. Бирок мунун атоочтон этиш жасашы тектеш башка тилдерге караганда анчалык өнүмдүү эмес.

Мисалы: чогул (<чок—көп), жогол (<жок), жөнөл (<жөн+а+л); турция тилинде жөн—багыт;[1] бизде мунун атоочтук уңгусу (жөн) өз алдынча колдонулбайт, багыттык мааниси этиш аркылуу гана берилет; багыттык маани жөнүндө (<жөн+үн+да) деген соңчулда сакталган. Салыштыр: алт. карал (<кара) — каралоо; хак. харал (<хара) — каралоо, саргал (<сарыг) — саргаруу, саргайуу; кыргыз тилинде мындай мүчө болгону менен, алар аркылуу хакас тилдериндегидей этиш жасалбайт.

Туюк мамиленин формасы жаңы сөздөрдүн жасалышы үчүн башка мүчөлөрдүн жалганышына экинчи негиз болуп

[1] Э. В. Севортян. Аталган эмгек, 40 бет.

кызмат кылган же болбосо сөз жасоого башка мүчөлөрд
ажырагыс составдык бөлүкчөсү катарында да катышкан.

Мисалы: чогулуш, жыйналыш, кысталыш, к
рулуш, бурулуш, жаратылыш ж. б.; таңылча
мүдүрүлчөк; жаргылчак, эңгилчек, эргилче
чачыла, шөкүлө; жаңылмач (салыштыр: айыр
(<айыр+мач); Сатылган (энчилүү ат), чагылган.

Кийинки бу сөздөрдөгү **-ылган** (<ыл+ган) формасы с
тавында созулма үндүү менен монгол тилдеринен да ке
гет, кыймыл-аракеттин результатын билдирүүчү зат атоо
түзөт. Мисалы: сахилгаан (<сахил)—чагылган (<чак
ыл); хубилгаан (<хубил—переводиться, измениться)—
булган (<кубул) ж. б.

Бул **-л** мүчөсүнүн башкалар менен биригип сөз жасо
катышканынан **-ылды** мүчөсүн да көрсөтүүгө болот. Та
хый жагынан **-ылды** мүчөсү составдуу элементтерден бо
да, азыр ажырагыс морфема катарында колдонулат да, ан
жардамы аркылуу **-ынды** (тебинди, казынды, кесинди ж.
тибиндегидей зат атооч түзүлөт. **-ынды** мүчөсүнө караган
-ылды өнүмсүз. Мисалы: Табылды (энчилүү ат) ж. б.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринен кезигүүчү бул **-л**
чөсү монгол тилдеринен да кезигет, атооч жана этишти
сайт. Мисалы: монголчо таныл — тааныш; салышт
кырг. тааныл (<тааны); тугул — музоо; салышт. ту
туг—туу; карал (вид) — көрүнүш; салышт. кырг. карал
төрүл—төрөө, магтал—мактоо, курил (<кури—ж
кур, куруу, курилта — чогулуш боло турган жер, кур
тай; арыл (<ари — таза) — жоголуу; кагал (рас
лывать в длину); салышт. кырг. кагыл; жадал — жай
кури-гулжа—козгол, **дугул-ук, дугул+да**—угул, **кубил,**
бис — кубул, *дейил* — жеңил ж. б.

-л мүчөсүнүн сөз жасоого катышкандыгы жөнүндө жог
кудай талашсыз фактылар менен бирге, болжолдуу түрд
кыйыр байланыштуулугуна карап, төмөнкүдөй мүчөлөр
токтоло кетүү артык баштык кылбайт. Мындай болжол
мүчөлөргө төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот.

1) **-ылга:** камылга (<кам), табылга (<тап), ж
салга (<жаса), токулга (<току), таралгы (<тар
кошулга (<кош), жөрөлгө (<өрөп-жөрөп — сде
кое-как), *өтөлгө<өтө*—исполнять, выполнять), ширелге (
сатуудагы соогат деген мааниде), агылга, каралга (<
рал ж. б. Бул сөздөрдүн кээ бирөөлөрү жана *-ылга* мүче
монгол тилдеринен да кезигет. Мисалы: харалга (огл
ка), шэмэлгэ (украшение) — жасалга, хаалга (<хаа
запирать) — каалга, ойулга (<ойу—тик) — тур. ойул

кырг. оюк; даралга (удержание), ололго (добывание) — та-
буу (салыштыр: кыргыз. олжо) (<ол—монг. табуу), макталга
(алт. мак) (хвала) — мактоо, тохолго (<тохо) —
токулга ж. б. Эки тилде тең колдонулуучу мүчөнүн кайсы тил-
ге таандык экенин белгилөөчү критерия болуп алардын өнүм-
дүүлүгү эсептелет. *-ылга* мүчөсү—монгол тилдеринде этиш-
тен атооч жасоочу өнүмдүү мүчө. Бул жагынан алганда **-ылга**
жана төмөндө айтыла турган эки мүчөнү монгол тилдеринен
кирген мүчө деп эсептөөгө болот.

2) **-лоң‖-лең** — өнүмсүз мүчө. Мунун жардамы аркылуу
козголоң, дүрбөлөң, тополоң, жоболоң сыяктуу
төрт-беш гана сөз жасалат. Мындагы сөздүн кийинки экөө
кыргыз тилинде составдык бөлүктөргө ажыратылбайт, биринчи экөө гана ажыратылат: козго+л+оң, дүрбө+л+өң[1]
Бул мүчө монгол тилдеринде **-лан** түрүндө берилет да, этиш-
тен атооч жасоочу өнүмдүү мүчө. Мисалы:

зоболон (<зобо — мучиться) (муче-
ние) — кыргыз жоболоң;
сабшалан (<сабша — косить) (по-
кос) = кырг. чөп чабуу;
жаргалан (<жарга=кырг жырга) =
кырг. жыргоо;
оршолон (<оршо—вертеться) кру-
говорот—тегеренүү, айлануу ж. б.

3) **-л** (**-ыл, -ил, -ул, -үл**) — өнүмсүз мүчө. Мунун жардамы
аркылуу чабуул, жортуул, кароол, жасоол, та-
коол, өргүүл (<өргү) (эс алуу деген мааниде), кароол
(привел) сыяктуу атоочтор жасалат. Жогорку сөздөрдөгү **-л**
мүчөсү формалдык белгиси боюнча гана кыргыз тилиндеги
туюк мамиленин мүчөсү менен окшошкону менен, тарыхый
жагынан аны менен байланышы жоктой көрүнөт. Анткени
бул мүчө монгол тилдеринин жазма эстеликтеринде өнүм-
дүү мүчө катарында **-гул** формасында кезигет да, ишти иш-
теген адамды билдирген. Мисалы, харагул (<хара) —
кырг. кароол. Жазма эстеликтердеги **-гул** мүчөсү азыркы
монгол тилдеринде (бурят-монг.) кыргыз тилиндегидей болуп
созулма үндүү менен берилиши да бул кийинки тилдердеги
-оол‖-уул мүчөсүнүн архетиби **-гул** экендигин көрсөтөт. Ми-
салы, бурят-монг. харуул—кароол, тонуул (грабеж)—
тоноо(л) ж. б.

Монгол тилдериндеги **-гул** мүчөсүнүн ордуна байыркы
түрк тилдеринде **-гу** мүчөсү[2] колдонулган да, **-ыг** мүчөсү

---

[1] Кара: К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь, 218 бет.
[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 368, 411 бет.

сыяктуу кыймыл-аракеттин аттарын, процессин жана ара-
кеттенүүчү жакты билгизген. Мисалы: карагу — карооч
баргу—баруу; баргы (-м келет, жок, бар). Муну менен са-
лыштыр: -ыг формасын (*йөргг*—түш жоруу, *йүргг*—жүрүү
Бул фактыга караганда, монгол тилиндеги -гул мүчөсү ме-
нен байыркы түрк эстеликтериндеги -гу байланыштуу болуш
мүмкүн.

Жогорку келтирилген атоочтордун кээ бирөөлөрү ушу
бойдон монгол тилдеринен кирген болсо, кээ бирөөлөрү (мон-
гол тилдеринде жоктору) түрк тилдеринин каражаттары ар-
кылуу (-л+га, -л+оң, -уу-+л) монгол тилдеринин модел
боюнча жасалып, сырткы түрү боюнча туюк мамилеге окшо
калып, монгол же түрк тилдериники экендиги билинбей ка-
лышы мүмкүн.

Түрк жана монгол тилдеринде да -л мүчөсүнүн бардыгы
жалпылыгын, эки тилде тең сөз жасоого катышкандыгын кө-
рүүгө болот. Тарыхый жагынан мамиле категориясынын баш-
ка мүчөлөрү сыяктуу -л да сөз жасоочу мүнөздө болуп, кийин
тилдин өсүш процессинде мамилелик мааниде колдонулуш
басымдуулук кылып кетиши мүмкүн.

МАМИЛЕ МҮЧӨЛӨРҮНҮН АЙКАЛЫШЫ

Атооч же этишке тиешелүү болгон бир эле грамматика-
лык категориянын мүчөлөрүнүн өз ара кабатталып келиш
кыргыз тилине анчалык мүнөздүү эмес. Байыркы жана азыр
кы түрк тилдеринде айрым жөндөмө мүчөлөрүнүн катталган
сыяктуу (*огуздантан, мунтада, бизните; сениңде, онуңга, они-
ди*) кыргыз тилинде этиштик категориялардан мамиле мүчө-
лөрү гана кабатталып колдонулат. Этиштин калган категория-
ларынын (ыңгай, жакталыш жана чак) мүчөлөрү кабатталы
келбейт. Эмне үчүн этиштин калган категорияларынын мүчөс
кабатталып келбейт да, жалгыз гана мамиле мүчөлөрү өз ар
кабатталып келет? деген суроонун келип чыгары шексиз. Биз
дин оюбузча, бул мамиле категориясы кыймыл-аракеттин субъ
ект менен объектиге карата болгон ар түрдүү мамилесин бил
сөз менен берүү зарылдыгына жана чак менен ыңгай катего
риясы предикативдик мамилени билдирүүчү формалар болу
эсептелгендигине байланыштуу болушу мүмкүн. Ошондуктан
булардын биринчисинин мүчөлөрү кабатталып жалганбай, ки
йинкисинин (мамиленин) мүчөлөрү гана өз ара кабатталы
жалганат.

Кыргыз тилинде мамиле мүчөлөр бирден үчкө чейин жалга
нат. Бирден ашык болгон мүчөлөрдүн өз ара айкалышын схе-
ма боюнча төмөнкүдөй кылып көрсөтүүгө болот.

Мамилелик эки форманын катар келиш схемасы

I	1) уңгу же негиз+аркылуу+кош;	*кет+ир+иш, бас+тыр+ыш;*
	2) уңгу же негиз+аркылуу+туюк:	*алдыр+ыл, өткөр+үл, жеткир+ил, токтот+ул;*
	3) уңгу же негиз+аркылуу+аркылуу;	*жибер+т+тир, карма+т тыр, өт+көз+дүр;*
	4) уңгу же негиз+аркылуу+өздүк:	*жаш+ыр+ын, бас+ыр+ын;*
II	5) уңгу же негиз+кош+аркылуу:	*көр+үш+түр, бөл+үш+түр,*
	6) уңгу же негиз+кош+туюк:	*сүйлө+ш+үл(өт),*
	7) уңгу же негиз+кош+кош:	*кир+иш+иш(ти), мин+иш+иш(ти);*
III	8) уңгу же негиз+туюк+аркылуу:	*ач+ыл+т(ып), чубур+ул+т+(ун);*
	9) уңгу же негиз+туюк+кош:	*топто+л+уш, кына+л+ыш;*
	10) уңгу же негиз+туюк (-л)+туюк (-н):	*жаз+ыл+ын* (зарылдык кыскандыгынан *жазылынып* олтурат К. К. Юдахинден), тамак-аш *желинди,* китепте ушундай делинген;
IV	11) уңгу же негиз+өздүк+кош:	*тара+н+ыш(кан), көр+үн+үш(көн),*
	12) уңгу же негиз+өздүк+аркылуу:	*сүй+үн+т, кий+ин+дир;*
	13) уңгу же негиз+өздүк+туюк:	*жап+ын+ыл(ат), кат+ын+ыл (ат).*

Мамиле формаларынын мындай кабатталышында эки мү-
чөнүн экөөнүн тең мааниси катышат, бирок акыркысынын маа-
ниси басымдуулук кылат жана этиштин мамилелик формасы
аяккы мүчөгө карата аныкталат. Жогорку схемадагы кабат-
талган өнүмдүү формалар мааниси жагынан талдоого анчалык
кызыкчылык туугузбайт. Мисалы, аркылуу мамиленин мүчөсү
туюк мамиленин мүчөсү менен аяктаган этишке жалганганда,
түпкү мааниси боюнча өтмө болуп, бирок туюк мамиленин мү-
чөсү аркылуу өтпөс этишке айланган этиш кайтадан өтмө
этишке айланат. Башкача айтканка, кабатталып мүчө
жалганып турган этиштик структура мааниси жагынан өтмө-
өтпөс-өтмө же болбосо өтпөс-өтпөс-өтмө этиш болуп бе-
рилет. Мындан башка этиштик негизге түрлүү мамиле мүчөлө-
рүнүн жалганышы аркылуу кыймыл-аракеттин объект менен

субъектиге карата болгон мамилеси да өзгөрөт. Ошондуктан аларга токтолуунун зарылдыгы жок. Андан көрө кыргыз тилиндеги кабатталып келбей турган, же бир эле форманын кабатталышына, же болбосо башка тектеш тилдер менен болгон салыштырма материалдарга токтолуу кызык.

Жогоркудай болгон схема башкыр[1] жана казак[2] тилдери боюнча жазылган эмгектерде да бар жана алар менен болгон салыштыруулар түрк тилдеринде мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келишинин бирдей эмес экендигин көрсөтөт. Анткени биринде болгон кабатталуу экинчисинде мүмкүн эмес. Мисалы, кыргыз тилинде этиштик негизге аркылуу—өздүк жана туюк-туюк мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши мүнөздүү эмес. Булар өтө эле сейрек, колдонулбайт десе да болот, алар айрым сенек формалардан жана проф. К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүнөн» гана кезигет. Башкыр[3] тилине дагы мындай айкашуу мүнөздүү болгону менен, аз сандуу сөздөрдө айтылышы мүмкүн: *агартын* (<агар+т+ын)—белись, *төзәтен* (<төзәт+т+ын)—прихорашивайся, поправляй себя, *бешерен* (<беш+ыр+ын)—вари себе; *асылын* (<ас+ыл+ын)—вешайся. Башкыр тилиндеги бул сөздөрдү ушул формада кыргыз тилинин материалы боюнча айтууга эч мүмкүн эмес. Ушу сыяктуу эле, кыргыз тилинин материалы боюнча айтууга мүмкүн болбогон форманы сары уйгур тилинен да кезиктирүүгө болот. Мисалы, туюк—аркылуу мамиле—*алындыр* (вручить) от алын—быть взятым[4]. Кыргыз тилинде да ал деген этиштен **-ын** мүчөсүнүн жардамы менен *алын* (китептер *алынды,* койчу козусу бат эле *алынып* кетти) деп туюк мамиленин жасалышы же болбосо туюктун мүчөсү аркылуу түзүлгөн этиштерге аркылуунун мүчөсүнүн жалганышы (аңырдай оозун *ач+ыл+т+ыл*) мүмкүн. Бирок сары уйгур тилиндегидей кылып өздүктүн мүчөсү аркылуу жасалган этиштик негиздерге аркылуунун **-ды** мүчөсүн кошуп, туюк—аркылуу мамилени жасоого кыргыз тилинде эч мүмкүн эмес. Кыргыз тилинде кош—туюк мамиле формаларынын кабатталышы айрым сөздөрдө мүмкүн болгону менен, башкыр тилиндеги сөздөрдүн кээ бирөөлөрүн ошондой форма боюнча кыргыз тилинде берүүгө эч мүмкүн эмес. Мисалы, башкырча *эшле+ш+ел+ә* (работать приходится), *күтәр+еш+ел+ә* (поднимать приходится) дегендерди *ишетишилет, көтөрүшүлөт* деп эки форманы кабаттап колдонууга мүмкүн эмес. Акыркы формасына коюп айтуу керек болсо, булар

[1] А. Х. Фатыхов. Категория залога в башкирском языке, Уч. зап. Башкирского гос. пед. ин-та, вып. VIII, серия филологическая, № 2.
[2] А. Калыбаева. Казак тилиндеги этис категориясы.
[3] Башкыр тилинен келтирилген материалдар жана маалыматтар А. Х. Фатыховдун жогорку аталган эмгегинен алынды.
[4] С. Е. Малов. Язык желтых уйгуров, Алма-Ата, 1957, 181 бет.

ишетилет, көтөрүлөт же болбосо биринчи формасы боюнча *ишетет, көтөрүшөт* деп гана колдонулат.

Тескерисинче, башкыр тилинде кабатталууга мүмкүн болгон формалар кыргыз тилинде кабатталып келиши мүмкүн. Мисалы, башкыр тилинде кош мамиленин формасы кабатталып келбейт. Кыргыз тилинде кош мамиленин мүчөсү кабатталып келе берет, бирок сейрек. Мисалы:

Бирок ал келе жаткандарды тосуп Сабыр тургандыктан, алар кайра отко *киришишти* (К. Жантөшев. Тилек, 101 бет).

Сакалдуу-көкүлдүүлөр жакшы бозонун, семиз эттин калбарын алышкан соң, деле чакырбаган жамандар да учурунда арбак конгон абийирдүү «журт ээси», «баш көзү» болуп жүргөн Саадаттын эшигинин алдына *топтошушту* (Түгөлбай Сыдыкбеков. Кең-Суу, 1, 89 бет).

Короо кайтарган кыз-келиндер таң атканча дүрбөшүп, бирине-бири барып убадалашып жүрүп, эртең чогулуп ышкынга чыгууну макулдашышты (К. Жантөшев. Каныбек, 161 б.) ж. б.

Формалдык жагынан кош мамиленин мүчөлөрү болгону менен, келтирилген мисалдардагы **-ыш** мүчөлөрүнүн грамматикалык кызматы бирдей эмес. Мындагы биринчи **-ыш** лексикалашып, этиштик негизге айланган да, өзүнө экинчи жолу дагы-ыш мүчөсүнүн кабатталып жалгануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон. Мында **-ыш** мүчөсүнүн кош мамилелик мааниси анын этиштик экинчи негизге айланганы менен кошулуп калган сыяктанат. Ошондуктан **-ыш** формасындагы бул этиштик негиз биринчи эки жактын жекелик түрү жана үчүнчү жактын жекелик, көптүгү менен айтыла берет. Качан субъектинин айрым элементтен турардыгын көрсөтүү зарыл болгон учурда, буга карата алардын кыймыл-аракеттери да айрым субъектиге бөлүштүрүлөт да, предикат да көптүк формада колдонулат. Кыргыз тилинде бул үчүн **-ыш** формасындагы этиштик негизге дагы **-ыш** мүчөсү жалганат. Мындай учурда **-ыш** формасындагы айрым этиштер лексикалашкан этиштик экинчи негиз катарында кабыл алынат да, өзүнө дагы **-ыш** мүчөсүнүн жалгануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Салыштыр: окуучулар *келди*—окуучулар *келишти; студенттер* талаа жумуштарына *кириши*—студенттер талаа жумуштарына *киришишти* ж. б.

-ыш мүчөсүнүн кабатталышы жөнүндөгү бул айтылгандар мамиленин үч формасынын кабатталышындагы **-ыш** ка (мисалы, *чирке+ш+тир+иш+ти*) да тиешелүү.

Бир эле мамиленин катар келиши кыргыз тилинде туюк мамиледен да кезигет. Туюк мамиленин өзүнүн морфологиялык форманты болуп **-л** эсептелген менен, аягы-л менен бүткөн этиштик негиздерден же болбосо составында **-л** болгон этиштерден туюк мамиле **-н** мүчөсү аркылуу да түзүлөт. Мын-

дай учурда этиштер структурасы боюнча этиштик негиз+ы +ын формасында колдонулат. Мисалы: *жазылын, желин, делин* ж. б. Бирок формалдык бул белгилерине карап, мындай этиштерди башкыр тилиндегидей кылып туюк—өздүк формасындагы мамиле[1] деп кароого жарабайт. Мындай деп кароого жогорто айткандай, биринчиден, фонетикалык закон ченемдүүлүк жол бербейт. Анткени *л+л* тыбыштарынын айкалышы катар эки «л» бербестен, диссимиляция боюнча *л+н* берет да туюк мамиленин мүчөлөрү формалдык белгиси боюнча туюк—өздүккө окшоп калат. Кабатталган **-ыш** формасынан мунун айырмасы мындагы биринчи **-л** лексикалашкан этиштик негизге айланбаган, экинчи мүчө **(-ын)** бул аркылуу берилген нагыз өздүк мааниге ортосаардык маанини кийрүү үчүн жалганган: эт *желди*=эт *желинди*, ушундай *делди*=ушундай *делинди* ж. б. Этиштин **-л+н** формасын туюк-өздүк деп карабоого болбой тургандыгынын экинчи бир себеби—субъектинин объектилүү мамилеси (субъектно-объектное отношение). Анткени өздүк мамиледе да жана белгилүү өлчөмдө туюк мамиледе да аракеттенүүчү субъект өзүнүн кыймыл-аракетине логикалык жагынан объект болуп эсептелет. Ошондуктан субъектинин бир эле мамилесин тилде эки түрдүү грамматикалык форма менен берүүнүн зарылдыгы жок.

Бир эле мамиле формаларынын кабатталып келиши, жогоркуларга караганда, аркылуу мамилеге мүнөздүү жана алар маанiси жагынан да татаал. Аркылуу мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши бир топ себепке негизделген:

1) этиштик уңгу же негизге тике жалганган аркылуунун биринчи формасы мамилелик мааниде колдонулбаганда, аркылуулук маанини билдирүү үчүн ага мүчө экинчи жолу жалганат. Салыштырыңыз: (бала) *ойно+т+о+м*—(баланы) *ойно+т+тур+а+м* ж. б. Мындагы «ойнотом» деген этиште кыймыл-аракетти грамматикалык жагынан да, логикалык жагынан да иштеген биринчи жактагы субъект. Мында аркылуулук буйрук маани жок. «Ойноттурам» дегенде болсо кыймыл-аракет грамматикалык субъект тарабынан эмес, башка бирөө тарабынан иштелгендиги билинип турат;

2) бир сөзгө жалганган мүчөлөрдүн маанисин ажыратып көрсөтүү үчүн. Биринчи мүчө аркылуу бирдемени иштөөгө жол бергендикке аркылуулук маанини берүү үчүн ага мүчө экинчи жолу да жалганат. (Для выражения значения «позволил кому-то делать»). *Салыштырыңыз:* кармат+тым—кармат+тыр+дым, өткөз+дүм — өткөз+дүр+дүм, кийгиз+

[1] А. Х. Фатыховдун жогорку аталган макаласын караңыз, 252-254 беттер.

+дим—кийгиз+дир+дим, өптүр+дүм—өптүр+т+түм, ичир+ +дим—ичир+гиз+дим ж. б.;

3) биринчи мүчөнүн жардамы аркылуу пассивдүүлүктөн активдүүлүккө өткөн этишке аркылуулук маанини берүү. Мындай учурда уңгу же негизге жалганган биринчи мүчө аркылуу этиш өтмө этишке айланып, тике объектиге багытталат да, экинчи мүчөнүн жалганышы аркылуу ага кыймыл-аракет башка бирөө тарабынан болушунун оттенкасы билдирилет. Салыштырыңыз: укта+т—уктат+тыр, жүр+гүз—жүргүз+дүр, отур+гуз—отургуз+дур, сайра+т—сайрат+тыр, кеңей+т—кеңейт+тир, жет+кир—жеткир+т, кет+ир—кетир+т ж. б.;

4) аркылуулук маанини күчөтүү үчүн. Бул маанинин ичинде кыймыл-аракетти бирөөгө иштетүүгө жол бергендиктин да оттенкасы болушу мүмкүн. Мындай учурда аркылуу мамиле өтмө этиштерден жасалат. **Мисалы:** жибер+т+тир, ал+дыр+т, сат+тыр+т ж. б.;

5) мүчөнүн кабатталышы кээде биринчи мүчө жалганган уңгунун лексикалашып, негизге айланышы менен да байланышту. **Мисалы:** тургуздум—тургуздурдум, өткөздүм—өткөздүрдүм, жүргүздүм—жүргүздүрдүм ж. б.

Жогорку келтирилгендердин негизинде кыргыз тилинде аркылуу мамиле гана эмес, туюк жана кош мамиленин мүчөлөрү да кабатталып келет деп айтууга болот. Мүчөлөрдүн кабатталышы этиштин жөнөкөй гана структуралык элементи болбостон, алар аркылуу этиштик негизге кошумча маани да киргизилет.

Кыргыз тилинде жогоркудай бир эле мамиле мүчөлөрүнүн өз ара кабатталышы же болбосо ар түрдүү мамиле мүчөлөрүнүн кабатталышы менен бирге, кийинкисинин кээде кабаттalбай тургандары да кездешет. Аркылуу-өздүк, кош-өздүк, туюк-өздүк мамиле мүчөлөрү жана өздүк мамиленин мүчөлөрү өз ара кабатталып колдонулбайт. Башкача айтканда, кыргыз тилинде өздүк мамиледен кийин башка мамиленин мүчөсү жалганган менен, аларга өздүк мамиленин мүчөлөрүнөн кийин жалганбайт. Мунун башка мамиленин мүчөлөрүнөн кийин жалганбай тургандыгы да белгилүү. Анткени, биринчиден, өздүк мамиле лексико-семантикалык жагынан туш келди этиштерден жасала бербестен, субъектинин—адамдын өзүнө байланыштуу болуп, субъектинин өзүнө багыттала турган же болбосо анын пайдасы үчүн ишteле турган гана этиштерден жасалат. Экинчиден, мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу субъектиден грамматикалык объектиге багытталып турган кыймыл-аракет ошол эле убакта кайра өзүнүн субъектисине багыттала албайт жана бул мүчөлөр өздөрүнүн грамматикалык жаратылышы боюнча бир субъектинин тегерегинде да

боло алышпайт. Ошондуктан аркылуу мамиленин мүчөлөрүнөн кийин өздүк мамиленин мүчөсү келбейт. Туюк мамиледен кийин жалганбаганынын себеби да бир четинен, ушуга байланыштуу болсо, экинчи жагынан, туюк мамиле менен өздүк мамиленин маанисинин жакындыгына байланыштуу болуу керек. Анткени туюк мамиледе да жана өздүк мамиледе да субъект кеңири мааниде алганда логикалык жагынан өзүнүн кыймыл-аракетине объект болуп эсептелет. Демек, субъектинин объектилик мамилеси этишке тике жалганган туюк мамиле аркылуу эле берилип тургандыктан, ага дагы өздүк мамиленин мүчөсүнүн жалганышы артыкбаш болуп эсептелет. Анын үстүнө туюк мамиленин мүчөсүнөн кийин -н өздүк мааниде эмес, ар дайым туюктук мааниде колдонулат. Өздүк мамиле этиштин мүчөсүнүн катар келбестиги да ушул кийинки учур менен байланыштуу; ал эми өздүк мамиленин өнүмдүү эместиги болсо анын мүчөсү жалганган этиштин реалдык маанисине байланыштуу.

Өздүк мамиленин мүчөсү кош мамилеге да жалганбайт, анткени «..кыймыл-аракеттин өз ара же биргелешүү идеясынын өзү эле белгилүү өлчөмдө бир нерсенин айланасында (эки же андан ашык субъектинин) болгондугун билдирет, ошондуктан *язышын, барышын* сыяктуу формаларды жасоого болбойт»[1].

Айрым мамилелик айкалыштар өзүнүн кийинки өсүш процессинде ажыралгыс морфемага айланып, өзүнүн мамилелик маанаси менен бирге башка да маанини берип, башка категориялар группасына өтүп кетишкендиги байкалат. Мисалы, кош-аркылуу мамиленин формасы -ш+тыр мамилелик мааниде колдонулуу менен бирге, кыргыз тилинде башка түрк тилдериндеги сыяктуу эле кыймыл-аракеттин кайталанганын да билгизет. Кийинки бул маанисинде мамилелик маанинин эч элементи да жок, азыр **-ыштыр** түрдүк маанинин синтетикалык жол менен берилишиндеги мүчөлөрдүн бири болуп эсептелет. Бирок башкыр, татар тилдерине караганда кыргыз тилинде ал түрдүк маанини билдирүү жагынан анчалык өнүмдүү эмес, аз сандуу гана сөздөргө жалганат: сураш—*сураштыр,* кара—*карашты*р ж. б.

Мамилелик үч форманын катар келиш схемасы

I 1. Этиштик үңгү же негиз+арк+арк.+арк.: *жыл—дыр—т—тыр,*
ал—дыр—т—тыр,
бүт—үр—т—түр,

2. этиштик үңгү же негиз+арк+арк.+туюк *жибер—т—тир—ил—ди,*
тур—гуз—дур—ул—ду,

[1] А. Х. Фатыхов. Аталган эмгек, 251 бет.

3. этиштик үңгү же негиз+арк+арк.+кош: *кошто—т—тур—уш—ту,*
сана—т—тыр—ыш—ты,

4. этиштик үңгү же негиз+арк+кош+арк: *сын—дыр—ыш—тыр,*
бас—тыр—ыш—тыр,

5. этиштик үңгү же негиз+арк.+туюк+кош: *жет—кир—ил—иш—ти,*
чыг—ар—ыл—ыш—ты,

II 6. этиштик үңгү же негиз+өздүк+арк.+кош: *жап+ын—дыр—ыш,*
жуу—н—дур—уш,

7. этиштик үңгү же негиз+өздүк+кош+арк.: *ур—ун—уш—тур,*

8. этиштик үңгү же негиз+өздүк+арк.+арк *кий—ин—дир—т—пейт,*
чеч—ин—дир—т—пейт,

III 9. этиштик үңгү же негиз+кош+арк.+кош: *чирке—ш—тир—иш—ти*

10. этиштик үңгү же негиз+кош+арк.+туюк: *ур—уш—тур—ул—ду,*
ут—уш—тур—ул—ду,
сура—ш—тыр—ыл—ган,
кура—ш—тыр—ыл-ган,

11. этиштик үңгү же негиз+кош+арк.+арк.: *чап—ыш—тырт—пайт;*

IV 12. этиштик үңгү же негиз+туюк+кош+арк.: *чак+ыл+ыш+тыр*
куй—ул—уш—тур,

13. этиштик үңгү же негиз+туюк+арк.+арк. *жайыл—дыр—т,*
ил—ин—дир—т.

Мамилелик үч форманын кабатталып келген схемасында аягы аркылуу мамиленин мүчөсү менен бүткөнү 7, кош мамиле менен бүткөнү 4, туюк мамиле менен бүткөнү 2, өздүк мамиле менен бүткөнү такыр жок. Демек, мамилелик үч форманын кабатталышы кыргыз тилинде көбүнчө аркылуу мамиле менен бүтөт да, өздүк мамиле эки формадагы сыяктуу мында да сөз аягында колдонулбайт жана өз ара кабатталбайт. Калган эки мамиленин формасы болсо аркылууга караганда сөз аягында колдонулуу жагынан анчалык өнүмдүү эмес. Анын үстүнө мамилелик эки форманын кабатталышында туюк жана кош мамиленин мүчөлөрүнүн өз ара кабатталышы мүмкүн болсо, мында аркылуу мамиледен башкасынын мүчөлөрү кабаттала албайт.

Аркылуу мамиленин мүчөсүнүн үч ирет кабатталышында мурункү экөөнө караганда эң акыркы мүчөсү анчалык маанига ээ болбойт. Аркылууга мүнөздүү болгон маани биринчи эки мүчө аркылуу эле берилет. Ошондуктан көпчүлүк учурда үчүнчү мүчөсү колдонулбайт. Бирок ал мүчө модель үчүн гана колдонулат экен деп ойлоого жарабайт. Анын жардамы аркылуу берки эки мүчөгө кошумча оттенок түн берилиши (кыймыл-аракетке үч субъектинин катышкандыгы) мүмкүн. **Мисалы:**

мен жыгачты *жылдыр -айын* (1 субъект),
мен жыгачты Асанга *жылдырт-айын* (2 субъект);
Асан жыгачты бирөөгө *жылдырт-сын* же
жылдырттырсын (3 субъект) ж. б.

Кандай тил болсо да, чындыктагы болгон окуяны өзүнүн тилдик каражаттары аркылуу мүмкүнчүлүгүнүн болушунча толук жана так берүүгө тырышат. Буга мында жазылып отурган мамиле мүчөлөрүнүн үч ирет кабатталып келиши мүнөздүү мисал боло алат. Алар да этиштик уңгуга же негизге жөн эле структуралык элемент катарында жалганбастан, жалганган сөзүндөгү негизги маниге өзү аркылуу аз да болсо салымы кийирүү үчүн жалганган. Өзү аркылуу эч кандай маани киргизбей кыска айтууга тоскоолдук гана кылуучу мүчөлөрдү тил жараксыз, артык баш элемент катарында четке кагат жана алардын калыптанышына да жол бербейт. Мунун тескерисинче болгондо, жогорто келтирилген үч форманын кабатталып келгенинин айрымдарына теориялык жагынан дагы мүчөнү кошууга болор эле: жыл—дыр—гыс—тыр (+т), жыл—дыр—т—тыр (+т).

Кыргыз тилинде мамиле мүчөлөрү үч ирет гана эмес, ар бир мамиленин мүчөсү катыштырылып, кээде төрт ирет кабатталышы да мүмкүн. Мындай учурда этиштик уңгуга же негизге жалгануучу мүчө өздүктөн башталат да, туюк мамиленин мүчөсү менен аяктайт. Бардык мамиленин мүчөсү катыштырылып түзүлгөн этиштен мүчөлөрдүн орун алуу тартиби мындай: этиштик уңгу же негиз+өздүк +кош+аркылуу+туюк: *ур+ун+уш+тур+ул (ган), бөл+үн+үш+түр+үл (гөн)* ж. б.

Эң акырында бул мүчөлөрдүн бири-бири менен айкалышуу себептерине токтоло кетүү керек. Кээ бир изилдөөчүлөр мамиле мүчөлөрүнүн бири-бири менен айкалышуу жөндөмдүүлүгүн ал мүчөлөрдүн сөз жасоочу мүнөздө экендиги менен түшүндүрүшөт. Бирок, биздин пикирибизче, мындай деп кароо бир жактуу сыяктанат. Мамиле мүчөлөрдүн айкалышынын кээ бирөөлөрүнүн алдыңкы мүчөлөрү этиштик негиз катарында кабыл алынып, өзүнөн кийин дагы мүчөнүн жалгануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушса, экинчи бир этиштеги айкашуулар кыймыл-аракеттин объект менен субъектиге карата болгон ар түрдүү мамилесин бир сөз аркылуу билдирүү үчүн жалганышы мүмкүн. Мүчөлөрдүн кабатталышын алардын сөз жасоо мүнөздө экендиги менен эле байланыштыра берүүгө болбойт. Анткени грамматикалык ар түрдүү мамилени билдирүү үчүн бир сөзгө жаратылышында сөз жасоо касиетине ээ болбогон сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдүн да өз ара кабатталып жалганышы мүмкүн: *бал (а)+дар+ыбыз+га* ж. б.

Түрк тилдери лексикалык жана грамматикалык негизги

белгилери боюнча жалпылыкта болгону менен, ар бири өзүнчө тил катарында өсүш процессинде өзүнүн ички байлыктары боюнча же болбосо башка бир себептер боюнча айрым жеке өзгөчөлүктөргө ээ болушкан. Мындай жеке өзгөчөлүктөрдүн бири болуп бир тилде кабатталууга мүмкүн болгон мамиле формаларынын экинчи бирөөндө мүмкүн эместеги эсептелет. Буга караганда кыймыл-аракеттин субъект менен объектиге карата болгон мамилесин ийкемдүү түрдө билдирүү жагынан да түрк тилдеринин өсүү темптеринин бирдей эместигин көрүүгө болот.

Кыргыз тилинде, башка түрк тилдериндеги сыяктуу, этиш компонеттик составына карай жөнөкөй жана татаал болуп бөлүнөт. Жогорку айтылгандардын баары жөнөкөй этишке таандык.

Мамилелик форма татаал этиштерге да жалганат. Мында мамиле мүчөлөр кайсы компонентке жалгандыгына карата үч түрдүү абалды көрүүгө болот.

Мамиле мүчөлөр чакчылдар формасындагы негизги компонентке жалганат да, жардамчы этишке жалганбайт:

1) этиштик негиз+кош	жардамчы этиш *сүйлөшүп көрөбүз,* *көрүшө жатарбыз;*
2) этиштик негиз+туюк	жардамчы этиш *жайылып отурду,* *айтылып келди,* *айдалып жүрдүм;*
3) этиштик негиз+аркылуу	жардамчы этиш *алдырып сал,* *өткөзүп ал* *токтото койду,* *ээрчите келди,* *калыбына келтире салды;*
4) этиштик негиз+өздүк	жардамчы этиш *темине берет,* *сүйлөнө берет,* *чечине сал,* *даярданып жатабыз.*

Тескересинче, мамиле мүчөлөр жардамчы этишке жалганат да, чакчылдар формасындагы негизги этишке жалганбайт:

1) этиштик негиз+жард. этиш+аркылуу:	*алып бердир,* *алып салдыр,* *чаап таштат,* *чаба түштүр,*
2) этиштик негиз+ жард. этиш+туюк:	*жазып алынды,* *сатып алынды,* *алып келинди,* *алып салынган,* *тартып берилди,*

3) этиштик негиз+жард. этиш+кош: *жөнөп жатышат, жайып салышты, келе жатышат, үчүп келишти, келип жүрүшкөн, тосуп алышты, соё беришти, тарап жатышат.*

Мамиле мүчөлөр эки компонентке тең жалганат, жалганганда да алар бирдей формада болушат.

1) негизги этиш+кош, жард. этиш+кош: *сүйлөшүп жатышты, келишип кетишти, болжошуп алышты, тамашалашып калышты, тынчышып калышты;*

2) негизги этиш+аркылуу, жардамч. этиш+аркылуу *чаптырып таштат, алдырып салдыр, салдырып бердир, өткөзүп алдыр;*

3) негизги этиш+туюк, жард. этиш+туюк *жазылып алынды, алынып келинди, чабылып таштаган, жулунуп салынган, ачылып коюлган.*

Кээде татаал этиштик эки компонентке жалганган мүчөлөр мамилелик формасы боюнча ар түрдүү болуп, жогорку эрежеден сыртка чыгып кетиши да мүмкүн. Бирок андан компоненттердин татаал этиштик бирдиктүүлүгү бузулбайт. Форма жагынан болгон мындай ар түрдүүлүк аркылуу менен туюк мамиленин ортосунда болот:

негизги этиш+аркылуу жард. этиш+туюк; *ал—дыр—ып кел—ин—ди*

ал—дыр—ып сал—ын—ды

чакыр—т—ып ал—ын—ган

токто—т—тур—уп кой—ул—ган.

Татаал этиштин биринчи түрүндө мамилелик форма негизги этишке жалганган форма боюнча аныкталса, экинчисинде жардамчы компонентке жалганган форма боюнча аныкталат.

Мамилелик мүчөнүн жардамы этиштик компонентке жалгангандарынан маниси жана грамматикалык жагынан айрыла турганы—негизги+жардамчы этиш+туюк. Туюк мамиленин мүчөсү чакчылдар формасындагы негизги компонентке эмес, жардамчы этиштик компонентке жалганганда, мындай конструкция кээде **жаксыз** сүйлөмдүн маанисин да билдирип калат. Мындай учурда башта белгилүү болуп турган субъект

жардамчы компонентке туюк мамиленин мүчөсүнүн жалганышы аркылуу белгисиз болуп калат. Жаксыз маани берилген учурда кээде туюк мамиленин мүчөсү татаал этиштин эки компонентине тең жалганышы мүмкүн. Мисалы: «Быйыл айылга *барылбай калынды*» ж. б. Башта жак мүчөсү менен жакталууга жөндөмдүү болгон этиш мындай конструкцияда биринчи эки жак менен жактала албайт. Болгондо, бул этиштин туюк мамиле формасында турушу менен байланыштуу болуу керек. Мисалы, «сатып алындым» же болбосо «барбай калындым» деп айтууга эч мүмкүн эмес.

Мамилелик мүчөлөр эки компонентке тең жалгангандыгы жогорто схема менен көрсөтүлдү. Мамилелик мүчөнүн бир компонентке жалганганынан мунун айырмасы башта татаал этиштик компоненттер үчүн бирдиктүү болуп берилген мамилелик маани мында ар бир компонентке таратылат. Бир компонентке жалганганга караганда мында мамилелик маани ачыгыраак жана ийкемдүүрөк; мамилелик маанини речтик айрым оборотторго т о л у г у р а а к кылып берүү үчүн гана колдонулат. **Салыштыр:** жазып алынды — жазылып алынды, алып салдыр—алдырып салдыр ж. б. Мамилелик негизги маанини билдирүү жагынан бир компонентке жалгангандан айырмасы жок. Анын үстүнө тил да маанинин бузулбай туруп кыска каражаттар аркылуу берилишин артык көрөт. Ошондуктан мамилелик мүчөлөр көбүнчө татаал этиштик компоненттин бирине, аяккысына, жалганат. Кош мамиленин мүчөсүнүн эки компонентке жалганганы менен бир компонентке жалганганынын ортосунда кээде айырма бардай сезилет. Мисалы: чендер с ү й л ө п ж а т ы ш а т дегенде субъектилердин кыймыл-аракети б и р н е р с е жөнүндө жалпы багытталганы көрсөтүлсө, с ү й л ө ш ү п ж а т ы ш а т дегенде субъектилердин биринин кыймыл-аракети б и р и н е-б и р и өтүп, өз а р а сүйлөшкөндүгү билдирилет. Балдар *чаап*[1] *коюшту*. Балдар *чабышып койду*. **-ыш** мүчөсүнүн компоненттин кайсынысына жалгангандыгынан биргелешүү, жардамдашуу сыяктуу жалпы маани өзгөрбөйт. **-ыш** мүчөсү компонентке сүйлөөчү үчүн кайсы маанинин биринчи орунда экендигине карата жалганат. Кийинки эки сүйлөмдүн биринчисинде логикалык басым жардамчы этишке түштү да, мында **-ыш** аркылуу биротоло иштелген кыймыл-аракеттин субъектисинин көптүгү билдирилип турат. Экинчисинде субъектилердин башка биröөгө жардамдашкандыгы берилген.

Татаал этиштерде **-ыш** мүчөсү көбүнчө компоненттин биröөнө жалганат. Кээде жалганбай да калышы мүмкүн. Би-

---

[1] Аягы эрин эринчил «п» менен бүткөн сөздөргө чакчылдын **-ып** мүчөсү жалганганда уңгудагы кең үндүүгө ылайык созулма үндүү берет: *чап+ып>чаап, тап+ып>таап, өп+ып>өөп* ж. б.

рок үчүнчү жактагы субъектилер көптүк формада тургандыктан, көптүк — биргелешүү мааниси өзүнөн өзү эле белгилүү болуп турат. -ыш формасынын лексикализацияланып кеткен түрү менен айтылган сөздөрдө -ыш мүчөсүнүн жалганышы зарыл. Ансыз биргелешүү мааниси берилбейт. Мисалы: *келишип кетти—келишип кетишти, ажырашып кетти—ажырашып кетишти* ж. б.

МАМИЛЕЛИК БАШКАРУУ

Сүйлөм тизмегиндеги сөздөрдү, демек, тилдин материалдык каражаттарын бири-бири менен байланыштырып, тилди ой жагынан ырааттуулукка келтирүү үчүн башкаруунун ролу чоң. Сүйлөмдөгү сөздөр айтылган ойду ырааттуу кылып билдирүүгө, өз ара тыкыз байланышууга тигил же бул жөндөмөлөрдө туруу—башкаруу аркылуу жетишет. Бирок башкаруу тилди ырааттуулукка келтирүүнүн жалгыз каражаты болуп эсептелбейт, муну менен бирге башка каражаттар да колдонулат.

Башкарылуучу сөздүн тигил же бул жөндөмөдө турушу башкаруучу сөздүн лексикалык маанисине жана грамматикалык формасына (в данном случае залог) карата аныкталат. Башкаруучу сөз өзүнчө алынганда ал маанисине карата белгилүү жөндөмөлөрдү гана башкарат, ошолор менен гана айкашат. Ал эми грамматикалык формасы өзгөрө турган болсо, анда алардын башкаруу жөндөмдүүлүгү артат, башка жөндөмөлөр менен да айкаша ала турган мүмкүнчүлүккө ээ болот. Жөндөмөлөр формасынын башкаруучу кандай сөздөр менен айкаша ала тургандыгы, алардын маанисин ачуу башкаруунун иши жана ал бул эмгектин милдетине да кирбейт. Бул жерде биз жалпынын бөлүкчөсү катарында мамиленин башкаруудагы ролуна гана токтолобуз.

Аталган теманын материалын жазууга өтүүдөн мурун экс курс катарында азыркы тилдер (кыргыз[1]) менен байыркы тилдердин ортосундагы башкаруу боюнча болгон салыштырмалуулукка токтоло кетүү артык болбос.

Байыркы түрк тилдери менен азыркы түрк тилдери башкаруунун принциби боюнча негизинен бири-биринен айрылбайт. Азыркы тилдерде да сүйлөм тизмегиндеги сөздөр ырааттуулукка жөндөмөлөр аркылуу жетишсе, байыркы тилдерде да жөндөмөлөр аркылуу жетишкен. Бирок мындан 1300—1500 жыл мурун болгон тил менен азыркы тилдер, тектештикти билдирүүчү негизги белгилери боюнча биримдикти түзгөнү менен, бул аралыктын ортосунда өзгөрүүлөр болбой койгон жок. Мындай айрым өзгөрүүлөр катарында жазылып жаткан маселе боюнча башкарууну көрсөтүүгө болот. Башкаруу негизинен бир болгону менен, байыркы тилдерде этиштин жөндөмөлөр менен айкашуусун азыркы тилдерге салыштырганда алда канча кеңдиги, жөндөмөлөр менен айкашуусунун эркиндиги байкалат. Байыркы тилдерде жөндөмөнүн бир формасы менен айтылган сөздүк айкашууну азыркы тилдердин нормасы боюнча ошол жөндөмөгө салып айтууга эч мүмкүн эмес. Мындай болору да табыйгы иш, анткени тилдин грамматикалык түзүлүшү жана сөздөрдүн лексико- семантикалык чөйрөсү канчалык өркүндөгөн жана өсүү процессинде ар түрдүү формасы такталган сайын тилдик каражаттардын колдонулушу да катаал боло баштайт. Башкача айтканда, мурунку эркин айкашуу кийин акырындап отуруп туруктуу айкашуу менен алмашылат; мурунку баш аламандык кийин такталат жана алар күндөлүк турмушка кирет.

Байыркы тилдердеги каражаттардын (башкаруунун) азыркы тилдерде катаал болушунун тилдик фактору болуп эмне эсептелет?

1. Маанинин өзгөрүшү. Байыркы түрк тилдериндеги кээ бир этиштер өнүгүү процессинде семантикасы жагынан өзгөрүүлөргө дуушар болгон. Семантикалык өзгөрүү, биринчи иретте, башкарууга таасирин тийгизген да, азыркы тилдин нормасы боюнча ошол эле этиш байыркы тилдердеги айкашкан жөндөмө менен айкаша албай калган. Башкача айтканда, алардын жөндөмөнү башкаруу жөндөмдүүлүгү тарыган. Демек, тилдеги таруу, кеңейүү деген түшүнүктү лексикага гана эмес, грамматикалык каражаттарга да колдонууга болот.

Мисалы: байыркы түрк тилдеринде к ө р азыркыдай мааниси менен бирге багынуу, болуу деген мааниде да, демек, өтпөс этиш катарында да колдонулган:

«Билиг эси, чаб эси бен *көртүм* (его товарищем по знанию и его товарищем по славе был я сам)—анын билим боюнча да, даңк боюнча да жолдошу мен *элем»* (Тоньюкук, 7 сап).

«Түрк будун *Табгачка көрүр эрти* (Тюркский народ был в подчинении у государства Табгач)—Түрк эли Табгач мамлекетине *багынган эле»* (Тоньюкук, 1 сап).

«Табгач *каганга көрмис* (подчинялись кагану народа табгач)—табгач элинин ханына *багынган»* (Күль-Тегин, б., 7 сап).

Көр мындан башка берүү деген мааниде да колдонулган: *«йегинимин атумун көртүм* (*Я выдал* моих племяников и внуков)—мен жээнимди, неберемди *бердим»* (Памятник из Суджи (Монголии), 8 сап).

Азыркы кыргыз тилинде *көр* деген этиш көрүү деген мааниде өтмө этиш катарында гана колдонулат да, багынуу деген

[1] Мында жана мындан аркы беттерде ыңгайлуулугуна карата «кыргыз» дегендин ордуна «азыркы тилрдерде», «байыркы тилдер» — С. Е. Маловдун Памятники древнетюркской письменности аттуу эмгегиндеги Куль-Тегин менен Тоньюкуктун эстелигин билдирет. Анткени анализге ушул экөө гана алынды.

мааниде, өтпөс этиш катарында колдонулбайт; мамиле формасын (-ын) кабыл албаса, байыркы түрк тилдериндеги барыш жөндөмөсүн башкаруучу жөндөмдүүлүгүнө ээ боло албайт. Кыскасын айтканда, маанисинин өзгөргөнүнө (тарыганына) байланыштуу азыр өзүнчө туруп барыш жөндөмөсүн башкара албайт; өздүктүн -ын мүчөсү жалганганда гана барыш жөндөмөсү менен айкашат (*көр—эмнени? кинону; көр+ын—көрүн—кимге? врачка* ж. б.).

Байыркы түрк тилдеринде *сагын*—капалануу, ойлоо, ой жүгүртүү деген мааниде колдонулган да, барыш жөндөмөсүнүн **-гару** формасы менен айкашкан. Маанисинин тарышына (өзгөргөндүгүнө—сагынуу деген мааниде гана колдонулгандыгына) байланыштуу азыр ал табыш жөндөмө менен гана айкашат: Бунча исиг күчиг *биртүкгеру сакынматы*—(өзүнүн) ушунча эмгегин жана күчүн берүүнү ойлобой (Күль—Тегин, б., 10 сап). Болгондо, *сагын* (ойлоо) ал кезде өтмө этиш болосо керек.

Кээ бир сөздөр маани жагынан бири-биринен ажыратылган, тактанган. Бул абал да азыркы башкарууга таасирин тийгизген. Натыйжада мурунку башкарылуучу сөз менен азыр ал айкашпай калган. Мисалы: *каруг сөкдүм* (прокладывал дорогу через снег)—карды жиредим (Тоньюкук, 25). Кыргыз тилинде «сөк» деген этиш азыр кийимге, этке колдонулат (жакар менен айкашуучу *сөк* дүн ордуна азыр башка сөз колдонулат. Ошондуктан кыргыз тилинде азыр «карды сөк» болуп колдонулбайт.

Же болбосо, айталык, *кон*. Бул сөз байыркы тилдерде азыркы мааниси менен бирге жашоо (жить); жашап туруу; туруу, жердөө—обытать) деген мааниде колдонулган. Булардын ичинен кийинки өтмө этиштик мааниси боюнча ал табыш жөндөмөсү менен да айкашкан. Бирок мунун кийинки бул маанниси азыркы кыргыз тилинде башка сөз менен берилгендиктен, азыр баштагыдай табыш жөндөмөсү менен айкашпайт. Табыш менен азыр анын маанилик эквиваленти жердөө деген этиш айкашат. Мисалы... бен өзүм билге Тоньюкук *Өтүкен йериг конмус*—акылдуу Тоньюкук, мен өзүм, Өтүкен жерди жердегем (Тоньюкук, 17 сап). «Кон» азыр табыш менен эмес, барыш менен айкашат.

Ушу сыяктуу болгон кубулушту *олур* деген этиштен да көрүүгө болот:

Чугай кузун, *кара кумуг олурур* эртимиз (мы избрали место жительство Куз Чугая и Кара-Кумы)—Биз Куз Чугай жана Кара-Кумду жердөөчү элек (Тоньюкук, 7 сап). «Олтур» азыр табыш эмес, барыш, жатыш жөндөмөлөрү менен айкашат.

2. Кээ бир этиштер маанисинин жагынан өзгөрбөгөн менен, байыркы убакта жөндөмөлөрдү башкаруу жагынан эркин болушкан. Натыйжада алар азыркы башкарган жөндөмөлөрдөн башка жөндөмөлөр менен айкаша беришкен. Мындай кубулуш байыркы убакта жатыш менен барыш, барыш менен жатыш жөндөмөлөрү маанисинин жагынан алмашылып колдонулушунан жана чыгыштын милдетин жатыш жөндөмөнүн аткарганынан болгон болуу керек. Болгондо, байыркы убакта бул үч жөндөмө өз ара бири-биринен (жатыш—барыш, жатыш—чыгыш) маанисинин жагынан так ажыратылбаган болсо керек. Мисалы:

1) кургузуг *ука басдумуз* (на киргизов мы напали во время (их) сна)—кыргызды уйкуда уктап жатканда (сөзмө сөзү уйкуга) бастык (Тоньюкук, 27 сап).

Кыркыз будуныг уда басдымыз—кыргыз элди (элин) уйкуда (уктап жатканда) бастык (Күль—Тегин, б. 35 сап).

Күль—Тегин (алты отуз) *йашыңа* кыркыз тапа *сүледимиз* (когда Күль—Тегину было (двадцать шесть) лет мы предприняли поход на киргизов)—Күль—Тегин 26 *жашта* экенде кыргызга каршы согуштук (Куль—Тегин, б., 34—35 сап).

Магы (или: Амгы) курган кышлап *йазыңа* огузгару сү *ташыкдымыз* (Перезимовав в укреплении Магы (или Амгы) весною мы вышли с войском против огузов)—Магы коргонун кыштап, *жазында* аскерибиз менен огузга каршы чыктык (Күль—Тегин, б., 48(8) сап).

Бир *йылка* биш *йолы* сүңүшдимиз—Бир *йылда* беш жолу согуштук (Күль—Тегин, б. 44 (4) сап).

2) Табгач *каганта* бедизчи *келүртим*—Табгач *кагандан* (ханынан) усталарды алып келдим (Күль—Тегин, м., XI сап).

Кыргыз *каганта* Тардуш Ынанчу Чур келти—кыргыз *кагандан* (ханынан) Чур—Тардуш—Ынанчу *келди* (Күль—Тегин, б., 53 13 сап).

Тургес *каганта* көрүг *келти*—Тургеш *кагандан* (ханынан) шпион келди (Тоньюкук, 31 сап) ж. б.

Салыштыр: Уйгур *йириңте* Йаглакар кан ата *келтим*—мен, Яглакар кан ата, уйгур *жеринен* келтим‖ ...жерине келдим (Памятник из Суджи (Монголии), 1 сап).

Байыркы түрк тилдеринде этиштик башкаруу эркин экендиги байкалат. Натыйжада азыркы тилдерде белгилүү жөндөмө менен айтылуучу этиштер байыркы тилдерде алар менен бирде айкашса, бирде айкашпаган. Азыр алардын жөндөмө менен айкашуусу эркин эмес. Мисалы:

1) Аз Элтебериг тутды — Аздардын Элтеберди тутту (Күль—Тегин, б., 43 (3)).

Он—Тукук (ту) жарактуу колу менен туту (Куль-Тегин, б., 32 сап).

2) Бу *йирде олуруп*—бу жерде олтуруп (Куль-Тегин, м., 4 сап).

Түрк каган *Өтүкен йыш олурсар*—түрк хан(ы) Өтүкен йыш (та) (йыш—токой жана тоо) отурса (Күль-Тегин, м., 3 сап). Салыштыр: Бир ай *кеме сүрдүк*—...кемеде жүрдүк (байыркы өзбек тилинде жазылган миң бир түн жомогунан).

3) Ыдук *Өтүкен йыш* будун *бардыг* (ты сам), о народ священной Отюкенской черни, ушел)—о эл, (сен өзүң) касиеттүү Өтүкен йыш (ка) кеттиң[1] (Күль-Тегин, б., 23 сап).

4) Йирчи *йир йаңулуп* богузланту—Жерчи (жолду баш таган киши) *жер (ден) (жолдон)* жаңылып мууздалды (Тоньюкук, 26 сап).

Мааниси боюнча негизинен азыркыдай эле болгон кээ бир этиштер (мисалы, бар) жөндөмөнү башкаруу боюнча азыркы тилдин нормасына эч бир туура келбейт. Башта табыш жөндөмөсүн башкарышы, болгондо, анын байыркы убактагы лексико-грамматикалык (өтмө жана мааниси өзгөргөндүк) өзгөчөлүгүнө карата же болбосо табыш менен барыш жөндөмөлөрү да салыштырмалуу болгон болуу керек. Кыскасын айтканда, азыркы кезде **бар** өтпөс этиш болсо да, байыркы убакта өтмө этиш сыяктуу табыш жөндөмөсүн башкарган: Ану *субуг баралум*—Ану сууга баралык‖ Ану суу менен баралы (Тоньюкук, 27 сап). Салыштыр: *Анун бармус*—Ану менен барган (Анун—байыркы инстр. жөндөмөдө турат <Ану+н Тоньюкук, 24 сап).

Бул жогорку баяндалгандар менен бирге, жардамчы атоочтор жөнүндө да айта кетүү керек. Талдоого алынган эстеликтерде мейкиндик жөндөмөлөрү тактагычтарсыз колдонулгандыгы байкалат, буга караганда жардамчы атоочтор өздөрүнүн лексикалык маанисинен кийин ажырап, мейкиндик жөндөмөлөрдүн маанисин тактачу жардамчы сөздөргө—грамматикалык каражатка айланган болуу керек. Тактагычтардын болушу ойду так жана толук берип, тилдин ийкемдүү болушуна жардам берет: *Түрги йаргун көлте* буздымыз—Түргү—Жаргун көлдө(*көлдүн жанында*) талкаладык (Күль—Тегин, 34 сап). Табгачка йети йегирми сүңүсди, кутанка йети сүңүсди, огузка бес сүңүсди—Табгачка он жети (жолу) (*каршы*) согушту, киданга жети (жолу) (*каршы*) согушту, огузга беш (жолу) (*каршы*) согушту (Тоньюкук, 49 сап).

Муну менен бирге, биринчи жактын таандык мүчөсүнөн кийин колдонулуучу табыш жөндөмөсүнүн **-ды‖ -ны** мүчөсү иликтин кыскарган түрү (балам *-ын*—баламдын) сыяктуу

[1] Байыркы тилдерде бар—кет деген мааниде да колдонулган. Демек, ал чыгыш жөндөмө менен да айкашууга мүмкүн болгон.

байыркы тилдерде **-ын‖ -ин** болуп берилгендигин айта кетүү керек: *...өтүнчүмин* эсидү берти—*өтүнчүмдү* эшите берди (Тоньюкук, 15 сап). Салыштыр: ...эбледим *оглумун (уулумду* үйлөнттүм), *кызумун* калунсуз биртим *(кызымды* калыңсыз бердим) (Памятник из Суджи) Монголии), 6, 7 сап).

Талдоого алынган эки эстеликтеги материалды жыйынтыктаганда мындай дешке болот:

1) башкаруу принциби боюнча бирдей болгону менен, мааниси жагынан кээ бир этиштин өзгөрүүгө дуушар болгонуна байланыштуу айрым этиштердин жөндөмөлөрдү башкаруусу да өзгөргөн. Кээ бир этиштер кийин башка этиштер менен сүрүлгөн.

Булардын натыйжасында башта тике объектини талап кылуучу этиштер кийин кыйыр жөндөмө менен айкаша турган болгон: *йериг конмус*—жерди жердеген, салышт: тоого конгон; *кара кумуг олурур*—кара кумду жердеген, салышт: кара кумда отурду.

Тескерисинче, башта кыйыр жөндөмөлөр менен айкашуучу этиштер азыр тике объект менен айкашат: *биртүкгеру* сакынмады—бергенди ойлободу;

2) башта ар түрдүү зат атоочтор менен айкашуучу этиштер кийин маани жагынан дифференцировать этилип, белгилүү гана зат атоочтор менен айкаша турган болгон: *каруг сөк*—карды жире; кабырганы сөк, жамачыны сөк ж. б. Анын үстүнө мурун жөндөмө боюнча оформить этилүү, этилбөө эркин болсо, кийин туруктуу боло баштаган: *Өтүкен йыш* олурса—Өтүкен йыш (та) олтурса. Он тукук ...тутса—Он тукук (ту) тутса. Йирчи *йир* йаңулуп—жолчу жол (дон) жаңылып;

3) кээ бир этиштер мааниси жагынан өзгөрбөсө да жана өтпөс (этиш) болсо да, тике объект менен айтылууга мүмкүн болгон. Болгондо, бул ошол мезгилдин өзгөчөлүгү болсо керек же болбосо этиштер *башта өтмө, өтпөстүк мааниси жагынан, демек, тике жана кыйыр жөндөмөнү башкаруу жагынан так дифференцировать этилбеген* болуу керек: Ану *субуг* баралум—Ану сууга баралы‖Ану суусу менен баралы: кара *кумуг олурур*—кара кумду жердечү‖кара кумда олтурчу;

4) жөндөмөлөрдүн мааниси так дифференцировать этилбеген: жатыш—чыгыш, барыш—жатыш.

Кыймыл-аракеттин объектиге карата болгон мамилеси этиш аркылуу берилет да, ал этиштик башкаруу деп аталат. Ал эми кыймыл-аракеттин объект жана субъектиге карата болгон мамилеси болсо мамиле категориясы аркылуу берилет. Ошентип, биринчисинде этиш объект менен гана байланышса, экинчисинде объект жана субъект менен байланышат, бул мамилелерди грамматикалык форма жагынан айрып билдирүүгө мүмкүн

чүлүк туулат. Субъект менен объектинин грамматикалык ар түрдүү формада берилиши мамилелик башкаруу деп аталат.[1]

Аркылуу мамиле өтмө жана өтпөс этиштен жасалат; мунун мүчөлөрү тике жана кыйыр жөндөмөнү талап кылуучу этиштерге жалгана берет. Аркылуу мамиленин мүчөлөрүнүн жардамы менен өтпөс этиш өтмө этишке айланат да, тике объект менен айкашууга жөндөмдүү болот. Ал эми өтмө этиштер болсо кабатталган аркылуулук мааниге ээ болушат. Аркылуу мамиле мүчөлөрүнүн жалганышы аркылуу жасалган туунду этиштердин уңгу түрүндө тургандагысына караганда жөндөмөлөр формасын башкаруу мүнөзү өзгөрөт; башкарууга мамиле мүчөлөрүнүн кабатталып келиши да таасирин тийгизет: өл: —эмне? ким?, өлтүр: эмнени?, кимди? өлтүрт—кимди? кимге, эмнени? кимге? ж. б. Кыскасын айтканда, башта өзүнчө турганда жөндөмөлөрдү башкаруу жагынан бирдей баскычта болбогон этиштер аркылууга айланганда тендешет: мурункусу менен башка да жөндөмөлөрдү башкарууга жетишет: шаарга *бар. Аны шаарга бардыра албайсың.*

Аркылуу мамиле өтмө этиштерден жасалган учурда кыймыл процессине грамматикалык жана логикалык эки субъект катышат жана ал мунусу менен башка мамиле этиштерден да айрылат. Мындагы субъектилер бирдей укукта болушпайт, бирөө грамматикалык, иштин иштелишине себепкер, иштетүүчү субъект болот жана ал негизги жөндөмөдө турат. Экинчиси логикалык субъект жана ал кыймыл-аракеттин реалдуу иштөөчүсү болот да, барыш, кээде чыгыш жөндөмөлөрүндө турат, грамматикалык жагынан объект болуп эсептелет.

Аркылуу мамиле өтпөс этиштен жасалганда, мунун мүчөсү аркылуу өтпөс этиш өтмө этишке айланып тике объект менен айкашууга жөндөмдүү болот. Эгерде тике объект болуп түшкөн зат лексикалык мааниси боюнча социально-активдүү болсо, анда ал кыймыл-аракеттин реалдуу иштөөчүсү да болушу мүмкүн. Демек, кээ бир адабияттардагыдай иштин чыныгы иштөөчүсү деп барыш жана чыгыш жөндөмөсүндө турган затты гана эмес, табыш жөндөмөсүндөгүнү да эсептөөгө керек. Мисалы:

Ал, кызык-кызык казалдар айтып, жомок сөздөрдөн сүйлөп, *чоңду* да эчен күлдүрдү (Сыдыкбеков).

Сиз эмдөөгө руксат бериңиз, кандай эмдөөнү мен сизге көрсөтөйүн (Миң бир түн).

Мен газетти *уулуман* алдыртып алдым ж. б.

Аркылуу мамиле катышкан сүйлөмдө иштин чыныгы иштөөчүсү дайыма боло бербейт. Сүйлөөчүгө кыймыл-аракеттин бирөө аркылуу болгондугу эмес, иштелген иштин жыйынтыгын

[1] Кара: А. Х. Фатыхов. Категория залога в башкирском языке (Автореферат), 11 бет.

билдирүү зарыл болгон учурда чыныгы иштөөчү сүйлөмдө берилбейт:

— Казанды алдыма *алдырып кел* да, балыкты *куурт*! (Миң бир түн).

Туюк мамиле өтмө этиштен, сейрек түрдө өтпөс этиштерден да жасалат; өтмө этиштин өтпөс этишке айланышына байланыштуу туюк мамиле формасындагы этиштердин жөндөмөлөрдү башкаруу мүнөзү да өзгөрөт. Эгерде аркылуу мамиле тике объектини талап кыла турган болсо, этиштин грамматикалык жөндөмдүүлүгүнүн өзгөрүшүнүн натыйжасында туюк мамиледе, тескерисинче, тике объект менен айкашуу мүмкүнчүлүгү жоюлат. Мунун ордуна этиштер туюктук формада барыш жана кээде чыгыш, б. а. тикенин ордуна кыйыр жөндөмөлөрдү башкара турган болушат. Бирок барыш жана чыгыш жөндөмөлөрүндөгү толуктоочтун баары эле кыймыл-аракеттин чыныгы иштөөчүсү боло бербейт. Чыгыш, барыш жөндөмөлөрүндөгү грамматикалык толуктооч өзүнүн мааниси боюнча социально-активдүү (адам) заттардан болгон учурда гана иштин чыныгы иштөөчүсү боло алат. Мисалы: Аккочкор *Жаңыл Мырзадан жеңилген.* Арыктын жээги *сууга желген* ж. б. Иштин чыныгы иштөөчүсү көбүнчө «менен» жана «тарабынан» деген соңчулдар менен айкашкан негизги жөндөмөдөгү сөздөр болот. Бул соңчулдар атоочторду башкаруучулар болуп эсептелинет. Эгерде грамматикалык ээни кыймыл-аракетке дуушар кылуучу грамматикалык толуктооч—иштин чыныгы иштөөчүсү адам же болбосо мекеменин аттары болсо, анда алар «тарабынан» деген соңчул менен ,эгерде жансыз заттардан болсо, анда «менен» деген соңчул менен айкашат. Бирок кыргыз тилинде кээ бир тектеш башка тилдердегидей иштин чыныгы иштөөчүсү жана аны менен бирге колдонулуучу соңчул «тарабынан» да көбүнчө түшүп калат, колдонулбайт. Кээде ал этиштин маанисине байланыштуу чыгыш жөндөмөсү менен да алмашылат: Билим, техниканын айрым тармактары боюнча капиталисттик өлкөлөр Советтер Союзунан жеңилди—*Советтер Союзу тарабынан* жеңилди. Анын үстүнө туюктук маанини белгилөөнүн зарылдыгы болбогон учурда негизги мамиленин колдонулушу мүмкүн. Ошондуктан туюк мамиле орус тилине салыштырганда анчалык өнүгө алган эмес. Мисалы, *кем построен этот дом?*[1] деген сүйлөм кыргызча бул үйдү ким салган? деп негизги мамиле менен же болбосо орус тилиндеги туюк мамилелик оборотту так берүүнүн зарылдыгы болгон болсо *бул үй ким тарабынан салынган*? деп айтылышы мүмкүн. Бирок кыргыздар экинчисине карганда биринчисин (негизги мамилени) колдонууну артык көрөт.

[1] Кара: А. Х. Фатыхов. Аталган эмгек, 273 бет.

Грамматикалык объект жансыз заттардан болгон учурда «тарабынандын» ордуна «менен» деген соңчул колдонулат. Бирок мында объект жогоркудай болуп иштин реалдуу иштөөчүсү болуп эсептеле албайт. Ал көбүнчө ишти чыныгы иштөөчүнүн куралдык маанисиндеги объектиси болуп кызмат кылат; канализация *экскаватор менен* казылды (кимдир бирөө тарабынан).

Кош мамиле кыймыл-аракетке бир канча субъектилердин катышкандыгын билгизет. Мындагы субъектилер кыймыл-аракетти аткаруу жагынан бирдей укукта болушат, кээде мындагы субъектилер этиштин маанисине карата бирине-бири объект да болуп эсептелинет:

Экөө *амандашып, ал-жай сурашты* (Сыдыкбековдон). Экөө кубанычта *көрүшүп, жетелешип* бир тамдын түбүнө барып олтурушту (Жантөшевден).

Кош мамиледе грамматикалык субъект менен бирге кыймыл-аракетке катышкан логикалык башка да субъектилер болот. Этиш кош мамиленин формасында тургандыгына байланыштуу кыймыл-аракетке катышкан мындагы субъектилер бири-бири менен кээде «менен» деген соңчул аркылуу байланышууга мүмкүнчүлүк туулат. Бирок көбүнчө «менен» колдонулбайт:

Бадага уй айдап келген келин-кыздар, балдар жана кемпирлердин бир катары үйлөрүнө *тарап бара жатышты* (Жантөшевден). Соңчул «менен» аркылуу байланышкан экинчи субъект көбүнчө негизги жөндөмөдө болот. Мисалы:

«Бердибай бир кур үзөңгүлөш *курбулары менен* эртеден бери Бейирмандын үйүндө бозодо *олтурушту»* (Сыдыкбековдон).

«Кийизбай айлына келишкен сакалдуу-көкүлдүүлөр, Ысак, Самтырлар менен *жай сурашып, учурашып,* орун таап *олтурушуп,* бир-бир чыны кымызга ээ болушат» (Сыдыкбековдон).

Соңчул «менен» дайыма эле зат атооч менен айкаша бербестен, ат атооч менен да айкашат. Ат атоочтук экинчи субъект зат атоочтук субъект сыяктуу негизги жөндөмөдө турбастан, иликтин кыскарган формасында колдонулат. Мисалы: мен *аны менен* аспирантурага кирүү жөнүндө *пикир алыштым* ж. б. Мындагы «менен» менен айкашып турган «аны» деген ат атоочту формалдык белгисине карап, табыш жөндөмөсү экен деп ойлоого жарабайт. «Үчүн» деген соңчул кыргыз тилинде негизги, кээде кыскарган формада илик менен айкашкан *(ан үчүн, аны үчүн)* сыяктуу, мында да «менен» кыскарган формадагы илик менен айкашып турат. Салыштыр: башкырча уның менен[1]— кырг. аны менен.

[1] А. Х. Фатыхов. Аталган эмгек, 275 б.,

Логикалык экинчи субъект кээде илик, табыш, барыш жөн дөмөсүндөгү сөздөрдөн да болушу мүмкүн:

Ыйман *милиционерлерди* баштап, Баатырбек, Ашырбектин үйлөрүнө кириштн (Сыдыкбековдон). (Ыйман милиционерлер менен дегендин ордуна).

Муну уккандан кийин, *беркилердин* үрөйү учуп тура качышат (Миң бир түндөн).

Ата-энеси уулун доктурга көрсөтүштү.

Жогорку айтылгандарды төмөнкүдөй деп корутундулоого болот:

1) мамилелик мүчөлөр аркылуу этиштин лексикалык маанисинин өзгөргөн жана өзгөрбөй тургандагы эки учурун эсепке алганда, мамиле категориясында сөз жасоо менен сөз өзгөртүүнүн экөөнүн тең элементи бар. Бирок экинчисине караганда биринчи учуру жокко эсе. Ошондуктан бул эмгекте мамиле категориясынын мүчөлөрү адаттагыдай сөз жасоочу деп бир жактуу каралбастан, кыймыл-аракеттин субъект менен объектиге карата болгон мамилесин морфологиялык жагынан билдирүүчү форма деп каралат;

2) тилдик фактыларга караганда мамилелик айрым формалар түрк-монгол тилдери үчүн жалпы жана тарыхый жагынан сөз жасоо менен байланыштуу болуп, кийин түрк тилдеринде алар мамилелик мааниде колдонулуп калган болуу керек. Монгол жана түрк тилдеринин азыркы кездеги мамилелик формалары ар түрдүү. Кыргыз тилинин азыркы кездеги этабында алар көбүнчө сөз өзгөртүүчү мүчө катарында өнүгүп бара жатат;

3) байыркы түрк тилдеринде өздүк менен туюк мамиле формасы жагынан бири-биринен так ажыратылбаган. Кээде туюк мамиленин ордуна негизги мамиле да колдонулган. Болгондо, ал кезде туюк мамиле башталыш абалында же өсүп жетилбеген болушу мүмкүн. Мындай фактылар башкаларга караганда туюк мамиле тилде кийин келип чыккан болуу керек деген болжолдоого алып келет.

Демек, мамилелик формалар тилде пайда болуу мезгили жагынан бирдей эмес;

4) мамиленин кээ бир мүчөлөрү бүтүн сөздөн да чыгышы мүмкүн;

5) этиштер башта өтмө, өтпөстүк мааниси жагынан так ажыратылбаган.

МАЗМУНУ

1. Кыргыз тилиндеги мамиле категориясынын изилдениши жөнүндө 3
2. Мамиле категориясынын лексико-грамматикалык мүнөздөмөсү . 6
3. Өтмө жана өтпөс этиштер 12
4. Мамиле категориясынын түрлөрү 17
   1) Негизги мамиле 18
   2) Өздүк мамиле 20
   3) Кош мамиле 29
   4) Аркылуу мамиле 42
   5) Туюк мамиле 54
5. Мамиле мүчөлөрүнүн айкалышы 68
6. Мамилелик башкаруу 80

КЫРГ
4
К-89

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

С. Кудайбергенов

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АТ АТООЧТОР

Фрунзе 1960

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

С. Кудайбергенов

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АТ АТООЧТОР

Фрунзе — 1960

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ АТ АТООЧТУН ИЗИЛДЕНИШИ ЖӨНҮНДӨ АДАБИЯТТЫК КЫСКАЧА ОБЗОР

Кыргыз тилиндеги ат атоочтор башка сөз түркүмдөрү сыяктуу грамматикаларда каралганы менен, мындан мурун илимий жагынан атайын изилденбеген.

Кыргыз тилиндеги ат атоочтор жөнүндөгү биринчи маалыматтар алгачкы мектеп грамматикаларынан К. Бакеев жана башкалар тарабынан түзлгөн грамматикадан[1] тартып бериле баштаган деп эсептөөгө болот. Авторлор тарабынан ат атоочтун төмөнкүдөй түрлөрү берилген: 1) беттеме (өздүк), 2) шилтеме, 3) сурама, 4) белгилеме **(бардык, баары, ар бир, кээ бир, кайсы бир)**, 5) тангыч делинип ат атоочтун түрлөрү топукталган, саны бешке жеткирилген. Бирок бул морфологияда ат атоочтун түрлөрү негизинен туура берилгени менен, түрлөрүнүн мүнөздөмөсү жеткиликтүү берилген эмес.

Ат атоочтун түрлөрү жана алардын мүнөздөмөсү Ү. Асылбековдун грамматикасында[2] бир кыйла түзүк берилген. Мындан кийинки чыккан мектеп грамматикалары бир аз толукгоолор кийригени болбосо, ат атооч бөлүнүлүп берилиши боюнча жогорку аталган эмгектерден анчалык озуп кете алганы жок.[3]

Ушу сыяктуу болгон кыскача маалыматты Ы. Жакыпов, С. Турусбеков, Д. Майрыков тарабынан жазылган грамматикадан[4] да табууга болот.

---

1 К. Бакеев ж. б. Кыргыз тилинин морфологиясы, орто мектептердин 5—6 класстары үчүн, Фрунзе, 1939.

2 Асылбеков Үметбек. Грамматика 1 бөлүк, морфология, педагогиялык окуу жайлары үчүн, Фрунзе, 1940.

3 Караңыз: К. Бакеев. Кыргыз тилинин грамматикасы, 1 бөлүк, фонетика жана морфология, Фрунзе, 1948. Д. Исаев. Кыргыз тилинин грамматикасы, 1 бөлүк, фонетика жана морфология, Фрунзе, 1958.

4 Кыргыз тилинин грамматикасы, 1 бөлүк, педагогика окуу жайлары үчүн, Фрунзе, 1955.

Жогоруда аталган грамматикалардын баарына мүнөздүү бир кемчилик — ат атоочтун лексикалык жана грамматикалык өзгөчөлүктөрүнүн берилбегендигинде. Ат атоочтун маселелеринин бул жагы аздыр-көптүр VIII—X класстар үчүн жазылган грамматикада[1] берилген.

Ат атооч жана ага тиешелүү кээ бир маселелер мектеп грамматикаларынан башка кыргыз тили боюнча жазылган окуу куралдарында да берилген. Мындай адабияттан, биринчи иретте, И. А. Батмановдун эмгегин[2] көрсөтүүгө болот. И. А. Батмановдун эмгегинде ат атоочтордун классификациясы жана алардын сөз өзгөртүү жана сөз жасоонун кээ бир маселелери кыскача жана өтө жалпы болсо да негизинен туура мүнөздөлгөн.

Ат атоочтор жөнүндөгү маалыматтарды К. Дыйканов да айтат.[3]

Ат атооч жөнүндөгү маалымат «Азыркы кыргыз тили»[4] аттуу эмгекте да бар.

Ушентип, башка сөз түркүмдөрү катары берилүүчү кыскача маалымат кыргыз тили боюнча жазылган адабияттарда берилген. Бирок алар атайын ат атоочко арналбагандыктан, башка сөз түркүмдөрү менен болгон өз ара карым-катнаштары, грамматикалык кээ бир категориялардын жасалышындагы ат атоочтордун ролу, ат атоочтордун түрлөрүнүн негизги маанилери, алардын этимологиясы, жөндөлгөндөгү бузулушунун себептери, лексикалык өзгөчөлүгү сыяктуу теориялык маселелерди берүү авторлордун алдына максат кылып коюлбаган.

Мунун үстүнө жогоруда көрсөтүлгөн адабияттарда ат атоочтун түрлөрүнүн саны да так эмес. К. Бакеевдин алгачкы «Морфологиясында» беш (беттеме, шилтеме, сурама, белгилеме, тангыч), кийинкисинде сегиз (таандык, салыштырма, күдүк ж. б.), Д. Исаевде тогуз (күдүк, өздүк, аныктама, жалпылама, таандык ж. б.), К. Дыйкановдо төрт (жактама, сурама, аныктама, тангыч) ж. б.

Ат атоочту жана анын түрлөрүн тартипке келтирип, аларды илимий жагынан изилдөөнүн керектиги адабияттык кыскача обзордун өзүнөн эле көрүнүп турат. Сунуш кылынып жаткан китепче ат атооч боюнча сезилип келген кемчиликтерди колдон келишинче толуктоого арналат.

---

[1] С. Кудайбергенов, Ы. Жакыпов, М. Мураталиев. Кыргыз тили, орто мектептин 8—10 класстары үчүн, Фрунзе, 1957.

[2] И. А. Батманов. Грамматика киргизского языка, вып. II, Фрунзе, 1940.

[3] К. Дыйканов, С. Кудайбергенов. Кыргыз тилинин морфологиясы (сырттан окуу жогорку окуу жайлары үчүн), Фрунзе, 1957.

[4] Азыркы кыргыз тили, II бөлүм, Фрунзе, 1958.

Бул эмгектин милдети — кыргыз тили боюнча жазылган адабияттардагы белгилүү маселелерди толуктоо, тактоо; илимий жагынан аларды кеңитүү менен бирге, жогоркудай теориялык негизги маселелерди козгоого да аракет болду. Бирок лексико-семантикалык өзгөчөлүгүнө жана этимологияга көбүрөөк көңүл бөлүндү. Эмгек, негизинен, азыркы кыргыз тилинин материалдары боюнча жазылганы менен, керек болгон жерлеринде түрк жана башка тилдердин (монгол, тунгус) салыштырма материалы да пайдаланылды.

Ат атоочтор жөнүндөгү маалыматтар түрк тилдеринин ар бир илимий грамматикаларында да берилген. Мындан башка ат атоочко атайылап арналган проф. Н. К. Дмитриевдин[1] А. П. Поцелуевскийдин,[2] Н. А. Баскаковдун,[3] А. Н. Кононовдун[4] жана Ф. Д. Ашниндин[5] эмгектери да бар. Кыргыз тилиндеги ат атоочторду изилдөөдө булардын эмгектери да бизге таяныч болду.

---

[1] Н. К. Дмитриев. Об указательных местоимениях в башкирском языке. Труды Московского института востоковедения, сб. № 4, М., 1947. Н. К. Дмитриев. Указательные местоимения в османском языке, ДАН—В, 1926.

[2] А. П. Поцелуевский. Происхождение личных и указательных местоимений, Ашхабад, 1947.

[3] Н. А. Баскаков. О соотношении значений личных и указательных местоимений, Доклады и сообщения Института языкознания АН СССР, № 1, 1951. Н. А. Баскаков. Личные и лично-притяжательные местоимения в каракалпакском языке. Тюркологический сборник, № 1, 1951.

[4] А. Н. Кононов. О прономинализации в турецком языке. Доклады советской делегации на XXIII международном конгрессе востоковедов, секция алтаистики, М.—Л., 1954.

[5] Ф. Д. Ашнин. Указательные местоимения и их производные в азербайджанском, турецком и туркменском языках (автореферат), М., 1958.

I ГЛАВА

АТ АТООЧТУН ЛЕКСИКАЛЫК ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Тилде ат атооч эң байыркы убактардан тартып эле колдонулган. Мунун тилде эң байыркы убактан бери жашашы анын колдонууга ыңтайлуулугу менен байланыштуу. Тилде мунун керектиги зат же анын белгилерин көрсөтүүчү тиги же бул жалпы мааниден гана эмес, баарыдан мурда диалогдук речтен сезилет. Ат атооч бир гана сөздүн ордунда колдонулбастан, кээде ал бир канча сөздүн ордуна да колдонулат. Диалогдук речте толук сүрөттөлүп берилген сүрөөго көп сөз менен жооп берүүнүн ордуна ат атооч аркылуу бир сөз менен гана жооп берилет. Мындай учурда ат атооч сүйлөмдөгү бардык эле сөздөрдүн ордуна колдонула бербестен, өзүнүн жалпы мааниси боюнча камтый ала турган сөздөрдүн ордуна гана колдонулат. Ат атооч менен алмашылуучу сөздөр мааниси жагынан бир өңчөй болушат. Көп сөздүн бир сөз менен берилиши, болгондо, бул сүрөөго катыштырылган сөздөрдү жоопто кайталабоо үчүн болгон болуу керек. Мисал үчүн К. Жантөшевдин «Каныбек» романындагы Кереченин «жоготкон күлүгүнүн» сүрөттөлүшүн алалы:

«...байлоодон күлүк уурдатып ошону изүүлдөп жүрөм. Эн тамгасы жок, өзү **ак кула.**

Кааласа кылар көп санат,
Калбыр өпкө жез канат;
Жабышкак далы, салык төш,
Кара байыр казан ат;
Асыл чыккан нерсеге
Айтса эп келер далай сөз;
Бото борбуй, буура сан,
Доду мандай, бото көз...» — деген күлүк эле,— деди Кереч.

Андай ак кула атты көргөнүбүз жок... (К. Жантөшев. Канабек, 112-бет). Бир канча сөздөрдүн мындай ат атооч аркылуу берилиши — кийинкинин маанисинин жалпылыгы, демек, бир өңчөй конкреттүү маанилерди камтуу жөндөмдүүлүгү менен байланыштуу.

Ат атоочтун тилдеги эң керектүүлүгү мына мында турат: биринчиден, көп сөздү маанисин өзгөртпөй туруп, аз сөз менен берүү жагынан ат атоочтор сөздөрдү артыкбаш кайталабоого алып келет; экинчиден, тездетүү, кыскартуу ролу жаганан ал шарттуу түрдө жазуудагы скорописке жакын; үчүнчүдөн, сүйлөмдөгү кээ бир сөздөрдү улам кайталап отурбастан аны маанисине карата ат атоочтун түрлөрү аркылуу берүүнүн стилдик ролу да чоң. Ошондуктан ат атооч оозеки речте да жана адабий тилде да кеңири колдонулат.

Ат атоочтун лингвистикалык термини байыркы грек грамматикаларынан бери эле белгилүү. Ар кайсы тилдерде ар түрдүү аталганы менен, көпчүлүк тилдерде эки компоненттүү татаал сөз менен берилет.[1] Болгондо, бул анын билгизген маанисине байланыштуу болуу керек. Ат атоочтун орус тилиндеги «местоимение» деген термини да анын зат, сын, сан атоочтордун ордуна колдонула тургандыгына далил боло алат.

Кыргыз тилинде бул термин биринчи чыккан грамматикаларда эле «ат атооч» деп аталып, ошондон бери эч өзгөрүүсүз келе жатат.

Кыргыз тилиндеги ат атооч да кээ бир башка тилдердегидей компоненттик составы жагынан татаал сөз, жана терминдик мааниси жагынан да алардыкына окшош: **ат — название, атооч** — имя; башкача айтканда, «ат атооч» деген термин өзү атоочтордун аты, атоочтордун атын атай турган атооч дегенди билдирет. Бирок бул термин да жана ага берилип келе жаткан аныктама да кайрадан кароону талап кылат. Терминдин ылайыксыздыгы ага коюлган ат менен аныктаманын өзүнөн эле көрүнүп турат, анткени ат атооч деген термин ал өз ичине алган сөздөргө мүнөздүү болгон маанини билгизбейт; ат атооч — атоочтордун аты эмес жана аларды да атабайт.

Кыргыз тилинде буга «зат атооч, сын атооч, сан атооч сөздөрдүн ордуна колдонулган сөз түркүмүн ат атооч дейбиз» — деп, аныктама берилип келе жатат. Ушу сыяктуу эле «атоочтордун ордуна», «атоочтордун орунбасары» деген сыяктуу аныктаманы башка системадагы тилдер боюнча жазылган эмгектерден да жолуктурууга болот.

---

[1] Грекче **антонюмиа** (< анти — ордуна, өтөлгөсүнө (взамен) + **онома** — ат (имя, название), латынча pronomen (<pro—ордуна (вместо) + **nomen**—ат—имя, название) немецче fürwort (<für—үчүн, ордуна — за, замен) + fort — сөз, at (слово, имя).

Башка сөздүн ордуна колдонулуу касиетине ат атооч гана эмес, башка сөз түркүмдөрү (сан, сын атооч, атоочтук) да ээ. Мисалы: Фрунзе областында кант кызылчасын өстүрүү боюнча Кайназарова менен Шопокова көпчүлүк элге маалим. Булардын **биринчисинин** атагы **экинчисиникинен** мурун чыккан. **Биринчилер** мурда тарашты. **Кызылдар** кыйкырып чабуул коюшту ж. б.

Ушентип, бардык эле ат атоочтор башка сөздөрдүн ордуна колдонула бербестен, анын кээ бирөөлөрү гана колдонулат, жана бул касиетке ат атооч гана эмес, кээ бир башка сөз түркүмдөрү да ээ. Ошондуктан башка сөздөрдүн **ордуна колдонулуу** ат атоочтор үчүн негизги белги болуп эсептеле албайт. Демек, буга берилип келе жаткан аныктама да тактоону талап кылат.

Тилде да башка коомдук кубулуштардагыдай эле, жалпылык менен бирге өз ара айырмачылыктар да болот. Мындай айырманы көрсөтүү изилденип жаткан ар кандай объектинин негизги маселелеринин бири болуп эсептелет. Ат атоочтун негизги мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп маанисинин абстрактуулугу жана жалпылыгы эсептелет. В. И. Ленинди «Это»? Самое общее слово. Кто это? Я. Все люди я. Это есть общее. «Этот»?? Всякий есть «Этот»[1] дегенинин жогоруда айтылган пикирге түздөн түз тиешеси бар. Маанинин жалпылыгы башка сөз түркүмдөрүнө кирген сөздөрдө да болот. Мисалы, зат атоочтун маанисинин жалпылыгы көбүнчө өздөрү билдирген заттын тигил же бул түрүнө гана таралат, Мисал үчүн «стол» десек, столдун мааниси да жалпы. Бирок бул зат болгону менен, башка заттарга таралбайт, мунун мааниси өзүнө гана таралат, анткени «стол» заттын калган түрлөрүнөн айрым белгилери боюнча айрылат. Ырас, кээ бир зат атоочтор до тиешелүү жалпы маани да болот. Мисалы: **адам, айбан, кездеме** сыяктуу кээ бир зат атоочтордун мааниси ат атоочтордуку сыяктуу өтө эле жалпы, бул сөздөр берилген түшүнүктөрдүн жалпы атамасы болуп эсептелет.

Бирок мындай зат атоочтордон ат атоочтун маанисинин дагы бир айрыла турган өзгөчөлүгү бар. Эгерде зат атоочтук маани затты жөн эле жалпылап көрсөтө турган болсо, ат атооч затты жана заттык ар кандай белгилерди тигил же бул мамилеге таянып көрсөтөт.[2] Демек, ат атоочтун маанисинин жалпылыгы — жөнөкөй жалпылык эмес, заттардын жана алардын белгисинин (сандык жана сапаттык) башкалар менен болгон мамилесине негизделген жалпылык. Мисалы: **Тоого сен барчы** десек, мындагы, «сен» деген ат атооч сүйлөөчү жакка карата болгон мамилеси боюнча тындоочу болуп эсептелген жакты көрсөтөт, ага речь менен сүйлөөчү кайрылып жатат. **Кечээ кандай ишти иштесең, бүгүн да ошондой ишти иште. Куш уясында эмнени көрсө, чоңойгондо ошону алат. Канча иштесең, ошончо аласың** деген сүйлөмдөрдөгү ат атоочтор бир заттын сапатын (кандай — ошондой), сандык белгилерин (канча — ошончо) жана өзүн экинчи бир заттагы өзүнө туура келген сапаттык, сандык жана нерселик мамилелердин — окшоштуктардын негизинде көрсөтүп турушат. Же болбосо айталык: **Биринчи күнү чөп чабышка 35 киши жиберилген. Бүгүн да ошол кишилердин баары жиберилди** дегенде, биринчи сүйлөмдө сан атооч — 35 кишилердин жалпы санына тиешеси — мамилеси болбостон, заттын санын жөн эле атап көрсөтсө, экинчи сүйлөмдөгү «баары» деген жалпылама ат атооч жиберилген кишилердин санынын жалпы суммага карата болгон мамилесин көрсөтөт. Ушентип, жогорудагы пикирлерди жыйынтыктап келгенде заттуу же анын белгилерин атабай туруп, аны жалпы мааниде көрсөтүүчү сөздөр ат атооч деп аталат деп аныктама берүүгө туура келет.

Ат атоочтун маанисинин мындай жалпылыгы аларды башка сөз түкүрмдөрүнөн айырмалап турган эң негизги өзгөчөлүгүнүн бири болуп эсептелет.

Ат атооч өзүнчө турганда бардык эле нерселерге колдонула берет. Ошондукган анын колдонулуу сферасы да кең. Алэми сүйлөм же болбосо бири-бири менен байланышкан речь тизмегинде болсо колдонулуу сферасы тарыйт, өзүнчө турган-дагы жалпы маанисинин ордуна тигил же бул мамилелердин негизинде белгилүү затты же болбосо анын сандык жана сапаттык белгилерин көрсөтөт.

Ат атоочтун абстрактуу жана жалпы мааниси речь тизмегинде конкреттешет, ачылат, эмненин ордуна колдонулгандыгы — эмнени көрсөткөндүгү түшүнүктүү болот.

Ат атоочтун жалпы маанисин конкреттештирүүчү, чечүүчү каражат болуп сүйлөмдүн же речтин контекстиси, речте катышуучулардын өз ара мамилеси эсептелет. Мындай каражаттарсыз ат атоочтун конкреттүү мааниси ачылбай калат.

Ат атоочтордун маанисинин жалпылыгын көрсөтүүгө өтө эле мүнөздүү болгон мисалды жактама ат атоочтордон да көрүүгө болот. Т. Сыдыкбековдун «Биздин замандын кишилери» атуу романынан төмөнкүдөй диалогдук речти келтирели:

— Эже?— деген үн чыккан.

Дылдыраган Какылдак чочуп кетип көзүн ачкан.

— Ким, сен?!

— Мен, эже! Эшигиңизди ачыңыз!

— **Мендин** аты жокпу?!

[1] Ленинский сборник, том XII, 222-бет.

[2] Караңыз: А. Н. Гвоздев. Местоимение. Уч. зап. Куйбышевского пед. ин-та, вып. XII, 1955, 197—198-беттер.

— Мен — Чегирткемин... (1952, 248-бет).

же болбосо: Кыз таанып турса да сактанды.

— Жүргөндөр **ким?**

— Биз.

— **Биздин** аты жокпу?

— Биз, сен үчүн келген кишилер («Тоо арасы» 1, 101-бет).

Жактама ат атоочтор бул диалогдордо «мен», «биз» сүйлөөчү жакты көрсөткөнү менен, тыңдоочу үчүн булардын конкреттүү кимди көрсөткөндүгү жетишсиз экендиги көрүнүп турат. Ошондуктан акыркы сүйлөмдө **«мен»** жана **«биз»** дин маанисин конкреттөө үчүн ат атоочтор менен бирге, түшүндүрмө сөз катарында кишинин аты — Чегиртке да колдонулган. Ат атоочтун жалпы мааниси жогоркудай өзү катышкан сүйлөм аркылуу эле конкреттеле бербестен, андан мурунку сүйлөмдөгү сөз боюнча да аныкталат, жана ат атоочтун абстрактуу жалпы маанисин конкреттөөдө көбүнчө ушул жол колдонулат: **Быйылкы жылы Кыргызстанда кыш өтө эле жеңил болду. Кары адамдардын айтууна караганда, мындай кыш Кыргызстанда көптөн бери болбогон** деген сүйлөмдөгү **«мындай»** деген ат атооч өз алдынча турганда кандай маанide колдонулгандыгы белгисиз болор эле. Мунун конкреттүү мааниси алдыңкы сүйлөмдөгү **«өтө эле жеңил»** деген сөз аркылуу аныкталып турат.)

Ат атоочтук жалпы маанинин сүйлөмдө конкреттелишине байланыштуу айта кете турган кызыктуу маселелердин бири бу конкреттүү маанинин туруксуздугу, ар түрдүүлүгү. Демек, конкреттүү маанилер абстрактуу жалпы маанинин—бүтүндүн бөлүкчөсү экендиги жана, тескерисинче, жалпы маанинин айрым бөлүкчөлөрдөн — конкреттүү маанилерден турардыгы.

В. И. Ленин коомдук кубулуштарда, жана кала берсе, ар кандай сүйлөмдөн да диалектиканын бардык элементтеринин башталышын ачууга мүмкүн(жана тийиш) экендигин көрсөткөн сыяктуу, ат атоочтун абстрактуу жалпы мааниси менен конкреттүү маанисинин ортосунда да диалектиканын жалпы элементтеринин бардыгы же болбосо, жок дегенде, экөө бири-бири менен белгилүү өлчөмдө салыштырмалуулугу көрүнөт. Айтылган тезис түшүнүктүү болсун үчүн тилдик фактыларга кайрылалы. Ат атоочтун маани жагынан экинчи бир өзгөчөлүгү болуп сүйлөм же болбосо речь тизмегинде билгизген конкреттүү маанисинин туруксуздугу эсептелет. Маанисинин туруксуздугу боюнча ат атоочтор зат атооч, сын атооч жана сан атоочторго карама каршы коюлат. Саналып көрсөтүлгөн атоочтордун билгизген мааниси туруктуу, анткени алар өздөрү билгизген заттык, сапаттык жана сандык түшүнүктөрдүн

аттары болуп эсептелишет; экинчиден, атоочтордун бул группасынын мааниси контекстисиз эле аныкталат. Ошондуктан булардын маанисинин контекст аркылуу ачылуунун зарылдыгы жок. Ал эми ат атооч болсо затты жана алардын белгилерин атабайт, а көрсөтөт жана дагы, анын конкреттүү мааниси сүйлөмдүн контексти аркылуу гана аныкталат.(Бирок ат атоочтун конкреттүү мааниси туруксуз, бир эле ат атооч сүйлөмдөгү атоочтор менен байланыштуулугуна карата ар түрдүү мааниде чексиз колдонула бериши мүмкүн, бирок бардык учурда жалпы мааниси сакталат, өзгөртүлбөйт.[1] Ким жөнүндө сөз болуп жаткандыгына карата сүйлөөчү конкреттүү заттардын ордуна ат атоочторду колдонот. Мисалы, диалогго катышкандардын ар бири өзүнүн тыңдоочусун «сен», өзүн «мен» деген ат атоочтор менен көрсөтөт. Ушентип, бул ат атоочтор сүйлөөчү же болбосо тыңдоочу катарында эсептелинүүчү жалпы эле ар түрдүү конкреттүү адамдарды билдире бериши мүмкүн. Сүйлөөчү жак Керим болсо да «мен», Алым болсо да «мен», тыңдоочу Асан болсо да «сен», Үсөн болсо да «сен» болуп конкреттүү заттарды билгизгендеги мааниси өзгөрүп чексиз колдонулганы менен, булардын жалпы мааниси — «мен» дайыма сүйлөөчү жакты, «сен» дайыма тыңдоочу жакты билгизгендиги эч өзгөрбөйт, дайыма сакталат.)

Ат атоочтун жалпы мааниси менен туруксуз конкреттүү маанисинин ортосундагы диалектикалык салыштырмалуулукту кароодо маселенин башталыш жери катарында В. И. Лениндин жалпы менен айрым (нерсе) жөнүндө төмөнкүдөй деп айкандарын эске келтиргенибиз ылайык: ...листья дерева зелены; Иван есть человек; Жучка есть собака и т. п. Уже здесь ...есть диалектика: отдельное есть общее. ...Общее существует лишь в отдельном, через отдельное. Всякое отдельное есть (так или иначе) общее. Всякое общее есть (частичка или сторона или сущность) отдельного.[2].

(Ат атоочтун абстрактуу жалпы мааниси тигил же бул мамилеге негизделген ар түрдүү конкреттүү мамилелерден турат. Ар кандай конкреттүү мамилелердин жыйындысы жалпы маанини түзөт, жалпы мааниде ар бир конкреттүү маанинин үлүшү бар. Конкреттүү маани жалпы мааниден обочолонуп өзүнчө жалгыз болбойт (берилбейт), ар кандай конкреттүү маани жалпы маанилердин бөлүкчөсү.)

Ат атоочтун жалпы мааниси менен конкреттүү маанисинин диалектүүлүгү эмнеде? Эгерде речтик контексте белгиленүүчү конкреттүү маанини айрым, бөлөк (отдельное) деп, затты жана белгилерди жалпы көрсөтүүчү лексикалык маанисин жал-

---

[1] Карацыз: А. Н. Гвоздев. Аталган эмгек, 199—200-беттер.

[2] Ленинский сборник, том XII, 324—325-беттер.

пы деп эсептесек, ат атоочтордо да диалектикага мүнөздүү болгон жалпы менен жекенин бирдиктүүлүгү байкалат. Бирок кээ бир сөздөр билдирген жалпы менен жекенин байланышына караганда ат атоочтун жалпы мааниси менен конкреттүү (жеке) маанисинин байланышы ат атоочтун лексикалык маанисине (заттын же анын белгилеринин атын атабагандыгына) байланыштуу башкачараак болот. Мисалы: «Жучка есть собака. Иван есть человек» (Ленин) деген сүйлөмдөгү сөздөр жеке менен жалпынын байланышын, демек, ушунун өзүндө эле диалектиканын бардыгын көрсөтөт. Жучка — жалгыз ит, айрым түшүнүктү билдирет, бирок ошону менен бирге ал — (жалпы эле) ит. Иван — айрым, жалгыз индивидум, ошону менен бирге ал — (жалпы эле) киши. Мында Жучка, Иван конкреттүү зат катарында жеке (отдельное) болсо, ит менен киши экендиги жөнүндө жалпы (общее), анткени булар тиги конкреттүү заттар кире турган топту — жалпы түшүнүктү билдиришет. Ушентип, Жучка жана Иван, бир жагынан, конкреттүү затты көрсөтүшүп жеке, жалгыз (отдельное) болсо, экинчи жагынан, ушул эле сөздөрдүн өзү жалпы: Жучка өзү кире турган аттардын-иттердин тобун, Иван — кишини билдирет.

Демек, зат атооч заттын, кубулуштун аттарын билгизгендиктен, бир эле заттын — сөздүн өзү, бир жагынан, жеке болсо, экинчи жагынан, ошол эле сөздүн өзү жалпы: зат атоочтордо жеке менен жалпы башкалардын жардамысыз эле бири-бири менен тике байланышкан болот.

Ал эми ат атоочтордо болсо зат атоочтун өзүнөн тике чыгуучу жеке, конкреттүүлүк ат атоочтун өзүнөн тике келип чыкпайт. Анткени ат атоочтордун мааниси жалпы. Булардын конкреттүү мааниси контексттен гана аныкталат. Ошондуктан ат атоочтордо жеке менен жалпы зат атоочтордукундай тике эмес, контекстте аныкталуучу конкреттүү маани аркылуу (опосредственно) байланышат.

Бул айтылгандардан чыгуучу экинчи бир зарыл корутунду — бул ат атооч абстракциянын продуктусу экендиги. Грамматиканын жалпы закону боюнча ар кандай ат атооч да айрым, конкреттүү заттардан, белгилерден абстракцияланып алынган. «Грамматиканын айрыкча белгиси мына мында: ...сөздөрдө да, сүйлөмдөрдө да жеке жана конкреттүү нерсени абстракциялай отуруп, грамматика сөздөрдүн өзгөрүштөрүнүн жана сүйлөмдөгү сөздөрдүн айкалыштарынын негизинде турган жалпы нерсени алат да, андан грамматикалык эрежелерди, грамматикалык закондорду түзөт».[1] «Мен» деген жакта ат атоочтун конкреттүү мааниси сүйлөм тизмегинде Асан да, Абыл да, Эшмат да, Ташмат да болору жогоруда айтылды. Бул саналган энчилүү аттардын ар бири конкреттүү индивидум. Булардын ар бири сүйлөөчү жак катарында колдонулганда «мен» болот. »Мен» болгондо эске жогорку аталган конкреттүү энчилүү аттар эмес, ар кандай жеке индивидумдардан абстракцияланып алынган жалпы маани — сүйлөөчү эске алынат. Мындай жалпы маанинин негизинде **сүйлөөчү** ар бир киши тилде «мен» деген сөз менен берилет да, андан **(жалпы мааниден)** жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү — «мен» сүйлөөчү жакты билдирет деген грамматикалык эреже келип чыгат. Ушентип, ар бир ат атоочтун мааниси жалпы жана ал жеке, конкреттүү нерселерден абстракцияланып алынган. Мында абстракциялашуу башка сөз түркүмүнө (зат атоочко) караганда алда канча терең. Ат атоочтун абстрактуулугу жана жалпылыгы анын маанисиндеги орчундуу өзгөчөлүктөрүнөн болуп эсептелет.

Түрк жана башка системадагы кээ бир тилдерде грамматикалык айрым категориялар үчүн ат атоочтук формалардын колдонула тургандыгы белгилүү. Мисалы, кыймыл — аракеттин субъектиге карата болгон мамилесин билдирүү үчүн жак мүчөнүн жана аныктооч менен аныкталгычтын байланышын билдирүү үчүн таандык мүчөлөр колдонулат. Ал мүчөлөрдүн ат атоочтордон келип чыккандыгы болсо жалпыга белгилүү. Ат атоочтун тиги же бул жөндөмөдө тургандагы кээ бир сенек формалары башка сөз туркумдөрүнө, мисалы, тактоочко да өтүп кетишкен. Ат атоочтун мындай мүчөгө айланып, грамматикалык каражат катарында колдонулушу жана алардын башка сөз түркүмдөрүнө өтүп кетиши тилдин грамматикалык түзүлүшүнүн өнүгүшү жана сөздүк составдын толукталышы менен байланыштуу.

Ат атоочтордун башка сөз түркүмдөрүнөн айырмаланып көрсөтүлүүчү грамматикалык белгиси жок жана алар баарына бирдей болгон формалдык жалпы бир белги боюнча сөз түркүмү катарында бир группага да бириге албайт. Алар башкалардан негизинен жогоркудай мааниси боюнча айрылат. Бирок ошенткени менен, ат атоочтордун кээ бирөөлөрү бири-бири менен сырткы түрү жагынан окшош: **мен, сен; биз, сиз; бу(л), ошо(л), тиги(л), ушу(л), ал; канча, нече; кайсы?, кайда?; кана? ана, мына** ж. б. Болгондо, бул алардын структуралык элементтеринин жалпылыгы жана тектештиги менен байланыштуу болуу керек. Ат атоочтордун морфологиялык өзгөчөлүгү катарында жөндөлгөндө алардын уңгусунун өзгөрөрдүгүн гана эсептөөгө болот. Ат атооч башка сөз түркүмүнөн жасалбайт.

---

[1] И. В. Сталин. Марксизм жана тил илиминин маселелери, Фрунзе, 1950, 26-бет.

Кыргыз тилиндеги ат атоочтор синтаксистик аткарган кызматы жана мааниси боюнча башка сөз түркүмдөрү менен салыштырмалуу. Бул белгилер боюнча ат атоочторду негизинен төмөнкүчө бөлүштүрүүгө болот:

1. Зат атооч менен салыштырмалуу ат атоочтор. Бул группага кирген ат атоочтор заттарды же болсо заттанган түшүнүктөрдү көрсөтөт. Сүйлөмдө зат атооч сыяктуу ээ жана толуктоочтук милдет аткарат да, ким? эмне? деген суроого жооп берет. Мисалы: **мен, сен, ал, биз, сиз, ар ким, ар нерсе, өз (өзүм, өзүң), ким, эмне, эчким, эч нерсе, кимдир бирөө** ж. б. Бул ат атоочтор жогорку белгилери боюнча гана зат атоочторго жакындаганы менен, зат атоочко мүнөздүү болгон башка белгилер боюнча андан кескин айрылат. Зат атооч экинчи бир зат атоочтон мурда келген учурда анын мааниси экинчисине кандайдыр бир белги сыяктуу сезилгендиктен, ал аныктоочтук милдет аткарат. Ал эми ат атооч сүйлөөчүгө карата болгон мамилеге негизделген маанини билгизгендиктен, мындай позицияда башка зат үчүн ал белги—аныктооч боло албайт. Ушентип, биринчисинде экөө лексикалык мааниси боюнча өз ара бири-бири менен салыштырмалуу болсо, экинчи учурда — ат атооч менен зат атооч өз ара салыштырмалуу эмес. Демек, салыштырмалуу эмес сөздөрдүн ортосунда аныктоочтук айкашуу да болууга мүмкүн эмес.

2. Сын жана сан атооч менен салыштырмалуу ат атоочтор: **бүткүл, бардык, ар бир, кээ бир; кайсы бир, кайсы, кандай, бул, тигил, ошол; канча, нече** ж. б. Бул ат атоочтор синтаксистик жагынан, негизинен, сын жана сан атооч сыяктуу аныктоочтук милдет аткарышат жана кайсы? деген суроого жооп беришет. Эгерде сын атооч сын сыпат бышыктоочтук милдет аткарса, жогоруда саналган ат атоочтор андай кызматты аткара албайт. Мисалы, жакшы окуучу **жакшы** окуйт деп, кийинки «жакшыны» бышыктооч кылып айтууга мүмкүн. Бирок аныктооч болуучу (ар бир киши) ат атоочтордун сын атооч сыяктуу бышыктооч болуп колдонулушу дайыма мүмкүн эмес. Сан атооч менен салыштырмалуу ат атоочтордун алардан айырмасы — сан атооч атоочтун гана эмес, кээде этиштин белгиси катарында да колдонула алат. Мисалы: **Беш киши беш атты. Канча сүйлөйсүң?**

3. Субстантивдик ат атоочтор: **баары, бардыгы** ж. б. Булар мааниси жагынан сандык идеяга ээ. Ошондуктан аны ат атоочтун жогорку көрсөтүлгөн экинчи тобуна кошууга болор эле, бирок сандык идея менен заттык түшүнүктү жалпылап көрсөткөндүктөн бул топко кошулуп отурат. Тарыхый жагынан, болгондо, ат атооч «баары» үчүнчү жактын таандык мүчөсү (**-ы**) жалганган сөз болуу керек. Анткени, биринчиден, илик жөндөмөсүндөгү аныктооч менен айкашканда өзү аныкталгыч, **-ы** болсо өз алдынчалыгын жойгон, уңгуга жалганган мүчө катарында кабыл алынат. Мисалы: **элдин баары** ж. б. Экинчиден, кээ бир ат атоочторго үчүнчү жактын таандык мүчөсү кабатталып жалганган сыяктуу (**ким+и, кими+си**) буга да таандык мүчө кабатталып жалганат: **баары, баарысы.**

Эң акырында ат атоочтун чыгышы жөнүндөгү маселелерге токтоло кетүүбүз керек. Европа окумуштууларынын кээ бирөөлөрү (мисалы, Гумбольдт, Фик ж. б.) чындыктын жана таануунун башталган жери «Мен» деп эсептөөчү идеалисттик философиянын жоболоруна таянышып, ат атооч башка сөз түркүмдөрүнө караганда эң биринчи чыккан, калган атоочтор ушул ат атоочтордон келип чыккан деген натура корутундуга келишкен.

Ат атоочтун чыгышы жөнүндөгү маселе Н. Я. Маррдын эмгектеринде да каралган. Анын концепциясында ат атоочтун лексико-грамматикалык маселелери четке кагылып, ага тийиштүү даражада көңүл бурулган эмес. Ат атоочтун чыгышын ал менчик жөнүндөгү түшүнүк менен[1] байланыштырып, сөз түркүмдөрүнүн тарыхы яфет тилдеринен ачык байкалат. Башка сөз түркүмдөрүнөн эң мурун ат атооч чыккан. Алгачкы учурда ат атоочтун ордуна тотем колдонулган. Тотемдин ордуна кийинчерээк ат атооч келген[2] деп караган.

Индоевропа, түрк, угро-фин жана семит тилдеринин топтору[3] «яфет тилдеринин өнүгүшүнүн кийинки баскычы»[4], б. а. яфет тилдери башкалар үчүн тилдик негиз катарында эсептелинген. Марр анын (яфет тилдеринин) негизинде ат атоочтун чыгышы жана өнүгүшү жөнүндө жалпы теорияны түзүүгө аракеттенген. Н. Я. Маррдын ат атоочтун чыгышы боюнча жиберген негизги катасы, биринчиден, ат атоочтун өнүгүшүн менчик (собственность) менен байланыштуу карагандыгында жана, экинчиден, ат атоочту зат атоочтон мурун келип чыккан дегендигинде турат. Н. Я. Маррдын кийинки бул корутундусу батыш окумуштууларынын жогорку айтылган пикири менен үндөшүп турган сыяктанат. Ат атоочту «менчик атоочтор» деп атап, анын чыгышын менчиктин (болгондо да «тотемдик!») өнүгүшү жөнүндөгү пикир менен байланыштыруу

---

1 Н. Я. Марр. Избранные работы, II том, 1936, 102-бет.
2 Н. Я. Марр. Избранные работы, I том, 1936, 296-бет.
3 Караңыз: Против булгаризации и извращения марксизма в языкознании, сборник статей, М., 1951, 81—бет.
4 Н. Я. Марр. Ибранные работы, том V, 86-бет.

илимий жагынан негизсиз. Затты же болбосо анын белгилерин көрсөтүүчү ат атоочтор менен менчиктин эмне байланышы болсун?!

Н. Я. Маррдын ат атоочтун эң биринчилиги яфет тилдеринен ачык көрүнөт деп, чыгышы жагынан ат атоочту зат атоочтон мурун койгону да туура эмес. Ат атоочту зат атоочтон мурун чыккан дегендин натууралыгы мындан башка дагы төмөнкүдөй фактылар менен ырасталышы мүмкүн:

1) зат атооч заттын, кубулуштардын атын билгизсе, ат атооч зат атоочтордун ордуна колдонулат, аларды көрсөтөт. Ат атоочтордун конкреттүү мааниси—эмнени көрсөткөндүгү сүйлөмдүн контекстинен аныкталат. Демек, ат атооч өзү контекстиге, анын ичинде, зат атоочко көз каранды;

2) ат атоочтун алгачкы эместиги жаш баланын тилинин чыгышынан байкалат. Жаш баланын речинин өнүгүшү адегенде өзүнө жакын турган **апа, ата** сыяктуу кенкреттүү зат-тарды атоодон башталат; грамматикалык жагынан ырааттуу болбосо да, кийин ага жеңил-желпи этиштерди кошуп сүйлөй баштайт. Мындан кийин гана анын речине ат атооч кошулат. Жаш баланын речинин мындай болуп өнүгүшү да түшүнүктүү, анткени анын ойлоосу акырындап жалпы закон боюнча жөнөкөйдөн татаалга, конкреттүүдөн абстракттуу нерселерди түшүнүүгө жетишет. Ат атоочтун маанисинин жалпылыгы жана абстрактуулугу жаш баланын речинин өнүгүшүн ат атоочтон баштоого жол бербейт. Ошондуктан ат атооч күндөлүк турмушунда эң керектүү жана конкреттүү материалдык маанидеги зат атоочтордон кийин чыккан болуу керек. Бирок муну менен бирге, тарыхый жагынан нерсе менен байланышып, азыркы кезде ат атоочтук мааниде колдонулуучу кээ бир сөздөр зат атооч менен мезгилдеш болушу да мүмкүн.

Түрк тилдериндеги ат атоочтордун чыгышы жөнүндөгү маселе илимий жагынан тийиштүү даражада иштеле элек. Советтик тюркологиялык адабияттарда ат атоочтун кээ бир түрлөрү, мисалы, өздүк ат атооч чыгышы жагынан нерселик (предметное значение) маанидеги сөз менен байланыша тургандыгы белгилүү жана аны кээ бир тилдердин материалы боюнча далилденген деп эсептөөгө болот. Кээ бирөөлөрү тарыхый жагынан тигил же бул сөз менен болжолдоолор аркылуу гана байланыштырылышы мүмкүн, бирок алар илимде аныктала элек. Үчүнчү бирөөлөрү морфологиялык жагынан уңгу жана мүчөгө ажыратылганы менен, уңгулук бөлүгүнүн мааниси ачык эмес. Кыскасын айтканда, ат атоочтордун көбүнүн этимологиясы белгисиз. Бул айтылгандар менен бирге, түрк тилдериндеги ат атоочтун кээ бирөөлөрү монгол жана тунгус тилдеринен учурай тургандыгын, демек, алар түрк жана монгол-тунгус тилдери үчүн да жалпы экендигин белгилеп кетүүбүз керек. Ат атоочтун баарын эле тарыхый жагынан нерселик маанидеги конкреттүү сөздөрдөн чыккан деп эсептөөгө болбойт; алардын кээ бирөөлөрү атайын ат атоочтук мааниси менен лексикалык составдан бөлүнүп чыккан да сөздөр болушу мүмкүн. Демек, кээ бир атоочтордун маанилүү бүтүн сөздөр менен байланышы алардын чыгышы үчүн бир гана жол болууга мүмкүн эмес.[1]

АТ АТООЧТУН БАШКА СӨЗ ТОПТОРУНА ӨТҮП КЕТИШИ

Ат атооч тарыхый өсүш процессинде лексикалык мааниси менен бирге, башка өтмө мааниде да колдонулган учурларын кездештиребиз. Бул болсо аны башка сөз түркүмдөрүнө өтүп кетүүгө алып келген. Ат атоочтун башка сөз түркүмдөрүнө өтүп кетиши аффиксация, сөздөрдүн синтаксистик өз ара айкашуулары, баштапкы толук маанинин жоголушу сыяктуу факторлор менен шартталган.

Тилдин сөздүк составы мүчөлөнүү же болбосо айкашуу жолу менен жаңы сөздөрдүн жасалышы аркылуу гана байыбастан, сөздөрдүн жаңы мааниде колдонулушу, маанинин дифференцияланышы аркылуу да толукталып турат. Негизги сөздүк фондунун башка единицалары сыяктуу, жаңы сөздөрдүн жасалышында ат атоочтор да белгилүү ролду ойногон. Мунун кээ бир формалары тактоочтордун жасалышы үчүн база катарында кызмат кылса, кээ бирөөлөрү жандоочтор жана байламта сыяктуу жардамчы сөздөргө айланган. Бирок ат атоочтук уңгу туунду формалары үчүн лексико-семантикалык жагынан негиз (**жылт, жылт + ылда, жылт + ылда + к** ж. б.) боло албастан, грамматикалык (морфологиялык) жагынан гана негиз боло алган. Анткени туунду формаларынын мааниси уңгусу билгизген мааниден бир топ алыстаган. Кээ бирөөлөрүн мааниси жагынан уңгусу менен жакындатууга эч болбойт.

Ат атоочтун башка сөз түркүмдөрүнө өтүп кеткендеринин ар бирин өзүнчө карайлы.

1. Ат атоочтук тактооч[2]

Башка түрк тилдериндегидей, кыргыз тилинде да орун тактоочтор негизинен шилтеме ат атоочтордон жасалган.

---

1. Ат атоочтордун чыгышы жөнүндөгү маселе бул бөлүмдүн милдетине кирбегендиктен, бул жерде алар жалпы гана айтылды. Табылган материалга жараша кээ бирөөлөрүнө төмөндө, өз ордунда, конкреттүү токтолобуз

2 Бул жөнүндө А. Искаковдун «Наречие в современном казахском языке (Алма-Ата, 1950), С. Давлетовдун «Наречие в киргизском языке» (Автореферат, Фрунзе, 1956..) деген эмгегин да караңыз.

160553
ЦЕНТРАЛЬНАЯ НАУЧНАЯ
БИБЛИОТЕКА
А. Н. Киргизской ССР

Орун тактоочтор ат атоочтордун башка түрлөрүнөн жасалбай шилтеме ат атоочтордон болору түшүнүктүү. Анткени мейкиндик жана мезгилдик маани шилтеме ат атоочтордун уңгусунун лексикалык маанисинин өзүндө эле башта болгондуктан жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүндө алардын орунду билдирип калышы толук ыктымал.

Бул ат атоочтордун тактоочтук кээ бир формалары сүйлөмдүн контекстине карата орунду жана мезгилди да билдирет. Мисалы: Силер жөнөй бергиле. Мен **мында** эки-үч күн болуп, анан артыңардан барам (орун бышыктооч). Сен **ошондо**[1] барып тура тур (орун бышыктооч). **Ошондо** менин кичинекей бала чагым эле (мезгил бышыктооч). Апа, **ушунда** коносуңбу же мени менен кетесиңби? (орун бышыктооч). Барып келдим, **анда** да жок (орун бышыктооч). **Анда** Ташым жок болучу ж. б. (мезгил бышыктооч).

Кээ бир түрк тилдеринде ат атоочтук орун тактоочтор кээ бир жөндөмөлөрдүн сенек формасы аркылуу мезгилдик маанини билдирип калган учурлары кездешет. Мисалы, турцияча «орадан» (первоначально «оттуда») означает затем, потом. **орадан калкып һанесине келир**—потом он снимается с места идет к себе домой. **Орадан ону тантыуорум**—с тех пор я его знаю[2]. Орун тактоочтордун мүчөсүз туруп мындай мезгил тактоочтук мааниде да колдонулушу кыргыз тилинде жогорудагы айтылгандар (**ошондо, анда**) менен бирге кош сөз аркылуу жасалган түрүнөн кезигет: **Анда-санда** бактар турат. **Анда-санда** келе коет. Анда-мында мал жайылгансыйт. **Андан-мындан** алабыз. Проф. К. К. Юдахиндин сөздүгүндө[3] «ал» деген ат атоочтун чыгыш жөндөмөсүндөгү формасынын орун тактоочтук мааниси (оттуда) менен катар, үчүнчү мааниси «затем, после того» деп мезгилдик мааниде да берилген. Бирок тилекке каршы, фразеологиялык мисалдар берилбеген. Натыйжада **андан** деген сөз өзүнчө туруп эле мезгилдик мааниде колдонула тургандыгын же болбосо мындай маани «кийин, соң, ары» деген жандоочтор менен айкашканда бериле тургандыгы эске алынгандыгын билүү кыйын. Кээ бир жөндөмөлөрдө турган ат атоочтор субстантивдешүү процесси аркылуу да тактоочко өтүшү мүмкүн. Анткени **бул үйдө, ошол убакта** дегендин ордуна **мында, ошондо** болуп сын сыяктуу аныктагычтары түшүп, ат атооч алардын ордуна колдонулат.

Шилтеме ат атоочтордун орун көрсөтүү маанидегисине

---

[1] В. В. Радлов өзүнүн «Сөздүгүндө» ошанда (кырг. ошондо) деген сөздү ош+анда деген составдык бөлүктөргө бөлүп берген, вып. IV, 1150-столбик.

[2] Н. К. Дмитриев. Наречия места в турецком языке. Сб. Памяти академика Льва Владимировича Щербы, М., 1951, 162—163-беттер.

[3] К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь, 36-бет.

мына, ана, тигине деген сөздөр колдонулат. Бул сөздөр «-бул, ал, тиги» деген ат атоочтордон келип чыккан. Бирок берилүүчү суроосунун формасына **(кана?)**[1] ылайык «**мына, ана, тигине**» болуп колдонулат. Башкача айтканда, орун тактоочтордун башка түрлөрү (**кайда?**—жатыш жөндөмө; **мында**—жатыш жөндөмө ж. б) сыяктуу, берилген суроосунун формасы менен биримдикти түзөт, форма жагынан аны ээрчийт. «**Кана?, мына, ана, тигине**» деген сөздөрдүн уңгусу белгилүү болгону менен, булардын кандай формада тургандыгы же болбосо кандай мүчө экендиги азырынча белгисиз. Бирок кээ бир фактыларга караганда «**кана?**», менен «**кайда?**» генетикалык жагынан байланыштуу болууга керек. Мындай болжолдоого түрк менен монгол тилдеринин ортосундагы «н» менен «й» тыбыштарынын алмашылып колдонула тургандыгы мүмкүндүк берет.[2]

Кана? жана **кайда?** деген суроолор орунга карата берилгенли менен, буларга жооп болуп түшкөн сөздөрдүн орунду көрсөткөндүгү боюнча айырмасы бар. **Мына, ана, тигине** деген сөздөрдө орун менен бирге затты көрсөтүүнүн оттенкасы да бар. Ал эми **мында, анда** дегендерде болсо орунду билдирүү гана мааниси болуп, затты көрсөткөндүктүн мааниси жок. Экинчи бир айырма—**мында, анда** деген тактоочтор этиш менен айкашса, **мына, ана** деген сөздөр кыргыз тилинде этиш менен да, зат атооч менен да эч убакта айкашпайт. Булар «**кана?**» деген сурооо өз алдынча жооп болуп гана колдонулат. Ошондуктан жогоркудай өзгөчөлүктөрүнө карап аларды ат атооч менен тактоочтун ортосундагы өтмө категория деп болжолдоого туура келет.

Ана, мына деген сөздөр сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (таандык мүчөдөн башкасы) менен өзгөрбөйт. Бирок аларга **-ла** жана **-кей** мүчөлөрүнүн жалганышы мүмкүн. Мисалы:

Канакей?, мынакей же болбосо **мынала**—говорить мына—мына (К. К. Юдахинден).

Ат атоочтор мейкиндик жөндөмөлөрдүн сенек формасы аркылуу гана эмес, кээ бир зат атоочтордун алдында аныктоочтук милдетти аткарып аны менен айкашуу аркылуу, редупликация боюнча да тактоочко өтүп кетишкен. Мисалы: **Капкайда** бардым. **Капкачан** эле келген (**мурунтан, көптөн бери, бая эле, өтө алыс** деген мааниде); **өгүнү** (<**күндөрдүн о күнү**), **бүгүн** (<бу күн), **быйыл** (<бу жыл), **ал түндө** ж. б.

Качан,? кандай? деген сурама ат атооч «**бол-**», «**эт-**» деген жардамчы этиштер менен айкашуу аркылуу да тактооч жаса-

---

[1] Бурят-монголчо да **хаана** (где?). Караңыз:. Г. Д. Санжеев. Грамматика бурят-монгольского языка, М.-Л., 1941, 49-бет.

[2] Бул жөнүндө «Сурама ат атооч» бөлүмүн караңыз.

шат. Мисалы: **Качан да болсо шаарда** жүргөнүңдү көрөм («ар дайым» деген мааниде). **Кандай да болсо** табасың. **Кантип** иштейбиз. **Канткенде да** билүүбүз керек (кандай болсо да деген мааниде).

Качан? кайда? кайдан? канча? нече? деген ат атоочтор ал да, ар (<фарсыча hap) деген сөздөр менен айкашып да тактоочко өтүп кетишкен. Бул сөздөр менен айкашканда ат атоочтордун баштапкы мааниси өзгөрөт да мейкиндик, мезгилдик жана сандык мааниге ээ болушат. Мисалы: **Алда качан жоголгон** (мурун эле деген мааниде). **Алда кайдан көрүнөт** (алыстан деген мааниде). **Алда кайда** келди (алыс деген мааниде). **Алда канча||алда нече** айтылган (бир канча жолу деген мааниде). **Ар качан** жолугам (дайыма деген мааниде). **Ар кайдан** алып келинди (ар жерден деген мааниде). Эли ар **кайда экен** (тигинде-мында деген мааниде) ж. б.

Шилтеме ат атоочтор «эт» деген жардамчы этиштин чакчыл **-ып** формасы менен айкашканда, алардан **антип** (∠ал), **минтип** (<бул), **ошентип** (<ошо) деген да тактоочтор жасалат. Мындагы «эт» деген жардамчы этишти ат атоочтор менен тикеден айкашкан экен деп ойлоого жарабайт. Проф. К. К. Юдахин *анет* деген сөздү аны+эт[1] деп компоненттик составдарга ажыратуусуна караганда, *антип, минтип, ошентип* деген сөздөр тарыхый жагынан *ал, бул, ошо* деген ат атоочтордун табыш жөндөмөсүндө туруп «эт» деген этиштин чакчыл *-ып* формасынын айкашуусунан турган болуу керек: **ан(ы)+(э)т+ип>антип, мун(у)+(э)т+ип>минтип, ошон(у)+(э)т+ип>ошентип.** Мындай формалдык жагынан болгон өзгөрүү, ошону менен бирге, семантикалык өзгөрүүгө да таасирин тийгизбей койгон эмес. Натыйжада табыш жөндөмөсүндөгү ат атоочтор баштапкы объектилик — ат атоочтук маанисин жоготуп, «эт» менен биротоло ширешип, кыймыл-аракеттин ар түрдүү ыгын билдирүүчү тактоочторго айланып кетишкен.

Ат атоочтун жогорку түрлөрүнөн башка, алардын өз ара же болбосо башка сөздөр менен айкашуу аркылуу да тактоочко өтүп кетишине **өзүнөн өзү, өз бетинен, өз алдынча, өз ара** деген мисалдарды да кошууга болот.

Жогоруда келтирилген мисалдардан ат атоочтун башка түрлөрүнө караганда сенек формада жана сөздөрдүн өз ара айкашуусу аркылуу тактоочко өтүшү көбүнчө шилтеме жана сурама ат атоочторго мүнөздүү экендигин байкоого болот. Алардын мындай жөндөмдүүлүгү кокусунан пайда болгон эмес. Болгондо, бул алардын лексикалык маанисинде мейкиндик жана мезгилдик мамилелердин оттеноктору бардыгына

[1] К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь, М., 36-бет.

байланыштуу аналитикалык жана синтетикалык жол аркылуу этиш менен айкашкан учурда тактоочко мүнөздүү болгон кыймыл-аракеттин белгисин билдирип калышына байланыштуу болуу керек.

Ат атоочтордун тактоочко өтүшүндөгү экинчи бир өнүмдүү жол болуп мүчөлөнүү (аффиксация) эсептелет. Ат атоочтордон тактоочтор төмөнкүдөй мүчөлөрдүн жардамы аркылуу жасалат.

1) **-ча** мүчөсүнүн жардамы аркылуу шилтеме ат атоочтордон сан-өлчөмдүк маанидеги тактоочтор жасалат. **-ча** мүчөсү жакгама ат атоочтордун жекелик түрлөрүнө да жеке жалганышы мүмкүн. Мисалы: кантип мынча жаздың? (салыштыр: мынчаны кантип жалгыз өзүң тердиң?). Эмне **мынча** ыйлайсың? Бир күндө **ушунча** басылдыбы? **Канча иштесең, ошончо**[1] аласың. Төө канча болсо, жүк **ошончо.** Эмне **анча** кечиктиң? Ушу **сенче** болбой калсам... ж. б.

Бул келтирилген мисалдардын ичинен «мынча» экинчи негиз катарында иреттик сан атоочтун мүчөсүн **(-ынчы)** кабыл ала алат: мынчанчы. Калгандарына **(ушунча, анча) -ынчы** мүчөсү теориялык жагынан жалгануурга мүмкүн болгону менен, тажрыйбада колдонулбайт. **-ынчы** мүчөсү эсептик маанидеги **орто** деген (салыштыр: ортон<**орто+н**) зат атоочко да жалганат: **ортончу** уулум ж. б. Демек бул факт, **-ынчынын** сейрек түрдө бул маанидеги башка сөз түркүндөрүнө да жалганышы мүмкүн экенин далилдейт.

Бул группага кирген шилтеме ат атоочтордун ичинен **«ал»** менен **-ча** мүчөсүнүн айкалашы сан-өлчөмдүк маани менен бирге, башка да мааниде колдонула тургандыгы байкалат. Мисалы: кечекиге караганда бүгүн саламаттыгым **анча** эмес (жакшы, түзүк эмес деген мааниде ж. б.)

-ча мүчөсү дайыма эле, жогоркудай унгуга жана сөздүн негизине тике жалганбастан, кээде ат атоочко же аны менен айкашкан сөздөрдөгү сөз өзгөртүүчү (таандык, жөндөмө) мүчөлөрдөн кийин да келиши мүмкүн: Мисалы: **менимче** (<**мен—(н)ын+ча**). Мунун мындай составдык элементтерден турардыгын, тектеш башка тилдердин материалдары менен салыштырып билүү кыйын эмес. Салыштыр: казакча[2] **мениңше, биздиңше, сиздиңше** ж. б. Кыргыз тилинде ат атоочтун илик жөндөмөдөгү формасына жалганышы жагынан **-ча** мүчөсү казак тилине караганда анчалык өнүмдүү эмес экендигин кел-

1. В. В. Радловдун «Сөздүгүндө» ошанча (кырг. ошончо)<**ош+анча** деп берилген, вып. IV, 1150-столбик. Буга карап **ушунча**< **уш+анча, мынча**<**бу+анча** деген составдык бөлүктөрдөн турат деп болжолдоого мүмкүн.

2 Казыркы казак тили, Алма-Ата, 1954, 496-бет.

тирилген мисалдардын өзү эле көрсөтүп турат. Кыргыз тилинде **-ча** мүчөсүнүн жөндөмөгө жалганыщы ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрүнөн **(мен)** башка жактама ат атоочтордон кезикпейт. Илик жөндөмөнүн аягындагы **н** тыбышынын кыргыз тилинде **м** ге өтүп кетиши, болгондо, ат атоочтук уңгунун башкы тыбышы **м** менен байланыштуу болуу керек.

-ча мүчөсү аныктама ат атоочтун кээ бир түрлөрүндө да **(өз)** сөз өзгөргүүчү мүчөдөн кийин жалганып, тактоочту жасайт. Мисалы: **өзүнчө (<өз+ын+ча), өз алдынча (<өз алд+ын+ча)** ж. б Үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганган ат атоочко **-ча** жалганганда да **н** тыбышы пайда болот. Зат атооч жөндөлгөндө, кайсы тилдерде**«н»** тыбышы пайда боло турган болсо, мында да ошол тилдерде **«н»** тыбышы пайда болот жана тескерисинче. Башкача айтканда, «н» тыбышынын пайда болуу, болбосу жана анын таралышы жагынан 3-жактын таандык мүчөсү жалганган зат атоочтордун жөндөлүшү менен ушул формадагы ат атооч **өз'гө -ча** мүчөсүнүн жалганган учурундагы закон ченемдүүлүгү бирдей. Салыштыр: кырг. **бала-сы-н-да, өз-ү-н-чө;** өзбекче **бала-сы-да, өз-и-че** ж. б.

-ча мүчөсү окшоштукту билгизүүчү **-дай** (<байыркы түркчө **дег||тег** — сыяктуу, окшош деген маанидеги бүтүн сөз болгон) мүчөсү айкашып турган ат атоочтун туунду формасына да жалганат. Мисалы: **Ушундайча** деп сүйлөштүк. **Ошондойчо** жазылып калыптыр. **Мындайча** айтканда ж. б.

Тактоочтордун жасалышы үчүн экинчи негиз катарында кызмат кылган **-дай** мүчөсү ат атоочтук уңгуга тике жалганбайт, мүчө менен уңгунун ортосунда «н» тыбышы пайда болордугун келтирилген мисалдардан көрүүгө болот. Булардагы **(мындай, ошондой, ушундай, андай) «н»** тыбышын ат атоочко **-дай** мүчөсү жалганганда, уңгунун аягындагы **«л»** тыбышы **«н»** тыбышына өтүп кетти же болбосо **н** ди жөн эле кыстырынды (вставочный) деп да кароого болбойт. Ал шилтеме ат атоочтордун биринчи бөлүгү менен бирге айтылган экинчи бир сөздүн кыскарган формасынын калдыгы болуп эсептелет. Мисалы, азыркы кыргыз тилиндеги **ошондой** деген дин ордуна Махмуд Кашкаринин сөздүгүндө **ош мундаг** (кыл)[1] болуп берилген. Буга карап туруп, бул типтеги калган сөздөрдүн баштапкы архетибин калыбына келтирүүнүн кыйынчылыгы жок:

ош мундаг>ош(м)ундаг>ошондой[2],
уш мундаг>уш(м)ундаг>ушундай,
бу мундаг>бу(му)ндаг>мындай.

[1] Махмуд Кашкарский. Дивани лугат ат түрк., 1-том, 40-бет.
[2] В. В. Радловдун «Сөздүгүндө» **ошандаг** (кырг. ошондой) **ош+андаг** деп берилген, вып. IV, 1150-столбик.

Бул шилтеме ат атоочтор көп маанилүү. Этишке тиешелүү болуп айтылган учурда берилген суроого карата кээде сын-сыпаттан башка, кыймыл-аракеттин багытын да билдирет. Синтаксистик орундарына карата аныктооч, бышыктоочтук (орун, сын-сыпат) милдет аткарышат.

Мисалы: **Андай** Аккула атты көргөнүбүз жок (аныктооч). **Андай** дебе, айланайын. **Анда** менин жаш өмүрүмө зыян келиши мүмкүн (сын-сыпат, мезгил бышыктооч). **Мындай** кишини мурда көргөн эмесмин (аныктооч). Атчан **мындай** бастырды (орун—багыт бышыктооч). Мындан кийин **мындай** сүйлөбөй жүр (сын-сыпат бышыктооч). Ал **ошондой** жигит (аныктооч). **Ошондой** десең (сын-сыпат бышыктооч). **Ошондой** жүрө бергиле (орун-багыт бышыктооч) ж. б.

Шилтеме ат атоочтордун **(ошол** дон башкасы) уңгусуна жатыш жөндөмөнүн мүчөсүнүн тике жалганышы аркылуу мейкиндик маани берсе, мезгилдик маанини алардын **-дай** мүчөсү аркылуу жасалган туунду формаларына жатыш жөндөмөсүнүн мүчөсүнүн жалганышы аркылуу берет. Мисалы: **мында, анда, ушунда; мындайда, ошондойдо, андайда, ушундайда** ж. б.

Шилтеме ат атоочтордун **-дай** мүчөсү аркылуу жасалган туунду формалары кээде заттануу аркылуу толуктоочтук милдет да аткарышат: **Мындайын** биз кайдан билдик **(Юдахинден).**

Ат атоочтун **-дай** формасы менен айкашып турган түрүнөн кээде **-лап** (<**ла+п**) мүчөсүнүн жардамы менен тактооч да жасалат: **мындайлап** айтканда (К. К. Юдахинден).

2) **-ча+лык** мүчөсүнүн жардамы аркылуу шилтеме ат атоочтордон **мынчалык** (<**бу(л)**, **ошончолук** (<**ошо(л)**, **анчалык** (<**ал**), **ушунчалык** (<**ушу(л)**, **тигинчелик** (<**тиги(л)** сыяктуу өлчөмдүк маанидеги тактоочтор жасалат да, сүйлөмдө алар аныктооч жана бышыктоочтук милдет аткарат. Өлчөмдүк маани **бу, ошо, ушу, тиги** жана **ал** деген шилтеме ат атоочторго **-ча** мүчөсүнүн жалганышы аркылуу берилет да, **-ча** мүчөлүү негизге **-лык** мүчөсү жалганганда, мурдагы өлчөмдүк маанинин өзү сакталат. Өлчөмдүк маанини билдирүү жагынан **-ча** менен **-ча+лык** формалары бирдей. Мисалы: **Мынча||мынчалык** малды кайдан таптың? ж. б.

2. Ат атоочтук жандоочтор[1]

Кыргыз тилиндеги ат атоочтордун кээ бирөөлөрү сөз өзгөртүүчү айрым мүчөлөрдүн сенек формасы боюнча баштапкы

[1] Кыргыз тилиндеги жандоочтордун мааниси ж. б. жактарын жазуу бул бөлүмдүн милдетине кирбейт. Ага атайын арналган Ж. Мураталиевдин «Послелоги в киргизском языке» (Фрунзе, 1958-ж.) деген эмгеги бар.

толук маанисинен ажырап, сүйлөмдөгү сөздөрдүн синтаксистик ар түрдүү мамилесин билдирүүчү жардамчы сөздөрдүн—жандоочтор категориясына өтүп кетишкен. Ат атоочтор жандоочторго бирдей жол менен өткөн эмес. Алардын кээ бирөөлөрү жандоочко тикеден тике өтсө, кээ бирөөлөрү башка сөз түркүмдөрү аркылуу (опосредственно) өткөн.

Кыргыз тилинде тек жагынан ат атооч менен байланышкан жандоочторго төмөнкүлөр жатат.

1) **өзгө.** Бул жандооч «өз» деген ат атооч менен барыш жөндөмөсүнүн айкалышынан турат. Түрк тилдеринде **«өз»** тарыхый жагынан **өзөк** (—сердцевина), бир нерсенин негизги (сущность) деген маанини билдирген. Кийин ал абстрактуу маанидеги ат атоочко, андан барыш жөндөмөсү менен өзгөргөн сенек түрү баштагы ат атоочтук маанисин жоготуп, жандоочко айланган. **«Өзгө»** жандоочко тике өтпөстөн ат атооч аркылуу (опосредственно) өткөн.

«Өзгө» жандоочтук мааниде чыгыш жөндөмөсүндөгү атоочтор менен бирге колдонулат да, бүтүндөн, башкалардан бөлүп чыгаруу маанисин билдирет. Кыргыз тилинде **өзгө** нүн жандоочтук мааниде колдонулушу анчалык өнүмдүү эмес. Буга караганда сын атоочтук мааниде колдонулушу басымдуулук кылат. Мисалы: **Андан өзгө** киши алган жок. **Сыныктан өзгөнүн** баары жугуштуу (макал) ж. б.

2) **ары** жана **бери.** Бул жандоочтор көпчүлүк изилдөөчүлөр тарабынан чыгышы жагынан **«ал»** жана **«бул»** деген ат атоочтор менен байланыштырылат. Мунун составындагы **-ры**—байыркы убактагы багытты билдирүүчү барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү. Азыркы убакта **-ры** мүчөсү ат атоочтон жасалган **«ары» жана «бери»** деген сөздөрдө гана сакталган. Байыркы түрк тилдеринде **-ры‖-ра** мүчөсү **ары, бери** ге гана эмес, **«аст», «ич»** деген мейкиндик маанисиндеги зат атоочторго да жалганган. Мисалы: **асра** (астында), **ичреки**[1] (ичкери) ж. б.

«Ары» жана «бери» деген сөздөр адегенде тактоочтук формада калыптангандан кийин, алар грамматикалык каражат катарында жөндөмөлөрдөн кийин колдонулушунун натыйжасында баштагы тактооч кезиндеги мейкиндик маанисинин негизинде акырындык менен мейкиндик жана мезгилдик мамилени билдирүүчү жандоочтор группасына өтүп кеткен болушу мүмкүн. Тактооч менен жандооч экөөнүн ортосунда маани жагынан ушундай процесстин болушунун ыктымалдуулугу

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 28 бет (1-2 сап). Оозеки болгон аңгемелешүүдөө проф. К. К. Юдахин **«ары» «бери» а+ры, бе+ри** деген составдык бөлүктөрдөн да турушу мүмкүн деген пикирди айтты. Бул жөнүндө дагы караңыз Ф. Д. Ашнин. Указательные частицы в тюркских языках, Изв. АН СССР, ОЛЯ, том XII, вып. 5, 1948.

түрк тилдеринде мезгилдин мейкиндиктен өнүккөндүгүн, мейкиндиктин мезгилге өткөндүгү[1] менен ырасталышы мүмкүн.

«Ары» жана «бери» деген тарыхый туунду сөздөр өздөрүнүн алгачкы **«ал»** жана **«бул»** деген уңгуларынан өтө эле алыстап кетишкендиктен азыр аларды маани жагынан ат атооч деп эч бир ойлоого мүмкүн эмес. Бул сөздөрдөгү **«а»** жана **«бе»** (<бу») деген биринчи морфемалары гана «ал» жана «бул» деген ат атооч менен байланыштырылат. Бирок ушул кезде деле, «ары» жана «бери» жандооч жана тактооч катарында колдонула берет.

Мисалы: **Ары** отур, (тактооч, сүйлөөчүдөн же бир башка жерден алыстоо — **удаление** от говорящего). Окуя **андан ары** уланат. (Ары—мында жандооч, жогоркудай эле бир нерседен алыстоону билдирет).

«Ары» жана **«бери»**нин мындай эки маанилүүлүгү сүйлөмгө талдоо жүргүзгөн учурда окуучуларыбызга кыйынчылык келтиргендиги байкалат. Мындай кыйынчылыкты жеңилдетүү үчүн төмөнкү принципти эске алуу керек.

Бул өзгөчөлүк ал сөздөрдүн сүйлөм тизмегиндеги аткарган синтаксистик милдетине байланыштуу. Эгерде **«ары»** жана **«бери»** сүйлөмдө белгилүү бир суроого жооп берип, өзүнчө сүйлөм мүчөсү боло алса, андай учурда алар — тактооч[2]. Эгерде сүйлөм мүчөсү боло албай, чыгыш жөндөмөсүндөгү сөздөрдүн соңунан келип, аны менен бирдикте гана сүйлөм мүчөсү болуп турса, анда алар жандооч. Мындай учурда «ары» жана «бери» жандоочтук мааниде чыгыш жөндөмөсүндөгүлөр менен башка сөздөрдүн ортосундагы мейкиндик жана мезгилдик мамилени билдирет да, чыгыш жөндөмөнүн маанисин бул жагынан толуктайт.

Кыргыз тилинде «ары» менен бирге, **нары** формасы да колдонулат. Болгондо, бул **айза—найза, асыбай—насыбай, амаз—намаз, Арын—Нарын** сыяктуу эле **ары** га **«н»** тыбышынын кошулгандагы диалектилик өзгөчөлүк болуу керек. Бирок бул тактоочтон башкаларында (**Арын, айза** ж. б.) **«н»** менен башталганы үндүү менен башталгандарынын толук формасы болуп эсептелет. **Нары** көбүнчө Тянь-Шань областындагы саяк уруусунан кездешет. Мисалы: **нары отур,** тетигинден **нары** отур, тетигинден **нары** бастырсаңыз ж. б.

«Ары, бери» деген сөздөр кээ бир аныктоочтук айкашууларда бир сөз катарында кабыл алынышы мүмкүн: **Ар жакка бар, бер жакка кел.**

[1] Н. К. Дмитриев. Наречия места в турецком языке, сб. «Памяти Л. В. Щербы» 156-бет.

[2] Караңыз: Ж. Мураталиева. Аталган эмгек, 12-бет.

Булар мүчөлөнүү жолу менен сын атооч жана этишке да өтөт. Мисалы: **аркы үй, берки үй; арыла, бериле** ж. б.

Булардын байламталык милдетти аткарып калган учурлары жана кыймыл-аракеттин сын-сыпатын да билдирүү үчүн колдонула тургандыгы байкалат.

Мисалы:

Жол алыс, **ары** күн суук,
Ары жаш, **ары** жетим ж. б.

же болбосо: **Ары** ойлодук, **бери** ойлодук. **Ары** айттык, **бери** айттык. **Арысы** эки күн, **бериси** бир күн. **Ары-бери** кыла салды ж. б.

Ат атоочтун составы жана анын жандоочтук мааниде колдонулушу боюнча түрк тилдери бирдей эмес. Байыркы кезде баарыга жалпы болгон кээ бир сөздөр ар бир тилдин өз алдынча өнүгүшүнө байланыштуу кийин түрдүүчө багыт менен кеткендиги байкалат. Байыркы түрк тилдеринде заттык мааниде **бод** (тело, существо) деген сөз болгон: **бод калмаду**— не осталось (государственного) организма (Тоньюкук 4—сап). Мунун фонетикалык өзгөргөн түрү азыркы түрк тилдеринде да бар (мисалы: кыргызча, алтайча **бой**, шорчо **поз**, хакасча **пос**), бирок булардын колдонулушу бирдей эмес. Кыргыз тилинде **«бой»** зат атооч жана анын сенек формасы—**«боюнча»**, **«бойдон»** жандоочтук мааниде колдонулса, алтай, шор, хакас тилдеринде **бой, поз, пос** муну менен бирге ат атоочтук мааниде да колдонулат. Бирок буларда **«боюнча»** бар болгону менен, **«бойдон»** деген жандооч кезикпейт.

Жандооч «боюнча, «бойдон» үнгусунун конкреттүү материалдык маанисинен аябай абстракцияланган дыктан, аны азыр үнгусунун баштапкы маниси менен эч бир жакындаштырууга мүмкүн эмес. Бул жагынан алганда жандооч **«боюнча», «бойдон»** «бой» деген үнгусунун ат атооч катарында колдонулушуна караганда көбүрөөк абстракцияланган. Салыштыр: **бой** — тело, рост; бой — «сам» менен **боюнча**'ны (<бой) — согласно, по.

3. Ат атоочтук байламталар[1]

Кээ бир ат атоочтор өздөрүнүн кийинки өнүгүшүндө жаңа гана тактоочко эмес, байламталар тобуна да өтүп кетишкен; сөз менен сөздү же болбосо сүйлөм менен сүйлөмдү байланыштыруу үчүн колдонулуп калган. Чыгыш теги жагынан ат атооч менен байланышкан байламталардан төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө болот:

[1] Караңыз: М. Муралиев. Азыркы кыргыз тилиндеги байламталар, Фрунзе, 1959.

1) ат атоочтук себеп байламталар — **анткени, ошондуктан, ошон үчүн, неге десең.**

Булардын ичинен **анткени** морфологиялык составы жагынан **«аны»** (үчүнчү жактын жекелик түрүнүн табыш жөндөмөсүндө турган формасы) жана **«эт»** деген жардамчы этишке **-ган** менен үчүнчү жактын таандык мүчөсүнүн (-ы) жалганганынан турат.

«Ошондуктан» деген байламта да «ошол» деген шилтеме ат атооч жана **-лык+тан** мүчөлөрүнөн турат. **«Андыктан»** деген байламта да ушундай модель менен жасалган, бирок уңгусу гана **ал.**

Ал эми **«ошон үчүн»** болсо «ошо» деген шилтеме ат атоочко жалганган илик жөндөмөсүнүн кыскарган формасы менен «үчүн» деген жандоочтун айкалышынан турат. Мунун мындай кыскарган формадан тургандыгын тектеш башка тилдердин материалы аркылуу билүү кыйын эмес. Салыштыр: татарча **шунуң үчүн** — кырг. **ошон үчүн**. Кыргыз тилинде себеп байламталык маанисинде **ошол үчүн** да колдонулат.

Ушу сыяктуу кубулушту **аның үчүн** (иликтин толук формасы, канцелярдык документтерден кезигет), **ан үчүн** (иликтин кыскарган формасы) айкаштарынан да көрүүгө болот. Кыргыз тилиндеги **«ошон үчүн», «ан үчүн»** деген байламталардын биринчи компоненттери тарыхый жагынан иликтин кыскарган формасы экендиги профессор К. К. Юдахиндин сөздүгүндө **«бу»** деген ат атоочко байланыштуу көрсөтүлгөн мисалдар менен да ырасталышы мүмкүн. Мисалы:

Мунуң үчүн, муну үчүн, мун үчүн.[1] Салыштыр: **ошонуң үчүн, ошону үчүн, ошон үчүн; аның үчүн, аны үчүн, ан үчүн.**

Муну менен, аны менен, ошону менен, тигини менен сыяктуулар да илик жөндөмөнүн кыскарган формасы болуш керек, анткени татар тилинен **шунуң билән** деген айкашты кездештиребиз.

Демек, бул материалдарга караганда, кыргыз тилинде **илик жөндөмөнүн мүчөсү -нын** менен бирге, кээде сейрек түрдө **-ның** формасынын да колдонулгандыгы жөнүндө айтууга туура келет.

Неге десең деген байламта да **не+га** (барыш жөндөмө) жана «де» деген жардамчы этиштин шарттуу формасына экинчи жактын жак мүчөсүнүн жалганышынан турат да, жогорку байламталар менен бирге себепти билдирет;

2) ат атоочтук каршылагыч байламталар—**а, ал эми, ошондо да, ошентсе да, антсе да, анткени менен.** Булардын ичинен **«ал (эми)»** жана **«а»** деген байламталар ат атооч **«ал»** менен

[1] К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь, 101-бет.

байланыштуу, «а» болсо «ал» дын кыскарган формасы. К
гандары да жогоркудай схемада түзүлгөн. Ат атооч менен
жагынан байланыштуу болгон байламталардын бул түрл
сүйлөмдүн биринчи мүчөлөрүн же болбосо сүйлөм ме
сүйлөмдү тутумдаштырат да, маани жагынан аларды б
бирине карама-каршы кылып көрсөтөт. Мисалы:

**Мария да анча эмес, а тигил безилдеген Акия Чаргын б
кушту оттон алып сууга салып жатат** (Сыдыкбековдон).

**Өзүнүн жашы жетимишке келип калды, ошентсе да ка
лыкка моюн бере элек** ж. б.

Жогорку келтирилген материалдар байламталар тобу
көбүнчө шилтеме ат атоочтордун (**ал, бул, ошол**) өткөндү
көрсөтөт. Ат атоочтук байламталар баштапкы лексика
маанисинен аябай алыстагандыктан, азыр уңгусу менен б
ланыштырууга мүмкүн эместей көрүнөт.

Ошондой эле, ат атоочтордун кээ бирөөлөрү зат ато
этиш жана жардамчы сөздөр менен айкашып башка маан
колдонулгандыгын да белгилеп кетүүгө тийишпиз. Мисал
ал түндө (ночью), **адегенде** (сначала), **ан чейин, ан сай**
ж. б.

Тактооч, жандооч жана байламталарга өтуп кеткен т
лөрүнөн башка, ат атоочторго төмөнкүдөй дагы **сөз жасоо**
мүчөлөр жалганат:[1]

1) **-лык** мүчөсү жактама ат атоочторго жалганып, тар
таштыкты, өлчөмдүк маанини билгизет. Кийинки маан
-лык мүчөсүнүн бирдемеге арналгандыкты билгизген маа
сине жана -ча мүчөсүнүн өлчөмдүк маанисине жакын. Мисал
мендик, сендик; салыштыр: **сенче** боло албасам, **сендик** б
албасам, **кыштык** отунум ж. б.;

-лык мүчөсү мындан башка сурама, шилтеме ат атоочт
го да жалганат: **кандайлык, канчалык, ошондук(тан)** ж.

2) **-сыз** мүчөсү жактама, шилтеме, сурама ат атоочтор
жалганып, жоктук маани берилет. Шилтеме ат атоочтор
жалганганда, шилтеме ат атоочтордун аягына **н** пайда бол
Мисалы: **Менсиз** бармак белең, **кимсиз** иш бүтпөй калат д
жатасынар. **Ансыз** барбайм. **Ушунсуз** эле берет. **Мунсуз**
билет ж. б.;

3) **-дагы** (<да+гы) мүчөсү зат атоочторго жалгана
заттын ордун көрсөткөн сыяктуу, ат атоочтордон да уш
маанидеги сын атоочтор жасалат. Мисалы, **биздеги, сизде
ошондогу, мындагы** ж. б.

4) **-кы** мүчөсү аркылуу да сын атоочтор жасалат. Мисал

[1] Ат атоочторго жалгануучу сөз жасоочу мүчөлөр И. А. Батманов
«Грамматика киргизского языка» (вып. II) аттуу эмгегинде толук
рилген.

качан + кы — качанкы, **кайда + гы** — кайдагы.

5) **-ынчы: канчанчы?**

6) **-чы: менчи? сенчи? алчы, бучу?** ж. б.

БАШКА СӨЗ ТҮРКҮМДӨРҮНҮН АТ АТООЧТУК МААНИДЕ ЖАНА АТ АТООЧТУН ЗАТ АТООЧТУК МААНИДЕ КОЛДОНУЛУШУ (ПРОНОМИНАЛИЗАЦИЯ ЖАНА СУБСТАНТИВИЗАЦИЯ ПРОЦЕССИ)

Ат атоочтун кээ бир түрлөрү өздөрүнүн тарыхый өнүгүшүндө жогоркудай болуп башка сөз түркүмдөрүнө өтүп кетишсе, тескерисинче, айрым учурда зат атооч, сын атооч жана сан атоочтун кээ бирөөлөрү ат атоочтук мааниде колдонулат. Башкача айтканда, сөздүк фондунун байышы жаңы гана лексикалык единицалар менен толукталуу аркылуу болбостон, тигил же бул сөздүн маанисинин өнүгүшү аркылуу да болот. Башка сөз түркүмдөрүнө кирүүчү кээ бир сөздөр баштапкы материалдык мааниси менен катар асбтракцияланууу аркылуу функционалдык жана грамматикалык жагынан белгилүү өлчөмдө ат атоочко өтөт же болбосо аны менен жакындашат. Мындай абал тил илиминде **прономинализация** деп аталат.

Түрк тилдеринде прономинализациялашуу маселеси проф. А. Н. Кононов[1] тарабынан бир кыйла иштелген. Мунун турция тили боюнча айткан жоболорунун кээ бирөө кыргыз тилинин фактыларына да тиешелүү.

Кээ бир зат атоочтор сүйлөм тизмегинде өз алдынча же болбосо башка сөздөр менен айкашып, баштапкы конкреттүү материалдык мааниси бир топ бошоңдоонун же болбосо жоготуунун натыйжасында мааниси жагынан ат атооч менен жакындашат, синонимдеш болот. Мындай учурда аларды ат атоочтор менен алмаштырууга мүмкүнчүлүк туулат. Мааниси жагынан ат атооч менен жакындашуучуларга **адам, киши, нерсе** сыяктуу жалпы маанидеги сөздөр кирет. Башка сөз түркүмдөрүнүн ат атоочтук мааниде колдбнулушунда «бир» деген сан атоочтун ролу чоң. Контекстке карата кээде бул сөз өзүнүн сандык маанисинде эмес, аныкталгыч болуп түшкөн сөз менен бирге ат атоочтук мааниде да колдонулат.

Киши — адам>кимдир: бир киши=кимдир бирөө (Үйдө олтурсам, мен тааныбаган **бир киши** келди).

[1] А. Н. Кононов. О прономинализации в турецком языке, Доклады советской делегации на XXIII международном конгрессе востоковедов, секция алтаистики, М.—Л., 1954.

Нерсе — зат>эмнедир (бирдеме): Бир нерсе — эмнеде бир деме. (тетиги киши **бир** нерсесин жоготкон сыяктан: Алыстан **бир нерсе** көрүнгөнсүйт).

Киши — адам>ар бир: киши башына=ар бирибизге.

Эгерде **«бир киши, бир нерсе»** деген ээлердин баяндооч ру тескери форма менен берилсе, анда булар жогоркуд мааниде эмес, тангыч ат атоочтук мааниде колдонулат. Д мек, мындай сөздөрдүн ат атоочтук мааниде колдонулу кээде баяндоочтун формасы менен да шартталышы мүмк Мисалы: чакырса **бир киши келбеди.** Демек, өзүнүн түз ма нисинен башка **«эч ким»** келбеди деген маанини да билгиз

Зат атоочтордун ат атоочтук мааниде колдонулушун иран тилдеринен кирген «эч», «ар» деген сөздөрдүн да ро чоң. Мисалы: **Ар нерсе — бардык нерсе>баары** (Ар нерсе убагында — баары өз убагында). Бирок бул сөз **(ар) «кии** деген зат атооч менен тике айкашпайт, муну менен «б (киши) деген сөз аркылуу гана айкашат. Натыйжада баш **бир киши — кимдир бирөө** деген белгисиздик мааниде кол нулуп турган болсо, буга **«ар»** деген сөздүн кошулушу арк луу **ар бир** (кандай) болуп аныктама ат атоочтук маани колдонулат: **бир киши — кимдир бирөө; ар бир киши —** бир (каждый).

Нерсе — зат, эч нерсе — эч теме («эч неме» дегендин о дуна).

Иш — зат=бу: бу ишке эмне дейсиз? **буга** эмне дейсиз?

Башка сөз түркүмдөрүнүн ат атоочтук мааниде колдону лушу, экинчи жагынан, алардын синтаксистик маанисине байланыштуу. Аныктоочтук орунда турган кээ бир сын атоо тор мааниси боюнча ат атооч менен жакындашат, алардын ордун өзгөртпөй туруп эле ат атооч менен алмаштырууга болот.

Мисалы: силер **азыркы** составыңар (**бул** составыңар) м нен тоону томкорууга да жарайсыңар.

Кыргыз тилинде «бой» негизинен зат атоочтук маани колдонулганы менен, айрым учурда реалдык мааниси бе канча бошоңдоп, ат атоочтук маани менен да жакындашат Мисалы: 1. **бою узун, киши бою, боюм жетпейт, тулку бо** ж. б. — өзүнүн реалдык маанисинде; 2. **бой келдиңби —** өзү эле келдиңби?, жалгыз келдиңби? деген мааниде. Кийинки бу мааниси боюнча «бой» ат атооч (өз—) менен жакындашат Муну менен салыштыр: киши (—зат атооч) > ар бир (а атооч): киши башына=ар бир (кишиге) ж. б. Ушентип, кыр гыз тилинде «бой» белгилүү учурда гана ат атоочтук маани де колдонулат. Ушу сыяктуу эле пикирди башка сөздөр жө нүндө да айтууга болот. Мисалы: жан, баш — зат атооч-өз

кара жанын, кара башын бага албайт **(өз жанын//өзүн** бага албайт ж. б.

Башка сөз түркүндөрүнүн ат атооч маанисинде колдонулушунун тескери процесси да болушу мүмкүн. Кээде ат атоочтор да зат атоочтук мааниде колдонулат. Бул адатта ат атоочтордун субстантивдешкен түрү деп аталат. Эгерде кадимки ат атоочтордун конкреттүү мааниси сүйлөмдүн контекстиси боюнча аныкталса, субстантивдешкен ат атоочтордун мааниси сүйлөм боюнча конкреттешпейт. Ошол сөздүн мурдатан бери эл арасында кандай мааниде колдонулуп келе жаткандыгы боюнча белгиленет. Ошондуктан субстантивдешкен ат атоочтор атоочтор менен грамматикалык жагынан байланышпай туруп, жана алар аталбаса (мурда, кийин) да алардын ордуна колдонулат.

Ат атоочтун субстантивдешкен түрү орус тилинен көп кезигет. Орус тилинде үчүнчү жак үчүн колдонулуучу «он» деген ат атооч белгилүү бир затты билдирүү үчүн колдонулат. Мындай кубулушту кыргыз тилинде жок деп айтууга болбойт. Ал, биринчи иритте, бизге орус тили аркылуу келип кирди. Мисалы: Петр 1-ни А. С. Пушкин «Медный всадник» деген чыгармасында

«На берегу пустынных волн
Стоял **он**, дум великих полн,
И вдаль глядел» — деп сүрөттөйт.

Бул мисалды кыргыз тилине которгондо:

«Көз жеткис толкун жээгинде
Алыста карап турду **ал**
Чалкыган терең ой менен» — деп которулган.

Алмашуучу атоочтор контекстиде аталбай туруп ат атоочтор менен берилиши адабий тилде анча өнүмдүү болбогону менен, кыргыздын эски турмушуна байланыштуу болгон тергөөдө ат атоочтун субстантивдешкен түрүн көп кезиктирүүгө болот. Үйдүн ээси речте аталбаса деле анын атын атоонун ордуна ат атоочтор колдонулат. Мисалы:

Керимбек (үйдүн ээси) тоого кечеки кеткен боюнча келе элек дегендин ордуна аялы **«тигил** да кечеки боюнча келе элек» — деп айта берет.

Жогоркуларды жыйынтыктаганда ат атоочтор менен башка атоочтор өз ара шартталып, бирин бири толуктап турат, алар лексикалык единица боюнча гана эмес, семантика боюнча да уютку катарында кызмат кылат деп айтууга тийишпиз.

II ГЛАВА

АТ АТООЧ ЖАНА АНЫН ТҮРЛӨРҮ

Ат атоочтор маанисн боюнча бир нече топко бөлүнөт. Бирок ат атоочтордун топторунун маанисн бир заттын же бегилердин башкаларга карата болгон мамилесине, алар менен болгон салыштырмалуулугуна негизделген. Ал атоочтор маанисине карата төмөнкүдөй болуп бөлүнөт.

1. Жактама ат атоочтор

Жактама ат атоочтор затты жак аркылуу көрсөтөт. Жа сөзгө катышкандардын сүйлөөчүгө карата болгон мамилес боюнча аныкталат. Башка түрк тилдериндегидей эле, кырг тилинде да сөзгө тике жана кыйыр түрдө катышуучу үч жа бар. Алар:

жекелик түрү	көптүк түрү
1—жак мен	1—жак биз
2—жак сен, сиз	2—жак силер, сиздер
3—жак ал	3—жак алар

1 жана II жак сөзгө тике катышат, 3 жак болсо речь процессине катышпайт.

Жактама ат атоочтун ар бир жагы маанисн жагынан төмөнкүчө болуп мүнөздөлүшү мүмкүн.

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын жекелик түрү да көптүк түрү да сүйлөөчү жакты билдирет. Бирок жекелик жана көптүгүнө байланыштуу алар сандык идея жагынан ганабашкача болот.

Жактама ат атоочтордун биринчи жагынын жекелик түрү **(мен)** сүйлөөчүнүн өзүн билдирүү үчүн колдонулат.

Жактама ат атоочтун биринчи жагынын көптүк түрү **(биз)** адатта сүйлөөчү жак кире турган коллективди билдирет. Мындай учурда «биз» деген түшүнүктүн ичине кирген индивидумдар бир бүтүн катарында эсептелет жана сүйлөөчүнүн

өзү да ошол коллективге кирет. Мисалы: **Биз** тынчтыкты каалайбыз ж. б.

Кээде **«биз»** сылыктык үчүн **«мен»** дегендин ордуна да колдонулат. Ошондуктан «биз» жактама ат атоочтун биринчи жагынын сылык-көптүк түрү деп да аталат.

Мисалы: Арзыкан, сизге **биз** күйгөн
Арманым айттым бир жүргөн (Барпыдан).

Сиз менен **биздин** пикирибиз келише албады ж. б

Мындан башка **«биз»** автордук речте да **«мен»** дегендин ордуна колдонулат.

Кыргыз тилинде **«биз»** менен бирге сейрек түрдө **«биздер»** формасы да колдонулат. Бул экөө тең биринчи жактын көптүгүн билдирет. Бирок «биздер» жалпыланган коллективдин бөлүнөрлүгүн жана сылыктыкты да көрсөтөт. Калган 2-жана 3-жактан биринчи жактын жекелик жана көптүк түрүнүн айырмасы биринчи жак адам үчүн гана колдонулат. Ал эми үчүнчү жана экинчи жактын жекелик одоно түрү **(сен)** адам үчүн гана эмес, кээде адамдан башка жандуу жана жансыз заттар үчүн да колдонулат.

Жактама ат атоочтун экинчи жагынын жекелик жана көптүк түрлөрү сүйлөөчүнүн речь менен кайрылган жагын, б. а. тындоочуну билдирет.

Кыргыз тилинде экинчи жак үчүн **сен, сиз, силер** жана **сиздер** деген жактама ат атоочтор колдонулат. Булардын ичинен **«сен»** экинчи жактын жекелик одоно түрү, «сиз» сылык түрү болуп эсептелет. Экинчи жактын жекелик сылык түрү **(сиз)** формалдык белгиси (з) боюнча биринчи жактын көптүк түрү **«биз»** менен окшош болгону менен, мындагы (сиз'деги) «з» кыргыз тилинде баштапкы көптүк маанисин жоготкон. Ошондуктан **«сиз»** экинчи жактын одоно түрү «сен» сыяктуу эле жекелик мааниде колдонулат. Мунун көптүк түрү **-лар** мүчөсүнүн жалганышы аркылуу **сиздер** болуп берилет. Тескерисинче, жактама ат атооч **«биз»** ушул формасында туруп эле көптүктү билдирет. Ошондуктан ага **-лар** мүчөсүнүн жалганышы зарыл эмес; анын адабий тилде грамматикалык көптүк формада сейрек колдонулушу да ушуга байланыштуу болуу керек. **-лар** формасында колдонулганда да көптүккө караганда анда бөлүнмөлүк (членимость) маани басымдуулук кылат.

Экинчи жактын жекелик одоно түрүнүн **(сен)** көптүгүн билдирүү үчүн **силер** колдонулат. Биринчи жактын көптүк түрү **(биз)** кээде жекелик сылык маанисинде колдонулган сыяктуу кубулушту экинчи жактын көптүк түрү **«силер»** ден да көрүүгө болот.

Ат атооч **«силер»** дайыма эле көптүктү билдире бербейт. Кээде ал сүйлөөчү кайралган экинчи жак жалгыз киши болсо деле сылык айтуу үчүн колдонулушу мүмкүн

Формалдык көптүк белгисине карабастан мааниси жагынан экинчи жактын жекелик сылык түрү **«сиз»** менен синоним болуп калат. Бирок бул экөөнүн колдонулушу жана оттенкасы бирдей эместей байкалат. **«Силер»** экинчи жактын официалдуу сылык формасы болуп эсептелбейт. Ал көбүнчө жаштардын улууга кайрылган речинен кезигет. «Сен» дегенден көрө кичине жымсалдатып сылык түрдө айтуу үчүн колдонулат.

Айрым фактыларга караганда, түрк тилдеринде ат атоочтордун экинчи жагы колдонулушу жагынан бирдей эместиги байкалат. Мисалы, кыргыз тилинде өзүнө тааныш жана жакын кишилери үчүн «сен», өзүнө жакын эмес кишилери үчүн «сиз» колдонулат. Тескерисинче, өзбек тилинде жакын кишилери үчүн да (мисалы, аялы эрин) «сиз» колдонулат. Жекелик жана көптүгүнө карабастан экинчи жактын мындай «сен» же болбосо «сиз» болуп колдонулушу баарыдан мурда сүйлөөчүнүн тыңдоочуга сылык түрдө мамиле кылышы менен шартталган болуу керек.

Ат атооч ал сөзгө катышпаган жалпы эле үчүнчү жакты билдирет. Үчүнчү жак адам, же айбан, же башка да заттар болушу мүмкүн. Ошондуктан берки эки жакка караганда мунун колдонулуу сферасы алда канча кең. Үчүнчү жак бул көрсөтүлгөндөрдүн ичинен кайсынысынын ордуна колдонулгандыгы өзүнөн мурунку сүйлөмдөн же болбосо речтин ыңгайынан гана белгилүү болот. Үчүнчү жак кээде шилтеме ат атоочтук мааниде да колдонулат. Мунун шилтеме же жактама ат атоочтук мааниде колдонулушу грамматикалык жагынан аныкталгычтын бардыгы менен шартталган. Үчүнчү жак — **«ал»** аныкталгычсыз айтылган болсо, анда жактама ат атооч, аныкталгыч менен бирге берилген болсо, анда шилтеме ат атооч. Минтип үчүнчү жактын аныкталгыч менен жана ансыз колдонулушу, болгондо, анын жактама жана шилтеме ат атоочтук мааниде экендигин конкреттештирүү үчүн берилген болуу керек (Мисалы, **ал** келди, **ал бала** кетти ж. б.). Ал'дын мындай эки түрдүү мааниде колдонулушуна карап, аны жактама-шилтеме (лично-указательное) ат-атооч деп атаса да болор эле.

Жактама — шилтеме ат атооч калган нагыз шилтеме ат атоочтордон өздөрүнүн көптүк түрүнүн жоктугу боюнча айрылат. Үчүнчү жактын көптүк түрү **(алар)** шилтеме ат атоочтук мааниде колдонулбайт: **«ал бала келди»** дегендин ордуна **«алар бала келди»** болуп айтылбайт. Мындай болуп айтылбагандыгы түрк тилдеринин мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнөн, анткени түрк тилдеринин аныктоочтук айкашууларында ар кандай мүчө аныктоочуна эмес, андан кийинки аныкталгычтарына гана жалганат да, аныктоочу грамматикалык оформлениесиз калат.

Ат атооч ал'дын[1] нагыз жактама ат атоочтук мааниде колдонулушу речтик ситуацияда сүйлөөчү жана тыңдоочуну, биринчи эки жакты, сөз болуп жаткан үчүнчү жакка карама каршы коюудан келип чыгат. Үчүнчү жактын нагыз жактама ат атоочтугу сүйлөшүүдө жок дегенде үч кишинин болушу менен шарттаглан. Бирок булардын үчүнчүсү сөзгө катышпайт, аны речтик ситуацияга катыштырып атоо үчүн берки экөө (тыңдоочу, сүйлөөчү) тарабынан «ал» деген ат атооч колдонулат.

Үчүнчү жактагы ат атооч нагыз жактама ат атоочтук мааниси менен бирге, стилдик ыкма (анафорическое использование) катарында да колдонулат. Мурунку сүйлөмдөрдөгү айтылган конкреттүү энчилүү аттар жана заттар кийинки сүйлөмдөрдөн да кайталана бербес үчүн стилдик ыкма катарындагы үчүнчү жактагы «ал» деген ат атооч менен алмаштырылат.

Составында зат атоочтору аз болгон сүйлөмдөрдөн ат атоочтун стилдик ыкма катарында колдонулгандыгын билүү анчалык кыйын эмес. Мисалы:

Шаардын четки каранғы көчөлөрүнүн биринде **эки каран** кобурашып турушту. **Алар** үйлөрдүн терезелеринен гийген жарыктан качышкансып, күпчүйгөн бутактуу кара бактын көлөкөсүнө ыкташкан.

Ушул жолу бөлүнүү **Азимкан** үчүн жеңил болгон жок. **Ал** өзүнө жакын кишиси эртең Жалал-Абад областынын колхозчуларына жардамга кетип жатканын, аякта бир айча кармаларын угуп ичи күйдү («Ала-Тоо» журналынан).

Составында ар түрдүү формадагы бир канча зат атоочтору бар да сүйлөмдөр болушу мүмкүн. Кийинки сүйлөмдөгү ат атооч мындай зат атоочтордун кайсынысына тиешелүүлүгү адатта бул экөөнүн мааниси, грамматикалык формасы жана синтаксистик аткарган кызматы боюнча аныкталат. Бирок кээде стилдик ыкма үчүн колдонулган ат атооч өзү алмашылган зат атоочтон кийинки эки белгиси боюнча башкача да болуп калышы мүмкүн. Мисалы:

Жеке **Соке** менен **Өмүр** эмес, өз башына өзү ээ **эр бүлөө** аттуусу атчан, жөөсү жөө айыл аткомдун мекемесин көздөй агылууда. **Аларды** эч ким атайылап чакырткан да жок.

Нак ушул тынымда катарында олтурган Бүбүштү **Шарше** капталга укуду. Шаршенин минткени — «тур, эми доону сен башта. Уруят катындын айтканын тез угат» дегени. **Ал** жана жолдо келатканда Бүбүшкө ушуларды кайра-кайра айткан.

---

[1] Караңыз: С. Г. Ильенко. Об употреблении в современном русском языке личных местоимений 3-го лица. Уч. записки Ленинградского гос. пед ин-та им. А. Н. Герцена, кафедра рус. языка, том 122, Л., 1956 ж.

Стилдик ыкма катарындагы ат атоочтордун алмашуусунун негизги критериясы болуп структуралык мазмун эсептелерин жогоруда көрдүк. Бирок эгерде стилдик ат атооч маанисн боюнча мурдагы сүйлөмдөгү атоочтордун ар бирине тиешелүү болсо, ачыктык, тактык үчүн алдыңкы сүйлөмдөгү ээ болуп түшкөнү гана алмашылат. Мисалы:

Шооруктун сөзүнөн кийин кымызга бата айтышып, Бердибай, Карышмак, Барпылар эшик тартышты. Жүрүңүздөр деди **Карымшак.** Аксакалдарды **ал** үйүн көздөй баштады (Сыдыкбековдон).

Шамбет токтой калып костюмунун чаңын күбүдү. **Мыскалды** ээрчиткен **Зарыл** эмнегедир жол жээгинен окчун кетишке ашыгып, жоолугун ондоп салына калган **Акияга:** «Журү жене»—деп айтты да, кыз кол чамаданын кармап, тигил ак тамдын батыш тарабындагы токумдай дөбөчөгө карай бет алды. **Ал** дөбөчөнү айланып, үйүнө кетти (Сыдыкбековдон).

Үчүнчү жак үчүн колдонулган **«ал»** деген ат атооч дайыма эле өзүнөн мурда айтылган атоочторду алмаштыруу үчүн колдонула бербейт. Кээде, тескерисинче, ал алмашылуучу атоочтордон мурун да (препозитивное употребление) келет.

Мындай конструкциянын негизги милдети — чыгарманын көңүл бөлүнгөн героюн айрыкча бөлүп көрсөтүү. Бирок ат атоочтун зат атоочтордон мындай мурун колдонулушу, речтин сүйлөнгөн мезгилинде белгилүү өлчөмдө аны заттанууга да алып келиши мүмкүн. Мындай учурда ат атооч **«ал»** кимдин, эмненин ордуна колдонулгандыгы өзүнөн кийинки сүйлөмдөрдөн белгилүү болот. Мисалы:

В. Шабалиндин «Табылга» аттуу аңгемеси түздөн түз эле «алар» деген ат атооч менен башталат:

Алар чукул бурулган жантайма менен идирек таштарды басып келатты. Кум аралаш майда шагылдар куюлушуп олтуруп, төмөнкү аркайган аскага житип жаткансыйт. Карагыдан эки бала биринен сала бири көрүнө закымдашат (Журн. «Жаш ленинчи», № 8, 1958, 17-бет).

Мырзакул кейигендей башын чайкады. Адамдын кандай экендиги мына ушундай жамандыкта билинет экен да! Айтпай сен **аны** каякка алып барат элең? Намыс деген барбы? Дөөлөттүн уругунан таркаган эркек тана биребиз да калбай жөнөдүк, жамачдыкта да, жакшылыкта да кудай элдин катарынан калтырбасын. Ушуну сен түшүнөсүңбү? Кеч боло электе, **Ысмайылды** ачыкка чыгар, барсын ал да эл барган жерге («Ала-Тоо» журналынан). Бул сүйлөмдөрдөн Ысмайылдын аты менен **бала** айтылбаса, мурунку сүйлөмдөрдөгү **«ал»** деген ат атооч кимдин, эмненин ордуна колдонулгандыгы окуучулар үчүн белгисиз болмок. Анын мааниси кийинки

сүйлөмдөрдөн Ысмайыл жана балдар аркылуу конкреттелип турат.

Үчүнчү жакгагы ат атооч нагыз заттанган мааниде да колдонулат. Ат атоочтун заттангандыгынын белгиси болуп өздөрү билгизген заттар менен грамматикалык жагынан байланышы жок туруп, алардын ордуна колдонулгандыгы эсептелет. Үчүнчү заттагы ат атооч заттык мааниде колдонулган учурда, алмашылуучу зат көбүнчө мурун да, кийин да берилбейт. Заттын атынын текстте мындай берилбегендиги жактама ат атоочторду заттанышка алып келет. Мисалы, төмөнкү сүйлөмдөгү Андрейдин аты мурда жана кийин аталбаса деле Ерофей Кузьмич менен Силантий абышканын сүйлөшкөнүндө Андрейдин ордуна «ал» деген ат атоочтун колдонулушу билгизип турат:

Дал ушул учурда короонун жанынан Силантий абышка өтүп бараткан эле. Ерофей Кизьмич аны үйүнө чакырып, мындай деди:

— Эң зарыл жумуш бар, абышка! Чыдап тура албай турган жумуш! Кызга куда болуу керек! Колуңдан келеби, абышка? Унута элексиңби? Силантий абышка өзүнүн калчылдап турган башын токтотту да, карылыктан боз тартып калган көздөрүн арандан зорго Ерофей Кузьмичке тууралады.

— Кызгабы? Куда болуубу? Сага эмне болгон, Ерофей! Бүткүл колхоз күлбөйбү!

— Бул жерде кандай күлкү болсун, абышка? Күлкү боло турган ишпи? Мисалы, аларга барып сүйлөшүп көрүүнүн бул жерде кандай айыбы бар? Бул сенин колуңан келет го?

— Хо, куда болуу! — деп, башка өзүнүн күлкүсүнүн күчү менен солкулдап да кетти. **Ал** өзүчү?

— Ой абышка! деп Ерофей Кузьмич нааразы болгонсуп, кабагын чытыды. **Ал** өзү кайдан үйлөнсүн, эмне деп жатасың, кудайымдын момуну! Же болбосо:

Волошин Юринге гана эмес, бардык боецтерге мындай деп кайрылды:

— Мына мындай азамттар! Каармандыгыңар үчүн кыз—маттагылардын атынан алкыш айтам! Солдаттар алкышка жооп кайтарышты, жана Волошин мындай деп кошумчалады: Ал эми **аны** (туткунду — С. К.) тетиги жакка алып кеткиле. Алысыраак алып кеткиле.

Бул туткунга бир карады да, Марийка селт эте түштү. **Ал!**— деп, Марийка (Лозневойду — С. К.) тааный койду (М. Бубеновдон).

Үчүнчү жактагы ат атоочтун заттык мааниде колдонулушу баарыдан мурда сүйлөөчү менен тыңдоочуларга **«ал»** деп кимди атап тургандыгынын белгилүүлүгү менен шартталган.

Жогоркулар менен бирге, үчүнчү жактагы ат атооч башка

сөздөр менен бирдикте мурунку айтылган сүйлөм менен кийинкини салыштыруу үчүн да колдонула тургандыгын айта кетүүгө тийишпиз. Мындай учурда «ал» ат атоочтук касиетке ээ болбойт:

Алыскы токойлор отсуз, миндеген мунаралары бар байыркы чептерге окшоп, күңүрт гана алтын түс берип, кечки күүгүмгө чөгүп баратты. **Ал эми** Ольховкада, анын дөбөлдөрүндө, болсо али абдан жарык жана кооз эле (М. Бубеновдон). Аны Асылкан эжем менен өзүң акылдаш, ал эми каражат болсо табылат (Жантөшевден).

Үчүнчү жактын жекелик түрү дайыма эле өзүнүн тыбыштык составын толук сактабастан, кээде оозеки жана жазуу речтеринде анын аяккы «л» тыбышы түшүп, жалгыз «а» формасында колдонулган учуру да кездешет. Мындай учурда ал көбүнчө байламталык жана бөлүкчөлүк мааниде колдонулат. Мисалы:

Ата-энеси жоош, маданияттуу кишилер, а баласы колушок, тартипсиз.

Татай ага ачуулана тандана карап үшкүрүп койду: «Эки үйүбүз окшошуп, же өлүү, же тирүү даректери жок отурабыз! А сен талды айтасын» («Ала-Тоо» журналынан).

Үчүнчү жак **«да», «дагы»** деген күчөткүч бөлүкчөлөр, **«көрө»** деген жандооч жана **«түгүл»** деген атоочтук тангыч менен айкашкан учурда уңгунун (ал'дын) аягындагы «л» тыбышы түшүрүлүп айтылышы мүмкүн. Мындай кубулуш оозеки речтен жана айрым жазуучулардын чыгармаларынан кездешет.

Мисалы: Майрык буттуу Чолпон Алтынга көз кысты эле, **а да** макулдугун билгизип баш ийкеди... тажаганда **а да** кетти. **А көрө** (андан көрө дегендин ордуна) сыйың менен койлорду кош.

А түгүл (ал түгүл дегендин ордуна) сен да билбейсиң ж. б. (Н. Байтемировдон).

Үчүнчү жактагы ат атоочтун колдонулушуна байланыштуу анын байыркы жана азыркы кээ бир түрк тилдеринде үчүнчү жактын жак мүчөсү сыяктуу колдонула тургандыгын да айта кетүүбүз керек. Кыргыз тилинде үчүнчү жактагы атоочтук баяндооч морфологиялык оформлениесиз колдонулат. Мисалы: башкырча[1] Хасен **язучы ул** — Хасен жазуучу, турцияча[2] **ол рус ол** — ал орус, шорчо[3] **анар чок** — алар жок, нагбур **чок (чогул)** — жамгыр жок, пирда **кижи чогул** — бир да киши жок (салыш: кырг. жок — жогол; чогул); байыркы түрк.[1] бу урк битиг **эдгү ол** — бу табышмак китеп (кат, жазуу) жакшы ж. б.

Кыргыз тилинде обочолонгон мүчөлөр атайын иштеле элек маселелерден болуп эсептелет. Бирок бул жөнүндөгү аздыр—көптүр маалыматтарды мектеп грамматикаларынан жана кыргыз тилинин синтаксисине арналган адабияттардан да табууга болот.[2]

Бул жерде биз жогорку айтылгандар менен бирге, бүтүндүн бөлүкчөсү катарында жактама ат атоочтордун обочолонгон мүчөдөгү колдонулушуна кыскача токтолмокчубуз. Обочолонгон мүчөлөргө токтолуу — чындыгында ат атоочтун синтаксистик кызматында берилүүчү нерсе. Бирок жактама ат атоочтордун маанисин баяндоодо берилгени обочолонгон мүчөлөр сүйлөмдөгү өздөрү тиешелүү болгон мүчөлөрдү мааниси жагынан толуктап-тактап стилдик каражат сыяктуу колдонулгандыгынан каралып отурат. Айрым учурда сүйлөм тизмегиндеги ат атоочтор обочолонгон мүчөсүз айтылса, алардын кимге таандыгы окуучу үчүн түшүнүксүз болуп калуунун өзү эле стилдик обороттордо обочолонуунун маанилүүлүгүн көрсөтөт: Мисалы:

Үйдүн жанында биз сүйлөшүп отурсак, Ташыбек келди. Жумаалынын **ага**, **Сүйүнбайга**, катуу ачуусу келди ж. б. Бул сүйлөмдүн составынан «Сүйүмбайга» деген обочолонгон толуктооч алынып ташталса, «ал» (ага) деген ат атооч структуралык мааниси боюнча Ташыбекке таандык болуп, же болбосо кимдин ордуна колдонулгандыгы белгисиз болуп калмак. Мында обочолонгон толуктооч 3-жак аркылуу берилген ат атоочтун маанисин конкреттештирүү үчүн колдонулду. Кыргыз тилинде ат атоочтордун мындай кыйыр жөндөмөлөрдө туруп обочолонгон мүчө менен колдонулушу сейрек, бирок котормо адабияттардан көп кездешет.

Үглү катарында бир нече мисал келтирели.

Ал бүгүн күнү бою көп жолу үшкүргөн сыяктуу, азыр да: **«Анда, биздин үйдө**, кандай болду экен? Балким, ал жерге немецтер келип калгандыр?»—деп, дагы бир жолу үшкүрдү.

Ошондон бери коркуу дегенди билбеймин! **Аны, коркоктукту**, адамдан айдап чыгарыш керек. Аны өз убактында айдап чыкпасаң шору куруйт (М. Бубеновдун «Ак кайың» аттуу чыгармасынын кыргызча котормосунан).

Биз, ак падышанын кызматындагы кишилер, мындан эки

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка,53-бет.

2. А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературного языка, 173—174-беттер.

[3] Н. П. Дыренкова. Грамматика шорского языка, 83, 252-бет.

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 85-бет.

[2] Караңыз: Т. Актанов, К. Бакеев, Кыргыз тилинин синтаксиси (орто мектептер үчүн), Фрунзе, 1939, 103—104-бет. А. Жапаров Кыргыз тилинин граматикасы, II бөлүк, синтаксис, 1957, 74—79-беттер. Ы. Жакыпов, Азыркы кыргыз тилинин жөнөкөй сүйлөмүнүн синтаксиси, Фрунзе, 1958, 173-бет.

үч күн мурда уезддик начальникте болуп, ал жерден өзүбүзгө тиешелүү бүйрүк-жарлыктарды алдык (М. Абдукаримов. Үзүлбөгөн үмүт, 8-бет).

Андан **биз, карыялар**, уйрөнөлү (К. Баялинов).

Биз, Ак-Сай өрөөнүндө мал багып жаткан Ат-Башы, Куланак жана Нарын райондорунун малчылары, бардыгыбыз чогулуп, 1958-жылда жал чарбасын өстүрүү, анын азык-түлүгүн жогорулатуу боюнча алынган милдеттенмелерибиздин орундалышынын жүрүшүн жана мал кыштатууга мыкты даярдык көрүп, аны үлгүлүү өткөрүүнүн милдеттерин талкуулап чыктык.

Мына ушундай шарттарда **биз, малчылар**, мал чарбасын өстүрүп, анын азык-түлүгүн көбөйтүүдө дагы мыкты ийгиликтерге жетишүүгө милдеттенебиз («Колхозчу» газетасынан).

Мен, Султаналиев Талып, 1938-ж. Коцур-Өлөц кыштагында туулгам.

Обочолонгон мүчө жактама ат атоочтор аркылуу берилген жактын маанилүүлүгүн белгилөө үчүн да колдонулат. Мисалы:

-Мына ошондуктан мен сени ортого коюп жатам,—деди Волошин. Тиги батальен большакилерде салгылашат, ал эми **сенде, ортодо,** иш оңоюраак, коркунучсузураак.

Ат атоочтордун обочолонгон мүчө менен айтылышы байыркы түрк тилдеринен да кездешет. Демек, ат атоочтордун маанисин тактоо байыркы убактан бери эле келаткан деп эсептөөгө болот.

Мисалы:[1]

Күскү йул алтунч ай он йанука **маңа Кавсудука** түшке күнчит кергек болуп—Чычкан жылы, алтынчы ай, он жаңысында мага, Кавсудука, карызга күнжүт керек болуп (2-сап. 208-бет).

Мен Кавсуду өзүм битидим—мен, Кавсуду, өзүм жаздым (10-сап, 208-бет).

Биз Толу-кара, Мусур-улуг, Анч-кара Мусур баслап онлуклар йме бир кодматун, төгел санап алтумуз—Биз, Мусур башчап Толу-кара, Мусур-улуг, Анч-кара-баарыбыз, онубуз эчтемени коё бербестен түгөл санап алдык (2-сап, 208-бет).

Билге Тонукук бен өзүм Табгач илиңе кулунтум—Билгич Тонукук, мен өзүм, тарбыяны Табгач (кытай — С. К.) элинен алдым (1-сап, 61-бет).

Каганум, бен өзүм Тонукук өтүнтүк өтүнчүмин эсидү берти — каным менин өзүмөн, билгич Тонукуктан, өтүнгөн өтүнчүмдү уга берди. 15-сап, 62-бет).

Өз Йигин Алп-Туран алты баг будунда үч йегирми (йашымка) адырылдым[1]—(мен) өзүм, Йигин Алп-Туран, он үч жашымда алты уруулу элден айрылдым (өлдүм) (2-сап, 21-бет).

Кутлуг чигши бен кадыр йагыда—Куттуу чигиш, мен, катуу жоодо (1-сап, 41-бет).

Ынал өге бен йетмиш йашымда—Ынал өге, мен, жетимиш жашымда (2-сап, 97-бет).

Тор—апа ичерки бен беш йегирми йашда... адырылдым — Ичтеги Төр-апа, мен, он беш жашымда айрылдым (өлдүм (1-сап, 29-бет).

Бул келтирилген тарыхый материалдардан ат атооч обочолонгон мүчөдөн мурун да жана кийин да келгендигин, башкача айтканда, азыркы кездегиге карганда орун тартиби эркин экендигин көрүүгө болот. Азыркы кыргыз тилинин нормасы боюнча ат атоочту зат атоочтон кийин коюп, обочолонгон мүчө катарында колдонууга болбойт. Азыр бизде ат атооч обочолонгон мүчөдөн мурун колдонулат. Ат атооч байыркы тилдердегидей зат атоочтук негизги мүчөнү тактабастан, азыр бизде зат атоочтук обочолонгон мүчө ат атоочтук негизги мүчөнү тактайт. Демек, буга караганда обочолонгон мүчө байыркы түрк тилдериндегиге караганда азыркы кыргыз тилинде орун тартиби жагынан бир топ калыптанган деп эсептөөгө болот.

Байыркы түрк тилдериндеги обочолонгон мүчөгө байланыштуу экинчи бир кызык нерсе—азыркы кыргыз тилинин нормасы боюнча обочолонгон мүчө катарында берилүүчү сөздүн негизги мүчө катарында айтылгандыгы:

Уйгур йиринте **Йаглакар кан ата келтим**[2]—уйгур жеринен (Мен), Яглакар кан ата, келдим (1-сап, 84-бет).

Шогур битидим—(Мен), Шогур, жаздым (6-сап, 77-бет).

Күни тириг үч йашымда каңсыз **болдым**— (Мен), Күнү тирик, үч жашымда атасыз калдым (1-сап, 21-бет).

Кыргыз тилинин азыркы нормасы боюнча келтирилген мисалдардагы жогорку ээлер ээ боло албайт. Анткени баяндоочтогу жак мүчөлөр 1-жакты көрсөткөнү менен, адатта зат атоочторго жактамалык (личное) маани мүнөздүү болбогондуктан, андагы ээлердин биринчи жак экендиги белгисиз, баш мүчөлөрдүн ортосунда ээрчишүү жок. Азыркы кыргыз тилинин нормасы боюнча зат атоочтор өз алдынча туруп биринчи эки жактагы этиштик баяндоочторго грамматикалык ээ боло албайт. Ошондуктан жогорку сүйлөмдөрдөгү ээлерди азыркы кыргыз тили ээ деп тааный албайт. Азыр андай сөздөрдүн ээ болушу үчүн алардан мурун баяндоочтогу жак мүчөгө кара-

---

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности,

[1] С. Е. Малов. Енисейская письменность тюрков.
[2] С. Е. Малов. Аталган ушул эмгек.

та жактама ат атоочтордон болушу керек. Ошондо гана з чилүү зат атоочтордун кимге-кайсы жакка таандык экенд белгилүү болуп ээлик милдет аткарат. Бирок байыркы т тилдериндегидей негизги эмес, ат атоочтук ээнин ма нисин тактоочу обочолонгон ээлик милдет аткарып кал Мисалы, байыркы түрк тилдериндегидей «Йаглакар кан а келдим» эмес, азыр «Мен, Йаглакар кан ата, келдим» бол айтылат.

Ушинтип, жогоркулардан байыркы түрк тилдериндеги атоочтун обочолонгон мүчө менен жана этиштик баяндоочто до зат атооч жактама ат атоочсуз, демек, кошумча ээсиз ко донулгандыгын байкоого болот. Болгондо, бул про К. К. Юдахин айткандай, орунду жана текстти ташка жаз үчүн жумшалган күчтү үнөмдөө үчүн ушундайча болуп жа зылган болуш керек.

Жактама ат атоочтордун маанисин жана алардын сти дик айрым обороттордо колдонулушун карап өткөндөн кийи өтө эле болжолдуу түрдө болсо да, алардын чыгышы жөнү дөгү тарыхый экскурска кыскача токтоло кетүү зарыл.

Биринчи эки жактын жекелик жана көптүк түрү бир б рине фонетикалык жагынан окшош. Экөө тең бирдей тыбыш тар менен аяктайт: бе—**н**, се—**н**; би—**з**, си—**з**. Мындай окшош туктар окумуштууларды азыркы мезгилде морфологиялык с ставдык бөлүктөргө бөлүнбөй турган ат атоочтордун жекел жана көптүк түрлөрүнүн уңгусунун тарыхый жагынан б жана алар өз ара уңгу менен мүчөлөрдөн турган болуу рек деген туура болжолдоого алып келген.

Бирок көрсөтүлгөн ат атоочтордун аягындагы **-н** жана тыбыштарынын түпкү теги жөнүндө бирдиктүү пикир жок.

Биринчи жана экинчи жактын жекелик түрүнүн аягында гы **«н»** тыбышын кээ бир изилдөөчүлөр «бир нерсенин нег зи», «буюм, бир нерсе» дегенди билгизген **«нең»** деген сөздү калдыгы[1] деп карашса, экинчи бирөөлөрү таандык мүчө[2], ж болбосо жекеликтин белгиси[3] дешет. Биринчи эки жакты көптүк түрүнүн аягындагы **«з»** тыбышы көпчүлүк изилдөөчү лөр тарабынан байыркы убактагы көптүк сандын мүчөсү де каралат.

Биринчи эки жактын аягындагы структуралык окшош эле менттер («-н») жогоркудан башкача да болжолдонушу мү күн. Тарыхый экскурска өтүүдөн мурда структуралык бү

[1] Н. А. Баскаков. О соотношении значений личных и указательны местоимений в тюркских языках, Доклады и сообщения Ин-та языкозна ния АН СССР, № 1, 1952, 138-бет.

[2] А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературног языка, 1956, 174-бет.

[3] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 1948., 125-бет.

элементтерди алып таштаганда, түрк тилдери менен монгол жана тунгус тилдеринде биринчи эки жактагы ат атоочтун окшоштугун белгилеп кетүүгө тийишпиз:

	Жекелик түрү
монголчо	б и, с и
тунгусча	б и, с и
түрк.	б е-н с е-н (м е-н с и-н, м и-н).
	Көптүк түрү
монголчо	б и-д а
тунгусча	м и-т
түркчө	б и-з

Г. И. Рамстедт монгол тилиндеги биринчи жактын көптүк түрүнүн бир формасы ат атооч **би** жана көптүктүн **-да** мүчө-сүнөн турат деген пикир менен бирге, биринчи жактын жекелик түрү менен экинчи жактын жекелик түрүнөн, б. а. **би+та** деген ат атоочтордун айкашуусунан турушу да мүмкүн[1] деген кызык болжолдоону айткан. Ушу сыяктуу пикирди түрк тилдериндеги ат атоочтор боюнча академик О. Бётлинг да айткан. Мунун пикири боюнча якут тилиндеги биринчи жана экинчи жактын көптүк түрү үчүн колдонулуучу **«биһиги»** деген сөз өз ара **«бис»** деген ат атооч менен **«икки»** деген сан атоочтун **(бис+икки)** айкашууларынан турган. Ал эми **«бис»** болсо, өзү биринчи иретте, **«бин»** жана **«сен»** деген ат атоочтордун айкашууларынан (кыскарган түрдө **би+с**), **«эһиги»** өз ара **сен+сен+икки** деген (кыскарган түрдө **э+с+икки**) айкашуулардан турган.[2] Якут тилиндеги биринчи жактын көптүк түрү үчүн колдонулуучу **биһиги, биһи** жана ушул эле мааниде колдонулуучу **эһиги** жана **иһиги, иһи** өзүнүн структуралык элементтери боюнча алганда О. Бётлингдин айткан болжолдоосун ырастай алат: **би+си>биһи, (с)и+си>иһи; би+си+икки>биһиги, (с)и+си+икки>иһиги.** О. Бётлингдин акылга сыярлык мындай болжолдоосун кабыл алсак, башка түрк тилдериндеги «биз» менен «сиз» да биринчи менен экинчи жактын жана экинчи жактын өз ара айкашуулары нан турган болуш керек деп болжолдоого болот **(би+си>биз, си+си>сиз).** Ушинтип, биринчи эки жактын көптүк түрүнүн аягындагы **«з»** тыбышы өзүнүн чыгышы жагынан **«си»** деген ат атооч менен байланышат деп жогорку айтылган мүчөлөнүү (аффиксальный способ) жолунан башкача да карачөлөнүү лышы мүмкүн. Биринчи эки жактын көптүк түрү биринчи эки

[1] Г. И. Рамстед. Введение в алтайское языкознание, 71-бет.

[2] О. Бётлингдин бул пикири жөнүндө караңыз: Л. Н. Харитонов. Современный якутский язык, 155-бет.

жактын өз ара айкашууларынан турушун кубаттаг пикирди Л. Н. Харитоновдун[1] жана С. Е. Маловдун[2] эмге нен да табабыз.

Структуралык окшоштукка негизделген бул экинчи пик дин пайдасына төмөнкүдөй далилди да кошумчалоого бол **«Мен»** жана **«сен»** мааниси боюнча сүйлөөчү менен тындоо ну, өзүнүн жаратылышы боюнча жалгыз конкреттүү перс ду билдирет. Ошондуктан **«би, си»** дегендерге мүчөнүн кош лушу аркылуу эле булар бир канча **«мен»** жана **«сен»** бол кетиши мүмкүн эмес, бирок сүйлөөчү жана тындоочунун кирген коллективдин башка мүчөлөрү болушу мүмкүн. Мы дай коллективдик түшүнүк байыркы убакта кайталану мүмкүн болбогон **«мен»** жана **сен**'дин көбөйүшү аркыл эмес, **«мен** жана **сен**'дин кошулушу аркылуу берилген бол шу мүмкүн.

Эгерде иш, чындыгында эле, тарыхый жагынан ушунд болгон болсо, эмне үчүн анда байыркы кездеги **«си»** сыяк эле жеке персонду билдирүүчү жана кайталанбоочу **«сен»** ген ат атоочко азыр — лар айкашат (казахча, каракалпак **сендер**, кырг. **силер**)? деген суроо келип чыгышы мүмкүн. Б суроого жооп берүүдөн мурда ар бир нерсе өзүнүн убагын гы тарыхый доорго байланыштырылып каралууга керек эк дигин айтууга тийишпиз.

Табыш жөндөмөсүнүн формасы байыркы түрк тилдерин эки түрдүү колдонулган. Табыш жөндөмөсүнүн **-ыг** (үндүү үчүн -г) формасы зат атоочтор үчүн колдонулган: **атыг, кис каганыг** ж. б. Ал эми ат атоочтордо болсо табыш жөндөмөс нүн азыркыдай формасы колдонулган: **бизни, буну, булар** ж. б. Мына ушуга карап, П. Мелиоранский табыш жөндөм сүнүн азыркы формасы башында ат атоочторго гана колдону ган, кийин аналогия закону боюнча атоочтордун жөндөл шүндө да колдонулуп калган, б. а. **-ыг** форма кийин **-ны** а кылуу сүрүлүп, колдонулуудан чыгып калган болуу керек д ген ыктымал пикирди айткан.[3]

Ушуга окшогон кубулушту биринчи эки жактын аягынд гы **-з** менен экинчи жактын жекелик одоно түрүнө жалга ган **-лар** мүчөсүнүн ортосунан көрүүгө болот. Түрк тилин байыркы жазма эстеликтеринен **бен, мен** (кийинкиси енисе эстеликтеринде), **биз, сиз, сен** (енисей эстелигинен **сен** ди ке зиктире алганыбыз жок) деген жекелик жана көптүк мааниде ги аг атоочтор кезигет. Бирок енисей, орхон эстеликтерине

[1] Л. Н. Харитонов. Аталган эмгек, 156-бет.
[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 52-бет.
[3] П. Мелиоранский. Памятник в честь Кюль-Тегина, 23-бет.

азыркы кыргыз тилиндеги экинчи жактын жекелик одоно түрүнүн жана жекелик сылык түрүнүн көптүк формалары «силер» менен сиздер ди кезиктире алганыбыз жок (стилдик оборотторду азыркы кездеги «биздер» формасын айтпаганда да). **-лар** мүчөсү аталган эстеликтерде I, II жактагы ат атоочторго эмес, көбүнчө зат атоочторго жана шилтеме ат атоочторго **(булар, улар)** жалганган. Болгондо, ал кезде **-з** элементинин көптүк идеяны билдириш үчүн биринчи эки жактын жекелик түрүнө жалганышы эле жетиштүү болсо керек.

Зат атооч жана ат атоочтордун башка түрлөрүнө жалганган **-лар** мүчөсү тилдин кийинки өсүш процессинде окшоштук боюнча **«би, си»** сыяктуу эле жекеликти билдирүүчү **«сен»** деген ат атоочко да жалганып, **-з** элементи биринчи эки жактан башкалардын бардыгында **-лар** мүчөсү тарабынан сүрүлгөн да болушу мүмкүн. Ал эми **«сиз»** деген ат атоочко жалганышы болсо, биринчи жагынан, ушуга байланыштуу болсо, экинчи жагынан, **«сиз»** дегендеги **«з»** баштапкы көптүк маанисин жоготуу аркасында өз алдынча бүтүн сөз катарындагы сенек формага айланып, экинчи негиз катарында **-лар** мүчөсүн кабыл алууга жетишкен. Буга окшогон кубулушту түрк тилдеринен башка тилдерден да көрүүгө болот.

Жогоруда аталган тарыхый документтердеги материалдарга караганда, биринчи эки жактын жекелик түрлөрүнүн өз ара биригиши аркылуу көптүк идеяны билдирүү орхон-енисей эстеликтеринен мурун, ал эми ал ат атоочторго **(сен+лар>сендер, силер** жана **сиздер) -лар** мүчөсүнүн жалганышы орхон-енисей эстеликтеринин доорунан кийин пайда болгон болуу керек.

Биринчи эки жактын көптүк түрү үчүн колдонулуучу **«биз»** жана **«сиз»** (кырг. тилинде **«сиз»** жекелик сылык форма) деген ат атоочтордун составдык элементтерин кароо менен бирге, өтө эле болжолдуу түрдө болсо да, ушул убакка чейин изилдөөчүлөрдүн көз жаздымында калып келаткан дагы бир маселеге токтоло кетүүбүз керек.

Көпчүлүк изилдөөчүлөр беттеме ат атоочтун биринчи жагынын жекелик **(мен, бен)** жана көптүк **(биз)** түрүнүн уңгусун **би** деп эсептешип, аны кээде монгол тилиндеги ушул эле маанидеги **«би»** менен салыштырса да, түркологиялык адабияттарда тарыхый жагынан анын **(би'нин)** кандай сөз экендиги айтылбай келе жатат.

Монгол жана тунгус тилдеринде да **бие** деген сөз бар. Ал монгол тилинде[1] 1) дене, организм (тело, организм); 2) бой (рост); 3) өзү (личность), керт башы (особа) жана өзү (сам,

[1] Монгольско-русский словарь, под общей редакцией А. Лувсандэндэва, М., 1957, 68-бет.

лично) деген маанини, ал эми тунгус, маньчжур тилдерин киши, дене, өзү деген маанилерди билдирет. Болгондо, баш жактама ат атооч менен өздүк ат атоочтун ортосунда азы кыдай чоң айрым болбогон болуу керек. Жактама жана с дүк ат атоочтук түшүнүк бири бирине жакын болгондукта алар үчүн бир эле жалпы негиз колдонулган болуу керек шет. Мисалы, А. Ф. Бойцова монгол жана тунгус—маньчж тилдериндеги биринчи жактын жекелик түрү үчүн колдонул чу **«би»** жана өздүк ат атооч тарыхый жагынан жогоруда тылган ушу **«бие»** деген сөз менен байланыштуу деп карайт

А. Ф. Бойцованын тунгус-маньчжур тилдери боюнча б айткандын, биздин пикирибизче, түрк тилдеринде да колд нууга болот. Азыркы түрк тилдеринде да **бой** (<байыркы түр чө **бод** — дене, өзү (тело, существо) деген сөз бар. Бул сө дүн кыргыз тилиндеги бойлуу (<бой+луу), бой кетти (өз эле кетти), бүткөн **боюм** ооруйт деген маанисин жана сиб түрк тилдериндеги (алт., шор., хакас) өздүк ат атоочтук ма ниде колдонулушун эсепке алганда, түрк тилдеринде да б сөз монгол жана тунгус-маньчжур тилдериндегидей эле маан де колдонулат деп эсептешке болот. Мындай маанисинин о шоштугуна жана фонетикалык жакындыгына караганда, түр тилдериндеги **бой** жана **бод** монгол, тунгус тилдериндеги би менен башта тек жагынан бир болгон болуу керек. Ал эм **бод, бой** жана **бие** болуп ар түрдүү формада болуп калыш болсо — бул тилдердин кийинки өсүш процессиндеги фонет калык кубулуштун көрүнүшү. Баштапкы дене, өзү (тело, с щество) деген маанидеги «бод» деген сөздүн фонетикалы өзгөргөн формасынын азыркы кээ бир түрк тилдеринде өздү ат атоочтук мааниде колдонулушу, анын дифтонг формасын дагы «бие» деген түрү монгол, тунгус тилдеринде да өздүк атооч катарында колдонулушу мунун (бие'нин) **би(>ме-н ми-н)** деген жактама ат атоочтун негизине да жатышы ык тымал экендигин көрсөтөт.

Бул өтүштөрдү төмөнкүдөй схема менен көрсөтүүгө болот **бод>бие** — дене, организм (тело, организм) >**өз** (сам)>ме (я).

«Бод» деген сөздүн семантикалык өнүгүшүн **болжол** болс да төмөнкүдөй схема менен көрсөтүүгө болог, бирок дагы тактапышы мүмкүн:

бой

түрк

бой, поз, пос—өз-;

бой (рост) (алт., хакас, шор.)

[1] А. Ф. Бойцова. Категория лица в эвенкийском языке, М.—Л. 1940, 68—72-бет.



Эми биринчи жактын жекелик түрүнүн аягындагы **-н** элементинин чыгышына да токтоло кетүүбүз керек.

Бул эки жактын аягындагы **-н**, жогоруда айтылгандай, жекеликтин белгиси, **«нец»** деген сөздүн калдыгы деп болжолдонот, бирок ал башкача да жоромолдонушу мүмкүн.

Биринчи эки жактын аягындагы **-н**'дин чыгышы жөнүндөгү маселени кароодо да тунгус-маньчжур тилдеринин материалдарына кайрылууга туура келет. Тунгус-маньчжур тилдери, айрыкча монгол тилдери, түрк тилдериндеги этимологиясы жагынан белгисиз болгон сөздөрдүн жана грамматикалык формалардын айрымдарынын тарыхый чыгышын чечүүгө чоң жардам берет.

Тунгус тилинде биринчи эки жактын жекелик жана көптүк түрлөрү негизги жөндөмөдө гана **би, си, бу, су** болгону менен, калган кыйыр жөндөмөлөрдүн бардыгында буларга **«н»** тыбышы кошулат. Мунун натыйжасында биринчи жактагы ат атоочтун башкы **«б»** тыбышы мурунчул **«м»** тыбышына өтөт. Ушунтип, биринчи жана экинчи жактагы ат атоочтордун кыйыр жөндөмөлөрдөгү негизи болуп жекелик түрү үчүн **мин, син** көптүк түрү үчүн **мун, сун** эсептелет. Жөндөмө мүчөлөдүн бардыгы ушул негизге жалганат.[1]

Кыргыз жана башка түрк тилдеринин биринчи эки жагынын жекелик түрүнүн **(бен||мен||мин, сен||син)** аягындагы «н» тыбышы да кыйыр жөндөмөлүк негизден акырындык менен уңгунун ажыралгыс бөлүгүнө айланып, атооч жөндөмөсүндө колдонулуучу уңгу катарында кабыл алынып калышы да[2] мүм-

[1] Караңыз: О. А. Константинова и М. П. Лебедев. Эвенкийский язык, учебное пособие для педагогических училищ, М.—Л., 1953, 111-бет.

[2] Биринчи эки жактын жекелик түрү башта эле н менен айтылган. Монгол тилдеринде мунун **би, си** болуп айтылышы кийинки мезгилдеги болгон кубулуш делинип, **бен, сен** дин тарыхый жагынан туунду сөз болуу керек дегенге карама каршы пикир да бар. Караңыз: 62-примечание, Г. И. Рамстедт. Введение в алтайское языкознание, 232-бет.

күн. Мындай тескери процесстин мүмкүн экендигин чуваш т
линин ат атоочторунан да көрүүгө болот. Анда биринчи э
жактын жекелик түрү, монгол жана тунгус тилдериндеги
негизги жөндөмөдө кошумча элементсиз **эпе** (мен) жана э
(сен) болгону менен, калган кыйыр жөндөмөлөрдө ат атоо
тук негиз катарында буларга «н» кошулуп, **эпен** (мен) жа
эсеп (сен) болуп өзгөрөт. Ал эми жөндөмө мүчөлөрү бол
ошол -н'ге жалганат. Бул жагынан алганда чуваш тилин
материалы кыйыр жөндөмөлөрдөгү ат атоочтун **-н** неги
калган түрк тилдеринде негизги жөндөмөгө уңгу катарын
калыптануусунун өткөөл мезгилин көрсөтөт. Орхон-енисе
эстеликтеринде ат атоочтун **«би»** жана **«си»** деген түрлөрүн
жоктугуна караганда, кыйыр жөндөмөдөн **-н** негизи ун
катарында негизги жөндөмөгө калыптанышы алардан (ор
ен. жазууларынын мезгилинен) алда канча мурун болгон б
луу керек деп болжолдоого мүмкүндүк берет.

Тилде мындай кошумчаланган тыбыштын негиз катары
да кабыл алынышынын мүмкүн экендиги **ал** деген ат атоочт
табыш жөндөмөсүндөгү формасы[1] боюнча (ал—табыш: **ан**
жатыш: **ан+да—анда**, чыгыш: **ан+дан—андан**) жана кыйы
түрдө бул ат атоочтун үндүү тыбышы менен да ырасталыш
мүмкүн. Байыркы орхон, енисей жана уйгур эстеликтерин
үчүнчү жак үчүн негизги жөндөмөдө **«о»** жана **«ол»** формас
колдонулган. Эринсиз формасы— **ал** кезикпейт. Бирок кыйы
жөндөмөлөрдө жөндөмө мүчөлөрдүн таасиринен м
нун эринсиз ачык үндүү формасы колдонулга
[**анда, ану** (<ол) —**аны, ага** (<ол) —ага, **ана**
(<ол) — **ага** ж. б.] Ушунун сыңарындай эле, кыйыр жөндөм
мүчөлөрүнүн таасири астында эринчил форманын эринсизг
өткөн форасы — **ал** кыргыз жана башка түрк тилдеринде не
гизги жөндөмө формасында колдонулуп калган болуу керек

Кыйыр жөндөмөлөрдө пайда болгон негиз кийин уңгу ка
тарында атооч жөндөмөдө да колонууга мүмкүн экендиги да
гы турция жана орус тилдеринин[2] материалдары менен да э
сонун далилдениши мүмкүн. Турция, азербайжан тилдеринд
атооч жөндөмөдө «бу, о» болгону менен, булардын көптүк т
рү, кыргыз тилиндегидей, уңгуга тике жалганып, булар, олар
болбостон, кыйыр жөндөмөлүк **-н** негизине жалганып **бунлар**

[1] Караңыз: С. Кудайбергенов. Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү с
стемасы, Фрунзе, 1957, 109-бет.

[2] Ал эми орус тилинде болсо байыркы убакта үчүнчү жактагы ат атоо
болгон эмес. Үчүнчү жак буларда байыркы убактагы и, я, е деген шилте
ме аг атоочтордун кыйыр жөндөмөлөрдөгү формаларынан чыгып, кийи
бул кыйыр жөндөмөлөрдөгү негиз үчүнчү жак катарында атооч жөндөме
сүндө да колдонулуп калган (П. Я. Черных, Историческая грамматика
русского языка, М., 1954, 206—207-беттер).

онлар болуп колдонулат. Бул айтылгандардын баары байыркы убактагы «ол» деген ат атоочтун кыргыз тилинде **«ал»** болуп колдонулушунун жана **мен, сен** деги **«н»** тыбышынын кийин атооч жөндөмөсүндө колдонулуп калышын ырастайт.

Жактама ат. атоочторго байланыштуу дагы бир көңүлгө аларлык маселелердин бири—көптүк түрүндө кээ бир ат атоочтор алгачкы формасын өзгөртүп жибере тургандыгы.

Кыргыз тилинде үчүнчү жана экинчи жактын жекелик түрү **ал, сен** болсо да, булардын көптүк түрү **аллар, сендер** болуунун ордуна «алар», «силер» болуп уңгудагы «л» жана «н» тыбыштары түшүп калат, жана сен дин уңгусундагы кең үндүү «э» күүш «и» тыбышына өтөт. Кыскасын айтканда, бул эки жакка **-лар** мүчөсү жалганганда, ат атооч фонетикалык жагынан өзгөрүүлөргө дуушар болот.

Фонетикалык мындай өзгөрүүлөргө жана экинчи жактагы ат атоочтун эң баштапкы формасынын **«си»** экендигине карап, **-лар** мүчөсү үчүнчү жактагы **а** га же болбосо **«си»** деген ат атоочко жалганган экен деп ойлоого жарабайт. Ушу сыяктуу эле **«силер»** дегендин уңгусундагы ичке үндүүгө карап, муну **сиз** дин аягындагы **«з»** тыбышы түшүп калгандагы формага **-лар** мүчөсү жалганган экен деп, **«силерди» «сиз»** менен да байланыштырууга болбойт. Булардын уңгусу болуп **«сен»** жана **«ал»** эсептелет. Бирок буларга **-лар** мүчөсү жалганганда уңгуларынын бузулушу кыргыз жана башка кээ бир түрк тилдериндеги фонетикалык өзгөчөлүккө негизделген.[1] Аягы **«н»** менен бүткөн кээ бир сөздөргө **-д, -л, -н** менен башталган мүчөлөр жалганганда же болобосо тескерисинче **л+н** болгон учурда ээрчишүү закону боюнча эки **«н»** пайда болот да, аның бирөө кыскарып калат. Мисалы:

н+н>нн>н: мен+нын>меннин>менин
л+н>нн>н: ал+нын>аннын>анын.

Алтайча **эне-зи-н+дан>энезиннен>**энезинен.[2]

«Ал» жана **«сен»** деген ат атоочторго **-лар** мүчөсү жалганганда, уңгунун аягындагы **«л»** жана **«н»** тыбыштары эки эселенип, анын бирөө жогорку жактама ат атоочтордогудай болуп түшүп калган болуш керек:

ал+лар>аллар>алар,
сен+лар>селлер‖силлер>силер.

Ушундай болуунун теориялык жагынан мүмкүнчүлүгү каракалпак тилинде жогоркудай формалардын колдонулушу менен да ырастала алат. Мисалы, каракалпак тилинин түштүк

[1] Караңыз: С. Кудайбергенов. Аталган эмгек, 109, 112-бет.

[2] Грамматика алтайского языка, составлена членами Алтайской миссии, 45-бет.

батыш диалектисинде **слер, селлер, силлер**[1].—кырг. **силер.** Башкача айтканда, каракалпак тилинде ат атоочтук **(сен) -лар** мүчөсү жалгангандагы форма менен анын тилиндегидей болуп кыскарылышынын ортосундагы формасы сакталган. **уңгуга кыргыз өткөөл**

Башка тилдердеги (орус) таандык ат атоочтук маани түрк тилдеринде илик жөндөмө аркылуу берилет. Мисалы, **менин** (мой) **китебим** ж. б. Таандык маани мындан башка **-ныкы** (<нын+кы) формасы аркылуу да берилет, жана бул адатта мектеп грамматикаларында таандык ат атооч деп натуура аталып келе жатат. Мунун өз алдынча ат атооч болушуна да эч бир негиз жок.[2] Анткени бул мүчө ат атоочко (жактама, шилтеме) гана эмес, зат атооч жана заттык мааниде колдонулган башка сөз түркүмдөрүнө да жалганат. Ошондуктан **-ныкы** формасындагы ат атоочторду шилтеме, сурама ж. б. ат атоочтор менен бирдей даражада коюуга болбойт.[3]

2. Шилтеме ат атоочтор

Мейкиндик жана мезгилдик мамилелердин негизинде заттарды башкалардан бөлүп көрсөтүүчү ат атоочтор шилтеме ат атоочтор деп аталат.

Кыргыз тилндеги шилтеме ат атоочтор, негизинен, башка тектеш тилдердеги шилтеме ат атоочторго окшош, бирок кыргыз тилинде фонетикалык өзгөрүүлөргө жана ар кандай кошумчалануу га (наращениелерге) дуушар болуунун натыйжасында алардын составы бир топ толукталган. Анын үстүнө башка тектеш тилдерден да кезигүүчү шилтеме атоочтордун негизги түрлөрү кыргыз тилинде толук жана кыскарган болуп эки түрдүү формада колдонулат.

Кыргыз тилиндеги негизги шилтеме ат атоочтордун составы: 1) **бу—бул,** 2) **ушу—ушул,** 3) **ошо-ошол,** 4) **тиги—тигил.** Мындан башка төмөнкүдөй да шилтеме ат атоочтор бар: **тээ, тетиги—тетигил, тээтетиги—тээтетигил; береги, тээбереги, тетереги‖төтөрөгү; мынабу, мобу; мына бөрөгү‖мына береги‖бобереги‖мобереги, мүнөгү, өнөгү, тетиногу.**

[1] Н. А. Баскаков. Личные и лично-притяжательные местоимения в каракалпакском языке, Тюркологический сборник, № 1, М.—Л., 1951, 56-бет.

[2] Караңыз: Ф. Г. Исхаков. Аталган эмгек, 234-бет.

[3] Бул (-ныкы) таандык категориясынын бир формасы катарында ганза каралууга тийиш. Ошон үчүн анын мааниси мында берилген жок, бул изилдөөнү талап кылуучуу башка маселе (Караңыз: С. Кудайбергенов. Кыргыз тилиндеги сөз өзгөртүү системасы, 99—100-беттер).

Шилтеме ат атоочтун негизги төрт түрүнөн башкалары негизинен Чүй говорунун материалы боюнча берилди. Мындагы Чүй жана Талас говорунун материалдарына караганда кыргыз тилинин түндүк жана түштүктөгү калган говорлорунда да шилтеме ат атоочтордун башка туунду формалары бар болууга керек. Булардын кээ бирөөлөрү (Талас говорунуку) казак тилинин модели боюнча түзүлгөн болсо, кээ бирөөлөрү негизги ат атоочтордун өз ара айкашуусу жана мүчөлөрдүн айкашуусунан турган болуу керек.

Кыргыз тилиндеги шилтеме ат атоочтордун көпчүлүгү башка тектеш тилдердеги шилтеме ат атоочтор менен негизинен жакын.

Түрк тилдериндеги шилтеме ат атоочторду классификациялоодо бирдиктүү принцип жок. Кээ бирөөлөрү (А. Н. Кононов[1]) шилтеме ат атоочторду сүйлөөчүгө карата болгон мейкиндик мамилеси боюнча бөлүштүрсө, кээ бирөөлөрү (Н. К. Дмитриев[2]) мейкиндик жана хронологиялык мааниси боюнча бөлүштүрөт. Үчүнчү бирөөлөрү (Н. А. Баскаков[3]) конкреттүү жана конкретсиздигине карата белгилешет. Кыргыз тилиндеги шилтеме ат атоочтордун **(бу, ошо, ушу, тиги, ал)** мааниси ар түрдүү. Мисалы, шилтеме ат атооч **«бу»** жана **«ушу»** мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган объектини билдиргени менен, мезгилдик мааниси жагынан ар түрдүү. **«Ушу»** көрсөткөн зат сүйлөөчүгө башта белгилүү, аны менен сүйлөөчү башта тааныш болсо, **«бу»** көрсөткөн зат сүйлөөчүгө башта тааныш жана тааныш эмес да болушу мүмкүн. Ушинтип, «бу» менен **«ушу»** мейкиндик мамилеси боюнча бири-бири менен жакындашса, мезгилдик мамилеси боюнча бири-биринен алысташат. Ушу сыяктуу эле «трех степенное удаление» жөнүндө айтууга болот. Кыргыз тилиндеги шилтеме ат аточтор бул принцип боюнча да так бөлүнө албайт. Бул принципке кыргыз тилинде **«бу»** (жакын), **«тиги»** (обочороок) **«тетиги»** (алыс), **«тээтетиги»** (андан да алыс турган зат) туура келет, бирок калган ат атоочтор **(ошо, ушу)** туура келбейт. Демек, кыргыз тилиндеги шилтеме ат атоочторду, башка тилдердегидей кылып, бирдиктүү принцип боюнча бөлүштүрүүгө мүмкүн эместей сыяктанат. Ошондуктан маанисинин өзгөчөлүгүнө карата эле ар бирине жекече мүнөздөмө берүүгө туура келет.

[1] Грамматика современного турецкого литературного языка, 17-бет.

2. Н. К. Дмитриев. Наречия места в турецком языке, сб. «Памяти академика Льва Владимировича Щербы», Л., 1951, 155—156-бет. Салыштыр: Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 98-жана кийинки беттер.

[3] Н. А. Баскаков. Каракалпакский язык, II, фонетика и морфология, 270—271-беттер.

Шилмете ат атооч **бу(л)** [<**бу+ол**)[1]] мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган затты көрсөтөт. Ал зат сүйлөөчүгө башта белгилүү же болбосо белгисиз да болушу мүмкүн. Шилтеме ат атоочтор аркылуу зат жайынча жана атайы дааналап, күчөтүлүп да көрсөтүлөт. Зат жайынча көрсөтүлгөндө көрсөтүлүүчү зат ат атооч менен айкашат. Дааналап, күчөтүлүп көрсөтүлгөн учурда ат атооч менен зат аркылуу берилген аныктоочтук айкашууга «мына» деген сөз кошулат (**мына бу**)[2] да, ал ат атоочтон мурун келет. Затты ат атоочтор аркылуу дааналап, күчөтүп көрсөтүү речти эмоционалдуу жана экспрессивдүүлүккө алып келет. Мисалы:

Мына бул жер
Мундуулардын энеси!
Мына бул жер
Өткөн кордук элеси!
Ачкалыктан
Курбум өлүп **бул** жерде
Калган эле
Көмүлбөстөн денеси!... *(Жусуптан)*.

— Балам, **мына бул** боорду бышырып жеп отургула (Жантөшевдөн).

Шилтеме ат атооч **«бул»** данаалап күчөтүп көрсөткөн учурда кээде заттын ордуна сүйлөөчү жакты — ат атоочту да көрсөтүп калышы мүмкүн. Бирок мындан анын жогорку мааниси өзгөрбөйт:

Мына бул мен
Эмгек менен жүрөмүн *(Жусуптан)*.

Шилтеме ат атооч **«бул»** дайыма эле нагыз шилтемелик мааниде колдонула бербейт, кээде ал үчүнчү жактагы жактама ат атооч сыяктуу мурунку сүйлөмдө айтылган конкреттүү затты кийинки сүйлөмдө да кайталай бербес үчүн стилдик ыкма (анафорическое использование) катарында да колдонулат. Мындай учурда ат атооч мурунку сөздүн ордуна колдонулат. Кээде ал бүт сүйлөмдүн же болбосо андагы ойдун бардыгына да тиешелүү болушу мүмкүн. Стилдик ыкма катарында колдонулганда да баштапкы маанисинен анчалык алыстабайт, жаңы эле сөз болунган затты көрсөтөт. Шилтеме ат атоочтордун стилдик ыкма катарында колдонулушу көпчүлүк учурда аларды заттанууга алып келет. Мисалы:

«Мандикерге кеткендердин үй-бүлөөлөрү жөнүндө камкордук көрөбүз деп коюшат», **бул** барып турган алдамчылык эмеспи! (Абдукаримовдон).

Береги тоо этегинен бери мөмөлөгөн алма, өрүгүнө көзүм тойду. **Буларды** кимдер жеп түгөтөт, чиркин! (Сыдыкбековдон).

Согуштун башталышына үч жыл болуп калса да, кыргыз, өзбек, тажик жана башка ушу сыяктуу элет калктан аскерге алуу, уруш майданына жиберүү такыр болгон эмес. **Муну** (тыл жумушуна жиберүүнү—С. К.) биз бөтөнчө алкыш айтуу менен эстөөгө тийишпиз (Абдукаримовдон).

Ат атоочтун заттык мааниде колдонулушу түрдүүчө болот: бир жагынан, ат атооч мурда айтылган сөздүн же сүйлөмдөгү айтылган ойдун ордуна колдонулат, экинчи жагынан, өзү менен бирге айтылган аныкталгычынын ордуна колдонулат. Бул боюнча алганда сын атооч менен ат атоочтун заттык мааниде колдонулушу биримдикти түзөт дешке болот.

Салыштыр:

I а) **бу кишиге** бердим—**буга** бердим;
б) кызыл карындашты алдым—**кызылды** алдым;
II а) үйдүн жанында омоктуу бир ат турган—**муну** (—бул атты) минген киши жыгыла турган эмес.
б) магазинде **кызыл, көк** батинке бар экен. **Кызылын** Айша алды, **көгүн** мен алдым ж. б.

Шилтеме ат атооч **«бу»** кээде мурдагы айтылган факт белгилүү болуп турса да, аны эске түшүрүү үчүн (анамнестические использования) колдонулат.[1] Мындай учурда аныктоочтук айкашууга **бу** ж. б. ат атоочту кошпой айтууга мүмкүн болот. Мисалы:

-лык мүчөсү — советтик — интернационалдык сөздөрдөн да сын атоочту жасоодо өнүмдүү мүчөлөрдүн бири:
Коммунисттик көз караш, **партиялык** принцип ж. б.

Жүргөн экен **(бул) Жума,**
Менин ким экеним кенебей *(Жантөшевден)*.

Кээде, тескерисинче, мурдагы айтылган сүйлөмдөн кийин кийинки сүйлөмгө шилтеме ат атооч кошулуп айтылбаса, мурунку сүйлөмдөгү ой менен кийинки сүйлөмдөгү ой бири-бири менен байланышпай калат. Айкашканда да мурдагы сүйлөмдөгү сөз кандай сөз болсо, кийинки сүйлөмдө да ошо сөз мед

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 100-бет.
[2] Кээде **«мына бу»** фонетикалык жагынан өзгөрүп жана кыскарган формада **мобу** болуп да колдонулат жана ал оозеки речте басымдуулук кылат.

[1] Шилтеме ат атоочтун анаместикалык колдонулушу жөнүндө караңыз: Ф. Д. Ашнин. Принципы дифференциации турецких указательных местоимений. Журн. Вопросы языкознания, № 2, 1958.

Шилмете ат атооч **бу(л)** [<**бу+ол**)[1]] мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган затты көрсөтөт. Ал зат сүйлөөчүгө башта белгилүү же болбосо белгисиз да болушу мүмкүн. Шилтеме ат атоочтор аркылуу зат жайынча жана атайы дааналап, күчөтүлүп да көрсөтүлөт. Зат жайынча көрсөтүлгөндө көрсөтүлүүчү зат ат атооч менен айкашат. Дааналап, күчөтүлүп көрсөтүлгөн учурда ат атооч менен зат аркылуу берилген аныктоочтук айкашууга «мына» деген сөз кошулат (**мына бу**)[2] да, ал ат атоочтон мурун келет. Затты ат атоочтор аркылуу дааналап, күчөтүп көрсөтүү речти эмоционалдуу жана экспрессивдүүлүккө алып келет. Мисалы:

Мына бул жер
Мунду**у**лардын энеси!
Мына бул жер
Өткөн кордук элеси!
Ачкалыктан
Курбум өлүп **бул** жерде
Калган эле
Көмүлбөстөн денеси!... *(Жусуптан)*.

— Балам, **мына бул** боорду бышырып жеп отургула (Жантөшевдөн).

Шилтеме ат атооч **«бул»** данаалап күчөтүп көрсөткөн учурда кээде заттын ордуна сүйлөөчү жакты — ат атоочту да көрсөтүп калышы мүмкүн. Бирок мындан анын жогорку мааниси өзгөрбөйт:

Мына бул мен
Эмгек менен жүрөмүн *(Жусуптан)*.

Шилтеме ат атооч **«бул»** дайыма эле нагыз шилтемелик мааниде колдонула бербейт, кээде ал үчүнчү жактагы жактама ат атооч сыяктуу мурунку сүйлөмдө айтылган конкреттүү затты кийинки сүйлөмдө да кайталай бербес үчүн стилдик ыкма (анафорическое использование) катарында да колдонулат. Мындай учурда ат атооч мурунку сөздүн ордуна колдонулат. Кээде ал бүт сүйлөмдүн же болбосо андагы ойдун бардыгына да тиешелүү болушу мүмкүн. Стилдик ыкма катарында колдонулганда да баштапкы маанисинен анчалык алыстабайт, жаңы эле сөз болунган затты көрсөтөт. Шилтеме ат атоочтордун стилдик ыкма катарында колдонулушу көпчүлүк учурда аларды заттанууга алып келет. Мисалы:

«Мандикерге кеткендердин үй-бүлөөлөрү жөнүндө камкордук көрөбүз деп коюшат», **бул** барып турган алдамчылык эмеспи! (Абдукаримовдон).

Береги тоо этегинен бери мөмөлөгөн алма, өрүгүнө көзүм тойду. **Буларды** кимдер жеп түгөтөт, чиркин! (Сыдыкбековдон).

Согуштун башталышына үч жыл болуп калса да, кыргыз, өзбек, тажик жана башка ушу сыяктуу элет калктан аскерге алуу, уруш майданына жиберүү такыр болгон эмес. **Муну** (тыл жумушуна жиберүүнү—С. К.) биз бөтөнчө алкыш айтуу менен эстөөгө тийишпиз (Абдукаримовдон).

Ат атоочтун заттык мааниде колдонулушу түрдүүчө болот: бир жагынан, ат атооч мурда айтылган сөздүн же сүйлөмдөгү айтылган ойдун ордуна колдонулат, экинчи жагынан, өзү менен бирге айтылган аныкталгычынын ордуна колдонулат. Бул боюнча алганда сын атооч менен ат атоочтун заттык мааниде колдонулушу биримдикти түзөт дешке болот.

Салыштыр:

I а) **бу кишиге** бердим—**буга** бердим;
б) кызыл карындашты алдым—**кызылды** алдым;
II а) үйдүн жанында омоктуу бир ат турган—**муну** (—бул атты) минген киши жыгыла турган эмес.
б) магазинде **кызыл, көк** батинке бар экен. **Кызылын** Айша алды, **көгүн** мен алдым ж. б.

Шилтеме ат атооч **«бу»** кээде мурдагы айтылган факт белгилүү болуп турса да, аны эске түшүрүү үчүн (анамнестические использования) колдонулат.[1] Мындай учурда аныктоочтук айкашууга **бу** ж. б. ат атоочту кошпой айтууга мүмкүн болот. Мисалы:

-лык мүчөсү — советтик — интернационалдык сөздөрдөн да сын атоочту жасоодо өнүмдүү мүчөлөрдүн бири:
Коммунисттик көз караш, **партиялык** принцип ж. б.

Жүргөн экен **(бул) Жума,**
Менин ким экеним кенебей *(Жантөшевден)*.

Кээде, тескерисинче, мурдагы айтылган сүйлөмдөн кийин кийинки сүйлөмгө шилтеме ат атооч кошулуп айтылбаса, мурунку сүйлөмдөгү ой менен кийинки сүйлөмдөгү ой бири-бири менен байланышпай калат. Айкашканда да мурдагы сүйлөмдөгү сөз кандай сөз болсо, кийинки сүйлөмдө да ошо сөз ме-

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 100-бет.
[2] Кээде **«мына бу»** фонетикалык жагынан өзгөрүп жана кыскарган формада **мобу** болуп да колдонулат жана ал оозеки речте басымдуулук кылат.

[1] Шилтеме ат атоочтун анаместикалык колдонулушу жөнүндө караңыз: Ф. Д. Ашнин. Принципы дифференциации турецких указательных местоимений. Журн. Вопросы языкознания, № 2, 1958.

нен гана айкашат. Эгерде мурдагы сүйлөмдө ой жалпы болуп, конкреттүү сөз берилбеген болсо, анда анын маанисине карата тийиштүү сөз тандалып алынып, ат атооч ошо сөз менен айкашат. Шилтеме ат атооч **бул** дун стилдик ыкмадагы байланыштыргыч мындай ролун төмөнкү эки мисалдан ачык байкоого болот. Мисалы:

1 **Кабарчы** бала кеп айтат:
«Табылды келди»—деп айтат
. . . . . .
Бул кабарды укканда
Жоргону жолго салды эми...
(Эр Табылды).

II Ак элечегин каркырадай кылып кудагыйы Канышка бурула карап:

— Апей ботом, салтың гана? Сен да жем жегенди билип, түлкү аларды унутайын дейсиңби? Келин алчу киши алгач тоюна камынат! **Бул сөзүнөн** кийин Айымжан байбиче тойго камынды (Сыдыкбековдон) (мындан мурунку сүйлөмдөрдө «сөз» жок болчу!) ж. б.

2) Шилтеме ат атооч **ушу(л)**[<уш+ол[1]] мейкиндик жагынан сүйлөөчүгө жакын турган жана башта ага белгилүү болгон затты көрсөтөт. Затты мейкиндик жагынан көрсөтүүсү боюнча шилтеме ат атооч «бул» менен биримдикти түзөт. Бирок мезгилдик мааниси боюнча андан айырмаланат. Ат атооч «ушу» бу'га караганда конкреттүү затты көрсөтөт, анткени «ушу» көрсөткөн зат сүйлөөчүгө башта белгилүү болгон болот.

Шилтеме ат атооч «ушу» да «бул» сыяктуу затты жайынча, аны бир өңчөй заттардан атайын дааналап, күчөтүп көрсөтүү үчүн жана стилдик ыкма катарында колдонулат. Бул жагынан ат атооч бу га окшош, «бул» жөнүндө айтканды мында да айтууга болот. Ошондуктан кайталоо болбосун үчүн мисалдар менен гана чектелебиз.

I Нагыз шилтеме ат атоочтук мааниси:

а) **Ушул** жерде
Жоонун колу жатышкан,
Ушул жерде
Тапчыл эрлер атышкан!
Ушул жерде
Бели сынып мертинип
Жоонун колу
Бет бага албай качышкан
(Жусуптан).

б) Менин караган жалгыз дөөлөтүм—**мына ушул** жыртык чепкеним, **мына ушул** самсаалаган боз дамбалым, ушул чор баскан, өмүрүндө чарык деген нерсени билбеген кара бутум, эмгекке аябай бышкан **мына ушул** колдорум (Абдукаримовдон).

Шилтеме ат атооч бу га караганда **ушу** нун затты көрсөтүүсү тагыраак. «**Бу**» менен **ушу** нун затты көрсөткөндөгү сатүүсү тагыраак. «**Бу**» менен **ушу** нун затты көрсөткөндөгү салыштырмалуулугу, мисал үчүн, буйрук ыңгайдык этиштик уңгу менен ага -**гын** мүчөсүнүн жалганып айтылышындай (эртен бар—эртеңден калбай **баргын**). «**Бу**» менен **ушу** нун кайсыбы затты күчтүү жана туруктуулук менен көрсөтө тургандыгын төмөнкү салыштыруудан эле байкоого болот: **муну** ал—ушуну ал[1].

Жоробай уруу деген **ушу** (Жантөшевден).

Шилтеме ат атооч «**ушу**» кээде заттын ордуна фактынын натыйжасын да көрсөтүп калат. Мисалы:

— Байдаалы үйдө болсо, бизге ууру батынабы? Эркектин үйдө жоктугу ушу да!... («Ала-Тоо» журн.).

Кош дешет сүйгөн элиң колуң кыса,
Кайгырып, капаланып ичтен сыза.
Талантың ташкындаган укмуш элең
Кантели! Ажал **ушул**, кош бол, **Муса!**
(Мидинден).

II Стилдик ыкма катарында колдонулушу жана заттанышы.

Бирөө бар
Нечен жолу капкандан
Качып чыккан түлкү!
Каткырганына ишенбе
Карынында жатат
Кадимки күлкү.
Буларга түгөнбөс гүл азык
(Жеп жатса да казып)
Коомдун мүлкү.
Ушундайды тап
Ушуларды чак
Чалкан дос!
(Мидинден).

---

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 100-бет. Рабгузинин «Байгамбарлардын тарыхы» (XIV к) деген чыгармасынан шилтеме ат атоочтун уш (вот, вот этот), **убшу** (именно этот) деген формасынын кезигиши **ошол** дун жогоркудай составдык бөлүктөрдөн тургандыгын ырастайт. Мисалы: уш тукатим бу китабни ай йаранлар эр жүзү (Рабгузи, 555-сап. С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 330, 439-беттер).

[1] Караңыз: Ф. Д. Ашнин. Принципы дифференциации турецких указательных местоимений, Вопросы языкознания, № 2, 105-бет.

III Мурдагы фактыны эске түшүрүү, бекемдөө мааниси: Карылар көңүлдүү, жаштар шайыр, тынч күндөрдө секретары колхоз кыштагында **ушул** салтанат менен келип жүргөн (Сыдыкбековдон).

Мындан бир канча километр алыста турган Нарын шаарын айтасың. Ал турсун жаныбыздагы ушу Кара-Балтаны да көрө электир.

Шилтеме ат атооч **«ушу»** сүйлөөчүгө жакын жана ага башта тааныш, белгилүү затты гана көрсөтпөстөн, кээде сүйлөгөн биринчи жактын өзүн да көрсөтүү үчүн колдонулат. Мындай учурда жактама ат атоочтук көрсөтүүчү мааниси бир канча күчөтүлөт. Мисалы:

«Шамырбек датка тирүүсүндө элди кууруду эле, эми өлгөндө да көрүнө тим жатпай, бейбечараны шорго малды. Шорго малганы эмей эмне, **ушул мен байкуштан** эки кой, бир улак алды», —деди мурунку чалдын оң тарабында олтурган дагы бир чал (Жантөшевден).

«Бу» жана **«ушу»** деген ат атоочтордун мейкиндик жагынан болгон жакындыгы кээде конкреттүүлүгүнө же конкретсиздигине карата мезгилдик жагынан да биринин ордуна бирин колдонууга мүмкүнчүлүк туудурат. Мисалы:

Береги эки мамынын ортосунда үймөлөктөшүп, чөптөн күбүлгөн бүр-пырды оттоп жаткан топ таранчы **бул** кектүү добуштан чочушуп... (Сыдыкбековдон).

Ушундай эле пикирди **«ошол»** менен **«ушул»** жөнүндө да айтууга болот.

Баягы жер жайнаган каз, өрдөктү, өрүштөгү жылкыны конокторго көрсөтүп:

— Вот, вот! социалисттик чарба, социалисттик чарба!—деп кубана берет. **Ошол** социалисттик чарбаны өстүргөн демилгелүү директор (Сыдыкбековдон).

3. Шилтеме ат атооч **ошо(л)[ош+ол[1])]** мейкиндик жагынан

[1] В. В. Радлов. Опыт словаря, вып IV, 1150-столбик.

«Кудатгу билик» чыгармасында **ош** (этот) деген форманын бардыгы академик В. В. Радловду азыркы **«ошол»** деген ат атоочту тарыхый жагынан жокоркудай составдык бөлүктөргө бөлүүгө алып келген. «Сөздүктө» **ошо**'го байланыштуу «Кудатгу билик» чыгармасынан төмөнкүдөй мисалдар келтирилген:

Ошол йанлуксус ис парайын тезе арылма сөзүңе ош айдым кезе! — Если ты хочешь безошибочно идти по этому следу, не уставай! Я это сказал на твои слова и кончаю (К. В. 52, 6).

Өлүм тутты пардым келип ош сана. — Смерть меня схватила и я ушел, она пройдет и к тебе (К. В. 146, 2).

Негу теп мени ош көрүмү тоган? — Что он говорит, видит ли он меня (К. В. 166, 1).

Кыратка адады ош ол өктүлмиш — Уму давно было это имя Эктюльмиш (К. В. 7, 20).

Муңар меңзер эмди, эшит ош пу сөз — К этому подходить, слушай это слово (К. В., 31) (В. Радлов. Аталган сөздүк, вып. IV, 1148, 1149-столбик).

алысыраак турган, бирок сүйлөөчүгө башта белгилүү болгон затты көрсөтүп, мейкиндик жагынан **«ушу»** жана **«бул»** деген шилтеме ат атоочторго карама каршы турат. **«Ошо»** деген шилтеме ат атоочту айткан учурда сүйлөөчү **«ошо»** көрсөткөн зат менен бир территорияда, демек, ал зат сүйлөөчүнүн көз алдында турушу мүмкүн, же болбосо ал зат сүйлөөчү менен бир территорияда эмес, демек, сүйлөөчүнүн көз алдында эмес, өтө эле алыста да болушу мүмкүн. Салыштырыңыз: Муну эмес, көрсөткөн **ошо батинкеңизди** бериңиз (зат сүйлөөчүгө жакын, сүйлөөчү аны көрүп турат). Мен да **ошо Бешинчи Тверская-Ямская** көчөсүндө тургам (Фрунзеден туруп Москвадагы бир көчөнү айтып жатат, демек, речтин сүйлөнүп жаткан мезгилинде сүйлөөчү **«ошо»** көрсөткөн заттын территориясынан тышкары да болушу мүмкүн). Шилтеме ат атооч бул'га караганда «ушу» сыяктуу **«ошо»** да затты конкреттүү кылып көрсөтөт. Анткени **«ушу»**, **«ошо»** көрсөткөн зат сүйлөөчүгө баштатан белгилүү. Бирок «ушу»'га караганда **«ошо»** мейкиндик жана мезгилдик жагынан сүйлөөчүгө алысыраактагы нерсени көрсөтөт (**Ошо күндөн ушу күн** К. К. Юдахинден). Шилтеме ат атооч **«ошо»** кээде мурда жаңы эле сөз болунган затты да көрсөтөт.

Кайталоо болбосун үчүн **ошо**'нун билгизген маанилери мисалдар менен берилет.

I Нагыз шилтеме ат атоочтук мааниси:

а) Зарылдын көзү да **ошол олтурган аялда** болучу. Ошентип, жергеси кең жайылган, чарбасы дүркүрөп өркүндөгөн күчтүү коом өсүп келаткан. Бүгүн **ошол коомдун** кең жергесине, түгөнбөс кенчине сугун артып, кекчил кыянат үтүрөйүп карады (Сыдыкбековдон). **Ошол малайларымды** тышка айдатып келдим (Жантөшевден).

б) **Мына ошол** Каныбек быйыл жыйырма бирге чыкты (Жантөшевден). Кийинки жаз «Б» колхозунун чоң курсак торуу бээси чалыш кер кулун төл келтирген. **Мына ошол** кер кулун быйыл жаңы асый чыгат (Сыдыкбековдон) ж. б.

Шилтеме ат атооч **«ошо»** дайыма эле затты көрсөтө бербестен, кээде речтик шартка да тиешелүү болушу мүмкүн. Мындай учурда ал «замат» деген сөз менен айкашат да, кыймыл-аракеттин мезгилин билдирет. Шамбет бастырып келип: «Ака, бол аттаныңыз»,—деген. **Ошол замат** үйүнөн чыга салган Акмат.

II Стилдик ыкма катарында колдонулушу жана заттанышы:

Күч-кубатымды санаага жумшабайын, эмгекке жумшайын, жүрөгүмдү, кайратымды уландардын өмүрү деп тилейин. Балким, **ошол** да бир шыбаа болор (Сыдыкбековдон).

Жаман жерим
Ал күндө
Калды кегим!...
Ошону
Уксун, билсин,
Эмгекчекчи элим! (Жусуптан).

III Мурдагы фактыны эске түшүрүү, бекемдөө мааниси: Анын үстүнө сарайдын түштүк жаккы бетинде терезелер (жогорудан оюлган, бийигинен туурасы узун, көп көздөрү айнексиз). **Ошол** терезлерден түшкөн күн нуру себилип, аттардын соору жүндөрү жылт-жылт чагылышып жылуу дем берет (Сыдыкбековдон).

«Мага керек эмес, **ошо Толтойго** окшогон жашаялметке бергиле, мен өзүм эле эптеп оокат кылам» дейин деди эле, бирок мукактанып сүйлөй албады («Ала-Тоо» журналынан) ж. б.

4. Шилтеме ат атооч **тиги, тээ, тетиги, тээтетиги** мейкиндик жагынан сүйлөөчүдөн алыс турган затты көрсөтөт. Алыстагы затты көрсөтүү жагынан **«ошо»** деген шилтеме ат атоочко жакын, бирок андан объектинин көрүнүктүүлүгү менен айрылат. Башкача айтканда, **«тиги»** аркылуу көрсөтүлгөн зат сүйлөөчүгө көрүнүп турат. Ал эми «ошо» аркылуу көрсөтүлгөн алыстагы зат сүйлөөчүгө көрүнүшү жана көрүнбөсү да мүмкүн. Экөөнүн ортосундагы дагы бир айырма — эгерде **«ошо», («ушу», «бул»** да) аркылуу көрсөтүлгөн зат мейкиндик жана мезгилдик мамилелерге (башта тааныштыгына) негизделген болсо, шилтеме ат атооч **«тиги»** аркылуу көрсөтүлгөн зат жалаң гана мейкиндик мамилеге негизделгендигинде турат. Экөөнүн ортосундагы мындай салыштырмалуулукту төмөнкү мисалдан ачык байкоого болот. Мисалы: **Тетиги үйдү** көрүңбү? **Ошо (үй)** менин үйүм ж. б.

Шилтеме ат атооч **«тиги»** жана анын созулма үндүү менен келген формасы алтай, хакас, шор, тува, татар жана башкыр тилдеринде да бар. Бирок аларда кыргыз тилиндегидей **«тиги»** деген шилтеме ат атоочтун эки же болбосо үч жолу кабатталып түзүлгөн **«тетиги», «тээтетиги»** сыяктуу формалары жок. Буларды кыргыз тилинин өз алдынча өнүгүү процессинде пайда болгон жана шилтеменин бул түрүнүн туундуулугу боюнча аны башка тектеш тилдерден айруучу ат атоочтук форма деп кароого туура келет.

Кыргыз тилиндеги **тиги, тетиги** деген шилтеме ат атоочтордун негизине **«тиги»** деген шилтеме ат атооч жаткан. **Тиги,** өзү биринчи иретте, **те+ги** деген составдык бөлүктөрдөн турушу мүмкүн. Кээ бир түрк тилдериндеги **теге,** кыргыз тилиндеги **тиги** дегендердин үңгулук бөлүгү монгол тилиндеги ушул эле

маанидеги **те** (тот, вон тот)[1] менен салыштырылышы мүмкүн. Кыргыз тилиндеги **тигил** болсо **те+ти+ол** деген бөлүктөрдөн турган болуу керек. Азыркы түрк тилдеринен булардын үңгулук бөлүгү катарында **те** карагас тилинде сакталган[2]. Биздин тилде **«тетиги», «тиги»** менен бирге, булардын созулма үндүү менен келген **тээ, тээтетиги** деген түрлөрү да колдонулат. Проф. К. К. Юдахиндин пикири боюнча **«тээ»** дегендеги созулма үндүү фонетикалык касиетке ээ эмес. Ал **«те»** деген ат атоочтун маанисин күчөтүп көрсөтүш үчүн гана созулуп айтылат. Салыштыр: чай **ичип** олтурат—чай **ичиип** олтурат.

Кээ бир түрк тилдериндеги (түркия) шилтеме ат атоочтордун алыстыкты үч баскычтуу кылып көрсөтүшүнө (трехстепенное удаление) кыргыз тилиндеги «тиги» жана анын туундуу формаларын жакындатууга болот. Кыргыз тилинде «тиги» деген шилтеме ат атооч сүйлөөчүдөн окчунураак турган затты, **«тетиги»** жана «тээ» — андан алыс турган затты, **«тээтетиги»** — өтө алыс турган затты көрсөтөт.

Кыргыз тилиндеги бул төрт түрдүү шилтеме ат атоочтун ордуна башка тектеш тилдерде **«тиги»** же болбосо **«анав»** деген ат атоочтор колдонулат. Сүйлөөчүдөн алыста турган заттын кыргыз тилинде жогоркудай болуп төрт түрлүү формада берилиши заттын сүйлөөчүдөн алган алыстагы ордун мейкиндик боюнча өз ара дифференцировать этип, тагыраак кылып көрсөтүү менен байланыштуу. Буга караганда кыргыз тилин шилтеме ат атоочтор боюнча, айрыкча, ушул кийинки түрү боюнча тектеш башка тилдерге караганда ийкемдүү деп эсептешке болот.

I Нагыз шилтеме ат атоочтук мааниси:

1) **Тиги‖тигил:** Көрчү
Көрчү
Көрчү мунун бир ташын!
Тиги
Тиги
Суу жеп кеткен жылгасын!
(Жусуптан).

Ал эми **тигил** жээк тарапта кичирээк короонун ордундай аянтчага бүгүнкү сейил куруп чыккан боз балдар топтолду (Сыдыкбековдон).

2) **Тээ:**
Бойлуу
Ойлуу
Бешмантчан,

[1] Г. И. Рамстед. Введение в алтайское языкознание, 74-бет.
[2] Ушул эмгек, 74-бет.

Бат
Салт
Аттай басып баткактан
Тээ көчөдө
Салынды
Көрө салдым келаткан
(Жусуптан).

Те алда кайда көгөргөн көлдүн бетинде баятан сүзүп жүргөн эки өрдөк да катуу чыккан кыйкырыктан чочуп-чочуп, мемиреген тынч көлдү каңаттары менен чапкылап уча жөнөдү (Сыдыкбековдон).

3) **Тетиги‖тээтигил:**

Ой!... кызыл жолукчан!
Тетиги малды тосуп кой,
Тепсебесин эгинди
Аркы уйларга кошуп кой.

Тээтиги зоону ураткан,
Омкоруп ташын кулаткан
Биздин арык казгандар,
Чекеси тердеп суу аккан
(Жусуптан).

4) **Тээтетиги:**

Бел баскагы олчойгон,
Олчойсо да,
Ал ордунан алынар...
Тээтетиги
Окшош бооpлордон томсоргон
Алтын, күмүш
Коргошун, мис табылар
(Жусуптун).

II Стилдик ыкма катарында колдонулушу жана заттанышы:

Тигилер бири бирине алдыртадан карашты. Айганыш менен Каныш **тигини** узатып, бирдемелерди божурашты (Сыдыкбековдон). Түрмөнү тешкен **тетиги** экен (Жантөшевден). Мыскал **тигилердин** эч бирин тааный албады (Сыдыкбековдон) ж. б.

Кээде **«тиги»**ден мурун «ал» деген ат атооч келиши мүмкүн. Кээде бул кыскарып «а» болуп да колдонулат. Бирок андан шилтеме ат атоочтун мейкиндик мааниси өзгөрбөйт. Болгондо, бул шилтеме ат атооч «тиги» катышкан сүйлөмдөгү саналган бир өңчөй заттар менен байланыштыруу үчүн колдонулган болуу керек.

Мисалы: Менин атым—Шамбет. Башкарма боломун. Өз катарыңызда олтурган—Зарыл деген кыз. Өзүңүздөй кемпир энеси бар. Он жылдыкты жаңы бүтүрдү. Бөбөктөрдү окутамын, мугалим боломун деп жүрөт... **А тиги** кетиренден күлгөн келин—талаа бригадасынын звеновою Акия кетирекей дегенибиз болот. Өзү комсорг, азамат келин. **А тигил** четтеги кебелбеген жигит—Элебес дегенибиз. Ушул тентек келиндин күйөөсү. Өзү колхоздун эсепчиси (Сыдыкбековдон).

Шилтеме ат атоочтордун заттык мааниде колдонулушуна байланыштуу адатта көз жаздымда калып келе жаткан грамматикалык кызык бир кубулушка токтоло кетүүбүз керек.

Шилтеме ат атоочтордун аягындагы «л» тыбышы эң туруксуз. Бул тыбыш менен бүткөн негиздерге тангыч **-сыз** мүчөсү жалганганда, «л» тыбышы н'ге оңой өтөт же болбосо таптакыр түшүп калат (**бул+сыз—бу(л) суз‖мун-суз, ал+сыз—ансыз‖асыз**). 3-жактын таандык мүчөсү жалганганда, тескерисинче, **«н»** негизи менен мүчөнүн ортосунда **«ы»** же **«у»** тыбышы пайда болот: **бу(л)+сы>мунусу (‖бусу)**.

«Тиги» дайыма эле затты көрсөтө бербейт. Кээде «ал» сыяктуу ат атоочтук мааниде (ал эми...) колдонулбаган учуру да болот. Кийинкисинде ал сүйлөөчүнүн затка кайрылгандагы субъективдүү мамилесин (жактырган-жактырбагандык, ачуусу келгендик) билдирет. Мисалы:

Мүдүрүлгөн атты Курман моюнга камчы менен чабат: **Тигини!** О, туягың жер баспай калгыр! Ырысы жок мал **ушундай болот...** («Ала-Тоо» журналынан).

Тигини! Тигини! Оозун алжандатып күлөйүн деп коет ж. б.

Шилтеме ат атооч «тиги» обочолонгон кошумчанын составында да колдонулат.

Тигинде, үйлөрүндө, аларды күтүп олтурушат (Бубеновдон).

— Тиги **энеме жардамдашып жүргөн кыз**—ушул досумдун карындашы, Сан (Жантөшевден).

5. Шилтемелик мааниде үчүнчү жактагы жактама ат атооч **«ал»** да колдонулат.

Ат атооч **«ал»** сөзгө катышпаган субъектини билдирүү үчүн эмес, алыста турган затты **көрсөтүү** үчүн айтылган учурда, шилтеме ат атоочтук мааниде колдонулат. Аныкталгычсыз турганда анын шилтемелиги сезилбейт, жөн эле мурдагы сүйлөмгө берилген заттын ордуна колдонулган жактама ат атооч катарында кабыл алынат. Ат атооч **«ал»** шилтемелик мааниге аныкталгычтын кошулушу аркылуу жетишет. Салыштыр: **ал** көрүнбөйт—**ал бала** көрүнбөйт.

Ат атооч **«ал»** шилтемелик мааниде колдонулган учурда, мурда сөз болунуп алыста турган, бирок көзгө көрүнгөн же болбосо көрүнбөгөн зат көрсөтүлөт. Мисалы: Тиги бала ба-

раткан айылдагы бектер, тиги үй тиктирип чардап жаткан даткалар, миңбашы, старшылар турганда, балким, **ал бала** мага окшоп өнөрүнүн үзүрүн көрө албас!... (Жантөшевден).

Ал үй—завод, **ал үйдө** эмгек эрлери бар.
Шакылдап машиналар чыгарат шаң (Жусуптан).

Ат атооч ал'дын башка шилтеме ат атоочтордон өзгөчөлүгү—аныкталгычсыз колдонулбагандыгына байланыштуу субстантивдеше албайт. Эгерде аныкталгычсыз колдонулган болсо, анда шилтемелигин жоготуп, жактамага өтүп кетет. Демек, стилдик ыкма (анафористское использование) катарында да колдонула албайт. Бирок мурдагы фактыны бекемдөө же болбосо мурдагы сүйлөмдөгү заттар менен кийинки сүйлөмдөгү затты логикалык жагынан байланыштыруу, аны эске салуу үчүн колдонулат. Мисалы:

Алайдан келген Жума деген киши берди де. **Ал Жума** өзү комузчу, сурнайчы, кыякчы, чоорчу экен (Жантөшевден).

Азыркы кезде көбүнчө үчүнчү жак үчүн жана кээде шилтеме ат атоочтук мааниде колдонулуп жүргөн «ал» өзүнүн эң баштапкы мааниси боюнча шилтеме болуп эсептелет, бирок кийин көбүнчө жактамалык мааниде да колдонулуп калган. Баштапкы шилтемелик маанидеги ат атоочтун кийин жактамалык мааниде колдонулушу жагынан кыргыз (башка түрк тилдери да) тили да башка системадагы тилдерге окшошот. Мисалы, байыркы орус тилинде[1] да биринчи эки жак үчүн колдонулуучу эки гана ат атооч болгон, үчүнчү жак болгон эмес. Үчүнчү жак үчүн кийин шилтеме ат атооч колдонулуп калган. Ушу сыяктуу эле бурят-монгол тилинде да **«тэдэ», «тэдэнэр»** жана **«эдэ», «эдэнэр»** (те, эти) деген шилтеме ат атоочтордун көптүк түрү үчүнчү жактын көптүк түрүнө айланган. Бурят-монгол тилинде ушу убакта да үчүнчү жактын жекелик түрү жок[2]. Бул жана ушуга окшогон фактылар изилдөөчүлөрдү түрк тилдериндеги 3-жактык ат атооч да өзүнүн чыгышы жагынан шилтеме ат атооч болуп эсептелет деген корутундуга алып келген. Бирок түрк тилдериндеги үчүнчү жак үчүн колдонулуучу жактама ат атооч (ал, ол, о, ул, у) баштапкы маанисинен биротоло алыстап кеткен жок. Анын кээде шилтеме ат атооч катарында затты, кала берсе ат атоочтун өзүн да аныктап турушу (**ал бала, ал тиги кызыл жоолук-**

[1] П. С. Кузнецов. Историческая грамматика русского языка (морфология), Из-во МГУ, 1953, 126-бет; П. Я. Черных. Историческая грамматика русского языка, М., 1954, 206-бет.
[2] Караңыз: Г. Д. Санжеев. Грамматика бурят-монгольского языка, 49-бет.

чан) анын баштагы шилтемелигинин калдыгы болуп эсептелет.

Ат атоочтун **ол‖ул** формасын татаал шилтеме ат атоочтордун жасалышындагы «конструтивдик элемент» деп проф. Н. К. Дмитриев эң туура көрсөткөн.[1] Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги **ошол, ушул, бул** же болбосо байыркы өзбек, уйгур тилиндеги **ушбу**, түркмен тилиндеги **шубу**[2] дегендер жөн эле ат атоочтордун өз ара айкашуусунан турбастан, буларды айкалыштырган кандайдыр бир семантикалык процесс болушу мүмкүн. Семантикалык мындай байланыштыруу — маанини постпозитив **ол (бу+ол)** жана **бу (уш+бу)** аркылуу **күчөтүп** көрсөтүү болушу ыктымал. Азыркы кездеги татаал ат атоочтордогу конструтивдик элементтен (ал, ол) мындай күчөтүп көрсөтүү оттенкасы байкалбаганы менен, «Кудатгу билик» жана Рабгузинин «Байгамбарлардын тарыхы» аттуу чыгармасынын котормосунан байкалат. Мисалы, анда: бу—этот; уш — вот, вот этот; ушбу — **именно** этот; ош — этот (Радлов, 1148); **ошул — именно этот.**[3] Бул кийинкилер менен салыштыр: ушул — это **самое;** мен — ушу(л) мен(ден), өзүм — мен өзүм, тиги — ал тиги; бу — мына бу, ушу — мына ушу, шу — шушу (кийинкиси байыркы түрк., татар) ж. б. Ушинтип, эгерде азыркы кездегидей **«бу»** барып ол'го ыкташпастан, **«ол»** келип **бу'га** ыкташкан болсо, азыркы кездеги синтаксистик ыкташуунун тартибин тарыхый жагынан карап чыгуу да көңүлгө арзырлык нерсе.

6. Кыргыз тилинде ат атоочтук мааниде **береги** деген сөз да колдонулат.

«Береги» «бу» деген шилтеме ат атоочтун морфологиялык варианты болуп эсептелет.

Шилтеме ат атооч **«береги»** морфологиялык түзүлүшү жагынан да шилтеме ат атооч **тиги**'ге **окшош.** Экөөнүн аягындагы **-гы** мүчөсү сын атоочту жасоочу **-кы** мүчөсү болуш керек (салыштыр **арт — арткы, шаарда—шаардагы** ж. б.). Экөөнүн тең **-гы** мүчөсү жалганган бөлүгү **(бере, ти)** өз алдынча колдонулбайт. «Береги» деген шилтеме ат атооч **«берки»** деген сын атооч жана **«бери»** деген тактооч менен тектеш болушу керек: **берки<бер(и)+ги>береги.** Бирок **береги**'нин шилтеме ат атоочтук мааниде, **берки**'нин сын атоочтук мааниде колдонулушуна байланыштуу, б. а. семантикалык мындай айырмачылык, өзү менен бирге, буларды толук **(береги)** жана кыскарган формада **(берки)** болуп өзгөрүшкө алып келген.

[1] Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 100-бет.
[2] А. П. Поцелуевский. Происхождение личных и указательных местоимений, Ашхабад, 19-бет.
[3] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 439, 405 бет; Енисейская письменность тюрков, 109-бет.

Мааниси жагынан **«тиги»** деген шилтеме ат атоочко жакын, ал эми өз алдынча турганда сүйлөөчүдөн алыс турган затты көрсөтөт.

Мунун затты күчөтүп көрсөтүшү кызык. Эгерде береги'ге **«мына»** деген сөз кошулса, ал сөз билгизген алыстагы зат күчөтүлүп көрсөтүлбөстөн, сүйлөөчүгө жакын турган зат көрсөтүлөт. Мындай учурда мунун билгизген мааниси **«бу»** деген ат атоочко **«мына»** деген сөздүн кошулушу аркылуу берилген маани менен бирдей [**Береги** сол көзү таңылган бултук орой неме экен. **Береги** эки адырда катар шыкыраган аттар, куду анын эс тарткан балдарындай (Сыдыкбековдон)]. Ошондуктан экөөнү бири бири менен алмаштырып колдонууга мүмкүн. Мисалы: **береги** киши (сүйлөөчүдөн окчунураак турган зат); **мына береги**[1] киши (сүйлөөчүгө жакын турган зат) = **мына бу||мобу** киши. Эгерде **«береги»** тиги деген шилтеме ат атоочтун фонетикалык өзгөргөн түрү **«тээ»** менен айкашса **(тээ береги)**[2], анда өзүнүн билгизген мааниси боюнча алыста турган зат күчөтүлүп көрсөтүлөт. Мисалы:

Тээ береги, ортодогу, жоноюлда укурук сүйрөткөн бир атчан бастырып келаткансыйт (Сыдыкбековдон).

Башка шилтеме ат атоочтор сыяктуу, **«береги»** да заттык мааниде колдонулушу мүмкүн.

Ботом ... **берегинин** көйнөгү башка да. Өзү кыргыздын кызы го? И—И... таптатынакай болгон ананайын...

Элдин күткөнү **берегиде** келе жаткан чоң сакал Дмитрий эле (Сыдыкбековдон).

Акырында шилтеме ат атоочтун калган түрлөрү **(бул, ошол, ушул)** менен жактама ат атоочтордун тарыхый салыштырмалуулугуна да токтоло кетүүбүз керек.

Кыргыз тилинде **«бу(л)»** деген шилтеме ат атооч менен калган түрк тилдеринде ушул мааниде колдонулуучу **бу, по, пу деген** ат атоочтун фонетикалык жагынан анчалык айырмасы жок. Структуралык элемент жагынан алганда ат атоочтордун ичинен көңүлгө аларлыгы — **ошол** жана **ушул.** Кыргыз тилинде үндүү менен башталуучу бул ат атоочтор башка түрк тилдеринин көпчүлүгүндө **шу(л), шо(л)** болуп үнсүз менен башталат. Болгондо, бул тилдерде **ош, уш** деген ат атоочтордун уңгулук бөлүгүнө **«ол||ул»** деген конструктивдик элемент жалганганда, уңгулук бөлүктүн башкы үнсүзү түшүп калып, алар **шу(л), шо(л)** формасын кабыл алган болуу керек. Ал эми **«бул»** дегенде болсо сөздүн башы үнсүздөн болгондуктан, ал өзгөрүүгө учурабаган. Демек, буга караганда кыргыз тилиндеги **«ошол, ушул»** дегендерди башка түрк тилдеринде ушул мааниде колдонулуучу ат атоочтордун структуралык толук формасы деп карооого туура келет. Жактама менен (**бе, би, се, си**) шилтеме ат атоочтордун **(бу, шу) фонетикалык окшоштугуна (с~ш:** таш~тас; орх. суб, түркм. сув, чув, шыве) карап, кээ бир изилдөөчүлөр ат атоочтун бул эки түрү тарыхый жагынан бири-бири менен байланыштуу деп карашат.[1]

Биринчи жактын жекелик жана көптүк түрүндөгү **«б»** менен шилтеме ат атоочто **(бу)** колдонулуучу **«б»** бирдей. Ал эми булардагы **«е» (бе), «и» (би)** жана **«у» (бу)** тыбыштары болсо маанини ажыратуу үчүн колдонулган болуу керек. Жактама **(бен, биз)** менен шилтеме ат атооч **бу**'ну ушундайча кылып байланыштырууга болот. Ал эми **«сен, сиз»** менен **«ошол, ушул»** деген ат атоочторду бири бири менен байланыштыруу жогоркуга караганда кыйын жана алар жөнүндө ишенимдүү фактылар жок. Эгерде **«шул, шол»** деген ат атоочтордун уңгулук биринчи бөлүгүн **«шу, шо»** деп эсептесек, буларды чыгышы жагынан байланыштырууга болор эле. Бирок «ошол, ушул» дегендердин уңгусун «ош, уш» деп алганда, анда буларды с ш тыбыштарынын алмашылышы аркылуу «се, си» менен тикеден тике байланыштырууга болбойт. Анткени мындан «ош, уш» дегендердин алдыңкы үндүү тыбыштарынын кайдан келип калгандыгы белгисиз болуп калат. Кыскасын айтканда, жактама менен шилтеме ат атоочтордун тарыхый байланыштуулугу азырынча чечиле элек маселе болуп эсептелет.

3. Сурма ат атоочтор

Белгисиз затты же сандык жана сапаттык белгилерди аныктоо үчүн колдонулуучу сөздөр сурама ат атоочтор деп аталат. Кыргыз тилиндеги сурама ат атоочтор төмөнкүлөр: **ким?, эмне?, (не?), кандай?, кайсы?, канча?, нече?, кайда? (кана?), кайдан? качан?.**

Бул ат атоочтор сурамалык мааниде колдонулган учурда бир сөзгө же болбосо бүтүн бир сүйлөмгө да тиешелүү болушу мүмкүн. Бирок бул эки учурда тең затты жана сын-сыпатты көрсөтүү маа-тык белгини көрсөтө албайт, мүнүн ат атоочтук көрсөтүү ма-

---

[1] «Мына береги» кээде мына **бөрөгү||бобереги моберегі** кала берсе **мүнөгү** (Талас говорунда) болуп да колдонулат.

[2] Кээде ушул эле мааниде көрсөтүлгөн говордо **тетиреги||төтөрөгү** деген сөздөр да колдонулат жана булар **«тээ береги»** менен тектеш болуш керек.

[1] А. П. Поцелуевский. Жогоруда аталган эмгек, 15-бет. Н. А. Баскаков. О соотношении значений личных и указательных местоимений в тюркских языках, 136-бет; Н. К. Дмитриев. Об указательных местоимениях в башкирском языке, Труды Московского института востоковедения, сб. № 4 ,1947, 71-бет.

нисн тындоочунун жообу аркылуу такталат. Мисалы: Бул **ким?** — Уулум. **Кайсы үй?**— Кийинкиси. Өңү **кандай?**— Кызыл. Келтирилген мисалдагы сурама ат атоочтор бир сөзгө тиешелүү болуп, анын сурамалык конкреттүү жана көрсөтүүчүлүк мааниси тындоочунун жообу болуп түшкөн сөз аркылуу аныкталып турат.

Жогоруда айткандай, сурама ат атоочтор кээде бүтүн бир сүйлөмгө же болбосо бүт бир баяндамага да тиешелүү болушу мүмкүн.[1] Мындай учурда ат атоочтун белгисиз нерсени суроо үчүн колдонулгандагы конкреттүү мааниси анчемеде баяндалган мазмун боюнча аныкталат. Мисалы, газета, журналдардын бетинин: *«Курулушка керектүү материалдарды кайдан табууга болот?», «Керимбек качан оңолот?»*,— деген сыяктуу темадагы макалаларды кезиктирүүгө болот. Мындай учурда сурама ат атоочтор мааниси жагынан белгилүү жана белгисиз затка тиешелүү болушу мүмкүн. Эгерде темага катышкан ат атоочтук суроонун конкреттүү мааниси макаланын мазмунунда жооп катарында берилсе, анда ат атоочтун эмнеге тиешелүүлүгү конкреттүү болот, тескерисинче болсо, белгисиз затка тиешелүү болот.

Сурама ат атоочтор сүйлөмдүн контекстине, интонацияга байланыштуу кээде суроо маанисин бербей, башка мааниде да колдонулуп калышы мүмкүн. Мисалы: Бүгүн ал **кайдан** келсин. Жер алыс эмеспи. Муну иштебегенде **эмне** (суроо мааниси жок). Магазинде **не** бар, **не** жок (баары бар, демек, аныктама — жалпылама мааниде). Ал **кайдан** философ болсун (жактырбоо маанисинде).

Кыскача бул мүнөздөмөдөн кийин сурама ат атоочтордун ар бирине жекече токтолобуз:

1. **Ким**[2] деген сурама ат атооч, башка түрк тилдериндегидей эле, кыргыз тилинде да адамга гана берилет. Кең жана кууш үндүүлүгү боюнча гана айрылбаса, түрк тилдеринде бул сурама ат атооч негизинен бирдей. Ал ушул маанини берүү үчүн монгол тилдеринде да **хэн** (бүрят-монг., монгол) формасында кездешет.

2. **Эмне, эмине, не.** Сурама ат аточ **«эмне»** адамдан башка жандуу жана жансыз заттардын бардыгына берилет. Бул жагынан алганда кыргыз тилиндеги ат атооч **«эмне»** менен орус

[1] Караңыз: Б. Н. Головин. О разновидностях грамматического значения вопросительно-относительных местоимений, Уч. записки Вологодского пед. ин-та им. В. М. Молотова, том XVIII, фиологический, Вологда, 1956, 366—367-беттер.

[2] В. Шотт түрк тилдериндеги «ким» деген ат атооч монгол тилиндеги **кум+ун** — киши деген сөздөн чыккан деген пикирди айткан. Салыштыр: бурятча *hун* — киши, байыркы түркчө кун (народ) — эл; монг. **кара кун** (простолюдин) (С. Е. Малов); Караңыз: А. Н. Кононов. Грамматика современного турецкого литературного языка, 177-бет, § 322.

тилинде ушул мааниде колдонулуучу ат атоочтун ортосунда айрыма бар. Орус тилиндеги **эмне?** (что?) адамдан башка жандуу заттарга да берилет. Кыргыз тилинде **эмне?** менен бирге сейрек болсо да ушул эле мааниде **не** жана Чүй өрөөнүн ар түрдүү райондорунда **немне, ниме, имне, немне, неме** (караңыз: Материалы чуйского говора), **немине** (эпосто да колдонулат. Бирок эмне' ге караганда **«не»** деген ат атоочтун колдонулуу сферасы тар. Ал жандуу жана жансыз затты. суроо үчүн эмес, стилдик оборотторду жана айрым жазуучулардын чыгармасынан кезигет.

Кыргыз тилинин материалына караганда, эки түрдүү мааниде **«не»** деген сөздүн бардыгы байкалат. Мунун бирөө — иран тилдеринен кирген **«ни»** деген тангыч маанидеги **«не»**,[1] экинчиси — түрк сөзү, кээде **эмне** деген сурама ат атоочко туура келет. Кээде суроо мааниси сакталбайт, башка маани берип калат. Бирок ал иран тилдеринен кирген тангыч менен омонимдеш. Иран, фарсы тилдеринен кирген **«не»** орус тилине которулганда гана болбосо, кыргыз тилинде анын башгагы тангычтыгы сезилбейт, «же» деген ажыраткыч байламтанын маанисинде колдонулат.

Мисалы:

Мына үч айдын жүзү болду, жалгыз уулу Касеинден **не кат, не кабар** жок.

Мына төртүнчү айдын жүзү болду. Эч биринен **не кат, не кабар** келбей, Каныш да, Айымжан да кайгыдан мөгдөштү.

Эшик жабык, сырт карангы; **не терезеден** шоола түшпөйт, **не жетинчи лампа** жарык күйбөйт (Т. Сыдыкбековдон).

Не'нин ат атоочтук маанисине мисал:

-Э-э жолунар болсун, байкелер! — дейт Чегиртке анткендерди далыга салып — **Не керек кейип?** Акча барбы, чытырман токойдон жол чабат.

Тогуздан кийинкиге эсептин кереги **не?**

— Э-э эжеке, сурап **не** кыласын? **Несин** сурайсың, садага (Т. Сыдыкбековдон). **Не** бар, **не** жок (‖«эмне болсо да» деген маанисинде). **Нелер** бар да, **нелер** жок. **Не сөздөр** айтылбады, **Не түркүн кездемелер** турат. Дүйнөдөн **не бир адамдар** өттү (Мында суроо мааниси жок. «Ар түркүн, ар кандай, бардыгы бар» деген мааниде). Керимбек жаш кезинде **не деген жигит** эле (‖эмне деген...) (кандай сонун, жакшы деген мааниде) ж. б.

Кыргыз тилиндеги «эмне» деген сурама ат атооч оозеки речте кээде **эмине, немине** болуп да колдонулат. Казак тилинде ушул мааниде колдонулуучу **«не»** менен бирге **немене** формасы да бар. Мындай фактыларга карап,

[1] Л. Жирков. Персидский язык, М., 1927 ,125-бет.

кээ бир изилдөөчүлөр кыргыз тилиндеги **«эмне»** деген ат атоочту казак тилиндеги **«немне»** менен байланыштырышат: **эмне<эмине<эмене<немене.**[1] Ал **немене** өз ара **не+ме+не** элементтерине бөлүнөт дейт да, тарыхый жагынан булардын кандай сөз экендигин көрсөтпөйт. Бирок мындан башка түрк тилдериндеги **неме** өз ара **не+ма** деген элементтерден турат, мындагы **ма** чуваш тилиндеги ушул маанидеги **мен** деген ат атоочтун бир түрү дегенине караганда, казак тилиндеги **«немене»,** демек, кыргыз тилиндеги **«эмне»** да жогорку эле бөлүктөрдөн (ме/н) турган болуу керек деп ойлоого болот. Мындай болгон учурда бир эле маанидеги эки ат атооч үч жолу (не+ме/н/+не) кайталанган болот. Кыргыз тилиндеги **«эмне»** деген ат атооч өзүнүн составдык элементтеринин минтип **үч жолу кайталанышынан** турган дегенге жана сөз башындагы **«н»** тыбышынын белгисиз түшүп калышына караганда[2] башкача болжолдонушу да мүмкүн. Бул болжолдоо мындай: **эмне<эмине<эми(й)не<эмейне.** Кыргыз тилиндеги **«эмне»** деген сурама атооч **«эмей»** менен **«не»** деген бөлүктөрдөн тургандыгы алтай грамматикасынын авторлору тарабынан да көрсөтүлгөн[3]. Мындагы **не** белгилүү — сурама ат атооч.[4] Ал эми **«эмей»** дин татаал сөз экендигин анын морфологиялык варианты болгон **«эмегенде»** деген сөз менен салыштырып билүү кыйын эмес. Эмегенде=эмей — если не; **эмей<э‖+ме+й; эмегенде<э‖+ме+ген+де.**[5] Булардын биринчи жана экинчи составдык бөлүгү, баарыдан мурда, атоочтук тангыч **эмес (<эр+ме+з‖с), эмесе** дегендеги **э+ме** менен салыштырышы мүмкүн. Демек, **«эмей»** жана **«эмегенде»** деген сөздөр өз ара байыркы убактагы **эр** (быть) деген жардамчы этиштин **«р»** тыбышы түшүп калгандагы **«э»** жана тангыч **-ба** мүчөсүнүн өзгөргөн түрү **-ме** деген элементтерден жана (чакчыл этиштин) **-й** формасы **(эме+й;** салыштыр: **саба+й)** менен атоочтуктун **-ган** формасынан турган болуу керек. Шарттуу тангыч (если не) маанисиндеги **эмей'**дин экинчи муунундагы кең үндүү кууш **«и»** тыбышына өтүп, басым түшпөгөн бул кууш үндүүнүн сыйлыгышы өзү менен жанаша турган үнсүздөргө да таасирин тийгизүүнүн натыйжасында ал **«эм(и)»** болуп кыскарган да, **«не»** менен биригип **«эмне»** (жана **эмине)** формасында калыптанып калышы да мүмкүн. Же болбосо, байыркы түрк тилдериндеги буюм, нерсе (нечто, вещь) деген маанини билгизген **неме** менен **не** ат атоочунун кошундусунан да турушу мүмкүн: **немене>эмине>эмне.**

3. **Кандай** деген сурама ат атооч заттын же кыймыл-аракеттин сын-сыпаттык жана касиеттик белгилерин суроо үчүн колдонулат. Мындагы **-дай** мүчөсүнүн башкы формасы **-даг** экендигин жана бул, тарыхый жагынан бүтүн сөз экендиги белгилүү.

4. **Кайсы** деген сурама ат атооч иреттик тартиптеги затты же затты жөн эле башкалардан бөлүп ажыратып алуу үчүн суроо иретинде колдонулат. Кыргыз тилинде **«кайсы»** менен бирге ушул эле мааниде мунун **кайсыл (<кайсы ол)** формасы да колдонулат. Мисалы: **Кайсы** киши айтты? **Кайсы** күнү келет? **Кайсыл** убакта?[1] Салыштыр тувача **кайы чылыл? кайызыл—кайсыл?**

5. **Кайда? кайдан?** орунду жана багытты билүү үчүн суроо иретинде колдонулат. Заттын ордун суроо маанисинде **«кайда?»**[2] менен бирге кыргыз тилинде **кана?** деген сурама ат атооч да колдонулат. **«Кана?»** деген сурама ат атооч байыркы, азыркы түрк жана монгол тилдеринде (бурятча **хаана?**) да бар. Демек, бул ат атооч түрк жана монгол тилдери үчүн жалпы деп эсептелинүүгө тийиш. Сурама ат атооч **«кайда?»** менен **«кана?»** заттын ордун суроо үчүн колдонулганы менен, экөөнү бирдей баскычка коюуга болбойт. Сурама ат атооч **«кана?»** территория жагынан сүйлөөчүгө жакын турган заттын ордун суроо үчүн колдонулат жана ага жооп болуп түшүүчү **ана, мына, тигине** деген үч гана сөз бар, булар да грамматикалык формасы жагынан өздөрүнүн суроо сөзүнө окшош. Бул экөөнүн ортосундагы экинчи бир айырма — **«кана?»** статикалык (орунду) түшүнүктү билдирүү үчүн гана колдонулгандыгында. Анын үстүнө, **«кана?»** эч убакта этиш менен айкаша албайт. **«Кайда?»** болсо, тескерисинче, орун менен бирге багытты, демек, динамикалык түшүнүктү суроо үчүн да колдонулат жана этиш сөз айкашат. Бул айтылгандарды мисалдар менен түшүндүрөлү: **Китебиң кайда‖китедарды** мисалдар менен түшүндүрөлү:

---

[1] Ф. Г. Исхаков. Местоимения, Исследования по сравнительной грамматике тюркских языков, часть II, морфлогия, 236-бет.

[2] Салыштыр: кыргыз тилиндеги **найза‖айза, намаз‖амаз, насыбай‖асыбай** ж. б. формаларын.

[3] Грамматика алтайского языка, составлена членами Алтайской миссии Казань, 1869, 95—56-беттер.

[4] **Эмне, нерсе** (<не-ир-се), нече дегендердин сставындагы жана өз алдынча колдонулуучу не кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, тек жагынан байыркы убакта «буюм» деген маанидеги нең деген сөз менен байланыштырылат (Караңыз: Н. А. Баскаков. О соотношении значений личных и указательных местоимений в тюркских языках, Доклады и сообщения Института языкознания АН СССР, № 1, 1951, 135—140 беттер). Ушуга караганда биздин пикирибизче, кыргыз тилиндеги **эмне, нин** маанисинде башка тилдерде колдонулуучу **неме, нимне** байыркы тилдердеги «нечто, вещь» дегенди билгизген **неме** менен тектеш болуш керек (Караңыз: С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 402-бет).

[5] К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь, 1940, 226-бет.

[1] К. К. Юдахин. Киргизско-русский словарь, 35-бет.

[2] Салыштыр: бурят-монг. **хайша** — куда, монг. **хандах** — направляться куда—л. Кырг. **кайда,** б. а. **н-й:** монг. **хонь** — кырг. **кой** (зат атооч).

биң кана? Бирок «кайда бара жатасың? болуп берилүүчү суроону **«кана?»** аркылуу суроо мүмкүн эмес.[1]

Жогорку ат атоочтордун (кайсы?, кандай?, кайда?, кайдан?) лексикалык мүнөздөмөсүнөн кийин булардын чыгышы жөнүндө да токтоло кетүүбүз керек.

Кайда менен **кайдан**'дын үңгусу **кай** экендиги жана булардын тарыхый жагынан жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнөн тургандыгына шек келтирүүгө болбойт.

Айрым фактыларга караганда, булар менен **кайсы** жана **кандай?** деген ат атоочтордун да үңгүсү тектеш болушу мүмкүн. Атайын тике айтпаганы менен, Ф. Г. Исхаков[2] салыштырма материалдардын негизинде азыркы кездеги **кандай?** жана **кайсы?** дегендердин негизи үчүн **кан‖кай** деген үңгуларды көрсөтөт.

Мисалы: кырг., каз. **кандай,** ногойчо **кайдай,** хакасча **хайдаг, шорчо кайдыг** (кырг. **кайсы** — азербайжанча **hансы,** якутча **ханнык;** бул мисалдардан үңгуда **н‖й** тыбыштарынын туура келишин көрүүгө болот).

Биздин пикирибизче, түрк тилдериндеги бул окшоштуктарды «н» менен «й» тыбышынын алмашышы же болбосо бул экөөнүн бири-бири менен туура келиши аркылуу түшүндүрүү ыктымал маселе, анткени бул кубулуш байыркы түрк тилдеринин жана түрк менен монгол тилдеринин ортосунан да байкалат.

Мисалы: байыркы түркчө **кантан** — кырг. кайдан, байыркы түрк. **кайда, канта** — кырг. **кайда;** байыркы түрк. **кан** (какой) — кырг. кандай; байыркы түрк. **кайу** (какой, который) — кырг. кандай, кайсы; байыркы түрк. **кайун** (откуда, как) — кайдан; монг.[3] хонь **(хонин)** — кырг. кой; байыркы түркч. **кой, кон** — кой ж. б.

Келтирилген бул тарыхый материалдардан азыркы кездеги **кайда?, кайдан?, кандай?, кайсы?** деген сурама ат атоочтордун түпкү үңгусу **кан‖кай** экендигин, бул эки үнсүздүн (н, й) бири бирине туура келгендигин жана азыр морфологиялык бөлүктөргө ажыратылбай турган сөздөрдүн кээ

[1] **Кайда?** менен **кайдан**'дын жогоркудай этиш менен айкашуу жөндөмдүүлүгүнө, өзгөрбөгөндүгүнө жана булардын өз алдынча жекече тургандагы мааниси орус тилиндеги тактоочторго туура келгендигине карап, кээ бир изилдөөчүлөр буларды (*качан*'ды да) тактоочко кошуп жүрүшөт. Бирок биз буларды адаттагыдай эле сурама ат атооч катарында карагыбыз келет. Анткени ат атоочко мүнөздүү мааниге ээ, мейкиндик жана мезгилдик маанидеги сөздөрдүн ордуна колдонулат.

[2] Ф. Г. Исхаков. Местоимения. Исследования по сравнительной грамматика тюркских языков, часть II, морфология, М., 1956-жыл.

[3] Монгольско-русский словарь, М., 1957, 537-бет.

бирөөлөрүнүн үңгусу байыркы кезде өз алдынча болгондугун байкоо кыйын эмес **(кандай<кан—какой).** Азыркы көпчүлүк түрк тилдериндеги й'нин **(кайдан, кайда)** ордуна байыркы убакта **«н»** тыбышынын колдонулушу **(кантан, канта‖канда)** ошол кездеги тилдердин өзгөчөлүгү болуп, бирок башта эле **«н»** менен **«й»** бири-бирине туура келгендиктен, кийин **«н»** тыбышы көпчүлүк тилдерде **«й»** менен биротоло алмашылып кеткен болушу мүмкүн. **Кан‖кай** менен **кана**'нын үңгулук бөлүгү да тектеш **(ка-на, а-на, тиги-не, мына<бу-на).**

Кыргыз жана көпчүлүк түрк тилдериндеги **«кайсы»** деген ат атооч байыркы түрк тилдеринде **кайу** (какой, который) формасында кезигет. Азыркы түрк тилдеринен мындай кыска форманы тува тилинен **(кайы)** гана табууга болот. Мындай фактыга караганда, азыркы түрк тилдеринин көпчүлүгүндө колдонулуучу кайсы'нын алгачкы толук формасы **кайысы (<кай+ы+сы)** деп болжолдоого болот. Бирок **«кайы»** деген үңгүнүн аягындагы басымсыз орунда турган кууш үндүү **«ы»** мүчө жалганганда, түшүп калган болуу керек. Мунун жогоркудай үңгулук бөлүктөн тургандыгын кыргыз тилинде **«кайсы жакка?»** деп суроонун ордуна **«кай жакка?»** деп колдонулудан да көрүүгө болот. **«Кайу», «кайы»** дегендеги жана **«кайсы»** дегендеги **-у, -ы** жана **-сы** мүчөлөрү—үчүнчү жактын таандык мүчөсү. Кыргыз тилинде түпкү үңгудан кийинки биринчи таандык мүчө түшүп калган да, экинчиси, **-сы,** үңгунун ажырагыс составдык бөлүкчөсү — негиз катарында кабыл алынып, кайтадан таандык мүчөнүн жалганганын кездештирүүгө болот. Бул учурда биринчи **-сы**'нын таандык мүчө экендиги эч сезилбейт: **кайсы -кайсысы.** Ошол эле 3-жактын таандык мүчөсү **ким?** деген ат атоочко да кабатталып жалганат: Балдардын **кими‖кимиси** келди?

6. **Качан, нечен** убакыт, мезгилге жана санга байланыштуу болгон белгисиз түшүнүктөрдү суроо үчүн колдонулат. Кыргыз жана татар тилинде гана **кайчан** болуп кезигет да, калган түрк тилдеринде **качан** же болбосо **касан, кашан** болуп колдонулат, б. а. бул сурама ат атоочтор да көпчүлүк түрк тилдеринде окшош. Кыргыз тилинде **«качан»** менен бирге мезгилдик мааниде **кай убакта** деген сөз айкашуусу да колдонулат: **качан келейин‖кай убакта келейин.** Сурама ат атооч **«качан»** кээде **«алда», кап»** менен кошулуп, **«мурун»** деген тактоочтун күчөтүлгөн маанисин да билдирет: **Алда качан (капкачан** — давным давно) келгем. **Качан** деген ат атоочтун биринчи бөлүгү байыркы орхон жазуулардагы (Тоньюкук) кач[1] деген сөз менен окшош. Бирок кийинкиси **канча** маанисинде. Бул сөз ушул эле мааниде,

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 409, 62-бет.

бин кана? Бирок «кайда бара жатасың? болуп берилүүчү суроону **«кана?»** аркылуу суроо мүмкүн эмес.[1]

Жогорку ат атоочтордун (кайсы?, кандай?, кайда?, кайдан?) лексикалык мүнөздөмөсүнөн кийин булардын чыгышы жөнүндө да токтоло кетүүбүз керек.

Кайда менен **кайдан**'дын үңгусу **кай** экендиги жана булардын тарыхый жагынан жатыш жана чыгыш жөндөмөлөрүнөн тургандыгына шек келтирүүгө болбойт.

Айрым фактыларга караганда, булар менен **кайсы** жана **кандай?** деген ат атоочтордун да үңгүсү тектеш болушу мүмкүн. Атайын тике айтпаганы менен, Ф. Г. Исхаков[2] салыштырма материалдардын негизинде азыркы кездеги **кандай?** жана **кайсы?** дегендердин негизи үчүн **кан‖кай** деген үңгуларды көрсөтөт.

Мисалы: кырг., каз. **кандай,** ногойчо **кайдай,** хакасча **хайдаг, шорчо кайдыг** (кырг. **кайсы** — азербайжанча **hансы,** якутча **ханнык;** бул мисалдардан үңгуда **н‖й** тыбыштарынын туура келишин көрүүгө болот).

Биздин пикирибизче, түрк тилдериндеги бул окшоштуктарды «н» менен «й» тыбышынын алмашышы же болбосо бул экөөнүн бири-бири менен туура келиши аркылуу түшүндүрүү ыктымал маселе, анткени бул кубулуш байыркы түрк тилдеринин жана түрк менен монгол тилдеринин ортосунан да байкалат.

Мисалы: байыркы түркчө **кантан** — кырг. кайдан, байыркы түрк. **кайда, канта** — кырг. **кайда;** байыркы түрк. **кан** (какой) — кырг. кандай; байыркы түрк. **кайу** (какой, который) — кырг. кандай, кайсы; байыркы түрк. **кайун** (откуда, как) — кайдан; монг.[3] хонь **(хонин)** — кырг. кой; байыркы түркч. **кой, кон** — кой ж. б.

Келтирилген бул тарыхый материалдардан азыркы кездеги **кайда?, кайдан?, кандай?, кайсы?** деген сурама ат атоочтордун түпкү үңгусу **кан‖кай** экендигин, бул эки үнсүздүн (н, й) бири бирине туура келгендигин жана азыр морфологиялык бөлүктөргө ажыратылбай турган сөздөрдүн кээ

[1] **Кайда?** менен **кайдан**'дын жогоркудай этиш менен айкашуу жөндөмдүүлүгүнө, өзгөрбөгөндүгүнө жана булардын өз алдынча жекече тургандагы мааниси орус тилиндеги тактоочторго туура келгендигине карап, кээ бир изилдөөчүлөр буларды (*качан*'ды да) тактоочко кошуп жүрүшөт. Бирок биз буларды адаттагыдай эле сурама ат атооч катарында карагыбыз келет. Анткени ат атоочко мүнөздүү мааниге ээ, мейкиндик жана мезгилдик маанидеги сөздөрдүн ордуна колдонулат.

[2] Ф. Г. Исхаков. Местоимения. Исследования по сравнительной грамматика тюркских языков, часть II, морфология, М., 1956-жыл.

[3] Монгольско-русский словарь, М., 1957, 537-бет.

бирөөлөрүнүн үңгусу байыркы кезде өз алдынча болгондугун байкоо кыйын эмес **(кандай<кан—какой).** Азыркы көпчүлүк түрк тилдериндеги й'нин **(кайдан, кайда)** ордуна байыркы убакта **«н»** тыбышынын колдонулушу **(кантан, канта‖канда)** ошол кездеги тилдердин өзгөчөлүгү болуп, бирок башта эле **«н»** менен **«й»** бири-бирине туура келгендиктен, кийин **«н»** тыбышы көпчүлүк тилдерде **«й»** менен биротоло алмашылып кеткен болушу мүмкүн. **Кан‖кай** менен **кана**'нын үңгулук бөлүгү да тектеш **(ка-на, а-на, тиги-не, мына<бу-на).**

Кыргыз жана көпчүлүк түрк тилдериндеги **«кайсы»** деген ат атооч байыркы түрк тилдеринде **кайу** (какой, который) формасында кезигет. Азыркы түрк тилдеринен мындай кыска форманы тува тилинен **(кайы)** гана табууга болот. Мындай фактыга караганда, азыркы түрк тилдеринин көпчүлүгүндө колдонулуучу кайсы'нын алгачкы толук формасы **кайысы (<кай+ы+сы)** деп болжолдоого болот. Бирок **«кайы»** деген үңгүнүн аягындагы басымсыз орунда турган кууш үндүү **«ы»** мүчө жалганганда, түшүп калган болуу керек. Мунун жогоркудай үңгулук бөлүктөн тургандыгын кыргыз тилинде **«кайсы жакка?»** деп суроонун ордуна **«кай жакка?»** деп колдонулудан да көрүүгө болот. **«Кайу», «кайы»** дегендеги жана **«кайсы»** дегендеги **-у, -ы** жана **-сы** мүчөлөрү—үчүнчү жактын таандык мүчөсү. Кыргыз тилинде түпкү үңгудан кийинки биринчи таандык мүчө түшүп калган да, экинчиси, **-сы,** үңгунун ажырагыс составдык бөлүкчөсү — негиз катарында кабыл алынып, кайтадан таандык мүчөнүн жалганганын кездештирүүгө болот. Бул учурда биринчи **-сы**'нын таандык мүчө экендиги эч сезилбейт: **кайсы -кайсысы.** Ошол эле 3-жактын таандык мүчөсү **ким?** деген ат атоочко да кабатталып жалганат: Балардын **кими‖кимиси** келди?

6. **Качан, нечен** убакыт, мезгилге жана санга байланыштуу болгон белгисиз түшүнүктөрдү суроо үчүн колдонулат. Кыпчак жана татар тилинде гана **кайчан** болуп кезигет да, калган түрк тилдеринде **качан** же болбосо **касан, кашан** болуп колдонулат, б. а. бул сурама ат атоочтор да көпчүлүк түрк тилдеринде окшош. Кыргыз тилинде **«качан»** менен бирге мезгилдик мааниде **кай убакта** деген сөз айкашуусу да колдонулат: **качан келейин‖кай убакта келейин.** Сурама ат атооч **«качан»** кээде **«алда», кап»** менен кошулуп, **«мурун»** деген тактоочтун күчөтүлгөн маанисин да билдирет: **Алда качан (капкачан** — давным давно) келгем. **Качан** деген ат атоочтун биринчи бөлүгү байыркы орхон жазуулардагы (Тоньюкук) кач[1] деген сөз менен окшош. Бирок кийинкиси **канча** маанисинде. Бул сөз ушул эле мааниде,

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 409, 62-бет.

бирок өзгөргөн формада тува (**каш:** бистиң МТСте каш трактор барыл — биздин МТС те канча трактор бар?), турция (каж), якут (хас) тилдеринен кезигет.

Түрк тилдериндеги **качан?** деген ат атооч адатта **кай+чаг+ын**[1] деп этимологияланып жүрөт. Бирок бул башкача да этимологияланышы мүмкүн. Кыргыз жана башка түрк тилдериндеги «качан», «нечен» деген сурама ат атоочтор, проф. К. К. Юдахин болжолдогондой, **кай+чен** («өлчөм» деген маанидеги), **не+чен** деген составдык элементтерден турушу ыктымал (бул пикирди проф. К. К. Юдахин өзөкти ангемелешүүдө айтып берди).

7. **Канча, нече** деген сурама ат атоочтор белгисиз санды суроо үчүн колдонулат. Тува (**каш**), турция (**каж**), якут (хас) тилдеринен башка көпчүлүк түрк тилдеринде сурама ат атоочтордун бул түрлөрү ар түрдүү фонетикалык формада болбосо негизинен бирдей: кырг. **канча, нече,** каз. **канша, неше**. Байыркы түрк тилдеринде бул мааниде, азыркы тува, турция тилдериндегидей, **кач** (сколько), **канча, каннча** жана **канунча** деген сурама ат атоочтор колдонулган. Башкача айтканда, мында азыркы түрк тилдериндеги шарттуу түрдө толук жана кыска деп аталуучу эки форма тең болгон.

Бул тилдердеги **кач, каш, хас** дегендер менен монгол тилинде ушул эле маанидеги (сколько?) **хичнээн** деген сөздүн биринчи бөлүгү — **хич** салыштырлышы мүмкүн.

Нече деген сурама ат атоочтун кандай составдык элементтерден тургандыгы анчалык кыйынчылык туудурбайт. Мунун унгусу — «эмне» деген мааниде колдонулуучу не деген ат атооч. Мында да **«канча»** га катышкан **-ча** мүчөсү бар. Мунун унгусу болуп эсептелинүүчү **кан;** өзү барыдан мурда, байыркы түрк тилдеринде өз алдынча **«кандай»** деген мааниде колдонулган жана азыркы кездеги **«кандай»** деген сурама ат атоочтун негизине жаткан **кан** деген ат атооч менен тектеш болушу мүмкүн. Кээ бир сурама ат атоочтордун (мисалы, **канча**) маанисинде өзгөрүүлөрдүн болгондугу байкалат. Мисалы, **«канча»** байыркы түрк тилдеринде (Томсен, Махмуд Кашкарский, Радловдун эмгектеринде), азыркыдай сан — өлчөмдүк мааниси менен бирге, багытты билгизүү куда[2] — кай жакка?, кайда?) маанисинде да колдонулган.

Морфологиялык мүнөздөмөсү жагынан сурама ат атоочтор бирдей эмес. **Ким, эмне, кайсы, канча (нече)** деген ат атоочторго сөз өзгөртүүчү мүчөлөр (жөндөмө, таандык, көптүк жана жак) мүнөздүү.

---

[1] В. В. Радлов. Опыт словаря тюркских наречий, вып. VIII, 334-столбик. Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка, 104-бет.

[2] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 411-бет.

а) Жөндөмө мүчөлөр менен өзгөрүшү

	эмне	кайсы	канча
И. ким	эмне	кайсы	канча
Н. кимдин	эмненин	кайсынын	канчанын
Б. кимге	эмнеге	кайсыга	канчага
Т. кимди	эмнени	кайсыны	канчаны
Ж. кимде	эмнеде	кайсыда	канчада
Ч. кимден	эмнеден	кайсыдан	канчадан

б) Таандык мүчөлөр менен өзгөрүшү

1-жак	ким — им	эмне — м	кайсы — м	канча — м
2-жак	ким — иң	эмне — ң	кайсы — ң	каңча — ң
	ким — иңиз	эмне — ңиз	кайсы — ңыз	канча — ңыз
3-жак	ким — и//	эмне -си	кайсы—сы	канча—сы
	ким-и-си			

в) Жак мүчөлөр менен өзгөрөт:

1-жак	ким — мин	ким — биз
2-жак	ким — сиң	ким — синер
	ким — сиз	ким — сиздер (жекелек түрүндөй)
3-жак	ким	

г) Көптүк мүчөлөр жалганат:

ким—кимдер, эмне—эмнелер, кайсы—кайсылар, канчалар.

Кайда, кайдан жана **качан** деген ат атоочторго таандык, көптүк мүчөлөр жалганбайт. Булардын эң аяккысы гана жөндөмөлөр менен жарым-жартылай өзгөрөт.

Н. кайда	кайдан	качан
И. —	—	—
Б. —	—	качанга
Т. —	—	—
Ж. —	—	—
Ч. —	—	качантан

4. Аныктама ат атоочтор

Заттын сандык жалпылыгын, бүтүндүгүн же жекелигин аныктап билдирүүчү ат атоочтор аныктама ат атоочтор деп аталат. Кыргыз тилинде аныктама ат атоочтор—**бүткүл, бүтүн, баары, бардык, ар** жана өз деген сөздөр. Кээ бир адабияттарда булардын эң акыркы экөөнөн башкасы **жалпылама ат атоочтор** деп аталып жүрөт жана алардын мындай аталышы өздөрүнүн билгизген маанисине да туура келет. Ал эми «өз» болсо кээ бир адабияттарда «өздүк ат атооч» деп аталып, ат атоочтун өзүнчө бир түрү катарында[1] каралып жүрсө, кээ бирөөндө жактама ат атоочтордун составында[2] каралып

---

[1] Караңыз: Казыркы казак тили, Алма-Ата, 1954, 272—273-беттер.

[2] Н. А. Баскаков. Личные и лично-притяжательные местоимения в каракалпакском языке, Тюркологический сборник, № 1, 1951, 57-бет.

жүрөт. Чындыгында, «аныктама» ат атооч деп атала тургандардын эң биринчиси—ушул «өз». Бирок мунун ат атоочтун өзүнчө бир түрү катарында каралышы ылайыксыз, анткени жалгыз сөздөн туруп өзүнчө бир түр болуп эсептелиниши анча туура эмес. Мунун жактама ат атоочтун конкреттешкен түрү катарында каралышынан көрө, негизги билгизген маанисине карата, аныктама ат атоочтордун составында[1] каралганы оң. Анткени жогорку ат атоочтор заттын сандык жалпылыгын аныктап көрсөтсө, «өз» тигил же бул заттын өзүн аныктап көрсөтөт. Анын үстүнө, булар менен синтаксистик функциясы жагынан да жакын, кээде тигилер сыяктуу аныктоочтук да милдет аткарат: өз киши.[2]

Аныктама ат атоочторду маанисине карата эки топко бөлүүгө болот.

Биринчи топко кирген ат атооч затты жеке-жеке бөлбөстөн, затты же алардын санын жалпы жонунан көрсөтөт. Буга **бүткүл (<бүт+гыл), бүтүн (<бүт+ын), баары** жана **бардык (<бар+дык)** деген ат атоочтор кирет. **«Бүткүл, бүтүн»** деген ат атоочтор жана алардын уңгулук бөлүгү монгол тилдеринде да бар. Мисалы, монголчо:[3] **бүтэх (<бүт)**—закрываться; заживать (о ране); бүтөн (целый) — бүтүн, бүгд, баран—баары. Кыргыз тилиндеги созулма үндүү менен келүүчү «баары» байыркы («Кудатгу билик» чыгармасында) жана көпчүлүк азыркы түрк тилдеринде созулбастан **«бары»** болуп берилет. Кыргыз тилинде үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганган **«бары»** (мис: **бары—жогу** билинбейт) деген сөз менен омонимдеш болбос үчүн мунун ат атоочтук түрү созулма үндүү менен колдонулуп калган болуш керек. Аныктоочтук айкашууда колдонулуусуна караганда **«баары»** деген ат атоочтун аягындагы -ы тарыхый жагынан үчүнчү жактын таандык мүчөсү болуу керек (мис: элдин **баары).** Бирок азыр мунун таандык мүчө экендиги сезилбейт, бүтүн сөз катарында кабыл алынып, ага 3-жактын таандык мүчөсү экинчи жолу жалганышы да мүмкүн: элдин **баары‖баарысы** ж. б.

«Бүткүл, бүтүн, бардык» көбүнчө аныктооч катарында колдонулса, **«баары»** субстантивдик мааниде колдонулат. Мисалы: Бүтүн (бүткүл) дүйнө пролетарлары бириккиле! **Бардык эл келди, баары кетти ж. б.**

Жалпылама маанидеги ат атоочтор морфологиялык жа-

---

1 Карацыз: Н. К. Дмитриев. Грамматика башкирского языка. 104—105-беттер.

2 Мындай жалпылыгына карап, «өз» аныктама ат атоочтордун составына киргизилди (Карацыз: Н. К. Дмитриев. Ошол эле эмгек, ошол эле бет).

3 Монгольско-русский словарь, М., 1957, 92, 97-бет.

гынан анчалык өнүкпөгөн. Алар сөз өзгөртүүчү мүчөлөрдү кабыл алуу жагынан бирдей эмес. Булардын ичинен **бүткүл** (<гыл—сын атоочту жасоочу мүчө; салыш. алт. жет—**жет**кил—кырг. жеткилең) сөз өзгөртүүчү мүчөлөр менен өзгөрбөйт.

Бүтүн жөндөлөт, бирок ат атоочтук мааниде колдонулганда, таандык жана көптүк мүчө жалганбайт.

Баары, бардыгы дегендери таандык мүчө менен толук өзгөрбөйт: буларга 3-жактын жана биринчи эки жактын көптүк түрүнүн таандык мүчөлөрү гана жалганат; биринчи эки жактын жекелик түрүнүн таандык мүчөлөрү жалганбайт: баарыбаары-сы, баары-быз, баары-дар, баары-ңыздар; бардык-ы, бардык-ыбыз, бардык-ыңар, бардык-ыңыздар.

Ат атооч **баары** (өз алдынча туруп) 3-жактын таандык мүчөсү жалганган зат атоочтор сыяктуу жөндөлөт.

Н. баары	малы
И. баары-нын	малы-нын
Б. баары-на	малы-на
Т. баары-н	малы-н
Ж. баары-н-да	малы-н-да
Ч. баары-нан	малы-нан

Ат атооч **бардык** өз алдынча туруп жөндөлбөйт. Жөндөлүү касиетине таандык мүчөлөрдүн жалгануусу аркылуу гана жетишет. Үчүнчү жактын таандык мүчөсү жалганганда, **баары** сыяктуу жөндөлөт; биринчи эки жактын көптүк таандык мүчөлөрү жалганганда, аягы үндүү жана үнсүз менен бүткөн зат атоочтор сыяктуу өзгөрүүсүз жөндөлөт.

Жалпылама маанидеги ат атоочтордун баарына мүнөздүү бир нерсе билдирген маанисине байланыштуу буларга көптүк мүчө жалганбайт.

Экинчи топко кирүүчү ат атоочтор, жалпысынан алганда, заттын жекелигин аныкташт. Буларга **ар** менен **өз** кирет. **Ар** сандык жалпылыкка кирүүчү заттын бөлүнүшүн билдирет. Ат атооч **«ар»** түрк тилдерине иран тилдеринен кирген. Мунун баштапкы формасы болуп **hep** эсептелет. Кыргыз тилинде «ар» өз алдынча колдонулбайт, ал дайыма башка сөздөрдүн алдында, аныктоочтук ордуна колдонулат да, ошондо гана анын ат атоочтук маанинде экендиги сезилет: **ар ким, ар нерсе, ар бир** (киши), **ар бири** ж. б. Мунун акыркысы субстантивдешкен форма болуп эсептелет.

Аныктама ат атоочтордун тобундагы **өз** бир кыйла өзгөчөлүктөрү менен башкалардан айырмаланат. Бул сөз ат атоочтук мааниде аракеттенүүчү жактын өз алдынчалыгын же анын конкреттүүлүгүн күчөтүп көрсөтөт жана дайыма таандык мүчөлөрдүн жалганышы аркылуу колдонулат.

Өз түрк тилдеринен кыргыз, казак, башкыр ж. б. кездешет. Ал монгол тилдери үчүн да мүнөздүү: **өрө**—өз—(сам).[1] **«Өз»** деген сөздүн эң алгачкы мааниси — «бир нерсенин өзөгү, негизи». Рамстедт түрк тилинде «өз» жогоркудай маани менен бирге, ички (внутреннее, среднее, индивид, сердцевина) дегенди да билдирет. Түркчө **өзен** — ич (внутренность, семя, дерево), монг. **өрү** — ич, жүрөк (внутренность, нутро, груд, сердце,—деп көрсөтөт.[2] Демек, буга караганда, түрк жана монгол тилдериндеги «өз» менен анын фонетикалык өзгөргөн түрү ат атоочтук мааниси боюнча гана эмес, тарыхый баштапкы мааниси боюнча да бирдей деп эсептөөгө болот. Муну менен **өзөк** деген сөз да тектеш болушу мүмкүн.

Жогорку бул айтылгандардан түрк тилдери ат атоочтун бул түрү жагынан ар түрдүү, бирок кайсынысы болсо да тек жагынан маанилүү сөздөр менен,кээси дене мүчөлөрү менен байланыштуу жана муну менен ушундай эле маанидеги монгол тилдериндеги ат атоочтор да тектеш деген жыйынтыкка келүүгө болот. Тарыхый жагынан жактама ат атооч (мен, биз) да азыр өздүк ат атооч катарында бой'дун маанисинде колдонулуучу монг. бийе менен тектеш болуу мүмкүнчүлүгү жокко чыгарылбай турган иш (жактама ат атооч бөлүмүн караңыз).

Жактама ат атоочтор менен «өз» деген аныктама ат атоочтун ортосундагы семантикалык айырма — эгерде жактама ат атоочтор аркылуу жөн гана жактык идея берилип, анда субъектинин өзү киргизилбесе, **«өз»** деген ат атоочто жак менен бирге ишти тикеден тике иштөөчү субъектинин өзү да кирүү мазмүнү бар — деп көрсөтөт проф. Н. А. Баскаков[3] (салыштыр, мисалы: **«Мен** бардым» жана **«менин өзүм** бардым» деген сүйлөмдөрдөгү ички маанилик өзгөчөлүктөрдү).

«Өз» ат атооч иретинде **өз алдынча туруп колдонулбаганы** менен, аныктооч болгондо өз алынча колдонулат (**өз** киши) жана андан сын атооч да жасалат: **өзгө** кишиге бербе («башка кишиге бербе» деген мааниде. Ал монголчо (өөр—) дрү-

[1] С. Е. Малов. Памятники древнетюркской письменности, 408-бет. Монгол тилдеринде муну менен бирге, **өөр** (өздүк ат атоочтун негизи—өз), **өөрөө** (сам, лично — мен өзүм) деген созулма үндүү менен келген түрү да колдонулат. Болгондо, булар — өрө менен өөр — омоним сөздөр. Түрк тилдериндеги **өз** менен монголчо **өрө** деген сөз гана байланыштуу болуп, кийинкиси ич, жүрөк маанисиндеги **өрү** деген сөздөн чыккан болуу керек. Ал эми созулма үндүү менен келген **өөр** болсо **өгөр** деген сөздөн чыгышы мүмкүн. К. К. Юдахиндин айтууна караганда, түркмен тилинде да ат атоочтун бул түрү **өөз** болуп созулма үндүү менен айтылат.

[2] Г. И. Рамстедт. Аталган эмгек, 196-бет.

[3] Н. А. Баскаков. Личные и лично-притяжательные местоимения в каракалпакском языке, Тюркологический сборник, № 1, 58-бет.

гой ,иной деген мааниде колдонулат. Демек, өз'дүн негизги эки мааниде колдонулушу да түрк жана монгол тилдери үчүн бирдей.

5. Тангыч ат атоочтор

Негизги ат атоочтор аркылуу берилген маанинин тандыгын билдирет. Тангыч ат атоочтор иран тилдеринен кирген **һәч** деген бөлүкчөнүн сурама ат атоочторго кошулушу аркылуу жасалат. Ошондуктан аларды өз алдынча бөлбөстөн, белгилүү өлчөмдө, аныктама жана сурама ат атоочтордун тескери формасы десе да болор эле, анткени, биринчиден, булар маани жагынан алар менен карама-каршы болот. Экинчиден, зат атооч жана этиштердин деле тангыч формасы бар. Күчөтүү максатында гана ага «бир» деген сөз кошулат (Эч бир). Калган көпчүлүк учурда **«эч»** сурама ат атоочтор менен айкашат. Ал дайыма тангандыкты билдирүүчү **«эмес, жок»** деген сөздөр менен жана -ба мүчөсү менен бирге колдонулат. Мисалы: **эч ким келген жок; эч нерсе** койбодум; **эч бир** иш кылганым **жок; эч качан, эч убакта, эч кандай, эч кайсы,** эч **кайдан,** эч **кайда** ж. б.

6. Белгисиз ат атоочтор

Затты, жакты же анын сан-сапаттык белгилерин болжолдуу түрдө жалпысынан көрсөтөт.

Белгисиздик деген эки түшүнүктү ичине алууга тийиш. Кээде сүйлөөчүнүн өзүнө жак, зат жөнүндөгү түшүнүк белгүлүү болгону менен ким, эмне, экендиги, б. а. анын аныктыгы белгисиз болот. Мисалы, «Тур карачы! Короого **(кимдир) бирөө** келди» дегенде короого аракеттенүүчү жак же болбосо кандайдыр бир жандуу заттын келгендиги сүйлөөчү үчүн белгилүү, бирок аныкимдиги же эмне экендиги белгисиз. Мындай ат атоочтор белгилүүнүн белгисиздигин билдирет. Кээде, тескерисинче, зат жөнүндөгү түшүнүктүн өзү.да жана анын аныктыгы да белгисиз болот. Мисалы: **эмнегедир, кандайдыр бир иш** дегенде сөз болуп жаткан нерсе жана анын өзү да, б. а. жогорку айтылган **бир нерсе, кимдир бирөө** дегендердин эки учуру тең белгисиз. Мындай ат атоочтор белгисиздин белгисиздигин, б. а. реалдуу эмес заттын белгисиздигин билдирет. Белгисиз ат атоочтор сурама ат атоочторго, **бир, алда** деген сөздөрдүн кошулуу аркылуу аналитикалык жол менен жасалат. Мисалы: **кай бир, кайсы бир, бир нерсе, бир деме|| бир неме, кимдир бирөө, эмнедир, кандайдыр бир, кээ бир, алда кандай, алда ким** ж. б.

ЖАКТАМА ЖАНА ШИЛТЕМЕ АТ АТООЧТОРДУН ЖӨНДӨЛҮШҮ

Жактама ат атоочтор

н.	мен	сен	ал
и.	менин	сенин	анын
б.	мага	сага	ага
т.	мени	сени	аны
ж.	менде	сенде	анда
ч.	менден	сенден	андан

Шилтеме ат атоочтор

н.	бу(л)	ошо(л),	ушу(л)	тиги(л)
и.	мунун	ошонун	ушунун	тигинин
б.	буга	ошого	ушуга	тигиге
т.	муну	ошону	ушуну	тигини
ж.	мында	ошондо	ушунда	тигинде
ч.	мындан	ошондон	ушундан	тигинден

Жактама жана шилтеме ат атоочтор жөндөлгөн учурда, уңгусу өзгөрөт жана алардын жөндөлүшүндөгү өзгөчөлүктөр жөнүндө түрдүүчө болжолдоолор бар. Бирок ал болжолдоолорго бул жерде токтолуп отуруунун зарылдыгы жок.

Кыргыз жана башка түрк тилдеринде жактама ат атооч «мен», «сен» илик жана табыш жөндөмөлөрүндө менин, сенин, мени, сени сыяктуу болуп эки «н» менен айтылуунун ордуна бир «н» менен айтылат. Мындай бир «н» менен айтылуунун себеби түрк тилдеринин фонетикалык закон ченемдүүлүгүнө байланыштуу: **«н+д, н+л»** болгондо ээрчишүү закону боюнча катар эки «н» же «л» пайда болот да, анын бирөө кээ бир тилдерде түшүп калган учуру да болот: **-н+д>нн>н; л<лл<н+л>нн>н.** Мисалы, алтайча **эне—зи—н+ден>энезиннен>энезинен;** кумык тилинде **н+л** айтылганда «лл» болуп айтылгандыктан, чакчыл-ганлы айтылганда **-галлы** болуп айтылат, бирок жазууда -ганлы гана болуп жазылат. Чакчылдардын толук формасы -ганлы өзбек тилинде -ганы жана -галы болуп кыскарган формада колдонулат. Баштапкы толук форманын мындайча болуп кыскартылышы мындагы **н+л** тыбыштарынын кошулушу ээрчишүүнүн натыйжасында бирде **лл>л (-ганлы>галли>гали), бирде нн>н (-ганли>ганни>гани)** өткөн деп түшүндүрүлөт.[1] Бул жана буга окшогон фактыларды эсепке алганда, жактама ат атоочтордун илик жана табыш жөндөмөлөрүндө кыскарып айтылышын да жогорку келтирилген закон ченемдүүлүккө байланыштуу деп карооого

[1] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 312-бет.

туура келет. Фонетикалык бул процессти графика боюнча төмөнкүдөй кылып көрсөтүүгө болот:

н+н>нн>н:	мен+нын>меннин>менин, сен+нын>сеннин>сенин, мен+ны>менни>мени, сен+ны>сенни>сени,
л+н>нн>н:	ал+нын>аннын>анын, бул+нын>муннун>мунун, бул+ны>мунну>муну, ал+ны>анны>аны.

Ат атооч «ал», «бул» жөндөлгөн учурда, жатыш менен чыгыштын жөндөмө мүчөлөрүнүн алдында л'дин ордуна «н» тыбышы пайда болот. «н» тыбышынын пайда болушу бул жөндөмөлөрдөн мурунку турган табыш жөндөмөсүндө «алны», «булну» дегендин ордуна «аны», «муну» болуп «ан», «мун», «өкшоштук» закону боюнча жатыш, чыгыш жөндөмө мүчөлөрү үчүн негиз болуп калышы мүмкүн. Кыргыз тилинде жатыш менен чыгыш жөндөмөлөрүндө ушундайча болууга мүмкүн деген болжолдоо балкар тилинин материалы менен ыраста-ла алат.

Мисалы: балкарча:

н.	ол	бу	мен
и.	**аны**	**муну**	**мени**
б.	**анга**	**мынга**	**манга**[1]

болуп иликтеги ат атоочтук уңгу барыш жөндөмөсү үчүн негиз болгондугу өзүнөн өзү эле көрүнүп турат. Салыштыр турцияча о (3-жактын жекелик түрү, кырг. ал) — **онлар** (көптүк түрү—олар эмес).

Кыргыз тилинде ат атооч «бу(л)» дун башындагы кош эринчил «б» негизги менен барыштан башка жөндөмө мүчөдөгү жана мүчө уланганда пайда болгон «н» тыбышынын таасири астында муруńчул «м» ге өтүп кетет. Ушу сыяктуу пикирди А. Н. Кононов да айтат.[2] Жогоркудай өзгөрүү барыш жөндөмөсүндө да кезигет. Жактама ат атоочтун биринчи жагы «бен», же болбосо артка ээрчишүүнүн натыйжасында «мен», «ман», экинчи жак «сен», «сан» болгону менен, барыш жөндөмөсүнүн формасы байыркы түрк тилдеринде **манкер, сенкер; маңар саңар; банару; баңа, мана, саңа ана;** аңар; азыркы түрк тилдеринде **маган, саган, огон; сенга, менга; уга; мага, сага, ага; маа, саа, аа, оо; маңа, саңа; бана, сана** болуп түрдүү форма айтылат. Кыргыз тилинин диалектилеринде башка түрк тилдериндегидей, **маган, саган; маңа, саңа** формалары да кезигет. Ушунтип, жактама ат атоочтор

[1] В. И. Филоненко. Грамматика балкарского языка, Нальчик, 1940,

[2] А. Н. Кононов. Грамматика узбекского языка, 127-бет.

түрк тилдеринде барыш жөндөмөдө негизинен -кар, -ар, -га, -а жана -га+н формасы аркылуу берилгендигин көрүүгө болот. Бул формалар -га жана -ра'нын негизинде түзүлгөн -гару мүчөсүнүн жана анын составдык бөлүктөрүнүн фонетикалык жагынан өзгөргөн формалары болуп эсептелет.

Эгерде казак тилин эсепке албаганда, азыркы түрк тилдеринде жактама ат атоочтун жекелик түрүнүн биринчи эки жагы барыш жөндөмөсүндө азерб., турция тилдеринде **мәнә, сәнә, она** болуп «н» менен, туркмен, татар, башкыр, уйгур тилдеринде **баңа, саңа, оңа** деген сыяктуу болуп «ң» менен, калгандарында **мага, сага, ага** болуп «г» менен берилет.

Бул группадагы тилдерде жактама ат атоочтордун биринчи эки жагында барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү -га кыскарган формада **баңа, саңа**'га катышкандыгын түркмен тилинде артка ээрчишүү боюнча уңгудагы ичке үндүүнүн жоон үндүүгө жана «н» тыбышынын «ң» тыбышына өткөнүнөн байкоого болот (**мен+га>манга>маңга>маңа**). Огуз группасындагы фонетикалык мындай кубулушту жана «н» менен «г» тыбыштарынын айкалышындагы жалпы эле закон ченемдүүлүктү алганда, жактама ат атоочтордун жөндөлүшү кыргыз тилинде да «ң» баскычы аркылуу, бирок мында тигилердегидей болуп мүчөнүн башкы тыбышы эмес, уңгунун аяккы элементи түшкөн деп кароого туура келет:

мен+га>манга>маңга>мага,
сен+га>санга>саңга>сага.

Бирок муну менен бирге, барыштын мүчөсү өзүнөн мурунку илик жөндөмөдөгү **ме—, се**—бөлүгүнө жалгануу мүмкүнчүлүгү да жокко чыгарылайт. Түркмөн тилинде үчүнчү жак негизги жөндөмөдө «л» менен аяктайт, бирок барыш жөндөмө «оңа», бизде «ага» болот. Бул формалар да биринчи эки жактагы закон боюнча, бирок мында «л» мүчөнүн башкы «г» тыбышынын таасири астында артикуляциялык органы боюнча г'га жакын турган «ң» тыбышына өтүп, анан «г» тыбышы түркмөн тилинде түшүп калышы мүмкүн (**ол+га>оңга<оңа**) деп болжолдоого караганда, туркмөн тилинде мындан мурунку турган илик жөндөмөсүндөгү (оның'дагы) «он» «окшоштук» боюнча негиз сыяктуу кабыл алынып, мындагы «н» тыбышы г'нын таасири астында ң'га өтүп, анан «г» тыбышы түшүп калышы мүмкүн; кыргыз тилинде да ошондой болуп, илик жөндөмөсүндө «анын» формасындагы «а» негиз катарында кабыл алынын, ага барыштын -га мүчөсү жалганып «аға» болуп калышы мүмкүн деп кароо ыктымалыраак. Анткени л'дин «г» тыбышынын таасири астында «ң'ге» өтүшү азырынча белгисиз. Ушу сыяктуу эле **бул, ошол, ушул** жана **тигил** жөнүндө да айтууга болот.

Булардын барыш (мүмкүн илик менен табыш да) жөндөмөсүнүн формасы да аяккы «л» менен бүткөн формадан эмес, л'сиз тургандагысынан жасалган.

Жогоркуларды жыйынтыктаганда төмөнкүдөй корутундуга келүүгө болот:

1) ат атоочтор башка сөз түркүмдөрүнөн, негизинен, маанисинин жалпы жана абстрактуулугу боюнча айрылат;

2) кээ бир ат атоочтор чыгышы жагынан конкреттүү маанидеги бүтүн сөздөр менен байланышса, кээ бирөөлөрү ат атоочтук мааниде лексикалык составдан бөлүнүп чыгышкан. Ат атоочтун кээ бирөөлөрү түрк жана монгол тилдери үчүн да жалпы;

3) ат атоочтор өздөрүнүн андан аркы өнүгүшүндө айрым сөз түркүмдөрүнүн жана грамматикалык каражаттардын жасалышында да белгилүү ролду ойногон.

МАЗМУНУ

Ушул темадеги ат атоочтун изилдениши жөнүндө адабияттык 3

I ГЛАВА

Ат атоочтун лексикалык жалпы мүнөздөмөсү 6
Ат атоочтун башка сөз топторуна өтүп кетиши. 17
1. Ат атоочтук тактооч 17
2. Ат атоочтук жандоочтор 23
3. Ат атоочтук байламталар 26
Ат атоочтун туркумдөрүнүн ат атоочтук маанide жана ат атоочтун башка маанide колдонулушу. 29

II ГЛАВА

Ат атоочтор жана анын түрлөрү: 32
1. Жактама ат атоочтор 32
2. Шилтеме ат атоочтор 50
3. Сурама ат атоочтор 65
4. Жактама ат атоочтор 73
5. Таандык ат атоочтор 77
6. Белгисиз ат атоочтор 77
Жактама жана шилтеме ат атоочтордун жөндөлүшү. 78

К 92

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Тил жана Адабият Институту

Проект

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ГРАММАТИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ

(Орусча-кыргызча жана кыргызча-орусча сөздүк)
Орто мектептердин окутуучулары үчүн

Фрунзе 1956

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Тил жана Адабият Институту

Проект

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ГРАММАТИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ

(Орусча-кыргызча жана кыргызча-орусча сөздүк)

Орто мектептердин окутуучулары үчүн

Түзүүчүлөр: М. Джаманкулова жана К. Дыйканов

ЦЕНТРАЛЬНАЯ НАУЧНАЯ
БИБЛИОТЕКА
АН. Киргизской ССР

Фрунзе 1956

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Тил жана Адабият Институту

Проект

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ГРАММАТИКАЛЫК ТЕРМИНДЕРИНИН СӨЗДҮГҮ

(Орусча-кыргызча жана кыргызча-орусча сөздүк)

Орто мектептердин окутуучулары үчүн

Түзүүчүлөр: М. Джаманкулова жана К. Дыйканов

ЦЕНТРАЛЬНАЯ НАУЧНАЯ БИБЛИОТЕКА АН. КИРГИЗСКОЙ ССР

Фрунзе 1956

4
К97

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын Редакциялык
Басма сөз Советинин токтому боюнча
басылды

107574
ЦЕНТРАЛЬНАЯ НАУЧНАЯ
БИБЛИОТЕКА
А. Н. Киргизской ССР

СӨЗ БАШЫ

Кыргыз тилинин грамматикасы жана лексикасы Улуу Октябрь Социалисттик Революциясынан кийин гана изилденилип, мектептерде жана вуздарда предмет катарында окутула баштады. Илимий терминдер коомдун, же табияттын бул, же тигил кубулушунун так аты болуп саналат. Ошондуктан, илим тийиштүү терминдердин түзүлүшүнө (пайда болушуна) алып келет. Улуу Октябрь Социалисттик Революциясына чейин Кыргызстанда эч кандай илим болбогондуктан, ал кезде бизде илимий терминдер иштетилген эмес.

Совет бийлигинин биринчи күндөрүнөн тартып Кыргызстанда, башка республикалардагыдай эле, мектептер ачылып, аларда балдар өз эне тилинде окушту. Кыргыз тилинде газеталар, журналдар, окуу китептери түзүлдү; көркөм адабияттар, саясий китептер, марксизмди-ленинизмди негиздөөчүлөрдүн гениалдуу чыгармалары орус тилинен кыргыз тилине кеңири түрдө которулду. Мына булардын баары жалпы терминологиялык ишти, ошонун ичинде грамматикалык терминдерди түзүү ишин да жайылтууну талап кылды.

Мына ушул шартта ар бир жаңы түшүнүктү, ар бир жаңы предметти кыргыз тилинде атоо, айтуу зарылдыгы келип чыкты, башкача айтканда, жаңы сөз, жаңы термин түзүлдү, же эски сөздөрдүн мааниси кеңип, аларга тийиштүү терминдер түзүлдү; мисалы, биздеги: **этиш, актооч, баяндооч, сүйлөм, жөндөмө, сын атооч, аныктооч, татаал сүйлөм, багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, үндүү, үнсүз, созулма үндүү** ж. б. ушул сыяктуу

грамматикалык терминдер кыргыз тилиндеги: **ээ, такта, сүйлө, жөндө, сын, ат, аныкта, үн, созулма,** ж. б. деген сөздөрдүн негизинде түзүлдү. Биздин кыргыз тилинин негизги сөздүк фондусунан пайдаланып, ошонун негизинде түзүлгөн грамматикалык терминдер көп. Бирок, бул—биздин ресурсунан пайдаланып, кээ бир грамматикалык терминдерди орусчадан которуп алганыбыз белгилүү. Мисалы: **согласование** деген терминди которуп, **ээрчишүү** деп колдонуп жүрөбүз. Төмөнкү терминдер да мына ушундай жол менен түзүлгөн: **примыкание**—ыкташуу, **управление**—башкаруу, **чёрточка**—сызыкча ж. б. Ал эми, өз тилибиздин мүмкүнчүлүгү жаңы термин түзүүгө жетпеген кезде, башкача айтканда, бул же тигил терминди кыргыздын төл сөзү менен так берүүгө мүмкүндүк болбогон кезде, биз андай терминдерди орус тилинен которуусуз алдык; мисалы: **грамматика, фонетика, лексика, синтаксис** ж. б.

Кыргыз тилиндеги грамматикалык терминдердин көпчүлүгү негизинен туура алынган. Бирок, биздин грамматикалык терминдерде кээ бир кемчиликтер ушул убакытка чейин орун алып келатканын көрөбүз. Мисалы; **«аффикс»** деген терминдин ордуна бизде **«мүчө»** деген сөз алынып жүрөт. Синтаксисте да **«мүчө»** деген сөз термин катарында **«член предложения»** деген мааниде колдонулуп жүрөт. Ошентип, бир сөздү («мүчө» деген сөздү) эки мааниде колдонуу, окуучуларды чаташтырууга алып келиши мүмкүн; **«мүчө»** деген сөз **«аффикс»** деген терминдин маанисин бербейт. Ошондуктан морфологиядагы **«мүчө»** деген сөздү **«аффикс»** деген термин менен алмаштырууну зарыл деп таптык. Мына ушундай ылайыксыз колдонулуп жүргөн терминдерге **«кошмо сүйлөм», «татаал кошмо сүйлөм»** ж. б. кирет. Бир эле түшүнүк (бир эле термин) бир нече формада берилип жүргөнү белгилүү. Мисалы: **«парные слова»** деген термин бирде **«кош сөз»**, бирде **«кош уңгу»**, бирде **«кошмок мүчө».** Ал эми, кээде **«бирикме мүчө»** болуп жүрөт[1].

Мына ушул сыяктуу кемчиликтерди жоюу жана колдонуп жүргөн грамматикалык терминдерди тартипке салуу үчүн Тил жана Адабият Институтунун сөздүктөр сектору ушул кыргызча-орусча жана орусча-кыргызча сөздүктү түзүп, окуучуларга тартууну ылайык тапты.

Бул сөздүк биринчи жолу басылып чыгып жаткандыктан, анда айрым кемчиликтери болушу мүмкүн. Ошондуктан байкалган кемчиликтер жана каалоолорду Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана Адабият Институтуна билдирүүңүздөрдү сурайбыз.

---

[1] Кыргыз тилинин грамматикалык терминдеринин ичинде мына ушуга окшогон такталбаган терминдердин ушул күнгө чейин болуп келатканы газеталарда чыккан макалаларда да көрсөтүлгөн.

ОРУСЧА-КЫРГЫЗЧА СӨЗДҮК

А

абза́ц абзац (1. жазууда жол башынан оң жакка карай бир аз чегинип жазуу; 2. ушундай чегинип жазылган эки аралыктын ортосундагы текст).

абстра́ктное значе́ние сло́ва сөздүн абстракттуу маанини.

агглютина́ция агглютинация (сөздүн уңгусу туруктуу болуп, ага бир же бир канча аффикстердин катары менен жалганышы; мисалы: мал+чы+лар+дан+быз = малчылардanбыз ж. б.).

а́збука алиппе; алиппе китеби.

алфави́т алфавит (кандайдыр бир тилдин жазуу системасында кабыл кылынган жана белгилүү тартип боюнча тизилген ариптердин жыйындысы).

анто́ним антоним (карама-каршы маанидеги сөздөр; мисалы: чоң-кичине, жакшы-жаман ж. б.).

архаи́зм архаизм (колдонулуудан чыгып калган, эскирген сөз же сөздөрдүн айкалышы).

ассимиля́ция ассимиляция; ээрчишүү (бир тыбыштын экинчи тыбышка карай ээрчип (окшошуп) кетиши; мисалы: тоо+лар=тоолор, түр+ды=түрдү, саат+да=саатта ж. б.).

а́ффикс аффикс (уңгуга кошулуп айтылганда уңгунун түрүн жана маанисин өзгөртүп жиберүүчү бөлүк; мисалы: окуу+чу, колхоз+чу, шаар+га ж. б.).

бе́глые гла́сные айтылганда түшүп калуучу үндүү (мисалы: орус тилинде сон—сна, день—дня, кыргыз тилинде айыл—айлы ж. б.).

безли́чное предложе́ние жаксыз сүйлөм (ээси болбой турган сүйлөм; ээси белгисиз сүйлөм; мисалы: Кыйынчылыктан баш тартууга жарабайт).

безли́чные глаго́лы жаксыз этиштер (эч кандай жакты көрсөтпөстөн айтылган этиш сөздөр; мисалы: келүү, баруу, алуу ж. б.).

безуда́рный слог басымсыз муун (басым түшпөгөн муун; мисалы: атчы́, а́тчы ж. б.).

бессою́зное сло́жно-подчинённое предложе́ние байламтасыз багынычтуу татаал сүйлөм (караңыз: сложно-подчиненное предложение); мисалы: Быйыл күн жаанчыл болуп, эгин жакшы чыкты ж. б.).

бессою́зное сло́жно-сочинённое предложе́ние байламтасыз багынычсыз татаал сүйлөм (караңыз; сложносочиненное предложение); мисалы: Эл арасына ызы-чуу түштү, кыйкырык-өкүрүк көбөйдү ж. б.).

боковы́е согла́сные зву́ки капталчы үнсүз тыбыштар (аба тилдин эки капталынан өткөндө пайда болуучу тыбыштар; мисалы: л).

бу́дущее вре́мя келер чак (кыймыл-аракеттин боло тургандыгын көрсөтүүчү чак; мисалы: Жайкы каникулда пионерлер лагерге барышат ж. б.).

бу́ква арип; тамга (тыбыштарды белгилөө үчүн алынган белгилер; мисалы: а, б, в, г, д ж. б.).

В

вво́дное предложе́ние кириңди сүйлөм (башка бир сүйлөмгө кошулуп айтылганы менен, ал сүйлөмгө мүчө болбогон сүйлөм. Бул сүйлөм айтылган ойдун кырдалын түшүндүрөт; мисалы: Абды колхоздун жылкычысы, башта колхоздун коюн баккан, иштегенине көп жыл болду).

вво́дное сло́во киринди сөз (айтылган ойду бекемдөө үчүн сүйлөмгө катышкан, бирок сүйлөм мүчөсү болбогон сөз; мисалы: балким, сен эртең жөнөй албассың ж. б.).

ви́ды предложе́ний сүйлөмдөрдүн түрлөрү (сүйлөмдөрдүн маанисине, же формасына карай бөлүнүшү;

мисалы: жай сүйлөм, жайылма сүйлөм, жөнөкөй сүйлөм, жалаң сүйлөм, суроолуу сүйлөм, татаал сүйлөм, илептүү сүйлөм ж. б.).

ви′ды прида′точных предложе′ний багыныңкы сүйлөмдүн түрлөрү (мисалы: мезгил багыныңкы сүйлөм, себеп багыныңкы сүйлөм, максат багыныңкы сүйлөм, сын-сыпат багыныңкы сүйлөм ж. б.).

вини′тельный паде′ж табыш жөндөмө (кыймыл-аракеттин объектиге тикеден-тике багытталганын билдирүүчү жөндөмө. Мунун грамматикалык формасы -ны (фонетикалык варианттары менен); мисалы: Сен бул баланы тааныйсыңбы? Мен бул китепти окудум).

возвра′тное местоиме′ние өздүк ат атооч; мисалы: өз (өзүм, өзүң, өзү).

вопроси′тельный знак суроо белгиси (?).

вопроси′тельная интона′ция суроо интонация (сүйлөгөндө үндүн көтөрүңкү, же басыңкы болуп суроо маанисин билдирүүчү интонация).

вопроси′тельное местоиме′ние сурама ат атооч (суроо маанисинде айтылган ат атооч сөздөр; мисалы: ким? эмне? кайсы? ж. б.).

вопроси′тельное предложе′ние суроолуу сүйлөм (суроо иретинде айтылган сүйлөм; мисалы: Комсомол комитетинин отчёту качан болот? Абды бүгүн келеби? ж. б.).

восклица′тельный знак илеп белгиси (!).

восклица′тельная интона′ция илеп интонация (күчтүү сезим маанисинде айтылган интонация).

восклица′тельное предложе′ние илептүү сүйлөм (күчтүү сезим менен ураан чакырганда, кубанганда, чочуганда ж. б. айтылган сүйлөм; мисалы: Жашасын Улуу Октябрь Социалисттик Революциясы! Кандай сонун гүлдөгөн бак! ж. б.).

времена′ глаго′ла этиштин чактары; *прошедшее время* см. прошедшее; *настоящее время* см. настоящее; *будущее время* см. будущее.

второ′е лицо′ экинчи жак (мисалы: сен, сиз, силер, сиздер).

второстепе′нные чле′ны предложе′ния сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү (сүйлөмдүн баш мүчөлөрүнүн бирине багынып, аларга аныктык, тактык киргизген сөздөр, б. а. аныктооч, толуктооч, бышыктооч).

выпаде′ние гла′сных зву′ков үндүү тыбыштардын сыйлыгышуусу (үндүү тыбыш менен аякталган сөзгө үндүү тыбыш уланып айтылганда эки сөздүн ортосундагы бир үндүүнүн сыйлыгышып түшүп калышы; мисалы: «алты ай» **дей** жазылган сөздөр «алтай» болуп айтылат, «кара ат»—«карат» ж. б.).

выраже′ние айтуу.

Г

гла′вное предложе′ние 1. баш сүйлөм (багыныктуу татаал сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдөрдү багынтып, ойдун негизин ээлеген сүйлөм; мисалы: Күн жаанчыл болгондуктан, эгиндин өнүмү жакшы болду); 2. Негизги сүйлөм (татаал сүйлөмдүн тутумундагы чечме сүйлөмдөн мурда келген сүйлөм; мисалы: Кыргызстандын маданияты өстү: көп мектептер салынды; кино, театрлардын тармактары көбөйдү; эне тилибизде китеп, журнал, газеталар чыкты).

гла′вные чле′ны предложе′ния сүйлөмдүн баш мүчөлөрү (сүйлөмдүн ээси жана баяндоочу; мисалы: Окуучулар мектепке келишти ж. б.).

глаго′л этиш (заттын кыймыл-аракеттин ал-абалын билдирүүчү сөз; мисалы: Жаз келди. Жер көгөрдү. Балдар окуп жатышат. ж. б.).

глаго′льное сказу′емое этиштик баяндооч (этиш сөздөрдөн түзүлгөн баяндооч; мисалы: Биздин эл жыргалдуу турмушта жашайт ж. б.).

глаго′льное составно′е сказуемое татаал этиштен түзүлгөн баяндооч.

гла′сные зву′ки үндүү тыбыштар (айтылганда ооздон чыккан аба жолтоолукка учурабастан, негизинен үндүн катышуусунан түзүлүүчү тыбыштар; мисалы: а, э, о, е, ы, и, ү, у).

глухи′е согла′сные каткалаң үнсүздөр (айтылганда үн катышпастан жасалуучу тыбыштар; мисалы: т, к ж. б.).

го′вор говор (бир диалектинин ичиндеги жергиликтүү территориялык тил өзгөчөлүктөрү; мисалы: Ысык-Көл говору, түштүк говорлору).

голосова′я свя′зка үн түйүнү.

голосова́я щель үн жылчыгы.

грамма́тика грамматика (1. тилдеги сөздөрдүн жана сүйлөмдөрдүн түзүлүшү жана өзгөрүшү жөнүндөгү илим. 2. тилдин бул эрежелери жазылган окуу куралы).

губны́е гла́сные эрин үндүүлөр (эриндин катышуусу менен айтылуучу тыбыштар, мындай тыбыштарды айтканда эриндер чормоёт; мисалы: о, у, ү, ө).

губны́е согла́сные эринчил үнсүздөр (эриндин жардамы менен пайда болгон тыбыштар; мисалы: б, п, м).

гу́бно-губны́е согла́сные кош эринчил үнсүздөр (эки эриндин катышуусу менен жасалуучу тыбыштар; мисалы: б, п, м).

гу́бно-зубны́е согла́сные эрин тишчил үнсүздөр (айтылганда астыңкы эриндин үстүңкү тишке тийүүсүнөн пайда болгон тыбыштар; мисалы: в, ф).

д

давнопроше́дшее вре́мя байыркы өткөн чак (кыймыл-аракеттин качандыр бир кезде болгондугун билдирүүчү чак; мисалы: Ал Москвага барган эле. ж. б.).

давнопроше́дшее конкре́тное вре́мя байыркы өткөн айкын чак (кыймыл-аракеттин, окуянын качандыр бир кезде болуп өткөндүгү анык экендигин билдирүүчү чак; мисалы: Бул кинону көргөнмүн ж. б.).

давнопроше́дшее неожи́данное вре́мя байыркы капыскы өткөн чак (бир кезде болуп өткөн кыймыл-аракет сүйлөөчү тарабынан капилес болуп өткөн сыяктуу көрсөтүлөт; мисалы: Барган экенмин, барган экенсиң ж. б.).

да́тельно - направи́тельный паде́ж барыш жөндөмө (кыймыл-аракеттин баруу багытын, эмнеге карата жумшала тургандыгын билдирүүчү жөндөмө. Мунун грамматикалык формасы -га (фонетикалык варианттары менен); мисалы: Окуучулар шаарга кетишкен. Колхозчулар жумушка барышты).

двоето́чие кош чекит (чечме сүйлөмдөн мурда, негизги сүйлөмдөн кийин, бирикме сүйлөмдүн санак мүчөлөрүнөн, бөтөн сөздөн мурда коюлуучу тыныш белгиси (:); мисалы: Академиянын составында төмөнкү институттар бар: Тарых Институту, Ботаника Институту,

Тил жана Адабият Институту ж. б.).

дееприча́стие чакчыл (жакты жана чакты көрсөтпөй туруп, негизги этиштин кошумча кыймыл-аракетин билгизүүчү этиштик форма; мисалы: шашыл+а жүгүрдү; карай-карай көз талуу ж. б.).

де́фис дефис (сөздүн сапка батпай калган бөлүгүн экинчи сапка ташыганда, же цифра менен аффикстин ортосуна, же кош сөздүн арасында ж. б. жерде коюлуучу белги (-); мисалы: аркы-терки, жер-суу ж. б.).

диале́кт диалект (бир тилдин жергиликтүү территориялык айырмачылыктары; алардын өзүнө таандык грамматикалык түзүлүшү жана сөздүк составы болот; Мисалы: кәттә—чоң; асэл—бал ж. б.).

диалекти́зм диалектизм (белгилүү бир тилдеги жергиликтүү сөз, же сүйлөөдөгү жана айтуулардагы фразалык айырмачылык; мисалы: пэс—жапыс ж. б.).

диалектоло́гия диалектология (тил илиминин жергиликтүү диалектилерин изилдөөчү бөлүгү).

дикта́нт диктант; жат жазуу (мугалимдин же диктовка кылуучу адамдын айтканын угуп, жат жазуу; мындагы максат—сөздөрдү туура жазууга көнүгүү болот).

дикто́вка диктовка см. диктант.

диссимиля́ция диссимиляция (бир сөздөгү эки окшош тыбыштын өзгөрүлүп, башка тыбыш менен алмаштырылышы; мисалы: айыл + лар = айылдар ж. б.).

дифто́нг дифтонг (бир муунда созулбаган эки үндүүдөн, же болбосо, үндүү менен w, у тыбышынан түзүлгөн фонема; мисалы: тау, tow ж. б.).

до́лгие гла́сные созулма үндүүлөр (созулуп айтылуучу тыбыштар; мисалы: аа, ээ, оо, уу, үү, өө).

дополне́ние толуктооч (илик жөндөмөдөн башка жөндөмөлөрдө туруп, айкындоочтук милдет аткарган зат атооч, же зат атоочтук маанисинде колдонулган сөз; мисалы: Анын окугану өзүнө жакшы ж. б.).

дро́бное и́мя числи́тельное бөлчөк сан атооч (заттардын бөлүктөрүн көрсөтүүчү сан атооч; мисалы: экиден бир ($^1/_2$), үчтөн эки ($^2/_3$) ж. б.).

дрожа́щий согла́сный дирилдеме үнсүз (тилдин учу дирилдеп айтылуучу тыбыш; мисалы: р).

еди́нственное число́ жекелик сан (бул, бир адам же бир предмет тууралу айтылганда колдонулат; мисалы: Окуучу келди ж. б.).

жарго́н жаргон (жалпы элдик тилден айырмаланган кандайдыр бир социалдык топтун, же таптын тили; ушул топко керектелүүчү спецификалык мааниси бар жасалма, шарттуу сөздөр, же туюнтмалар).

жела́тельное наклоне́ние каалоо ынгайы (каалоо, ниеттенүү иретинде айтылган этиш сөз; мисалы: жазайын, баралы ж. б.).

загла́вная бу́ква баш тамга.

за́дние гла́сные жоон үндүүлөр (айтылганда тилдин артка тартылышынан түзүлүүчү тыбыштар; мисалы: а, о, ы, у).

заднеязы́чные түпчүлдөр (тилдин түбүндө жасалган тыбыштар; мисалы: к, х, г).

заи́мствованные слова башка тилден кирген сөздөр.

зако́н сингармони́зма үндөштүк закону (сөздүн ичиндеги үндүү тыбыштардын үндөшүүсү; мисалы: жазуучу, ишчи ж. б.).

закры́тый слог жабык муун (үнсүз тыбыш менен аяктталган муун; мисалы: ак, эм-гек ж. б.).

зало́г мамиле этиш (кыймыл-аракеттин объектиси менен субъектисинин ортосундагы мамилесин билдируучу грамматикалык категория).

запята́я үтүр (бирөөчөй мүчөлөрдүн, сүйлөм менен сүйлөмдүн, же кириндн сүйлөмдү ж. б. ажыратуу үчүн коюла турган белги (,); мисалы: Колхоз койго да, уйга да, жылкыга да бай ж. б.).

зво́нкие согла́сные жумшак үнсүздөр (шоокумга үндүн кошулушунан жасалган үнсүз тыбыштар; б, в, д ж. б.).

звук тыбыш.

звуково́й соста́в языка́ тилдин тыбыштык составы.

знак смягче́ния ичкертүү белги (ь); (мисалы: лагерь, секретарь, декабрь ж. б.).

зна́чимые слова́ өзүнчө маани берүүчү сөздөр (зат, сын, сан, ат атоочтор, этиш).

значе́ние сло́ва сөздүн мааниси.

идио́ма идиома (сөзмө-сөз башка тилге которулбай турган сөздөр, же сөздөрдүн айкалышы; мисалы: жүрөгү оозуна тыгылды, коёндой окшош ж. б.).

измене́ние глаго́лов по ли́цам этиштердин жак боюнча өзгөрүшү.

измене́ние глаго́лов по чи́слам этиштердин сан боюнча өзгөрүшү.

изъяви́тельное наклоне́ние этиштин жай ынгайы (кыймыл-аракеттин чындыгында болгонун, болуп жатканын, же боло турганын билдирет; сүйлөөчү болжолдоону, шартты, же тилекти айтпастан, чындыкта болгон окуяны сүрөттөп көрсөтөт).

именно́е сказу́емое атоочтук баяндооч (сүйлөмдүн атооч сөздөрдөн турган баяндоочу; мисалы: Алыстан көрүнгөн «Алмалуу» кыштагы. Анын ырдаганы жакшы ж. б.).

именно́е составно́е сказу́емое татаал атоочтордон түзүлгөн баяндооч (атооч сөз менен жардамчы этиштен түзүлгөн баяндооч; мисалы: Айлана тукабадай көпкөк эле ж. б.).

и́мя 1. ат; 2. атооч; имя существительное зат атооч; имя прилагательное сын атооч; имя числительное сан атооч.

имени́тельный паде́ж атооч жөндөмө (см. основной падеж).

именна́я часть сказу́емого баяндоочтун атооч бөлүгү (жардамчы этиш менен биригип баяндооч болгон атооч сөз; мисалы: Ал студент болду ж. б.).

и́мя прилага́тельное сын атооч (заттардын белгисин, өңүн, сынын, сапатын көрсөтүүчү сөз түркүмү; мисалы: бийик, кызыл ж. б.).

и́мя существи́тельное зат атооч (заттардын, буюмдардын, окуялардын, кубулуштардын аттарын билдирген сөз түркүмү; мисалы: Асан, китеп, шамал ж. б.).

и́мя числи́тельное сан атооч (заттардын санын, иретин көрсөтүүчү сөз түркүмү; мисалы: Бешинчи класста отуз окуучу бар ж. б.).

интона́ция интонация (сүйлөөдө үндүн өзгөрүлүп, бирде көтөрүңкү, бирде жай айтылышы; мисалы: Ай, кайда барасың? Жашасын Биринчи май майрамы! ж. б.).

исхо́дный паде́ж чыгыш жөндөмө (кыймыл-аракеттин, иштин эмнеден башталышын, кайдан, эмнеден чыгышын, чыккан ордун,

тегин көрсөткөн жөндөмө. Мунун грамматикалык формасы -дан (фонетикалык варианттары менен); мисалы: Пахтадан кездеме токулат ж. б.).

йоти́рованные гла́сные йоттошкон үндүүлөр («й» менен үндүү тыбыш биригип түзүлгөн үндүүлөр; мисалы: й+э=е, й+у=ю, й+о=ё, й+а=я).

К

кавы́чки тырмакча (сүйлөмдөгү бөтөн сөздү, же тескери мааниде айтылган какшык сөздү, же жер-суунун аты коюлган колхоз, совхоз ж. б. аттарын жазганда, алардын эки четине коюлуучу тыныш белгиси («. . . . . .»); мисалы: «Аламүдүн» совхозу ж. б.).

катего́рия ви́да этиштин түр категориясы (этиштин бүткөн түрү; мисалы: чаап салды, этиштин бүтпөгөн (кайталама) түрү; мисалы: келип жүрөт ж. б.).

ка́чественное прилага́тельное сапаттык сын атооч (заттын өңүн, белгисин, сапатын көрсөтүүчү сын атооч; мисалы: кызыл, жакшы, ачуу, таттуу ж. б.).

коли́чественное и́мя числи́тельное эсептик сан атооч (заттын эсебин билдирүүчү сан атооч, мисалы: он беш, эки жүз ж. б.).

констру́кция предложе́ния сүйлөм түзүлүшү.

ко́рень уңгу (сөздүн өз алдынча турганда маани бере турган, айрым башка бөлүктөргө ажыратып жиберүүгө мүмкүн болбогон бөлүгү; мисалы: баш, көз, кел, ал ж. б.).

ко́свенный вопро́с кыйыр суроо (атооч жөндөмөдөн башка жөндөмөлөргө берилүүчү суроолор; мисалы: кимге, кимде, кайда, эмнеден, эмнени? ж. б.).

ко́свенное дополне́ние кыйыр толуктооч (баш мүчөгө тике айкындооч болгон сөз аркылуу тутумдашкан толуктооч; мисалы: Жүкөш китебин мага көрсөттү. ж. б.).

ко́свенный объе́кт кыйыр объект.

ко́свенная речь кыйыр сөз (түрү өзгөрүлүп, мааниси сакталып айтылган бирөөнүн сөзү; мисалы: Чогулушта председатель ар бир эмгек күнгө он сомдон акча, тогуз килограмдан эгин берилээрин айтты. ж. б.).

кра́ткие гла́сные кыска үндүүлөр (кыска айтылуучу үндүүлөр; мисалы: а, о, у).

курси́в курсив (жазма арипке окшош басма арип, шрифт, тамгалар)

Л

ле́ксика лексика (бир тилдеги сөздөрдүн жыйындысы).

лексиколо́гия лексикология (тил илиминин бөлүгү, бул бөлүк тилдин сөздүк составын изилдейт).

литерату́рный язы́к адабий тил.

лицо́жак (сөз сүйлөөчү (биринчи жак), тыңдоочу (экинчи жак), жана сөзгө катышпаган адам (үчүнчү жак) жөнүндө көрсөтүүчү грамматикалык категория; мисалы: мен, сен, ал, биз ж. б.).

ли́чное местоиме́ние жактама ат атооч (үч жактын бирине карата колдонулуучу ат атоочтор; мисалы: мен, сен, ал, биз, сиздер, алар ж. б.).

ли́чное предложе́ние жактуу сүйлөм (сүйлөмдүн ээси жак мүчөлөрдүн жардамы менен белгилүү болуп турган сүйлөм; мисалы: Сүйлөшкөнү жатабыз ж. б.).

ли́чный притяжа́тельный а́ффикс жакчыл таандык аффикс (заттын бир жакка тиешелүү экендигин көрсөтөт; мисалы: атым, атың, аты, ж. б.).

логи́ческая свя́зь сло́в сөздөрдүн логикалык байланышы.

М

ма́лая бу́ква кичине тамга; кичине арип.

междоме́тие сырдык сөз (адамдын ар түрдүү абалда айтылган эмоциялык сезимдерин жана эриктик реакциясын билдирүүчү сөз түркүмү; мисалы: Кап, кечиккенимди карачы! Так-так! Чек! ж. б.).

ме́стный паде́ж жатыш жөндөмө (кыймыл-аракеттин болгон, боло турган, же болуп жаткан ордун, мезгилин билдирүүчү жөндөмө. Мунун грамматикалык формасы-да (фонетикалык варианттары менен); мисалы: Мектепте жыйналыш болду ж. б.).

местоиме́ние ат атооч (зат, сын, сан атоочтордун орduна колдонулуучу сөз түркүмү; мисалы: мен, сен, ал, тиги, ким? ж. б.).

мёртвый язы́к өлүү тил (байыркы орхон-енисей жазууларынын тили; латин тили ж. б.).

многото́чие көп чекит (катар коюлган үч, же көп чекит; тексттен түшүп калган сөздүн, же сүйлөмдүн ордуна коюлуучу тыныш белги (...): мисалы: Шарт ушундай болуп калды... Мен силерди таштап кетүүм керек,—деди ал).

мно́жественное число́ көптүк сан (бир нече адам, же бир нече предмет жөнүндө айтылганын көрсөтүүчү грамматикалык категория; мисалы: окуучулар, алар, столдор ж. б.).

морфе́ма морфема (грамматикалык сөздүн мааниге ээ болгон бөлүгү; мисалы: үңгү, аффикс).

морфологи́ческая классифика́ция языко́в тилдердин морфологиялык классификациясы.

морфоло́гия морфология (сөздөрдүн түзүлүшү жана өзгөрүшү жөнүндөгү грамматиканын бир бөлүгү).

н

наклоне́ние ыңгай (этиштин өзгөчө бир формасы, кыймыл-аракеттин чындыкка карата болгон мамилесин сүйлөөчү адам кандай белгилегенин көрсөтөт. Ыңгайдын үч формасы бар: жай ыңгай, шарттуу ыңгай жана буйрук ыңгай).

наре́чие тактооч (кыймыл-аракеттин ар түрдүү кырдаалын көрсөтүп, морфологиялык жагынан өзгөрбөй турган, өзгөрсө да жарым-жартылай өзгөрө турган сөз түркүмү; мисалы: Ал азыр келди. Керим мурун кетти. Бул иш бизге мурунтан белгилүү).

наре́чие вре́мени мезгил тактооч (кыймыл-аракеттин мезгилин көрсөтүүчү тактооч; мисалы: Кече экскурсияга чыктык, жакында экзамен башталат ж. б.).

наре́чие ме́ры и сте́пени сан өлчөм тактооч (кыймыл-аракеттин жалпы өлчөмүн, болжолун көрсөтүүчү тактооч; мисалы: Бүтүндөй бардыгын Ашыр алды. Биринчиден, экскурсияга чыгабыз, экинчиден, өсүмдүктөрдүн турмушу менен таанышабыз ж. б.).

наре́чие ме́ста орун тактооч (кыймыл-аракеттин ордун көрсөтүүчү тактооч; мисалы: Самолёт жогору көтөрүлдү. Алыстан тоону көрдүм ж. б.).

наре́чие причи́ны себеп тактооч (кыймыл-аракеттин себебин көрсөтүүчү тактооч).

наре́чие це́ли максат тактооч (кыймыл-аракеттин кандай максат менен боло тургандыгын көрсөтүүчү тактооч).

нарица́тельное и́мя жалпы ат (бир түрдүү заттарга жалпы жонунан берилген ат; мисалы: Шаар, мектеп. ж. б.).

настоя́щее вре́мя учур чак (кыймыл-аракеттин болуп жаткан учурун көрсөтүүчү этиш сөз; мисалы: Жазып жатамын, шаарда турамын ж. б.).

негубны́е гла́сные эринсиз үндүүлөр (эриндин жардамысыз айтылуучу үндүү тыбыштар; мисалы а, э, ы, и).

незна́чимые слова́ маани бербөөчү сөздөр (жардамчы сөздөр; байламталар; см. служебные слова).

неизменя́ющийся а́ффикс ээрчибес аффикс (сөзгө уланганда дайыма бир калыпта турган аффикс; мисалы: мал+кор=малкор, жем+кор=жемкор ж. б.).

неодноро́дное определе́ние бирөңчөй эмес аныктооч (аныкталгычты ар кандай белгиси, сыны, өзгөчөлүгү жагынан аныктап турган айкындоочтор; мисалы: Уюлгуган кара күрөң топ булут, акырын жылып баратты).

неологи́зм неологизм (жаңы сөз жана жаңы мааниге ээ болгон эски сөз).

неопределённое местоиме́ние күдүк ат атооч (мисалы: кайсы бирөө, кимдир, бирөө, эмнегедир).

неопределённо-личное предложе́ние белгисиз жактуу сүйлөм (мисалы: Эмнени эксең, ошону оросуң ж. б.).

непо́лное предложе́ние кемтик сүйлөм (баш мүчөнүн бири кемип айтылган сүйлөм; мисалы: Балам атың ким?
—Сулайман.
—Кай жердиксиң?
—Нарындыкмын...).

нераспространённое предложе́ние жалаң сүйлөм (баш мүчөлөрдөн гана турган сүйлөм; мисалы: Ашыр окуучу. Студенттер чогулду. Күн жаады).

носовы́е согла́сные мурунчул үнсүздөр (мурундун жардамы менен айтылган үнсүз тыбыштар; мисалы: м, н, ң).

о

обобща́ющие слова́ жалпылагыч сөз (сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн бириктирип, алардын алдына, же артына келүүчү сөз; мисалы: Эми Маруся менен Акыя—экөө эки колтуктан жөлөп турушат го.

107574
ЦЕНТРАЛЬНАЯ НАУЧНАЯ БИБЛИОТЕКА А.Н. Киргизской ССР

Сени, Айшаны, мени—баарыбызды директор чакырды. Ал келгендер: Абды, Ашым, Жапар—үчөө болсо керек).

о́бразные слова́ элестүү сөздөр (заттардын көрүнүшү же алардын кыймыл-аракети жөнүндөгү образдык элестөөлөрдү билдирүүчү сөздөр; мисалы: серең-серең, жылт-жылт ж. б.).

обраще́ние каратма сөз (речибизде бирөөнүн же көпчүлүктүн көңүлүн өзүбүзгө буруу үчүн айтылган сөз; мисалы: Жолдоштор, жүгөрүдөн мол түшүм алуу үчүн социалисттик мелдешти күчөтүү керек!).

обстоя́тельственное прида́точное предложе́ние бышыктооч багыныңкы сүйлөм (кыймыл-аракеттин кандай абалда, кандайча болушун көрсөткөн, бышыктоочтун суроосуна жооп берген багыныңкы сүйлөм).

обстоя́тельство бышыктооч (кыймыл-аракеттин мүнөзүн, мезгилин, ордун, себебин, максатын билдирген айкындооч мүчө; мисалы: Ал Ленинградга кетти. Бүгүн муз тептик ж. б.).

обстоя́тельство вре́мени мезгил бышыктооч (кыймыл-аракеттин мезгилин билдирген айкындооч; мисалы: Беш күндө Москвага келдик).

обстоя́тельство ме́ста орун бышыктооч (кыймыл-аракеттин ордун, багытын көрсөткөн айкындооч; мисалы: Жыйналыш сыртта өттү).

обстоя́тельство о́браза де́йствия сын-сыпат бышыктооч (кыймыл-аракеттин сын-сыпатын көрсөттүүчү айкындооч: Бүркүт бийик учту. Эгин уюлгуп чыкты).

обстоя́тельство причи́ны себеп бышыктооч (кыймыл-аракеттин себебин көрсөткөн айкындооч; мисалы: Ал билгендигинен ойлоп тапты ж. б.).

обстоя́тельство це́ли максат бышыктооч (кыймыл-аракеттин максатын билдирген айкындооч: Колхоз койлорун кыркууга айдап келди ж. б.).

одноро́дное дополне́ние бирөңчөй толуктооч (сүйлөм тизмегиндеги бир мүчөгө баш ийип, бирдей суроого жооп берген толуктооч; мисалы: Магазинден Адыл дептер, китеп, калем, сыя алды).

одноро́дное обстоя́тельство бирөңчөй бышыктооч (сүйлөмдүн бир баш мүчөсүнө багынып, бирдей суроого жооп берген бышыктооч; мисалы: Окуучулар курортко, жайлоого дем алууга барышат ж. б.).

одноро́дное определе́ние бирөңчөй аныктооч (сүйлөмдүн бир мүчөсүн аныктап, бирдей суроого жооп берип турган аныктооч; мисалы: Мектеп аянтына сары, жашыл, көк, кызыл гүлдөр отургузулган).

одноро́дное подлежа́щее бирөңчөй ээ (сүйлөмдөгү бир баяндоочко байланышып, бирдей суроого жооп берген сүйлөм ээлери; мисалы: Экскурсияга биздин мектептин пионерлери, комсомолдору, мугалимдери чогуу барышты).

одноро́дное прида́точное предложе́ние бирөңчөй багыныңкы сүйлөм (бирдей суроого жооп берип, бир баш сүйлөмгө багынып турган бир нече багыныңкы сүйлөм; мисалы: Жаз келип, күн жаап, чөп чыгып, мал тоюна баштады).

одноро́дное сказу́емое бирөңчөй баяндооч (сүйлөмдүн ээсин баяндап, бирдей суроого жооп берген баяндооч; мисалы: Абды кубанганынан сүйүндү, каткырды, бийледи, так секирип ойноду).

одноро́дные чле́ны предложе́ния сүйлөмдүн бирөңчөй мүчөлөрү (сүйлөмдө бирдей суроого жооп берип, бирдей милдет аткарып, сүйлөмдүн бир мүчөсүнө тиешелүү болгон сүйлөм мүчөлөрү; мисалы: Жунуш билимдүү, узун бойлуу жигит ж. б.).

омони́мика омонимика (I. тил илиминин омонимдерди изилдөөчү бөлүмү; 2. кандайдыр бир тилдин омонимдеринин жыйындысы).

омо́ним омоним (айтылышы бирдей, бирок маанеси такыр башка болгон сөздөр; мисалы: ат: 1) «унаа», 2) «исим», 3) мылтык «атуу» ж. б.; чач: 1) «баштын чачы»; 2) «бир нерсени чачуу»; как: 1) «бир нерсени силкүү-кагуу»; 2) алма ж. б. «кагуу», 3) «мык кагуу». 4) «кургатылган коон ж. б.).

определе́ние аныктооч (сүйлөмдө заттын же зат маанисиндеги сөздүн сын-сыпатын, белгисин, санын, сапатын билдирип турган айкындооч мүчө; мисалы: окуучунун китеби, биринчи сабак ж. б.).

определе́ние несогласо́ванное ээрчибеген аныктооч (аныкталуучу сөзгө карай сан, жак жагынан ээрчибеген аныктооч; мисалы: Шаарга чоң-чоң үйлөр менен кенен көчөлөр курулуп жатат).

определе́ние согласо́ванное ээрчиме аныктооч (аныкталуучу сөздү сан жана жак боюнча ээрчиген

аныктооч; мисалы: Сенин аган окуучу ж. б.).

определи́тельное местоиме́ние аныктама ат атооч (заттарды аныктап, белгилеп көрсөтүүчү ат атооч; мисалы: ар бир, ар ким ж. б.).

орфогра́фия орфография (жазуу эрежелеринин жыйындысы).

осно́ва негиз (сөздүн уңгудан жана сөз жасоочу аффикстен турган бөлүгү, мисалы: кызмат+чы= кызматчы, колхоз+чу= колхозчу ж. б.).

основно́й паде́ж негизги жөндөмө (морфологиялык эч кандай аффикссиз айтылып, сүйлөмдө көбүнчө ээни билдирүү үчүн колдонулуучу жөндөмө; мисалы: Окуучулар каникулга таранты ж. б.).

откры́тый слог ачык муун (жалаң үндүү тыбыштан турган, же үндүү менен аякталган муун; мисалы: э-не, ба-ла ж. б.).

относи́тельное имя прилага́тельное катыштык сын атооч (заттын эмнеге тиешелүү экендигин көрсөтүүчү сындык белги; мисалы: таштуу жер, кышкы күн ж. б.).

отрица́тельное местоиме́ние таңгыч ат атооч (тангандыкты көрсөтүүчү ат атооч; мисалы: эч ким, эч нерсе ж. б.).

отрица́тельная фо́рма терс форма.

П

па́рные слова́ кош сөздөр (жупталып айтылганда жаңы же кошумча маани берген сөздөр; мисалы: аман-эсен, жолдош-жоро, келин-кесек ж. б.).

па́рные согла́сные түгөйлүү үнсүздөр; (мисалы: б-п, в-ф, д-т, з-с, г-к ж. б.).

пе́рвое лицо́ биринчи жак (см. лицо).

пе́рвое скло́не́ние биринчи жөндөлүш (таандык аффикстер жалганбаган жана ат атоочтордон башка аягы үндүү, үнсүз тыбыштар менен бүткөн сөздөрдүн жөндөлүшү).

переднеязы́чные уччулдар (тилдин учунун үстүңкү тишке тийишип айтылуучу тыбыштар; мисалы: д, т, ч).

пере́дние гла́сные ичке үндүүлөр (тилдин ортоңку бөлүгү алга жүткүнүп, аздыр-көптүр тандайды карай көтөрүлүп айтылуучу тыбыштар; мисалы: э(е), ө, ү, и ж. б.).

перено́с ташымал (катар сапка батпай калган сөздүн муунун экинчи сапка жазуу).

повели́тельное наклоне́ние буйрук ынгай (буйрууну, тапшырууну билдирген этиш; мисалы: жаз, оку, кел ж. б.).

повествова́тельное предложе́ние жай сүйлөм (бир бүткөн ойду жай гана билдирген сүйлөм; мисалы: Бүгүн чогулуш болот. Балдар окууга кетишти ж. б.).

повторе́ние кайталоо; кайта иштеп чыгуу; бышыктоо.

подлежа́щее ээ (сүйлөмдөгү ойдун негизин ээлеген сөз; мисалы: Абды колхозчуларга лекция окуп берди ж. б.).

подчини́тельная связь багыныңкы байланыш (сүйлөм тизмегиндеги сөздөрдүн бирине-бири багынып байланышы. Багыныңкы байланышка ээрчишүү, башкаруулар кирет; мисалы: Колхозчулар жазга даярданышты. Биз экскурсияга бардык ж. б.).

подража́тельные слова́ тууранды сөздөр; (мисалы: От жылт-жылт этти ж. б.).

подчини́тельный сою́з багындыргыч байламта (мисалы: анткени, эгерде ж. б.).

подчиня́ющее сло́во багындыруучу сөз (багынуучу сөздөрдү өзүнүн грамматикалык формасы боюнча багындыруучу сөз; ээрчиген, башкарылган сөздөр; мисалы: Мен бу китепти окудум ж. б.).

по́лость но́са мурун көңдөйү.

полугла́сный жарым үндүү («й»).

понуди́тельный зало́г буйрук, мамиле этиш.

поря́док тартип; **поря́док сло́ва** сөздүн тартиби.

поря́дковое и́мя числи́тельное иреттик сан атооч (заттын иретин, тартибин, даражасын көрсөтүүчү сан атооч; мисалы: алтынчы, онунчу, жыйырманчы ж. б.).

послело́ги жандооч сөздөр (мисалы: менен, үчүн, бирге ж. б.).

поясне́ние түшүндүрүү.

пра́вило эреже; **пра́вила чте́ния** окуу эрежелери.

превосхо́дная сте́пень прилага́тельного күчөтмө сын атооч (күчөтүлгөн даражада айтылган сын; мисалы: Бул адам өтө жакшы киши экен ж. б.).

предло́г предлог (предметтердин ортосундагы ар түрдүү мамилелерди, же предметтердин кыймыл-аракетине карата болгон мамилесин көрсөтүүчү жардамчы сөздөр; мисалы: орус тилинде в, на, при, к ж. б.).

предложе́ние сүйлөм (бүткөн ойду түшүндүрүүчү сөз, же сөздөрдүн тизмеги; мисалы: Жарык болор менен жөнөй калдык. Абанын салкындыгынан чарчаганыбызды сезген жокпуз).

предложе́ние с одноро́дными чле́нами бирөңчөй мүчөлүү сүйлөм (бирдей суроого жооп берген, бирдей милдет аткарган сүйлөм мүчөсү бар сүйлөм; мисалы: бирөңчөй ээлүү сүйлөм, бирөңчөй баяндоочтуу сүйлөм, бирөңчөй аныктоочтуу сүйлөм ж. б.).

преуменьши́тельно - приблизи́тельная сте́пень чамалама сын (чамалап айтылып, -гылт,-гылтым, -ылжым ж. б. аффикстердин жардамы менен түзүлүүчү сын; мисалы: кызгылт көйнөк, көгүлжүм жоолук ж. б.).

приблизи́тельное и́мя числи́тельное чамалама сан атооч (-дай-, -ча аффикстеринин жардамы менен түзүлүүчү сан атооч; мисалы: элүүдөй, кыркча ж. б.).

прида́точное предложе́ние багыныңкы сүйлөм (татаал сүйлөмдүн тутумундагы баш сүйлөмгө багынып турган сүйлөм; мисалы: Мал жакшы багылгандыктан, малчылар сыйланды ж. б.).

прида́точное предложе́ние вре́мени мезгил багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмдүн мезгилин көрсөтүүчү багыныңкы сүйлөм; мисалы: Жаз чыкканда соко айдоо башталат ж. б.).

прида́точное предложе́ние ме́ры өлчөм багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмдү көлөм, даража, сан, багыт жагынан чамалап көрсөткөн багыныңкы сүйлөм; мисалы: Эгин канчалык тез жыйылса, ошончолук коромжу аз болот).

прида́точное предложе́ние ме́ста орун багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмдүн болгон же боло турган жерин, ордун көрсөткөн сүйлөм; мисалы: Шамал кайдан болсо, ал жактан жамгыр болот).

прида́точное предложе́ние о́браза де́йствия сын-сыпат багыныңкы сүйлөм (кыймылдын сын-сыпатын билдирген багыныңкы сүйлөм; мисалы: Алмак-салмак жарышып, кубанталык айылды).

прида́точное предложе́ние подлежа́щее ээ багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмгө багынган багыныңкы сүйлөм; мисалы: Ким көп жашаса, ал көптү көрөт).

прида́точное предложе́ние

причи́ны себеп багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмдүн болуш себебин көрсөткөн багыныңкы сүйлөм; мисалы: Окуучулар жакшы окугандыктан, мектебибиз алдыңкы нийгиликтерге ээ болду).

прида́точное предложе́ние це́ли максат багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмдүн болушундагы максатты билдирген багыныңкы сүйлөм; мисалы: Аны «окуп билим алсын» деп, ага бардык шартты түзүп беришкен).

прида́точное усло́вное предложе́ние шарттуу багыныңкы сүйлөм (баш сүйлөмдүн болушундагы шартты көрсөткөн багыныңкы сүйлөм; мисалы: Ар кимибиз жакшы иштесек, эмгегибиз өнүмдүү болот).

приложе́ние кошумча мүчө (өзүнүн аныкталгычына кошумча ат берүүчү аныктоочтун айрыкча бир бөлүгү; мисалы: кабылан Манас, баатыр-учкуч, окуучу Асан ж. б.).

примыка́ние ыкташтуу (багынуучу сөз багындыруучу сөзгө морфологиялык жагынан ээрчибей, же башкарылбай эле катар келип айтылышы; мисалы: Дың жерлерди айдоого көп адам келди. Ипподромдо күлүк аттар чабылды).

приста́вка приставка (кыргыз тилинде жок. Орус тилинде унгунун алдына жалгануучу аффикс: мисалы: при+ходить=келүү; за+ходить=кирүү ж. б.).

притяжа́тельные местоиме́ния таандык ат атоочтор (-ныкы аффиксы уланган ат атооч; мисалы: бул китеп меники, дептер аныкы).

притяжа́тельный а́ффикс таандык аффикс (уланган атооч сөздү үч жактын бирине таандык кылып көрсөтүүчү аффикс; мисалы: китебим, китебиң, китеби ж. б.).

причи́стие атоочтук (белгилүү бир убакытта туташ кыймыл-аракетти заттын белгиси катарында көрсөтүп, атоочтук жана этиштик касиетке ээ болуучу туунду формалар; мисалы: ырдаган бала, жөнөр адам ж. б.).

причи́стный оборо́т атоочтук оборот (сүйлөм тизмегинде атоочтуктар менен аяктап, аларга грамматикалык жактан байланыштуу болуп, сүйлөмдүн бир мүчөсү сыяктуу кабыл алынуучу сөздөрдүн тобу; мисалы: Кичине ак үйдүн түндүгүнөн оттун жылтылдаганы бизге алыстан эле көрүндү.

прогресси́вная ассимиля́ция согла́сных үнсүздөрдүн

алга карай ээрчиши; (мисалы: таш+бы=ташпы? ж. б.).

прописна́я бу́ква см. заглавная буква.

просто́е наре́чие жөнөкөй тактооч (бир гана сөздөн турган тактооч; мисалы: тез, мурда, кышында ж. б.).

просто́е нераспространённое предложе́ние жөнөкөй жалаң сүйлөм (ээ менен гана баяндоочтон түзүлгөн сүйлөм; мисалы: Күн жаады. Жер көгөрдү. Мал тоюндү).

просто́е подлежа́щее жөнөкөй ээ (сүйлөмдүн бир сөздөн турган ээси; мисалы: Ай жаркыран нурун чачты. Эл кышка камынды ж. б.).

просто́е предложе́ние жөнөкөй сүйлөм (башка сүйлөмдөр менен тутумдашпай, айрым бир ойду билдирген сүйлөм; мисалы: Ажар менен Каныбек бир аз эстерин жыйнашты. Беттерине кан жүгүрө баштады).

просто́е распространённое предложе́ние жөнөкөй жайылма сүйлөм (сүйлөмдүн баш мүчөлөрү менен айкындоочторунан түзүлгөн сүйлөм; мисалы: Биздин малчылар көп эмгек күн табышты).

просто́е сказу́емое жөнөкөй баяндооч (бир сөздөн турган баяндооч; мисалы: Кыздар менен уландар эмгек майданына жөнөштү. Ачуу—душман, акыл—дос).

просто́й глаго́л жөнөкөй этиш (бир гана сөздөн турган этиштер; мисалы: келди, барды ж. б.).

проти́вительные сою́зы каршылагыч байламталар (тутумдашкан жөнөкөй сүйлөмдөрдү бир-бирине каршылаш мааниде коюучу байламта; мисалы: ал, эми, бирок, ошондо да, ошентсе да, ошентсе да, анткени менен. Шамал такыр басылды, бирок жол мурункудай эле жым-жырт).

проше́дшее вре́мя өткөн чак (кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгүн көрсөтүүчү чак; мисалы: Асан онунчу классты бүткөн. Ал келди. Ал келиптир. Жол жакшы эле ж. б.).

проше́дшее вре́мя неожи́данное капыскы өткөн чак (жакын аранын ичинде болгон кыймыл-аракеттин, окуянын капысынан болуп өткөндүгүн көрсөтүүчү этиш; мисалы: мен жазыпмын — жазыптырмын ж. б.).

проше́дшее дати́рованное вре́мя айкын өткөн чак (кыймыл-аракеттин, же окуянын ачык-айкын болгондугун көрсөткөн этиш; мисалы: окудум, окудуң, окуду ж. б.).

проше́дшее дли́тельное вре́мя узак өткөн чак (адет өткөн чак; мисалы: кичине кезде тоого көп чыгуучубуз).

проше́дшее предвари́тельное вре́мя күдүк өткөн чак (кыймыл-аракеттин, же окуянын болгондугун күдүк түрдө билдирүүчү этиш; мисалы: Асан бул китепти окугандыр ж. б.).

пряма́я речь тике сөз (кандай айтылса, дал ошондой алынган бөтөн сөз; мисалы: «Ким иштебесе, ал тиштебейт»—деген Ленин).

прямо́е дополне́ние тике толуктооч (табыш жөндөмө аркылуу берилген толуктооч; мисалы: Абды журнал окуду).

прямо́е значе́ние сло́ва сөздүн тике мааниси (сөздүн өтмө мааниде колдонулбай, өз маанисинде айтылганы; мисалы: Бала чоңойду. «Бала» тике мааниде; бала кыял, мында «бала» өтмө мааниде).

пунктуа́ция пунктуация (тыныш белгилерин коюу эрежеси).

Р

разгово́рный язы́к сүйлөө тил.

раздели́тельный знак ажыраттуу белгиси (ъ), мисалы: съезд ж. б.

раздели́тельные сою́зы ажыраткыч байламталар (өз ара тутумдашкан жөнөкөй сүйлөмдөгү кыймыл-аракетти ажыратып көрсөтөт; мисалы: же, же болбосо, болбосо; Бул аңызга быйыл арпа, же буудай себилет).

разде́льное написа́ние айрым жазуу.

разря́ды и́мени числи́тельного сан атоочтун бөлүнүшү: количественное имя числительное эсептик сан атооч; порядковое имя числительное иреттик сан атооч; собирательное имя числительное жамдама сан атооч; приблизительное имя числительное чамалама сан атооч; дробное имя числительное бөлчөк сан атооч.

разря́ды местоиме́ний ат атоочтун түрлөрү: личное местоимение жактама ат атооч, указательное местоимение шилтеме ат атооч, возвратное местоимение өздүк ат атооч; вопросительное местоиме-

ние сурама ат атооч; неопределенное местоимение күдүк ат атооч, отрицательное местоимение таңгыч ат атооч; притяжательное местоимение таандык ат атооч; определительное местоимение аныктама ат атооч же жалпылагыч ат атооч.

разря́ды нарéчия тактоочтордун түрлөрү: наречие образа действия сын-сыпат тактооч; наречие места орун тактооч; наречие времени мезгил тактооч; наречие меры и степени сан-өлчөм тактооч; наречие причины себеп тактооч; наречие цели максат тактооч.

распространённое предложе́ние жайылма сүйлөм (сүйлөмдүн ээ, баяндоочунан башка айкындооч мүчөсү болгон сүйлөм; мисалы: Жайнап өскөн күн мында, жашыл сайма түр мында. Жаркыраган алтын туу, жайдары сонун күн мында).

регресси́вная ассимиля́ция согла́сных үнсүздөрдүн артка карай ээрчиши (жанаша турган эки тыбышты айткан кезде мурункусу кийинкисине окшоп кетиши; мисалы: «тузсуз» деген сөздүн «туссуз» болуп айтылышы ж. б.).

речь сүйлөө; сөз; речь.

род род (орус грамматикасында мужской, женский жана средний болуп үч родго бөлүнөт. Кыргыз грамматикасында род жок).

родна́я речь эне тили.

роди́тельный падеж илик жөндөмө (айтылуучу сөздүн бир жакка же бир затка тиешелүү экендигин билдирүүчү жөндөмө. Мунун грамматикалык формасы **-нын** (фонетикалык варианттары менен); мисалы: Анын китеби таза ж. б.).

С

свя́зка байлама (составдык баяндоочтун бөлүгү болуп эсептелүүчү жардамчы этиш; мисалы: Мен студент элем, секретарь болдум ж. б.).

связь байланыш (сүйлөмдөгү сөздөрдүн бир-бирине болгон катышы; байланыш эки түрдүү болот: тең байланыш, багыныңкы байланыш).

связь слов в предложе́нии сүйлөмдө сөздөрдүн байланышы.

сино́ним синоним (айтылышы түрдүүчө, мааниси бирдей сөздөр; мисалы: баатыр, эр, жүрөктүү, тайманбас ж. б.).

си́нтаксис просто́го предложе́ния жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси.

си́нтаксис синтаксис (1. тилдеги сөздөрдүн айтылуучу ойго карата бир-бири менен байланыш тартиби. 2. сүйлөм жана сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн айкалышын үйрөтүүчү илим, грамматиканын бир бөлүгү).

соно́рные согла́сные уяң үнсүздөр (шоокумга караганда үндүн басымдуулугу менен жасалган тыбыштар; мисалы: м, н, л, р).

сказу́емое баяндооч (сүйлөмдө ээни баяндап турган баш мүчө; мисалы: Күн ысыды. Жаз келди ж. б.).

сказу́емое сло́жное татаал баяндооч (татаал сөздөн, же сөз айкалышынан турган баяндооч; мисалы: Завод тынымсыз иштеп жатат).

склоне́ние жөндөмө (сүйлөм тизмегинде атоочтордун башка сөздөргө карата болгон мамилесин билдирүүчү грамматикалык форма).

склоне́ние жөндөлүш (сөздөрдүн жөндөмөлөр менен өзгөрүшү).

ско́бка кашаа ( ).

сли́тное написа́ние кошуп жазуу.

сли́тное сло́жное сло́во бириккен татаал сөз (бири-бирининн таасири менен тыбыштык жагынан бузулуп, биригип кеткен татаал сөздөр; мисалы: бу+жак=быяк, бу+жыл=быйыл, бу+күн=бүгүн ж. б.).

слова́рь сөздүк (1. алфавит тартибине келтирилип, мааниси түшүндүрүлгөн, же башка тилге которулган сөздөрдүн тизмеси; 2. кандайдыр бир тилдеги бардык сөздөр, же айрым бир чыгармада колдонулган сөздөр).

словоизмене́ние сөз өзгөртүү (сөздөрдүн лексикалык маанисин өзгөртпөй туруп, алардын сүйлөмдөгү мамилесин, б. а. грамматикалык маанисин билдирүүчү жак, чак, сан, жөндөмө ж. б. категориялар).

словоизмени́тельный а́ффикс сөз өзгөртүүчү аффикс (сөзгө уланганда, сөздүн мамилесин гана өзгөртүп, башка сөздөр менен байланыштырган аффикс; мисалы: жаздым, жаздың, китепти ж. б.).

словообразова́тельный а́ффикс сөз жасоочу аффикс (сөзгө уланганда, сөздүн маанисин жаны мааниге

өткөрүп жиберүүчү аффикс; мисалы: жазуу+чу=жазуучу, трактор+чу=тракторчу ж. б.).

слог муун (сөздөгү бир ыргак менен айтылган бир, же бир нече тыбыш; мисалы: мек-теп, кол-хоз ж. б.); открытый слог ачык муун; закрытый слог жабык муун).

сло́жные имена́ татаал аттар (эки, же андан ашык сөздөн түзүлгөн аттар; мисалы: Жалал-Абад, Жаңыл Мырза, «Советтик Кыргызстан» газетасы, Аккула ж. б.).

сло́жное и́мя существи́тельное татаал зат атооч (бир нече сөздөн түзүлгөн зат атооч; мисалы: «Көк-Ойрок» жайлоосу, «Кыргызстан пионер» газетасы ж. б.).

сло́жное предложе́ние татаал сүйлөм (маани жагынан экиден ашык жөнөкөй сүйлөмдөн биригип, татаал ойду билдирген сүйлөм; мисалы: Жаз чыгып, келгин куштар келе баштады).

сло́жно-подчинённое предложе́ние багынычтуу татаал сүйлөм (татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн бирине экинчиси маани жактан багынып турган сүйлөм).

сло́жно-подчинённое предложе́ние с сою́зом байламталуу татаал багынычтуу сүйлөм; (мисалы: Согушту тынчтык жеңип чыгат, анткени—адам тарыхында биринчи болуп тынчтыктын уюмдашкан фронту түзүлдү).

сло́жное сло́во татаал сөз (эки, же андан көп сөздөн, же болбосо эки, же андан көп компоненттен туруктуу айкалышып, жаңы маани берген же маанини күчөткөн сөздөр; мисалы: өнөр жай, мал чарба, бак-дөөлөт, ата-эне ж. б.).

сло́жно-сочинённое предложе́ние багынычсыз татаал сүйлөм (татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөр мааниси жактан бирине-бири багынбай айтылуучу сүйлөм; мисалы: Зал толтура эл, музыка үнү жаңырат).

сло́жно-сочинённое предложе́ние с сою́зом байламталуу багынычсыз татаал сүйлөм (мисалы: Иш өз убагында бүттү жана колхозчулар кышка даярдана баштады).

сло́жный сою́з татаал байламта (эки, же андан ашык сөз элементинен, же компонентинен турган байламта; мисалы: ал эми, анткени менен, же болбосо, жана да, ошондо да, ошол себептен, ошону үчүн, кээ бирде, неге десең).

собира́тельное и́мя числи́тельное жамдама сан атооч (заттын санын жамдап көрсөтүүчү сан атооч; мисалы: бирөө, экөө ж. б.).

со́бственное и́мя существи́тельное энчилүү зат атооч (заттын жеке керт башына коюлган ат; мисалы: Чолпон-Ата курорту ж. б.).

согла́сные зву́ки үнсүз тыбыштар (айтылганда ооздон чыккан аба жолтоолукка учурап, үндүн жана шыбыштын биргелеше катышуусу менен, же жалаң гана шыбыштын катышуусу менен айтылган тыбыштар; мисалы: б, в, г, д, з ж. б.).

согласова́ние ээрчишүү (багыныңкы сөздүн багындыруучу сөздүн грамматикалык формасына окшошун айтылышы; мисалы: Мен келдим, китеп басылып чыкты ж. б.).

содержа́ние мазмун.

соедини́тельные сою́зы байланыштыргыч байламталар (бирине-бири тең мааниле ш бирдей сүйлөмдөрдү же мүчөлөрдү бириктирүүчү байламталар; буга: да, ары деген сөздөр кирет; мисалы: Гулай эриксизден күлүп жиберди да, ал жалооруган көзү менен Өмүрбекти тиктеди ж. б.).

сокраще́нное сло́во кыскартылган сөз (бир нече толук маанилүү сөздөрдөн кыскартылып берилген сөз; мисалы: райком (райондук комитет), Кыргыз ССР (Кыргыз Советтик Социалисттик Республикасы), МТС (машина-трактор станциясы) ж. б.).

соста́в сло́ва сөздүн составы (сөздүн уңгу жана аффикстен түзүлгөн бөлүгү; мисалы: колхоз+чу, окуу+чу ж. б.).

составно́е сказу́емое составдуу баяндооч (зат атоочко жардамчы сөз кошулуп түзүлгөн баяндооч; мисалы: Ал лётчик болуптур, өткөн жылы тракторчу эле).

сочини́тельная связь тең байланыш (өз ара формасы жактан бири-бирине багынбаган, тең укукта байланышкан сүйлөм мүчөлөрү; мисалы: Насип, Сайра, Жума бүгүн келди ж. б.).

сою́з байламта (сөз менен сөздү, же сүйлөм менен сүйлөмдү бир сүйлөмгө бириктирип байланыштыруучу сөз; мисалы: жана, менен, да ж. б.).

сравни́тельная сте́пень прилага́тельного сын атоочтун салыштырма даражасы (заттагы бир эле белгинин экинчи заттагы ошондой белги менен салыштыры-

лышы. Ысык-Көл Соң-Көлдөн чоң, Памир Тянь-Шандан бийигирээк ж. б.).

сравни′тельное прида′точное предложе′ние салыштырма багыныңкы сүйлөм (кошмо сүйлөмдүн тутумундагы багыныңкы сүйлөмдүн салыштыруу иретинде айтылышы; мисалы: Эгин айдап жакшы бак, жазында чыгат жалтылдап ж. б.).

спряже′ние жакталыш (этиштердин жак,чак, сан ж. б. менен өзгөрүшү).

строчна′я бу′ква, см. малая буква.

су′ффикс суффикс, куранды (уңгудан кийин жалгануучу аффикс; мисалы: атчы, койчу ж. б.).

Т

те′рмин термин (илимдин, техниканын атайын тармагындагы белгилүү түшүнүктүн аты болуп эсептелген сөз, же сөздөрдүн айкалышы).

терминоло′гия терминология (илимдин, техниканын, искусствонун тармагындаг колдонулган терминдердин жыйындысы).

ти′пы склоне′ний существи′тельных зат атоочтордун жөндөлүш типтери (зат атооч сөздөрдүн жөндөмөлөр аркылуу өзгөрүшү; мисалы: китеп, китептен, китебинен ж. б.).

тире′ тире, сызыкча (пунктуациялык белги (—); мисалы: Асан—педагог. Асыл — таштан, акыл — жаштан ж. б.).

то′чка чекит (жай сүйлөмдүн же кыскартылган сөздөрдүн ж. б. аягына коюлуучу тыныш белгиси (.).

то′чка с запято′й үтүрдүү чекит (тыбыш белгисинин бир түрү (;).

тре′тье лицо′ үчүнчү жак (см. лицо).

У

ударе′ние 1. басым, 2. басым белгиси (сөз ичинде бир муундун башка муундарга караганда айрыкча көтөрүңкү айтылышы).

уда′рный слог басымдуу муун (басым түшкөн муун; мисалы: атада′н, бала′ ж. б.).

уменьши′тельный а′ффикс кичирейтүүчү аффикс (мисалы: «ини» деген сөзгө -чек деген аффикс жалганганда «иничек» болот ж. б.).

у′зкие гла′сные кууш үндүүлөр (мисалы: у, ү, ы, и).

указа′тельное местоиме′ние шилтеме (көрсөткүч) ат атооч (бир затка карата көрсөтүлө айтылган ат атоочтор; мисалы: ушул шаар, тиги аска ж. б.).

управле′ние башкаруу (багындыруучу сөз багынуучу сөздүн тийиштүү жөндөмөдө турушун талап кылган синтаксистик байланыш; мисалы: шаардан келдим ж. б.).

усло′вное наклоне′ние глагола этиштин шарттуу ыңгайы (кыймыл-аракеттин аткарылышы үчүн шартты билдирүүчү этиш; мисалы: Жамгыр жааса, жер көгөрөт ж. б.).

усло′вное предложе′ние шарттуу сүйлөм (см. придаточное условное предложение).

усло′вный сою′з шарттуу байламта (өз ара тутумдашкан жөнөкөй сүйлөмдүн бир-бирине болгон шартын көрсөткөн байламта; мисалы: Мешке от көп жагылса да, үйдүн ичи жылыган жок).

у′стный яз′ык оозеки тил.

Ф

фле′ксия флексия; **внутренняя флексия** ички флексия (уңгунун ичиндеги грамматикалык өзгөрүлүү; мисалы: араб тилинде китаб—китеп, кутуб—китептер; **внешняя флексия** тышкы флексия (орус тилиндеги сөздүн өзгөрүлүүчү аягы; мисалы: книг-а, книг-е — китеп, китепке; пиш-у, пишешь—жазамын, жазасың).

флекти′вные языки′ флективдүү тилдер.

флекти′вный стро′й языка′ тилдин флективдүү түзүлүшү (мисалы: араб тилинде «катаба—жазды», «катиб—жаза турган киши, катчы»; «катубу—ал жазат»).

фоне′ма фонема (сөз маанилерин ажыратуучу айрым тыбыш; мисалы: ат, эт, от ж. б.).

фоне′тика фонетика (1. тилдин тыбыш составы; 2. тил илимининн тыбыштарды текшерүүчү бөлүгү).

фонети′ческая транскри′пция фонетикалык транскрипция (ооздон чыккан сөздү өтө так жазып алуу максаты менен колдонулуучу тамгалар системасы).

фоно′граф фонограф (ооздон чыккан тыбышты жазып алуучу аппарат).

фра′за фраза (сөздөрдүн бүтүн ойду билдирүүчү айкалышы, тизмеги).

фразеологи′змы фразеологизмдер (адетте маани жагынан алганда бөлүктөргө

болүнө турган, бирок тилде макал, лакап, жол башчылардын, жазуучулардын санат болуп калган таамай айткан сөздөрү катарында көп колдонулуп жүргөн, мына ошондуктан ажырагыс бүтүн болгон сөз айкалыштары; мисалы: чегирткеден корккон эгин экпейт; кара кылды как жаруу; кууп жетүү жана озуп кетүү (Ленин) ж. б.).

фразеоло́гия фразеология (фразеологиялык айкалыштар жөнүндөгү б. а. сөздөрдүн маани жагынан ажырагыс бирдикти билдирүүчү туруктуу айкалыштары жөнүндөгү окуу; мисалы: Көздүн карегиндей сактоо; сары майдай сактоо; тил эмизүү; сызга отургузуп кетүү ж. б.).

ч

ча́сти ре́чи сөз түркүмдөрү (сөздөрдүн маанисине жана аффикстердин уланышына карай бөлүнүштөрү; зат атооч; сын атооч; сан атооч; ат атооч; этиш; тактооч; байламта; жардамчы сөз; сырдык сөз; тууранды сөз).

части́ца бөлүкчө (сөзгө же сүйлөмгө ар түрдүү кошумча маани берүүчү жардамчы сөздөр: эң, өтө, абдан, гана ж. б.).

чёрточка см. дефис, сызыкча, орфографиялык белги (-); мисалы: бала-чака, беш-бештен, 10-унчу ж. б.).

число́ сан; единственное число жекелик сан; множественное число көптүк сан.

чле́н предложе́ния сүйлөм мүчөсү (сүйлөмдүн составдык бөлүгү; сүйлөм тизмегинде туруп кандайдыр бир суроого жооп берип турган сөз: ээ, баяндооч, аныктооч, толуктооч, бышыктооч).

чужа́я речь бөтөн сөз (башка бирөөнүн сөзү).

ш

широ́кие гла́сные кең үндүүлөр (айтылганда жаак кен ачылып, ээк бир аз төмөн түшүп жасалуучу тыбыштар; мисалы: а, о, ө, э, аа).

щ

щелевы́е жылчыкчылар (мисалы: с, з, й, ш ж. б.).

э

этимологи́ческий слова́рь этимологиялык сөздүк (сөздөрдүн чыгышы жөнүндө түшүнүк берүүчү сөздүк).

этимоло́гия этимология (1. тил илимининн сөздүн чыгышын текшерүүчү бир бөлүгү; 2. сөздүн чыгышы).

я

язы́к тил.

языкове́дение, языкозна́ние тил илими, тил таануу.

КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮК

Киргизско-русский словарь

А

абзац	абзац.
абстрактуу маани	абстрактное значение.
агглютинация	агглютинация.
агглютинативдүү тилдер	агглютинативные языки.
адабий тил	литературный язык.
ажыраткыч байламталар	разделительные союзы.
ажыратуу белгиси (ъ)	разделительный знак.
айкындооч мүчө	второстепенный член.
айкын өткөн чак	прошедшее датированное время.
айрым жазуу	раздельное написание.
айтуу	высказывание; выражение.
айтылганда түшүп калуучу үндүү	беглые гласные.
алга жутулуш* (ээрчишүү)	прогрессивное уподобление.
үнсүздөрдүн алга карай ээрчиши	прогрессивная ассимиляция согласных.
алиппе; алиппе китеби	азбука, букварь.
алфавит	алфавит.
антоним	антоним.
аныкталгыч	определяемое.
аныктама ат атооч	определительное местоимение.
аныктооч	определение.

* Азыркы учурда колдонулуудан чыккан, же болбосо, аз колдонулуучу терминдер ушундай белги (*) менен көрсөтүлдү.

аралаш	смешанный.
аралаш кошмо* сүйлөм, аралаш татаал сүйлөм.	смешанное сложное предложение (с сочинением и подчинением).
арип; тамга	буква.
аркылуу этиш	глагол понудительного залога.
артка жутулуш	регрессивное уподобление.
үнсүздөрдүн артка карай ээрчиши	регрессивная ассимиляция согласных.
архаизм	архаизм.
ассимиляция	ассимиляция.
ат	имя.
ат атооч	местоимение.
ат атоочтордун жөндөлүшү	склонение местоимений.
ат атоочтун түрлөрү	разряды местоимений.
атама сүйлөм	назывное предложение.
аффикс	аффикс.
атооч	именительный падеж.
атоочтук	причастие.
атоочтук баяндооч	именное сказуемое.
атоочтук оборот	причастный оборот.
ачык муун	открытый слог.

Б

багындыруучу сөз	подчиняющее слово.
багыныңкы байланыш	подчинительная связь.
багындыргыч байламта	подчинительный союз.
багыныңкы кошмо сүйлөм*	см. татаал багынычтуу сүйлөм.
багыныңкы сөз	подчиненное слово.
багыныңкы сүйлөм	придаточное предложение.
багыныңкы сүйлөмдөрдүн түрлөрү	виды придаточных предложений.
байламта	союз.
байлама	связка.
байламта сөздүү (тең мааниле ш) кошмо сүйлөм*	см. байламталуу татаал багынычсыз сүйлөм.
байланыш	связь.
байламталуу татаал багынычсыз сүйлөм	сложно-сочиненное предложение с союзами.

байламталуу татаал багынычтуу сүйлөм — сложно-подчиненное предложение с союзами.
байламтасыз жөнөкөй (тең маанилеш) кошмо сүйлөм* — см. байламтасыз татаал багынычсыз сүйлөм.
байламтасыз татаал багынычсыз сүйлөм — бессоюзное сложно-сочиненное предложение.
байламтасыз татаал багынычтуу сүйлөм — бессоюзное сложно-подчиненное предложение.
байланыштыргыч байламталар — соединительные союзы.
байыркы өткөн айкын чак — давнопрошедшее конкретное время.
байыркы өткөн чак — давнопрошедшее время.
байыркы капыскы өткөн чак — давнопрошедшее неожиданное время.
барыш жөндөмө — дательный - направительный падеж.
басым — ударение.
басымдуу муун — ударный слог.
баш мүчөлөр — главные члены (предложения).
баш сүйлөм — главное предложение.
баш тамга — заглавная буква.
башкаруу — управление.
башка тилден кирген сөздөр — заимствованные слова.
башкы сөз — предисловие.
баяндама сүйлөм* — повествовательное предложение.
баяндооч — сказуемое.
баяндоочтун атооч бөлүгү — именная часть сказуемого.
баяндоочтун тобу — группа сказуемого.
белги — признак, знак.
белгисиз жактуу сүйлөм — неопределенно-личное предложение.
белгисиз мурунку өткөн чак — давнопрошедшее неопределенное время.
берки өткөн чак — прошедшее датированное время; прошедшее определенное; прошедшее категорическое время.

бирге жазуу — слитное написание.
бирдей маанилеш кош сөздөр — парные слова одного значения, состоящие из синонимов.
бириккен татаал сөз — слитное сложное слово.
бирикме сүйлөм — слитное предложение.
биринчи жак — первое лицо.
биринчи жөндөлүш — первое склонение.
бирөөнчөй айкындоочтуу сүйлөм — предложение с однородными второстепенными членами.
бирөөнчөй аныктоочтор — однородные определения.
бирөөнчөй аныктоочтуу сүйлөм — предложение с однородными определениями.
бирөөнчөй багыныңкы сүйлөмдөр — однородные придаточные предложения.
бирөөнчөй баяндоочтуу сүйлөм — предложение с однородными сказуемыми.
бирөөнчөй бышыктооч — однородные обстоятельства.
бирөөнчөй мүчө — однородный член.
бирөөнчөй мүчөлүү сүйлөм — предложение с однородными членами.
бирөөнчөй толуктоочтуу сүйлөм — предложение с однородными дополнениями.
бирөөнчөй ээлүү сүйлөм — предложение с однородными подлежащими.
бирөөнчөй эмес аныктооч — неоднородное определение.
божомол байламта* — предположительный союз.
божомол сүйлөм* — предположительное предложение.
бөлүкчө — частица.
бөлчөк сан атооч — дробное имя числительное.
бөтөн сөз — чужая речь.
буйрук ыңгай — повелительное наклонение.
буйрук—каалоо этиштин ыңгайы — желательная форма.
буйрук этиш* — понудительный залог.
бышыктооч — обстоятельство.

бышыктооч багыныңкы сүйлөм	обстоятельственное придаточное предложение.
	Г
говор	говор.
грамматика	грамматика.
	Д
дефис	дефис.
диалект	диалект.
диалектизм	диалектизм.
диалектология	диалектология.
дирилдеме үнсүз	дрожащий согласный.
диссимиляция	диссимиляция.
диктант	диктант.
дифтонг	дифтонг.
	Ж
жабык муун	закрытый слог.
жазуу	письмо, писание.
жазма тил	письменный язык.
жазылыш	правописание, написание.
жай сүйлөм	повествовательное предложение.
жай этиш	глагол изъявительного наклонения.
жайылма мүчө	развернутый член.
жайылма сүйлөм	распространенное предложение.
жак	лицо.
жаксыз сүйлөм	безличное предложение.
жаксыз этиштер*	безличные глаголы.
жакталыш	спряжение.
жактама ат атооч	личное местоимение.
жактуу сүйлөм	личное предложение.
жакчыл таандык аффикс	личный притяжательный аффикс.
жалаң сүйлөм	нераспространенное предложение.
жалпы	общий.
жалпы ат	нарицательное имя.
жалпы таандык аффикс	общий притяжательный аффикс.

жалпы тил	общий язык.
жалпылагыч сөздөр	обобщающие слова.
жалпылагыч айкындооч сүйлөм	предложение с обобщающими второстепенными членами.
жалпылагыч аныктоочту сүйлөм	предложение с обобщающими определениями.
жалпылагыч баяндоочтуу бирикме сүйлөмдөр	однородные предложения с обобщающими сказуемыми.
жалпылагыч мүчө	обобщающий член (предложения).
жалпылагыч толуктоочтуу сүйлөм	предложение с обобщающими определениями.
жалпылагыч ээ	обобщающее подлежащее.
жалпылагыч ээлүү бирикме сүйлөмдөр	однородные предложения с обобщающими подлежащими.
жалпылагыч ээлүү сүйлөмдөр	предложение с обобщающими подлежащими.
жамдама сан атооч	собирательное имя числительное.
жандама сүйлөм	см. багыныңкы сүйлөм.
жандамалуу сүйлөм	см. баш сүйлөм.
жандооч	послелоги.
жаргон	жаргон.
жардамчы сөздөр	служебные слова.
жарылма үнсүз	смычный согласный.
жарым үндүү	полугласный.
жасалыш	образование.
тактоочтордун жасалышы	образование наречий.
жасоочу	образующий.
зат атоочторду жасоочу аффикс	аффикс, образующий имена существительные.
жат сүйлөм*	см. киринди сүйлөм.
жат жазуу	диктовка.
жатыш жөндөмө	местный падеж.
жекелик сан	единственное число.
жоон үндүүлөр	задние гласные.
жөдөлүш	склонение.
жөндөмө	падеж.

жөнөкөй айкындооч мүчө	простой второстепенный член.
жөнөкөй ат	простое имя.
жөнөкөй байламта	простой союз.
жөнөкөй баяндооч	простое сказуемое.
жөнөкөй жалаң сүйлөм	простое нераспространенное предложение.
жөнөкөй жайылма сүйлөм	простое распространенное предложение.
жөнөкөй сүйлөмдүн синтаксиси	синтаксис простого предложения.
жөнөкөй зат атооч	простое имя существительное.
жөнөкөй кошмо сүйлөм	см. татаал багынычсыз сүйлөм.
жөнөкөй сөз	простое слово.
жөнөкөй сүйлөм	простое предложение.
жөнөкөй сын атооч	простое имя прилагательное.
жөнөкөй тактооч	простое наречие.
жөнөкөй этиш	простой глагол.
жөнөкөй ээ	простое подлежащее.
жумшак үнсүздөр	звонкие согласные.
жылчыкчылдар	щелевые (согласные).

З

зат атооч	имя существительное.
зат атоочтордун жөндөлүш типтери	типы склонения существительных.
заттык мааниде колдонулуу	субстантивация.

И

идиома	идиома.
илеп белгиси	восклицательный знак.
илептүү интонация	восклицательная интонация.
илептүү сүйлөм	восклицательное предложение.
илик жөндөмө	родительный падеж.
интонация	интонация.

иреттик сан атооч	порядковое имя числительное.
ичке үндүүлөр	мягкие гласные; передние гласные.
ичкертүү белгиси (ь)	знак смягчения.

Й

йоттошкон үндүүлөр	йотированные гласные.

К

каалоо ыңгайы	желательное наклонение.
кайталама буйрук этиш*	глагол многократного вида.
кайталама кош сөздөр	повторяющиеся парные слова.
канталчыл үнсүз тыбыштар	боковые согласные звуки.
капыскы өткөн чак	прошедшее время неожиданное.
каратма сөз	обращение.
карама-каршы багыныңкы сүйлөм	уступительное придаточное предложение.
каршы маанилеш кош сөздөр	парные слова, состоящие из антонимов.
каршылагыч байламталар	противительные союзы.
категория	категория.
каткалаң үнсүздөр	глухие согласные.
катыштык сын атооч	относительное имя прилагательное.
кашаа	скобки.
келер чак	будущее время.
кемтик сүйлөм	неполное предложение.
кең үндүүлөр	широкие гласные.
киринди сөз	вводное слово.
киринди сүйлөм	вводное предложение.
кириш сөз	введение.
кичине тамга	малая, строчная буква.
кичирейтүү формасы	уменьшительная форма.
кош буйрук этиш	глагол взаимного залога.
кош сөздөр	парные слова.
кош эринчил үнсүздөр	губно-губные согласные.

кош чекит	двоеточие.
кош эринчил жарылма үнсүздөр	губно-губные взрывные согласные.
кошмо сүйлөм	см. татаал сүйлөм.
кошумча мүчө	приложение.
кошумча ээ	приложение к подлежащему.
кошуп жазуу	слитное написание.
көнүгүү; машыгуу	упражнение.
көп айкындоочтуу бирикме сүйлөм*	см. бирөңчөй айкындоочтуу сүйлөм.
көп аныктоочтуу бирикме сүйлөм*.	см. бирөңчөй аныктоочтуу сүйлөм.
көп баяндоочту бирикме сүйлөм*	см. бирөңчөй баяндоочтуу сүйлөм.
көп толуктоочтуу бирикме сүйлөм*.	см. бирөңчөй толуктоочтуу сүйлөм.
көп чекит	многоточие.
көп ээлүү бирикме сүйлөм*	см. бирөңчөй ээлүү сүйлөм.
көптүк сан	множественное число.
көптүк	аффикс множественности.
курама этиш*	производный глагол.
курсив	курсив.
кууш үндүүлөр	узкие гласные.
күдүк өткөн чак	прошедшее неопределенное время.
күдүк ат атооч*	неопределенное местоимение.
күчөтмө сын атооч*	превосходная степень прилагательного.
күчөтмөлүү кош сөздөр*	усилительные парные слова.
кыйыр объект	косвенный объект.
кыйыр сөз	косвенная речь.
кыйыр суроо	косвенный вопрос.
кыйыр толуктооч	косвенное дополнение.
кыска үндүүлөр	краткие гласные.
кыскартылган сөз	сокращенное слово.
кыстырынды сүйлөм	см. киринди сүйлөм.

Л

лексика	лексика.
лексикология	лексикология.

М

мамиле этиш	залог.
маани	значение.
маани бербөөчү сөздөр	незначимые слова.
маани берүүчү сөздөр	значимые слова.
маанилүү сөз	знаменательное слово.
мазмун	содержание.
максат	цель.
максат бышыктооч	обстоятельство цели.
максат багыныңкы сүйлөм	придаточное предложение цели.
максат тактооч	наречие цели.
максат толуктооч*	дополнение цели.
мезгил	время.
мезгил багыныңкы сүйлөм	придаточное предложение времени.
мезгил бышыктооч	обстоятельство времени.
мезгил тактооч	наречие времени.
мезгил толуктооч*	дополнение времени.
метатеза	метатеза.
морфема	морфема.
морфология	морфология.
мурунчул үнсүздөр	носовые согласные.
мурун көндөйү	полость носа.
муун	слог.
мүчө	член (предложения), аффикс.

Н

натийжалама сүйлөм*	результативное предложение.
негиз	основа.
негизги жөндөмө	основной падеж, именительный падеж.
негизги сөз*	основное слово.
негизги сүйлөм*	основное, главное предложение.

неологизм	неологизм.
ниет этиш*	форма намерения.
О	
окуу	чтение.
окуу эрежелери	правила чтения.
омоним	омоним.
омонимика	омонимика.
оозеки тил	разговорный язык.
оозеки сөз	устная речь.
орун багыныңкы сүйлөм	придаточное предложение места.
орун бышыктооч	обстоятельство места.
орун тактооч	наречие места.
орун толуктооч*	дополнение места.
орфография	орфография.
Р	
род	род.
Ө	
өзгөрүш	изменение.
өзгөрбөс сөз	неизменяемое слово.
өздүк этиш*	возвратный глагол.
өксүк сөз*	недосказанная речь.
өксүк сүйлөм*	неполное предложение.
өздүк ат атооч*	возвратное местоимение.
өлүү тил	мертвый язык.
өлчөм багыныңкы сүйлөм	придаточное предложение меры.
өлчөм жана даража тактооч	наречие меры и степени.
өткөн чак	прошедшее время.
П	
па'уза	пауза.
предлог	предлог.
префикс	префикс.
приставка	приставка.
пунктуация	пунктуация.
С	
салыштырма багыныңкы сүйлөм	сравнительное придаточное предложение.

салыштырма сын атооч*	сравнительная степень прилагательного.
салыштыруу	сравнение.
сан	число.
сан атооч	имя числительное.
сан атоочтун бөлүнүшү	разряды имени числительного.
сан атоочтордун жөндөлүшү	склонение имен числительных.
сан-сапат бышыктооч	обстоятельство образа действия,
сан өлчөм тактооч	наречие меры и степени.
сапаттык сын атооч	качественное имя прилагательное.
себеп багыныңкы сүйлөм	придаточное предложение причины.
себеп байламталар	причинные союзы.
себеп бышыктооч	обстоятельство причины.
себеп тактооч	наречие причины.
себеп толуктооч*	дополнение причины.
сенек сөздөр*	послелоги.
синоним	синоним.
синтаксис	синтаксис.
синтаксистик топтор	синтаксические группы.
созулма үндүүлөр	долгие гласные.
составдуу баяндооч	составное сказуемое.
сөз	слово.
сөз мүчөсү	аффикс.
сөз түркүмдөрү	части речи.
сөздүн абстрактуу мааниси	абстрактное значение слова.
сөздүн логикалык байланышы	логическая связь слов.
сөздүк	словарь.
сөздүн мааниси	значение слова.
сөз өзгөртүүчү аффикс	словоизменительный аффикс.
сөздүн составы	состав слова.
сөздүн тике мааниси	прямое значение слова.
сөздүк фонду	словарный фонд.
сурама ат атооч	вопросительное местоимение.

суроо	вопрос.
суроо белгиси	вопросительный знак.
суроо интонациясы	вопросительная интонация.
сууроолуу сүйлөм	вопросительное предложение.
суффикс	суффикс.
сүйлөм	предложение.
сүйлөмдүн айкындооч мүчөлөрү	второстепенные члены предложения.
сүйлөм мүчөлөрү	члены предложения.
сүйлөмдөгү сөз топтору	группы слов в предложении.
сүйлөмдөгү сөздөрдүн байланышы	связь слова в предложении.
сүйлөмдөгү сөздөрдүн орду	порядок слов в предложении.
сүйлөмдүн баш мүчөлөрү	главные члены предложения.
сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү	однородные члены предложения.
сүйлөм конструкциясы	конструкция предложения.
сүйлөмдүн түрлөрү	виды предложений.
сүйлөө	речь.
сүйлөө органдары	органы речи.
сызыкча	черточка.
сыйлыгышма аффикс*	выпадающий аффикс.
сыйлыгышуу	выпадение.
сылык түр	вежливая форма.
сын атооч	имя прилагательное.
сын атоочтун салыштырма даражасы	сравнительная степень прилагательного.
сын-сыпат бышыктооч	обстоятельство образа действия.
сыпат багыныңкы сүйлөм	придаточные предложения образа действия.
сырдык сөз	междометие.
сырдык сүйлөм	междометное предложение.

тааңдык	падеж принадлежности, родительный падеж.
тааңдык аффикс	притяжательный аффикс.
табыш жөндөмө	винительный падеж.
тактооч	наречие.
тактоочтун түрлөрү	разряды наречия.
тамга	буква.
тангыч ат атооч	отрицательные местоимения.
тартип	порядок.
татаал	сложный.
татаал аттар*	сложные имена.
татаал атоочтордон түзүлгөн баяндооч	составное именное сказуемое.
татаал байламта	сложный союз.
татаал багынычсыз сүйлөм	сложно-сочиненное предложение.
татаал багынычтуу сүйлөм	сложно-подчиненное предложение.
татаал зат атооч	сложное имя существительное.
татаал кыскартылган сөздөр	сложно-сокращенные слова.
татаал сөз	сложное слово.
татаал сүйлөм	сложное предложение.
татаал этиштен түзүлгөн баяндооч	глагольное составное сказуемое.
ташымал	перенос.
текст	текст.
тең байланыш	сочинительная связь.
термин	термин.
терминология	терминология.
терс буйрук этиш	отрицательный глагол.
терс форма	отрицательная форма.
тике маани	прямое значение.
тике сөз	прямая речь.
тике толуктооч	прямое дополнение.
тил илими	языковедение, языкознание.

тилдердин морфологиялык классификациясы	морфологическая классификация языков.
тилчилдер*	переднеязычные (согласные).
тилдин тыбыштык составы	звуковой состав языка.
тилдин флективдүү түзүлүшү	флективный строй языка.
толук сүйлөм	полное предложение.
толуктооч	дополнение.
төл ат*	имя собственное.
төл сөз	собственная речь.
тубаса баяндооч*	основное, главное сказуемое.
турпатташ*	омоним.
туруктуу аффикс	постоянный, устойчивый аффикс.
туунду этиш*	производный глагол.
тууранды сөз	подражательное слово.
туюк буйрук этиш*	страдательный залог.
түгөйлүү үнсүздөр	парные согласные.
түп этиш*	основной (главный) глагол.
түпчүлдөр	заднеязычные (согласные).
түшүндүрмө мүчө	(см. кошумча мүчө) приложение.
түшүндүрмө ээ	см. кошумча ээ.
түшүндүрүү	пояснение.
түшүнүк	понятие.
тыбыш	звук.
тыбыштын түшүшү	выпадение звука.
тыбыштар жана тамгалар	звуки и буквы.
тыбыштык состав	звуковой состав.
тырмакча	кавычки.

У

уланды	см. аффикстердин түрлөрү.
уңгу	корень.
учур	время.
уччулдар	переднеязычные.
учур чак	настоящее время.

узак өткөн чак (адет өткөн чак)*	прошедшее длительное время.
уя гнездо; сөздүн уясы	гнездо слов.
уяң тыбыштар*	сонорные согласные.

Ү

үн	голос.
үн жылчыгы	голосовая щель.
үндөшпөгөндүк	физгармония.
үндөштүк закону	закон сингармонизма.
үн түйүнү	голосовая связка.
үндүү тыбыштар	гласные звуки.
үндүү тыбыштардын сыйлыгышуусу	выпадение гласных звуков.
үнсүз тыбыштар	согласные звуки.
үнсүздөрдүн алга карай ээрчиши	прогрессивная ассимиляция согласных.
үнсүздөрдүн артка карай ээрчиши	регрессивная ассимиляция согласных.
үтүр; запятая	запятая.
үтүрдүү сызыкча	запятая и тире.
үтүрдүү чекит	точка с запятой.
үчүнчү жак	третье лицо.
үчүнчү жөндөлүш	третье склонение.
флексия	флексия.
флексиялуу	флексивный.
флективдүү тилдер	флективные языки.
фонема	фонема.
фонетика	фонетика.
фонетикалык өзгөрүштөр	фонетические изменения.
фонетикалык транскрипция	фонетическая транскрипция.
фонограф	фонограф.
форма	форма.
фраза	фраза.
фразеология	фразеология.
фразеологизмдер	фразеологизмы.

Ч

чак	время.
чакчыл	деепричастие.

чамалама сын	приблизительная степень прилагательного.
чамалама сан атооч	приблизительное имя числительное.
чарчы кашаа	квадратные скобки.
чегинтме байламта	уступительный союз.
чекит	точка.
чечме сүйлөм	пояснительное предложение.
чоң тамга	большая буква.
чыгыш жөндөмө	исходный падеж.

ш

шарттуу багыныңкы сүйлөм	условное придаточное предложение.
шарттуу сүйлөм	условное предложение.
шарттуу байламта	условный союз.
шарттуу кошмо сүйлөм	см. шарттуу багыныңкы сүйлөм.
шарттүү этиш*	условное наклонение.
шилтеме ат атооч	указательное местоимение.
шоокум	шум.
шрифт	шрифт.
шуулдама үнсүздөр	шипящий согласный.
шыбыр	шёпот.

ы

ыкташуу	примыкание.
ышкыруучу үнсүздөр	свистящие согласные.

э

эки чекит	(см. кош чекит) двоеточие.
экинчи жак	второе лицо.
экинчи жөндөлүш	второе склонение.
элестүү сөздөр	образные слова.
эне тили	родной язык.
энчилүү	собственный.
энчилүү ат	собственное имя.
энчилүү зат атооч	собственное имя существительное.
эрин	губа, губы.

эрин тишчил үнсүздөр	губно-зубные согласные.
эрин үндүүлөр	губные гласные.
эринчил үнсүздөр	губные согласные.
эринсиз үндүүлөр	негубные гласные.
эринчилдер	губные (звуки).
эсептик сан атооч	количественное имя числительное.
этимология	этимология.
этимологиялык сөздүк	этимологический словарь.
этиш	глагол.
этиштик баяндооч	глагольное сказуемое.
этиш сыпат*	причастие.
этиш тактооч*	деепричастие.
этиштердин жак боюнча өзгөрүшү	изменение глаголов по лицам.
этиштердин сан боюнча өзгөрүшү	изменение глаголов по числам.
этиштик аныктооч	глагольное определение.
этиштин белгисиз түрү*	неопределенная форма глагола.
этиштин шарттуу ыңгайы	условное наклонение глагола.
этиштин чак ыңгайы	изъявительное наклонение.
этиштин чактары	времена глагола.
этиштин ыңгайлары	наклонение.
ээ	подлежащее.
ээ багыныңкы сүйлөм	придаточное предложение подлежащее.
ээнин тобу	группа подлежащего.
эрчишүү	согласование; уподобление.
ээсиз сүйлөм	предложение без подлежащего.
ээрчибес	неизменяющийся аффикс.

Отв. редактор Д. Ш. Шукуров
Техн. редактор Е. В. Цыбина
Корректор С. Касымов

Подписано в печать 13/X 1956 года. Объем 3,25 печ. л., 2,6 уч-изд. л. Формат 84×108/32. Д—07013. Тираж 500 экз. Заказ № 1452.

Фрунзе, типография АН Киргизской ССР.

4
К-97

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ДИАЛЕКТОЛОГИЯЛЫК АТЛАСЫН ТҮЗҮҮ ҮЧҮН МАТЕРИАЛ ЖЫЙНОО ПРОГРАММАСЫ

Фрунзе 1963

КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

Кыргыз тилинин диалектологиялык атласын түзүү үчүн материал жыйноо ПРОГРАММАСЫ

Фрунзе 1963

АКАДЕМИЯ НАУК КИРГИЗСКОЙ ССР
ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ

ПРОГРАММА
сбора материалов для составления диалектологического атласа киргизского языка

Центральная научная библиотека Академии наук Киргизской ССР

Фрунзе 1963

231275
Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Киргизской ССР

Жооптуу редактору *Г. Бакинова*

СӨЗ БАШЫ

Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана Адабият Институтунун Диалектология сектору 1962-жылдан баштап «Кыргыз говорлорунун атласын» түзүүгө киришти.

Атластын максаты жана анын алдына коюлган милдети— кыргыз тилиндеги жергиликтүү диалектилик айырмалардын өтө орчундууларын карта бетине түшүрүп, алардын таралуу чегин тактоо.

Кыргыз диалектилериндеги изоглоссалык айырмалуу кубулуштардын территориялык таралуу чегин кыргыз калкы турган бардык жерлер боюнча тактап чыгуунун илимий-теоретикалык жана практикалык мааниси чоң.

Кыргыз калкынын жана анын тилинин алгачкы абалын көрсөткөн жазма эстеликтерге мүчүлүш болгон кыргыз тилинин диалектилерин изилдөө жана анын атласын түзүп, айрым тилдик кубулуштардын таралуу чегин белгилөө иши кыргыз тилинин тарыхына байланыштуу болгон кээ бир орчундуу маселелерди гана эмес, жалпы эле кыргыз элинин тарыхына, анын материалдык, духовный маданиятына да тиешелүү болгон көп маселелерди тактоого, толуктоого мүмкүндүк берет.

Кыргыз говорлорунун атласын түзүүгө киришүү — буга чейин топтолгон өтө бай диалектилик материалдарга жана кыргыз тилинин диалектилери боюнча жарыкка чыккан көп сандаган монографиялык изилдөөлөргө негизделди.

Атласты түзүү үчүн атайын программа түзүлдү.[1] Программага бардык кыргыз говорлорундагы айырмалуу өзгөчөлүктөрдүн өтө ирилери тандалып алынды. Программанын негизги милдети — кыргыз тилинин бардык говорлоруна ылайык келген диалектилик ири айырмачылыктарды ичине алуу.

Кыргыз тилинде диалектилик айырмалар фонетика менен

[1] Программаны түзүүдө орус, азербайжан, татар тилдеринин диалектологиялык атласы боюнча түзүлгөн программалар эске алынды.

лексикасында басымдуу болгондуктан, атластын программасында да ал бөлүктөргө көбүрөөк орун берилди.

Программа төрт бөлүктөн турат: фонетика, морфология, синтаксис жана лексика. Бардык бөлүмдөгү материалдар өзүнчө цифра менен номерленген суроо иретиндеги пункттардан турат: фонетика—34 пункт, морфология—28 пункт, синтаксис — 2 пункт, лексика — 73 пункт, бардыгы — 137 пункт. Булардан тышкары кай бир фактыларды кеңирээк текшериш үчүн кээ бир суроолор конкреттештирилип, а, б, в... пункттарына бөлүнүп берилди.

Кыргыз диалектилерин монографиялык жол менен изилдөөдө колдонулуп жүрүлгөн транскрипция кыргыз говорлорунун атласына материал жыйноодо да колдонулууга сунуш кылынат.

Программанын фонетика, морфология, синтаксис бөлүмү Г. Бакинова тарабынан, лексика бөлүмүнүн алгачкы варианты Э. Абдулдаев тарабынан түзүлдү. Кийин талкуулоо учурунда айтылган пикирлерге карата лексика бөлүмүн тематикалык планда берүү, ар бир тематикалык топтогу сөздөрдү алфавиттик тартипке келтирүү, айрым пункттарын тактоо, толуктоо жумуштары Г. Бакинова тарабынан жүргүзүлдү.

Бул программа Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Тил жана Адабият Институтунун, Кыргыз Университетинин Кыргыз тил кафедрасынын тилчи окумуштуулары катышкан Диалектология секторунун кеңири чогулушунда талкууланган.

Долбоор иретинде түзүлгөн бул программа жөнүндө кеңири пикир алышуу максатында ал 1963-жылдын 27—30-майында Фрунзе шаарында өткөрүлө турган түрк тилдеринин диалектилерин изилдөө иши боюнча чакырылган IV регионалдык кеңешмеге талкууга коюлат.

Г. Бакинова.

ЭСКЕРТҮҮ:

Программадагы суроолорго жооп берүүдөн мурун төмөнкүлөрдү иштөө керек:

1. Кыштак жөнүндө толук кабар:

а) Кыштактын эскиче топонимикалык аты жана кийин өзгөртүлгөн жаңы аты;

б) Мурунку жана жаңы административдик бөлүк боюнча ал кыштак кайсы сельсовет, район, областка карайт?

в) Жакын турган шаар жана темир жол станциясынан кыштак канча километр алыстыкта турат (чыгыш, батыш, түндүк, түштүк жагынан)?

г) Кыштактын тарыхы жана элинин уруулук, улуттук составы;

д) Кыштакта кандай маданий — агартуу уюмдары бар?

2. Информаторлор жөнүндө кабар (фамилиясы, аты, жашы, уруусу, сабаттуулугу, туруктуулугу, речинин өзгөчөлүгү).

3. Изилдөөчүнүн фамилиясы, аты, профессиясы.

4. Толтуруу убактысы (числосу, жылы).

ФОНЕТИКА

Үндүү тыбыштар

1. Кыска **э** тыбышынын же ага туура келүүчү **э**, **а** тыбыштарынын колдонулуш орду кандай?

а) **э** тыбышы фенемалык мааниде бир муундуу сөздөрдө учурайбы?

кэл—таз (парша, паршивый);
кел — иди сюда.
кэр — дүлөй: кулагы **кэр**,
кер — 1) кулагы **кер**,
2) жипти **кер**,
3) **кер** кунан?
нэк — алмурут;
нак — накта өзү;
пэс — жапыс, ылдый;
пес — ала оорусунун аты?

б) төмөнкү сөздөрдө **э** тыбышы кезигеби?

эйлэн же **айлан**;
эйт же **айт**;
дэли же **далы**;
дэри же **дары**;
жэйлөө же **жайлоо**;
жэй же **жай**;
жэш же **жаш**;
жэшил же **жашыл**;
тэтти же **таттуу**?[1]

2. Созулма **ээ** тыбышы кайсы территорияларга таралган?

шээр же **шаар** (бирок суу шэр агат эмес, суу шар агат. Шар айтты)?

бээри же **баары** (бирок «бэр» эмес, бар: «үйгө бар», «китебим бар»)?

3) Ачык **э** (о) тыбышынын колдонулушу жана анын **э**, **а**, **э** тыбыштары менен алмашып айтылышы кандай шарттарга жолугат?

чэй же **чэй**, **чай**; **жэй**, же **жэй**, **жай**; **пилэн** же **пилэн**, **пылан**, **былан**?

4. Эрин созулма үндүүлөрүнүн созулуп же дифтонг менен айтылышы кайсы жерлерди камтыйт?

а) **аг, ow, оо:**
боо же **бow**: баштыктын **боосу** же баштыктын **бowу**?
тоо же **тow, тоу, тау** (<**таг**): **тоонун** башы же **тowдун** башы;
Тоок же **тоук, тowук** (<**тагук**);

б) **өг, өw, өwө, йө, өө:**
сөө үйек, **сүйөк**; малдын **сөөгү** же малдын **сүйөгү**;
төө **төw**, **төwө**, **түйэ**, **түйө**?

в) **уг, уй, yw, уу:**
буура же **буwра, буйра, бугра**;
жуу же **жуw**: кол **жууйт** же кол **жуwат**?
куур же **куwур, куйур**: этти **куур** же этти **куйур**;
куурдак же **куwурдак, куйурдак, кугурдак, куурма**;
суу же **суw** (<**суб**<**суг**): **суунун** башы же **суwдун** башы;
суук же **суwук, сawук** (<**сawук**<**согук**);
суур же **суwур, суйур, сугур**;
туу же **туw**: кой **тууйт** же кой **туwат**;
туура же **туйра, туwра**: этти **туура** же этти **туйра**?

г) **иг, ик, үw, үү:**
күү же **күw**: кайсы **күүнү** же кайсы **күwдү**;
тирүү же **тирик, тирүw, түрүw**;
элүү же **эллиг, элиг, эллик, элүw**?

5. Эринсиз кең үндүү **а** тыбышынын эрин кең үндүү **о** тыбышы менен алмашып айтылуусу кандай тараган?

табылгы же **тобулгу**?

6. Эринсиз кең үндүү **э** (**е**) тыбышынын эринсиз кууш үндүү **и** тыбышы менен алмашып айтылышы кайсы территорияларга таралган?

мейман же **мийман, миман, мимэн**;
элечек же **илечек**;
эмне же **имне**;
эч ким же **ич ким**;
эч нерсе же **ич нерсе**?

7. Эринчил ичке үндүү **ө** тыбышы эринчил жоон үндүү **о** тыбышы менен алмашып айтылабы?

өмүр же **омур**;
көкбөрү же **көкбору**?

8. Эринчил жоон кууш үндүү **у** тыбышы эринчил ичке кууш үндүү **ү** менен алмашып келеби?

сулу же **сүлү** (овес)?

---

[1] Кетмен-Төбө, Талас өрөөндөрүндө ушул сөздөрдөн бөлөк дагы кандай сөздөрдө **э** учурары текшерилсин.

9. Эринсиз кууш үндүү ы тыбышы эринчил кууш үндүү у тыбышы менен алмашып айтылабы?

акын же акун;
акыр же акур;
былгоо же булгоо;
мыкты же мыкту;
сымбат же сумбат;
чылгоо же чулгоо?

Үнсүз тыбыштар

10. к тыбышы айтылабы же х тыбышы менен алмаштырылып берилеби?

акыры же ахыры;
кадыр же хадыр;
калк же халк;
пахта же пакта, бакта?

11. Көмөкөйчүл h тыбышынын колдонулушу кайсы жерлерде кездешет?

бәһәр же баар;
мәһәллә же маала;
hаба же аба;
hак (честный);
ак (белый);
hәр, hар бир же ар бир;
hеч же эч?

12. Сөз башында п тыбышы айтылабы, же б айтылабы?

а) пайда же байда;
парда же барда (терезе барда);
пахта же бакта;
повар же бобур, пабыр;
пул же бул?

б) балта же палта (топор);
бут же пут (нога);
бүттү же пүттү;
бычак же пычак;
бышты же пышты: күрөң бышты байланып турат?

13. Эрин — эринчил v тыбышы өзүнчө фонема катары кезигеби же эки үндүүнүн ортосунда б тыбышынын v тыбышына өтүп кеткен варианты гана катары жолугабы?

vак, vакыт же убак—ууак, ууакыт; табак же тавак?

Сөз башында v тыбышынын сакталып же түшүрүлүп айтылышы кандай тараган? **vәкил** же **өкүл**; же протезделиши кандай даражада? vәдә же ууәдә, ууада (орфог. убада)?

14. Эрин — тишчил **в, ф** тыбыштарынын айтылышы кандай?

вагон же багон;
вакзал же баксал;
портфель же партпел, бартпел;
патефон же пәтипон, пәтпән, батыйпан;
ферма же перме, берме;
форма же борма, бормо, пормо?

15. Кай бир сөздөрдөгү мурунчул м тыбышынын кош эринчил б, п тыбыштары менен, же анын тескерисинче, кээ бир сөздөрдөгү б тыбышынын м тыбышы менен алмашылып айтылышы учурайбы?

а) майнап же байнап, пайнап;
маки же баки, паки;
мейман же бейман;
мен же бен;
мөөн же бөөн, бөwөн;
мунт же бунт, пунт;
муун же буун, буwун, бугун;
мыйаз же быйаз, пыйаз(с);
мыкыны же быкыны?

б) кабанак же каманак (ит);
тебенек же теменек (ат);
көкбөрү же көкмөрү?

16. Сөз башында г тыбышы фонемалык мааниде кезигеби?

гар (мааниси: жарык жер, суу жеп кеткен жер),
кар (жааган кар — «снег»),
гер (мааниси: тоонун боору),
кер (мааниси: чой, тарт),
кын (мааниси: бычактын кыны),
гын (мааниси: өсүмдүктүн аты),
гала (тегирмендин каласы),
кала (отко тезек кала)?

к тыбышы сөз башында кээ бир өздөштүрүлгөн сөздөрдө жумшарып г түрүндө колдонулабы?

гилем же килем?
гэп же кеп;
гозо же козо, косо?

17. Интервокалдык позицияда жана л, м, н, ң, р уяң үнсүздөрү менен айкалышып келгенде, г тыбышынын к га, тескерисинче, к тыбышынын г га өтүп айтылган учурлары кездешеби?

а) Бир сөз ичинде эки үндүүнүн ортосунда:
жогору же жокору,
эгин же экин: экин эктик?

б) Эки сөз ортосунда эки үндүүнүн аралыгында:
ала гел же ала кел,

боло гой же боло кой,
бөрү гөз же бөрү көз,
кар галың же кар калың,
кара гой же кара кой?

в) Уяң үнсүздөн кийин:
бүркүт же бүргүт,
быйылкы же быйылгы,
былтыркы же былтыргы?

18. Сөздө з, с тыбыштары кандай айтылат?

а) Сөз башында:
заман (эпоха, время) же саман (эпоха, время и солома);
саз (болота) же зас;
сыя (чернила) же зыя?

б) Сөз аягында:
кыз (девочка) же кыс: кызым же кысым;
кыс (кысуу—сжать) же кыз: колду кысып кой же колду кызып кой;
каз (гусь) же кас; беш касым бар же беш казым бар?

в) Сөз ортосунда:
кызыл (красный) же кысыл;
казан (котёл) же касан;
баласы же балазы;
атасы же атазы?

Үнсүз тыбыштардын алмашуулары

Сөз маанисин өзгөртпөй, бир сөз ичинде алмашып айтылган тыбыштардын кайсынысы басымдуу колдонулат жана көрсөтүлгөн фактылардан башка дагы кандайлары кезигет?

д, т тыбыштарынын сөз башында алмашылышы:

19. д‖т; т‖д:
дагыра же тагыра;
дарбыз же тарбыз;
даам же таам;
талаа же далаа;
таар же даар;
терезе же дерезе;
топу же допу;
төш же дөш?

20. д‖й: сүдүрө же сүйрө?

21. г‖й: жигде же жийде?

22. ж‖й: жак же йак (май);
жакшы же йакшы;
жарым же йарым;
жер же йер;

жол же йол, йул;
көжө же көйө;
кунажын же кунайын?

23. ж‖ч: жөжө же чөжө;
жыгач же чыгач;
көчө же көжө?

24. ж‖ч‖з: жампа же чампа, же зампа;
жынжыр же чынжыр, зынжыр же занжыр?

25. с‖ч: сач же чач;
соз же чоз;
сызык же чызык;
сыз же чыз?

26. ш‖с: шайлоо, же сайлоо;
шорпо же сорпо;
шыба же сыба (мазать, штукатурить)?

27. ш‖ч: шолпу же чолпу?
ч[1]‖ш: чама же шама‖чаме; почто‖пошто?

28. Үңгу сөздөрдө бир түрдүү үнсүз тыбыштардын катар айтылышы учурайбы?

а) тт: отуз же оттуз;
б) кк: бекем же беккем;
сегиз же сэккиз, секкиз;
в) йй: тайар же таййар;
г) сс: ысык же ыссык, же ысы;
д) шш: ишек же ишшек (кой);
е) лл: алда же алла;
селде же селле, сэллэ?

Үнсүз тыбыштардын айтылбай калуусу кездешеби?

29. Сөз башында н тыбышы туруктуу сакталабы же айтылбай калабы?
найза же айза, айса;
ние же ике;
ничке же ичке;
нокто же окто;
ноопас же оопас?

---

[1] ч, ц тыбыштарынын алмашышы (чай>цай; канча>канца; нече>неце) учурайбы? Эгер учураса, аялдардын тилиндеби же эркектердин тилиндеби?
Өздөштүрүлгөн сөздөрдөгү ж, ц, щ тыбыштары кандай айтылат?
Журнал же çурнал;
концерт же консерт, кенсирт;
станция же ыстанса;
цемент же семент, семет, семит;
центнер же сентинер, синтинер, синтир;
ящик же жашык, йашык?

30. ш тыбышынын сөз башында айтылбай калышы учурайбы?

шишек кой же ишек кой;
шише же ише;
шишик же ишик?

31. к тыбышы сөз аягында жана сөз башында айтылбай калабы?

а) ысык же ысы: күн ысыда же күн ысыкта;
б) өмөлдүрүк же көмөлдүрүк; казыр же азыр?

32. Кээ бир сөздөрдүн ичинде г тыбышынын сакталышы же түшүп калышы жолугабы?

элге же эле;
элгек же элек: унду элгек менен элге же унду элек менен эле;
орок же оргок?

33. Этиш сөздөргө мүчө (**-ган, -ба, -са, -ып, -гыла**) уланганда үңгу сөздүн аягындагы л тыбышынын түшүп калуусу учурайбы?

бовойт же болбойт;
каган же калган?

34. Этиш сөздөрдөгү **-ыптыр** мүчөсүнүн аягындагы р тыбышы түшүп калып, **-ыпты** түрүндө айтылышы учурайбы?

кат салыптыр же салыпты?

МОРФОЛОГИЯ

Атооч сөздөргө жалгануучу айрым сөз мүчөлөрүнүн колдонулушундагы өзгөчөлүктөр

35. **-ылдырык (-дырык)** мүчөсү төмөнкү зат атоочтор менен айтылабы?

жәгәлдирик же желдик;
капкалдырык же капкак;
көкүлдүрүк же көкүл бастыргыч;
кылтырык же кылкан;
ооздурук же ооздук;
суулдурук же суулук;
чымылдырык же чымылдык, чымындык?

36. а) **-гача, -гаде, -гате (-кете), -чакты, -чак** мүчөлөрү «чейин», «дейре», «дейин» жандоочторунун маанисинде колдонулабы? Бул мүчөлөр мааниси жагынан орун аралык маанидеги сөздөргө уланып, кыймыл-аракеттин мейкиндиктеги чегин жана убакыт маанисиндеги сөздөргө уланып, кыймыл—аракеттин мезгилдик чегин көрсөтүшөбү?

жылгача, жылгате же жылга чейин;
кечкече, кечкечек, кечкете, кечкечекти же кечке чейин?

б) **-гача** мүчөсү чамалама сан атоочту уюштуруучу **-дай, -ча** мүчөлөрүнүн ордуна айтылабы?

Эки жүз сомгочо же эки жүз сомчо;
эки жүз сомдой?

37. а) **-гак, -как** мүчөсү **-чаак** мүчөсүнүн ордуна колдонулабы?

тырышкак же тырышчак, тырышчаак;
урушкак же урушчак, урушчаак?

б) **каак, -аак, -гач** мүчөлөрү **-наак, -нак** мүчөсүнүн ордуна колдонулабы?

сүзгөөк, сүзөөк же сүзөнөк, сүзөнөөк, сүзөөнөк уй;
тепээк, тебегеч же тебенээк ат?

38. **-мөнөк** мүчөсү **-май, -мак** мүчөлөрүнүн ордуна колдонулабы?

жедирмөнөк же **жедирмек, жедирмей;**
өкчөмөнөк же **өкчөмөй;**
сасымөнөк же **сасымай?**

39. **-на** мүчөсү **-накай** мүчөсүнүн ордуна колдонулабы?

жакшына же **жакшынакай;**
кичик, кичикий же **кичинекей;**
татына же **татынакай?**

40. Дааналык жамдама сан атоочторду уюштурууда та||тэ мүчөсү катышабы?

битта||биттэ же **бирөө, бүрөө, бирөw;**
экита||экитэ же **экөө, өкөө, экөw?**

41. **-ман (-мэн)** мүчөсү **-луу, -чан** мүчөлөрүнүн ордуна колдонулабы же параллель айтылабы?

кэсэлмэн же **кеселдүү;**
койчуман же **койчу;**
уйчуман же **уйчу?**

42. **-сы** мүчөсүнүн мезгил тактоочтордо айтылышы кезигеби?

кечиндеси же **кечинде;**
кышындасы же **кышында;**
түнүндөсү же **түнүндө, түнүчүндө?**

43. Жакчыл таандык мүчө жалганган зат атоочтордун жана өздүк ат атоочтун жөндөлүшү кандай?

а) III жак жекелик түрү:
Атооч атасы
Илик **атасынын** же **атасының**
Барыш **атасына** же **атасыга**
Табыш **атасын** же **атасыны**
Жатыш **атасында** же **атасыда**
Чыгыш **атасынан** же **атасыдан?**

б) III жак жекелик түрү: **өзүнө** же **өзүгө**
өзүн же **өзүнү**
өзүндө же **өзүдө**
өзүнөн же **өзүдөн?**

44. Таандык мүчөнүн II жак көптүк одоно түрүндө турган зат атоочтор кандай формада айтылат?

атаңар же **атаңдар**
балаңар же **баландар**
колхозчуңар же **колхозчуңдар**
үйүңөр же **үйүңдөр?**

45. Жак уландынын II жак көптүк одоно түрүнүн мүчөсү **(-сыңар)** уланган зат атооч кандай формада айтылат?

адамсыңар же **адамсыңдар**
колхозчусуңар же **колхозчусуңдар**
кызсыңар же **кызсыңдар**
адамысыңар же **адамысыңдар**
кызысыңар же **кызысыңдар?**

Ат атоочтор

46. Жактама ат атоочтун III жагы тыбыштык түзүлүшү жагынан кандай түрдө айтылат?

а, ал, алар же **о, ол, олор?**

47. Шилтеме ат атоочтор кандай айтылат?

а) **тиги, тигил** же **оноvу, оногу;**
б) **тетиги, тетигил** же **тетиногу, титиногу, төтүногу, тиногу;**
в) **мунабы** же **муногу, мүнөгү, моногу;**
г) **бул жер, мынайер, буйер, бийер** же **бийек, бийет?**

48. Жактама ат атоочтун жөндөлүшү кандай?

мага же **маган, маңа, маа;**
сага же **саган, саңа, саа;**
ага же **аган, огон, ого, оңо?**

Этиш

49. Келер чактагы этиштин II жак одоно түрүнүн жакталышы кандай?

Мисалы: (сен) **барасың** же **барасын;**
аласың же **аласын;**
албайсың же **албайсын;**
(силер) **барасыңар** же **барасындар;**
барбайсыңар же **барбайсындар?**

50. Буйрук ыңгайдын II жак жекелик сылык түрүнүн жакталышы кандай?

(сиз) **келиңиз** же **келиң;**
караңыз же **караң;**
коюңуз же **коюң?**

51. Буйрук ыңгайдын II жак көптүк түрүнүн жакталышы?

(сиздер) **алыңыздар** же **алыңдар, алыңар;**
келиңиздер же **келиңдер, келиңер;**
(силер) **алгыла** же **алыңдар, алыңар, алыйлар, алыйла?**

52. Буйрук ыңгайдын III жак көптүк түрү кандай формада айтылат?

(алар) **барышсын** же **барсыңдар;**
келишсин же **келсиндер?**

231275
Центральная научная
БИБЛИОТЕКА
Академии наук Киргизской ССР

53. Этиштин учур чагы кандай формада айтылат?

а) I жак көптүк түрү:
(биз) отурубуз, отурук же отурабыз;
жүрүбүз, жүрүк же жүрөбүз;
турубуз, турук же турабыз?

б) III жак жекелик түрү:
(үйдө) турат же тур, туру;
(үйдө) отурат же отур, отуру;
(үйдө) жүрөт же жүр, жүрү?

в) Татаал учур чактын III жагы:

(ал) бара жатат;
баратат;
барайтат;
бара жатыр(ы);
баратыр(ы);
баратырык;

(ал) келе жатат;
келатат, же
келейтат;
келе жатыр(ы);
келатыр(ы);
келатырык?

54. Каалоо ынгайдын I жак көптүк түрү кандай формада айтылат?

(биз) баралы, баралык же
барайлык, барайык;
отуралы, отуралык же
отурайлык, отурайык?

55. Белгисиз өткөн чактын жана адат өткөн чактын I жак көптүк түрүнө жак уланды кандай формада жалганат?

алганбыз же **алганмыз**, **алчубуз** же **алчук**:

«Биз жайлоого чыгып жүргөндө абам экөөбүз Каркыранын жарманкесине барчук»?

56. Этиштин келер чагынын III жак көптүк түрү кандай формада учурайт (көптүк **-ыш** мүчөсү менен элеби же ага кошулуп көптүк **-лар** мүчөсү да бирге айтыла бereби?)?

(алар) алат же алышат;
алышышат же
алышышаттар;
барат, барышат же
бараттар,
барышаттар?

«Бүгүн көрбөгөн болсолор, эртең көрөттөр».

57. Айкын өткөн чактын II жак көптүк түрүндө жана капыскы өткөн чактын III жагындагы жак уланды кандай формада жалганат:

(силер) алдыңар же
алдыңдар;
(алар) алды,
алышты же
алдылар,
алыштылар;
алышыптыр же
алышыптырлар?

58. Көптүк **-лар** мүчөсү шарттуу **-са** мүчөсүнөн кийин жалганып, көптүк **-ыш** мүчөсүнүн ордуна колдонулабы?

карасалар же карашса,
барсалар же барса,
барышсалар же барышса?

59. Көмөкчү этиш маанисиндеги **жибер, жүгөр, ий, ир (эр)** сөздөрүнүн кайсынысы тараган?

айтып **жибер**,
айтып **жүгөр**,
айтыүий,
айтывир,
айтывер?
Кат жиберип жибердим,
Кат жүгөрүп жүгөрдүм,
Кат жүгөрдүм,
Кат жиберивийдим,
Кат жиберивердим?

60. **Эле, эде, эди** жардамчы этиштеринин кайсынысы колдонулат?

Үйгө барат **элем** же үйгө барат **эдем**;
Көп укчу **элем** же көп укчу **эдим**?

61. **кү** бөлүкчөсү **да, го** бөлүкчөлөрүнүн, **гой** бөлүкчөсү **го** бөлүкчөсүнүн ордуна колдонулабы же параллель айтылабы?

Сээрдэ келди **кү** же саарда келди **го!**,
Ал келди **гой** же ал келди **го**;
Ал адам **кү** же ал адам **да**?

62. **у(уй), ү** бөлүкчөлөрү кайсы мааниде жолугат?

Маскөөдө жердин тэгидэги шээр бар **у**, ошону гөрдүк же Москвада жердин астында шаары бар **го**, ошону көрдүк; Келерин келет **ү**, лекин нимэ эйтэт ону билбейт; Сен кечээ ле келдиң **йу**; Дамбураны көрдү **йу**, шуга келди—домбураны көрдү **да**, ошого келди?

СИНТАКСИС

Байламталар

63. **йәм** (||**йам** ||**ham**) байламтасы кайсы мааниде учурайт?

а) **йәм** байламтасы күчөткүч бөлүкчөлөр **да, эле, деле** маанисинде колдонулабы? «Өзүңө **йам** айтам же өзүңө **да(деле)** айтам? «Ол **йәм** эле биздей же ал **деле** биздей»?

б) Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрүн байланыштыруу милдетин аткарабы? «Балага **йәм**, кызга **йәм** үстү-башыны берет же балага **да**, кызга **да** үстү-башын берет»;

«Ол **йәм** тең, мен **йәм** тең же ал **да** тең, мен да тең»;

«О **йәм**, бу **йәм**»?

в) Бир өңчөй мүчөлөрдү байланыштырганда күчөтүү маанисин береби?» **ham** кыргыз, **ham** орус баары бар»;

«Олор **ham** пул алат экен, **ham** буудай алат экен»?

64. Татаал сүйлөмдү **ки** байламтасы уюштурабы?

«Мен уктумки, эртеге жөнөйт деп»;

«Ол айттыки, эртең келем деп»;

«Шундай айтканки, хуп чакта келдиң деп»;

«Аксакал абышка әйтәткки, силердин ата-бабаларың шу жерде турган деп»;

«Шундай мәкәм боптуркки, тарта берип ачалбадым»;

«Кимки иштептир, курсагы тоёт»;

«Бүгүн күн шундай ысыптыркки, сайдагы суw йәм жылып каптыр»?

ЛЕКСИКА

65. **Апа** деген сөз таралган объектилерде да **эне-ата, эне сүтү, эне тил** ж. б. сөз айкалыштары учурайбы?

Эне деген сөз өз тууган энеси (мать) маанисинде колдонулабы?

66. **Байке, ava, әкә, бапай** — булардын кайсынысы агаларына, өзүнөн улуу адамдарга кайрылууда колдонулат?

67. **Таяке, тага** —булардын кайсынысы кайсы объектилерге таралган?

68. **Эже, апче** сөздөрүнүн кайсынысы колдонулат?

69. **Кыргыз үй, боз үй, кара үй** — булардын кайсынысы кайсы объектиге таралган?

70. **Чатыр, учурма, шыйпаң** — үйдүн же башка курулуштун (сарай ж. б.) чатыры кайсы объектилерде кандай аталат? Мунун жогоркудан башка дагы кандай айтылыштары бар?

71. **Шып**—потолок маанисиндеби же тамдын төбөсүнө салынган потолок жагынан (тамдын ичинен) көрүнүп турган ичке туура жыгачтарын түшүндүрөбү?

72. **Дагара, таштек, илеген, тепши**— бул сөздөр кир жууй турган буюмду түшүндүрөбү? Бул буюмдун жыгачтан жасалган түрү кандай аталат?

73. **Көлдөлөң, бостек||бөстөк** — булардын кайсынысы таралган?

74. **Күзгү, айна** (зеркало), **айнек** — булардын кайсынысы таралган?

75. **Кычкач, кыпчуур, аташкүрөк, аташкөсөө, лакшегер** — булардын кайсынысы таралган? Бул буюмдун мындан башка дагы кандай аттары учуратылат?

76. **Темене, жуvалдыз** — кайсынысы кайсы объектилерге таралган? Экөө параллель колдонулуучу объектилер кайсылар? Жалаң **жуvалдыз** деген түрү колдонулган өкүлдөрдө **«темене менен терип, ийне менен илип»** сыяктуу туруктуу сөз айкалыштары айтылабы? Ушул сөздүн туруктуу сөз айкалыш-

тарында (**«теректей бой бергенче, теменедей акыл берсин»**) **темене** деген сөздүн орду дайым сакталабы, же болбосо аны башка сөз (**жууалдыз**) менен алмаштырып жиберишеби?

77. **Төшөк, жөкөндос** — таралган объектилери кайсылар?

78. **Туш кийиз, туш туурдук, туштук** — булардын ар бири адабий тилдеги **туш кийиз** деген сөздүн маанисинде колдонулабы?

79. **Чай тулга, можу, үч мара, асма** — булардын кайсынысы колдонулат?

80. **Шырдак, шырдамал, ободо, төрвөлжүн, оймотекей** — булар адабий тилдеги **шырдак** маанисинде колдонулабы? Булардын маани жагынан өз ара айырмасы барбы?

81. **Желдик, жааз||жаа, жөгөлдирик, каптырга** — булардын ар биринин мааниси, таралган чеги кандай?

82. **Жем баштык, дорбо** — кайсынысы кандай объектилерди камтыйт?

83. **Ичмек, тердик** — булар адабий тилдеги **ичмек** (подпотник) деген мааниде айтылабы? Кайсынысы кайсы объектилерди камтыйт?

84. **Көрпөчө, көпчүк** — ар бири ар башка маанидеби, же экөөнүн мааниси бирби? **Көпчүк** кайсы территорияда таралган?

85. **Тердик, шырдак** — булардын кайсынысы кайсы объектилерди камтыйт? Адабий тилдеги **тердик** деген сөз аркылуу берилген түшүнүк ичкиликтер бөлүмүндө **шырдак** деген сөз менен аталабы? Бул факт түштүктүн ичкиликтерден башка объектилерине таралабы?

86. **Дөңгөлөк, чыгырык, кылдырек||гылдырек** — булардын кайсынысы колдонулат? Бул фактылардын таралышы жана мааниси текшерилгенде, кичине дөңгөлөктөр (соконуку, балдардын кол арабасыныкы, оюнчуктардыкы ж. б.) менен чоң дөңгөлөктөр (автомашинаныкы, ат арабаныкы, трактордуку, комбайндыкы ж. б.) айрым-айрым суралып, аталыштары тактalсын.

87. **Кесе, кәсэ (чыны кәсэ, шак кәсэ), чоң чыны, чоң быйала, бадыvот, кәрдим||кердим** — булардын кайсынысы колдонулат? Ар биринин таралыш чеги тактalсын. Бул идиштин жогоркудан башка дагы кандай аталыштары учуратылат?

88. **Көмөч, көмөч казан, тауан казан, тапанча** — булардын кайсынысы кайсы объектилерди камтыйт? Бул идишке бышырылган нандын өзү кандай айтылат?

Көмөч казан идиш маанисинде жана ошол идишке бышырылган нан маанисинде колдонулабы? же болбосо наны **көмөштан, көмөшнан** болуп айтылабы? **Тапанча** Таластагы өкүлдөрдө идиш жана ага бышырылган нан маанисинде колдонулабы?

89. **Сузгу, чөмүч** — түштүк райондордо **сузгу** деген сөздүн жоктугу, анын ордуна **чөмүч** (түндүк жана адабий тилде **сузгу** деп аталган жыгачтан жасалган үй буюму) деген сөз колдонулабы? Түндүктө жана адабий тилде **чөмүч** (поварешка) болуп аталган буюм түштүктө эмне деген наам менен колдонулат? **Сузгу** жана **чөмүч** деген сөздөрдүн мааниси, таралышы түндүктүн Талас өрөөнү, Токтогул, Тогуз-Торо, Ак-Талаа, Жумгал, Суусамыр жаккы өкүлдөрдө жана Ат-Башыдагы чериктерде кандай айтылат?

90. **Үбөлүк, нууркуч, жайгыч, секелек, октоо||октow** — булардын кайсынысы таралган? Бул буюмдун мындан башка дагы кандай аталыштары учуратылат?

91. **Чака, челек, пакыр** — булардын ар биринин таралышы тактalсын. **Челек, пакыр** деген жерлерде **чака** кандай маани берет? Түндүктө чака деген сөздүн кандай мааниси бар? **Пакыр** деген сөздүн колдонулушу активдүү болгон объектилер тактalсын. Мындай объектилерде **челек** деген сөздүн колдонулушу учуратылабы?

92. **Чөөлү, чавли, депкир, кәпкир** — кайсынысы айтылат?

93. **Чыны (чай чыны, чоң чыны) жана пийала, быйала (чай быйала, чоң быйала)** — деген сөздөрдүн кайсынысы кайсы объектилерди камтыйт? Бул сөздөр синоним катарында параллель колдонулган объектилер тактalсын. Жалаң эле **чыны** же **быйала (пыйала)** деген түрү колдонулган объектилерде так белгиленсин.

94. **Алмурут, ашпурт||нашпурут** — деген сөздөрдүн кайсынысы таралган? **Нәк** жана **алмурут** деген сөздөрдүн түштүк райондордо ички айырмачылыгы барбы?

95. **Асип, быжы** — экөө параллель айтылабы? Жалаң гана **быжы** дегени колдонулуп, **асип** айтылбаган объектилер менен **асип||быжы** параллель айтылган объектилердин чеги ажыратылсын.

96. **Аш (тарuу аш, жарма аш, кескен аш, суюк аш, ысык аш** ж. б.)—кайсы объектилер үчүн мүнөздүү? **Аш** деген сөз аркылуу аталган тамактар (**тарuу аш, кескен аш...**) башка объектилерде кандай аталат? Кайсы объектилерде **көжө** деп айтуу мүнөздүү? Маселен: **кесме көжө**[2], **тарuу көжө, күрүч көжө,**

---

[1] Бир катар изилдөөлөрдө мындай объектилерден болуп Талас өрөөнүндөгү Талас, Киров жерлери көрсөтүлгөн. Азыркы экспедициялардын учурунда жогорку фактылар Кыргызстандын бүткүл объектилеринде тактalышы зарыл.

[2] Бул тамак адабий тилде жана түндүктөгү көпчүлүк объектилерде **кесме** деп аталат.

жарма көжө ж. б. Жогорку тамактарды **жарма** деген сөз аркылуу айтышкан (**кесме жарма, таруу жарма, күрүч жарма** ж. б.) объектилер кайсылар? **Жарма** жана **көжө** деген сөздөрдүн экөөнү тең колдонушкан (талкандан жасалганын **жарма** деп, акталган конок, таруудан жасалганын **көжө** дешкен) объектилер кайсылар?

97. **Жумуртка, тукум** — деген сөздөрдүн кайсынысы колдонулат?

98. **Көк боор, көк тал** — булардын мааниси жана таралган чеги кандай?

99. **Максым, ачкыл||ачкыл жарма** — тамактын бул түрү кайсы территорияга[1] мүнөздүү экендиги жана мындай аталыштардын ар биринин таралган чеги тактalсын. Мунун дагы башка аталыштары барбы?

100. **Нан, дан, токоч** — деген сөздөрдүн параллель жана бир мааниде колдонулган объектилери кайсылар? Мисалдар аркылуу тактalсын.

Мисалы: **Нан бышырдык||дан бышырдык||токоч бышырдык; нан** ооз тийгиз||**дан** ооз тийгиз.

101. **Олобо** жана **куйган өпкө** деген сөздөр колдонулабы? Таралган чеги жана мааниси текшерилсин.

102. **Чөбөгө, толто, тыбыт, тырп** — булардын мааниси жана таралган чеги тактalсын.

103. **Кундуз топу, кундуз теватай, жекей бөрк** — кайсынысы айтылган?

104. **Кур, текмат, илгич** — деген сөздөрдүн таралышы, ар биринин берген мааниси кандай?

105. **Сөйкө, иймек, сырга** — булардын ар биринин маанисн жана таралышы тактalсын. Бул жасалганын дагы кандай аталыштары учуратылат?

106. **Тон** — деген сөз кездемеден жасалган **чапан, чепкен** маанисиндеби, териден жасалган **тон** маанисинде колдонулабы? Бул сөздү **чапан** маанисинде колдонушкан өкүлдөр териден жасалган **тонду** эмне деп аташат?

107. **Топчу, түймө** — булардын кайсынысы кандай объектилерде колдонулат?

108. **Төөнөгүч, ийнелик, ийне топчу** — булар адабий тилдеги **төөнөгүч** (булавка) маанисинде кайсы территорияларга таралган?

109. **Чулгоо, пайтava||пайтама** — деген сөздөрдүн таралышы жана ар биринин мааниси кандай? **Пайтava** буттун башына оролчу чулгообу же балтырга оролобу?

110. **Чыптама, өпкө кап, чермий, кәмзур** — булардын кайсы түрү таралган? Бул сөздөр менен аталган кийимдин дагы кандай наамы бар?

111. **Элечек, илеки, кәләк** — булардын кайсынысы кайсы объектилерди камтыйт?

112. **Торпок** жана **музоо** деген сөздөрдүн кайсынысы колдонулат? **Торпок** адаб. тилде **музоо** дегендин маанисинде айтыла турган объектилер кайсылар? Мындай объектилерде **«Музоосу муз жаласа, торпогу туз жалайт»** деген макал барбы? Же бул макалдагы **музоо** башка сөз менен алмаштырылып айтылабы? **Торпок** деп гана айтылган жерлерде **«музоwluw уй»** деген айкалыш кезигеби же **«торпоктуw сыйыр»** эле деп айтылабы?

113. **Уй, сыйыр** (корова) — деген сөздөрдүн кайсынысы колдонулат? **Сыйыр** активдүү колдонулган объектилердин (ичкиликтердин) территориясында **уй** төмөнкүдөй сөз айкалыштарында колдонулабы: **уй туумай** (оюндун аты), **туvар уй, «үйрөнгөн адат калабы, уйга жүгөн салабы»** ж. б.

114. Түштүктөгү объектилердин кайсынысында **улак||көкпөрү (көпкөрү)** параллель колдонулат? Кайсынысында жалаң гана **улак (улак чаvаvыз, улак чаvыш)** айтылат? Булар түндүк жакта кандай колдонулат?

115. **Жаа, жаачы, бешик тербет, келин жүгүн** (орусча «богомол» деп аталган жандык)—кайсы аталышы кандай объектилерди камтыйт?

116. **Жылкы чымчык, жылкычы кучкач, мама көз, мама чүчү** (трясогузка, пташка) — булардын кайсынысы колдонулат? Бул канаттуунун мындан башка дагы кандай аталыштары учуратылат?

117. **Сөөлжан, сөөл, жөө жылан, жок желим, чуvалчаң** (дождевой червь) — булардын таралышы кандай жана дагы кандай сөз менен аталат?

118. **Булак, башат** (родник, источник) — бул экөө параллель колдонулган жана жалаң гана **булак** дегени таралып, **башат** колдонулбаган объектилер кайсылар? **Булак** дегенге караганда **башат (пашат)** активдүү колдонулган объектилер барбы?

119. Адабий тилдеги **жүгөрү** Кыргызстандын кайсы объектилерине таралган? Мунун **мәкә||меке, конок** болуп айтылган түрлөрү кайсы объектилерге таралган?

120. **Ор** жана **чап** деген сөздөрдүн колдонулушу кандай? **Эгин оруу, чөп оруу, пычан оруу, беде оруу** ж. б. болуп айты-

---

[1] Болгон байкоолорго караганда, бул тамак түштүктүн ичкиликтер бөлүмүнө мүнөздүү эмес сыяктуу. Ошондуктан аларда жогоркудай сөздөр **(максым, ачкыл||ачкыл жарма)** да колдонулбагандай сезилет. Атласка материал жыйганда бул факты да тактап текшерүүнү талап кылат.

лабы же **чап** деген этиш менен айтылабы? Маселен: **эгин чабуу, чөп чабуу, беде чабуу** ж. б.

121. **Пайнап же майнап, саркынды, салма, качкан суу** — бул сөздөрдүн таралышы жана мааниси такталсын. Бул сөздөр колдонулбаган жерлерде ушуга туура келген түшүнүктү билдирүүчү башка сөздөр айтылабы?

122. **Пычан, чөп, от** — булардын кайсынысы колдонулат, берген мааниси жана таралган чеги кандай?

123. **Чалгы, чапкы, чалгы орок** — булардын ар биринин таралган чеги кайсылар?

124. **Чөмөлө||чөмөлөй, чаркап** — деген сөздөрдүн кайсынысы таралган? Ар биринин камтыган объектилери такталсын. Мисалдар: **Чөп чөмөлөдүк; Чөмөлө тартып келдик; Чөп чаркаптадык.** Ушул сөздөр менен катар **гарам, үймөк** («скирда» маанисинде) деген сөздөрдүн да таралышы такталсын.

125. **Чамынды (||чавынды), чаткал** (щепка) — жыгачты жонууда, чабууда түшкөн чамындынын мындай аталыштары кандай объектилерге таралган?

126. **Бийик, эгиз** (высокий, высоко) — булардын кайсынысы кандай объектилерге таралган? **Бийик** колдонулган объектилерде **эгиз** айрым фольклордук чыгармаларда кездешип калабы? **Эгиз** деген түрү колдонулган объектилерде **бийик** айтылабы? Булар менен катар **бэлэнт||балант** деген сөздүн таралган чеги кайсы?

127. **Жары**—сөзү («жарык кыл» маанисинде) **үйдү жарыт, чыракты жарыт** жана **жарык кыл** түрүндөгү айтылышы менен параллель колдонулабы?

128. **Комуз**—деген термин «жыгач комуз» же «темир комуз» дегендин кайсынысынын маанисинде?

Домбура, чертмек, дутар—деп аталчу музыкалык аспаптардын кайсынысы айтылат жана алардын айырмалары? Музыкалык аспаптардын дагы кандай түрлөрү колдонулат? Кандай күүлөр аткарылат?[1]

129. **Конок, мейман** — булардын синоним катарында параллель колдонулушу кайсы объектилерге мүнөздүү?

Маселен: **конок келди, конок кылалы||мейман келди, мейман кылалы** ж. б. Мындай объектилерде булардын кайсынысы активдүү колдонулат? Ал эми жалаң гана **мейман** айтылып, **конок** андан башка учурда жана башкараак мааниде[2] колдонулган объектилер кайсылар?

---

1 Жөө жомоктордон жана эпостордон кайсылары белгилүү, аларды мыкты айтуучулар барбы?

2 Түштүктө **конок** ашта, тойдо конок алуу, келген кишилерди кондуруп узатуу учурун туюндуруучу сөз катарында гана колдонулат. Мындай түшүнүктөгүлөргө **мейман** деген сөз менен берилбейт.

130. **Таштаган**—деген этиш сөз **салган** деген этиш сөз менен алмашып айтылган учурлары барбы? Мисалы, эки сөз айкалышында: **Бээ кулун таштаган** же **бээ кулун салган** ж. б.

131. **Түшүр, чыгар**—деген этиш сөздөр бир милдетти аткарып калган учурлары барбы? Мисалы: «этти казандан **чыгар**» дейби же «этти казандан **түшүр**» дейби?

132. **Ушта (||ушла)** же **карма**—этиш сөздөрүнүн кайсынысы тараган же булар параллель айтылабы? Мисалы: Колунан **ушта** же колунан **карма;** улакты **ушта** же улакты **карма** ж. б.

133. **Үйлө** — «уул үйлөндүрүү» маанисинде кайсы объектилерди камтыйт? Мунун **үйлөндүр** формасында айтылышы кандай объектилерге мүнөздүү? Ар биринин таралышы такталсын. Түндүктө, **«уул үйлөп, кыз берип»** деп айтылабы?

134. **Чычаш** — бул сөз жүндүн, чачтын чыбашын билдирүү менен бирге, **шыбоо** маанисинде да колдонулабы? Кайсы объектилерге таралган?

135. **Эшит, ук** — этиш сөздөрүнүн кайсынысы басымдуу айтылат? Мисалы **мен эшиттим** же **мен уктум** ж. б.

136. **Төл, сонун, белен, каалга, арга, кыйан, төркүн, бөлтүрүк, бийик , жапыз, чачелекей, бараан, талкуу (аспап)** сыяктуу сөздөр колдонулбаган жана колдонулган объектилер кайсылар? Булардын ар биринин бар же жок экендигине конкреттүү жооп берилсин.

137. Түштүк райондордо коңшу элдердин тилдеринен сиңген лексикалык кабыл алуулар аркылуу кыргыз тилиндеги кээ бир төл сөздөрдүн пассивге өткөрүлгөн учурлары байкалабы?

Маселен: **кәттә, зор, үлкөн (чоң); көр (||сокур), әсәл (||пал||бал), үкә (||ини), мойлоо||мойлоw (||мурут), кәллә (||баш); кәр (||дүлөй)?**

чоң кетте||кәттә ата, чоң кәттә эне, кәттә чоң эне же үлкөн чоң ата?

Булардын кашаанын ичинде көрсөтүлгөн варианттары (жалпы кыргыздык төл сөздөр) кандай даражада (активдүүбү же пассивдүүбү) колдонулат? Алар биротоло колдонулуудан чыгарылганбы же болбосо туруктуу сөз айкалыштарында али колдонулабы?

Маселен: «**Сокурдун** тилегени эки көз»;
«**Балдай** татты»;
«**Иниси** бардын ырысы бар»;
«Кыл **мурутум** кыярды,
Кыздар менден уялды»;
«**Баш**, көз болдуң, **башчылык** кылдың»;
«Балык **башынан** сасыйт» ж. б.

МАЗМУНУ

Сөз башы 5
Фонетика 8
Морфология 15
Синтаксис 20
Лексика 21